Ыймандан Ихсанга

# ТАСАВВУФ

Осман Нури ТОПБАШ




БАШАК

# ТАСАВВУФ

Осман Нури Топбаш

Published by Erkam Publications at Smashwords
Copyright © 2010 by Osman Nuri Topbas

Smashwords Edition, License Notes

All rights reserved. No part of this publication may be reproduced, stored in a retrieval system, or transmitted in any form or by any means, electronic, mechanical, photocopying, recording or otherwise, without the prior permission of the copyright owner.

E-mail: english@islamicpublishing.net
Web site: http://www.islamicpublishing.net

**МАЗМУНУ**

**БАШ СӨЗ**
**БИРИНЧИ БӨЛҮМ**
**ТАСАВВУФТУН МААНИ-МАҢЫЗЫ**
**А. ТАСАВВУФТУН ПАЙДА БОЛУШУ**
**Б. ТАСАВВУФТУН АНЫКТАМАСЫ**
**1. Тасаввуф – бул адеп**
**2. Тасаввуф – бул напсини теске салуу жана жан дүйнөнү тазалоо**
**3.Тасаввуф–булаягыжокруханийкүрөш**
**4. Тасаввуф – бул ыкластуулук**
**5. Тасаввуф – бул адал жол**
**6. Тасаввуф – бул шүгүрчүлүк жана моюн сунуучулук**
**В. ТАСАВВУФТУН ТЕМАТИКАСЫ**
**Г. ТАСАВВУФТУН МАКСАТЫ**
**Д. ТАСАВВУФТУН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ**
**Ж. ТАСАВВУФТУН БАШКА ИЛИМДЕР МЕНЕН БОЛГОН БАЙЛАНЫШЫ**
**1. Тасаввуф жана Исламий илимдер**
а. Тасаввуф жана калам
б. Тасаввуф жана тафсир
в. Тасаввуф жана хадис
г. Тасаввуф жана фикх
**2.Тасаввуфжанатакилимдер**
**3. Тасаввуф жана адабия**
**4. Тасаввуф жана көркөм өнөрлөр**
а. Мукам үн
б. Архитектура
в. Хусни хатт
**5. Тасаввуф жана философия**
**З. ИЛМ-У НААФИ (Пайдалуу илим)**
**ЭКИНЧИ БӨЛҮМ**
**ТАСАВВУФТУК ТАРБИЯ (Сайру сулуук).**
**А. НАПСИ ЖАНА АНЫН ТЕСКЕ САЛЫНЫШЫ**
**1. Напсинин маани-маңызы**
**2. Напсинин теске салынышы**
**3. Напсинин даражалары**
а. Нафсу аммаара
б. Нафсу лавваама
в. Нафсу мулхама
г. Нафсу мутмаинна
д. Нафсу раадия
ж. Нафсу мардиййа
з. Нафсу каамила
**Б. ЖҮРӨК ЖАНА АНЫН ТАЗАЛЫГЫ**
**1. Жүрөктүн маани-маңызы**
**2. Жүрөктүн түрлөрү**
**3. Жүрөктүн тазалыгы**

а. Адал азык
б. Жаратканга алакан жая дуба кылуу, кечирим тилөө
в. Куран окуу жана анын өкүмдөрү менен өмүр сүрүү
г. Ибадаттарды «хушуу» менен аткаруу
д. Түнүчүндө туруп Жаратканга ибадат кылуу
ж. Зикруллах жана мураакаба
з. Алланын акыркы Пайгамбарына салават айтуу
и. Өлүм жөнүндө ой толгоо
к. Такыбаа адамдар менен бирге жүрүү
л. Адамгерчиликтүү болуу
**4. Аруу жан дүйнө менен ааламга назар салуу**
**В. ТАСАВВУФТУК ТАРБИЯНЫН НЕГИЗГИ ТҮРКҮКТӨРҮ**
**Г. МУРШИД-У КААМИЛ ЖАНА РУХАНИЙ ТАРБИЯНЫН УСУЛДАРЫ**
**1. Муршид-у каамил**
**2. Руханий тарбиянын усулдары**
а. Сүйүү жана раабыта
б. Дилмаек (сукбат)
в. Кызмат
г. Таважжух
д. Дуба
**Д. ТАСАВВУФТУК ЫКМА**
**1. Туура жол жана ырайымдуулуктун ыкмасы**
**2. Кичи пейилдиктин жана боорукерликтин ыкмасы**
**ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ**
**МАРИФАТУЛЛАХ жана ЖАРАТКАНДАН БЕЛЕКТЕР**
**А. МАРИФАТУЛЛАХ**
**1. Жараткан Кудуреттин Заты**
**2. Жараткан Алланын сыпаттары**
**3. Марифатуллах жана анын олуя-аарифтердеги мисалы**
**Б. ЖАРАТКАНДАН БЕЛЕКТЕР**
**1. Ладунний илим**
**2. Парасат**
**3. Тасарруф – Керемет**
**4. «Садык» түштөр**
**ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ**
**ТАСАВВУФТУК АЙРЫМ БИР МАСЕЛЕЛЕР**
**А. ТАВАССУЛ**
**Б. ТАБЕРИК**
**В. КӨРҮСТӨНГӨ БАРУУ**
**БЕШИНЧИ БӨЛҮМ**
**ЖАРАТКАНДЫН ОЛУЯ ПЕНДЕЛЕРИНЕН АКЫЛ-НАСАТТАР**
**АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ**
**ОМОКТУУ ОКУЯЛАР**
Чыныгы илим
Руханий тарбиядагы ыкма
Ибрахим бин Адхамдын окуясы

Адал жолго көлөкө түшүрбөө
Керемет
Кайдыгерликтин терс таасири
Жаратканга моюн сунуу, кызмат жана насаат
Жандуу-жансызга кызмат
Олуя пенделердин кичи пейилдиги
Жараткандын алдында эрк
Адеп
Кызматкылуунунадеби
Адеп сөзсүз керек
Олуянын адамдык асыл сапат
Жакшылыгыңды эл эмес, Жараткан Алла билсин!
Эч кимди төмөн көрбө!
Эч кимди жерибе!
Жетимдин көңүлүн көтөрүү
Достук
Достуктан максат
Жаратканга толук моюн сунуу
Мусулмандын дубасын алуу
Көөдөн дарысы
Периште сындуу адамдар да бар
Алланын алдында кабыл болчу жакшылык иш
Адал жолдон адашпа!
Мага Жараткандын ыраазылыгы керек
Алдыда жүргөндөрдүн жоопкерчилиги
Алла Тааланын чакырыгы
Адал иштин маанилүүлүгү
Адал киреше
**КОРУТУНДУ**

## БАШ СӨЗ

Адам баласына жан салып, ой-жүгүртүүгө жөндөмдүү аң-сезим, акыл-көрөңгө сыяктуу баа жеткис жакшылыктарын ыроологон Улуу Жараткан Алла Таалага миң мертебе шүгүр!

Жараткандын адал жолун көргөзүп, жалгыз Алла Тааланы таанууга, ак менен караны, адал менен арамды айырмалоого үндөгөн Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбызга, анын бүлөсүнө жана ардактуу сахабаларына дубай салам! Жараткан Алла аларды Өзүнүн учу-кыйырсыз ыраакымына, мээримине бөлөсүн!

Тасаввуф – бул Ислам ининин руханий өңүтү. Тасаввуф мына ушул өзгөчөлүгү менен Исламдын илим дайрасынын тунуктугу, арруулугу жагынан эң бир бийик, эң бир таза жана эң бир аруу өңүтүн камтыйт. Ырас, бүгүнкү күнгө чейин тасаввуф жөнүндө жазылган китептер негизинен Ислам ининин арруулугун, улуктугун даңазалап, «мусулман баласы канткенде аны менен жуурулуша жашап, түбөлүк бакыттын жолоочусуна айлана алат» деген маселени көтөрүп, ал үчүн куттуу аят-хадистердин негизинде белгиленген бир катар усул-эрежелерге кайрылган. Бул багыттагы китептер элдин даражасына карата жалпысынан үчкө бөлүнөт;

- аалымдарга карата жазылган китептер.
- аалымдарга да, жалпы журтчулукка да арналып жазылган китептер.
- карапайым элге карата жазылган китептер.

Маселен, «Фусуусул Хикам», «Инсан-ы Каамил»[1] сыяктуу китептер маани-маңызы жана тили жогорку деңгээлде жазылган. Ал эми Мавлянанын «Маснави» аттуу эмгеги кээ бир жагдайларда аалымдарга, айрым учурларда катардагы адамдарга да түшүнүктүү тил менен берилген. Булар менен бирге карапайым калкка карата жөнөкөй, жатык тил менен жазылган «Анваарул-аашикиин», «Мухаммадия» жана «Нафахаатул-Унс» сыяктуу эмгектер да бар.

Тасаввуфтук китептердин ар түрдүү деңгээлде жазылышы – бул, коомдук талап. Себеби жалпыга маалым болгондой, коомдо ар түрдүү адамдар жашайт. Ошондуктан бул өңүттөгү китептер илими жогору адамдарга да, карапайым журтчулукка да өз деңгээлдерине жараша Ислам динин туура, так жана түшүнүктүү тил менен жеткирүүгө багытталган.

Мына ушундай өңүтү менен коомдун ар бир катмарына кайрылган тасаввуф учурунда экономикалык, социалдык жактан болсун, маданият жагынан болсун, айтор, жогору деңгээлге жеткен Ислам дүйнөсүнүн кайрадан төмөнгө карай кетишине тоскоол болуп, руханий дем-күч берип келген. Ошондой эле ал коомчулук баскынчылардын өкүмзордугунан, оторчулдугунан запкы жеп, алапайын таппай калган кезде мусулмандын жаралуу жан дүйнөсүнө жан азык болуп берген. Ал бир жагынан ыйманы бекем ыкластуу момун-мусулмандарды жөнөкөйлүктүн, такыбаалыктын сересине үндөп, текеберликтен, бой көтөрүүчүлүктөн, көрсөтмөлүүлүктөн оолак болууда өзүнчө күч берсе, экинчи жагынан күнөөгө белчеден баткан канчалаган пенделерге кечиримдүүлүктүн, мээримдүүлүктүн каалгаларын көрсөтүп, Жараткандын адал жолуна түшүүлөрүнө себепчи болгон. Ырас, моңголдордун кыргынынан кийин бүтүндөй Ислам дүйнөсүн чулгаган каран күнгө дуушар болгондорго тасаввуфтук аңтүшүнүктүн кошкон зор салымына, ошол учурда улуу аалымолуялардын[2] коомчулукка руханий жактан берген дем-күчүнө тарых өзү күбө.

Учурда адамзат руханий жактан жапа чегип, түркүн түстүү азгырыктардын артынан сая кууп кетип баратат. Ыйман булагына зар болуп, чаңкап турган мына ушундай чакта

адам баласынын жан дүйнөсүнө жан азык болчу Ислам дининин өзөгүнө, анын руханий өңүтүнө болгон муктаждык эч качан четке кагылбайт. Ырас, атеизмдин укуругунан эми гана кутулуп, ыйман булагына суусаган канчалаган боордошторубуз руханий жактан дарыланууга аша муктаж абалда турат. Материализмден жан дүйнөсү какыраган чөлгө айланган нечелеген адамдар Исламга бет алып, аны ар тараптуу таанууга, анын улуулугун, анын арuулугун аңдоого жанүрөшүүдө.

Мына ушунун баары тасаввуфтун ыймандуулар үчүн баа жеткис байлык, көөнөрбөс кенч болгондугун айгинелейт. Бул өңүттөн ал мусулмандардын такыбаалыгын жогорулатууга, адашкандардын туура, адал жолго түшүшүнө себепкер болгондугу менен өтө зор мааниге ээ.

Себеби чыныгы тасаввуф Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өрнөктүү өмүр кенчинин береке-кутун кыяматка чейин келчү муундарга жеткирүүнү көздөйт. Мына ошондуктан Жараткан Алланын улуу Ислам дининин рухун, кутун кан-жанына сиңирген Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз аркылуу өткөн ошол руханий өзөктү (б.а. дин Исламдын өзөктүк рухун) кутман сахабалар, андан кийинки муундагы аалым-олуялар кылымдар бою жандуулугун да, аруулугун да жоготпой сактап келишти, ал бүгүн да сакталууда жана эртең да сакталуу бойдон калмакчы.

Ошол себептен Ислам дини учурда мусулмандардын материалдык жактан төмөн болгонуна карабастан дүйнө коомчулугунда өзүнүн аруулугун сактап, зор таасирин берип келет.

Учурубузда Исламдын ачык-жашыруун душмандары тасаввуфту Исламдан такыр бөлөк нерсе сыяктуу көрсөтүү үчүн ар түрдүү долбоорлордун үстүндө иштеп, күчтөрүнүн жетишинче жан далбас урушууда. Ислам менен тасаввуф бул жан менен дененин мисалы сыяктуу. Тасаввуфту Ислам done dininен ажыратуу мүмкүн эмес. Ошондуктан бүгүнкү күнү маселенин төркүнүн түшүнө бербеген айрым бир адамдар тасаввуф жөнүндө жаңылыш жана толук эмес маалыматтары менен кимдир бирөөлөрдүн чырагына май тамыза турган орунсуз талаштартыштарга жол ача тургандыктан бул багытта туура, так жана түшүнүктүү маалыматтарды элге жеткирүү учурдун талабына айланып олтурат. Албетте, тасаввуфтун зарылчылыгы муну менен гана чектелбейт. Ал ыйман булагын бүтүндөй адам баласынын жан дүйнөсүнө жеткирүүнү көздөгөн аруулуктун, сулуулуктун жана улуулуктун мухит-океаны сыяктуу.

Мына ушул океанга биз дагы дал ошол аруу максаттар менен аттанып, чама-чаркыбызга жараша жакшылыктын камын көрүүгө аракет кылдык. Тасаввуф эң ириде «сөзгө» эмес, адамдын жан дүйнөсүнө, жүрүм-турумуна, иш-аракетине, адеп-ахлагына багытталгандыктан бул эмгегибиз кимдир бирөөлөрдүн Жараткандын алдына жарык жүз менен барышына себепкер боло алган болсо, өзүбүздү бактылуу деп билебиз.

Колуңуздардагы эмгекте тасаввуфтун жалпы мааниманызы, анын негизги темасын түзгөн «марифатуллах[3] – жалгыз Алла Тааланы таануу», «мухаббатуллах-жалгыз Алла Тааланы сүйүү», «тазкия-у нафс – напсини тарбиялоо», «тасфия-у калб – жүрөктү, жан дүйнөнү тазалоо» ж.б.у.с. түшүнүктөр жана тасаввуфтук усул-эрежелер жөнүндө маалымат берүүгө аракет жасадык. Алгач ардактуу Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын жана анын жолун жолдогон аалым-олуялардын уюткулуу жүрүм-турумдарынан мисалдарды келтирдик. Учуру келгенде тасаввуфтун тереңинде жаткан айрым бир өзөктүк түшүнүктөргө карата айтылган жаңылыш пикирлерге жооп иретинде маалыматтарды бердик. Ошону менен катар тасаввуфта талап кылынган руханий

тарбиядан алыс айрым бир адамдардын жакшы ниет менен, бирок илимсиздигинен улам орунсуз кадамдарынын бул жолго эч кандай байланышы болбогондугуна да кайрылдык.

Бул китеп мына ушундай өңүттөрү менен сыртынан авторго таандык болсо да, ырасында Жараткандын сүйүктүү пенделеринин китеби. Жайлоодогу бетеге-чөптү алып чыккан жазгы жамгыр сыяктуу мындагы бардык изгиликтер да ошол залкар инсандардын жан дүйнөсүнөн агып түшкөн «жамгырдын» түшүмү. Ал эми биздин бул жердеги милдетибиз учурдун талабына жараша ошол түшүмдү жыйноо гана болду.

Сөзүмдү жыйынтыктап жатып, бул эмгекте аты эскерилген Алланын сүйүктүү пенделерине, китептин жарык көрүшүнө салым кошкон досторума чын ыкласыман терең ыраазычылыгымды билдирип кетким келет.

**Оо, Жараткан Алла! Илимибиздин аздыгына жана аңтүшүнүгүбүздүн тайыздыгына карабастан алп тасаввуф ааламы жөнүндө сөз түрүнө түшүрүүгө батынып билдирген ой-пикирлерибиз, сезимдерибиз ардактуу окурмандарыбызга жалгыз Өзүңдүн адал жолуңдан тайбай жүрүшүнө жардам берсе экен...**

**Оо, Жараткан Кудурет! Арзыбаган кызматыбызга берекеңди жаадырып, бизге кадырман окурмандарыбыз менен бирге түбөлүк бакыттын мөлтүр булагынан даам сызууну насип буюра көр... Бизди адал жолуңдун туруктуу жолоочусуна айлантып, түбөлүк бакытка жеткире көр...**

**Оомийин!..**

*Осман Нури Топбаш Үскүдар / 2002*

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ
## ТАСАВВУФТУН МААНИ-МАҢЫЗЫ

*Аят болсун! Алланын Элчиси силер үчүн, Аллага жана акырет күнүнө ишенгендер, Алла Тааланы көптөн-көп эстеп зикир кылгандар үчүн теңдешсиз үлгү.* (Ахзаб сүрөсү, 21-аят)

### А. ТАСАВВУФТУН ПАИАДА БОЛУШУ

Улуу Жараткан Алла Таала адам баласына ыроологон сан жеткис жакшылыктарына кошумча:

وَ نَفَخْتُ فِيهِ مِنْ رُوحِى

**«Ага өз рухуман (рух, жан) салдым»**[4] деп буюруу менен баасы бычылгыс өзгөчө белек тартуулагандыгын билдирет. Жараткан Алла мунун ордуна андан кулчулук озуис пасын аткарышын талап кылуу менен жүрөктүн төрүнө Өзүнө (Аллага) болгон улуу сүис үүнү орнотуп, чексиз Ыраакымына бөлөнүшүн каалаган.

Жараткан Кудурет адам баласын адал жолго салуу үчүн ага аис бандан аис ырмалап бир катар жогору сапаттарды ыроологон. Буга кошумча адамзатынын ичинен өзгөчө жөндөмдүүлүктөргө ээ болгон кээ бир пенделерине «паис гамбарлык» озуис пасын жүктөө менен адамзатына дагы бир чоң жакшылыгын көрсөткөн.

Паис гамбар болбогон учурларда «паис гамбарлар мураскору» деп аталган аалым-олуя пенделери аркылуу береги жакшылыгын уланткан.

Жараткандын бул жакшылыгы Азирети Адам ата менен башталган. Жалпыга маалым болгондой, азирети Адам алгачкы инсан жана алгачкы пайгамбар.

Бул куттуу жол Жараткандын кудурети менен өзүнчө бир шамчырактын шоолалары сыңары тизмектелип келген жүз жыйырма миңдей пайгамбарлар аркылуу тастыкталып бекемделе берди. Учурдун шартына жана адамдардын аң-түшүнүгүнө жараша түзүлгөн бул тизмек акыркы пайгамбар азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен баралына келип, туу чокусуна жетти.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* нуру жагынан Адам *(алейхиссалам)* атадан мурун жаралып, ал эми денеси жагынан бардык пайгамбарлардан кийин келүү менен пайгамбарлык тизмектин алгачкы жана акыркы алкагы болгон. Тагыраак айтканда, ал убакыт өңүтүнөн акыркы, ал эми жаралуу өңүтүнөн алгачкы пайгамбар.

Бүтүндөй жандуу-жансыздын жаралуу агымы «Мухаммад Нуру» болгондугу үчүн Алла Таала азирети Пайгамбарыбызды «сүйүктүү пайгамбарым» деген алкышка ылайык көргөн. Жаратткан Алла анын көөнөрбөс өмүр кенчин ар өңүттөн эң жогорку деңгээлде шөкөттөп көрктөө менен аны бүтүндөй адам баласына өзгөчө белек катары тартуулаган.

Акыркы Элчинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр таржымалы жана адамдык касиети, кулк-мүнөзү адам баласынын акылына сыйа турган таризде болуп, адамдык адеп-ахлактын туу чокусунда турат. Себеби Жараткан Өзү аны бүтүндөй адам баласы үчүн «усватун хасана» б.а. адамдык асыл сапаттын үлгүсү катары жараткан. Ошондуктан Алла Таала аны коомдун эң төмөнкү катмары «жетимдиктен» тартып, эң жогорку катмары өлкө башчылыгына, пайгамбарлыкка чейинки бардык катмарга жооп бере алгыдай жөндөмгө эгедер кылган.

Жараткан Алла анын пайгамбар болушунан тарта кыямат күнүнө чейин келчү бүтүндөй адам баласына «теңдешсиз үлгү» болгондугун маалымдайт. Бул багытта аяттардын биринде мындай делет:

لَقَدْ كَانَ لَكُمْ فِي رَسُولِ اللَّهِ أُسْوَةٌ حَسَنَةٌ لِمَنْ كَانَ يَرْجُو
اللَّهَ وَالْيَوْمَ الْآخِرَ وَذَكَرَ اللَّهَ كَثِيرًا

**«Ант болсун! Алланын Элчиси силер үчүн, Аллага жана акырет күнүнө ишенгендер, Алла Тааланы көптөн-көп эстеп зикир кылгандар үчүн теңдешсиз үлгү»** (Ахзаб сүрөсү, 21-аят)

Бул деген сөз ишеним өңүтүнөн болсун, адеп-ахлактык өңүтүнөн болсун, аис тор, адамдык эң негизги улуу максатка ылаис ык бышып-жетилүү үчүн ошол куттуу инсандын өрнөктүү өмүр кенчинен, анын жүрүм-турумунан, кыис мыл-аракетинен үлгү алуу зарылчылыгы кескин түрдө талап кылынаарын туюнтат. Анын өмүр таржымалын, куттуу сөздөрүн окуган мусулман баласы андан өзүнүн шык-жөндөмүнө жараша паис даланып насип алууга умтулуп, анын акыис катына жетүүнү көздөгөнү дурус. Бул ага бапестелген сүис үүгө, анын руханиятынан насип алуунун өлчөмүнө жараша жүзөгө ашат. Анын руханияты менен камыр-жумур болуу аркылуу сан жеткис ырыскы-кутка тунуу мүмкүн. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыздын адамдык касиетинен жана анын руханиис  жашоосунан күчүбүздүн келишинче насип алуу, анын кулк-мүнөзү менен жүрүм-турумубузду оңдоо – эки дүис нөлүк бакыттын белгиси.

Бүтүндөис  аалам-атпаис ды жараткан улуу Кудурет «аалам ардагы» деген алкышка ылаис ык көргөн ардактуу Паис гамбарыбызды *(саллаллаху алеис хи васаллам)* ар өңүттөн эң жогорку деңгээлде жаратып, ага Өзү тарбия берген. Акыркы Паис гамбар бул багытта: *«Мени Алла Таалам Өзү тарбиялады...»* деген (Суис утиис , ЖамиусСагиис р, 1, 12).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алеис хи васаллам)* бул жарыкка көз ачкандан тарта 40 жыл бою караңгы коомдо өмүр сүрдү. Ошого карабастан өзүнчө көзөмөлгө алынып, өзгөчө тарбия менен чоңоис ду. Караңгы коомдун эч бир дартына чалынбады. Бала чагында паис гамбарлыкка даярдык иретинде көкүрөгү ачылып жүрөгү тазаланып, руханиис  нур менен береке-кутка тунду.

Ардактуу Паис гамбарыбыз паис гамбарлыкка чеис ин эле Жаратkандын жалгыздыгын жар салган «тавхид» ишениминин алкагында адал, таза өмүр кечирген. Ал эми паис гамбарлык озуис пасына кыска мөөнөт калган кезде көпчүлүк убагын Нур тоосуна барууга бөлүп, өзүн Алла Таалага чыныгы кул болууга арнап, терең оис жүгүртө баштаган. Элден алыс тоого барып жүрүшүнүн себеби элинин адал жолдон адашып, өзүнчө коис уу туңгуюкка баратканына, зордук-зомбулук, адилетсиздик күч алып, акыис катка кара көө жабылганына кан-жаны менен азап чегип, саис  сөөгүн сыздаткан нерсе анын кең мээрими эле. Бул ырасында адамзат дүис нөсүнө түбөлүк шамчырак боло турган ыис ык Курандын Жараткан Алла Таала тарабынан ардактуу Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыздын жан дүис нөсү аркылуу адам баласынын аң-сезимине, акылына сыис а тургандаис  таризде берилиши үчүн өзүнчө даярдык баскычы болучу. Мына ушундаис  баскычтар менен анын рух дүис нөсү аруулуктун сересин багындырып, вахиис ди[5] кабыл алууга даяр абалга жетти. Вахиис ге даяр болгон ошол аруу жан дүис нө алты аис  аралыгында «садык»[6] түштөр аркылуу руханиис  ар кандаис  илхамдарга жана белгилерге кез келди. Ошентип ага руханиис  ааламдын миң бир сырлуу көшөгөлөрү ачылды.

Азирети Паис гамбарыбыз *(саллаллаху алеис хи васаллам)* бардык паис гамбарлардын өзгөчөлүктөрүн жана озуис паларынын өзөгүн өзүнүн кишилигинде топтогон. Ал тукумунун асылдыгы, адамдык сапатынын биис иктиги, озуис пасынын оорлугу жагынан туу чокуда турган. Ал Жараткандын адал жолун көргөздү. Тасаввуфтун өзөк маселесин түзгөн жан дүис нөнү тазалоонун, напсини теске салуунун жол-жобосун үис рөтүп, аруу жан дүис нө менен Улуу Жараткан Аллага кулчулук кылуунун үлгүсүн көрсөттү. Эң бир биис ик адамдык сапаты, жүрүм-туруму менен, салмактуу сөздөрү менен адам баласына эң жогорку деңгээлде үлгү боло алды. Өмүрүнүн кыркынчы жылы өзү үчүн да, жалпы эле адамзат үчүн да өтө зор маанилүү жыл болду.

* * *

Тасаввуф адам баласынын рух дүис нөсү жаис  таап, «марифатуллах»тан[7] жана «мухаббатуллах»тан[8] өзүнө жараша үлүш ала тургандаис  даражага жетишин, Жараткандын алдына жарык жүз менен бара тургандаис  абалга аис ланышын көздөис т. Бул бизге Паис гамбарыбыздан калган ыис ык мурас. Ырас, ардактуу Паис гамбарыбызга вахиис ди кабыл алышы үчүн берилген бул руханиис  тарбия жан дүис нөнүн аруулугун жана напсинин тазалыгын талап кылган.

Вахиис  келгенге чеис ин руханиис  өңүттөн белгилүү даражага жеткен Азирети Паис гамбарыбыз *(саллаллаху алеис хи васаллам)* таза, адал өмүр сүргөн. Ал Нур тоосундагы Хира үңкүрүнөн Жараткандын таалимин алып каис ткан саис ын мурунку жашоосундагы абалынан алдаканча жогору даражаларга улам көтөрүлө берген. Улуу

Жараткан Алла менен руханиис  жактан баис ланышып, тавхид[9] жана марифатуллах нурун кан-жанына сиңирген. Ал түнкүсүн буту шишип кеткенге чеис ин көзүнөн жашын куюлтуп ибадат кылган. Көзү уктаса да, жүрөгү ар качан оис гоо болуп, Алланы эстөөдөн, зикирден[10] жана муракабадан[11] бир саам дагы оолак калган эмес.

Ал куттуу инсан өзүнө түшүрүлгөн Ыис ык Курандын шарапаты менен өз учурундагы мен-мен деген илимдүү адамдарды дагы артка таштап, ага чеис ин болуп көрбөгөн жана кыяматка чеис ин да болбоис  турган өзүнчө мужиза-керемет даис расына аис ланган. Ошондуктан кыяматка чеис ин чыга турган эч бир окумуштуу аны бул жагынан жалганга чыгара албаис т жана эч бир инсан анын даражасына жете албаис т.

Убакыттын өтүшү менен ардактуу Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыз ошол руханиис  даражадан дагы да жогорулап, Жараткан Алланын чексиз сыис ына, тагыраак аис тканда, «мираж»га[12]ээ болуп «чексиздиктин сапарына» аттанган. Ошол түнү ал Жараткандын өзгөчө коногу катары башка жаис га өтүп, аятта буис рулгандаис :

فَكَانَ قَابَ قَوْسَيْنِ اَوْ اَدْنٰى

**«Факаана кооба кавсайни ав аднаа»**[13] деген сыйга туш болгон.

Ислам тарыхында «Исра жана мираж» деген аталыштагы бул улуу сый дүйнөлүк бардык көшөгөлөр алынып, акылдын ары жагынан жана толугу менен Жаратккандын чен-өлчөмүнүн негизинде жүзөгө ашкан өзүнчө баа жеткис белек болгон. Биздин ааламдагы «жер» жана «убакыт» деген түшүнүктөр токтоп, миллиарддаган адамдардын жашоосуна сыйбай турганчалык узун сапар өтө кыска убакыт аралыгында жүзөгө ашкан. Ошентип акыркы элчи ааламатпайды, курсийди, арш ты жана сидратул-мунтахааны ашып, Жараткан Алла менен ортомчусуз сүйлөшүп, Жаратккандын өзгөчө жакшылыгына туш болгон.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алланын өзгөчө жакшылыгы аркылуу жеткен жан дүйнөсүнүн аруулугу, адамдык асылдыгы менен бүтүндөй инсаният дүйнөсүнө Жаратккандын адал жолун көргөзүүгө бүт күч-кубатын салып, жан дили менен жанүрөгөн. Өзүнө жүктөлгөн аманатты жеткирүү ышкысы аны туу чокуга чыгарган. Жаратккандан алган озуйпасына бөгөт боло турган дүйнөлүк б.а. акча, байлык, мансап-бийлик сыяктуу бардык сунуштарды дароо четке кагып, жалгыз Аллага гана кулчулук кылууну бүт нерседен жогору койгон. Пайгамбарлыктын алгачкы жылдары болгон төмөнкү окуя муну тастыктап турат:

Бутпарастардын аттуу-баштуулары Абу Талиб (Пайгамбарыбыздын абасы) аркылуу Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* учурда аткарып жүргөн ишин токтотушун билдиришкен эле. Азирети Пайгамбарыбыз аларга жооп иретинде абасына мындай деген:

*-Аба! Валлахи,[14] Алланын динин жайуудан кайтышым үчүн Күндү оң колума, Айды сол колума беришсе дагы мен бул жолдон түк кайтпайм! Же Алла Таала аны бүтүндөй ааламга жайып, озуйпам бүтөт, же мен бул жолдо өлүп берем![15]*

Коомдо Ислам дининин күн өткөн сайын кулач жайып өсүп баратканына ичи күйгөн бутпарастар Абу Талиб аркылуу билдирген кабарлары жыйынтыксыз калгандыктан бу сапар акыркы элчиге *(саллаллаху алейхи васаллам)* өздөрү келип:

- Бай болгуң келсе, каалаганыңчалык мал-мүлк топтоп берели. Биздин эң бай адамыбыз сен бол! Ал эми элди башкарам десең, сени өзүбүзгө башчы кылып алалы. Меккенин акими бол! Эгер асыл кандуу аялга үйлөнгүң келсе, Курайштын эң сулууларынан кимисин кааласаң, сага ошону алып берели. Эмне кааласаң ошону аткарууга даярбыз, болгону мынабул ишиңди токтот! дешет

Анда ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* алардын мындай утурумдук жана адамды адал жолдон азгырчу сунуштарына:

*- Мен силерден мал-мүлк да, мансап-бийлик да, сулуу аял да талап кылбайм. Мен жанагы алсыз буттарыңардан (сыйынып жүргөн идолдоруңардан) кайтып, жалгыз Жараткан Алланын Өзүнө гана кулчулук кылышыңарды каалайм! Менин жападан жалгыз тилегим ушул...*[16]деп жооп кайтарган.

Эч калетсиз, бүтүндөй инсаният үчүн өрнөк боло турган бул окуя бекем ыймандын таасын үлгүсү. Эң бир таза, эң бир аруу ишенимдин далили.

Себеби акыркы элчи үчүн мындай орунсуз сунуштар «түбөлүк баа жеткис акыреттик бейпил жашоону беш күндүк арзыбаган азгырыкка сатуу» дегендикке жаткан. Ырасында эле адамзат тарыхы бул дүйнөдө адал жолдун багытын чанып, акка кара көө жапкан азгырыктын сазына белчеден батып, жердин жети кат кургуйуна житип, түбөлүк бактысына өз колу менен балта чапкан ийри жолдун эчендеген жолоочуларына күбө болбогон...

Алгач сан миң ааламдын Жаратуучусуна шүгүр келтирүү менен башталып, терс сезимдерден, жат түшүнүктөрдөн, азгырыктардан арылып жан дүйнөбүздү арылап жалгыз Аллага гана баш калкалоого чакыруу менен аяктаган Ыйык Куран кыяматка чейин келчү адам баласына сөз түрүндөгү эреже-мыйзам болсо, Пайгамбарыбыз дал ушул эреже-мыйзамдын иш жүзүндөгү үлгүсү. Ошондуктан анын баскан изине түшүү менен Жараткан Алланын ыйык адал жолун жолдоо адам баласынын эки дүйнөлүк бактысы үчүн жападан жалгыз себеп болуп эсептелет. Андыктан аны мындай баа жеткис жакшылыктан кайтууга кайсы нерсе түртүшү мүмкүн эле?!...

Ыйык Куран акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* аркылуу бүтүндөй адамзатка тартууланган түбөлүк бакыттын ачкычы. Ыйык Куран адам баласын өзүн-өзү таанып, изден издин ээсин, себептен себептин ээсин, жандуу-жансыздан алардын Жаратуучусун таанууга чакырат. Анда адам уулу жалгыз Жараткан Алланы таанып, жашоонун ар бир саамында Анын көзөмөлүндө тургандыгын эстен чыгарбай, өзүн-өзү теске салып таза жолдо өмүр кечирүү аркылуу Жараткан Алла Тааланын аруу сүйүүсүнө арзып, ыраазылыгын таап, Анын чексиз ыраакымына бөлөнүүгө болоору баса белгиленет.

Жараткан Аллага бапестелген эң улуу, эң аруу сүйүүнүн дайрасына алып бара турган жалгыз булак – бул, азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз. Азирети Пайгамбарыбызды сүйүү – бул Алла Тааланы сүйүү, Пайгамбарыбызга баш ийүү – Жараткан Аллага баш ийүү, ага каршы чыгуу – Улуу Алла Таалага каршы чыгуу, дегенди түшүндүрөт. Демек, Жараткан Алланы сүйүп, анын акыркы пайгамбарын сүйбөө Алланы сүйбөө дегендик. Себеби Алла Таала муну өзү талап кылган. Сүйгөн адам сүйгөнүнүн талабын аткарбаса, ал аны сүйбөйт деген тыянак чыгат.

Жогоруда белгиленгендей, жандуу-жансыздын жаралуудагы себеби эң алгач жаратылган азирети Мухаммаддын нуруна бапестелген Улуу Алланын сүйүүсү болгон. Бул өңүттөн Алла Таала бүтүндөй ааламды эң алгач жаратылган Мухаммад Пайгамбардын нурунун шарапаты үчүн жараткан. Мына ушундай негизде жаратылган ааламдын сересинде Кудайы[17] жакшылыктарга туш болуу өңүтүнөн инсан турат. Инсан мынабул алп ааламдын өзүнчө бир мисалы. Ал өзүнчө бир кичинекей аалам. Ал данектин ичинде катылуу чынар терек сыяктуу өз бейнесинде оң жана терс жөндөмдүүлүктөрдүн топтондусун камтыган өзгөчө өзөк жан. Ушул касиети менен «жандуу-жансыздын кадырлуусу» деген наамга ээ болгон адам баласынан эч ким чыга албаган, эч бир жан толук түшүнө албаган туу чоку бар, ал туу чоку – Азирети Пайгамбарыбыздын өзү. Аны

менен жүз көрүшүп, анын куттуу сөздөрүнө кулак төшөгөндөр акыркы Пайгамбарды өздөрүнүн аң-түшүнүгүнө, дараметине жараша жана ошондой эле ага карата сүйүүсүнө же душмандыгына жараша кабылдашкан. Ага бапестелген сүйүү нурга бөлөсө, ага душман болуу адамды тозокотко сүйрөгөн. Азирети Абу Бакир менен Абу Жахилдин ортосундагы айырманы мына ушул жерден байкасак болот. Азирети Абу Бакир ардактуу Пайгамбарыбызды мал-жанынан артык сүйүп, ага арналгандыгы үчүн өзөк максат (т.а. «канткенде Жараткан Аллага эң жогорку деңгээлде кул болуу мүмкүн?» деген суроонун жандырмагы) менен жакындан таанышып тасаввуфтун алтын тизмегинин төрүнөн орун алуу шарапатына ээ болгон.

***

Тасаввуф мына ошол куттуу Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өрнөктүү өмүр кенчинин ичи-сырты менен камыр-жумур болуп, андан Жараткан Алланын адал жолунун ачкычын алууну көздөйт. Тасаввуф – бул акыркы Элчинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* ички жана сырткы жашоосу, анын баскан изи, жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөзү, айтор, анын алган багыты. Мына ошондуктан бул жол ардактуу Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханиятынан кандайдыр бир үлүш ала билүүдөн жана руханий өңүттөн аны менен камыр-жумур болууга умтулуудан гана турат. Башка сөз менен айтсак, тасаввуф – бул сүйүүдөн бүткөн ыйман, ыкластан турган ибадат жана адамдык бийик сапат. Кыскасы, тасаввуф Адам атага *(алейхиссалам)* жан салынгандан тарта келе жаткан улуу насип акыр заман Пайгамбары *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен баралына келип, андан улуу сүйүүгө[18] арзыган аруу жан дүйнөлөргө агып түшкөн өзүнчө бир мөлтүр булактын сыңары.

Тасаввуфтун өзөгүн түзгөн мына ушундай улуу насиптин кутман Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жашоосунда жүрөктөн жүрөккө, адамдан адамга өтүшүн түшүнүү үчүн ошол куттуу Пайгамбардын өмүр таржымалы, жасаган иштери, жүргөнтурганы, амал-иши менен жакындан таанышуу зарылчылыгы күч.

Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жашоонун ар бир айдыңында «усватун хасана» т.а. «теңдешсиз үлгү» болуу менен адам баласын руханий жактан тарбиялап, напсини теске салып, жан дүйнөнү сан миң терс сапаттардан оолак кармоого үйрөткөн. Ал пайгамбар катары көптөгөн укукмилдеттерге ээ болгон. Алардын эң негизгилерин мынабул төрт мерчемде белгилөө мүмкүн:

1. Жараткан Алланын вахийин алуу. Азирети Пайгамбарыбыз Алла Тааланын сөзүн негизинен Жабраил periште *(алейхиссалам)* аркылуу алган. Вахий Пайгамбарыбыздын одүйнө салышы менен аягына чыккан.

2. Ыйык Курандагы өкүмдөрдү, мыйзам-эрежелерди элге түшүндүрүп чечмелеп берүү. Пайгамбарыбыздын бул укугу мужтахид[19] аалымдар тарабынан улантылган.

Жараткан Алланын өкүмдөрүнүн түшүндүрмөсү адамзат жашоосунун шартына, муктаждыктарына карата «ижтихад» [20] деген аталыш менен уланып келе жатат. Мужтахид аалымдар болбогон кездерде бул жагдай кээде китеп бетинде гана калгандай көрүнсө да, ага тиешелүү зарылчылыктар ар качан жандуулугун сактаган. Бул озуйпа «ижтихад» даражасына жеткен аалымдарга таандык.

3. Ислам дининин негизинде коомчулукту башкаруу укугуна ээ болуу. Бул озуйпа да учурунда халифалар тарабынан жүзөгө ашырылган.

4. Руханият. Адамдарга руханий жактан тарбия берүү, напсини теске салууда, жан дүйнөнү таза, аруу кармоодо көмөкчү болуу. Алланын акыркы Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* таандык вахийди жеткизүү озуйпасынан сырткаркы милдеттердин анын

жолунан жүргөндөр тарабынан улантылышы кандай зарыл болсо, анын адамдарга руханий жактан тарбия берүү озуйпасынын да токтобошу жана муршиддер[21] тарабынан кыяматка чейин улантылышы дал ошондой эле өзгөчө талап. Себеби жалгыз Жаратканга ишенип, адал жолдо жүрүүгө умтулган мусулмандар ичи-сырты менен таза болуулары үчүн бул жагдайды эстен чыгарбоолору кажет. Ырас, тасаввуф Ыйык Куранда жана куттуу хадистерде белгиленген дал ушул пайгамбарлык озуйпанын ар дайым жана ар жерде жандуулугун сактап, муундан муунга өткөзүүгө багытталган. Муршиддердин ордосу жана алардын үзгүлтүксүз удаама-удаа уланып келе жатышынын кайнар булагы мына ушул талапка такалат.

***

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ибадаттагы, эл менен болгон мамиледеги жана адамдык сапаттагы изгиликтин чордонунда турат. Анын Меккедеги он үч жылдык адал жолду жайуудагы талыкпас эмгегинен, ак кызматынан кийин Мединага жер которууга бел байлаган кезде ага «савр» үңкүрүнө багыт берилди. Бул жерде сырлуу да, коркунучтуу да окуялар болуп өттү. Бул үңкүр Жаратkандын бир катар хикмат-сырларына туш болуучу, жан дүйнө эмдөөчү өзүнчө жай эле. Пайгамбарыбыз савр үңкүрүндө үч күн, үч түн конок болду. Жанында досу азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* бар эле. Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* ошентип үңкүрдө анын үч күндүк сапарлаш досу болуу шарапатына ээ болгон эле.

Бул учурда кутман Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* досуна:

لاَ تَحْزَنْ اِنَّ اللَّهَ مَعَنَا

«... Коркпо, Алла Таала биз менен!..» деп, Алла Таала менен бирге болуу (маиййат) сырын ачып берип жаткан эле. Бул абалды арифтер[22] ошол эле учурда хаафий (жашыруун) зикир таалиминин башталгычы жана жан дүйнөнүн Алла Таала менен бирге болуу ырахатынын алгачкы кадамы катары баалашкан. Ислам тарыхында жүрөктөн жүрөккө өткөн сырдын алгачкы жүзөгө ашкан жери катары Савр үңкүрү, ал эми буга тушуккан таалайлуу адам катары азирети Абу Бакир кабыл кылынган. Ошондуктан Ислам дүйнөсүндө азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* кыяматка чейин улана турган «Алтын тизмек»тин азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздан кийинки алгачкы алкагы катары таанымал болгон.

Ошондой эле жазма булактарда азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жахрий (ачык) зикирди азирети Алиге *(Алла ага ыраазы болсун)* үйрөткөндүгү маалымдалат.

Зикирдин таалими тасаввуфтун эң маанилүү негиздеринен бири. Мына ушул зикирдин таалими азирети Абу Бакирге *(Алла ага ыраазы болсун)* жана азирети Алиге *(Алла ага ыраазы болсун)* берилген.

Негизи, тасаввуф Исламдын өзөгүн түзүү өңүтүнөн азирети Адам ата менен башталып Мухаммад Пайгамбарыбыздын дооруна чейин бардык пайгамбарлардын жашоолорун көркүнө чыгара келген. Ар бир пайгамбардын жашоосунан тасаввуфка тиешелүү көптөгөн эрежелерди табууга мүмкүн. Бирок тасаввуф бүгүнкү күндөгүдөй өзүнчө илим катары, өзүнчө бир ыкма катары хижрий жылсанак боюнча экинчи кылымда белгилүү бир калыпка түшкөн.

Ырас, Пайгамбарыбыздын учурунда «калам», «итикад» (ишеним) жана «фикх» (Ислам укугу) сыяктуу Ислам илимдери өзөзүнчө илим катары пайда боло элек эле. Ошентсе да бул учурда ишенимге, фикхка таандык өкүмдөр бар болгон. Аларды Алланын

элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман сахабаларына өзү үйрөткөн. Бирок булар агезде белгилүү бир илимий негизде системага салынган эмес. Арадан бир кыйла убакыт өткөн соң мисалы «фикх» илими боюнча терең билими бар аалымдардын ижтихаддары шакирттери тарабынан бир тартипке салынган. Мына ушундай түрдүү усул-ыкмалар «мазхаб» деп аталган. Мазхабдар ошол улуу Ислам аалымдарынын ысымдарына карата аталышка ээ болгон. Ханафий (Имам Аазам), Шаафий, Мааликий, Ханбалий сыяктуу... Бул мазхабдар укуктук маселелерди жөнгө салуу жагынан өзүнчө усул-ыкма катары жалпы мусулман журтчулугу тарабынан кабыл алынган.

Ошондой эле тасаввуфтун негизги темасы болуп эсептелген такыбаалык, Жаратканга жакын болуу өңүтү да Пайгамбарыбыздын доорунда негизги маселелердин башынан орун алган. Арадан убакыт өткөн сайын мына ушул жашоону уланткан Жараткан Алланын сүйүктүү пенделери адамдардын дүнүйөнү жүрөктүн төрүнө чыгарып алышына, кайдыгер жашоолоруна тоскоол болуу максатында Алланын ыраазылыгы үчүн аларга эскертүү беришкен. Бул пенделердин өзүнчө бир чыйыр салуу, белгилүү бир жашоо таризин түзүү жана башка ушул сыяктуу максаттары болгон эмес. Алардын максаты – Ислам динин өзөгүнө ылайык өмүр кечирүү, ибадаттарды Куранда жана сүннөттө баса белгиленген «хушуу»[23] таризинде аткаруу гана болгон. Алардын дилмаектеринен, насааттарынан пайдалануу, алардын жүрүм-турумунан, ал-абалынан үлгү алуу максатында бир катар адамдар бул адамдарды руханий устат катары кабылдашкан. Булар алардын насааттарын, б.а. мусулман адамды адал жолдо руханий жактан баралына келтирүү үчүн напсини тарбиялоонун, жан дүйнөнү ар түрдүү рухий ыпластыктардан тазалоонун усул-эрежелерин белгилүү бир тартипке салып, руханий усул-ыкмалардын пайда болушун шарттаган. Натыйжада мына ошол устаттардын ысымдары менен аталган тарикат-жолдор пайда болгон. Каадирия, Мавлавия, Накшибандия ж.б. сыяктуу...

Алла Тааланын алдына жарык жүз менен баруу, аалам, жашоо жөнүндө ой-жүгүртүү жана «ихсан»[24] сезими менен Жаратканга гана ибадат кылуу сыяктуу жагдайлардагы тасаввуфтук усулыкмалар «тарикат» деп аталып калган. Тарикаттар метод-усулуна жараша үчкө бөлүнөт:

1. **Тарик-у Ахйаар**: Ибадатка жана такыбаалыкка басым жасаган тарикаттар.

2.**Тарик-у Абраар**: Напсини ар түрдүү кыйынчылыктар менен, кызмат менен тизе бүктүрүүгө басым жасаган тарикаттар.

3.**Тарик-у Шуттар**: Терең аруу сүйүү менен улуу максатка жетүүнү көздөгөн тарикаттар.

Бул өңүттөн мусулман адам руханий жактан тазаланып, баралына келүү үчүн өзүнүн кулк-мүнөзүнө жараша бир тарикатка кирсе болот. Кулк-мүнөздөр ар түрдүү болгондуктан тарикаттардын да ар түрдүүлүгү мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Алла Таала аяттардын биринде:

لِكُلٍّ جَعَلْنَا مِنْكُمْ شِرْعَةً وَ مِنْهَاجًا

**«Биз ар бириңер үчүн бир жол-жобо, «минхааж» даиАындадык»** деп буюрат (Маида сүрөсү, 48-аят).

Араб тилинде «минхааж» сөзүнө «жарык жол, нурлуу жол» сыяктуу маанилер берилет. Бул сөз Жалгыз Жараткан Аллага жакын болуу максатында белгиленген кулчулуктун жолу дегенди түшүндүрөт.

Тасаввуф аалымдары бул багытта:

«Жараткан Аллага жарык жүз менен алып барган жолдор жандуулардын деминин санынчалык көп» дешкен.

Курандагы өкүмдөр негизинен үчкө бөлүнөт:

1.Итикад (ишеним негиздери)

2.Фикх (Ислам укугу)

а. Ибадаттар

б. Мамилелер

в. Укубат.

3. Адеп-ахлак (фикх-у калбий)

Фикх-у калбий жан дүйнөнүн аруулугу, б.а. адеп-ахлак. Ал ишеним негиздеринин жана амал-иштердин ички өңүтүн карайт. Куранда жан дүйнөнүн эң жогорку сапаттары катары такыбаалык, зухд жана ихсан сезимдери белгиленет.

**Такыбаалык** – бул Жараткан Аллага карата жоопкерчилик сезими менен Анын жарлык-буйруктарын орундатуу аркылуу жан дүйнөнүн аруу сакталышы.

**Зухд** – Жараткан жалгыз Алладан башка бардык нерсенин жан дүйнөдө маанисин жоготушу.

**Ихсан** – бул мусулман адам өзүн Жаратқандын көзөмөлүндө тургандыгын сезип, ошого жараша кадам шилтеши.

Куттуу хадисте бул багыт төмөнкүчө маалымдалат:

(اَلْاِحْسَانُ) أَنْ تَعْبُدَ اللّٰهَ كَأَنَّكَ تَرَاهُ فَإِنْ لَمْ تَكُنْ تَرَاهُ فَإِنَّهُ يَرَاكَ

«Ихсан – бул, Алланы көрүп тургандаис  Ага ибадат кылууң. Сен Аны көрбөсөң да, Ал сени сөзсүз түрдө көрүп турат!» (Бухариис , Иман, 37; Муслим, Иман, 1). Жан дүис нөнүн руханиис  жактан жогору даражаларга жетиши үчүн ар даис ым дал ушул сезим менен жашоо, өмүрдү ушул ишеним менен тартипке салуу зарылчылыгы күч. Бул өңүттөн тасаввуф – бул рух дүис нөнүн баралына келишинин түис үнү.

* * *

Ислам дининин негизги максаттарынын бири – адамдык сапаты биис ик, жан дүис нөсү аруу адамды тарбиялоо. Ал эми бул максат Жаратканга кулчулук кылуунун кадырына жетүү менен жүзөгө ашат. Ислам дини боюнча, паис гамбарлардан сырткары идеал инсан катары жалгыз Жараткан Аллага ыис ман келтирип, Анын акыркы Элчисинин көөнөрбөс адеп-ахлагынан эң көп үлүш ала алган адам эсептелет. Мындаис идеалдуулукка жетүүнүн жолу жан дүис нөнү тазалоо аркылуу өтөт.

Жан дүйнө Жалгыз Жараткан Алланы гана зикир кылуу менен тазаланат. Рух дүйнөнүн ушундай аруулугу менен Жаратканга бет алышы ыймандын бекемделип баралына келишине себеп болот.

Жогоруда белгиленгендей, пенденин Жараткан Алланы ар качан көрүп тургандай өзүн-өзү теске салып, бүт өмүр-жашоосун ошол багытка бурушун туюндурган «ихсан» сезимин бир жагынан алып караганда, Аллага жакын пенделердин руханий жактан Алла Таала менен кездешүүсү, десек да болот. Ихсан бул өңүттөн руханий акыйкат. Тасаввуф жолундагылар дал ушул акыйкатка жетүүнү көздөшөт. Бул жагдай Алла Таала менен түзүлгөн руханий терең байланышты (рабытаны) талап кылат. Байланышты бекем түзгөн адам Жараткандын сүйүктүү пендесине айланат. Ошентип ал Жараткан Алла буйурган адал жол менен сапарын улайт.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын кулк-мүнөзүнөн, өрнөктүү руханий өмүр кенчинен кутман сахабалар, сахабалардан кийинки

муундар үлгү алып, бул жашоонун ички жана сырткы, көрүнгөн жана көрүнбөгөн жагын мурунку муун кийинки муундун өкүлдөрүнө өткөрүп бере келген. Мына ушул таризде жандуулугун сактап келген руханий жашоо аз сандагы адамдар тарабынан эмес, жалпы мусулман коомчулугу тарабынан жылуу кабылданат.

* * *

Тасаввуфту Исламдан өзүнчө карап, ага терс көз караашта болгон адамдар анын мааниси, мазмуну, пайда болушу, жаралышы жөнүндө ар түрдүү калпыс пикирлерди айтышкан.

Алардын айрымдары аны үндөшүү жагынан окшош деп гректин «акылмандуулук, даанышмандуулук» деген маанини туюндурган «софос» сөзүнө такаса, кээ бирлери жөөттөргө, кээ бири индустардын мистикасына такаган. Булар сөз же маани жагына басым жасалган орунсуз көз караштар болуп эсептелет.

Ырасында «тасаввуф» сөзүнүн кайсы уңгудан келип чыккандыгы жөнүндөгү Ислам аалымдарынын көз караштары анын толугу менен Исламдын өзүнө таандык болгондугун айгинелейт. Бул багыттагы пикирлердин биринде тасаввуфтун уңгусу «арылуу, тазалануу» деген маанилерди туюнткан «сафаа», «сафват» жана «истифаа» деген сөздөргө такалат. Ошондой эле ага таандык усулыкманын алгачкы таризи «ахлу суффа» деген ат менен таанымал кутман сахабаларга такалып, «тасаввуф» сөзү ошол сахабалар кийген «сууф» делген жүндөн жасалган желбегейден алынгандыгын аалымдардын басымдуу бөлүгү туура көрүшөт.

Жалпы Ислам дүйнөсүнө «ахлу суффа» деген ат менен белгилүү болгон ошол сахабалардын тобу илим, ирфан[25] жана руханият жагынан жогорулоо максатында Набави мечитинде баш калкалап, азирети Пайгамбарыбыздын таалими менен такыбаалыктын нукура үлгүсүн ала алышкан. Бул жагдай Пайгамбарыбыздын сүннөтүндөгү тасаввуфтук усул-ыкманын ордун көрсөтүп, анын акыркы Элчи тарабынан тастыкталышын далилдеген талашсыз чындык.

Азирети Пайгамбарыбыздан кийин сахабалардын доорундагы саясий оюндардын алдында «ахлу суффа»дан калган сахабалар эч бир тарапка кошулбай, ортодо гана болушкан. Мындай пикир келишпестиктер мусулмандар арасында боордоштук сезимине белгилүү өлчөмдө өз залакасын тийгизгендиктен, алар андан өзүнчө сабак алышып такыбаалык багытына дагы да басым жасоого умтулушкан. Саясий талаш-тартыштарга катышууну руханий жактан кооптуу деп сезген кутман сахабалар да өз замандаштарына кошулуп, бейпил жолдо өмүр улашкан.

Ошентип «сууф» сөзүнөн «ахлу суффа» жана убакыттын өтүшү менен «тасаввуф», «мутасаввыф» сөздөрү пайда болуп белгилүү бир калыпка салынган.

* * *

Ислам аалымдары Куранга жана сүннөткө таянууну негиз катары кабыл алышкандыктан такыбаалыктын жолунда жүргөн мутасаввыфтар жазган китептеринде тасаввуфтук көзкараштарды ошол мужтахид-аалымдар сыяктуу шарият өкүмдөрү менен тастыкташкан. Ошону менен бирге бул жолдо муршиддер сырткы илимдерди түшүнгөн адамдардан тандалбаган бир катар тарикаттарда «нашва-у сууфиййа»нын басымдуулугу себептүү анча-мынча кемчиликтер кеткен. Бирок тарикаттар арасында муршиддерди негизинен илимдүү аалымдардан, Исламдын сырткы илимдерин да алган аалымдардан чыккан муршиддер мындай анча-мынча кемчиликтерге жол берген эмес. Тасаввуф тарыхында Ыйык Курандын жана Сүннөттүн негизинде жандуулугун сактап келе жаткан Нашибандий тарикаты сыяктуулар шарият өкүмдөрү үчүн өзүнчө ыкма болушкан.

Бул багытта Мавляна олуя мындай деген:

«Шарият өзүнчө шамчырак сыяктуу. Ал жарык чачып, жол көрсөтөт. Шамчыракты кармап койуу менен жол арбыбайт. Аны көтөрүп алып жүрүү кажет. Аны колго албай туруп жолго чыгууга болбойт. (Ошондуктан шамчыракты колго алып жолго чыгуу керек). Шаряттын негизинде жолго түштүңбү, мына ушунун өзү тарикат болуп эсептелет»

*Тасаввуф – бул мусулман баласынын жан дүйнөсү менен алектенип, аларды руханий жактан жогорулатууга, Жалгыз Алла Таалага гана кулчулук кылып, Ага жакын пенде болууларына жана ушул калып менен «марифатуллах» даражасына жетүүлөрүнө себепкер болгон өзүнчө таалим.*

## Б. ТАСАВВУФТУН АНЫКТАМАСЫ

Тасаввуф жашаган саис ын ырахаты тереңдеп кете берген өзүнчө илим болгондуктан чектелүү сөздөр менен анын аныктамасын толук берүү оор. Ошондоис болсо да, олуялар, аалымдар тасаввуф жөнүндө ар түрлүү аныктамаларды беришкен.

Бул жолдун жолоочулары ар бири өзүнүн шык-жөндөмүнө, күч-кудуретине жараша руханиис өңүттөн жогорулоого аракет кылышат. Ошондуктан руханиис ааламдагы даражаларына жараша тасаввуфту ар кандаис кабыл алышат. Бирок тасаввуфка аныктама берген мындаис адамдардын бардыгы тең өзүнүн аң-түшүнүгү, кабылдоосу боюнча туура. Биз бул аныктамаларды кароо менен тасаввуфтун маани-маңызы жөнүндө болгону жалпы өңүтүнөн гана маалымат ала алабыз.

Бул аныктамалардын ортоктош өзгөчөлүктөрү жагынан тасаввуфка төмөнкүчө корутунду чыгарсак болот: тасаввуф – бул мусулман баласынын жан дүис нөсү менен алектенип, аларды руханиис жактан жогорулатууга, Жалгыз Алла Таалага гана кулчулук кылып, Ага жакын пенде болууларына жана ушул калып менен «марифатуллах» даражасына жетүүлөрүнө себепкер болгон өзүнчө таалим.

***

Аалым-олуялар тарабынан тасаввуфка берилген аныктамалардан аис рымдары төмөнкүдөис :

### 1.Тасаввуф бул адеп

Адеп – бул ыис манды терс адаттардан арылтып, ихсан сезимин жүрөккө бекем жаис гаштырып, тагыраак аис тканда, ар качан Алла Тааланын көзөмөлүндө тургандыгыбызды эстен чыгарбаис , ошого жараша өмүр кечирүү.

Абул-Хусейн ан-Нурий:

«Тасаввуф көрсөтмөлүүлүк да, илим да эмес. Ал болгону изги адеп. Тасаввуф – бул Алла Тааланын буйругу менен жуурулуша жашоо» деп анын адеп-ахлактан бөлүнгүс өзгөчөлүгүнө басым жасаган.

Тасаввуф азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын доорунда «тасаввуф» деген ат менен аталбаса да, маани-маңызы, өзгөчөлүгү өңүтүнөн жандуулугун аруу сактаган. Бул жерде изги адеп-ахлак дегендин төркүнү ардактуу

Пайгамбарыбыздын адеп-ахлагына негизделет. Анын адеп-ахлагы Жараткан Алла Таала тарабынан Куранда:

وَ اِنَّكَ لَعَلَى خُلُقٍ عَظِيمٍ

**«Шек-күмөнсүз, сен изги адеп-ахлактын сересиндесиң!»** делип, алкоого алынат (Калам сүрөсү, 4-аят).

Азирети Айша *(Алла ага ыраазы болсун)* Пайгамбарыбыздын кулк-мүнөзү жөнүндө суралган суроого:

«Анын ахлагы – Куран эле» деп жооп берген (Муслим, Мусафириин, 139).

Адам баласы Курандын негизинде, анын өкүмдөрү менен жуурулуша жашоо аркылуу өзүнчө «жандуу Куран» болуу даражасына жетүүгө жөндөмдүү. Ыйык Куранды мааниси менен түшүнүп окуу жана анын өкүм-эрежелери менен жашоо – адамдык бийик сапаттын туу чокусун талап кылат.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайгамбарлык озуйпаны алгандан тарта кыяматка чейин келчү бүтүндөй адамзатына жүргөн турганы, сүйлөгөн сөзү менен адал жолду жеткирүүгө милдеттендирилген. Бул жагынан анын өмүр таржымалы өтөсүнө чыгарыла ийне-жибине чейин иликтелип, бизге жетип, анын берекеси менен эчендеген адамдар адал жолдун жолоочусуна айланбады. Арийне, анын өмүр кенчи кыяматка чейин келчү адам баласы үчүн да өзүнчө дилазык болуу өзгөчөлүгүн улай бермекчи. Акыркы Пайгамбардын өмүр таржымалына үңүлө назар салган адам анын адамзатынын улугу жана адамдык бийик сапаттын жеткен чегинде турганын байкай алат. Себеби ал:

*«Мен изги адеп-ахлакты өтөсүнө чыгаруу үчүн жиберилгем»* (Имам Малик, Муватта, Хуснул-хулк, 8) деп айтуу менен улуу озуйпасынын максатын билдирген. Жана да ал озуйпасын толук орундатуу аркылуу мүлдө инсаният үчүн «эң мыкты үлгү» боло алган.

***

Ыйык Куранда акыркы Пайгамбардын адеп-ахлагы жөнүндө төмөнкүчө буюрулат:

**«Ант болсун! Алланын Элчиси силер үчүн, Аллага жана акырет күнүнө ишенгендер, Алла Тааланы көптөн-көп эстеп зикир кылгандар үчүн теңдешсиз үлгү»** (Ахзаб сүрөсү, 21-аят)

Улуу Жараткан Алла өзүнчө жакшылык катары изги адепахлактын үлгүсүн Азирети Пайгамбарыбыздан тарта «пайгамбарлардын мураскорлору»[26] аркылуу кыяматка чейин үзгүлтүксүз улантмакчы.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Мусулмандардын арасынан эң бекем ыймандуусу – бул адамдык сапаты эң бийик мусулман эсептелет»* (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 2, 250) деп айтуу менен адеп-ахлак – ыймандын өзүнчө бир талабы, баралына келген ыймандын белгиси болгондугун маалымдаган. Олуя пенделер дал ушул Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын адамдык бийик сапаты менен жуурулушуп, өздөрүнө жараша насип алган өзүнчө руханий дарыгерлер болуп эсептелет.

Абу Мухаммад Жаририй:

«Тасаввуф – бул изги адеп-ахлак менен жуурулушуп, терс мүнөздөрдөн арылуу» дейт.

Ал эми Абу Бакир ал-Каттаний мындай деген экен:

«Тасаввуф – бул адеп. Адеп-ахлагы жагынан сенден бийик адам руханий жактан да жогору»

Жан дүйнөнү изги сапаттар менен көрктөп, терс сапаттардан арылтуу түбөлүк бакыттын өзгөрбөс талабы болгондуктан ал оор иш. Абу Хашим бул багытта:

«Жан дүйнөгө отурукташып калган текеберлик сезиминен арылуу – опол тоону омкоруудан дагы оор» дейт.

Адамзат тарыхынан адам баласын Жараткандын адал жолуна чакырып, адамдык бийик сапаттары менен элге үлгү болгон нечелеген пайгамбарлар өтпөдү. Мына ошол пайгамбарлардын бири азирети Юсуф *(алейхиссалам)*. Ал аяттардын биринде маалымдалгандай, учурунда өзүнө жамандык каалаган бир туугандарына:

«Бүгүн силер айыпталбайсыңар. Алла силерди кечирээр. Ал – мээримдүүлөрдүн эң Мээримдүүсү!» (Юсуф сүрөсү, 92-аят) деп, кечиримдүү болуунун ачык-айкын үлгүсүн көрсөтө алган.

Суфийлердин максаты – азирети Ибрахим *(алейхиссалам)* сыяктуу дүнүйөнү жүрөктөн алыс кармап, Жараткан Алланын буйруктарына толук моюн сунуу, азирети Исмаил *(алейхиссалам)* сыяктуу Жараткандын ар бир жарлыгына ыраазы болуу, Аййуб *(алейхиссалам)* сыяктуу сабырдуу болуу. Момун-мусулман адамдын кайгысы – Давуд *(алейхиссалам)* пайгамбардын кайгысы сыяктуу болушу керек.

Суфий – бул, азирети Мусанын *(алейхиссалам)* Жаратканга жалбарышындагы ысык ыйманга, көлкүлдөгөн жан дүйнөгө ээ болууга, ошондой эле «аалам ардагы» деген алкышка татыган азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын чын ыкласынан, Жараткан Аллага бапестеген эң жогорку сүйүүсүнөн насип алууга умтулган адам.

Мавляна Жалалиддин ар-Руми адеп жөнүндө мындай дейт:

«Адеп – бул адам баласынын денесиндеги рух. Адеп көздүн жана жан дүйнөнүн нуру. Эгер шайтанды ташбараңга алгың келсе, көзүңдү ачкын да, көрүп ал, адеп шайтанды кандай ташбараңга алганын. Адам баласында адеп болбосо, ал чыныгы адам болуп эсептелбейт. Адам менен айбандын ортосундагы айырма бул адеп»

«Акылым жүрөгүмөн: «Ыйман деген эмне?» деп сурады. Жүрөгүм: «Ыйман – бул, адеп» деп жооп берди»

## 2. Тасаввуф – бул напсини теске салуу жана жан дүйнөнү тазалоо

Адам баласы бул дүйнөгө кулчулуктун сынагы үчүн келгендиктен одүйнө салганга чейин миң түрлүү терс өңүттүү «напси» делген дарт маңдайынан жазбайт. Адам баласы руханий жактан канчалык баралына келбесин, напсинин жана шайтандын ар түркүн азгырыктары менен дайыма кез келет. Ырасында кулчулуктун кадыр-баркы беш күндүк дүйнөнүн азгырыктарына алданбай Жараткан Аллага бет алуу аркылуу билинет.

Ошондуктан адам өзүндөгү терс мүнөздөрүнөн арылып, жан дүйнөсүн көркүнө чыгаруу үчүн напсини теске салып, жан дүйнөнү тазалашы зарыл. Ал үчүн ар бир адам өзүнүн күч-кудуретине, аң-түшүнүгүнө жараша Жараткан Алланы таануу жана ушул түшүнүгүн «ирфан» абалына алып келип, жакшылык иш-амалдары менен Жараткандын улуулугун, аруулугун даңазалоого милдеттүү. «Кулчулук» деген сөздүн кыскача аныктамасы мына ушул жерде жатат. Кулчулуктун максаты адам баласы напсинин миң түркүн тоскоолдуктарынан өтүп, анын тизгинин колго алуусуна жана жүрөгүн рухий ыпластыктардан арылтып, аны көркүнө чыгарышына жараша орундалат.

Жан дүйнө бул «Жараткандын назары түшчү жай» болуп эсептелет. Кансарайдагы тактыга падышадан башка бирөөнүн отурушу кандай мүмкүн эмес болсо, жан дүйнө да

Алла Тааладан башка бүт нерседен, напсинин азгырыктарынан, рухий ыпластыктардан оолак болушу зарыл. Болбосо, жан дүйнө Жараткандын учу-кыйырсыз ыраакымына, жакшылыгына карата жабык болот. Бирок бул Алладан башкага сүйүү бапестелбеши керек деген мааниниі туюнтпайт. Ислам дини мусулман баласынан ата-энесин, баласын сүйүүнү талап кылат. Бул сүйүүлөрдүн ар биринин өзүнчө чеги бар. Бул сүйүүлөр Жаратканга болгон сүйүүдөн жогору болбошу керек. Жүрөктүн эң төрүндө Алла Таалага болгон сүйүү турушу кажет, дегенди түшүндүрөт.

Жан дүйнөнү тазалоонун маанилүүлүгүн түшүнүү үчүн анын материалдык жана руханий жашоодогу ордуна назар салуу жетиштүү. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүрөктүн маанилүүлүгү жөнүндө мындай деген:

*«...Адамдын денесинде кичинекей бир эт бар. Ал жакшы болсо, дененин бардыгы жакшы, жаман болсо дененин бардыгы жаман болот. Ал эт – жүрөк!»* (Бухарий, Иман, 39).

Мавляна олуя мүшөктүн түбүндөгү тешикти бекитпей туруп, аны толтурууга аракет кылуунун бекер болгондугун айтат. Анын сыңарындай, тазаланган жүрөк, аруу жан дүйнө менен жасалган амал-иштер адам баласынын бактысына себеп болоору бышык. Ал эми амалдар ниетке жараша болот. Андыктан ниет чын ыклас менен бекемделиши кажет.

Бул жагдай жан дүйнөнүн баралына келгендеги абалы. Алланын сүйүктүү пенделеринин жан дүйнөнү тазалоодогу максаты – жан дүйнөнүн ар дайым Улуу Алла Таала менен бирге болуу сезимине (ихсанга) жетиши. Жан дүйнөнүн мындай калыпка келиши үчүн ал Алла Тааладан сырткаркы бардык нерседен арылышы зарыл.

Мындай калыпка жеткен жан дүйнө аяр жана терең купуялуу акыйкаттарды көрүү бактысына эгедер болот. Жан дүйнө кайдыгерликтен арылып көркүнө чыккандагы даражасына жараша Жаратканын улуктугун, аруулугун, кудуреттүүлүгүн даңазалап чагылдырчу өзүнчө күзгүгө айланат. Бул учурда Жараткан Алланын жүрөк менен таанылышы, дегенди туюнткан «марифатуллах» даражасы багындырылган болот. Бул жагдай «илимдин ирфанга айланышы» деп аталат.

***

Жараткан Алланын алдына таза жан дүйнө менен, т.а. ар түрдүү рухий ыпластыктардан арылып, жалгыз Жараткан Аллага бапестелген эң тунук сүйүүгө тунган аруу жан дүйнө менен баргандар түбөлүк бакыттын каалгасын аттай тургандыктары жөнүндө Алла Таала:

يَوْمَ لَا يَنفَعُ مَالٌ وَلَا بَنُونَ إِلَّا مَنْ أَتَى اللَّهَ بِقَلْبٍ سَلِيمٍ

«Ал күнү мал-мүлк да, бала-бакыра да паис да бербеис т. (Кыямат күнү) Алланын алдына таза жүрөк менен келгендер гана паис да табат» деис т (Шуараа сүрөсү, 88-89-аяттар).

Ошону менен бирге напсисин теске сала албаис , Жараткан Алланы даңазалоодон, зикир кылуудан оолак болуп, катып калган жүрөктөр а күнү зыянга учураис тургандыгы тууралуу куттуу аяттардын биринде төмөнкүчө маалымдалат:

«Жүрөктөрү Алланы эстөөдөн алыс болуп катып калгандарга азап болсун! Алар анык адашууда» (Зумар сүрөсү, 22-аят)

Абу Саид ал-Харраз ушул аяттарга таянып:

«Баралына келген адам – бул жүрөгүн тазалап нурга толтурган адам эсептелет» деис т.

**3.Тасаввуф – бул аягы жок руханииА күрөш**

Жунаис д Багдадиис дин бул аныктамасы тасаввуфтун напсиге каршы өмүр бою улана турган өзүнчө чоң күрөш болгондугун тастыктаис т. Напсиге каршы күрөш – бул напсинин адал жолго туура келбеген бардык арзуу-каалоолоруна каршы туруу дегенди түшүндүрөт.

Согуш белгилүү учурда жана белгилүү жерде болуп бүтөт. Ал эми напсиге каршы күрөш өмүрдүн ар бир өңүрүндө, ар бир көз ирмеминде, аис тор, көз жумганга чеис ин уланат. Аяттардын биринде:

«...Сага якиин (өлүм) келгенге чеис ин Жараткандын алдындагы ибадат (кулчулук) озуис паңды аткар!» (Хижр сүрөсү, 99аят) деп буюрулат.

Жараткан Алла напсинин арааньна жана азгырыгына шарт түзгөн «каис дыгерлик» дартынан арылып, даис ыма оис гоо болуп жалгыз Өзүнө гана кулчулук кылуусу үчүн мындаис буюрат:

وَاذْكُرْ رَبَّكَ فِي نَفْسِكَ تَضَرُّعاً وَخِيفَةً وَدُونَ الْجَهْرِ
مِنَ الْقَوْلِ بِالْغُدُوِّ وَالآصَالِ وَلاَ تَكُنْ مِنَ الْغَافِلِينَ

«Жараткан Эгеңе өз ичиңден купуя түрдө эртең менен жана кечинде жалбар! Аны корккон абалда (чын ыкласыңдан) зикир кыл (даңазала)! Алланы даңазалап-эстөөдө каис дыгерлерден болбо!» (Аараф сүрөсү, 205-аят).

Алланын акыркы Элчиси өзү кошо барган «газватул-усра» (оор казат) деп аталган Табук казатынан каис тып келе жатып кутман сахабаларына:

*«Азыр жеңил күрөштөн оор күрөштү көздөис баратабыз»* деп аис ткан сөзү аталган аныктаманын каис нар булагы болуп эсептелет.

Чынында эле бул жүрүш башка казаттарга салыштырмалуу алдаканча оор болгон. Жүрүштү башынан акырына чейин эки жүздүүлөрдүн ар түрдүү оюндары, бузукулугу, бир жагынан шайтандын азгырыгы коштогон. Ошол жылы күн өзгөчө ачуу тийип, кургакчылык өкүм сүрүп турган. Ошондой эле Табук Медина шаарынан алыс болгондуктан, жөө баруу өтө кыйын болгон. Анын үстүнө бул учурда түшүм жыйноо мезгили да келип калган эле.

Бул казатта мусулмандар Византия империясы менен беттешүүгө даярдык көрүп жатышкан эле. Мына ушул алп Византия империясы менен кармашуу деген кабардын өзү эле мусулмандарга өтө оор келген. Мында азирети Пайгамбарыбыз үч түмөн (отуз миң) Ислам колу миң чакырымдык жолду басып өтүп, кайра артка кайткан эле. Алар Мединага кайтып келгенде кадимкидей өзгөрүп сакал-чачы өсүп жүдөп калышкан болучу.

Мына ушундай узун жолдон кайтып келаткан сахабалар Пайгамбарыбыздын сөзүнө таң кала:

- О, Алланын Элчиси! Бизди көрүп турасыз! Мындан да оор күрөш барбы? дешет. Анда Азирети Пайгамбарыбыз:

- *Ооба! Азыр биз жеңил күрөштөн оор күрөшкө напсинин азгырыгы менен күрөшүүгө баратабыз!*[27] деген экен.

Учурубуздагы изилдөөчүлөрдөн Р. Гарауди Ислам дининдеги жеңил жана оор күрөштүн тең салмактуулугунун маанилүүлүгү тууралуу мындай дейт:

«Тасаввуф – бул толугу менен Исламдык руханий тарбия болуп, адам баласын жаралуудагы максатынан алыстаткан ар түрлүү терс арзуу-каалоолорго каршы өзүнчө чоң күрөш десем болот. Бул Ислам терминологиясында «чоң жихад» деп аталат. Мусулмандарды Алланын жолунан алыстатып, өзүнө тарткан ар кандай бийликмансапка, байлыкка жана жаңылыш маалыматтарга каршы, ошондой эле мусулман коомчулугунун

биримдиги, ынтымагы үчүн аракет кылуу болсо «жеңил жихад» делет. Ал эми жеке адамдын жана жалпы коомчулуктун бейпилдигине, тынчтыгына шарт түзгөн нерсе – бул дал ушул эки жихаддын ортосундагы тең салмактуулук болуп эсептелет»

### 4.Тасаввуф – бул чын ыкластуулук

Тасаввуф – бул Жараткан Аллага карата ак ниеттүүлүк, чын ыкластуулук. Амалды жалгыз Алланын ыраазылыгы үчүн гана аткаруу диний терминологияда «чын ыклас» деп аталат. Жаратkандын ыраазылыгынан тышкаркы бардык максаттарды жүрөктөн чыгаруу өзүнчө чоң ыроо.

Ал эми амалдарды Алладан башка бирөө үчүн аткаруу ыклассыздык же көрсөтмөлүүлүк болуп, Жаратkандын алдында эч кандай баага арзыбайт. Ал нерсе адамдын өзүнө эле өзүнчө жүк болгондон башка эч бир пайдасы болбойт. Бул жагдай Жараткан Алланын алдында амалдардын (жасалган жакшылык иштердин) кабыл болушу үчүн негизги шарттардан эң маанилүүсү – бул «чын ыклас» экендигин тастыктайт.

Ыклас – бул Жараткан Аллага жакын болуу ниети менен дүнүйөлүк ар түрлүү кызыкчылыктардан жан дүйнөнү коргой билүү.

Ыклас – бул пендени эң чоң жакшылыкка, б.а. «Жараткан Алланын ыраазылыгына» ээ кылуучу асыл касиет.

Алла Таала мусулман баласынан амалдарды жалгыз Өзүнүн ыраазылыгына гана ылайыктуу түрдө чын ыклас менен орундатышын талап кылат. Аяттардын биринде:

**«(Элчим!) Акыйкатта, бул Китепти сага чындык менен түшүрдүк. Эми Аллага гана берилип, (чын ыкластан) ибадат кыл!..»** (Зумар сүрөсү, 2-аят) делет.

**«(Мухаммад!) Акыйкатта, мен динде бир гана Аллага берилип, ибадат кылууга буйрулганмын» дегин»** (Зумар сүрөсү, 11-аят)

**«(Иблис айтты): «Оо, Жараткан! Мени адаштырганың үчүн аларга жер жүзүндөгүлөрдүн баарын сонун көргөзүп, алардын баарын азгыра берем. Бирок сага берилген чын ыкластуу пенделериңден башкаларын»** (Хижр сүрөсү, 39-40-аяттар)

Тасаввуф – бүт нерсени Аллага гана арноо, жакшылыкты Андан деп билүү жана «менменсинүү» сезиминен арылуу. Адам кандай абалда жана руханий жактан кайсы даражада болбосун, өзүнөзү жогору сезбеши кажет. Жараткан Алла Таала Бадр казатындагы жеңиштен улам акыркы Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* төмөнкүчө эскертүү берген:

فَلَمْ تَقْتُلُوهُمْ وَلَكِنَّ اللَّهَ قَتَلَهُمْ وَمَا رَمَيْتَ إِذْ رَمَيْتَ وَلَكِنَّ اللَّهَ رَمَى

**«Аларды силер өлтүргөн жоксуңар, Алла өлтүрдү. Аларга (кум) чачканыңда,[28] сен чачкан жоксуң, Алла чачты...»** (Анфал сүрөсү, 17-аят)

Ошондуктан адам баласы өзүнүн алсыздыгын жана кулчулугун дайыма сезип, ар түрдүү жакшылык-ыроо, ийгилик, жетишкендик Алла Тааладан буюрулган өзүнчө насип болгондугун билиши кажет.

* * *

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дегенин айткан:

*«Кыямат күнү эң биринчи шейит кеткен адам суракка тартылат. Алла Таала алгач ага ыроологон жакшылыктарын эсине салат. Ал аларды эстеп, мойнуна алат. Андан соң Алла Таала:*

*- Бул жакшылыктарга карата эмне кылдың? – дейт.*

*Ал адам:*

*- Шейит кеткенге чейин Сенин жолуңда күрөштүм – деп жооп кайтарат.*

*Алла Таала:*

*- Калп айтасың. Сен «кандай гана баатыр адам» дешсин деген ниетте согуштуң. Ырас, бул ниетиң жүзөгө ашты – дейт. Андан кийин Жаратkандын буйругу менен ал пенде көмкөрөсүнөн жаткырылып тозокко ыргытылат.*

*Бул сапар илим алган, илимин элге жеткирген жана Куран окуган адам алынып келинет. Алла Таала ага ыроологон жакшылыктарын эсине салат. Ал дагы Жараткандын жакшылыгын эстеп, баарын мойнуна алат. Алла Таала ага:*

*- Ырас, Мен ыроологон жакшылыктардын кайрымында эмне иш кылдың? деп суроо салат.*

*Ал:*

*- Илим алдым, алган илимимди элге жайдым, Сенин ыраазылыгың үчүн Куран окудум деп жооп берет.*

*Алла Таала:*

*- Калп айтасың! Сен өзүңдү эл «аалым дешсин» деп илим алдың, «кандай гана мукам үндүү» дешсин деп Куран окудуң! Ошондой эле сенин бул көздөгөнүң жүзөгө ашты дейт. Андан соң Жаратkан Алланын буйругу менен көмкөрөсүнөн жаткырылат да, тозокко ыргытылат.*

*Андан кийин кезек бардар адамга келет. Алла Таала ага да ыроологон жакшылыктарын эсине түшүрөт. Ал дагы берилген жакшылыктарды эстеп, баарын мойнуна алат.*

*Алла Таала:*

*- Ал эми сен бул жакшылыктардын кайрымында эмне иш кылдың? – деп сурайт.*

*Тиги адам:*

*- Байлыгымды Сен ыраазы боло турган жерлердин баарына бердим. Жалгыз гана Сенин ыраазылыгың үчүн бердим, каржадым – дейт.*

*Алла Таала:*

*- Калп айтасың. Аныгында сен ошол жакшылык иштериңди эл «кандай гана берешен, кайрымдуу жоомарт адам» дешсин деп аткардың. Ырасында эле эл дагы ошентип айтты – дейт. Ошентип бул адам дагы Жараткандын буйругу менен көмкөрөсүнөн жаткырылып, тозокко ыргытылат»* (Муслим, Имара, 152).

Мавляна олуя ибадаттарын ыклассыз кылган пенделерге кайрылып:

«Ээ, кайдыгер! Жүзүңдү саждага койгон кезде чын жүрөктөн Жаратkан Аллага бет алып «Эң улук Жаратkан Эгем бардык кемчиликтерден аруу!» деп айтуунун маанисин ылайыктуу түрдө түшүнгөнүңдө кана! Ошонун кадырына жете билсең кана... аттигиниң-ай!..» дейт.

Ыклассыз ибадаттарга руханий ыпластыктар аралашкан болот. Чын ыклассыз орундалган ибадаттын пендеге пайда алып келиши кыйын. Төмөнкү аяттарда Ислам дининин ыймандан кийин эле эң маанилүү буйругу болгон намаз ибадатына анчейин деле маани бербей окугандарга карата катуу эскертүү берилет:

**«Азап болсун, ошол намаз окугандарга! Анткени алар намаздарына маани беришпейт. Ошондой эле (алар намаздарын) эл көрсүн үчүн окушат...»** (Мааун сүрөсү, 4-6-аяттар).

Жунайд Багдадий олуя мындай дейт:

«Ыклас – бул амалды руханий ыпластыктардан арылтуу»

Алланын дагы бир сүйүктүү пендеси:

«Өзүнүн чын ыкластуулугуна ишенүү – бул өзүнчө ыклассыздык» дейт.

Бул багытта Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Өзүңдүн Ислам диниңде чын ыкластуу бол! Чын ыкластуу болсоң, аз амал дагы сага жетиштүү болот»* (Хаким, Мустадрак, 4, 341).

*«Алла Таала силердин кебетеңерди, же мал-мүлкүңөрдү карабайт! Ал силердин жүрөгүңөрдү жана амалыңарды карайт»* дейт (Муслим, Бирр, 34).

**5.Тасаввуф – бул адал жол**

Исламда Ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашоо «истикаамат» деп аталат. Жараткан Алла Таала бул багытта акыркы Пайгамбарына жана ал аркылуу жалпы мусулмандарга төмөнкүчө буйрук берген:

فَاسْتَقِمْ كَمَا أُمِرْتَ وَمَنْ تَابَ مَعَكَ وَلاَ تَطْغَوْا

**«Сен жана сени менен бирге тообо кылган адамдар да (Алладан) буюрулгандай туура адал жолдо болгула! Чектен ашпагыла!...»** (Худ сүрөсү, 112-аят).

Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Мени Худ сүрөсү карытты...»* (Тирмизий, Тафсир-и суура, 56/6) деп айтышына себеп болгон бул буйрукка[29] муфассир[30] аалымдар тарабынан төмөнкүчө түшүндүрмө берилген:

«Эй, Пайгамбар! Курандын өкүмү боюнча аракет кылып, сен жөнүндө айтылган өйдө-ылдый жалган сөздөрдүн негизсиз болгондугун таасын далилдей турган таризде адал жолдун эң жогорку үлгүсү болушуң керек. Сен бутпарастардын, эки жүздүүлөрдүн сөздөрүнө кулак салба! Аларды Аллага тапшыр! Коомдук болсун, жеке өздүк болсун, айтор, ар бир озуйпаңды толугу менен сага буйрулган таризде ийине келтире аткар! Туура жолдон алыстаба! Сага түшкөн буйруктун жүзөгө ашышы канчалык оор болсо да, аны аткарууда эч бир тоскоолдукка алдырба! Жараткан Эгең сага ар дайым арка-жөлөк болот»

Абдуллах ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)*:

«Ыйык Куранда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* үчүн бул куттуу аяттан дагы оор кайрылуу болгон эмес» дейт (Нававий, Шарху Сахих-и Муслим, 2, 9).

Бул жердеги буйрук канчалыгы менен акыркы Пайгамбарга карата түшүрүлгөн болсо да, аны тек өзүнө гана байланышкан жагдай убайым тарттырган эмес. Себеби ал:

«(Элчим!) сен туура жолдосуң...» (Ясин сүрөсү, 4-аят) деген аят менен алкоого алынган пайгамбар эле. Бул жерде аны ушунчалык кайгыга салып, чачына ак түшүргөн нерсе – бул өзүн ээрчиген мусулмандардын камы, биз мусулмандардын адал жолго карата мамилебиз болгон.

***

Ырас, акыркы Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)* көргөзгөн жолдон башка эч бир жол адам баласын Жаратකандын алдына жарык жүз менен алып бара албайт. Алла Таала өзүнүн чексиз сүйүүсүнө, кечиримине, учу-кыйырсыз мээримине ээ болуу үчүн акыркы Пайгамбарга баш ийүү шартын талап кылган. Бул багытта куттуу аяттарда төмөнкүчө буюрулат:

قُلْ إِنْ كُنتُمْ تُحِبُّونَ اللّٰهَ فَاتَّبِعُونِي يُحْبِبْكُمُ اللّٰهُ وَيَغْفِرْ لَكُمْ
ذُنُوبَكُمْ وَاللّٰهُ غَفُورٌ رَحِيمٌ

**«(Элчим!) “Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле! Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет”. Алла – Кечиримдүү, Боорукер! дегин»** (Аали Имран сүрөсү, 31-аят).

«(Аларга) «Аллага жана Анын пайгамбарына моюн сунгула! .... Эгер акыркы пайгамбарга моюн сунсаңар, анда туура жолду табасыңар» деп айт!» (Нур сүрөсү, 54-аят)

Зуннуун-у Мысрий олуя бул багытта:

«Акыркы Пайгамбардын сүннөтү менен жүрүм-турумун, терс кулк-мүнөзүн оңдогон адам Жараткан Аллага болгон сүйүүсүн далилдеген болот» дейт.

Ал эми Баязид Бистамий олуя:

«Абада малдаш токунуп олтурган адамды көрсөңөр, ал адамдын Алланын «адал-арам» деген эрежесин кармангандыгын, сүннөткө баш ийгендигин, адал жолдо жүргөндүгүн көрмөйүнчө мунун керемет болгондугуна ишенбегиле!» дейт.

Адал жолдо жүргөн пенделер жөнүндө Ыйык Куранда төмөнкүчө буюрулат:

«Ким Аллага жана Анын Элчисине баш ийсе, анда ал Алла Өз мээримдүүлүгүн көргөзгөн пайгамбарлар, ыраскөйлөр, шейит болгондор жана салих-такыбаа пенделер менен бирге (болушат). Алар Жаратканга кандай гана жакын пенделер!» (Ниса сүрөсү, 69-аят).

Бул аяттан да байкалгандай, адал жол – бул тандамал пенделердин жолу. Адал жолдун негизин бекем ыйман жана такыбаалык түзөт. Мына ушул эки баа жеткис дөөлөттүн орду – жүрөк, жан дүйнө. Бул өңүттөн адал жол бул жан дүйнөдөгү ошол ыйман менен дененин жуурулушуусу. Жүрөктөгү ыйман, ыклас адам баласы үчүн адал жолдун туруктуу жолоочусу болушуна мүрөктүн суусу болуп эсептелет. Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Тил туура болмоюнча жүрөк, жүрөк туура болмоюнча ыйман-ишеним туура болбойт»* деген (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 3, 198).

Учурунда Пайгамбарыбыз акыл-насаат сурап келген бир адамга:

*«Жалгыз Аллага ишендим, дегин да, адал жолдо түз жүр!»* деп насаатын айтып, Ислам динин корутундулаган (Муслим, Иман, 62).

* * *

Адал жолду кармануу сыяктуу эң жогорку даража жана андан тайбай, түз жүрүү сыяктуу оор эч бир буйрук жок. Анткени адал жол ибадат кылууда эрежелерди так сактоо, буйрулган нерсени ошол буйрулгандай таризде жана күчтүн жетишинче эң жогорку деңгээлде орундатуу, дегенди түшүндүрөт. Адал жол – бул акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* нурлуу жолу менен жүрүү. Ошондуктан ушул адал жолдо жүрүүнүн өзү эң чоң керемет болуп эсептелет.

Атактуу олуялардан Мавляна Жалаладдин Руми:

«Бул жан денемде турган чакта мен Курандын каралымын, Мухаммад Пайгамбарыбыздын жолунун топурагы, бутунун чаңымын. Эгер кимдир бирөө менин бул сөздөрүмдү башка мааниге өзгөртүп айтса, ошол сөздөн да, ал адамдын өзүнөн да мен алысмын»

«Ким акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* «дасторконунан» (б.а. сүннөтүнөн) башка дасторконго барса, анда анын шайтан менен бир табактан даам сызаарын эсиңе түйүп ал!» дейт.

### 6. Тасаввуф – бул шүгүрчүлүк жана моюн сунуучулук

Араб тилинде «Ислам» сөзү «са-ли-ма» деген уңгуга такалып «коопсуздукта, тынчтыкта болуу, баш ийүү, моюн сунуу, кабыл алуу» деген маанилерди туюнтат.

Тасаввуф пенденин Жаратkandын адал жолунда өмүр улап, ар бир көз ирмемде Жаратканга жакындап турушу үчүн Алла Таалага шүгүрчүлүк жана моюн сунуучулук сезимдерин жан дүйнөгө бекем отургузууну көздөйт.

Анткени мынабул утурумдук дүйнөнү чырмап турган миң бир түрлүү кыйынчылык-машакаттардын таасири жана напсинин терс арзуулары жалгыз Жараткан Аллага ыраазы болуп шүгүр келтирип, моюн сунуу аркылуу гана басаңдайт. Тагыраак айтканда, Аллага шүгүр келтирип, моюн сунуунун берекеси менен машакаттар сезилбес абалга келет. Алтургай кыйынчылыктар дагы Жаратkandын өзүнчө бир жакшылыгы катары кабылданып калат.

Моюн сунуучулук – бул тагдырдын ар түрлүү сыноолорун Жаратканга ыраазы болуп шүгүр келтирүү менен кабыл алуу, ошондой эле ошол сыноолорго карата колдон келген аракетти көрүп, жыйынтыгын Жаратканга тапшыруу жана жүзөгө аша турган натыйжага толугу менен ыраазы болуу, дегенди түшүндүрөт. Мунун эң сонун үлгүсүн Алланын буйругу менен өзүнүн кан-жанынан бүткөн уулун курмандыкка чалууга алпарган Ибрахим *(алейхиссалам)* пайгамбардан жана Жалгыз Алланын гана ыраазылыгы үчүн өз жанын аябаган азирети Исмаил пайгамбардан таасын көрүүгө болот. Жараткан Алла бул эки пайгамбардын моюн сунуучулугун бүтүндөй адам баласына үлгү катары көрсөтүп:

«Экөө тең Алланын буйругуна толук моюн сунушкан эле...» деп буюрат (Саффаат сүрөсү, 103-аят). Алар ушундай моюн сунуучулугу менен өзүнчө бир ибадаттын түркүгүн түзө турган таризде Жараткан Алланын чексиз ыраакымына бөлөнүшкөн.

Улуу максатка карай кеткен жолдо Жаратканга моюн сунуу, Алла буюрган тагдырга, кыйынчылык-сыноолорго сабырдуулук менен ыраазы болуп шүгүр келтирүү зарылчылыгы талап кылынат. Себеби адам баласынын баралына келишинин ачкычы ошол кыйынчылык-машакаттар болуп саналат.

Аалым-олуялардан Шакик Балхий:

«Машакаттын акыбетин билген адам андан арылгысы келбейт» дейт. Бул жагдайды жакшы түшүнгөн Алланын сүйүктүү пенделери кайгы-кубанычка бирдей мамиле жасашкан. Ошентип алар «шүгүрчүлүк жана моюн сунуучулук» даражасына жетүүгө аракет кылышкан.

Моюн сунуучулуктун дагы бир өңүтү – бул «Жаратканга болгон эң аруу сүйүү» болуп эсептелет. Анткени сүйгөн адам сүйгөнүнөн келген «ачуу-таттуу» нерсенин баарын жылуу кабыл алып, сүйүүсүнүн аруулугун далилдөөгө жанүрөйт.

Абу Али Рузбари бул багытта мындай деген экен:

«Тасаввуф – бул куулса дагы сүйгөнүн эшигинин алдында тизе бүгүп, чөк түшкөн абалда баарына кайыл болуп олтурган адамдын мисалы»

Жан дүйнөсү Жаратканга болгон аруу сүйүүгө толгон пенде Жараткан Алладан келген сыноолордун бардыгын сүйүүсүнө жараша кучак жая тосуп алат. Маселен, Ибрахим пайгамбардын моюн сунуучулугу, Аллага болгон сүйүүсү албырттаган отжалындын соймоңдогон тилин көз ирмемде гүлбакчага айланткан. Якуб *(алейхиссалам)* пайгамбар Жаратkandын тагдыр-сыноосуна карата ыраазы болуп, толук моюн сунуу менен өзүнчө үлгүлүү өмүр сүргөн.

Тасаввуф пайгамбарлардын Жаратканга болгон моюн сунуучулугун жашоонун баа жеткис үлгүсү катары кабылдайт. Учурунда аялзатынан чыккан атактуу олуялардан Рабия ал-Адавиййа:

«Сүйгөн адам сүйгөнүнө баш ийет»деген экен.

Кутман сахабалар дагы жалгыз Жараткан Аллага бапестеген эӊ аруу сүйүүлөрүн жүрөктүн төрүндө сактай алышкандыктан ардактуу Пайгамбарыбызга болгон сүйүүлөрүнө, анын ак сүннөтү менен жуурулуша жашоолоруна жараша баралына келишкен. Алар ошол аруу сүйүүсү жана моюн сунуучулугу менен бүтүндөй үммөт үчүн ар бири өзүнчө үлгү болууга жетишкен.

***

Жогоруда берилген тасаввуфтун аныктамаларынан төмөнкүчө корутунду аныктама чыгарсак болот:

Тасаввуф – бул материалдык жана руханий ыпластыктардан арылып, адамдык асыл сапаттарга ээ болуу менен Ислам динин өзөгүнө ылайыктуу түрдө кармануунун аракети. Жан дүйнөнү ар түрлүү руханий ыпластыктардан арылтып, напсинин бийик ашууларын ийгиликтүү ашууга умтулуу.

*Тасаввуфтун тематикасы өзүнчө бир океан сыяктуу өтө терең жана ар тараптуу маанини камтыйт. Себеби ал адамдын жан дүйнөсүнө жана напсисине байланышкан ар түрлүү жагдайлар менен алектенет.*

## B. ТАСАВВУФТУН ТЕМАТИКАСЫ

Тасаввуфка ар түрлүү түшүндүрмөлөрдүн жана аныктамалардын берилиши анын тематикасынын тереӊдигин, ар тараптуулугун аис гинелеис т. Тагыраак аис тканда, тасаввуфтун тематикасы өзүнчө бир океан сыяктуу өтө тереӊ жана ар тараптуу маанини камтыис т. Себеби ал адамдын жан дүис нөсүнө жана напсисине баис ланышкан ар түрлүү жагдаис лар менен алектенет. Адам баласы руханиис  сапарында басып өткөн аралык-жолдор, башынан өткөргөн миӊ түрлүү жагдаис лар жана акыры аалам-атпаис дын Жаратуучусу Алла Тааланы жүрөк менен тааныис  билүү, Ага кулчулук кылуу сыяктуу нерселер менен баис ланыш курат.

Тасаввуф алгач напсини тарбиялап, жан дүис нөнү аруулоо менен адамды баралына келтирүүдөгү баскычтар, даражалар жана эреже-усулдар жөнүндө кеп салат. Башкача аис тканда, тасаввуф Жалгыз Жараткан Алланын ыраазылыгын таап, түбөлүк бакытка жетүү үчүн напсини теске салып, жан дүис нөнү тазалоо аркылуу адам баласынын ичи-тышы менен таза болушуна себепкер болууну көздөис т. Күнүмдүк турмушта «ихсан» сезимин жандуу кармоо менен беис пил жашоого багытталат.

Бул өӊүттөн тасаввуфтун негизги тематикасы Улуу Жараткан Алла Тааланын заты, сыпаттары жана ушул сыпаттарынын бүтүндөис  ааламды кучагына алган хикмат-сырларынын аӊдалышына багытталган усулдар, ыкмалар менен аныкталат.

Кыскасы, тасаввуф Алла Тааланын ысым-сыпаттарына жан дүис нө менен күбө болуу аркылуу марифатка (б.а. марифатуллахка) умтулуунун жолдору, ошондоис  эле адам, аалам жана Куран аяттарында берилген маалыматтар менен руханиис  ааламдагы баскычтар жана ушул баскычтардын жыис ынтыгында бышып жетилүүнүн жол-жоболору жөнүндөгү билгилик.

*Тасаввуфтун максаты – Жараткан Алланын ыраазылыгына татыктуу түрдө ээ болуу үчүн руханий илдеттерден арылып, акыркы Пайгамбардын (саллаллаху алейхи васаллам) асыл сапаттары менен жуурулушуу, ошол баа жеткис үлгүдөн күчтүн жетишинче насип алуунун камын көрүү.*

## Г. ТАСАВВУФТУН МАКСАТЫ

Тасаввуфтун ар тараптуу тематикасына назар салганыбызда анын адам баласы үчүн өзгөчө маанилүү улуу максатка багытталганын баис коого болот. Бул ошол эң алгачкы паис гамбардан тарта бардык паис гамбарлардын, Жаратkандын сүис үктүү олуя пенделеринин жан дүис нөсүн көркүнө чыгарган «жалгыз Улуу Алла Таалага эң жогорку деңгээлде кулчулук кылуу» деген максат. Бул максат эң улуу, эң аруу максат. Тагыраак аис тканда, Жараткан Алланын ыраазылыгына ээ болуу үчүн руханиис илдеттерден арылып, акыркы Паис гамбардын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* асыл сапаттары менен жуурулушуу, ошол баа жеткис үлгүдөн күчтүн жетишинче насип алуунун камын көрүү. Напсини Ислам динибиздин эрежелери менен тарбиялоо, ибадаттарды супсак, жансыз эмес, «ихсан» сезими менен аткаруу, жан дүис нөнү руханиис жан азыктар менен көркүнө чыгаруу аркылуу тазалап, жалгыз Жаратkандын ыраазылыгын табуу.

Адамзат тарыхы ушул күнгө чеис ин күбө болуп келгендеис , адам баласы өзүнүн жаралуудагы максатына ылаис ык өмүр кечиргенинде, Курандын тили менен аис тканда, «ахсану таквим»ге (жандуужансыздын эң ардактуусуна) аис ланууга, ал эми улуу максаттан алыстап, адал жолдон адашканында «бал хум азалл»га (б.а. аис бандан да төмөн даражага) түшүүгө да жөндөмдүү. Адам баласынан «адам» деген атка татыктуу өмүр сүрүшүн талап кылган жападан жалгыз себеп – бул ыис ман. Ыис мандан киис ин адеп турат. Паис гамбарлардын негизги озуис па-милдеттеринин бири адамдардын жан дүис нөсүн дал ушул көөнөрбөс баалуулуктар менен көркүнө чыгарууга себепчи болуу, болгон.

Азирети Паис гамбарыбыздын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* мураскорлору, б.а. олуя-аалымдар жана ошол инсандардын куттуу паис гамбарлык мөлтүр булактан алган жан дүис нө илими Алла Элчисинин ошол озуис пасына карата өкүлчүлүк кылат.

Тасаввуф жолундагылар адамдык асыл сапаттын туу чокусунда турган Паис гамбардын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* сүннөтү менен толук жуурулушуп жашоого умтулушат. Ошентип аларды бул жолго багыттаган Алланын олуя пенделери ардактуу Паис гамбарыбыздын (алеис хиссолаату вассалаам) бул дүис нөдө аткарган бир кызматын улантышып:

*«Чыныгы аалымдар – паис гамбарлардын мураскорлору»* (Абу Давуд, Илим, 1) деген куш кабарга тушуккан болушат.

Андыктан тасаввуфтун негизги максаты болгон руханиис жактан бышып жетилүү Паис гамбар көздөгөн улуу максатка такалаарын аис тууга мүмкүн. Маалым болгондоис , бул максат адамды ыис ман нуру менен напсинин түркүн-түстүү азгырыктарынан арылтып, руханиис өңүттөн баралына келтирүүгө багытталат.

Кудсий хадистердин[31] бириндe Жараткан Алла:

«Бул Мен ыраазы болгон дин. Бул динге жоомарттык жана изги адеп гана жарашат. Бул динди карманyy бактысы башыңарга конуп турган чакта аны ушул эки дөөлөт менен даңазалагыла!» дейт (Хайсамий, Мажмауз-Заваадид, 8, 20).

Тасаввуф бул өңүтү менен мусулман баласынын жашоосун мээримдүүлүк, боорукерлик, жоомарттык, кечиримдүүлүк, шүгүрчүлдүк сыяктуу адамдык асыл сапаттар менен көркүнө чыгарууну көздөйт.

Ошону менен бирге тасаввуфтун дагы бир максаты шыкжөндөмү бар адамдарды такыбаалыктын жолунда ошол жөндөмүнө жараша жогорулатып, руханий жактан баралына жеткен, өзүн да, Жараткан Алланы да тааныган, Жаратканга жакын болуу бактысынын кадырына жете билген, напсинин акка кара көө жапкан ар түрлүү азгырыктарына каршы күрөшүп Алла Тааланын сүйүктүү пендесине айлантуу үчүн аларга белгилүү ашуулардан ашууларына багыт берүү болуп эсептелет.

Ыйык Куранда:

إِنَّا عَرَضْنَا الْأَمَانَةَ عَلَى السَّمَاوَاتِ وَالْأَرْضِ وَالْجِبَالِ فَأَبَيْنَ أَنْ
يَحْمِلْنَهَا وَأَشْفَقْنَ مِنْهَا وَحَمَلَهَا الْإِنْسَانُ إِنَّهُ كَانَ ظَلُومًا جَهُولًا

**«Биз аманатты асман-жерге жана тоолорго сунуш кылдык. Алар аны аркалоодон баш тартышты, андан (аманатты алуудан) коркушту. Аны адам баласы аркалап, мойнуна алды. Чындыгында ал абдан заалым жана наадан»** (Ахзаб сүрөсү, 72-аят) деп буюрулгандай, караңгы туңгуюкка кептелген адам баласын «зулумдук» жана «наадандык» деген терс сапаттардан арылтып, «адам» атка татыктуу баралына келген адамга айлантууга себепкер болуу.

Имам Газалий (Алла аны өз ыраакымына бөлөсүн):

«Пайгамбарлардын мураскорлору материалдык жана руханий илимдерди алгандар эсептелет» дейт.

Адам баласынын түбөлүк бакытка жетиши напсинин терс сапаттарынан арылышына, ибадат-амалдарынын чын ыкластан аткарылышына, илиминин элге пайдалуу болушуна байланыштуу. Тасаввуф мына ушул багытта белгиленген эреже-усулдардын, ыкмалардын жүзөгө ашышын максат кылат.

Бул максатты жүзөгө ашырган Жараткандын сүйүктүү олуя пенделери ыйманы бекем такыбаа адамдар болуп эсептелишет. Жараткан Алла алар жөнүндө мындай дейт:

أَلَا إِنَّ أَوْلِيَاءَ اللّٰهِ لَا خَوْفٌ عَلَيْهِمْ وَلَا هُمْ يَحْزَنُونَ
الَّذِينَ آمَنُوا وَكَانُوا يَتَّقُونَ

**«Ооба! Албетте, Аллага жакын пенделер үчүн коркунуч жок. Алар кайгырышпайт. Алар Аллага ыйман келтирген такыбаа пенделер»** (Юнус сүрөсү, 62-63-аяттар)

Көөдөндөгү ыйман адам баласын ар түрлүү калпыс ишенимдерден арылтып, жалгыз Жараткан Аллага жакындатса, такыбаалык жан дүйнөнү Алла Тааланын Өзүнө гана бапестелген аруу сүйүүгө толтурат. Мындай даражага жеткен пенденин жан дүйнөсү бул учурда Жараткандын назары түшчү жайга айланат.

*Ал күнү мал-мүлк да, бала-бакыра да пайда бербейт. (Кыямат күнү) Алланын алдына таза жүрөк (аруу жан дүйнө) менен келгендер гана пайда табат.*

*(Шуараа сүрөсү, 88-89-аяттар)*

## Д. ТАСАВВУФТУН ЗАРЫЛЧЫЛЫГЫ

Тасаввуф – бул Ислам дининин руханиис өңүтү жана өзөгү. Ал мөмөнүн даамын чыгарган нукура ширеси сыяктуу.

Жалпыга маалым болгондой, адам баласы денеден жана рухтан турат. Бул экөөнүн тең өз табиятына ылайык талаптары бар. Ислам дини адам баласынын табигый өзгөчөлүктөрүн четке какпайт. Тасаввуф Ислам дининин эрежелеринин негизинде оң өңүттүү жөндөмдүүлүктөрдү өөрчүтүүгө, ал эми терс өңүттүүлөрүн мүмкүнчүлүктүн жетишинче төмөндөтүүгө басым жасайт.

Адам баласы эгер жашоосун дене муктаждыктары менен гана чектөө аркылуу жан дүйнөсүнүн талаптарына жооп бербесе, руханий жактан бейпилдикке жетиши мүмкүн эмес. Ислам дини адам уулуна материя менен рух дүйнөнүн ортосундагы тең салмактуулукту сакташын сунуштайт. Ал адам баласын бир жагынан руханий багытка беттесе, экинчи жагынан материалдык дүйнөнүн талаптарын да аткарууга үндөйт. Адам дүйнөгө материалисттик көз караш менен гана назар салса, толук кандуу руханий өңүттү дагы жансыз жана конкреттүү калыптын алкагында кабыл алат. Ырас,тасаввуфка каршы көз караштардын төркүнүндө жаткан эң негизги себептердин бири дал ушул жагдай.

Адамбаласынынаң-сезимиматериалдыкжандуу-жансыздарды кабылдоого ийкемдүү болгондой эле, руханий акыйкат сырларды дагы кабыл алууга жөндөмдүү. Ошондуктан кептин төркүнү адам баласынын денеси сыяктуу эле, жан дүйнөсүнүн дагы муктаждыктарынын камсыздалып-камсыздалбашында жатат. Учурда материалдык жетишкендиктин сересинде турган Батыш руханий жактан алсыз тартып, күн өткөн сайын күч алган бузукулуктун сан миң түрүнөн жапа чегип, атеизмдин азабын тартууда. Алтургай Христиан дининин борбору Римде дагы атеисттердин саны арбын. Мунун бир эле себеби бар. Бул адамдардын рух дүйнөсүнүн жакырлыгы. Мунун негизинде чыныгы ыйман менен жан дүйнөнүн ортосунда байланыштын жоктугу жатат. Анткени адамдар тарабынан бурмаланган дин ыйыктыгын, арuулугун жоготкондугу себептүү жан дүйнө бейпилдигин камсыз кылуучу өзгөчөлүгүнөн оолактаган болот. Ошол үчүн жан дүйнөнүн нукура бейпилдигинен алыс рух дүйнөлөр ошол ырахатка жетүүнүн кусалыгын тартып келишет. Ислам дининин ыйман азыгынан оолак адам руханий нерселерди да материалдык көз караш менен кабылдап, маселеге тек сырткы өңүтүнөн гана чекит койууга аракет кылат. Ошентип ал динди супсак түшүнүктүн алкагында гана кабыл алат.

Тасаввуф болсо адамды руханий ааламга беттейт. Жан дүйнөгө ылайыктуу ырахаттын жолун көргөзөт. Ислам дининин жан дүйнөгө азык болчу руханий өңүтү жокко чыгарылган чакта ал адамдар тарабынан тек гана пайданын негизинде түптөлгөн системалардын даражасына түшүрүлгөн болот. Мындай учурда мусулман баласынын ибадат, кулчулук озуйпалары сырткы өңүтүнө гана басым жасалып, анын өзөк максаты жүзөгө ашпайт, б.а. жан дүйнө эч кандай бейпилдик таппай, ачка бойдон калат. Маселен, намаз өзүнчө көнүгүү, орозо өзүнчө дары, зекет болсо өзүнчө социалдык колдоо сыяктуу артынан номур биринчи пайдаларына басым жасоо менен аны негизги өзөк максатынан

алыстаткан болобуз. Ошондуктан мындай аракет Ислам дини жөнүндө өзөгүнө шайкеш келбеген түшүнүк жаратаары, асыресе, адам жан дүйнөсүнүн муктаждыктарына жооп бере албашы жана адамдын жан дүйнөсүнө ширетилген диний аң-сезимди канааттандыра албашы бышык. Андыктан диний озуйпаларды сүйүп аткаруу үчүн, алардан жан азык алуу үчүн тасаввуфтук тарбия талап кылынат.

***

Жандуу-жансыздар эң жөнөкөйүнөн эң мыктысына карай

тизмеленген чакта анын эң башына «адам»ды койууга туура келет. Адамдар да өз ара табигый көрөңгөсүнө жараша ар түрлүү даражаларга бөлүнөт. Бул жагдай дүйнө жашоосунда коомдук тең салмактуулуктун сакталышы үчүн өзүнчө зарылдык.

АллаТаалаадамбаласынсырткыжанаруханийжөндөмдүүлүктөрү өңүтүнөн ар түрдүүчө жараткан. Ал адам баласынан күчүнөн сырткаркы талаптарды талап кылбайт. Ага ыроологон мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинде гана белгилүү милдеттерди жүктөгөн.

Ыраакымы каарынан алдаканча жогору болгон Алла Тааланын учу-кыйырсыз мээрими бүтүндөй жандуу-жансызды өз кучагына алып турат. Ошондуктан Жараткан Алла адамзатына жүктөгөн озуйпаларды белгилөөдө эң төмөнкү деңгээлди негиз катары кабылдаган. Тагыраак айтканда, эң алсыз пенденин дагы күчү жете тургандай деңгээлде белгилеген. Ал эми жалпыга таандык озуйпалардын көпчүлүгүн орундатууга алдаканча жөндөмдүү адамдарга руханий жактан оожалып жогорулашына тоскоол болуу Кудай Тааланын адилеттүүлүгүнө төп келбейт. Ошол себептүү мындай адамдар үчүн рухий муктаждыктарды камсыз кылууда белгилүү усул-эрежелердин болушу табигый зарылдык. Башкача айтканда, мусулман баласы үчүн шариятта көрсөтүлгөн негизги милдеттерге кошумча руханий жактан жогорулоого жөндөмдүү момунмусулмандарга шарт түзүлүшү кажет. Бул шарт, жалпыга маалым болгондой, тасаввуф жолу.

Бул жагдай тасаввуфтун зарылчылыгынын логикалык жана диний талабы.

***

Жан дүйнөнүн нукура бейпилдикке жетиши руханий жактан жеткен даражасына байланыштуу болот. Пенде ал үчүн руханий тарбиядан өтүшү зарыл. Себеби жан дүйнөнүн илимге сугарылып, даанышмандык-хикматка ширелиши, руханий жактан баралына келиши белгилүү усул-эрежелердин негизинде жүзөгө ашат.

Адамзатына үлгү катары жөнөтүлгөн пайгамбарлар дагы вахий (Жаратkandын кабарын) алганга чейин өзүнчө даярдык баскычынан өтүшкөн. Андыктан жан дүйнөнүн руханий сырларды сиңире ала турган абалга жетиши үчүн анын кара көөлөрдөн арылып, тазаланышы талап кылынат. Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайгамбарлык озуйпасы берилгенге чейин айтылуу Хира үңкүрүндө итикафка[32] кире турган. Жараткан Алла менен сүйлөшүү бактысына чейин Сина тоосунда өткөргөн Муса пайгамбардын кырк күнү ал үчүн өзүнчө даярдык баскычы болгон. Юсуф пайгамбар Мисирге (Египетке) падыша болгонго чейин он эки жыл зынданда жатты. Ал жерден машакат-кыйынчылыктын түрүн баштан кечирип, напсинин көк тиреген ашууларынан өттү. Ошентип анын да жүрөгү жалгыз Жараткандан башка бардык шериктерден толугу менен арылып, жан дүйнөсү жай тапты.

Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* Миражга чыкканга чейин «Инширах» сүрөсүнүн сырына туш болду. Көкүрөгү ачылып жүрөгү жуулуп, илимдин жана хикмат-даанышмандыктын руханиятына тунду. Себеби ал Миражда адам акылынан сырткаркы ажайып керемет окуяларды баштан кечирип, жүрөктүн кара көөлөрү менен көрүүгө мүмкүн болбогон Кудай Тааланын купуя сырларына күбө болмок.

Ырасында акыркы Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул дүйнөгө көз ачып-жумган жана келечекте келе турган бүтүндөй адамзатынын арасынан эң аруу, эң таза жан дүйнөгө ээ болгон. Муну каапырлар дагы кабылдашкан. Ошого карабастан ааламатпайдын Жаратуучусунун даңазасына, купуя сырларына туш боло тургандыгы үчүн дагы бир жолу руханий эмдөөдөн өттү. «Шакк-ы садр»[33] окуясы жүзөгө ашты. Мына ушул окуянын өзү дагы руханий жашоонун маанилүүлүгүн айдан-ачык айгинелейт. Ошентип «исмат», т.а. «күнөөсүздүк» сыпатына ээ болгон пайгамбарлар дагы Кудай Тааланын алдына кабыл алынышы үчүн жан дүйнөнү руханий өңүттөн өзгөчө эмдөөдөн өткөрүшкөн.

Алла Тааланын тандамал пенделери болгон пайгамбарлар дагы жүрөк дартынан арылуу үчүн өзүнчө эмдөөдөн өтүшкөн болсо, анда жөнөкөй бизге окшогон адамдар үчүн жүрөктүн миң бир түрлүү кара көөлөрүнөн арылуу зарылчылыгын сөз менен түшүндүрүү өтө оор. Ырас, кара көөгө чулганган жүрөк менен Улуу Жараткан Алла Таалага жакын пенде болуу мүмкүн эмес. Мурду жыт сезбеген адам жыпар аңкыган гүлзардын чок ортосунда турса дагы, андан эч кандай жыт ала албайт.

Ошондуктан жан дүйнөнүн руханий зиректигин жогорулатып, Кудайы хикмат-сырларды кабыл алууга жарамдуу абалга келиши үчүн ар түрлүү руханий ыпластыктардан арылып, ыймандын мөлтүр булагы менен арууланышы талап кылынат.

Алла Таала:

«Ал күнү мал-мүлк да, бала-бакыра да пайда бербейт. (Кыямат күнү) Алланын алдына таза жүрөк (аруу жан дүйнө) менен келгендер гана пайда табат» (Шуараа сүрөсү, 88-89-аяттар) дейт.

Жүрөктүн, жан дүйнөнүн мындай абалга келиши руханий тарбиянын алкагында арууланышына байланыштуу болот.

Деңиз түбүндө же жээктерде кумдун арасында бүдүрү жок жылмакай көк таштар болот. Алар көптөгөн жылдар бою толкундун элегинен өтүп ошондой абалга келген.

Бир грамм алтын алуу үчүн балким бир тонна топуракты электен өткөрүү зарылчылыгы бардыр. Кыскасы, ар бир жандуужансыз белгилүү бир электен, тарбиядан өткөндөн кийин гана баралына келет.

Анын сыңарындай, жүрөк да аятта айтылган «калбу салим»ге (таза, аруу жүрөккө) айланышы үчүн руханий тарбиядан өтүүгө зарылчылыгы күч.

Жан дүйнө руханий тарбияга чейин дат баскан темир сыяктуу болот. Темирди каалагандай калыпка салуу үчүн алгач отко кактап дат-кирлерин түшүргөн соң аны ээритүү кажет. Мына ушундан кийин гана аны каалаган калыпка салсак болот. Анын сыңарындай эле бардык талаптар жүзөгө ашырылмайын жан дүйнө да баралына келбейт. Жан дүйнө баралына келгенден кийин көзгө көрүнбөгөн жана акыл менен аңдоого мүмкүн болбогон руханий акыйкаттар ааламына сапарга чыгуу мүмкүнчүлүгү жаралат.

Маселен, катардагы жөнөкөй адамдын ден-соолугуна олуттуу залака тийгизе турган көнүгүүнү талыкпас машыгуунун натыйжасында спорттук адистикке жеткен спортсмен оңой-олтоң гана аткара алат. Бул жагдай денедеги күчтүн баарын бир нукка топтоону талап кылат. Жан дүйнөнү дагы ушул сыяктуу Жалгыз Жараткан Алланын зикири жана Алла Элчисинин сүйүүсү менен күчкө киргизип, баралына келтирүүгө болот.

Алла Таала аяттардын биринде:

إِنَّمَا الْمُؤْمِنُونَ الَّذِينَ إِذَا ذُكِرَ اللّٰهُ وَجِلَتْ قُلُوبُهُمْ وَإِذَا تُلِيَتْ
عَلَيْهِمْ آيَاتُهُ زَادَتْهُمْ إِيمَانًا وَعَلَى رَبِّهِمْ يَتَوَكَّلُونَ

**«Чыныгы момундар – булар Алла Таала эскерилген чакта жүрөгү титиреп өзүнчө опкоолжуган, Алла Тааланын аяттары окулган кезде ыиАманы курчуп, Жараткан Алланын Өзүнө гана таянып ишенген адамдар»** (Анфал сүрөсү, 2-аят) деис т.

Жан дүис нөнүн мына ушул абалга келиши үчүн адам баласы күнөөлөрдөн оолак болууга умтулуп, руханиис  жактан жогорулоого аракет кылышы кажет. Анткени руханиис  ыпластыктарга толо чиис ки жан дүис нө Алла Таала менен ылаис ыктуу түрдө баис ланышуусу мүмкүн эмес.

Баштапкы класста окуган окуучу жогорку окуу жаис да окутулган китептерди түшүнө албаис т. Себеби бул учурда анын акылы али ал даражага жете элек болот. Ал үчүн дагы белгилүү мөөнөт аралыгында алына турган илим талап кылынат. Анын сыңарындаис , жан дүис нөнүн дагы өзүнө таандык өзүнчө таалим-тарбиясы бар. Чиис ки рух дүис нө Алла Таалага барчу жолдун аяр өңүттөрүн аңдап сезе албаис т.

Адам баласынын Алланын алдына жарык жүз менен барышы жан дүис нөнүн арууулугуна баис ланыштуу болгондуктан аны баралына келтирүү үчүн өзүнчө руханиис тарбияга муктаждык бар. Бул тарбия «тасаввуф» деп аталат.

Кептин төркүнү жан дүис нөдө жатат. Бул багытта Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Алла Таала силердин сырткы келбетиңерди эмес, жүрөгүңөрдү (жан дүйнөңөрдү) карайт»* дейт (Муслим, Бирр, 33).

Мына ошондуктан ар бир иш ниетке, ниет жан дүйнөгө жараша болот. Мисалы, Алла Таалага ибадат кылуу жана адал жолдо кызмат кылуу үчүн тамактануу – бул өзүнчө ибадат болуп эсептелет. Бала-бакырасынын ырыскысын адал жол менен табууга аракет кылган адам таштаган ар бир кадамы үчүн сооп табат. Себеби бул жерде ниет жакшылык тарапта.

Кийим-кече маселесинде да кептин төркүнү ушул жерде жатат. Маселен, селде ороо бул Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтүнөн болуп саналат. Эгер селде кийген адам жан дүйнөсүн боорукерлик, мээримдүүлүк сыяктуу асыл сапаттар менен көрктөп, сүннөттүн өзөгү, ичи-тышы менен жуурулуша албаса, анда акыркы Пайгамбардын куттуу сүннөтүнөн толук пайдалана албашы бышык.

Ошондой эле хижаб маселеси, башкача айтканда, мусулман аялзатынын шариятка ылайык кийиниши да ушундай. Мусулман аялзаты сыртынан шариятка ылайык кийингендей эле, жан дүйнөсүн да шарияттын көөнөрбөс дөөлөттөрү менен көрктөшү кажет. Эгер сыртынан хижаб кийинип, бирок рух дүйнөсү жылаңач, ачка б.а. «сырты жалтырак, ичи калтырак» болсо, анда ал хижабдын көркү деле калбайт. Ошону менен бирге аялзаты аялдык милдеттерин жоготпошу зарыл. Себеби аялзатына үйдүн тазалыгы жана келечек муун аманат катары тапшырылган. Ошондуктан ар бир жагдайда руханий өңүт өзгөчө мааниге ээ. Кыскасы, адам баласынын ичи тышына, тышы ичине шайкеш келип турушу кажет.

Ошондой эле мечит салдыруу да өзүнчө чоң жакшылык. Бирок мечит салдырган адам руханий жактан жакыр болуп, элге көрүнүү үчүн «муну мен салдырдым» деген таризде өзүн жогору сезип бой көтөрсө, -Кудай сактасынанын бул чоң жакшылыгы ошол замат кичирейе түшөт. Себеби Жараткан Алла Таала «мен» деген адамды төмөндөтүп коет. Ал эми «бул сенин жакшылыгың, оо, Жараткан Алла!» деген адамды жогорулатат. Ошол үчүн иш-амалдын берекекуту жан дүйнөнүн тазалыгына жараша болот.

Мына ошондуктан ар бир ишти ибадатка айландыруу үчүн, ар бир ибадатты чын ыклас менен аткаруу үчүн жан дүйнөнүн тазалыгын, аруулугун талап кылган тасаввуфтун адам баласынын жашоосундагы маанилүүлүгүн эч качан жокко чыгарууга болбойт. Ибадаттардын бири-бирин толуктаган сырткы жана ички өңүтү бар. Жараткан Алла ыйык Куранда негизинен ибадаттардын сырткы шарттары жөнүндө маалымат бербейт. Алардын руханий өңүтүнө, б.а. ибадатты чын ыклас менен аткарууга басым жасайт. Ал эми ибадаттардын сырткы шарттарына байланышкан маалыматтарды Пайгамбарыбыздын сүннөтүнөн табабыз.

***

Ибадаттын сырткы шарттарын учурунда эки жүздүүлөрдүн башчысы Абдуллах бин Убай бин Салул дагы аткарган. Ал Набавий мечитине келип, акыркы Элчинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* аркасында намаз окуй турган. Башкача айтканда, ибадаттардын сырткы түзүлүшүн эки жүздүү адам деле аткара алат. Мына ушунун өзү жөн гана сырткы түзүлүшү орундалган чын ыклассыз ибадаттар Алла Тааланын алдында эч кандай мааниге ээ эместигин ачык-айкын айгинелеп турат. Ибадаттардын кабыл болушу анын ички жана тышкы биримдигине, айкалышына байланыштуу.

Ырас, Ислам дининин шарттарынан намазга, орозого, зекетке жана ажылыкка байланышкан аят-хадистерге назар салганыбызда бул жагдайды байкоо эч кандай деле кыйынчылыкка турбайт. Маселен, намаз ибадаты жөнүндөгү аяттардын биринде:

**«...Намаз бузукулуктан жана күнөөдөн оолак кармайт...»**

(Анкабут сүрөсү, 45-аят)деп буюрулат. Намаз окуган адам эгер жаман иштерден оолак боло албай жатса, анда ал намазын «хушуу», чын ыклас менен окубай жаткандыгын далилдеген болот.

Бул багытта Алла Таала:

**«Азап болсун, ошол намаз окугандарга! Анткени алар намаздарына маани беришпейт (намазды кайдыгер абалда чын ыклассыз окушат)...»** (Маауун сүрөсү, 4-5-аяттар) дейт. Дагы бир аятта:

**«Намазын хушуу менен окуган момун-мусулмандар ийгиликке жетишти...»** (Муминуун сүрөсү, 1-2-аяттар) деп буюрулат.

Аяттарда маалымдалгандай, ийгиликке жеткен момунмусулмандардын эң иридеги сапаттарынан бири дал ушул намазды хушуу, чын ыклас менен окуулары. Намаз толугу менен орундалышы үчүн сырткы жана ички бардык шарттары талап кылынат. Бир жерде жана бир учурда жанаша туруп намаз окуган эки адамдын намаздарынын ортосунда асман менен жердей айырма бар.

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Бир адам намаз окуйт. Бирок намазынын жарымы, же үчтөн бир бөлүгү, же төрттөн бири, же бештен, алтыдан, жетиден, сегизден же тогуздан бири, алтургай ондон бир бөлүгү гана өзүнө калат»* деген сөзү да намазда өзгөчө мааниге ээ болгон руханий абалга ишарат жасайт (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 321).

Жараткан Алла Таала Куранда момун-мусулмандардын сапаттарын тизмелеп жатып:

«Жана да алар намаздарын дайыма окушат» (Муминуун сүрөсү, 9-аят) дейт.

Мавляна Жалаладдин Руми бул аят жөнүндө сырткы маанисине кошумча:

«Алар намаздан кийин да намаздагы рухий абалдарынан жазбайт» деп сөзүн төмөнкүчө улайт:

«Бизди туура жолго баштаган, жаман иштерден оолак кармаган намаз күн сайын беш маал окулат. Ал эми олуя пенделер дайыма намазда (тургандай абалда) болушат. Себеби алардын жан дүйнөсүндөгү аруу сүйүү, көөдөнгө толгон Кудай Таалага бапестелген ошол улуу сүйүү беш маал намаз мындай турсун, беш жүз миң маал намазга да канааттанбайт»

Бир намаздын окулушу үчүн болжолдуу түрдө он-он беш мүнөт талап кылынат. Мына ушул 10-15 мүнөт аралыгындагы «хушуу» абалы намаздан кийин дагы жандуу сакталышы зарыл. Себеби ал сакталбаган чакта жан дүйнөнүн кайдыгерликке түшүү ыктымалы алдаканча жогорулайт. Ошондуктан мусулман адам намаздан сырткары дагы ар качан Жараткан Алланын көзөмөлүндө тургандыгын жадысынан чыгарбай, адал жолдо жүрүүгө күчүнүн жетишинче жанүрөшү кажет.

Кайдыгер адамдар намаздан сырткаркы убакыттар мындай турсун, намазда дагы жүрөгүнө ээ болуудан оолак болуп, Жаратткандын алдында тургандыктарын да унутуп койушат. Жазма булактардын биринде бул багытта төмөнкүчө окуя маалымдалат:

«Күндөрдүн биринде руханий тарбия алып жүргөн шакирттерден бири түнүчүндө мечитке келип намаз окуп жаткан эле. Бир кезде жамгыр жаай баштады. Намазда турган шакирттин ойу бөлүнүп, үйү эсине түштү. Дал ошол учурда ичинен бир үн:

«Эй, пенде! Окуп жаткан бул намазың менен биз үчүн эч нерсе кылганың жок! Анткени сен өзүңдөгү өзөктү (жан дүйнөңдү) үйүңө жөнөттүң. Бул жерде денең гана калды» деп эскертүү берген экен»

Куттуу хадистердин биринде:

*«Түнкү намазды окуган канчалаган адамдар бар. Алар окуган намаздарынан уйкудан ойгонгондон башка эч кандай насип ала алышпайт»* (Ахмед бин Ханбал, Муснад, 2, 373) делет.

Натыйжада сөз оролу келип-келип жан дүйнөнүн тазалыгына болгон муктаждыкка такалат.

Орозо ибадаты да намаз сыяктуу. Тагыраак айтканда, орозону да сырткы жана ички шарттарын эске алуу менен кармоо зарыл.

Орозо да адам баласын күнөөлөрдөн арылткан чоң ибадат. Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Кимде-ким орозонун береке-кутуна ишенип, сообун бир Алладан гана күтүп (үмүт кылып) Рамазан айында орозо кармаса, анда ал адамдын мурунку күнөөлөрү кечирилет»* дейт (Бухарий, Савм, 6).

Орозонун негизги максаты адамды ач калтыруу эмес. Жараткан Өзү:

«Эй, ыймандуулар! Силерден мурдагыларга (мурунку элдерге) буйрулгандай (парз кылынгандай) эле, силерге да *такыбаа болушуңар* үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо буйрулду (парз кылынды)» (Бакара сүрөсү, 183-аят) деп буйуруу менен орозонун негизги максаты – бул такыбаалык болгондугун маалымдайт.

Бул өңүттөн орозо ибадатында тек гана ашказандын эле эмес, бардык мүчөлөр менен бирге жүрөктүн дагы орозо кармашы талап кылынат. Жүрөк Жараткан Алла Таала тарабынан ыроолонгон жакшылыктардын кадырына жетип, орозонун руханий маанимаңызын сезип туйа билиши кажет.

Орозо ибадаты адам баласын мээримдүүлүккө, боорукерликке тарбиялаган өзүнчө руханий тарбия. Орозо кармаган адам мына ушундай асыл сапаттардан эч кандай насип алалбаса, анда ал орозонун сырткы шарттары менен гана чектелгендиги айкындалган болот. Ырас, орозо кармаган адамдын ушак-айың айтышы орозонун береке-кутун кетирет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Канчалаган орозо кармаган адамдар бар. Алар кармаган орозолорунан ачка болуп, сууга чаңкагандан башка эч кандай сооп табышпайт»* дейт (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 2, 373).

Бул хадис дагы орозо ибадаты жан дүйнөнүн аруулугун, ыкластын тазалыгын талап кылаарын маалымдоодо.

Мусулман адамдын боорукерлигин айгинелеген зекет ибадатында дагы жүрөктүн зиректиги, жан дүйнөнүн тунуктугу өзгөчө мааниге ээ.

Жараткан Алла аяттардын биринде:

«Алардын байлыгында тилемчи (муктаждыгын билдире алган кедей) жана (ыйбалуулугунан улам жөн-жайын, ал-абалын уялып билдире албаган муктаж) адамдар үчүн акы-үлүш бар» (Зарият сүрөсү, 19-аят) деп буюрат.

Чыныгы мусулман адам мал-мүлкүнүн зекетин берүү учурунда өзүнүн мал-мүлкүн эмес, муктаж кедей-кембагалдардын өз малмүлкүн кайтарып жаткандай эч ич оорутпастан чын дилден берүү менен зекеттин береке-кутун, сообун тапкан болот. Анткени зекет алган адам берген адамга парз ибадатын, б.а. мойнундагы милдетин аткарышына жардам берет. Ошондой эле ал адамдын бөөдө кырсык-балээлерден оолак болушуна, акыреттик бакытка жетишине себепкер болот.

Мусулман адам *«Шек-күмөнсүз, берилген кайыр-садага муктаж адамдын колуна өткөнгө чейин Алла Тааланын колуна өтөт»* (Табараний, Муужамул-кабиир, 9, 109) деген куттуу хадистин сырын түшүнүү менен аракет кылат. Бул дагы зекет ибадатынын адам баласынын баралына келишине кошкон зор салымы.

Учурунда кедей-кембагалдарга улууларыбыз кайыр-садаганы атайын баштыкчаларга тыкан ороп, жылуу мамиле жасап этияттык менен бере турган. Кайыр-садага алгач Аллага, андан кийин муктаж адамдарга жетет. Бул жагдай Ислам динин кылдат карманууну мыйзам ченемдүү көрүнүшү.

Алла Таала: «Кайыр-садагаларды Алла алат...» (Тооба сүрөсү, 104-аят) деп буюруу менен кайыр-садага берүүнүн адеп-тартибине ишарат жасайт.

Ал эми кайыр-садаганы милдет кылып адамды ирээнжитүү менен берүү кайыр-садаганын сообун жоготуу дегенди түшүндүрөт. Ислам дини мусулман баласын оройлуктан, наадандыктан жана кайдыгерликтен оолак болууга чакырат. Ошондой эле эл менен жылуу мамиледе болууга, ар бир таштаган кадамына кылдат, аяр мамиле жасоого, боорукерликке жана мээримдүүлүккө үндөйт. Бул нерселер жан дүйнөнүн даражасына байланыштуу.

Ажылык ибадатында жан дүйнөнүн ийге келиши дагы да өзгөчө байкалат. Ажылык ибадатынын сырткы шарттарын, б.а. ихрам, таваф, Арафатта туруу, курмандык чалуу, Муздалифага баруу сыяктуу шарттарын эске алганыбызда, ал көбүнесе материалдуулукка басым жасалгандай көрүнөт. Ырасында булар ажылыктын болгону сырткы көрүнүшү гана. Ажылыктын ички руханий өңүтүнө назар салганыбызда, бул ибадат кыямат күнүн, махшар майданын, чоң суракты эстөөгө, өткөн өмүрдүн эсеп-кысабына багытталганын байкасак болот.

Момун-мусулмандар мечитте мансап-бийлигине, кедейбайлыгына карабастан бир сапта жанаша намаз окушат. Бул учурда кийген кийимине назар салуу менен алардын социалдык абалын азыноолак байкоого болот. Ал эми ажылык ибадатында адамдардын социалдык абалына байкоо жүргүзүү мүмкүн эмес. Миллиондогон адамдар кепин сыяктуу аппак кездемеге оронуп, дүйнөлүк мансап-бийлик, мал-мүлк, байлык сыяктуу

айырмачылыктардан оолак болуп, жалгыз Жаратканга жалбарып жалынышат. Ажылар руханий өңүттөн өтө аяр сезимдерге кез келет. Ихрамда турган чакта жөн учурларда шариятта уруксат берилген кээ бир жагдайларга дагы тыйуу салынат. Маселен, чөп жулуу, аңчылык кылуу сыяктуу. Ошондой эле ажылык ибадатында жөнү жок сөздөргө, пайдасыз иштерге да тыйуу салынып, жан дүйнөнү колдон келишинче көркүнө чыгарып арулоого багытталат.

Курмандык ибадатынын да эки тарабы бар. Мал-жандыкты сойуу курмандыктын сырткы шарты болсо, жан дүйнөнүн аруулугу, ниеттин тазалыгы ички өңүтү болуп эсептелет. Аяттардын биринде төмөнкүчө буюрулат:

لَن يَنَالَ اللَّهَ لُحُومُهَا وَلَا دِمَاؤُهَا وَلَكِنْ يَنَالُهُ التَّقْوٰى مِنْكُمْ

**«Ырасында алардын эти да, каны да Аллага жетпейт (кереги жок). Ага силердин такыбаалыгыңар (жүрөгүңөрдүн аруулугу, ниетиңердин түздүгү) жетет»** (Хаж сүрөсү, 37-аят)

Бул аяттан байкалгандай, курмандык ибадатында да ниеттин тунуктугу, ыкластын аруулугу өзгөчө мааниге ээ. «Курмандык чалбасам, эл эмне дейт?», «Негедир туугандар мени сараң деп ойлойт окшойт. Буларга көрүнүп койбосом болбой калды көрүнөт» деген жана башка ушул сыяктуу ниеттер менен курмандык чалган адам Жараткан Алланын ыраазылыгына ээ болушу мүмкүн эмес. Ниет жалгыз Жараткан Кудай Таалага гана жакындоого, Анын ыраазылыгын табууга гана багытталышы кажет.

Азирети Адам атанын уулдары Кабыл менен Абылдын Жараткан Аллага атаган курмандыктары буга эң сонун үлгү боло алат. Окуяда Кабыл курмандыктан эптеп кутулуу үчүн курмандык чалгандыгы себептүү анын курмандыгы Жараткан тарабынан кабыл алынбагандыгы, ал эми Абылдын ниети Жалгыз Алланын ыраазылыгы үчүн гана болгондуктан анын курмандыгы кабыл алынгандыгы маалымдалат.

Бул окуя жөнүндө Куранда:

«Адамдын эки уулунун курмандыктары тууралуу чындык баянды айтып бер: Алардын биринин курмандыгы (Алла тарабынан) кабыл кылынды да, экинчисиники кабыл кылынган жок. Ошондо ал (Кабыл ичи күйүп, ызаланып): “Мен сени сөзсүз өлтүрөм!” – деди. Ал эми (Абыл): “Чындыгында, Алла Таала такыбалардан гана кабыл кылат!” – деди» (Маида сүрөсү, 27-аят) деп буюрулат.

***

Жогоруда маалымдалгандай, ибадаттардын кабыл болушу жүрөктүн зиректигине, жан дүйнөнүн баралына жараша болот. Ошондуктан баарыдан мурда руханий тарбиядан өтүп, жан дүйнөнү тазалоо аркылуу аны көркүнө чыгаруу зарылчылыгы күч.

Мунун маанисин жакшы түшүнүп алуу абзел. Себеби ибадатты чын ыкластан жан дил менен аткара албай калуу убайымы себептүү, ошондой эле көрсөтмөлүүлүктүн коркунучунан улам -кемчилиги болсо дагыаткарылып жүргөн ибадаттарды таштап салуу эч качан туура кадам болуп эсептелбейт. Ибадаттарды колдон келишинче чын ыкластан баралына келтире аткарууга жанүрөө кажет. Анткени руханий жол көптөгөн эрдиктерди, машакат-кыйынчылыктарды талап кылат. Напсинин сан түркүн азгырыктарына каршы бекем туруу талап кылынат. Ийгиликке көз ирмемде оңой-олтоң гана дароо жетүүгө мүмкүн эмес. Анүчүн талыкпас эмгек, кажыбас кайрат, олуттуу аракет кажет. Хушуу – бул руханий жолдогу туу чоку. Туу чокуга улам бирден кадам шилтеп, тайып кетпей акырындык менен чыгуу абзел. Бул жолдо адамдык эрк-каалоону колдонуп, Жараткан Алладан жардам суроо зарыл.

Ибадат-амалдардын таризи жан дүйнөнүн багытына байланыштуу болгондуктан рух дүйнөгө адал жолдун азыгын тартуулоо аркылуу аны баралына келтирүүнү көздөгөн тасаввуфтун зарылчылыгы айдан ачык. Бул жагынан улуу Ислам динин супсак эрежемыйзамдардын топтому катары гана кабыл алуу жана аны ушул таризде элге жеткирүү максатын көздөгөн айрым чөйрөлөрдүн тасаввуфту четке кагуулары орунсуз болгондугу ырас.

Каталар, жаңылыштыктар, кемчиликтер жана орунсуз таңуулоолор ар бир тармакта болгондой эле, диний илимдерде да болушу толук ыктымал. Андыктан айрым бир кемчилик-каталарды -атайын билип турупИслам дининин руханий өңүтү саналган тасаввуфка таңуулап, аны четке кагуу – бул адамдык кемчиликтерди Ислам динине таңуулоо дегенди туюнтат. Башкача айтканда, жеңил-желпи кызыкчылыктар үчүн тасаввуфту жамынган кимдир бирөөлөрдүн кесепетинен улам Жараткандын адал жолунда жандуулугун кылымдардан бери сактап келе жаткан акыйкат тасаввуфту четке кагуунун эч кандай логикалык түшүндүрмөсү жок. Бул жагдай «медицина илимин туура эмес максатта колдонгон адамдар бар экен» деп, андан колдон келишинче оолак болууга аракет кылууга окшош. Мындай түшүнүк наадандыктын, караңгылыктын талабы болуп эсептелет.

Тасаввуф менен жашаганын ойлогон кээ бир адамдардын же койдун терисине жамынган карышкырдын элесин берген айрым ниети бузук адамдардын иш-аракетине назар салуу менен тасаввуфту аңдап-түшүнүү эч мүмкүн эмес. Себеби тасаввуф ар бир эле адамдын колунан келе бербегендиктен ага жөндөм-шыгы жок адамдардын кыймыл-аракеттеринен алынган натыйжа менен кептин төркүнүнүн ортосундагы айырмага логикалык өңүттөн назар салганыбызда, баары айдан ачык көрүнөт.

Тасаввуфту орой, серт көз карашка таңуулоо да мүмкүн эмес. Анткени тасаввуф адам баласынын жан дүйнөсүнө багытталган өзүнчө илим болуп, анын негизин «жалгыз Жараткан Аллага бапестелген эң улуу, эң бир аруу сүйүү» түзөт. Бул сүйүүдөн насиби жок адамдарга ал жөнүндө канча ирет маалымат берилсе да, пайда бербейт. Муну тубаса сокур адамга өң-түс жөнүндө маалымат берүүгө салыштырсак болот.

Адам баласы өзүнүн жан дүйнөсү жөнүндө ойлонуудан канчалык алыстаса, ошончолук оомо болууга, бирөөнү тууроого мажбур болот. Ичиндеги руханий ааламга кире албаган, аны таанybаган адам айлана-чөйрөсүндөгү адамдардын жасаганын жасайт.

Жараткан Алланын ыраазылыгы жан дүйнөнү мал-мүлк, атакдаңк, байлык-бийлик деген бийик ашуулардан «кылт» эттирбей өткөрүүгө умтулуунун өзүндө катылуу.

***

Тасаввуф ырасында адам баласынын илими. Сырткы дүйнөдөн чыгып, өзүнүн рух дүйнөсүнө сапар салган адам хикматдаанышмандуулуктун каалгасына туш келет. Ыйык Куранды түшүнгөн, аны чыныгы ыйман жолу катары билип жашагандар – булар чыныгы мутасаввыф-олуялар болуп эсептелет. Мутасаввыф – бул өзү жашаган коомдун диний абалына карата жалгыз Жараткан Алланын алдында өзүн жооптуу деп билген адам.

Коомчулукта диний жашоонун жандуулугунун сакталышында, Ислам динин келечек урпактарга өткөрүп берүүдө, Ислам динин жайылтууда дал ушул олуя пенделердин кошкон салымы, өтөгөн ак кызматы өтө зор.

Өткөн кылымдын атактуу Ислам аалымдарынан Мухаммад Хамидуллах мындай дейт:

«Менин багытым акылга басымдуулук кыла турган. Укуктук жактан окуган билимим мени канааттандыра албай турган аныктама-далилдерди четке кагуума себеп

болду. Албетте, мен намаз, орозо ж.б. диний озуйпаларымды тасаввуфтук себептер менен эмес, укуктук себептер менен аткараар элем. Өзүмө-өзүм:

«Алла Таала менин Жаратуучум, Кожоюнум. Ал мени буларды аткарууга милдеттендирген. Ошондуктан аткарышым керек. Ошону менен бирге укук-акы менен озуйпа бири-бирине байланыштуу. Алла Таала буларды менин пайдам үчүн мага буйруган. Андыктан мен Ага шүгүр келтирүүгө милдеттүүмүн» дейм.

Батыш коомчулугунда, т.а. Парижде жашаганымдан бери христиандардын Ислам динин кабыл алышына, аларды Ислам динине багыттаган нерсе укукчу аалымдардын көз караштары эмес, Ибн Араби, Мавляна сыяктуу суфий-олуялардын пикирлери болгондугу мени таң калдырды. Буга өз тажрыйбамда күбө болдум. Ислам динине байланышкан тигил же бул маселе жөнүндө менден маалымат сурап келген адамдарды менин жоопторум канааттандырбаган учурлар болду. Бул багытта таасирим улам барган сайын азайа берди. Эми ишенемин, Хулагунун жер менен жексен кылган кыргынынан кийин Газан хандын учурундагыдай, бүгүн Европада жана Африкада Исламга кызмат кыла турган нерсе кылыч да, акыл да эмес. Ал болгону жүрөк, б.а. тасаввуф гана.

Мына ушул өз башыман өткөргөн тажрыйбадан кийин тасаввуф багытында жазылган китептерди аңтарып иликтей баштадым. Бул китептер жан дүйнөмдүн көзүн ачты. Азирети Пайгамбарыбыздын доорундагы тасаввуф жана улуу Ислам суфийлеринин жолу сөздөр менен алек болуу да, маанисиз нерселер менен шугулдануу да эмес экендигин, адам менен Алла Тааланын ортосундагы эң кыска жол болгондугун, адамдык асыл сапаттарды өөрчүтүүгө багытталган жол экендигин түшүндүм.

Адам баласы өзүнө жүктөлгөн озуйпалардын себептерин издейт. Руханий өңүттөгү материалдык түшүндүрмөлөр бизди негизги өзөк максаттан алыстатат. Адамды руханий түшүндүрмөлөр гана канааттандырат».

Ырасында Ыйык Курандын жана сүннөттүн негизиндеги чыныгы тасаввуфту четке кагууга аракет кылуу мөмөлүү даракты таш бараңга алгандай эле кеп. Арийне, мунун жоопкерчилиги өтө оор.

Мавляна Жалаладдин Руми:

«Эгер мурдуң жыт сезбесе, кемчиликти гүлдөн издебе!» дейт.

Тасаввуфтун дагы бир өзгөчөлүгү – бул анын ыкмасы, усулу. Тасаввуфтун ыкмасы «сүйүү, боорукерлик» деген түшүнүктөр менен аныкталат. Бүгүнкү күнү көп адамдар динден алыстоонун жолуна түшүп, руханий жактан өтө жакыр абалга кириптер болуп калгандыктан жан дүйнөсүн канааттандыруу үчүн бузукулуктун ар кандай түрүн ойлоп таап келишет. Ошентсе да, бул нерселер адамдын табигый асыл касиеттерине кайчы келгендиктен алардын жан дүйнөлөрү жакыр бойдон калууда. Буларды адал жолго чакыруу үчүн эң алгач улуу Ислам дининин «кечиримдүүлүк, мээримдүүлүк жана боорукерлик» деген түшүнүктөрүн жеткизүү алдаканча оңтойлуу жана оңой болгондугун эч ким четке кага албайт. Бул өңүттөн, бүгүнкү күн тасаввуфтук усул-эрежелерге зарыгуунун, чаңкоонун күнү десек жаңылышпайбыз. Себеби «кечиримдүүлүктүн, сүйүүнүн жана боорукерликтин» жолу өлкөбүздө да, батыш ааламында да руханий жактан албан ийгиликтерди багындырууга абдан ылайыктуу ыкма болгондугун учур өзү тастыктоодо. Акылдын жана напсинин туткунунда жаткан жан дүйнөлөргө «жаза, тозок, азап» сыяктуу түшүнүктөр менен жакындоонун ордуна «боорукерлик, мээримдүүлүк» деген ыкма менен бет алуу ар дайым алдаканча берекелүү ыкма бойдон кала бермекчи.

Бул жагынан адамдардын көпчүлүгү оор күнөөлөрдүн курмандыгына айланууларына негизинен «мээримсиздик» ыкмасы себепкер болгондугун ылайык көргөн

тасаввуф усулдук эрежелери өңүтүнөн учурубузда Ислам динин жайылтууда эң берекелүү жол. Анткени адамдар дайыма Абдулкадир Гайланий, Бахауддин Накшибанд жана Мавляна сыяктуу Алланын сүйүктүү пенделеринин «сүйүүгө, боорукерликке» багытталган жолун самашат.

*Тасаввуф – бул так илимдерди пайдалануу аркылуу руханий ааламда мүмкүнчүлүккө жараша илгерилөөгө умтулуу.*

## Ж. ТАСАВВУФТУН БАШКА ИЛИМДЕР МЕНЕН БОЛГОН БАЙЛАНЫШЫ

Адам баласынын табиятындагы бир нерсени иликтеп көрүү өзгөчөлүгүнүн табигый талабы катары пайда болгон илимдер ар бири өз тармагындагы акыйкаттарга таандык эреже-мыйзамдарды изилдейт. Алар изилдөө учурунда өздөрү алек болгон тармакты алда канча жалпы перспектива менен жана «хикмат-даанышмандуулук» өңүтүнөн назар салган тасаввуф менен бир топ ортоктош жагдайларга туш болушат. Бул жагдай жеке диний илимдерге гана эмес, ошондой эле ааламдын физикалык өзгөчөлүктөрүн иликтеген так илимдерге, белгилүү мерчемдерде философияга да таандык. Тасаввуфтун башка илимдер менен болгон байланышын кыскача беш категорияга бөлсөк болот.

**1. Тасаввуф жана Исламий илимдер**

Ислам дининин максаты адам баласына Жаратуучусун таанытуу, Анын алдындагы озуйпа-милдеттерин маалымдоо жана ошондой эле адамдар аралык мамилелерди Жараткан Алланын мыйзамынын чегинде жөнгө салуу болуп эсептелет. Ал эми тасаввуф мусулман адамды мына ушул жагдайлардын бардыгын толук кандуу түрдө жүзөгө ашырууга арка-жөлөк болуп, руханий жактан баралына келтирүүнү көздөйт. Ал Ислам дининин сырткы өкүмдөрүнө руханий шарттарды түзүп, ошол өкүмдөрдүн талаптарын мусулман баласынын жан дили менен толук аткарышына көмөкчү болууну максат кылат. Бул өңүттөн тасаввуфтун башка Исламий илимдер менен камыр-жумур байланышта болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

**а. Тасаввуф жана калам**

Калам илиминин тематикасы эң ириде Алла Тааланын заты жана ысым-сыпаттарына, Анын жалгыздыгына багытталат. Ишенимге байланыштуу болгондуктан Исламий илимдердин эң негизгилеринен болуп эсептелет. Калам илиминин дагы бир максаты акыйкатты тастыктап, жалганды четке кагууну көздөйт. Бул жагынан Ислам динине карата айтылган сын пикирлерге, каршы көз караштарга жооп берип, Исламдын акыйкат дин болгондугун далилдеп берүү да анын негизги максаттарына кирет.

Ал эми тасаввуфтун максаты – бул марифатуллах, б.а., ар түрлүү кемчиликтерден оолак болгон Жараткан Алла Тааланы жүрөк менен таануу, Ага жан дил менен моюн сунуу.

Калам илими Ислам дининин ишеним өңүтүнө байланышкан маселелерди ыйык Курандын жана сүннөттүн негизинде акыл менен талдап, чечмелөөгө аракет кылат. Бул жагынан калам илими боюнча аалым адамдар канчалыгы менен философторго окшоштурулса да, акылды Куран менен сүннөттөн көз карандысыз деп кабылдабагандыктан, аны шарияттын негизинде колдонушат. Бирок жаратылган нерседен жаратуучуга карай кеткен аң-сезимдин чыйырында илгерилеген акыл адам баласын

акыйкатка алпарууда жалгыз өзү жетиштүү эмес. Бул багытта ага жан дүйнөнүн аркажөлөк болушу талап кылынат.

Тасаввуф мына ушул акылдын күчү келбей калган жерде жан дүйнөнү арка-жөлөк кылып, Жаратkандын адал жолунда улуу сапарын улай берет. Мындай маселелерди Куранга жана сүннөткө ылайык руханий белгилер менен жөнгө салууга аракет кылат.

Ошентип адам баласынын жан дүйнөсүнүн талаптарына толук жооп берген болот.

Жан дүйнөнүн талаптарын калам илиминин аалымдары оң көз караш менен кабылдашат. Бул жагынан жогоруда белгиленгендей, калам илиминин аалымдарын акылды жогору койгон философтор сыяктуу кабыл алуу дурус эмес. Аныгында алардын арасында да тасаввуфтук пикирлерди тастыктап, ошого жараша өмүр сүргөн бир топ аалымдар бар.

Ошону менен бирге акыл материалдык дүйнө менен гана чектелет. Ал окшоштуктардын же карама-каршылыктардын негизинде акыйкатка жетүүгө аракет жасайт. Ал эми мындай материалдуулуктан тышкаркы метафизикалык[34] акыйкаттарды акыл менен аңдоо мүмкүн эмес. Мына ошондуктан акыл адам баласынын акыйкатка жетүү ышкысын белгилүү мерчемге чейин канааттандырышы мүмкүн. Бул ышкыны толук кандуу канааттандыруу үчүн акыл түгөнгөн жерден тарта жүрөккө, жан дүйнөнүн үнүнө кулак салуу абзел. Тасаввуф адам баласына мына ушул акыл токтогон жерде гана калып калбай, андан ары дагы илгерилөө мүмкүнчүлүгүн түзүп берет. Бул, «зикруллах» (Жалгыз Жаратkан Алланы зикир кылуу, даңазалоо) менен жан дүйнөнү руханий белгилерге ылайыктуу абалга алып келүү аркылуу жүзөгө ашат. Ошондуктан тасаввуф калам илиминин тематикасына байланышкан бардык тармактарда акылдын жетишсиздигин толуктап, бул илимди адам баласын канааттандыра турган абалга жеткирет.

***

Тасаввуф калам илими тарабынан жалпыга сунулган акыйкаттарды -ар адамдын аңдоо шыгы ар кандай болгондуктанэң акылдуу адамдын дагы аң-сезимин жана жан дүйнөсүн канааттандыра турган деңгээлге алып келет. Адамдын ишенимин бекемдеп, Жаратkан Алланын барлыгы жана жалгыздыгы багытында аны толук кандуу канааттандыра турган маалыматка ээ кылат.

Бул багытта калам жана тафсир илимдери боюнча атагы чыккан аалым Фахруддин ар-Раази мындай дейт:

«Калам илиминин метод-ыкмалары акыйкатка жетүү үчүн кемчиликтүү болсо да, тасаввуфка өтүүнүн алгачкы өзгөчө маанилүү кадамдары болуп эсептелет. Руханий жактан бышып жетилүү үчүн адамдын сырткы жашоосуна байланышкан шарият илимдеринен окуялардын акыйкатын билүүгө багытталган руханий илимдерди алуу зарыл»[35]

**б. Тасаввуф жана тафсир**

Тафсир илими адам баласы үчүн өчпөс чырак, баа жеткис байлык катары тартууланган ыйык Курандын маани-маңызын жалпы журтчулукка ачып берүүгө багытталган илим. Тафсир илими бул жагы менен адам баласынын жан дүйнөсүн аруулап, баралына келтирүүнү көздөгөн тасаввуфка сураган дары-дармектерин берген өзүнчө «дарыканалык» кызматын аткарат. Себеби тасаввуф илими өзүнө тиешелүү усул-эрежелерди белгилөөдө эң биринчи булак катары ыйык Куранга кайрылат.

Ыйык Куран өмүрдүн ар өңүтүндө адам баласынан Алла Таалага карата өзүн жоопту деп билүүсүн, ибадаттарын «хушуу» сезими менен аткаруусун, Жаратканды даңазалап, дайыма Анын көзөмөлүндө тургандыгын эстен чыгарбоо керектигин талап кылуу менен аны Жаратkан Алланын ыраазылыгына жеткирүүнү көздөйт. Бул жагдай тасаввуф илиминин негизги тематикасы болуп, ага өзгөчө басым жасайт.

Алла Тааланы жүрөк менен таанып, Ага жан дил менен ибадат кылууну негизги максат катары кабылдаган тасаввуфтун жолоочулары Кудай Тааланын ыраазылыгына алпара турган жол катары ыйык Курандын жолун кабыл алып, аны өмүрлөрүнүн тирегине айландырышкан. Алар маани-маңызы жагынан чалкыган мухитокеандын мисалын берген Куран аяттарын аңдап түшүнүү үчүн жан дүйнөнүн тазалыгы талап кылынаарын жакшы түшүнүшкөн.

Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кулкмүнөзү ыйык Курандан бүткөндүктөн адамдык асыл сапаттарга ээ болууну көздөгөн Алланын сүйүктүү пенделери ар бир кадамын ошол теңдешсиз үлгүнүн негизинде, Жараткандын сөзүнө (б.а. Куранга) ылайык таризде таштоого жанүрөп, «жандуу Куран» болуунун (б.а. Ыйык Куран менен жуурулуша жашоонун) аракетин көрүшкөн.

***

Тасаввуф жолундагылардын негизги булагы Ыйык Куран болгондуктан мутасаввыф-аалымдар дагы тафсир илимине зор салымдарын кошушкан. Аяттардын каймана (ишарий) маанилерин чыгаруу менен бул илимдин кеңейишине, өөрчүп-өсүшүнө көмөк көрсөтүшкөн. Бул өңүтү менен тасаввуф илиминин аалымдары учу-кыйыры көзгө илешпес мухит сымал Куран аяттарындагы терең маанилерди алып чыгууга аракет кылуу менен мунун маанилүүлүгүнө өзгөчө басым жасашкан. Бул багытта Жараткан Кудуреттин сөзүнүн маани-маңызына адам баласынын чектелүү сөздөрү менен чекит койуу туура эмес. Бул жерде эскерте кетчү жагдай, аяттардын каймана маанилери ой-келди чыгарылбаганын билип койуубуз абзел. Себеби каймана маанилерди чыгарууда белгилүү эрежелер эске алынган. Аларды төмөнкүчө тизмелөөгө болот:

1. Каймана маанинин түз мааниге карама-каршы келбөө зарылчылыгы
2. Чыгарылган маанинин ыйык Куранга жана Сүннөткө дал келүү зарылчылыгы
3. Кептин баш-аягынын бири-бирине төп келүү зарылчылыгы

Курандын каймана маанисине карата жазылган тафсир китептерге мисал катары

Абу Абдуррахман Суламийдин «Хакикатут-Тафсир», Кушайрийдин «Латааифул-ишаараат» жана Исмаил Хаккынын «РухулБайаан» аттуу эмгектерин көрсөтүүгө болот. Ошону менен бирге Мавляна Жалаладдин Руми, Ибн Араби сыяктуу тасаввуф аалымдарынын эмгектеринде да бир топ аяттардын каймана маанисине карата түшүндүрмөлөр берилген.

Ыйык Куранга кайсыл өңүттөн маани берилсе да, андан чыккан маанилердин бардыгы Алла Тааланын «калам» (сүйлөө) сыпатына айланышы мүмкүн эмес. Алла Тааланын затын жана сыпаттарын толук аңдоо канчалык мүмкүн эмес болсо, ыйык Куранды да толук маани-маңызы менен аңдап-түшүнүү ошондой эле мүмкүн эмес. Ушул күнгө чейин Курандан чыгарылган маанилер учу-кыйырсыз мухиттен бир тамчы суунун мисалын гана берет. Төмөндөгү аяттар буга ачык-айкын түрдө далил боло алат:

«Айткын: Эгер Жараткандын сөздөрүн жазуу үчүн бардык деңиз сыяга айланса, ага дагы ошончону кошсок, чындыгында Жараткандын сөзү түгөнгөндөн мурда деңиздер түгөнмөк!» (Кахф сүрөсү, 109-аят)

«Эгерде жер бетиндеги бак-дарактын баарысы калем болуп, ал эми деңизге дагы жети деңиз кошулуп бардыгы сыяга айланса, Алланын сөздөрү түгөнбөйт. Акыйкатта Алла Таала – Улуу, Даанышман!» (Лукман сүрөсү, 27-аят).

Жараткан Алла өзүнүн сөзүнүн маани-маңызын адам баласынын сөздөрүнөн жогору кылып, алардын чексиздигин айтып, алардан терең насип-үлүш алууларын каалайт.

Курандын бул өзгөчөлүгү жөнүндө ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«...Курандын ар качан чыга берчү «бадиий» (мурда ачылбаган) маанилери түгөнбөйт...»* деген (Тирмизий, Фазаилул-Куран, 14).

Мавляна олуя да бул жаатта мындай дейт:

«Ыйык Курандын сырткы ариптерин бир кутуча сыя менен жазуу мүмкүн. Ал эми анын камтыган маанилерин, сырларын жеткирүү үчүн чалкыган деңиздер сыяга айланып, жер бетиндеги бак-дарактын баарысы калем болсо да, булар жетишсиз»

Жогоруда келтирилген аят-хадистер ыйык Курандын ааламдагы бардык акыйкаттардын топтому болгондугун айгинелейт. Себеби Куранда мындай акыйкат маалыматтардын бардыгы кайманa маанисиз, ачык болгондо, анда анын көлөмү чексиздикти талап кылмак. Ошондуктан андагы кээ бир акыйкаттар ачык-айкын түрдө, ал эми көпчүлүгү каймана иретинде орун алат. Мындай миң бир сырлуу акыйкаттарды таап, алып чыгуу илим дүйнөсүндө, Курандын тили менен айтканда, «русуух» даражасына жеткен, б.а. бул багытта аяр маселелерди ийне-жибине чейин жетик аңдай ала турган адамдардын гана колунан келет.

Бул максатта тафсир усулуна карата жазылган китептерде тафсир аалымдарынан талап кылынган илимдердин арасында Алла Тааланын белгилүү тандамал кулдарына ыроолонгон «вахбий илими» да орун алат. Бул илимди Алла Тааланын алдында такыбаа, жандуу-жансыздарга боорукер болуу, дүнүйөнү жүрөктөн сырткары кармоо жана напсиге каршы олуттуу күрөш жүргүзүү менен гана алууга болот. Ырас, *«Билген нерсеси менен амал кылган адамга Алла Таала билбегенин үйрөтөт»* (Абу Нуайм, Хилйа, 10, 15) деген куттуу хадис ушул маселеге ишарат жасайт.

Демек, Алла Тааланын аяттарын түшүнүүгө тоскоол болгон текеберлик, менменсинүүчүлүк, кек сактоочулук, бой көтөрүүчүлүк сыяктуу рухий илдеттер тасаввуфтук тарбия менен эмделбеген чакта Курандын купуя сырларынан насип алуу мүмкүн эмес.

«Дүйнөдө орунсуз бой көтөрүп текеберленгендер үчүн аяттарымды ылайыгы менен аңдап-түшүнүүлөрүнө тоскоолдук жаратам» (Аараф сүрөсү, 146) деген аят буга ачык-айкын түрдө басым жасайт.

Демек, руханий тарбиясыз, жан дүйнөнүн тазалыгы болбой, Курандын, ааламдын жана адам баласынын купуя сырларынан үлүш алуу мүмкүн эмес.

**в. Тасаввуф жана хадис**

Хадис илими – бул азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын сөзүнө, иш-аракеттерине, жүрүмтурумуна жана адамдык асыл сапаттарына байланышкан жагдайларды изилдеген илим.

Исламий башка илимдер сыяктуу эле тасаввуф илими да ыйык Курандан кийин экинчи булак катары хадис илимин кабылдайт. Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр таржымалын өтөсүнө чыгара иликтеген хадис илиминин тасаввуфтун өнүгүп өөрчүшүнө опол тоодой салымы бар. Муну оңой-олтоң гана байкоого болот. Себеби чын ыклас, «ихсан», кичи пейилдик, сабырдуулук, шүгүрчүлүк, тобокелдик сыяктуу жан дүйнөгө, адамдык асыл касиеттерге байланышкан хадистер тасаввуф жолундагылардын аң-түшүнүктөрүнүн негизин түзөт. Тасаввуф менен тыгыз байланышта болгон мына ушул сыяктуу темаларда азирети Пайгамбарыбыздын руханий жашоосуна тиешелүү сөздөрү, кыймыл-аракеттери тасаввуф менен хадис илимин бири-биринен бөлүнгүс абалга алып келет.

Тасаввуфтун тафсир илими менен болгон байланышында белгиленгендей, Жараткан Аллага жакын пенде болууну, Анын ыраазылыгын табууну негизги максат катары кабылдаган тасаввуфтун жолоочулары жалгыз Жаратканга бапестелген сүйүү акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* баскан изи менен жүрүү аркылуу далилденээрин жакшы билишкендиктен ар бир ишти анын куттуу сүннөт жолу менен бүтүрүүгө жанүрөө аркылуу өрнөктүү өмүр кенчтен күчтөрүнүн жетишинче насип ала алышкан.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын жолунан жүрүү ага бапестелген сүйүүгө жараша болот. Ыйык Куранда азирети Пайгамбарыбызга моюн сунуунун, аны сүйүүнүн зарылчылыгына байланышкан көптөгөн аяттар бар. Бул сүйүүнүн жана моюн сунуунун таризине карата берилген маалыматтарды хадис китептеринен, акыркы Пайгамбардын өмүр таржымалы тууралуу жазылган эмгектерден алууга болот.

Ибадат, адеп-ахлак жаатында болобу, күнүмдүк турмуштагы мамилелер жаатындабы, айтор, руханий байлыгы, зиректиги, кыраакылыгы, боорукерлиги жана кичи пейилдиги жагынан акыркы Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)* эч кимге камчы салдырбайт. Хадис жана Пайгамбарыбыздын өмүр таржымалы жөнүндө жазылган китептерден мунун мисалдарын арбын кездештире алабыз.

Ырас, анын сөздөрү, кыймыл-аракеттери ийне-жибине чейин иликтелип, кутман сахабалар аркылуу бизге чейин жетип олтурат. Аалымдардын, такыбаа момундардын жана аалым-олуялардын изги жүрүм-турумдары, ырасында, Пайгамбарыбыздын көөнөрбөс өмүр кенчи, куттуу сүннөт жолу менен жуурулуша жашоонун өзүнчө мисалы болуп эсептелет. Алла Таала акыркы Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* адам баласына теңдешсиз үлгүлүү инсан катары тартуулагандыктан аны -мүмкүнчүлүктүн чегиндесүйүп, сүннөт жолунан жүрүү ар бир мусулман баласынын парзы да, карызы. Алибетте, бул озуйпаны татыктуу түрдө аткаргандар – булар аны жакындан таанып, анын ак сүннөтү менен жуурулуша жашаган пенделер.

Ошондуктан тасаввуф жолундагылардын жашоолорундагы изгиликтер азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүр кенчинин өзүнчө түшүмү болуп саналат. Алардын кыймыл-аракеттери, жүрүм-туруму куттуу хадистердин жандуу мисалдары сыяктуу. Башкача айтканда, куттуу хадистердин сөз түрүнөн иш жүзүнө ашуусунун кийинки ар кайсы учурлардагы жана ар кайсы жерлердеги өз-өзүнчө күзгүсү.

Тасаввуфтун өзүнчө илим катары пайда болушуна чейин Ислам аалымдары тарабынан «Китабуз-Зухд»ка (адам баласынын жан дүйнөсүнө, такыбаалыкка) багытталып жазылган китептер хадис илими менен тасаввуфтун ортосунда өзүнчө «көпүрөлүк» кызматты аткарган.

Ошондой эле тасаввуф аалымдары куттуу хадистерден каймана маанилерди чыгарып чечмелөө менен хадис илиминин өнүгүшүнө да өз салымдарын кошушкан.

Тарыхта Хаким Тирмизий, Калаабазий сыяктуу тасаввуф аалымдары катары таанымал болуу менен бирге хадис тууралуу эмгек жазган бир топ суфийлер өткөн. Ошондой эле учурунда хадис илими боюнча атагы чыккан бир топ аалымдар хадис илиминин критерийлери менен катар суфийлердин усул-ыкмаларын да жактаган.

Маселен, эң ишенимдүү хадис китебинин автору Имам Бухарий (Жараткан Алла аны өз ыраакымына бөлөсүн) хадис жазылчу китебине тигил же бул «хадис» делген сөздү алуу үчүн алгач эки ирекет «истихара»[36] намазын окуп, истихаранын натыйжасында анын

чынында эле хадис болгондугуна жүрөгү менен толук ишенген соң гана аны китебине жазган.[37]

**г. Тасаввуф жана фикх**

«Фикх» сөзү лексикалык маанисинде «билүү, аңдоо, тигил же бул маселени ийне-жибине чейин түшүнүү» деген маанилерди туюнтат. Исламдын алгачкы жылдары мусулман баласы үчүн билүү зарылчылыгы бар маалыматтар топтому «фикх» делип, бул илим менен алек болгон аалымдар «факих» деген атка ээ болушкан. «Факих» сөзү тигил же бул окуянын түркүнүн ар тараптуу аңдап, адам баласы үчүн диний маселелерде оң жана терс жагдайларды айырмалоого күчү жеткен адамга карата айтылган. Бул багытта Имам Аазам Абу Ханифа «фикх»ка төмөнкүчө аныктама берет:

«Фикх – бул адамга диний жактан оң жана терс, пайдалуу жана пайдасыз болгон нерселерди билүү».

Адамдын түбөлүк бактысынын эң иридеги себеби болгон «Жараткан Алланы туура таануу» маселеси бул илимдин эң маанилүү өңүтүн түзгөн. Мына ушул себептен улам Имам Аазамдын ишеним маселелери боюнча айткан пикирлери шакирттери тарабынан топтолуп, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келген китеби «Фыкхулакбар» (эң чоң фикх) деп аталган. Убакыттын өтүшү менен бул жааттагы илимий изилдөөлөрдүн кеңири кулач жайышынан улам факих аалымдар ишеним жана адеп-ахлактык өңүттөгү маалыматтарды бөлүп, фикхтын карамагына ибадат өңүтүндөгү жана нике, соода-сатык сыяктуу адамдар аралык мамилелерге байланышкан өкүмдөрдү гана киргизүүгө мажбур болушкан. Учурубузда «фикх» илими ушул маанинин алкагында кабылданат.

Ал эми тасаввуф адам баласын пайдалуу-пайдасыз жагдайларды ичи-тышы менен, б.а. сырткы жана руханий өңүттөрү менен билип, ошого жараша аракет кылууга чакырат. Маселен, фикх даарат, намаз, орозо сыяктуу ибадаттарга тиешелүү маселелердин сырткы шарттары жөнүндө маалымат берсе, тасаввуф адам баласынын жан дүйнөсүн тазалап, «ихсан» сезимине даярдайт. Бул деген сөз ошол ибадаттын толук кандуу түрдө орундалышынын талабы дегенди түшүндүрөт. Бул өңүттөн, тасаввуф Ислам жазма булактарында фикх илиминин руханий өңүтү жана өзөгү деген мааниде «фикх-у баатын» жана «фикх-у вижданий» деп да аталган.

***

Ырас, фикх илими ибадаттын эң мыкты таризде, б.а. Алла Тааланын алдында толук кабыл боло тургандай деңгээлде орундалышын көздөйт. Ал эми дал ушул аруу максаттын жүзөгө ашышы тасаввуфта талап кылынган чын ыкластуулукка байланыштуу болгондуктан бул эки илимди бири-бирин толуктап туруучу илимдер катары кабыл алуу дурус. Себеби тасаввуфтун негизги максаттарынан бири – бул мусулман баласына ибадат-амалдарын толук кандуу ар тараптуу жүзөгө ашырышына себепкер болуу аркылуу аны Ислам дининин руханий ааламынын туу чокусуна чыгаруу болуп эсептелет. Андыктан ибадаттардын сырткы шарттарын аныктаган фикх илиминин негизги максаты тасаввуфтук талаптар менен гана иш жүзүнө ашат. Фикх илиминде намаздын тазалык, руку, сажда сыяктуу шарттарынын аткарылыш таризи көрсөтүлөт. Тасаввуф болсо ал үчүн жан дүйнөнүн ар кандай көрсөтмөлүүлүк, бирөөгө жагынуучулук, кек сактоочулук сыяктуу рухий илдеттерден оолак болуу зарылчылыктарын дагы талап кылат. Фикх илими шарияттын бир бөлүгү болгондуктан маселенин сырткы өңүтү менен алек болот. Ибадаттарды кабыл алуу же кабыл албоо укугу Алла Тааланын өзүнө гана таандык болгондуктан, Ал алардын сырткы жана руханий шарттарын да талап кылат.

Факихтер намаз, орозо жана ажылык сыяктуу ибадаттар менен катар нике, талак, соода-сатык сыяктуу маселелердин өкүмдөрүн иликтеп аныктаса, тасаввуф аалымдары булардын чын ыкластуулук, ак ниеттүүлүк сыяктуу ички руханий өңүтүнө өзгөчө көңүл буруп, толук орундалышына басым жасашат.

Албетте, бул «тасаввуф жолундагылар фикх илимине маани беришпейт» дегенди түшүндүрбөйт. Тескерисинче Газалий, Ибн Аарабий, Мавляна Жалаладдин Руми, Имам Раббаний жана Халид Багдадий сыяктуу көптөгөн тасаввуф аалымдары башка Исламий илимдер боюнча да ар бири өз-өзүнчө чоң аалым болушкан.

Учурунда Ислам дининин сырткы өкүмдөрүнүн маанимаңызын да, тасаввуфтук акыйкаттарды да жетик түшүнө бербеген кээ бир адамдар фикх менен тасаввуфтун ортосунда төп келишпестиктердин болгондугун айтып, коомчулукта орунсуз талаштартыштарды жаратышкан. Ал эми ырасында тасаввуф аалымдары менен чыныгы факихтердин ортосунда кандайдыр бир пикир келишпестиктер, талаш-тартыштар болгон эмес. «Талаш-тартыш, пикир келишпестик» деген нерсе өзүн аалым сезген айрым бир наадандар менен өзүн руханий жактан баралына келгенин ойлогон чала сопулардын ортосунда гана болот.

> *Курандын толук чындык экендиги айкындалганга чейин ааламдагы жана өздөрүндөгү белгилерибизди толук көрсөтөбүз. Жараткан Эгендин бардык иштерге күбө болушу сага жетиштүү эмеспи?*
>
> *(Фуссилат сүрөсү, 53-аят).*

## 2. ТАСАВВУФ ЖАНА ТАК ИЛИМДЕР

Так илимдер бир караганда тасаввуф менен эч кандаис  баис ланышы болбогондоис  көрүнсө да, ырасында бул андаис  эмес.

Нерселердин паис да болуу себеп-сырларына жана таризине карата жүргүзүлгөн ар бир илимиис  иштин жолу акырында метафизикалык мерчемге барып такалат. Бул мерчем так илимдердин тасаввуф менен кездешкен жери болуп эсептелет. Себеби тасаввуф ааламдагы бүтүндөй жандуу-жансыздын сырларын, себептерин, б.а. метафизикалык жагын жалпы өңүттө иликтөө менен аныктап тастыктайт. Адам баласына Алла Таала жана жаратылган жандуу-жансыздар жөнүндө ар тараптуу, ишенимдүү, туура жана ой дүйнөсүн, акыл көрөңгөсүн канааттандыра турган маалыматтарды берет.

Так илимдердин алкагы көзгө көрүнгөн мынабу табигый дүйнө менен чектелет. Бул илимдердин жандуу-жансыздардан тапкан табылгалары, т.а. аныкталган акыйкаттар, ырасында, ошол жандуу-жансызга Алла Таала тарабынан ширетилген өзгөчөлүктөр болуп саналат. Андыктан көзгө көрүнгөн дүйнөгө таандык ар бир табылга Жараткан Алланын чексиз кудуреттүүлүгүнө, улуулугуна жана чексиз арууулугуна өз-өзүнчө ачык-айкын далил болуп бере алат. Бул өңүттөн так илимдер адам баласына Жараткан Алланын чексиз чеберчилигин аңдап түшүнүүгө өзүнчө арка-жөлөк болгондугун айтсак жөндүү болот.

Ислам дини материяга метафизикалык өңүттөрү менен кошо назар салат. Бүгүнкү күнү заманбап так илимдер бул аныктамага жакындап калды. Анткени материалдык

дүйнөдөгү ар бир ачылыш жаңы купуя сырлардын ачкычын таап, адам баласынын ой дүйнөсүнүн кеңейишине шарт түзөт. Бул дүйнөнүн купуя сырларына карата жүргүзүлгөн иш-аракеттердин акыры айрым бир метафизикалык жагдайларга алып барат. Учурубузда бул илимдердин адамды аң-таң калтырган ийгиликтерди багындырышы натыйжада физикалык чындыктар менен метафизикалык акыйкаттардын кез келишине себеп болду. Ошол себептен улам акыйкатты материя менен гана чектеген илгерки материалисттик теориялар бүгүнкү күнү күчүн жоготууга мажбур абалга келип жетти. Өткөн кылымдын өтө күчтүү «Лавуазие» деп аталган материалисттик мыйзамдын негизсиздиги ачыкка чыгып, философия менен диндин ортосундагы негизги талаш-тартыштардын бири боло келген «материянын эң биринчи болушу» деген пикир учурда таштандыда жаткан кези. Материянын өзөк эмес, өзүнчө кабык болгондугу атомдун бөлүнүшү менен далилденип, «материя» деген нерсенин нукура жүзү ачыкка чыкты. Ошону менен катар айрыкча физика, химия, биология жана астрономия илимдериндеги жаңы ачылыштар Ислам дининин тууралыгын, аруулугун, тунуктугун жана Ыйык Курандын чексиз тереңдигин, акыйкаттыгын, Жараткан Алланын сөзү болгондугун тастыктап, айгинелөө менен бул илимдердин дагы да өнүгүп-өөрчүшүнө, илгерилешине себеп болууда.

Адамдын генине карата жүргүзүлгөн изилдөөлөр ар бир адамдын өзүнө гана таандык өзгөчө белгиси (коду) болгондугун көрсөткөн. Мына ушул сыяктуу көптөгөн ачылыштар Кудай Тааланын чеберчилигинин акылды аң-таң калтырган учурубуздагы ачык-айкын мисалдары. 19-кылымда жашап өткөн Зия Паша аттуу акын:

Субхаана ман тахаййара фии сунихил-укуул,
Субхаана ман би-кудротихи яжизул-фухуул.

«Чексиз чеберчилиги акылды аң-таң калтырган, кудурети менен эң мыкты аалым-окумуштууларды дагы алсыз калтырган Жараткан Алла Тааланы даңктап, даңазалайм!» деген мааниде ыр жазган экен. Ырас, мусулмандар Жаратkандын чеберчилигинин алдында адам баласы ар дайым алсыз болоорун илгертеден бери билип келишкен. Алтургай мына ошол так илимдердеги ачылыштардын кыяматка жакын мужиза-кереметтердин даражасына жакындоо мүмкүнчүлүгү болгондугу да мусулмандарга жашыруун эмес. Анткени ар бир жаңы ачылыш адамдын алсыздыгы менен бирге Кудай Тааланын улуулугун, кудуреттүүлүгүн жана андагы хикмат-сырлардын чексиздигин кабыл алуу зарылчылыгын жаратат.

***

Тасаввуф купуя сырларды түшүнүү максатында ааламга назар салып, өзүнүн усул-эрежелеринин негизинде иликтөө жүргүзгөндүктөн, физикалык акыйкаттардын аягында метафизикалык өзгөчөлүктөрүнө туш келген так илимдердин тасаввуф илими менен тигил же бул өңүттө кандайдыр бир байланышы болгондугун кабыл алуу өзүнчө зарылчылык.

Ыйык Курандын бир топ аяттарында ааламдагы хикматсырларга карата көптөгөн багыттар берилет. Алардын биринде:

سَنُرِيهِمْ آيَاتِنَا فِي الْآفَاقِ وَفِي أَنْفُسِهِمْ حَتَّى يَتَبَيَّنَ لَهُمْ أَنَّهُ
الْحَقُّ أَوَلَمْ يَكْفِ بِرَبِّكَ أَنَّهُ عَلَى كُلِّ شَيْءٍ شَهِيدٌ

**«Курандын толук чындык экендиги аиАкындалганга чеиАин ааламдагы жана өздөрүндөгү белгилерибизди толук көрсөтөбүз. Эгеңдин бардык иштерге күбө болушу сага жетиштүү эмеспи?»** (Фуссилат сүрөсү, 53-аят) деп буюрулат.

Бул аяттагы «өздөрүндөгү белгилер» деген сөз адам баласынын биологиялык жана рухиис  түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөргө, белгилерге, сырларга ишарат жасаис т.

Алла Таала пенделерин каис дыгерликтен, карама сокурлуктан алып чыгып, бир берилген өмүрлөрүн өчпөс өрткө аис ландырып албоолору үчүн Куран аяттарында төмөнкүчө эскертүү берет:

**«(Элчим! Сага каршы чыккандар) жер бетинде кезбеиА жүрүшөбү? Анан да алардын түшүнө турган жүрөктөрү, уга турган кулактары болсо кана! Ырасында алардын көздөрү сокур эмес, көкүрөктөгү жүрөктөрү сокур!»** (Хаж сүрөсү, 46-аят)

**«Биз асман-жерди жана андагы жандуу-жансызды ойноп жаратканыбыз жок. Аларды (өздөрүнө тиешелүү) белгилүү себеп менен гана жараттык. Бирок көпчүлүк муну билбейт»** (Духан сүрөсү, 38-39-аяттар)

Жараткан Алла адам баласын дагы башка жандуужансыздардай эле өзүнө тиешелүү белгилүү максатта жараткандыгы жөнүндө төмөнкү аятта маалымдайт:

أَفَحَسِبْتُمْ أَنَّمَا خَلَقْنَاكُمْ عَبَثًا وَأَنَّكُمْ إِلَيْنَا لَا تُرْجَعُونَ

**«Силерди жөнү жок, эч бир максатсыз жаратканыбызды жана өзүңөрдү Бизге каиАтарылбаиА турганыңарды оиАлоп жатасыңарбы?!»** (Муминуун сүрөсү, 115-аят).

Эң маис дадан эң алп жандуу-жансыздардын ар биринде Кудаис ы чеберчиликтин ажаис ып белгилери бар. Бул өңүттөн, тасаввуф адам баласынан тарта аалам, дүис нө жана андагы бардык жандуу-жансыздарга жалпы өңүттөн назар салган пикир топтому болуп, бул пикир топтомунун талабы катары «зикруллах» баш болгон руханиис көнүгүүлөр менен адам уулун баралына келтирүүнү көздөгөн илимиис  жана тажрыис ба жүзүндөгү өзүнчө окуу (дисциплина).

Куран аяттарында бул дүис нөнүн купуя-сырларына багыт берилип, аларды тастыктоо үчүн суроо иретинде маалыматтар келтирилет. Бул маалыматтар так илимдердин изилдөө тармагына баис ланыштуу болуу менен бирге нерсенин тек гана физиологиялык өзгөчөлүктөрү менен чектелбеис т. Ошондуктан хикмат-сырды түшүнүү багытында бул илимдердин мүмкүнчүлүктөрүнөн алдаканча жогорку деңгээлдеги күчкө муктаждык бар. Бул муктаждык руханиис  көнүгүүлөр менен жан дүис нөнүн тунуктугун, зиректигин жана тазалыгын талап кылат. Тасаввуф адамга мына ушул күчтү тартуулоого аракет кылган өзгөчө илим.

Жалпыга маалым болгондоис , тасаввуф аалымдарынын көз карашында, дүис нө Жараткан Алланын барлыгын, жалгыздыгын жана улуулугун тастыктаган аис дан ачык далил. Андагы ар бир жандуу-жансыз ажаис ып чеберчиликтин күзгүсү. Күнүмдүк турмушубузда кез келип, бирок маани деле бербеген нерселер жөнүндө том-томдоп китептер жазылса да, жетишсиз. Маселен, тыттын жалбырагын жеис рен[38] жесе, андан мускус (миск, , жыпар, атыр), жибек курт жесе, жибек алууга болот. Аалам мына ушул сыяктуу күн саис ын күбө болсок да, анчеис ин деле маани бербеис  келген сан миң ажаис ып сырларга толо. Бетинен аис дың жел аис малап өткөн бетегелүү жерлерге, аис лана-чөис рөнү көрккө бөлөгөн ар жерде бири кызыл, бири саргыл, бири сыя ирең тарткан гүлдөргө, бакдарактарга үңүлө назар салып, алардын кара топурактан өң-түс, жыт, даам сыяктуу өзгөчөлүктөрүн кантип алып жаткандыгын оис лосок, Жараткандын чексиз кудуреттүүлүгүнүн алдында аң-таң абалда калбоо мүмкүн эмес. Кыскасы, тасаввуф аалымдары ааламда эч бир нерсенин жөнсүз жаратылбагандыгын сөз түрүндө гана эмес, бүт жан дили менен кабылдашат.

*Тасаввуф түрк адабиятын анын өнүгүп-өөрчүшүнө опол тоодой салымын кошкон*

*(Нихад Сами Банарлы)*

## 3.ТАСАВВУФ ЖАНА АДАБИЯТ

Негизги кызматы жан дүис нөгө багытталган тасаввуф омоктуу оис -пикирлерин белгилүү Ислам адеп-тартибинин алкагында кагаз бетине, ыр саптарына да түшүргөн. Ошентип ал бир адам жалгыз өзү жете албаган нечелеген адамдарга ыр саптары аркылуу жетип, көөдөнгө жан азык тартуулоо менен гана чектелбеис адабиятка өтө зор салымын кошкон.

Адабият тарыхында «текке (медресе) адабияты» деген ат менен чыккан жөнөкөис, кээде лирикалык, кээде таалим-тарбиялык өңүттөгү адабиис эмгектерде диниис -тасаввуфтук мотивдер кенен орун алган. Жараткан Алланын жалгыздыгын жар салган тавхид ишенимине, Жаратканга жүрөктүн түпкүрүнөн бапестелген улуу сүис үүгө жана ошондоис эле Азирети Паис гамбарыбызга *(саллаллаху алеис хи васаллам)* болгон сүис үүгө багытталган кара сөз жана ыр түрүндөгү чыгармалар элдин руханиис жактан дем-күч алышына, түркүн түстүү жат иштерден, каис дыгерликтен алыс болушуна, ошондоис эле элдин ынтымагы, биримдиги үчүн, коомдо тынчтыктын, беис пилдиктин өкүм сүрүшү үчүн опол тоодоис кызматын өтөгөн.

Юнус Эмренин монгол жортуулдарынан баштап, учурубузга чеис ин жети кылым бою уланып келген ырлары элге адал жолдун багытын берген жазма булактардан бири болгон. Мындаис адабиис эмгектерди жазган тасаввуф жолундагылар Ислам дининин өзөк маани-маңызын элге жеткирүүгө жанүрөө менен өзгөчө кызмат кылышкан. Бул багытта Кожо Ахмад Ясавиис, Хажы Баис рам Вели, Азиз Махмуд Худаис и сыяктуу Жаратkандын улуу сүис үүсүнө күис үпжанган пенделерди эскерсек болот.

Ошондоис эле адабиис жанрлардын ар биринде ар башкача руханиис ышкы болот. Тавхид ишенимине багытталган эмгектерде рухтун күрдөөл ышкысы баис калат. Аис рыкча тасаввуф жолундагы акындардын эмгектери жан дүис нөнү алдакаис да алып учуп, ыис ман ааламынын жолоочусуна аис ландырат.

Ал эми «наат» деп аталган мактоо ырлары азирети Паис гамбарыбызга *(саллаллаху алеис хи васаллам)* бапестелген сүис үүнү даңктап, анын адамдык асыл сапаттарына багытталган. Азирети Паис гамбарга бапестелген сүис үүсүн Фузуулиис:

Хак-и паис ине ис етем дер өмүрлердир муттасыл

Башыны таштан таша уруп гезер аваре су...

«Ошол ырайымдуулуктун пайгамбары баскан издин топурагына жетем деп, суулар өмүр бою эч турбастан тигил ташка бир урулуп, бул ташка бир урулуп күйүтүнө чыдай албай агып келет» деп билдирет.

Буга Мавляна, Фузуулий, Наилий, Нааби, Наахифии, Шейх Гаалиб сыяктуу акындардын эмгектерин мисал келтирүүгө болот.

***

Мына ушунун баары тасаввуфтук ой-түшүнүктүн, аң-сезимдин адабиятка такыр башкача түс, өзүнчө көрк бергендигин айгинелеп турат. Мына ушул адабияттын калың

калктын жүрөгүнөн орун алышында ыйман булагынын эбегейсиз орду бар. Адабияттын тарыхын изилдеген Нихад Сами Банарлы бул багытта:

«Тасаввуф түрк адабиятын жандандырып, анын өнүгүпөөрчүшүнө опол тоодой салымын кошкон» деген.

Ырас, адабияттын, айрыкча ырдын адамдарды белгилүү бир багытка буруудa өзгөчө орду болгондугун мынабул куттуу хадис дагы тастыктап турат:

Азирети Айша *(Алла ага ыраазы болсун)* Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* адабиятка берген мааниси жөнүндө мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мусулман акын Хасан бин Сабит үчүн мечиттин бир бурчуна атайын өзүнчө бир минбар жасаткан эле. Хасан минбарга чыгып, азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* каршы акындарга жооп бере турган. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* ал жөнүндө:

«Алла Таала Хасанга Алла Элчисин коргогон чакта РухулКудус (Жабраил периште) менен жардам берет» деген» (Тирмизий, Адаб, 70; Абу Давуд, Адаб, 87)

Демек, бул жерден Ислам жолундагы акынга Алла Таала тарабынан илхам берилээрин байкасак болот.

## 4.ТАСАВВУФ ЖАНА КӨРКӨМ ӨНӨРЛӨР

Өнөр – жан дүйнөнүн тигил же бул өңүттө сырткы дүйнөгө ачылгандагы көрүнүшү. Кайсыл тармакта болбосун, өнөрлөрдүн бардыгы, ырасында, адам баласынын рух дүйнөсүндөгү ойсезимдин күзгүсү болуп эсептелет. Өнөрдөгү аяр көркөмдүк рухий чабытка жараша болот.

Негизги өзөгү тасаввуф менен жуурулуша жогорку көркөмдүккө ээ болгон өнөрлөр түрк элдеринин тарыхында байкалгандай, өзүнчө улуу маданияттын түптөлүшүнө себеп болгон. Чынында эле маданият жагынан бийик улуттар тек гана саясат, экономика жана коопсуздук күчтөрү жактарынан эле эмес, илим жана өнөр жагынан да бир топ албан ийгиликтерди багындырышкан. Түрк элдери буга мисал катары көрсөтүлсө болот. Бул жерде көркөм өнөрлөрдүн бир топ тармактарында байкалган тасаввуфтук мотивдердин бардыгына эмес, айрымдарына гана кайрылмакчыбыз.

### а. Мукам үн, обон, музыка

Ислам дини адам баласынын табигый өзгөчөлүктөрүн четке какпоо менен аларды эң жогорку деңгээлде белгилүү бир тартипке салууну көздөгөн улуу дин. Көптөгөн көркөм өнөрлөрдүн бири – бул албетте, адам баласынын табигый өзгөчөлүгү болгон мукам үнү. Табиятынан анын да оң жана терс өңүттөрү болгондуктан аны толугу менен четке кага да, кабыл ала да албайбыз.

Тасаввуф жолундагылар мунун адам баласына тийгизген таасири талашсыз болгондуктан аны Ислам динине ылайык адеп-тартиптин негизинде жакшылыкка кызмат өтөө үчүн колдонушкан. Мукам үндү белгилүү бир максатта, напсинин чырагына май тамыза турган эмес, жан дүйнөгө азык боло турган өңүттө гана пайдаланууну туура көрүшкөн. Алар бул максатка ылайык келгендерин эп көрүп, ылайык келбегендерин болсо кабыл алышкан эмес.

Ырасында эле музыка жакшылыкка багытталган чакта адам баласынын асыл сапаттарынын жогорулашына, өнүгүпөөрчүшүнө, аны эң ириде Жаратκандын кудурет чеберчилигин аңдоо менен Ага болгон сүйүүсүн бекемдеп, Анын адал жолун бекем карманууга, эли-жерин сүйүүгө зор салымын кошот. Уккан адамды Жараткан Аллага чын ыкластан ибадат кылуу ышкысын жогорулаткан, күнөөлөрдөн алыс болууга багыттаган,

жан дүйнөгө тунук, аруу сезимдерди тартуулаган, ага Алланы эстеткен обондуу ырларды угуу албетте, пайдасыз эмес. Бул өңүттөн ондогон кылымдар бою тасаввуф жолундагылар мына ушул көркөм өнөрдөн да ыгы менен пайдаланып, «тасаввуф музыкасынын» пайда болушуна себепкер болушкан.

Бул жаатта музыканы руханий тарбияда колдонууга толугу менен каршы чыккандар жана аны белгилүү өлчөмдө гана колдонуу мүмкүнчүлүгүн жактагандар да бар. Экинчи көз караштагы жактагандар кылдуу аспаптарды четке кагып, кол менен уруп кооз үн чыгарган аспаптарды эп көрүшкөн. Алар бул көз карашын азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* согуштарда жоокерлердин демине дем, күчүнө күч кошуу максатында ошондой аспаптарды колдонууга берген уруксатына такашат.

Мукам үндүү азанчылардын мечитке жамааттын алдаканча көп келишине себеп болгондугу жалпыга маалым. Азирети Пайгамбарыбыздын (саллаллаху алейх васаллам) азан чакырууга мукам үндүү Билалды тандашы да өзгөчө мааниге ээ. Элди мечитке чакыруунун таризи жөнүндөгү кеңешме жүрүп жаткан күндөрү «садык»[39] түш аркылуу сүйүнчүлөнгөн азанды үйрөнүп мусулмандарга алгач кабар берүү бактысы Абдуллах бин Зайд жана азирети Умарга насип болгон эле. Ошентсе да, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* азанды аларга эмес, Билалга айттыруу менен бизге жол көрсөткөн. Пайгамбарыбыздын атактуу азанчысы Билал Хабашийдин өмүр бою бул кызматты аркалашына үнүнүн бийиктиги жана мукамдуулугу себеп болгондугун айтсак жаңылышпайбыз.

Ошону менен бирге мукам үндүн да башка өнөрлөр сыяктуу эле жакшылыкка гана ийкемдүү болгондугун айтуу мүмкүн эмес. Айрыкча бүгүнкү күнү анын көбүнесе напсинин чырагына май тамызууга багытталгандыгы талашсыз чындык.

Бахауддин Накшибанд олуянын шакирттеринен Хожа Мисафир мындай дейт:

«Агезде Бахауддин устаттын кызматында элем. Өзүм музыкага абдан кызыкчумун. Күндөрдүн бириндe шакирттер менен бир канча музыкалык аспаптарды алып келип, устатыбыздын бул багыттагы ойун билгибиз келди. Устат бизге тоскоол болгон жок. Бирок ал минтип айтты:

«Бул биздин иш эмес. Бирок аны четке да какпайбыз!»

Накшибанд олуянын бул сөзү напсинин чырагына май тамызуу ыктымалы өтө жогору болгон бул багытка өтө кылдат мамиле жасоо керектигине ишарат жасайт. Учурубузда бул тең салмактуулукту сактай албаган айрым бир чөйрөлөр тасаввуфтун өзөгүнөн алыстап, кептин төркүнүн ушул тармак менен гана чектегендиктен бул багыттагы кылдаттыктын канчалык зор мааниге ээ экендигин ачык-айкын айгинелеп турат.

Бул маселе боюнча сөзүбүздү музыкага шарияттын негизинде гана уруксат берилгендигин айтуу менен жыйынтыктамакчыбыз.

**б. Архитектура**

Көркөм өнөрлөрдүн арасынан өзгөчө орунду ээлеген тармактардын бири бул архитектура. Архитектура – бул математиканын жана геометриянын эң жогорку шарттары менен өтө кылдат эмгекти талап кылган өнөр.

Тасаввуфтун архитектурага кошкон өзгөчө салымы жалпы Ислам дүйнөсүнө маалым. Маселен, Ислам тасаввуфунун ой-чабыты менен Түркиядагы Сулаймания мечитине назар салганыбызда, ал жерге Ислам рухунун түшүрүлгөндүгүнө, көз жоосун алган көркөмдүгүнө күбө болобуз.

Ошондой эле тасаввуфка таандык даргөйлөр, «текке», «завия», «ааситане» деп аталган имараттар Ислам маданиятына өзүнчө көрк берип турат. Булар негизинен жөнөкөй, жупуну, тасаввуфтук адептартиптин негизине ылайык таризде курулган.

**в. Хусн-у хатт**

Хусн-у хатт Куран аяттарын, хадистерди эстетикалык таризинен чыкпай жогорку деңгээлде кооздоп жазуу аракетинен жаралган өзүнчө көркөм өнөр.

Учурунда көркөм жазуу өнөрүнүн өнүгүшүнө, илгерилешине тасаввуфтук чөйрө өтө зор салым кошкон. Бул өнөр тасаввуфтук чөйрөдөн дайыма колдоо таап, хусн-у хатт боюнча көптөгөн адистердин өсүп чыгышы менен баралына келген. Себеби көркөм жазуунун жан дүйнөгө дем бере турган өзгөчө көркөмдүктү, сулуулукту багындырышы үчүн ар кандай рухий ыпластыктардан аруу, таза жан дүйнөгө ээ болуу зарылчылыгы күч. Ошону менен бирге хатт (көркөм жазуу) өнөрүндө жогорку деңгээлге жетүү талыкпас эмгекти жана сабырдуулукту талап кылат. Ал үчүн устатка да муктаждык бар. Көркөм жазуу өнөрү мына ушундай өзгөчөлүктөрү аркылуу тасаввуф менен болгон байланышын айгинелейт.

Мисалы, катардагы кат сабатсыз адам калемсапты туура эмес колдонуп, жазууну бузуп алса, ал жазуу көзгө араанын тиштериндей тарбайып копол көрүнүп калат. Себеби ал тажрыйбасыз болуу менен бирге жан дүйнөсү жакыр. Тасаввуфтун максаты адам баласын дал ушул жан дүйнө жакырлыгынан алып чыгып, ага кылдаттык, зиректик, боорукерлик, мээримдүүлүк сыяктуу асыл сапаттарды жандуу сактаган бейпил жан дүйнө тартуулоого себеп болуу. Андыктан хаттаттардын[40] рух дүйнөсү мына ушул бейпилдикке, зиректикке муктаж. Анткени хусн-у хатт – бул ариптерди тек гана көркөм жазуу эмес, ошол эле учурда жан дүйнөнү байытып, ага өзүнчө дем берүүчү өзгөчө көркөм өнөр.

Чынында эле руханий дем бул багытта көптөгөн адамдардын өсүп чыгышына шарт түзгөн. Көркөм жазуу өнөрүнүн үлгүлүү устаттарынан шейх Хамдуллах, Карахисарий, Ясаризаада, Мустафа Ракым сыяктуу адамдар тасаввуф мектебинен тарбия алып, өсүп чыккан таланттар эле.

Тасаввуфтун тарбиясын көргөн өнөрпоздордун рух дүйнөсүнө мисал боло турган төмөнкү окуя кандай гана ибараттуу:

Сулаймания мечитинин куполунун жазууларын жазуу милдети хаттат Карахисарийге берилген эле. Карахисарий милдетин татыктуу түрдө толук аткаруу үчүн күчүнүн жетишинче талыкпай эмгектенет. Мына ушундай талыкпас эмгегинин натыйжасында Карахисарий акыркы сызыгын оңдоп жазып бүтүрөөрү менен көзүнүн майы түгөнүп, жарык дүйнөнү көрбөс абалга келет.

Курулуш аяктап мечиттин ачылыш аземинде Кануни Султан Сулайман:

- Бул ыйык мечитти устабашы Синан ачсын! Ырасында, анын эмгеги зор! деп элге кайрылат.

Өнөрүн алгач «кичи пейилдик» деген аруу сапатты үйрөнүү менен баштаган Синан уста адеп сактап:

- Султаным! Хаттат Карахисарий мечитти көркөм жазуусу менен кооздоп жатып көзүнөн ажырады. Ошондуктан муну ага ыйгарсак кантет... деп жооп берет.

Ошентип Кануни Султан Сулайман мечитти ачуу бактысын хаттат Карахисарийге ыйгарган экен.

Көркөм жазуу өнөрүнүн илгерилеши өзүнө таандык эрежелер менен катар руханий талаптардын негизинде жүзөгө ашкан. Бул өңүттөн Куран аяттарын, Пайгамбарыбыздын

жүрүм-туруму, келбети, кулк-мүнөзү жөнүндө жазылган «Хилйаа Шариф» жазуу хусн-у хаттын негизги алкагын түзгөн.

Мындай чын ыклас менен адал эмгектин берекесинен жаралган көркөм жазуу өнөрү кылымдар бою шакирттерге акысыз үйрөтүлгөн. Ар бир хаттат шакирттерге таалим берүү кызматын бул өнөрдүн өзүнчө зекети деп билген.

***

Ырас, *«...Алла Таала сулуу! Ал сулуулукту (аруулукту) сүйөт!...»* (Муслим, Иман, 147) деген куттуу хадистин маанисин аңдаган мусулман адамдын сулуулукка, арuулукка, тазалыкка көңүл бөлбөшү мүмкүн эмес.

Бул өңүттөн адам баласы жан дүйнө сулуулугун -текеберликке моюн бербей, Исламдын өзөгүнө карама-каршы келбөө менентабигый баалуулуктарынын негизинде көрсөтүшү кадыресе көрүнүш. Ошондуктан кайсыл тармакта болбосун, Ислам дининин адеп-тартибине ылайык келген бардык көркөм өнөрлөр тасаввуфтук чөйрөдөн ар качан колдоо тапкан. Ойдун жана жан дүйнөнүн тереңинен тасаввуф менен кез келген көптөгөн көркөм өнөрлөр тасаввуфтук мотивдердин негизинде дагы да илгерилеп, өзүнчө көркkө бөлөнгөн.

*Руханий кашоосуз, тек акыл менен гана чексиз акыйкаттын ааламына канат кагуу мүмкүн эмес.*

## 5. ТАСАВВУФ ЖАНА ФИЛОСОФИЯ

Так илимдер жандуу-жансыздарды бир-бирден иликтеп, алардын өзгөчөлүктөрүн жалпы эрежелердин негизинде чечмелөөгө аракет кылат. Бул эрежелердин жыйындысы «табият мыйзамдары» деп аталат. Ал эми бардык так илимдердин жалпы ортоктош өкүмдөрүн дагы бир жолу жалпылаштырууга же дагы да жалпы эрежелердин алкагында ачып берүүгө аракет жасаган илим бул «философия» илими.

Философиянын акыйкатка жетүү максатында кайрылган жападан жалгыз булагы – бул «акыл». Негизинен ар бир философиялык окууда акыл философиянын бир бөлүгү болгон рационализмдегичелик «кудай» даражасына чыгарылбаса да, жалпы философтордун жалгыз таянычы катары эсептелет.

Ислам дини акылды диний милдеттердин эң төмөнкү шарттарынан бири катары эсептейт. Ошондой эле аны чындыкка жетүү жаатында жетишсиз деп эсептегендиктен Курандын жана сүннөттүн далилдерин негиз катары кабылдайт. Бул далилдер Исламий илимдер чөйрөсүндө «наклий далилдер» деп аталат. Ислам désininde адамды баралына келтирүүгө багытталган тасаввуф дагы бир катар метафизикалык акыйкаттарга жетүүгө аракет кылса да, анын ой-жүгүртүү майданы ыйык Курандын жана сүннөттүн чегинде гана болот. Башкача аис тканда, тасаввуфтук оис -пикирлердин шарияттын өкүмдөрүнүн алкагында болушу анын «наклиис » далилдерге шаис кеш келгендигин кабылдоого мажбур кылат. Ислам дини акылды наклиис  далилдердин себеп-сырына жетүү үчүн колдонууга уруксат берүү менен бирге Исламиис  өкүмдөрдүн аныкталышында акылдын жеке аракетине жол бербеис т. Мына ошондуктан Исламда акыл жалгыз өзү акыис катка жете албаис т. Анүчүн ал Ыис ык Курандын жана сүннөттүн негизинде тарбияланышы керек.

Ошондоис эле акыис кат акыл жеткен акыркы чек менен гана чектелбеис т. Бул чектин ары жагындагы акыис каттарга жетүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу мүмкүн эмес. Себеби бул табигыис нерсе. Ошондуктан диниис негизде болсун, же андан сырткары болсун, аис тор, эркин оис -жүгүртүүдө акыис каттардын бул бөлүгү четке кагылбаис т. Метафизикалык маселелерге таандык философиялык оис -пикирлер өзүнчө чоң окуу болгондугу жалпыга маалым. Бирок философтор тек акылды гана колдонгондугу үчүн төп келишпестиктерден арыла албаис , ар бир философ өзүнөн мурункуларды четке кагуу менен ишке киришкен. Мында менменсинүү сезиминин жана напсилик кызыкчылыктардын биринчи орунда тургандыгын оис лосок да, бул жерде негизги себеп – акылдын каис чы пикирлерден арыла албоочулук өзгөчөлүгү болуп эсептелет.

***

Акыл бычак сыяктуу. Адамга кылмыш да, жакшылык да жасатат. Жандуу-жансыздын эң ардактуусу болууга акылдын жардамы болбоис жетүүгө мүмкүн эмес. Ошону менен бирге адамды көпчүлүк учурда аис бандан да төмөн даражага түшүрүүгө да акыл себеп болот. Ошондуктан акыл белгилүү бир тартипке салынышы керек. Ал тартип ыис ык Курандын жана сүннөттүн тартиби. Эгер акыл ушул тартиптин чегинен чыкпаса, адам баласын түбөлүк бакыттын жолуна салат. Ал эми андан сырткары чыкса, адамды туңгуюкка жетелеис т. Ошол себептен акыл жалгыз Алла Тааланын гана ыраазылыгына багытталган адал жолдун алкагына алынышы кажет.

Карт тарых тастыктагандаис , акылдын туу чокусуна жеткен нечелеген зөөкүрлөр жасаган ар түрлүү мыкаачылыктарынан улам жан дүис нөсү иис ненин көзүндөис дагы канап, азап чеккен эмес. Себеби алардын оис у боюнча, адамдын саис сөөгүн сыздаткан түркүн түстүү мындаис мыкаачылык-кылмыштар эң туура болуп эсептелген. Маселен, учурунда Багдатты басып алып Тигр даис расына 400 миң күнөөсүз адамды чөктүрүп өлтүргөн Хулагу кенедеис дагы боору ооруган эмес. Тескерисинче, чырагына маис таамп, кубанычы коис нуна батпаис сүис үнгөн. Ошондоис эле Исламга чеис ин араб коомчулугунда да төрөлөр малаис ларын мал мууздагандаис эле мууздап салышкан. Алардын оис унда адамды мууздоо менен мал мууздоонун ортосунда эч кандаис аис ырма болгон эмес. Алар муну табигыис жана кадыресе укуктары катары көрүшкөн. Ырас, бул адамдарда дагы акыл болгон. Бирок ыис ык Курандын жана сүннөттүн тарбиясына салынбагандыктан, адамды адал жолдон адаштыруу менен кылмыштын түрүн жасоого түртүп, аны кадыресе көрүнүш катары көрсөткөн. Мындаис акыл жан дүис нөнү жакырлантып, боорукерлик, мээримдүүлүк, ыраис ымдуулук сыяктуу асыл сезимдерге карата көшөгө тартып коис гон.

Философтор бүт нерсени акыл менен гана чечүүгө аракет кылышкандыгы үчүн коомчулукту жетектеп ээрчитип кетүү мындаис турсун, өздөрүнүн баш-аягын таппаис калган. Чындыгында эгер акыл бүт нерсени чече ала тургандаис күчкө ээ болгондо, туура жолдун жолбашчыларына, б.а., паис гамбарларга муктаждык жаралмак эмес. Демек, акыл ыис ык Курандын жана сүннөттүн жетегине муктаж.

Бул чындыкка көзү жеткен аис рым философтор акылдын алсыздыгын моюнга алып, акыис катка жетүү үчүн башка жолдорду издөөгө киришкен. Мына ошол философтордун бири француз Генри Бергсон (1859-1941) «интуиция»ны, б.а., сезим-туюмду акыис катка жетүүнүн дагы бир жолу катары кабыл алган. Бул сөз мурунку аалымдар «сунуухаат-у калбиис ис а» деп атаган жан дүис нөгө тиешелүү жараяндын аты. Бергсон бир катар руханиис тажрыис балар (зикир, тасбих ж.б.) менен жан дүис нөсүн тазалап көркүнө чыгарган мусулмандар жеткен руханиис даражаларга карата

жүргүзүлгөн лабораториялык иликтөөлөрдү орунсуз жана акылга сыис баган аракет катары эсептеис т. Ал тасаввуфтук тажрыис балар жана ошондоис  эле бардык абстрактуу (көзгө көрүнбөс) акыис каттар лабораториялык иликтөөлөрдүн алкагына кирбестигин баса белгилеис т. Ошентип философтордун көпчүлүгү акыис катка жетүүнүн жолу катары акылды гана эсептешип, бири-бирине каршы пикирлерди аис туу менен гана алектенип калышкан. Ал эми паис гамбарлар жана алардын мураскорлору б.а., чыныгы аалым-олуялар бир булактан даам сызышкандыктан ар даис ым бири-бирин тастыктап, арка-жөлөк болуп келишкен.

Ислам аалымдарынан аис тылуу Имам Газалиис  акыл жөнүндө мындаис  деис т:

«Философия тематикасындагы идирек, иликтөө жана сындоо баскычтарынан киис ин бул жааттагы талыкпас эмгегимдин акырында бул илимдин да жетишсиз болгондугун, акыл бүт нерсени аңдап түшүнүүгө күчү жетпегендигин, анын ар бир маселенин артындагы көшөгөнү ача албагандыгын түшүндүм»

Имам Газалиис дин акыл менен марифат маис данынын ортосундагы абалы жөнүндө Нежип Фазыл Кысакүрек эмгектеринин биринде:

«Ал «Исламдын далили» деген атка конгон ойчул адам... Ал илимий иштерин бир тарапка коюп, чыныгы марифатка багыт алаарда мындай деди:

«Бүт нерсенин Жаратканга баш калкалоодон башка аргасы жок экендигин аңдадым. Калганы жалган, кыял!.. Акыл болсо эч нерсе.. Болгону чек!»

Ошентип имам Газалий бардык философиялык ойтүшүнүктөрүн өчүрүп, Жаратканга баш калкалады, чексиздикти тапты» дейт.

Чынында эле чектелүү акыл менен белгилүү бир мерчемге чейин барууга болот. Ал эми акыйкат ушул мерчем менен гана чектелүүбү? Же акылдын ары жагында акыйкат жокпу? Мына ушул сыяктуу суроолордун адам баласын канааттандыра турган жоопторун ыйык Куранды жана сүннөттү негиз катары кабылдаган чыныгы тасаввуфтун руханий казынасынан алууга мүмкүн.

Адам баласын жараткан жана анын шык-жөндөмүн, өзгөчөлүктөрүн эң жакшы билген зат – бул Алла Таала гана. Ошондуктан акыйкаттын жолунда акылдын Алла Таала көргөзгөн адал жолдун негизине кескин түрдө муктаждыгы бар. Демек, ал үчүн акыл жеткен эң акыркы чектен тарта жан дүйнөнүн зарылчылыгы күч. Руханий жашоосуз, тек акыл менен гана чексиз акыйкаттын ааламына канат кагуу мүмкүн эмес.

*Билүү – бул назар салуу эмес, хикмат-сырды чечүү.*

## 3. ИЛМ-У НААФИИ (Пайдалуу илим)

Адамдын өмүр-жашоосу менен айкалышып, аң-түшүнүктүн түпкүрүнөн тамыр байлаган билгилик «ирфан» деп аталат. Ал эми «ариф» деп ошол билгиликтин түпкүрүндө катылуу сырларды, Жаратkандын кабарын түшүнө билген кыраакы адамга айтылат. Ырас, ирфанга ээ болгон адам «ариф», ал эми бул даражага жете элек илимдүү адам «аалым» болуп саналат. Мындай билгилик кампада сакталган үрөөндүк дан сыңары. Дан топуракка түшкөндө гана өсөт, өнөт, көбөйөт. Ал эми кампада жата берсе, ал өнүү сапатын жоготот, чирийт. Анын сыңарындай, билгилик да акыл чөйчөктө жата берсе, ой-сезимди тереңдетүүгө, акылдан жан дүйнөгө түшүп асыл сезим-туюмдарды өркүндөтүп өөрчүтүүгө

мүмкүнчүлүк таба албайт. Ошондуктан бул «китеп жүзүндө гана калган билгилик» деп аталат.

Өз ордунда туура колдонулган чакта ар бир илим жемиштүү да, жигердүү да, пайдалуу да болоору талашсыз чындык. Ошону менен бирге адам баласынын эки дүйнөдө түбөлүк бакытка жетиши үчүн бул илимдердин тек сырткы өңүтү жетиштүү эмес. Бул кемтикти толтуруу үчүн Ислам дини илимдердин өз ордунда туура жана жакшылыкка колдонулушун камсыз кылуу, жаман жолдорго көпүрө болушуна тоскоол болуу максатында «илм-у наафии» (пайдалуу илим) менен мусулман баласынын руханий жашоосун көркүнө чыгарууну көздөйт.

Бул багытта маркум Махир Из өз ойун төмөнкүчө бөлүшөт:

«Илимдеги бош сөздөрдү дайыма бир жерде топтоо мүмкүн болбогондуктан эч качан илимий иликтөөлөрдөн оолак болбоо менен бирге чыныгы акыйкатка жетүү үчүн бул багыттын адистеринин (ариф-аалымдардын) жетегине зарылчылык күч деп билем»

***

Руханий тарбиянын натыйжасында жан дүйнөнүн баралына келиши адам баласынын аң-сезимин так илимдердин алкагынан жогору ой-чабытка жетелейт. Бул «марифат» деп аталат. Марифатка тасаввуфтук көнүгүүлөрдүн натыйжасында жетүү мүмкүн. Адам баласы бул даражага жеткен кезде канчалык чоң аалым болсо да, алсыздыгын аңдап, илимине манчыркап бой көтөрүү дартынан арылган болот. Миң бир сырлуу чексиз акыйкат дүйнөсүнө ачылган ой-сезими ажайып чеберчиликтин алдында өз алсыздыгын дагы да жакындан түшүнөт. Табигый өзгөчөлүгүн жоготпогон акыл менен ой жүгүрткөнүндө, билүү – бул жөн гана назар салуу эмес, хикматсырды чечүү болгондугун аңдайт. Билүү – бул алп ааламдын ажайып түзүлүшүнүн маани-маңызын түшүнө билүү, андагы Жараткан Алланын максат-сырларын чечүү экендигин түшүнөт.

Мавляна Жалаладдин Руми адам баласынын түбөлүк бактысы үчүн эң керектүү «марифатуллах» илимин алуунун маанилүүлүгүн төмөнкү окуя аркылуу түшүндүрүүгө аракет жасайт:

«Күндөрдүн биринде бир тилчи аалым сапарга аттанмак болуп кайыкка отурат. Тилчи аалым кайыкчы менен таанышып, пикир алышканча сапарын улайт. Кайыкчыга анда-санда ар кандай суроолордон узатып коет. Кайыкчы берилген суроолорго жооп кайтара албай жер карайт. Тилчи ансайын бой көтөрүп, илимине манчыркап:

- Ээ, байкушум! Караңгылыктын айынан өмүрүңдүн жарымын текке кетирипсиң! деп кайыкчыны кемсинтет.

Карапайым кайыкчы тилчинин кемсинткенине жүрөгү ооруса да, жооп кайтарбайт. Бир кезде асманды кара булут каптап капилеттен шамал уюлгуп кирет. Деңиздин чыбырчык тарткан майда толкундары уюлгуган шамалдын эпкининен улам ирденип, улам чоңоюп албууттанган чоң толкунга айланат. Кайык биринин артынан бири буралып түшкөн тоодой толкундун жетегинде калат. Кайыктагылар кымкуут түшүп, теребел ызы-чууга толот. Дал ушул учурда кайыкчы тилчи аалымга кайрылып:

- Эй, устат! Сүзгөндү билесиңби? деп сурайт. Тилчи көзү алайып, үнү дирилдеп:

- Жок, билбейм! деп жооп кайтарат. Анда кайыкчы оор улутунуп:

- Нахив (тил) илимин билбегеним үчүн менин жарым өмүрүм текке кеткен эле. Эми болсо минтип сенин бүт өмүрүң өтөсүнө чыкканы турат. Ооба, кайыгыбыз мынабу тоо толкундан аман-эсен калууга ылайык жабдылган эмес. Эй, бурадар! Деңизде сүзүү илими нахивден дагы көбүрөөк талап кылынарын жана дагы да пайдалуураак экенин билчү эмес белең! деген экен».

Бул окуяда тил илиминен тек гана табият илимдери максат кылынып жатат. Негизги пайдалуу илим адамдын түбөлүк муктаждыгына жооп бериши кажет. Адам баласынын эң иридеги муктаждыгы бул дене менен бирге рухтун да түбөлүк бактысы. Бул нерсе Жараткан Кудай Тааланын ыраазылыгына ээ болууга түздөнтүз байланыштуу. Алла Тааланын ыраазылыгын толук ыйман менен бирге жакшылык иштер аркылуу табууга болот.

Ырас, ажал жакындаганда негизги муктаждыкка жооп бербеген, рухсуз, напсинин гана ырахатына багытталган билгилик пайда бербейт.

Ошондуктан ажал келгенге чейин бардык илимдерди Алла Тааланын ыраазылыгын табууга себеп боло турган таризге айлантуу зарылчылыгы күч. Себеби дене кемеси ажал толкунуна кабылган кезде акыр-аягы жерге кире турган дененин ырахатына гана жараган илимдерден жардам келбейт. Ал учурда «таза жан дүйнөгө» муктаждык болот. Ал эми таза жан дүйнөгө ээ болуу үчүн ажал келгенге чейин напсинин сан миң ашууларынан ашуу зарылчылыгы турат. Бул ашуулардан өтө албагандар учу-кыйыры көрүнбөс бул деңизде чөгүүгө аргасыз болушат. Бирок напсисин текеберлик, бой көтөрүү, менменсинүү сыяктуу өзүн-өзү жогору сезген жат сапаттардан арылткан адам мына ошол деңиздин албууттанган толкундарына туруштук бере алат.

Напсинин терс арзууларын теске салуу үчүн адам баласы өзүнөзү суракка тартып турушу абзел. Бул багытта: «Жараткан Алланын сурагына тартылганга чейин өзүңөрдү өзүңөр суракка тарткыла!» деп айтылган насаатты эсибизге түйө жүрүшүбүз дурус.

***

Ошондуктан адам баласын бул дүйнөдө да, акыретте да түбөлүк бакытка жетелечү илим – бул жүрөк менен Алла Тааланы жакындан таануу жана бул билгиликтин талабы катары жакшылык иштерди, ибадаттарды чын ыклас менен толук орундатуу. Себеби мындай аяр түшүнүк болбосо, пайда алууга жарай турган илимдердин материалдык жана руханий бир катар илдеттеринен арылуу оор. Ошол үчүн пайдалуу илим бул түшүнүк, көз караш маселеси. Ал болбосо илимдерден пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү чектелип калат. Алтургай терс жолдорго каражат болуп калышы да толук ыктымал. Мындан арылуунун жападан жалгыз жолу – бул «илму наафии»ни (пайдалуу илимди) алуу, тагыраак айтканда, жан дүйнөнү тазалап, баралына келтирүү менен жан дүйнөнү табигый асыл сапаттары менен көркүнө чыгаруу аркылуу өтөт.

Пайдалуу илимден оолак адам маселен, укук таануу окуусун бүтүргөн соң кара кылды как жарчу жерде кандайдыр бир себептер менен калыстыктан, адилеттүүлүктөн тайып, жазыксыз адамды жазага жыгып, анын убалына калышы толук ыктымал. Көп жылдык илимий тажрыйбасы болсо да, «ырайымдуулук» дегенде ичинен ирээнжиген айрым бир атка минерлер элге кызмат кылуунун ордуна, тетирисинче, түйшүк жаратат. Мындай адамдар наадандын наадандыгынан да алдаканча зыянкеч келишет. Алган билимин өз капчыгынын кызыкчылыгы үчүн гана колдонууну көздөшөт.

Адам баласы бул дүйнөдө жана акыретте түбөлүк бакыттын босогосун атташы үчүн ар түрдүү илимдер менен алек болуу учурунда баарыдан мурда пайдалуу илимдин жетегине, жан дүйнө азыгына, руханий байлыкка болгон муктаждыгы күч.

Чынында эле адам баласын бой көтөрүүгө, текеберликке жетелеп түбү көрүнгүс туңгуюкка алпарчу илим сыртынан пайдалуу көрүнсө да, аныгында анын акыры чоң өкүткө себеп болоору бышык. Ошол себептен Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жараткан Алладан илимди дайыма ушул багытта сурап:

*«Оо, Жараткан Алла! Сенден пайдалуу илим сурайм. Мени пайдасы жок илимден оолак кыла көр... Ал үчүн Сага гана баш калкалайм...»* деп дуба кыла турган (Муслим, Зикр, 73).

Бул өңүттөн тасаввуф илиминин да өзөгүн түзгөн пайдалуу илим – адам баласын такыбаалыкка, Жараткан Аллага чын ыкластан кулчулук озуйпасын толук аткарууга багыттоочу илим. Мындай даражага жеткен адамдардын илими «марифат»ка айланган болот.

Мавляна олуя:

«Жараткан Алланын адал жолун жана Анын ыраазылыгына алып барчу жолдун билгилигин напсиге тизгинин карматкан кайдыгерлер билишпейт. Аны жан дүйнө көсөмү атыккан арифкөрөгөчтөр акылы менен эмес, жан дүйнөлөрү менен билишет» дейт.

Илм-у наафиге ээ боло албаган адамдар канчалык илимдүү болушса да, эң иридеги акыйкаттан, Алла Тааланын алдына жарык маанай менен баруу бактысынан куру калышат. Илим кулакмээден жүрөккө түшүп, жан дүйнөдөн сиңирилген чакта гана адам баласына эң асыл сапаттарды тартуулайт. Мына ушундай илим сырткы көрүнүштөн өзөк максатка, б.а., адамдык асыл сапатка, жакшылык иштерге өтүп, эң негизгиси Алла Таалага чын ыклас менен ибадат кылуу бактысына себеп болот.

Жараткан Алла аяттардын биринде мындай дейт:

**«(Элчим!) «Оо, Жараткан! Илимимди арттыра көр...» деп дуба кыл!»** (Тоохаа сүрөсү, 114-аят).

Бул аяттагы «илимди арттыруу» дегенден такыбаалык, Алладан коркуу сезими максат кылынууда. Себеби бул багытта дагы бир аятта төмөнкүчө буюрулат:

«... Адамдардын арасынан Алла Тааладан тек гана аалымдар (татыктуу түрдө) коркушат...» (Фатыр сүрөсү, 28-аят)

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Мен Алла Тааланы баарыңардан эң жакшы таанып-билем. Андан баарыңардан катуу корком»* дейт (Бухарий, Адаб, 72; Муслим, Фадаил, 127).

Демек, илим жан дүйнөгө жетпей, адамды Алла Таалага болгон сүйүүгө жана Андан коркуу сезимине жетелей албаса, ал адам сыртынан аалым катары таанылса да, ал чыныгы аалым болуп эсептелбейт.

Имам Газалий тек гана дүйнөлүк илимдер менен алек болуп, Жаратканды унуткан адамдарга төмөнкүчө кайрылат:

«Ээ, досум! Калам, логика, стилистика, акындык жана башка илимдердин төркүнүнөн пайдалуу илимди таба албасаң, убал сага!»

Ырасында эле адамды Алланын алдында чоң жоготууга учуратып бейишке кирүүгө жана Алланын жамалын көрүүгө пайдасы тийбей турган илим эмнеге жарайт? Илимди текеберликтин, өзүн элден жогору сезүүнүн курмандыгына айландырган Иблис, Балаам бин Баура, Каарун сыяктуу терсаяктардын илимин «илим» деп айтуу мүмкүнбү? Албетте, мүмкүн эмес. Ислам аалымдары илим жөнүндө:

«Илим бул андап-түшүнүү. Түшүнүү болбой илим болбойт. Андап-түшүнүү Жараткан Алланы таануу менен өтөсүнө чыгат. Бул өңүттөн «Жаратканды таануу» (марифатуллах илими) бардык илимдердин өзөгү. Илимдер бул илимге жакындыгына жараша ар бири өзүнчө баага арзыйт...» дешет.

Мавляна олуя мындай дейт:

«Өнөрлүү жана билимдүү адам жакшы. Бирок Иблис шайтандан сабак алгын да, текеберликтен оолак бол! Себеби Иблистин да билими болгон. Ал Адам атанын топурактан жаралганын, сырткы көрүнүшүн көрүп, анын чыныгы жүзүн көрө алган жок»

«Адал жолдун жолоочусуна жолтоо болгон нечелеген аңтүшүнүктөр бар. Ошол үчүн бейиштиктердин көпчүлүгү философтордун залакасынан сактанып, адал жолдон адашкан эмес. Эй, кайдыгер! Текеберликтен, менменсинүүдөн сактан! Пайдасыз нерселерден арылгын да, ар убак Жараткандын чексиз ыракымына бөлөн!»

Эч бир адам тек гана акылы менен акыйкатка жете албайт. Себеби аалам акыл менен гана иликтелген чакта адам баласын сан миң төп келишпестиктерге алпарат. Акыл дүйнөлүк иштер үчүн пайдалуу. Бирок адал жолдун жетегинен алыс болуу менен акыйкаттын өзөгүн өздөштүрүшү мүмкүн эмес. Акыйкатка жетүү – бул акыл менен бирге бекем ыймандын жана өчпөс (Жаратканга болгон) улуу сүйүүнүн иши. Ыйык Курандын жана сүннөттүн нуруна жуурулган акыл акыйкаттын жолунда адам баласын белгилүү бир мерчемге чейин алпарат. Анын ары жагындагы хикмат-сырдын дүйнөсүнө тек гана жан дүйнө менен сапар алуу мүмкүн.

Миң бир сырлуу акыйкат ааламына сапар тартууда акылдын ролун өзүнчө бир тар босогого салыштырсак болот. Бирок ошого карабастан ансыз ирфанга (пайдалуу илимге) жетүү мүмкүн эмес. Мунун талабы катары акылсыз адам «аариф» боло албайт. Ошону менен бирге акыл жалгыз өзү адам баласын ирфанга жеткире да албайт. Андыктан Ислам динин ар тарабы менен тек гана акылдын алкагында толук аңдап түшүнүү мүмкүн эмес. Себеби акыл – бул өзүнчө баскыч болуп эсептелет. Ошол баскычтан Жаратканга бапестелген аруу сүйүүнүн алкагына аттап өтүү керек. Мавляна олуя бул баскычтан өтүү үчүн:

«Мустафанын (Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтүнүн) алдында акылыңды курмандыкка чал!» дейт.

Олуялар учу-кыйыры көзгө илешпес бул деңизден «улуу сүйүү» менен өтүшкөндүгүн айтышат. Ырас алардан акыйкатка жетүүнүн ышкысынан жаралган тунук сүйүүнүн күчүн оңой олтоң гана байкоого болот. Алардын көз карашында бул дүйнөнүн кадырбаркы өзүнүн деңгээлине жараша гана. Ошондуктан дайыма алар эң негизги максатка карай бет алып жанүрөшкөн. Алла Тааланын сүйүктүү олуя пенделери адамдык асыл сапаттын үлгүсү болуп эсептелген пайгамбарлардын напсини теске салуу озуйпаларын, адамзат коомчулугунда алгач өздөрү башынан өткөрүп, артындагыларга мисал болуу аркылуу өтөсүнө чыгарган руханий дүйнөнүн туу чокусундагы адамдардын катарынан орун алышат.

Чыныгы мусулман адам ар жерде Жараткан Алланын чексиз ажайып чеберчилигин көрөт. Бул көрүнүш керемет эмес, ирфанга жана марифатка айланган билгилик болуп эсептелет. Ал жан дүйнөдөгү чыныгы улуу сүйүүнүн талабы. Алланын сүйүктүү пенделери Алла Таалага болгон бул улуу сүйүүнүн жан дүйнөгө берген дем-күчүнөн жаралган назар менен ааламды Алланын кудурет чеберчилигинин алкагында көрүшөт. Адам баласын, жандуу-жансызды жана ааламды өзүнүн сыры, акыйкаты менен көрүшөт.

Шамалдардын, дайралардын, тоолордун тилин түшүнбөгөн, гүлдөрдөн, бак-дарактардан, канаттуу-куштардан сабак ала албаган адамдар үчүн жашоонун даамы кандай болду экен? Ошол жандуу-жансыздардан Жараткандын чексиз Кудурет чеберчилигин сезе албоо кандай гана өкүнүчтүү!..

Саади Ширазий:

«Ариф-кыраакылар үчүн дарактын тек бир жалбырагы Улуу Жараткан Алла Тааланы таанууга жетиштүү. Ал эми наадандар үчүн жер бетиндеги бак-дарактар тек бир жалбырак да эмес» дейт.

Аалам Жараткан Алланын кудурет чеберчилигинин көрнөгү. «Адам» делген белгисиз жандуу Жаратkандын өзгөчө кудурет чеберчилигинин далили. Адам баласын бул дүйнөдө баралына келтирүүчү нерсе – Жаратканга бапестелген аруу сүйүү. Халлаж таш барaңга алынып жаткан кезде дагы баралына келген жан дүйнө издеди. Ошентип ал дагы одүйнө салды.

Анткени ааламдагы жандуу-жансыздын ар бири ар дайым бизге Жаратkандын улуулугун, аруулугун, кудурет чеберчилигин көрсөтүп турат. Жер-суу, ой-кыр, аска-зоолор, жанжаныбарлар, сан түркүн кучкач-канаттуулар, булбулдардын сайрашы, ар жерде бири кызыл, бири көк, бири саргыл, бири сыя ирең тартып жаратылышты көркkө бөлөгөн гүл-өсүмдүктөр дүйнөсү Жараткан Алланын кудурет чеберчилигинин күзгүсү эмей эмине? Пайдалуу илимдин эң иридеги өзгөчөлүгү – бул аалам китебин көөдөн көзү менен окуу. Ааламды Жараткан Алланын ажайып чеберчилигин даңазалаган өзүнчө көрнөк катары таануу, түшүнүү. Алла Таала Куран аяттарында:

«Биз асман-жерди жана алардын ортосундагыларды жөн гана оюн үчүн, максатсыз жаратканыбыз жок» (Духан сүрөсү, 38аят)

«Силер өзүңөрдү Жараткан тарабынан жөн эле жаратылып, кайра (Жаратканга) кайтпайбыз, деп ойлодуңарбы?» (Муминуун сүрөсү, 115-аят ) дейт.

Ошондуктан ар бир илим адам баласын бул дүйнөгө келгендеги эң негизги максатынын талабына ылайык жетелеп, ааламдагы ажайып чеберчилик аркылуу чыныгы Кудуретке алып барышы керек. Алла Таала жаратылышты жан дүйнөгө бейпилдик тартуулаган түркүн түстүү гүлдөр менен көркүнө чыгарган. Эң кайдыгер адам дагы жаратылыштын мындай көркөмдүгүнө назар салган чакта жүзүнө жылмайуу кирет. Ырас, өсүмдүктөр дүйнөсүнө аттанган ботаника илимин пайдалуу илимге айландыра алган мусулман адамдын жан дүйнөсү бүтүндөй адамзатынын жүзүнө жылмайуу тартуулаган өзүнчө гүлзарга айланган болот.

Ошондой эле Жараткан Алланын чексиз кудурет чеберчилигин даңазалаган дагы бир сырлуу казына бул адам баласынын дене-турпаты. Бул казынаны иликтеп илимин илм-у наафиге айландырган медицина илимдеринин адиси Жараткан Кудай Тааланын кудурет кереметинин алдында аң-таң болуу менен бирге оорулуу адамга кичи пейилдик, боорукерлик менен мамиле жасоо сыяктуу асыл сапаттарды багындырган болот.

Ошону менен катар мындай түшүнүккө жете албаган адам илим чөйрөсүнүн же дүйнөлүк мансап-бийликтин туу чокусунда болсо дагы, ал жетишсиз. Анткени тигил же бул илимдин кадырбаркы, баасы эки дүйнөдө тең пайдасы боло турган жан дүйнөнүн баралына келишине, адамдык асыл сапаттын сересине жараша бычылат.

Жогоруда белгиленгендей, пайдалуу илимдин жолу асыл касиеттерди жан дүйнөгө отургузуу аркылуу өтөт. Тагыраак айтканда, пайдалуу илимде напсини менменсинүү, бой көтөрүү, адамдарды төбөсүнөн карап өзүн жогору сезүү, элге көрүнүү, мактануу, акча-байлыктын, бийликтин кулуна айлануу жана башка ушул сыяктуу терс сапаттардан тазалоо аркылуу жан дүйнөнү такыбаалык, мээримдүүлүк, боорукерлик, сабырдуулук, шүгүрчүлдүк, кичи пейилдик, каниеттүүлүк, топуктуулук сыяктуу адамдык асыл сапаттар менен көркүнө чыгаруу зарылчылыгы талап кылынат.

***

Имам Раббаний мындай дейт:

«Эй, менин дин боордошторум! Ар бирибиздин эң алгачкы милдетибиз – бул ишенимибизди ыйык Курандын жана сүннөттүн өзөгү менен түздөө. Бидат жолундагылар (Ислам динине жаңы диний түшүнүктөрдү таңуулагандар) өздөрүнүн өкүмдөрүн, ишенимдерин ыйык Куранга жана сүннөткө ылайык келет деп ойлошот. Бирок чындыгында алардын ишеними акыйкаттан, Жараткан Алланын адал жолунан алдаканча алыс турат!»

Ошондуктан Ислам дининин өкүмдөрүн, адал-арамды, парз, важиб жана сүннөттөрдү билип, ошонун негизинде өмүр кечирүү ар бир мусулман пенденин эң иридеги милдети. Ырас, ишеним туура болбосо, диний өкүмдөрдү билүүнүн, диний өкүмдөр билинбеген чакта ибадат-амал кылуунун, ибадат кылбай туруп жан дүйнөнү тазалап, напсини теске салуунун, ошондой эле напси теске салынып, жан дүйнө тазаланбай туруп ишенимдин, амалдын жана илимдин пайдасы болбойт. Мына ошондуктан Ислам дининин өкүмдөрүн өтөсүнө чыгара орундатуу үчүн ар дайым жан дүйнөнүн тазалыгы, напсинин теске салынышы талап кылынат.

Мына ушундай негиздерге ылайык келген илим жана ишаракеттер пайдалуу илимдин алкагына кирет.

**Оо, Жараткан Алла! Бизге ар дайым пайдалуу илимден насип алууну буйра көр! Бизди ар түрдүү пайдасыз илимдин залакасынан сактай көр!.. Оо, Жараткан! Бизди илимине амал кылгандардын катарына кошо көр!..**

**Оомийин...**

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
## ТАСАВВУФТУК ТАРБИЯ

(Сайру сулуук)

*Тасаввуф – бул пайгамбар мураскорлорунун колунда напсини теске салып, жан дүйнөнү тазалоочу руханий мектеп.*

Адамдар шык-жөндөмү жана күч-кудурети жагынан ар кандаис  даражада жаратылган. Тасаввуфтук тарбия адамдын руханиис  жөндөм-кудуретине, кулк-мүнөзүнө жараша болот. Кулк-мүнөз толугу менен өзгөрүлбөис  тургандыктан Жараткан Алланын мыис замынын чегинде тарбияга салынганда талап кылынган максат багындырылат. Шариятта көрсөтүлгөн жалпыга таандык эрежемыис замдар менен катар тасаввуфта адамдан адамга өзгөргөн номурлуу көз аис нектер сыяктуу атаис ын усулдар колдонулат. Бул жерден аис рым адамдар шарият менен тасаввуфту эки башка нерсе катары түшүнүшү мүмкүн. Бул туура эмес. Шарият менен тасаввуфтун баис ланышы циркуль сыяктуу. Циркульдун туруктуу буту шарият болсо, айланып турчу буту тасаввуф. Ал эми бул эки буттун ортосундагы аралык адамдын кулк-мүнөзүнө, шык-жөндөмүнө жараша кыскартылып-узартылса болот.

Ошондой эле тасаввуфтун эрежелери Алла Тааланын буйрукжарлыктарын толук аткарууга аракет жасаган адамдар үчүн ылайыктуу. Чыныгы мутасаввыфтар – булар сырткы дүйнөсүн да, ички дүйнөсүн да белгилүү эрежелердин негизинде тартипке салган адамдар. Алар сырткы дүйнөсүн ички дүйнөнүн көөнөрбөс дөөлөттөрү менен баралына келтирүүнүн аракетин көрүшөт. Ошону менен бирге сырткы дүйнөнүн баралына келиши

маанилүү болсо да, кептин төркүнү рух дүйнөдө жатат. Себеби адам баласынын кыймыл-аракетине эрк-каалоо түрткү берсе да, эрк-каалоого сезимдердин багыт беришин эстен чыгарбоо абзел. Ал эми сезимдердин чордону – бул жүрөк, жан дүйнө.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханий тарбияда колдонгон аяр эрежелерден бири – бул тарбия көрүп жаткан адамды урушпай, анын кемчилигин өзүнө таңуулоо аркылуу эскертүү бериши болгон. Буга анын көп колдонгон *«Мага эмне болуп калган, силерди мындай же тигиндей көрүп жатам»*[41] деген сөздөрүн мисал келтирүү мүмкүн. Мына ушундай жан дүйнөнүн аяр эрежелерин сактаган адамдар эскертүүнү өздөрүнө, жасаган жакшылыгын башкаларга таңуулоого аракет жасашкан. Алар көбүнесе жүрөктүн тазалыгына, жан дүйнөнүн арулугуна өзгөчө маани беришкендиктен күнөөгө белчесинен баткан адамга дагы боорукерлик менен аяр мамиле жасашат. Себеби алар күнөөкөр адамды эмес, күнөөнү жоготуунун аракетинде болушат. Ошондуктан адамдын терс сапаттарын теске салганга чейин дилмаектин (сукбаттын) берекеси менен жан дүйнөнү ийге келтирип, адал жолго түшүүгө даяр абалга алып келүүгө жанүрөшөт.

Юсуф *(алейхиссалам)* Мисирдин падышасы болгондон кийин учурунда өзүн өлтүрүүгө аракет кылган бир туугандарынын өздөрүнө жардам берүү суранычына терс жооп бербеши, алгач өзүн жашырып аларга сый көрсөтүшү, белек-бечкек тартуулашы – бул руханий тарбияда өзүнчө баа жеткис аяр мамиле. Азирети Юсуф ошол учурда кааласа, колундагы ошончо бийлик, күч менен бир туугандарынан оңой-олтоң гана өч алып койсо да болмок. Бирок ал күнөөлөрүн эскерип көңүл оорутуунун эмес, жамандыкка дагы жакшылык менен мамиле жасоонун, кемчилик-айыптарды жабуунун, жеке өзүнө келтирилген зыяндарды Жаратkандын ыраазылыгы үчүн унутуп койуунун теңдешсиз үлгүсүн багындырган адал жолдун жолоочусу эле. Куран аяттарында Жараткан Алла Юсуф пайгамбардын бир туугандарына жасаган мамилеси жөнүндө:

«(Юсуф) айтты: «Бүгүн силер айыпталбайсыңар. Алла силерди кечирээр. Ал – мээримдүүлөрдүн эң Мээримдүүсү!» (Юсуф сүрөсү, 92-аят) деп буюрат.

Мына ушундай адамды суктанткан баа жеткис мамиленин алдында бир туугандары бушайман болуп, Жаратканга тообо кылып кечирим тилешти. Юсуф алейхиссаламдын адамдык жогорулугун кабылдап тастыкташты.

Төмөндөгү окуя да руханий тарбиянын өзүнчө бир усулдук өңүтүн чагылдырып турат:

Маруф Кархий бир жолкусунда чоң дайранын жээгине сейилге чыгат. Дал ошол маалда бир топ кайдыгер жаш жигиттер жээкте шарап ичип олтурушкан болот. Алар олуяны көрөөр замат өздөрүнүн ошол чекилиги себептүү эми, бизге наалат-каргыш айтат деген ой менен ыңгайсыз абалга түшүшөт. Арасынан кызуу кандуу бирөөсү ачуусу келип, шылдың аралаш:

– Эй, устат! Эмне турасың, бизге каргыш наалат айтпайсыңбы?! Мына бул дайра албууттанган толкуну менен бизди жутуп кетсин... дейт.

Жаштардын азгырык жолго ыктап калганын туйган Мааруф олуя Жаратканга алакан жая:

«Оо, Жараткан Кудай Таала! Мынабу жигиттерге бул дүйнөдө жагымдуу жашоо бергениңдей, акыретте да ошондой бейпил жашоо бере көр...» деп дуба кылат

Олуянын ойго келбес жерден жакшылык тилеп, ак батасын бериши жигиттерди таң калтырат. Түшүнө албай суроо салышып, мындай жооп алышат:

Балдарым! Алла Таала силерге акыретте бейпил жашоо бергиси келсе, тообо кылып кечирим тилешиңерди насип кылат, иншааллах[42].

Ислам залкарынын мындай боорукер мамилеси мас менен соонун ортосунда турган жаштарды арбап алат. Алар өздөрүнүн бул жаңылыш ишине бушайман болуп, Жараткандан кечирим тилешет. Күнөөнүн сормо сазында чардап жатканын аңдап, баары шараптарын төгүп, Аллага тооба кылышат. Ошентип Мааруф олуя береги жаш жигиттердин эки дүйнөлүк бакытка карай багыт алышына себепкер болуп калат.

Жогоруда да белгиленгендей, тасаввуфтагы руханий тарбиянын дагы бир өзгөчөлүгү бул ар бир адамга кулк-мүнөзүнө жараша мамиле жасоо. Тарикаттардын ар түрдүүлүгү кулк-мүнөздөрдүн айырмачылыктарынан улам келип чыккан. Маселен, романтикага ийкемдүү адамдар Мавлавий тарикатынын ыкма-усулдарына жатык келишет. Ал эми оор басырыктуу адамдар Накшибандий тарикатын ылайык көрүшөт.

Кулк-мүнөздүн жок кылынышы мүмкүн эмес. Муршид-у камилдер[43] шакирттерге напсинин азгырыктарына алданбашына карата жол көрсөтүп, асыл максатка карай багыт берүүгө гана милдеттүү. Алар ар бир шакирттин руханий дүйнөдөгү дартына жараша өз-өзүнчө жекече «рецепт-тапшырма» беришет.

Ислам дини келгенге чейинки караңгылык доорунда арабдар өзканынан бүткөн кыз ымыркайларын тирүүлөй көмгөн таш боор адамдар болушкан. Агезде бул коомдо күчтүүнүн гана сөзү «мыйзам» болуп, күчсүздүн акы-укугу этибарга алынбай, адилетсиздик, зордук-зомбулук, баш аламандык өкүм сүрүп турган. Бул коом Алланын акыркы Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханий тарбиясы менен дүйнөнүн эң мыкты коомчулугуна айланып чыга келди. Алла Таалага жана Анын элчисине бапестеген сүйүүлөрүн жүрөгүнүн төрүндө ар дайым жандуу сактоонун берекеси менен ибадаттарын «хушуу» сезиминин алкагында толук аткарууга жетишти. Окуялары кылымдарды карыта кыяматка чейин мусулмандардын оозунан түшпөй, ар бири өзүнчө жылдызга айланды. Алар «кутман сахабалар» делип ардак менен эскерилип калды.

Кутман сахабалар акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* тарбиясы менен руханий жактан өтө жогорку даражаларды багындырууга жетишишкен. Бул багытта Абдуллах бин Масуд *(Алла ага ыраазы болсун)*:

«Биз тамагыбыздан өткөн оокат-аштын тасбихтерин[44] уга турган абалга жеткенбиз!» (Бухарий, Манакиб, 25) дейт.

Тасаввуф бул мына ошол ардактуу акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханий тарбиясынын берекеси менен кутман сахабалар жеткен даражалардан аз болсо да насип алуунун аракетин көрүү. Башкача айтканда, ал азирети Пайгамбарыбыздын чыныгы мураскорлорунун колунда напсини теске салып, жан дүйнөнү тазалоочу өзүнчө руханий мектеп. Бул мектептин босогосун аттап, руханий жактан бышып жетилүү үчүн сапар алуу «сайру сулуук» деп аталат.

*Өзүн тааныган адам*
*Жараткан Алланы да тааныйт...*

## А. НАПСИ ЖАНА АНЫН ТЕСКЕ САЛЫНЫШЫ

### 1. Напсинин маани-маңызы

Жараткан Алла Таала Адам атаны жаамы жандуужансыздын арасынан эң ардактуу кылып бейиште жараткан. Ошону менен бирге Жараткан Алла азирети Адамга жана анын урпагына ыроологон мына ушундай бакыттын кайырымы катары анын бейиште болушун жөн гана бекер эмес, ошого мээнет менен жетүүнү каалаган. Жараткандын бул каалоосунун жүзөгө ашышы үчүн Адам *(алейхиссалам)* жалпыга маалым болгон катачылыкка дуушар болуп, негизги мекени бейиштен чыгарылып, сынак дүйнөсүнө, б.а., бул дүйнөгө жиберилген.

Азирети Адам жана анын урпагынын кайрадан бейишке кайтышы үчүн адам баласы белгилүү сынактардан өтүшү керек.

Мына ошондуктан Алла Таала адам баласына башка жандуужансыздардан айырмалап карама-каршы эки шык-жөндөм ыроологон. Алла Таала мунун натыйжасында адамдар «асфала саафилиин» (эң төмөн, б.а., айбандан да төмөн даража) менен «аалаайи иллиййиин» (эң жогорку) даражаларынын ортосунда ар бири өзүнүн ишенимине, иш-аракетине, Жаратканга жана Анын адал жолуна болгон мамилесине жараша өз ордун табышын каалаган. Демек, ар бир адам табигый шык-жөндөмүн жакшылыкка да, жамандыкка да колдонуу мүмкүнчүлүгү менен «айбандан дагы төмөн» даража менен «периштеден да жогорку» даражанын ортосунда өз ордун табат. Бул болсо пенденин аракетине жараша жүзөгө ашат. Адам баласынын бир катар оң жана терс сапаттарга ээ болушунун сыры мына ушул жерде жатат.

Тасаввуфтук түшүнүк боюнча, адам баласынын табиятында бир учурда жандуулугун сактаган оң жана терс шык-жөндөмдөр «рух-у хайваний» жана «рух-у султаний» деп аталган жан дүйнө чордонунан пайда болот.

Рух-у хайваний – бул адам баласынын өмүрүн уланткан жана биологиялык түзүлүшүн башкарып турган күч. Бул «жан» же «напси» деп да айтылат. Уйкудагы адамга рух-у хайваний үстөмдүк кылгандыктан иш-аракеттердин көпчүлүгү бул учурда адамдын эрк-каалоосунан тышкары жүзөгө ашат. Денеге кыймыл берген, сүйлөткөн, айтор, дененин ар бир иш-аракетине себепкер болуп, өлүм менен кошо денеден чыга турган рух – бул айбандык рух болуп эсептелет. Мунун борбору мээде же жүрөктө болуп, негизги үстөмдүгүн кан аркылуу жүргүзөт. «Халк»[45] ааламына таандык бул рух тарбияланбаган чакта адам баласынын терс багытка бет алышына жардам берет.

Рух-у султаний бул Алла Тааланын адам баласына Өз рухунан салган руху. Адамды бүтүндөй жандуу-жансыздан айырмалап турган өзгөчөлүк мына ушул рухтан келет. «Амир»[46] ааламына таандык бул рухтун денедеги кызматы адам баласынын жакшы ишаракеттерге бет алышына багытталган. Адам бул рух менен Жараткан Аллага моюн сунуп, кулчулук озуйпасын толук аткарууга, Жараткандын адал жолун аздектеп кармануута жанүрөйт. Бул рух денеден жан чыккан соң анын чирип жок болушунан таасирленбейт. Адам баласынын өлүмү менен бул рухтун денедеги кызматы аяктаган болот.

Адам баласы ичиндеги дал ушул карама-каршы эки рухтун күрөшүнүн негизинде кадам шилтейт. Ал султаний рух үстөмдүк кылган кезде жакшылык иштерге бет алса, хайваний рух үстөмдүгүн жүргүзгөн учурда ар түрдүү жат иштерге барат.

Адам напсисин өзүнүн эрк-каалоосу менен башкаруу күчүнө белгилүү өлчөмдө ээ болгондуктан сыйга да, жазага да ийкемдүү зат.

Бул сынак дүйнөнүн эң чоң тоскоолдуктарынын башында турган «напси» негизинен адам баласына ширетилген терс шыкжөндөмдөргө ийкемдүү. Ырасында напсинин өзөгүндө асыл касиеттер да бар. Бул жерде адам баласынын милдети аны терс

сапаттардан руханий тарбия менен арылтып, өзөгүнө ширелген ошол асыл касиеттерин алып чыгуу болуп эсептелет.

Адам сапарга чыкканында үйүнө куру кол кайтып келбөө үчүн канчалык иштеп аракет кылса, утурумдук бул дүйнөдө да түбөлүк акырет жашоосунда бактылуу өмүр сүрүү үчүн дал ошондой аракет кылып, жанүрөшү керек. Анткени ар бир адам акыреттеги түбөлүк бактысын же азабын бул дүйнөдөн алып барат, тагыраак айтканда, акыреттик тагдырын бул жашоодо өзү дайындайт.

Түбөлүк бакыттын эң негизги шарттарынан бири – бул напсини жакшылык иштер менен баралына келтирүү болуп саналат. Баралына келбеген напси жапайы азоо аттын элесин берет. Азоо ат үстүндөгү адамды негизги барчу жерине алып баруунун ордуна, өзү каалаган жерге ала качып адамга залакасын тийгизип койушу толук ыктымал. Ал эми аны белгилүү убакыттын ичинде үйрөтүлгөн атка айландырса, ал ээсин эң коркунучтуу жолдордон да аман-эсен алып өтүп, каалаган жерине алып барат. Үйрөтүлбөгөн азоо ат менен каалаган жерге баруу кандай оор болсо, теске салынбаган напси менен жашоодогу улуу максатка (Жаратандын ыраазылыгына) жетүү ошончолук оор.

Чынында эле напси адам баласын жандуу-жансыздын эң ардактуусуна айлантууга да, айбандан төмөн даражага түшүрүүгө да жөндөмдүү. Ал теске салынса, адамды жакшылыкка, ал эми теске салынбаган учурда жамандыкка жетелеген сырлуу нерсе.

Руханий тарбиядан алыс напси акка кара көө жаап, адамды карама сокурга айлантат. Ошону менен катар жогоруда да белгиленгендей, адам напсинин мындай бийик ашууларына карабастан терс сапаттардан арылып, жан дүйнөсүн ар түрлүү рухий ыпластыктардан тазалап, асыл сапаттар менен көркүнө чыгарса, периштелерден дагы жогору даражага жете алат. Анткени ар бир иштин натыйжасы багындырылган кыйынчылыктардын даражасына жараша болот.

Алла Таала менен пенденин ортосуна кайдыгерликтин көшөгөсүн тартып, адам баласын түз жолдон адаштырган жана жүрөктү Жараткан Алладан башка нерселер менен алек кылган шыбыштар дагы ошол напсинин терс сапаттарынан болуп эсептелет. Анын түгөнгүс арзууларына карата олуттуу чечимдин негизинде жүзөгө ашырылган руханий тарбия менен туруштук берүү мүмкүн. Бул чечим туруктуулукту, зиректикти, эрктүүлүктү талап кылат. Мына ошондуктан акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу хадистеринин биринде:

*«Чыныгы мужахид – бул напсисине каршы күрөшкөн адам!»*

деген (Тирмизий, Фазаилул-жихад, 2; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 6, 20).

Напси өзүнө каршы жүргүзүлгөн күрөш аркылуу түп орду менен жок кылынбайт, ал болгону теске салынат. Ансыз да, Жараткан Алланын талабы напсини жок кылуу эмес, аны ашкереликтен алыс кармап, Жалгыз Өзүнүн ыраазылыгына ылайык тарбияга салууга багытталган. Бул жаатта Имам Газалий адам баласын чабандеске салыштырып:

«Напси – бул адамдын мингич аты. Эгер адам напсинин тизгинин бош кое берип, анын жолу менен кете берсе, бир балээге дуушар болушу бышык. Эгер (айрым бир индус диндериндегидей же мистикалык философиялардагыдай) напсини өлтүрүүгө аракет кылса, бу сапар акыйкаттын жолунда атсыз калат. Ошондуктан напсинин тизгинин колго алып, аны туура жолдо колдонуу керек» дейт.

Напсини теске салууда ушул эрежени сактоо ошол эле учурда пайгамбарлык усулыкманын талабы болуп эсептелет. Бул багытта Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз жеп-ичүүдөн, үй-бүлө куруудан баш тартып, өздөрүн ибадатка гана арнагандарга тоскоол болуп, Ислам динине мындай ашкерелик ылайык

келбегендигин баса белгилеп, ашкерeликтен алыс руханий тарбиянын үлгүсүн өзү көрсөтүп кеткен.

Напсини теске салуу учурунда напсинин абалына жана даражасына жараша бир катар оор машакаттар жаралат. Мына ошол оор машакаттардын эң иридеги апааттарынан бири – бул басып өткөн жолдордон (бир катар өзгөрүүлөрдөн) кийин өзүнө ыраазы болгон, өзүн жогору көргөн сезимге жетеленүү. Бул жашыруун текеберликке, бой көтөрүүчүлүккө кирет. Напсиге каршы күрөшүүдө эң кичине кайдыгерлик, ийненин көзүндөй кошкөңүл мамиле дагы адамды мурунку «таз кейпине» алып келип коет. Себеби ал дайыма ойгоо болгондуктан анын таштаган ар бир кадамы кооптуу. Ошондуктан ага өтө кылдат мамиле жасоо кажет.

Андыктан ар бир мусулман адам көөдөнүндө алып жүргөн, өзгөчө таасирлүү күчкө ээ болгон напсиге каршы туруштук берүү үчүн руханий жактан туруктуу зиректикке аша муктаж болгондугун эсине түйүп койушу абзел. Руханий жактан туруктуу зиректикке напсинин ар түрлүү ашууларынан Ыйык Курандын жана сүннөттүн тарбиясына жуурулган эрк-каалоо менен ашып, аны адал жолдо алып жүрүү аркылуу жетүүгө болот.

Адам баласынын үйрөтүлгөн атына салыштырылган, ошентсе да, табиятында «азоолук касиети» ар дайым жандуулугун сактаган напсини кантип теске салуу керек? Напсини теске салуу менен кандай даражаларды багындырууга болот? Эмесе, кептин учугу ушул багытта улансын.

*Кептин төркүнү гүлдөй табиятка ээ болууда жатат. Башкача айтканда, тирүүлүк гүлзарында тикендерден ирээнжип жүз үйрүбөй, керек болсо кыштын ызгаарындай оор машакаттарга көкүрөк кере жаздай жадырап, бүт ааламга гүлдөй сүйкүмдүү болуу зарылдыгы күч.*

## 2. Напсинин теске салынышы

Напсини теске салуу дегенде аны эң алгач каапырлыктан, наадандыктан, туура эмес ишенимдерден жана терс сапаттардан арылтуу деп түшүнүү абзел. Тагыраак аис тканда, ал шариятка ылаис ык келбеген ар түрлүү ишенимдерден, аң-түшүнүктөрдөн, жат иш-аракеттерден оолак болуу, дегенди түшүндүрөт. Ислам дини напсини теске салып тазалагандан киис ин аны ыис ман, илим, ирфан, хикмат сыяктуу такыбаалыктын асыл касиеттери менен шөкөттөп, көркүнө чыгарууну көздөис т.

Тасаввуфтун негизги максаттарынын бири бул напсинин арзуу-каалоолорун азаис тып, анын денедеги үстөмдүгүн басаңдатуу аркылуу рухтун үстөмдүгүн орнотуу. Бул напсиге каршы эркти күчүнө киргизе турган руханиис тарбиянын жолу менен, б.а., жепичүү, уктоо жана сүис лөөдө орто жолду кармануу менен камсыздалат. Тасаввуфта напсини тизгиндөөнүн усул-ыкмасы «аз жеш, аз уктоо жана аз сүис лөө» деген түшүнүктөр менен аныкталат. Себеби булар руханиис тарбия менен напсиге үстөмдүк кылуунун алгачкы кадамдары болуп эсептелет. Бул жерде эскерте кетчү жагдаис , жогоруда белгиленгендеис бул усул-ыкмаларды жүзөгө ашырууда маселен,

тамактануудан бир канча күн баш тартып денеге ашкере азап бербеис , Паис гамбарыбыз үис рөткөн «орто» жолду колдон чыгарбоо кажет. Себеби дене – бул Алла Тааланын адамдарга ыроологон өзүнчө аманаты.

Мына ошондуктан пенде напсисин теске салуу учурунда анын ар түрлүү арзуу-каалоолоруна каршы туруштук берүүдө ашкереликтен оолак болушу керек. Жалпыга маалым болгондой, ар бир нерсенин эки тарабы болгону сыңары ашкереликтин да эки тарабы бар. Анын бири тамактануудан, уйкудан бир канча күн удаамаудаа баш тартуу, такыр сүйлөбөө болсо, экинчиси ашкере тоюнуу, ашкере уктоо, дайыны жок көп сүйлөө болуп эсептелет. Андыктан бул багытта да акыркы Пайгамбардын таалими ар бир мусулман баласы үчүн өзгөчө мааниге ээ. Ислам дини ар дайым ошол орто жолду сунуш кылат. Дагы бир жолу эскерте кетсек, Ислам désininде напсини түп орду менен жоготуу талап кылынбайт. Аны тарбиялап теске салууну гана талап кылат. Демек, напсини тазалоо – бул анын терс багытка жетелеген миң бир түрлүү арзуу-каалоолорун Жараткан Алла койгон мыйзамдын алкагында тизгиндеп теске салуу дегенди түшүндүрөт.

Напси адам баласынын түбөлүк бакытка жетишине же азапка дуушар болушуна түздөн-түз таасир этүүчү өзгөчө факторлордун катарына кирет. Напсини теске салуу үчүн эң алгач Жараткан Алланын ыраазылыгын гана көксөп, жат иштерге каршы туруктуу аракет кылуу кажет. Ар бир мусулман баласы өзүнүн кемчилигин, алсыздыгын аңдап, Жараткан Алланын чексиз кудуретине, чексиз улуулугуна, аруулугуна, чексиз чеберчилигине назар салып, ар бир кадамын ошого жараша таштишы керек. Эгер ошол нерсе жүзөгө ашса, анда Курандын тили менен айтканда, «жамандыкка жетелеген»[47] напси терс сапаттарынан арылып, Ислам талап кылган калыпка келет.

Напсини теске салып тазалоого аракет кылуу жана ушул максатта олуттуу кадам таштоо менен «сайру сулукка» (руханий тарбияга) кирүү маанилүүлүгүнө жана кыйынчылыгына жараша хадисте айтылгандай, «чоң (оор) жихад» катары кабылданат.

Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Табук казатынан кайтып келе жатып кутман сахабаларына:

*«Азыр жеңил күрөштөн оор күрөштү көздөй баратабыз»* деп айткан эле.

Чынында эле Табук казаты башка казаттарга салыштырмалуу алдаканча оор болгон. Ырас, бул жүрүштү башынан акырына чейин эки жүздүүлөрдүн ар түрдүү оюндары, бузукулугу, бир жагынан шайтандын азгырыгы коштогон. Ошол жылы күн өзгөчө ачуу тийип, кургакчылык өкүм сүрүп турган эле. Табук Медина шаарынан алыс болгондуктан, жөө баруу өтө кыйын болгон. Анын үстүнө бул учурда түшүм жыйноо мезгили да келип калган.

Бул казатта мусулмандар Византия империясы менен беттешүүгө даярдык көрүп жатышкан эле. Мына ушул алп Византия империясы менен кармашуу деген кабардын өзү эле мусулмандар үчүн өтө оор болгон. Мында үч түмөн (отуз миң) Ислам колу миң чакырымдык жолду басып өтүп, кайра артка кайткан эле. Мусулмандар Мединага кайтып келгенде кадимкидей өзгөрүп сакалчачы өсүп жүдөп калышкан болучу.

Мына ушундай узун жолдон кайтып келаткан сахабалар Пайгамбарыбыздын сөзүнө таң кала:

- О, Алланын Элчиси! Бизди көрүп турасыз! Мындан да чоң күрөш барбы? дешет. Анда Азирети Пайгамбарыбыз:

- *Ооба! Азыр биз жеңил жихаддан оор жихадка напсинин азгырыгы менен күрөшүүгө баратабыз!*[48] деген экен.

Ошону менен катар мурунку казаттарга катышып, Табук казатына гана себепсиз барбай калышкан үч сахаба менен кутман сахабалар жана акыркы Пайгамбар сүйлөшпөй, жүзүн карабай, алтургай саламдарына дагы алик албай калгандыктан бушаймандыкка буулугуп, касырет тартышы Ислам тарыхында өзүнчө орунду ээлейт.[49]

Мына ушундай казат жеңил күрөш катары кабылданып, ага катышпоо адамды бул дүйнөдө эле ушунчалык төмөн даражага түшүрсө, «эң оор күрөш» деп аталган напсинин теске салынышына кайдыгер мамиле жасоо эртең Жараткан Алланын алдында адамды канчалык оор абалга дуушар кылаар болду экен?... Жүрөктүн үшүн алган бул акыйкаттын алдында ар бир мусулман адам напсисине карата олуттуу чечимге келип, аны суракка тартышы керек.

Улуу Жараткан Алла Тааланын мынабу эскертүүсүн эсибизге түйө жүргөнүбүз абзел:

«Силерди жөнү жок, эч бир максатсыз жаратканыбызды жана өзүңөрдү Бизге кайтарылбай турганыңарды ойлоп жатасыңарбы?!» (Муминуун сүрөсү, 115-аят).

«Адам баласы өзүн жөн гана, эч максатсыз жаралган деп ойлоп жатабы?!» (Кыямат сүрөсү, 36-аят).

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринин биринде:

«*Акылдуу адам напсисине ээ болуп, аны суракка тартып өлүмдөн кийинки жашоосунун камын көрөт. Ал эми наадан напсисин бош кое берип, Алладан (жакшылык) күтөт*» дейт (Тирмизий, Кыямат, 25; Ибн Маажа, Зухд, 31).

Бул өңүттөн ар бир мусулман адам напсисине каршы олуттуу мамиле жасашы керек. Напсини теске салууда анын усул-ыкмалары менен жакындан тааныш болушу абзел. Болбосо, бул жаатта дагы «бөрк ал десе, баш алуучулукка» ыктап кетүү коркунучу жандуулугун сактайт.

Напсинин азгырыктарына карата Алла Таала төмөнкү эскертүүсүн берет:

أَرَأَيْتَ مَنِ اتَّخَذَ إِلٰهَهُ هَوَاهُ أَفَأَنْتَ تَكُونُ عَلَيْهِ وَكِيلًا

**«(Элчим!) Напсилик арзууларын өзүнө кудаиА кылып алган адамды көрдүңбү? Ага эми сен көзөмөл болмокчусуңбу?»** (Фуркан сүрөсү, 43-аят).

Куттуу хадистердин биринде Пайгамбарыбыздын:

*«Үммөтүмдөн эң көп тынчсызданганым напсинин (терс багытка жетелеген миң түрлүү) арзууларына ыктап кетиши»* дегени бар (Суйутий, Жамиус-Сагиир, 1, 12).

Мына ошондуктан напсини теске салуу ар бир мусулман адам үчүн жоопкерчилиги оор, өзгөчө мааниге ээ жагдайлардын бири. Бул жоопкерчиликтин маанилүүлүгү жөнүндө Алла Таала:

قَدْ أَفْلَحَ مَنْ زَكَّاهَا وَقَدْ خَابَ مَنْ دَسَّاهَا

**«Кимде-ким напсини тазаласа, *сөзсүз* ал ийгиликке жетет. Ал эми кимде-ким аны жамандыкка агытса, *сөзсүз* ал зыянга учурайт»** (Шамс сүрөсү, 9-10-аяттар) деп буюрат. Демек, напсисин теске салып тазалаган адам барчу жерине аман-эсен жетсе, анын азгырыгына алданган адам оор жоготууга учурайт. Адам баласы напсиге канчалык баш ийсе, ошончолук азап чегип, ал эми аны тизгиндеп теске салса, периштелерден дагы жогору даражаларды багындыра алат.

Ошондой эле кайыр-садагалар, элге көрсөтүлгөн кызматтар, жакшылык иштер дагы напсинин туура жолду, акыйкатты табышында өзгөчө мааниге ээ. Себеби жакшылык

иштер напсини адалдыктын, жакшылыктын кадыр-баркы менен жакындан тааныштырат. Жакшылык иштер менен катар сөздүн эң көркөмүн, эң улуусусун, эң сулуусун т.а., Жаратkандын сөзү ыйык Куранды окуу, андагы жан дүйнөнүн чаңкоосун кандыраар насааттарды угуп, аны менен камыр-жумур жуурулуша жашоо – напсини теске салуунун эң мыкты жолу болуп эсептелет. Өмүрүн ыйык Курандын көрсөтмөсү менен өткөрүүгө бет алган адам напсинин терс жолго жетелеген арзууларынан, акка кара көө жапкан шайтандын ар түрлүү азгырыктарынан алыс болуп, Жараткан Алланын гана ыраазылыгын көксөп жашайт. Жан дүйнөсү Жараткандын жан азык нуруна толот. Мындай абалга келген пенде үчүн көзгө көрүнгөн бул дүйнөнүн өтөсүн жаап турган руханий көшөгө ачылып, аалам миң бир сырлуу өзүнчө китепке айланат.

Ошондуктан эч бир мусулман адам ыйык Курандагы Жараткан Алланын буйрук-жарлыктарына карата кайдыгер мамиле жасабашы керек. Түбөлүк бактысына өз колу менен балта чаап албашы кажет.

***

Ыйык Куранда напсинин теске салынышына байланышкан көптөгөн аяттар бар. Бул аяттарда напсинин теске салынышы үч өңүттөн каралат:

1.Алла Тааланын теске салышы

2. Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* тескеши.

3.Ар бир адамдын өз напсисин теске салышы.

**1. Алла Тааланын теске салышы**

Жараткан Алла аяттардын биринде:

فَلَا تُزَكُّوا أَنْفُسَكُمْ هُوَ أَعْلَمُ بِمَنِ اتَّقَى

**«...Өзүңөрдү (жактырып) актабагыла! Ал кимдин такыбаа экенин эң жакшы билет!»** (Нажм сүрөсү, 32-аят) деис т.

Өткөн кылымдын муфассир аалымдарынан маркум Элмалылы Хамди Языр бул аятка төмөнкүчө түшүндүрмө берет:

«Өзүңөрдү күнөөсүз, кемчиликсиз, таптаза эсептеп мактанбагыла! Себеби өзүңөр баис кабаган көп кемчиликтериңер болушу мүмкүн»

Бул багытта муфассир Алусиис мындаис деис т:

«Бул аят «-Биздин намазыбыз, кармаган орозобуз жана ажылыгыбыз бар» деп мактангандарга карата түшүрүлгөн, деген риваяттар бар. Ошондуктан мусулман баласы өзүн-өзү жактырган боис көтөрүүчүлүк, текеберлик сыяктуу сезимдерден оолак болуп, жасаган жакшылык иштерин, аткарган ибадаттарын жашыруун сакташы абзел»

Дагы бир аятта Алла Таала:

**«Өздөрүн «таза» деп эсептегендерди көргөн жоксуңбу? Ырасында, Алла Таала кимди кааласа, ошону тазалайт»** (Ниса сүрөсү, 49-аят) деп буюрат.

Бул аятта өзүн «аппак» көрүп, Ислам динин эрежемыйзамдарына карата шылтоо таап напсинин курмандыгына айлануу маселеси жөнүндө сөз болууда. Негизи руханий тазалык такыбаалыкка байланыштуу. Такыбаалык болсо рух дүйнөнүн эң асыл сапаты болуп, анын акыйкатын жалгыз Алла Таала гана билет. Тагыраак айтканда, кимдин жан дүйнөсү таза, кимдики кара экендиги Аллага гана маалым. Аны биз биле албайбыз. Бул өңүттөн, өзүбүздү өзүбүз актаганыбыз эмес, Алла Тааланын актаганы маанилүү.

Учурунда азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

*«Оо, Жараткан Алла! Напсиме такыбаалыгын (ынсабын) бере көр... аны теске салып тазалай көр... Сен анын Эгесисиң!...»* деп дуба кыла турган (Муслим, Зикр, 73).

Нур сүрөсүнүн 21-аятында:

**«...Эгер силерге Алланын ыраакымы, мээрими болбогондо, эч бириңер эч качан (күнөөдөн) тазалана алмак эмессиңер. Бирок, Алла Таала Өзү каалаган пендесин (күнөөдөн) тазалайт. Алла Таала бардык нерсени Угуучу, Билүүчү!»** деп буюрулат.

Бул аяттан байкалгандай, адамды ар түрлүү күнөөлөрдөн, рухий ыпластыктардан тазалоо Аллага гана таандык. Анткени Алла Таала учу-кыйырсыз ыраакымы менен пендесине напсисин тазалап, адал жолдо жүрүшү үчүн шарттарды түзүп берет. Бул өңүттөн пенде текеберлик дартынан сактанып, Кудай Тааланын ырайымы менен жеткен жогорку даражаларга жалгыз өзүнүн гана аракети менен жеткендигин ойлоп, бой көтөрбөшү керек. Акыретте Алла Таала актабаса, эч ким өзүн-өзү актай албагандыгын жакшы түшүнүп алышы керек. Мына ушул түшүнүк түбөлүк бакыттын босогосун аттоодо өзгөчө мааниге ээ. Себеби напсини теске салып тазалоо канчалыгы менен аракет жагынан адамдын өзүнө, ал эми багыт берүү, жол көрсөтүү жагынан пайгамбарларга жана алардын чыныгы мураскорлоруна (муршиддерге) тиешелүү көрүнсө да, ырасында чексиз ыраакымы менен пенделерине ар түрлүү рухий ыпластыктардан тазалануу мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берүү (маселен, акылды бериши, ой-жүгүртүүгө жөндөмдүү кылышы, рухий ыпластыктардан арылууга жете турган күч-кудурет бериши) өңүтү Алла Таалага гана таандык.

**2. Алланын акыркы Элчисинин (саллаллаху алейхи васаллам) теске салышы**

Куранда акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* милдеттери жөнүндө төмөнкүчө буюрулат:

كَمَا أَرْسَلْنَا فِيكُمْ رَسُولاً مِنْكُمْ يَتْلُو عَلَيْكُمْ آيَاتِنَا وَيُزَكِّيكُمْ
وَيُعَلِّمُكُمُ الْكِتَابَ وَالْحِكْمَةَ وَيُعَلِّمُكُمْ مَا لَمْ تَكُونُوا تَعْلَمُونَ

**«Биздин аяттарыбызды окуп, силерди (күнөөдөн) тазалай турган, Китеп менен даанышмандыкты, силер мурда билбеген нерселерди үйрөтө турган элчини силердин араңардан жибердик»** (Бакара сүрөсү, 151-аят)

**«Алла алардын өздөрүнүн ичинен элчи жиберүү менен момундарга ыраакымын төктү. Ал аларга Анын аяттарын окуп берет жана аларды (күнөөдөн) тазалайт. Аларды мурда адашууда жүрүшкөнүнө карабастан Китепти окууга жана даанышмандыкка үйрөтөт»** (Аали Имран сүрөсү, 164-аят)

Бул аяттардан дагы ачык-айкын байкалгандай, азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын үч негизги милдети болгон:

**а. Алла Тааланын аяттарын элге жеткизүү**

Пайгамбарлардын Алланын адал жолуна чакырыгы өздөрүнө билдирилген вахийди өз үммөттөрүнө жеткирүү менен башталат. Бул милдет элди адал жолго багыттоодо эң алгачкы баскыч болуп эсептелет.

**б. Напсини тазалап теске салууга багыт берүү**

Тавхид чакырыгынын өз максатына жетиши напсини, жан дүйнөнү жалгыз Жаратканга ишенбөөчүлүктүн үрөөндөрүнөн, Аллага шерик кошуудан, күнөө иштерден, рухий ыпластыктардан тазалап, асыл сапаттар менен көркүнө чыгаруу талабына түздөнтүз байланыштуу. Ырас, Ислам дини келгенге чейин түркөйлүктүн түтүнүнө тумчуккан сахабалар акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханий тарбиясы менен жан дүйнөлөрүн көркүнө чыгаруу менен баралына келип, асыл адамдарга айланышты.

Алардын баштан кечирген ибараттуу окуялары жалпы момун-мусулмандардын тилинен да, дилинен да түшпөй муундан муунга өтүп кылымдарды карыта айтылып келди, жана айтыла да бермекчи.

**в. Китептин жана даанышмандуулуктун таалими**

Бул баскычта мусулман баласынын өмүр-жашоосун белгилүү бир тартипке салган мыйзамдар топтому камтылган китеп, т.а., ыйык Курандын таалими жөнүндө сөз болмокчу. Ырасында Ыйык Курандын өзөгү менен жакындан таанышуу рух дүйнөнүн даражасына байланыштуу. Көз менен мээ маалыматты жан дүйнөгө алып баруучу себептер болуп саналат. Ошондуктан жүрөк менен гана Ыйык Курандын өзөк маани-маңызын аңдап түшүнүүгө болот.

Куран – бул өзүнчө миң бир сырлуу казына. Бул сырлар жан дүйнөнүн тазалыгына, анын баралына келишине жараша ачылат.

Даанышмандуулуктун, хикматтын таалими мына ушул баскычтардан кийин келет. Анткени Алла Тааланын чексиз кудурет чеберчилигинин «сөз» түрүндөгү абалы болгон Ыйык Курандын хикмат-сырларына жан дүйнөсүн тазалаган жандар гана жете алат.

Куттуу аяттарда напсини теске салуу менен ыйык Курандын жана даанышмандуулуктун таалиминин бир жерде эскерилиши жан дүйнөсү ыплас адамдар пайдалуу илим ала албашын, алышса да ал илим өздөрүнө пайда алып келбешин билдирет. Анткени илим менен хикмат-даанышмандуулук өзүнчө нур, дөөлөт болуп, аны алуу үчүн анын орун алган жерин, б.а., жан дүйнөнү алгач керексиз, пайдасыз жана зыяндуу нерселерден арылтуу зарылчылыгы турат. Бул өңүттөн пайгамбарлар алгач Алланын аяттарын окушуп, андан кийин бул аяттарга ишенген адамдардын напсилерин терс сапаттардан арылтып, жан дүйнөлөрүн ар түрлүү рухий ыпластыктардан тазалоого багыт беришкен. Андан кийин напсисин теске салып, жан дүйнөсүн көркүнө чыгаруу менен руханий жактан баралына келген пенделерге ыйык Китепти (Жараткандын сөзүнүн өзөк маани-маңызын) жана даанышмандуулукту үйрөтүшкөн. Ааламдагы купуя сырларды жана кудурет чеберчиликтерин мына ушундай адамдар гана жетик түшүнүп, даанышмандуулуктун өзүнчө булагына айланышкан.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын бул милдеттеринен аяттарды окуп, адал-арам эрежелерин элге жеткизүү аалымдар тарабынан, ал эми напсини теске салып тазалоо менен жан дүйнөнү көркүнө чыгарууда жол көргөзүү милдети мурშиддер тарабынан кыяматка чейин улантылмакчы.

**3. Ар бир адамдын өз напсисин теске салышы**

Бул багытта Алла Таала Шамс сүрөсүндө төмөнкүчө буюрат:

**«Напсиге жана ага шекил берип жакшылыктын да, жамандыктын да жышааналарын (үрөөнүн) *илхам кылып* жайгаштырганга ант! Кимде-ким аны (напсини) тазаласа, сөзсүз ал ийгиликке жетет. Ал эми кимде-ким аны жамандыкка агытса, сөзсүз ал зыянга учурайт»** (Шамс сүрөсү, 7-10-аяттар).

Бул аяттардан байкалгандай, ар түрлүү күнөөлөрдөн тазаланып, жан дүйнөсүн асыл сапаттар менен көркүнө чыгарган адамдар чыныгы бакытка жетишет. Алла Тааланын:

«(Такыбаа) пенделеримдин катарына кошулуп, бейишиме кир!» (Фажр сүрөсү, 29-30) деген аятындагы куш кабар да ошол пенделери жөнүндө.

Дагы бир аятта Алла Таала:

قَدْ أَفْلَحَ مَنْ تَزَكَّى  وَذَكَرَ اسْمَ رَبِّهِ فَصَلَّى

**«Чынында эле (өзүн күнөөлөрдөн) тазалаган жана Жаратkандын ысмын даңазалап Ага кулчулук кылган адам, шеккүмөнсүз, ииАгиликке жетти»** (Аалаа сүрөсү, 14-15-аяттар) деис т.

Бул аяттагы мынабул тизмек өзгөчө маанилүү:

- алгач жан дүйнөнү да, денени да ар түрлүү ыпластыктардан тазалоо жана мал-мүлктү адал жолдон табуу
- мына ушунун негизинде Алла Таала менен пенденин ортосундагы кайдыгерликтин көшөгөлөрүн алуу,
- андан соң адал азык менен азыктанган дене жана аруу жан дүйнө менен ибадаттарды толук кандуу түрдө аткарып, жан дүйнөнүн ажарын ачуу.

Муфассир аалымдардан Бурсавий:

«Бул аят шариятка дал келбеген иштерден напсини алыс кармоого, жүрөктү дүнүйөгө болгон ашкере сүйүүдөн (б.а., байлыкбийликтин, шат-кумардын кулуна айлануудан) арылтууга, күчтүн жетишинче Жараткан Алланын адал жолуна бет алууга, Алладан башка бирөөнү даңазалап эстөөдөн дагы оолак болууга чакырат» дейт.

Алланын сүйүктүү пенделеринен Абу Бакир Каттаний көз жумаар алдында учурашууга келген адамдын амалы жөнүндө сураган суроосуна төмөнкүчө жооп кайтарган экен:

«-Өлүм алдында болбогонумда, сизге бул дүйнөдө кылган амалым жөнүндө ооз ачмак эмесмин. Толук кырк жыл бою жүрөгүмдүн эшигинин алдында күзөттө турдум. Аны Алла Тааладан башка эч кимге ачпаганга аракет кылдым. Акыры жүрөгүм жалгыз Алла Тааладан башка эч кимди тааныбас абалга келди»

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* жогорудагы аятта өткөн «тазаккаа» (тазалаган) деген сөзгө «адамдын «Лаа илааха иллаллах» деп айтышы» деп түшүндүрмө берген (Куртубий, ал-Жаамии, 20-том, 22-бет). Анткени напсини теске салуудагы эң алгачкы кадам жүрөктөн «каапырлыктын» (Жаратканды четке кагуунун) жана «ширктин» (Жалгыз Жаратканга шерик кошуунун) үрөөндөрүн тазалоо менен башталат.

Келме алгач жалган кудайларды четтөө менен башталат. Тагыраак айтканда, «лаа илааха» (кудай жок) делип жүрөктөн өзүнчө кудай абалына келген напсинин туңгуюкка жетелеген арзуукаалоолору чыгарылат. Андан соң тастыктоо сөзү айтылат. Башкача айтканда, «иллаллах» (Алладан башка) делип, жүрөк Жараткан Алланын тавхид нуруна толтурулган болот.

Акындардын бири бул багытта мындай деген экен:

«Жан дүйнө сарайыңан Алладан башка эмне болсо, баарын чыгар! Себеби кансарай таза болбосо, падыша келбейт»

Напсинин азгырыгы жөнүндө Ибрахим Дусукий олуя:

«Уулум! Күндүзү орозо кармап, түнкүсүн намаз окуу менен жан дүйнөңдү тазалап көркүнө чыгаруу аркылуу Алла Таалага чын ыкластан ибадат кылууга жетишсең да, эч качан өзүңдү жогору көрүүгө түрткөн сезимге алдыра көрбө! Текеберликке жеңилип, напсиңдин азгырыгына алдана көрбө! Себеби нечелеген шакирттер каранын добулбасын урган напсинин азгырыгына алданбады...» дейт.

Ал эми Хатаму Асам олуя бул багытта:

«Көркөм кансарайларга, ажайып кооз бакчаларга алданба! Ырас, бейиштен өткөн эч бир кооз жер жок. Бирок азирети Адам атанын башына эмне түшкөн болсо, бейиштин ошол чексиз ажайып жеринде түштү. Напсиси ал жерде түбөлүккө болууну самады. Тыйуу

салынган мөмөгө жакындады. Ошентип ал Алла Тааланын каалоосу менен бул дүйнөгө жиберилип жазасын тартты.

Ибадатыңдын жана кереметиңдин көптүгүнө да алданба! Анткени өзүнө ыроолонгон не деген кереметтерге карабастан Балаам бин Бауранын[50] башына түшкөн балээни эсиңе түйүп ал!

Сен, сен бол! Илимиңе жана жасаган жакшылыктарыңа алданба! Илиминин жогорулугуна жана Аллага болгон кулчулугуна карабастан иблис эмне болду? Напсинин арам жолго беттеген арзууларына, шайтандын түркүн түстүү азгырыктарына алданып, айласыз «аңга» түшкөндөрдөн боло көрбө!

Пенделерине чексиз мээримдүү Улуу Жараткан Алла Таала шайтандын азгырыктарына карата эскертүү иретинде төмөнкүчө буюрат:

**«(Иблис): "Мени кууп жибергениң үчүн мен аларды (адамдарды) адаштыруу үчүн Сенин Туура Жолуңа олтуруп күтөм» деди»** (Аараф сүрөсү, 16-аят).

**«(Иблис айтты): «Оо, Жараткан! Мени адаштырганың үчүн аларга жер жүзүндөгүлөрдүн баарын сонун көргөзүп, алардын баарын азгырам»** (Хижр сүрөсү, 39-аят).

Дайыма такыбаа адамдардын жанында жүрөм, деп өзүңө ишенбе! Себеби супсак биримдик пайдасыз болот. Саалаба азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын дилмаектеринен калбаса да, маселенин төркүнүн өздөштүрө албагандыктан өкүнүчтүү акыбетке дуушар болду.

Азирети Нухтун баласы пайгамбардын уулу болсо да, атасынын айткан насаатына кулак төшөбөй, өзүн жогору сезип топон суунун көк ириминде түбөлүк бактысыздардын кербенине кошулуп кете берди. Пайгамбар ошентип өз канынан бүткөн чүрпөсүнө да пайда бере албады.

Азирети Лут пайгамбардын жубайы каапырларга болгон жакындыгы, тараптарлыгы себептүү жанындагы адал жолдун жолбашчысын тааный албады. Анын кадырына жете албады. Ал дагы кайдыгерликтин кара туманына тумчугуп, карама сокурга айланды. Түбөлүк бакыттын мөлтүр булагынан бир ууртам дагы даам сыза албай, акыретке ач кетти.

Сөздүн кыскасы, канчалык илимге, мал-мүлккө ээ болсоң да, канча балаң, канча досуң болсо да, канчалык ибадат кылып, жакшылык иштерди аткарсаң да, акыретте жүзүм жарык болсун десең, эч качан мактанба! Өзүңө ыроолонгон ооматтын кадырына жетип, напсиңдин азгырыгына алдана көрбө!» дейт.

Куран аяттарында «напсинин ашууларын ашып, терс сапаттардан арылгандар» түбөлүк бакытка багыт алаары баса белгиленет. Бул жерден ошол эле учурда жан дүйнөсүн ар түрлүү рухий ыпластыктардан арылта албагандар ийгиликке жете албасы маалым болот.

Алла Таала аяттардын биринде:

إِنَّمَا تُنْذِرُ الَّذِينَ يَخْشَوْنَ رَبَّهُمْ بِالغَيْبِ وَأَقَامُوا الصَّلَاةَ
وَمَنْ تَزَكَّى فَإِنَّمَا يَتَزَكَّى لِنَفْسِهِ وَإِلَى اللَّهِ الْمَصِيرُ

**«...Чындыгында сен Жараткан Эгесин көрбөйА туруп Андан корккодорго жана намаз окугандарга гана эскертүү бере аласың. Ал эми ким күнөөдөн тазаланса, ал өзү үчүн тазаланган болот. Кайтуу Аллага гана! (б.а., баарыбыз Аллага гана кайтабыз!)»** (Фатыр сүрөсү, 18-аят) деп буюрат.

Бул аятта пайгамбарлардын үммөттөрүнө берген эскертүүлөрү көздөрү менен көрбөсө да, жүрөгү менен туюп, Алла Таалага жан дили менен ишенген, намаз окуп жан дүйнөлөрүн ибадат менен көрктөгөн адамдарга гана пайда берээри билдирилип жатат.

Күнөөкөр адам жасаган күнөөлөрүнө өз башы менен жооп берет. Ага эч ким ортоктош болбойт. Жакшылык иштер дагы өз ээсине гана пайда алып келет. Жан дүйнөсүн тазалап, аруулаган адам да өзү үчүн гана тазаланган болот.

Аталган аяттагы «ман тазаккаа» (ким тазаланса) деген сөз «Алладан коркуп, намазды чын ыклас менен окуса» деген маанини да камтыйт.

«... Адамдардын арасынан Алла Тааладан тек гана аалымдар (татыктуу түрдө) коркушат...» (Фатыр сүрөсү, 28-аят) деген аят адам баласынын жүрөгү алган чыныгы илимине жараша Алла Таалага карата ошончолук зирек болоорун айгинелейт. Жараткан Алланы тааныбаган жана Андан коркуу сезими камырабаган адамдын жүрөгү тирүүлөй «өлүк» абалда болот. Мындай адамдарга эскертүүлөр таасир бербейт. Ясин сүрөсүнүн 70-аятында буюрулган «(Пайгамбар Куран менен жүрөгү) тирүү абалда болгон адамдарга эскертүү берсин, деп...» деген сөз дагы ушул жагдайга ишарат жасайт. Ошондуктан жүрөктө Алла Тааладан коркуу сезими, Анын ыраазылыгынан алыс болуп калуу деген коркунуч, санаа болушу керек. Мына ушундай аруу сезимдер менен намазды чын ыкластан окууга тырышуу кажет.

Жалпыга маалым болгондой, күнөөлөрдөн арылуунун кайырымында адам баласын бейиш жана анын бийик даражалары күтөт. Бул багытта аяттарда:

«Ким Ага ыйман келтирип, жакшы иштерди жасап жүрүп, Анын (Алланын) алдына келген болсо, мына ошолор үчүн жогору даражалар бар. Алдынан дайралар агып турууучу «Адн» бактары (ошолор үчүн). Алар ал жерде түбөлүктүү болушат. Бул тазалангандардын сыйлыгы!» (Тоохаа сүрөсү, 75-76-аяттар) делет.

Алла Тааладан башка бирөөгө жүрөгүнөн орун бербөөнүн кайырымында адам баласы бейиште «Жамаалуллах» жакшылыгына арзып, ал жерден Алла Тааланын сөзгө сыйбас ажайып ажарына, жамалына күбө болмокчу. Кимде ким өз эрк-каалоосу менен чын ыкластан Алланын адал жолуна бет алса, Андан башка эч бир ойу калбайт. Алланы таануу, б.а., марифатуллах напси теске салынгандан кийин өзүнүн акыйкатын түшүнүү менен башталат. «Өзүн тааныган адам Жараткан Алланы да тааныйт» деген сөздүн төркүнү ушул жерге такалат.

Андыктан көпчүлүк адамдар материя менен гана чектелип, напсинин түркүн түстүү азгырыктарынын айынан жан дүйнөсүн кирдеткен бүгүнкү күнү напсинин дал ошол азгырыктарына карата туруштук бере алган Алланын сүйүктүү пенделеринин (Ыйык Куран жана сүннөт боюнча жетектеген) жол башчылыгына болгон муктаждыгыбыз күч. Бул өңүттөн мына ошол жаркын инсандардын Алланын адал жолуна чакырган насааттарына кулак төшөп, акыркы Пайгамбардын сүннөтү менен камыр-жумур жуурулушкан үлгүлүү жашоолорунан насип-үлгү алышыбыз абзел.

Ар бир мусулман адам өзүн-өзү суракка алып, рух дүйнөсүнө олуттуу мамиле жасап, бет алган багытын теске салышы керек.

Бул руханий тарбияда «батыний тафаххус» (напсинин сурагы) деп аталат. Адам баласы өзүнөн эч болбосо, башын жаздыкка койгон кезде бир жолу ошол күндүн эсебин сурап, жашоого олуттуу көз караш менен назар салууну үйрөнүшү керек. Күн сайын өзүн-өзү суракка тарткан адам көп күнөөлөрдөн арыла алат.

Бул багытта Имам Газалийдин мынабу насааты да өзгөчө мааниге ээ:

«Мусулман адам багымдат намазын окугандан кийин күнүмдүк ишине киришкенге чейин напсиси менен жекеме-жеке олтуруп, аны менен келишим түзүп, белгилүү шарттарды койушу керек. Ырас, соодагер адам мал-мүлкүн бирөөгө аманат катары тапшыра турган болсо, аны менен белгилүү келишимдерге барат. Бул учурда ал айрым бир эскертүүлөргө да токтолот. Анын сыңарындай, адам баласы напсисине мынабу эскертүүлөрдү бериши абзел:

«Менин бар мал-мүлкүм – бул менин өмүрүм. Өмүрүм өтсө, мүлкүм да түгөнөт, андан соң (амал дептериме) эч кандай киреше да кирбейт. Андыктан бүгүнкү күн – жаңы күн. Алла Таала бүгүн дагы мага уруксат берип ыраакым этти. Эгер менин жанымды алганында сөзсүз түрдө бир күн болсо дагы кайра артка кайтарылып, колуман келишинче жакшылык кылуунун камын көрүүнү самап калаар элем. Андыктан абайла, бир аздан кийин эмес, дал азыр ушул учурдан баштап күнөө иштерге жолобо! Бүгүнкү күндүн бир дагы мүнөтүн текке кетире көрбө! Анткени ар бир дем баа жеткис байлык!

Бир күндө күндүзү-түнү менен бирге жыйырма төрт саат бар. Кыямат күнү адам баласынын алдына ар бир күн үчүн жыйырма төрт даана үстү жабык куту алынып келет. Кутунун бирөөсүн ачып, ошол саатта жасаган жакшылык иштеринин кайырымы катары ичи нурга толо болгондугун көргөн кезде, Алла Таала тарабынан ыроолоно турган сыйлыкты ойлоп, кубанычы койнуна батпай аябай сүйүнөт. Эгер анын бул кубанычын тозоктогулар да сезгенде, тозоктун азабын сезбес абалга келишмек. Экинчи кутуну ачканында, ичи караңгы болуп андан жагымсыз жыт чыгат. Бул анын күнөө иштер менен өткөргөн сааты болуп эсептелет. Бул анын сай сөөгүн сыздатып, касырет тарттырат. Эгер бул касыретти бейиштегилер да тартышканда, бейиштин ырахатын сезбей калышмак. Үчүнчү кутуну ачканында ичи бопбош болуп чыгат. Бул болсо анын уйку жана бош өткөргөн сааты. Бирок адамдар ийненин көзүндөй жакшылыктын сообуна зар болгон ошол күнү мүмкүнчүлүгү боло туруп, чоң кирешеден куру калган соодагердин кейпин кийип ичи сыздап, ошол сааттын текке кетишинен күйбөгөн жери күл болот.

Андыктан эй, напсим, мүмкүнчүлүк колдо турганда, сандыгыңды толтуруп ал! Бош калтырба! Жалкоолук кылба! Болбосо, бийик даражалардан кур каласың!»

Дененин мүчөлөрү адамдын арка-жөлөгү. Адам баласы аларга ар биринин өз милдеттерине жараша өзүнүн сунуштарын киргизиши керек. Бул аманаттарды жат иштерге аралаштырбоонун камын көрүшү керек.

**Көздү** арам нерселерди жана жүрөктү алек кылган пайдасыз нерселерди кароодон сактоо керек.

**Тилди** ушак-айың, жалган сөздөрдөн, сөз ташуу, өзүн-өзү мактоо, кимдир бирөөлөрдү жерүү сыяктуу жат иштерден оолак кармап, ар качан Алланын адал жолунун алкагында жакшы сөздөр менен алек кылуу зарыл.

**Ашказанды** арам жана күмөндүү азыктардан арылтып, адал азыктар менен чен-өлчөмүнө жараша багууга аракет кылуу кажет.

Адам баласы дайыма мубах (күнөө эмес) иштерге кез келет. Максатсыз иштер менен алектенбөө мусулман баласы үчүн эң туура кадам. Бул жөнүндө акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Керексиз нерселер менен алектенбөө бул чыныгы мусулмандыктын белгиси»* деген (Тирмизий, Зухд, 11; Ибн Маажа, Фитан, 12).

Башкача айтканда, чыныгы мусулман адамдын тили зикирге (Алланын улуктугун, аруулугун даңазалоого), назары үлгү алууга, ал эми сүкүт чалышы ойго батууга багытталышы керек.

Напси мына ушундай тарбия менен дайыма кайдыгерликтен оолак кармалышы зарыл.

Напсини суракка тартуу учурунда өзгөчө маанилүү жагдайлардан бири – жасалган иш Алла үчүн аткарылдыбы же напси үчүнбү, деген суроого жооп табуу болуп эсептелет. Анткени адам кээде Алла Таала үчүн жакшылык иштерди кылгандыгын ойлосо да, напсинин терс арзууларын канааттандыруу үчүн да аткарып койушу толук ыктымал.

***

Напсини теске салып тазалоонун натыйжасында жүрөк, Курандын тили менен айтканда, «салиим» (бейпил, таза) абалга келет. Жан дүйнө мына ушул даражаны багындырган кезде мынабул үч касиет байкалат:

1. Эч кимдин жүрөгүн оорутпоо касиети. Бул такыбаалардын абалы болуп, бул учурда жан дүйнө напсинин азгырыктарынан алыстаган болот.

2. Өзүнө карата жасалган жакшылык-жамандыкка көңүлүн түшүрбөө касиети. Бул жүрөгүндө Алла Таалага болгон сүйүүдөн башка сүйүүнү бапестебеген адамдардын абалы. Алар үчүн адамдардын алкышы же акаараты эч кандай мааниге ээ эмес.

3. Бул дүйнөлүк кызыкчылык менен акыреттик бакыттын бирөөсүн тандоо учурунда акыреттик бакытты тандап жалгыз Алланын ыраазылыгын көздөө касиети.

Сөзүбүздү корутундуласак, Алла Таала сынак жайга айланткан бул дүйнөдө ар бир адамдын алдына «напси» деген ашууну койуп, адам баласынан анын түркүн түстүү ашууларынан ийгиликтүү өтүп, Өзүнө жарык маанай менен кайтып келишин каалаган. Напси жакшылыкка да, жамандыкка да себеп болууга ийкемдүү. Андыктан ал теске салынган чакта акыреттик бакыт үчүн өзүнчө казына болсо, өзүнө баш ийген чакта адамды көзгө сайса көрүнгүс туңгуюкка жетелеп, тындым кылууну көздөгөн кара өзгөй душман сыяктуу.

**Алла Таала жалпыбызды напсинин тизгинин колго алып, аны теске салгандардын катарына кошсун!**

**Оомийин...**

*Чынында эле напси адам баласын жандуу-жансыздын эң ардактуусуна айлантууга да, айбандан төмөн даражага түшүрүүгө да жөндөмдүү. Ал теске салынса, адамды жакшылыкка, ал эми теске салынбаган учурда жамандыкка жетелеген сырдуу нерсе.*

## 3. НАПСИНИН ДАРАЖАЛАРЫ

Напсинин даражалары негизинен жетиге бөлүнөт.

**а. Нафсу аммаара**

Бул адам баласын Жараткан Алладан алыстатып, жаман иштерге жетелеген эң азоо напси. Араб тилинде «аммара» сөзү «көп буйрук берүүчү» деген маанини туюнтат. Мына ушул сапаты үстөмдүк кылган напсинин жападан жалгыз максаты өзүнүн арзуукаалоолорун чексиз канааттандырууга гана багытталат. Шайтандын желдетине айланган бул напси өзүнүн ырахатын гана көздөп, күнөө иштерден такыр коркпойт.

Напсинин терс арзуу-каалоолоруна карата туруштук берүүгө ийненин көзүндөй да аракет кылбоо, анын арзууларын канааттандырып шайтандын жолуна түшүү нафсу аммара даражасындагы адамдардын иши.

Ырасында нафсу аммара адамга шайтандан дагы коркунучтуу. Бул багытта Ибну Атауллах ал-Искандарий мындай дейт:

«...Сен эң ириде өз напсиңден корк! Ал напси сени ар дайым жамандыкка гана жетелегенге болгон күчү менен жанүрөйт. Ал эми шайтан эч болбосо, Рамазан айында адамзатынан алыс болот. Себеби Рамазан айында шайтандар кишенделет. Рамазан айында жүзөгө ашкан уурулук, адам өлтүрүү сыяктуу кылмыштар жана ар кандай бузуку иштер шайтандын эмес, напсинин азгырыгы менен болот»

Алла Тааланын:

إِنَّ النَّفْسَ لأَمَّارَةٌ بِالسُّوءِ

**«Чындыгында напси адамды жамандыкка гана буиАруиАт»** (Юсуф сүрөсү, 53-аят) деген сөзү дал ушул даражадагы напсиге ишарат жасаис т.

Навизаада Атаий аттуу акын нафсу аммараны уулуу жыланга салыштырып:

«Терс сапаттардын ар бири өзүнчө уулуу жылан сыяктуу. Бул жыландардын падышасы – нафсу аммаара» дейт.

Мына ошондуктан адал жолду беттеген ар бир мусулман адам «аммаара» напси менен дайыма күрөшүп келет. Бул күрөштө акыл жана эрк кылычын кайдыгерликтин кынына салуу өтө оор жоготууларга дуушар кылат. Себеби напси көптөгөн жылдар бою мээнет кылып асыл сапаттарга ээ болгон нечелеген адамдардын көз ирмемдик кайдыгерлигинен пайдаланып, түбөлүк бактысына балта чаппады...

Мисир падышасынын жубайы Зулайка менен Юсуф *(алейхиссалам)* пайгамбардын ортосунда болгон мынабул окуя абдан ибараттуу:

Ыйык Куранда маалымдалгандай, Юсуф *(алейхиссалам)* чоңойуп, баралына келип турган кези эле. Юсуф пайгамбардын сулуулугу падышанын жубайы Зулайканы ар түркүн ойлорго жетелейт.

Жараткан Алла Таала бул окуя жөнүндө:

«Юсуф турган үйдүн аялы анын көңүлүн өзүнө тартмакчы болду да эшиктерди бекитип: "Кана, кел бери!" – деди. Юсуф: "Алла сактасын! Ал (күйөөң) менин кожоюнум. Мени жакшы орунга койду. Чындыгында, заалымдар кутулушпайт" – деди.

Чындыгында, аял ал тууралуу ойлоду. Эгер ал (Юсуф) Жараткан Эгесинин далилдерин көрбөгөн болсо, Юсуф да аны кааламак. Юсуфтан жамандыкты, бузукулукту андан алыстатуу үчүн Биз ошенттик. Анткени ал ыкластуу момун пенделерибизден эле» (Юсуф сүрөсү, 23-24-аяттар) дейт.

Ошентип Юсуф пайгамбар Алла Тааланын ыраакымы менен руханий жардамын алып, нафсу аммаранын туткунундагы Зулайканын сунушунан баш тарткан эле. Андыктан биз дагы Алла Таалага чын ыкласыбыз менен бет алып, өзүбүздү напсибиздин азгырыгынан алыс кармашыбыз керек.

Улуу Жараткан Алла Таала акыбети оор жоготууга алпарган күнөө иштерге жол ача турган себептерден дагы оолак болушубузду буйурат. Маселен, эркек адамдын чоочун аялга кумардануу менен назар салышы зинага (никесиз жыныстык катнашка) жол ача тургандыктан, ага да тыйуу салган.

Ырасында Юсуф пайгамбардын бул окуясы ар бир мусулман баласы үчүн чоң сабак болууга тийиш.

Юсуф *(алейхссалам)* учурунда сулуулугу жагынан эч кимге камчы салдырбаган периште сындуу жигит болгон. Анын сулуулугуна муюп, манжаларын кескен аялдар эч нерсе сезбей калышкан. Эгер Юсуф пайгамбар катардагы эле адам же жыныстык ышкыга жол ачпаган карыя болгондо, бул сынак мынчалык оор да, мынчалык үлгүлүү да болмок эмес.

Ошондой эле Зулайка дагы напсини карама сокурга айланткан үч дөөлөттүн, т.а., байлык, атак-даңк жана сулуулуктун чордонунда болгон. Эгер Зулайка да картаң же сулуу эмес болсо, Юсуф пайгамбардын да сынагы мынчалык оор, мынчалык таасирлүү мисал болмок эмес. Агезде Зулайка да көпчүлүктүн назарын түшүргөн солкулдаган сулуу жаш аял эле. Ошол аял бөлмөнүн эшигин эч ким кире албагандай кылып бекиткен эле. Мына ушундай эч бир адам көрбөй турган жерде азирети Юсуф пайгамбарга кол сунуп:

«-Хайта лак!» б.а., «-Кана, келчи бери!» деп жыныстык арзуунун курмандыгына айланууга чакырып жаткан эле. Нечелеген эрк-күчтөрдү шам сыяктуу ээритип, баш ийдирген мындай сунушка Юсуф пайгамбардын дагы араң каршылык көрсөткөндүгү жөнүндө Алла Таала:

«Эгер ал (Юсуф) Жараткан Эгесинин далилдерин (жана жардамын) көрбөгөн болсо, Юсуф да аны каалامак» деп буюрат.

Ошентип Юсуф *(алейхиссалам)* напсинин оор азгырыгына алданбай, Аллага гана баш калкалоонун үлгүсүн көрсөткөн. Демек, нафсу аммааранын оор азгырыктарына туруштук берүү үчүн бекем ыйман, чын ыклас, такыбаалык талап кылынат.

Чынында эле эркек адам үчүн өмүрүндөгү эң оор сынактардын бири – бул жаштык, сулуулук, байлык сыяктуу напсинин чырагына май тамызган ар түрлүү дөөлөттөргө ээ болгон аял кишинин эч бир адам жок жерде киргизген сунушуна «жок» деп жооп бериши болуп эсептелет.

Бул багытта акыркы Пайгамбар Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу хадистеринин биринде, эч бир көлөкө табылбаган кыямат күнүндө (хадисте белгиленген) жети топко кирген адамдар «арш»тын көлөкөсүнө баш калкалай тургандыгын жана ошол жети топтун бирине:

*«Сулуу жана белгилүү мансабы бар аялдын бирге болуу сунушун «-Мен Алла Тааладан корком!» деп четке каккан жаш жигит...»* да кирээрин маалымдаган (Бухарий, Азан, 36).

Адам баласынын эң чоң кемчиликтеринен бири – бул жыныстык сунушка баш ийип, өзүн-өзү коргоо күчүн жоготушу. Бирок азирети Юсуф пайгамбар өзүн-өзү коргой алды. Себеби ал теске салынган напсиси менен жогорку даражаларды багындыргандыгы үчүн Алланын жардамына туш болду. Алланын жардамы нафсу аммааранын алдында ага күч берди.

Бул жерде дагы бир маанилүү жагдай, Зулайканын коркутушу болгон. Ал ошол сунушуна оң жооп бербесе, Юсуф пайгамбарды зынданга салдырууга сөз берген эле. Анда руханий жактан бышып жетилген Юсуф *(алейхиссалам)* Жаратканга алакан жая:

«Оо, Жараткан! Зындан мен үчүн алар чакырган нерседен алдаканча артык!»

«Эгер алардын азгырыгын менден алыстатпасаң, мен аларга оң жооп берип, наадандардын катарына кирип калам» деп дуба кылып, бул сынактан ийгиликтүү өтүүнүн жападан жалгыз жолун, т.а., зынданды тандоо менен майтарылбас такыбаалыгын далилдеген эле.

Ошентип адам баласын оор күнөөлөргө жетелеген азгырыктарга каршы туруштук берүү күчү чексиз кудуреттин Ээсине, б.а, жалгыз Алла Таалага гана баш калкалоодо жатат.

***

Ыйык Куранда нафсу аммааранын азгырыктарына каршы эң таасирлүү курал – бул такыбаалык болгондугу маалымдалат. Куранда напсинин акыйкатын айгинелеген дагы бир окуя жөнүндө төмөнкүчө маалымдалат:

Азирети Муса пайгамбарга Тур-у Синада пайгамбарлык озуйпасы берилип:

«(Эй, Муса) «Аса таягыңды ыргыт!» – деген буйрук келди. Муса ыргыткан аса таягынын кадимки жылан сыяктуу соймоңдогонун көрүп, аркасын карабай качты. Кайра «-Эй, Муса! Бери кел, коркпо! Анткени сен (Алланын коргоосуна алынып) амандыкта болгондордун катарындасың» деген үн чыкты» (Касас сүрөсү, 31-аят) делет.

Улуу Жараткан Алла Таала Муса пайгамбарга чексиз кудуреттүүлүгүн ошол аса таягынан көрсөткөн эле. Муса алейхиссалам аса таягы аркылуу Алла Тааланын кудурет-күчүн жакындан тааныды. Жараткан Алла аны пайгамбар катары дайындап, ага бир катар милдеттерди жүктөө учурунда:

«-Эй, Муса! Оң колуңдагы эмне?» (Тоохаа сүрөсү, 17-аят) деди.

Муса алейхиссалам:

«-Ал менин таягым. Мен ага таянамын. Аны менен койлоруma жалбырак кагып берем. Анын мындан да башка пайдалары бар» (Тоохаа сүрөсү, 18-аят) деп жооп кайтарды.

Алла Таала:

«-Эй, Муса! Аны жерге ташта!» (Тоохаа сүрөсү, 19-аят) деп буюрду.

Азирети Муса дароо буйрукту аткарып, аса таягын жерге таштады.

«(Муса) аны таштады. Ошондо ал жылан болуп сойлоп жөнөдү» (Тоохаа сүрөсү, 20-аят)

Муса алейхиссалам көргөн көзүнө ишене албай, кетенчиктеп артты көздөй кача баштады. Анда Алла Таала ага:

«-Аны колуңа ал! Коркпо! Биз аны азыр оболку абалына кайтарабыз» (Тоохаа сүрөсү, 21-аят) деп буйрук берди.

Айрым муфассир аалымдар Муса пайгамбардын аса таягын жерге ташташы жөнүндөгү аяттарга каймана түшүндүрмө берип, Алланын буйругу азирети Мусанын жан дүйнөсүн туура багытка жылоолоо максатын көздөгөнүн билдиришкен.

Муса пайгамбар «ага (таякка) таянамын» деп дүйнөлүк таянычтарды айтканда Алла Таала аларды таштоо керектигин буйурду.

Напси жана анын азгырыктары адамды оп тартчу алп жыландын кейпин кийди. Муса пайгамбарга напсинин акыйкаты көрсөтүлдү. Коркту, кетенчиктеп артын карабай качты. Ага каймана иретинде:

«-Эй, Муса! Мынабул жылан жүрөктү Алла Тааладан башка нерселерге арнап салуунун күзгүсү. Напсинин белгилүү бир калыпка салынган мындай келбети өз ээсине көрсөтүлгөн чакта, ал андан жаа бойу качат, коркот» делген эле.

«Эми сен тавхиддин туусун колуңа алдың. Сенин катардагы таякка таянышың, андан жардам тилешиң туура эмес. Тавхиддин жолунда эң биринчи кадам мындай себептерден арылуу менен ташталат. Бул жолдо чыныгы тобокелдик, толук кандуу моюн сунуучулук талап кылынат. Ар кандай терс арзуу-каалоолордон баш тарт!»

***

Адам баласын утурумдук мынабул дүйнөнүн азгырыгы менен түбөлүк бактысынан ажыратып, «айбандан да төмөн» даражага жетелеген напси дал ушул «нафсу аммаара» болуп эсептелет.

Бул напсинин туткунуна айланган адам өзүнүн бактысына дагы кайдыгер мамиле жасап, текеберлик менен каршы туруп, айланачөйрөсүндөгүлөргө үстүрттөн карап, өзүн жогору сезүүдөн, ар кандай ушак-айыңдардан кадимкидей ырахат алат. Ислам growininde тыйуу салынган күнөө иштерден кутула албайт. Нафсу аммаранын карамагындагы адам адамдык асыл сапаттарынан ажыраган абалда болот. Мындайлар беш күндүк жашоодо напсинин утурумдук терс арзуу-каалоолору үчүн бейишти, Алла Тааланын жамалын көрүүнү көз жаздымда калтырып, түбөлүк бактысына өз колу балта чапкан карама сокурлар.

Мындай адамдар жөнүндө Алла Таала аяттарынын биринде:

«...Алардын жүрөктөрү бар, бирок аны менен сезиптүшүнүшпөйт. Алардын көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт жана алардын кулактары да бар, аны менен угушпайт. Алар айбан сыяктуу. А балким, андан да төмөн даражада. Мына ушулар – карама сокурга айланган кайдыгерлер!» (Аараф сүрөсү, 179-аят) дейт.

Бул адамдар ар кандай шылтоолордун коштоосунда өздөрүн жооткотуп, күнөө иштерди жасаганы жасаган. Эч бир аракет кылбай туруп Алла Тааланын азабынан кутулгандай:

«Эмнеси болсо да, арамды арам катары кабылдап, күнөө кылса адам каапыр болбойт. Бир күнү болбосо, бир күнү тооба кылып Алладан кечирим тилейм да» деген чолок ой менен өздөрүн сооротот.

Бул багытта Алла Таала төмөнкү эскертүүсүн берген:

«Эй, адамдар! Жараткан Эгеңерден корккула! Атасы баласына, баласы атасына ийненин көзүндөй дагы жардам бере албай турган күндөн корккула! Алла Тааланын убадасы чындык! Абайлагыла, силерди бул дүйнөнүн жашоосу азгырып койбосун! Шайтан силерди Алланын кечиримине ашкере ишендирип, алдап кетпесин!» (Лукман сүрөсү, 33-аят).

Мына ушул сыяктуу ойлор негизи күнөө иштерди оңой-олтоң жасатууну жана аларды кадыресе көрүнүш катары көрсөтүүнү көздөгөн напсинин жана шайтандын көмүскө шыбыштары болуп саналат.

Нафсу аммаарага алдырган адамдар акыреттик жашоосун көркүнө чыгара турган жакшылык иштердин камын көрүүдө жалкоолук кылып, жаман иштерден арылуу үчүн камырап да коюшпайт. Эгер кичинекей жакшылык иш кылып коюшса, аны менен дайыма мактанышат.

Мындай даражадагы мусулман адам оор дарттан улам кескин түрдө дарыланууга муктаж оорулуу адам сыяктуу. Ал бул «дарттан» айыгып кетиши үчүн эң алгач өзүн-өзү олуттуу түрдө суракка тартышы кажет. Пенде улуу Жараткан Алланын бардык нерсени билгендиги, көрдөгү суроолор, махшар майданындагы чоң сурак, тозоктогу жан чыдагыс азап жөнүндө ойлоп, Алла Таалага тооба кылып кечирим тилеши зарыл. Ал тооба кылып кечирим тилөө учурунда Алла Таалага тек гана тилдин учунан эмес, жан дили менен чын ыкластан алакан жая, бушайман болушу керек. Тил тооба кылып кечирим тилөө учурунда мүмкүнчүлүк түзүлгөн кезде кайра ошол күнөөнү жасоо ышкысы жан дүйнөдө жандуулугун сактаса, анда бул тооба жараксыз болуп эсептелет. Бир жагынан тооба кылып, бир жагынан күнөө иштерди уланта берүү – бул тооба менен кечирим тилөөнү жеңил-желпи нерсе катары кабыл алып, келекеге алуу дегендик. Тооба кылуу – бул чын

жүрөктөн бушайман болуп, экинчи ирет ал ишке барбай тургандыгына карата Алла Таалага сөз берип кечирим тилөө, дегенди түшүндүрөт.

Ошондой эле мусулман пенде нафсу аммаарадан арылуу үчүн эч болбоду дегенде, шарияттын негизги өкүмдөрүнө баш ийип, тавхид келмесинин маани-маңызын аңдап, анын талабына жараша кадам шилтөөгө умтулушу кажет. Т.а., жан дүйнөдө өзүнчө «кудай»га айланып, пендени Жараткан Алланын адал жолунан азгырган сан миң арзуу-каалоолор «Лаа илааха» (кудай жок) деп айтуу менен жокко чыгарылып, Алладан башка бардык шериктер жан дүйнөдөн тазаланышы керек. Андан кийин мына ушундай «жалган кудайлардан» тазаланган жан дүйнөгө «иллаллах» (Алладан башка) деген сөздүн акыйкатын орнотуп, жан дүйнөнү жалгыз Алла Таалага гана таандык кылууга аракет жасалышы керек. Пенде мына ошентип алсыздыгын аңдап, ыйманын бекемдөөгө жанүрөшү зарыл. Ыймандын жүрөктөн толук кандуу түрдө орун алып, бекемделиши адам баласын жакшылык иштерге жетелөө аркылуу түбөлүк бакыттын ачкычын колуна карматат.

**б. Нафсу лавваама**

Күнөө иштеринен улам бушайман болуп, өзүн-өзү суракка тартып, нафсу аммааранын акка кара көө жапкан азгырыктарынан арылуу үчүн аракет кылгандар «нафсу лавваама»га карай кадам таштагандарга кирет.

Мындай адамдар нафсу аммаарадагыдай, аракет кылбай туруп «эмнеси болсо да Алла кечирет» деген чолок ойдон белгилүү өлчөмдө арылгандыктан өздөрүн жооткото алышпайт. Ошол себептен напсилерин суракка алып, бушаймандык менен Алла Таалага тооба кылып кечирим тилешет. Алган илимине амал кыла албагандыгы үчүн бушайман болгондор жана дилмаек учурунда күнөө иштеринен улам көз жаш төгүп Аллага алакан жая кечирим тилегенден кийин кайра ошол күнөө иштерди жасагандар да ушул топко киришет.

Араб тилинде «лавм» сөзү «өзүн-өзү айыптоо, өзүн-өзү суракка тартуу» деген маанилерди туюнтат. Нафсу лавваама – бул Алла Тааланын жарлык-буйруктарына карата жасаган кайдыгерлигинен, жасаган күнөө иштерден, кетирген кемчиликтеринен улам бушаймандыкка буулугуп жан дүйнөсү азап чегип, олуттуу түрдө өзүн-өзү айыптап, суракка тарткан напси. Бул даражадагы адам нафсу аммаарадагы терс иштердин айрымдарынан гана арылат. Б.а., кайдыгерликтен бир кадам алыстап, күнөө ишке баруу ышкысы бир аз болсо да, азайган болот. Бирок бул учурда мындай сезимдер али баралына келбегендиктен чыдай албай кайра күнөө иштерди жасап койуу ыктымалы жогору бойдон кала берет.

Мындай даражадагы адамдын «султаний» руху «хайваний»[51] рухтун туткунунан арылгандыгы үчүн ал жасаган күнөөлөрүнүн аркасынан дароо бушайман болот. Ошол замат напсисин суракка алып, Жараткандан кечирим тилейт. Бирок напси али толугу менен жеңилбегендиктен Жараткан Аллага тооба кылып кечирим тилөөдө туруктуулук көрсөтө албайт. Ошондуктан мындай адамдар күнөө иштерден улам жан дүйнөсү азап чексе да, сырткы терс таасирлерди четке кагуу күчү баралына келбегендиктен күнөөлөрдөн толук арыла алышпайт. Маселен, досторунун көңүлүн кыя албай, күнөө иштерди жасап койуу сыяктуу...

Мындайлар жасаган жакшылык иштерине курсант, ал эми жаман иштерине кайгырып, бушайман болушат. Жыныстык арзуусунун терс жолго жетелеген азгырыгынан өзүн-өзү коргоп, ага каршы туруштук берүүгө да аракет кылышат. Тооба кылууга

ийкемдүү келишет. Куран нуру менен жан дүйнөсү аз да болсо нурланып, ошол өлчөмдө кайдыгерликтен ойгонгон болушат.

Бул адамдардын Алла Тааланын буйрук-жарлыктарына болгон мамилесинде, жакшылык иштерге болгон ышкысында белгилүү даражада жогорулоо байкалат. Алар амал-иштерин көбүнесе Алла үчүн жасашат. Бирок Жараткан Алла тарабынан ыроолонгон ырахат-бейпилдикке толук жете албагандыктан, жалгыз Алла Таала үчүн жасаган жакшылык иштеринин эл тарабынан билинип бааланышын да ичтеринен каалашат. Тагыраак айтканда, бул учурда нафсу аммааранын кээ бир терс таасирлери жандуулугун сактаса да, пенде ал үчүн өзүн-өзү суракка алып турат.

Напсинин бул даражасы жөнүндө Куранда:

وَلَا أُقْسِمُ بِالنَّفْسِ اللَّوَّامَةِ

**«Лавваама (бушайман) напсиге ант!»** (Кыямат сүрөсү, 2-аят) делип, Алла Таала ага касам ичет.

Адам баласы өз напсисин айыптап, суракка алышы тек сөз жүзүндө гана калып жатса, анда анын алгылыктуу натыйжа бериши күмөн. Ырас, «лавваама» жана «аммаара» даражаларынын ортосунда өтө аяр чек, кылдат айырма бар. Адам баласы напсисин суракка алышынан улам ичинде текеберлик сезими байкалса, ал жерде дале да болсо, нафсу аммааранын үстөмдүгү жандуулугун сактап жаткандыгынан кабар берет.

Аяттардын биринде Алла Таала:

وَلَقَدْ خَلَقْنَا الْإِنْسَانَ وَنَعْلَمُ مَا تُوَسْوِسُ بِهِ نَفْسُهُ وَنَحْنُ
أَقْرَبُ إِلَيْهِ مِنْ حَبْلِ الْوَرِيدِ

**«Чындыгында инсанды Биз жараттык. (Биз) анын напсиси азгырган нерселерди да билебиз. Биз ага күрөө тамырынан да жакынбыз»** (Кааф сүрөсү, 16-аят) деп буюрат.

Ошондуктан мусулман баласы напсисин суракка алуу учурунда дагы нафсу аммааранын жашыруун шыбыштарынан жана өзүн ар түрлүү коркунучтардан алыс сезүү кайдыгерлигинен оолак болушу кажет.

Себеби кээ бир адамдар кичи пейилдикти жалгыз Алланын ыраазылыгы үчүн эмес, өздөрүн элге кичи пейил көрсөтүү үчүн жанүрөп, напсинин терс арзууларын канааттандырышат. Мындай көрсөтмөлүүлүк эки жүздүүлүккө жатат.

Тооба кылууда туруктуу болуп, күнөө иштерден арылуу үчүн руханий тарбия абадай зарыл. Лавваама даражасындагы напси эгер руханий тарбия алса жана такыбаа адамдар менен бирге жүрсө, жат иштерден арыла алат. Мүмкүнчүлүк жаралса да, ал иштерге барбайт. Бирок ошентсе да, бул учурда жан дүйнөдө өч алуу, кек сактоо жана текеберлик сыяктуу айрым бир терс өңүттүү сезимдер жандуулугун сактайт.

Лавваамадан арылып «мулхама» даражасына руханий тарбиянын маанилүү ыкмаларынан «раабыта» ыкмасын колдонуу аркылуу өтүүгө мүмкүн. Тагыраак айтканда, бул ыкманы колдонгон адам ар бир кадамын Жараткан Алланын «адал-арам» деген эрежесинин негизине ылайык таштап, руханий тарбияда устат катары билген «муршиду каамил» өзүнө жол көрсөтүп жетелеп жүргөндүгүн эстен чыгарбай, ошого жараша аракет кылышы керек.

Напсисин ар качан суракка тартышы керек. Өзүндө кандай терс мүнөз бар болсо, алардын ар бирин акырындык менен таштоого чечкиндүү кадам шилтеп, Аллага тооба

кылып кечирим тилеши керек. Андан соң адамдык асыл сапаттар менен жан дүйнөсүн көркүнө чыгарууга аракет кылышы зарыл. Маселен, текеберликтин туткунуна айланган адам кичи пейилдик, сылыктык сыяктуу асыл сапаттар менен жан дүйнөсүнүн ажарын ачышы керек. Кекчил адам болсо, момун-мусулман боордошторун өзүнөн жогору сезип, алардын кемчилигинен мурда өзүнүн кемчиликтери менен алек болушу абзел. Мусулман мусулманга ар дайым «күзгү» болгондугун, терс көз караш менен караганында жаман жактарын, оң көз караш менен назар салганында жакшы жактарын көрө тургандыгын эске алып, напсисин мусулмандардын жакшы жактары менен алек кылышы керек.

Ошону менен бирге бул даражадагы адам Алла Тааланы тил менен да, дил менен да даңазалап зикир кылып, күнөө иштерге каршы өтө этият болуп, жан дүйнөсүн «мухаббатуллах» (жалгыз Аллага бепестелген чыныгы сүйүүнүн) нуруна толтурууга жанүрөшү зарыл.

**в. Нафсу мулхама**

Күнөө иштеринен бушайман болуп «лавваама» даражасын багындырган мусулман адам Аллага тооба кылып кечирим тилөө, күнөөлөрдөн алыс болуу, руханий тарбияга бет алуу аркылуу мулхама даражасына жетет.

Бул даражадагы пенде Алла Тааланын ыраакымы менен жакшылык менен жамандыкты так, даана айырмалоо күчүнө ээ болот. Жан дүйнөнү Алла Таалага жана Анын адал жолуна карата карама сокурга айланткан кайдыгерликтен алыстайт. Бул учурда аны элдин назары эмес, Жараткан Алланын алдындагы орду кызыктырат. Ошонун камын көрүүгө жанүрөй аракет кылат. Ыймандын акыйкатын жүрөгү менен сезип, анын купуя сырларын чече турган күчүн багындырган болот.

Напсинин бул даражасынын ысмы да Курандан алынган. Анда төмөнкүчө буюрулат:

«Напсиге жана ага (бир катар шык-жөндөмдөрдү ыроолоп) шекил берип жакшылыктын да, жамандыктын да жышааналарын (үрөөнүн) *илхам кылып* жайгаштырганга ант!» (Шамс сүрөсү, 7-8-аяттар)

Нафсу мулхама – бул Алланын илхамына туш болгон напси. Напсинин бул даражасын багындырган адамдар Жараткан Алланын буйрук-жарлыктарына карата жасаган кылдат мамилелеринин берекеси менен «ладунний»[52] акыйкаттардан аз болсо да, насип ала башташат. Пенде Жараткан Аллага бапестеген улуу сүйүүсү менен руханий ааламга бет алып, Алла Таала тарабынан келчү айрым бир илхамдарга кез келүүчү абалга жетет. Бул жердеги маанилүү жагдайлардын бири ошол илхамдардын Алладан болгон-болбогонун билүү үчүн руханий жактан тарбия алган устаттын жетегине сөзсүз түрдө зарылчылык болот.

Анткени бул учурда напси өзүнө каршы жүргүзүлгөн күрөштө жеңилчүдөй абалда болсо да, рух-у султанийдин үстөмдүгүн басаңдатып, алсыратуу үчүн жашыруун оюндарын ойноп, ар түрлүү шыбыш-азгырыктары менен жан дүйнөнү алагды кыла берет. Ошондуктан мулхама даражасындагылар Алла Таалага толук тобокел кылып, моюн сунууда баралына келе элек абалда болушат.

Бул даражадагы адамда терс сапаттар иш жүзүндө көрүнбөсө да, дале болсо жандуулугу сактала берет. Мулхама даражасындагы адам сырткы себеп ааламынан акыйкат ааламына али толук өтө элек абалда болот. Мына ушул себептен улам терс арзууышкылардан толугу менен арылып, Аллага моюн сунуучулуктун ырахат-бейпилдигине толук жете албайт.

Ошондой эле бул даражадагы адам напси каалаган арзууларга каршы туруу, ал эми каалабаган нерселерин аткаруу аркылуу напсини теске салууда белгилүү ийгиликке жетиши мүмкүн. Бирок рух-у хайваний жеңилсе да, рух-у султанийден келген асыл сапаттар агезде али баралына келбейт. Алардын баралына келиши үчүн напсинин каалаганына каршы туруп, каалабаган нерселерин аткаруу жетиштүү эмес. Ал үчүн «зикруллах» (Алла Тааланы тил менен да, дил менен да даңазалоо) да талап кылынат. Бирок жан дүйнө дүйнөлүк арзуу-каалоолор менен алек болгон чакта, зикирдин акыйкатына жетүү жана анын натыйжасында жан дүйнөнүн бейпил абалга келиши мүмкүн эмес. Андыктан «зикруллах»ты өзүнүн адеп-тартибине жараша орундатуу үчүн муршидаалымдардын руханий жетегине зарылчылык туулат.

Пенде качан гана жан дили менен Жараткан Алланы даңазалап зикир кыла баштаса, ошондо ал зикирдин акыйкатын аңдай алат. Ошондо гана Жаратсандын илхамы менен ааламдын купуя сырларынын түйүнүн чече алат, ал жердеги Жараткан Алланын чексиз кудурет чеберчилигин жакындан таанып, жан дүйнөсү бейпил абалга келет.

Жараткан Алланын:

ادْعُ إِلَى سَبِيلِ رَبِّكَ بِالْحِكْمَةِ وَالْمَوْعِظَةِ الْحَسَنَةِ

**«(Элчим!) Элди Жараткан Эгеңдин жолуна хикматдаанышмандуулук жана көркөм насаат (жылуу сөз) менен чакыр!»** (Нахл сүрөсү, 125-аят) деген буйругунан насип алып, андан даанышман сөздөр, асыл ойлор чыга баштайт.

Мына ушул таризде кадам таштаган сайын напси султаний рухтун ыкыбалына көнүп, анын натыйжасында терс арзуукаалоолордун жетегинен алыстап кутула баштайт. Чыдамкайлык, сабырдуулук, кичи пейилдик, топуктук, каниеттүүлүк, марттык, жоомарттык сыяктуу асыл сапаттарга ээ болот.

Бул жерде эскерте кетчү эң маанилүү жагдайлардын башында ошол даражага жеткен соң «ырас, чоң жетишкендикти багындырдым» деп өзүн-өзү жогору сезип, текеберликтин туткунуна айланып калуу коркунучу турат. Ошол себептен мулхама даражасындагы мусулман адам ар качан Жараткан Алланын көзөмөлүндө тургандыгын жадысынан чыгарбай, жүрүм-турумун, ар бир кадамын ошого жараша таштоого аракет кылышы кажет. Ошондой эле бул дүйнөлүк жана акыреттик жашоого ар биринин өзүнүн даражасына ылайык тең салмактуулук менен мамиле жасап, өлүм жөнүндө көп ойлонуу зарыл.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз бул багытта:

*«Өлүм жөнүндө көп ойлонгула! Себеби өлүм жөнүндө ой толгоо адам баласын күнөөлөрдөн алыстатып, дүнүйөгө карата (ашкере сүйүүсүн басаңдатып) такыбаа кылат. Эгер силер бай кезиңерде эстесеңер, ал (өлүмдү эстөө) байлыгыңардын (апаатын) жоготот. Ал эми кедей кезиңерде эстесеңер, анда ал силерди жашооңордон ыраазы кылат»* деген (Суйутий, Жамиус-сагиир, 1, 47).

Ошондуктан мулхама даражасына жеткен адам, дегеле ар бир мусулман пенде азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)*:

«Чоң суракка тартылганга чейин өзүңөрдөн өзүңөр сурак алгыла! Али Жаратсандын таразасына тартыла элегиңерде амалыңарды өзүңөр өлчөп-тартып көргүлө! Аллага эч бир амалыңар жашыруун эмес. Андыктан Жараткан Алланын алдына барганга чейин ошол чоң суракка даярдангыла!» деген насаатына да кулак төшөп, ошонун камын көрүүгө умтулушу зарыл (Ибн Касиир, Тафсир, 1, 27).

**г. Нафсу мутмаинна**

Нафсу мутмаинна – бул Алла Тааланын буйруктарына ылайыктуу түрдө баш ийип, тыйуу салган нерселеринен алыс болуу аркылуу руханий илдеттерден арылып, бекем ыйман менен бейпилдикке жеткен напси. Бул учурда жан дүйнө «зикруллах»тын (Жараткан Алланы тил менен да, дил менен да даңазалоонун) берекеси менен ар түрлүү күмөндүү жагдайлардан арылып, ар дайым жалгыз Жараткан Аллага шүгүрчүлүк келтирип, Аны даңазалаган абалда болот.

Бул даражада терс сапаттардын ордун изги сапаттар ээлеп турат. Напсиси «мутмаин» (бейпил) абалга жеткен адам бүтүндөй инсаниятка үлгү катары жиберилген азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын таштаган ар бир кадамы, жүрүм-туруму, айтор, куттуу сүннөт жолу менен жуурулуша жашоонун ырахатынан даам сызат. Бул напси арифтерге, такыбааларга таандык. Мындай адамдардын жан дүйнөсү дайыма Жараткан Алланы даңазалоо менен алек. Шарият өкүмдөрүнүн ички жүзүн да жакшы түшүнүшөт.

Имам Раббаний:

«Нафсу мутмаиннага чейин аткарылган ибадаттар «таклид»[53] (ээрчиме) даражасында болот. Ал эми нафсу мутмаиннада булар «ээрчиме» даражасынан «тахкик» даражасына, т.а., өз алдынчалыкка өтөт» дейт.

Кулчулукта өз алдынчалыкка жетүү шарияттын, тарикаттын «акыйкат» даражасына жетүү дегенди түшүндүрөт. Бул даража өзү менен кошо жогорку жоопкерчиликти да талап кылат. Шариятта акыл-эсинен ажырагандар Ислам дининин өкүмдөрүнөн жооптуу болбогондой эле, ошол даражага жете элек адамдар да анын жоопкерчилигине жооптуу эмес.

Анын сыңарындай, тасаввуф жолуна түшкөн шакирт берилген тапшырмаларын толук аткарганга чейин тарикаттын адептартибине карата кетирген кемчиликтери да жылуу кабылданат. Себеби тарикатта шакирт бардык тапшырмаларын толук аткаргандан кийин «рушд»[54] даражасына жеткен болот. Бул учурда ал шарияттын өкүмдөрүнө кандай жооптуу болсо, тарикаттын адеп-тартиптерине да ошондой жооптуу болот. Бирок «акыйкат» өңүтүнө жооптуу болуп эсептелбейт. Бул жоопкерчилик мутмаинна даражасына кадам таштоо менен башталат.

Ошондон улам шариятта уруксат берилген айрым нерселер тарикатта жеңил күнөө катары кабылданат. Тарикаттагы мындай жеңил күнөөлөргө «акыйкат» жана «марифат» даражаларында чоң күнөө иретинде мамиле жасалат.

Маселен, шариятта курсак тойгондон кийин дагы тамактануу ысырапчылыкка жатат. Тарикатта курсак тойгончо тамактануу ысырапка кирсе, «акыйкат» даражасында өз өлчөмүнө жараша болсо да, Алла Тааланын алдында тургандыгынан кайдыгер абалда тамактануу ысырап болуп саналат. Ал эми «марифат» даражасында мына ушулардын бардыгына кошумча, ырыскы-нэматтардагы Жараткан Алланын кудурет чеберчилигин көрбөй туруп тамактануу ысырапчылыкка жатат. Себеби Алла Таала ар бир нерседе Өзүнүн чексиз кудуреттүүлүгүнө карата далилдерин ширеткен. Мындан сырткаркы жагдайларда да маселе ушул өңүттө жүрөт.

«Мутмаинна» даражасына келген напси Жараткан Алланын колдоосу менен «акыйкатка» жана «якыйн»ге[55] жетип, ар кандай кайгы-санаалардан алыстаган абалда болот.

Бул даражада жан дүйнөгө кайдыгерликтин көшөгөлөрү ачылган болот. Жан дүйнө акыйкат ааламына «айн аль-якыйн» менен назар салат. Башкача айтканда, жан дүйнө ар түрлүү шек-күмөндүү нерселерден арылып, чыныгы бейпилдикке (итминаанга) жетет. Бул

абалга келген пенде Ислам дининин өкүмдөрүн акылы менен да, жан дили менен да кабылдап, аларды чын ыкласы менен сүйүп аткара баштайт. Анын бул ишеними өтө бекем болгондуктан бүтүндөй дүйнө жүзүндөгү адамдар биригип, башка ишенимди жактап ага ошол ишенимдерин сунуш кылып, аны кандайдыр бир шек-күмөнгө салууга аракет жасашса да, ал өзүнүн бекем ишениминен ийненин көзүндөй дагы шектенбейт. Себеби ал бул учурда материалдык жана руханий дүйнөгө «акыйкат» айнегинен назар салып калган абалда болот.

Мындай адамдар ыйманы үчүн эч бир азаптан, эч бир кыйынчылык-машакаттан коркушпайт. Ыйык Куранда баяндалган Фараондун сыйкырчылары да азирети Муса пайгамбардан көргөн ачык-айкын мужиза-кереметтин алдында алсыз калып, чын жүрөктөн жалгыз Жараткан Аллага ыйман келтирип, ыймандары үчүн жанын берүүгө даяр абалга келишкен. Зөөкүр Фараон эгер ыймандарынан кайтпаса, колу-бутун майдалап кестирип, курма багына астырып койоорун айтып коркутса да, алар:

«...Биз акыр-аягы Жараткан Эгебизге кайтабыз. Сен бизден Эгебиздин аяттарына ыйман келтиргенибиз үчүн өч аласыңбы?! Оо, Жараткан Алла! Бизге сабырдуулук берип, жаныбызды мусулман катары ала көр!..» (Аараф сүрөсү, 125-126-аяттар) деп, ыймандарынан бир карыш дагы жылбай, Жараткан Алла үчүн Фараондун мыкаачылыгына кайыл болушкан.

Себеби бул учурда акка кара көө жапкан азгырыктын утурумдук көшөгөлөрү ачылып, жүрөккө ыйман нуру уялагандыктан:

يَا أَيَّتُهَا النَّفْسُ الْمُطْمَئِنَّةُ

**«Эй, итминаанга (Жаратkандын буйруктарын жан дил менен сүйүп аткаруу аркылуу чыныгы бейпилдикке) жеткен напси!»** (Фажр сүрөсү, 27-аят) деген Жараткан Алланын алкышына татыктуу болгон болот.

Бул жерден байкалгандай, «мутмаинна» даражасынан төмөнкү напсилер Жараткан Алланын алкышына ээ боло алган эмес эле. Демек, мутмаинна жана андан жогорку даражадагы напсилер гана бул алкышка ээ боло алышат. Бул алкышка ээ болуу үчүн албетте, напсинин терс арзуу-каалоолоруна каршы олуттуу түрдө аракет кылып, аны тизгиндеп, колго алуу зарылчылыгы күч.

Мутмаинна даражасына жеткен бактылуу инсандар катары менен «раадия», «мардиййа» жана «каамила» делген жогорку даражаларга бет алып, кылган аракеттерине жараша Жараткан Аллага руханий өңүттөн дагы да жакын, дагы да сүйүктүү пенде болуу бактысына жете алышат.

**д. Нафсу раадия**

Нафсу раадия – ар дайым Жаратканга бет алуу аркылуу Анын ар бир өкүмүн жылуу кабылдап, Ага толук ыраазы болгон абалга келген напси. Бул даражага жеткен пенде Жараткан Алланын адал жолуна өзүн арнаган абалда болот.

Бир катар аалымдар Курандагы:

ارْجِعِي إِلَىٰ رَبِّكِ رَاضِيَةً مَّرْضِيَّةً

**«Сен Ага (жалгыз Аллага), Ал дагы сага ыраазы болгон абалда Жараткан Эгеңе кайт!»** (Фажр сүрөсү, 28-аят) деген аяттын «Сен Ага ыраазы болгон абалда» деген сүйлөмү напсинин дал ушул даражасына ишарат жасаарын айтышат.

Напси бул даражаны багындырган кезде адам баласы Алла Тааладан келген ар түрлүү сынактарга сабырдуулук менен мамиле жасап, Анын эрк-каалоосуна чын жүрөктөн ыраазы болот. Аяттардын биринде төмөнкүчө буюрулат:

«Биз силерди коркунуч, ачарчылык менен, ошондой эле мал-мүлкүңөрдөн, жаныңардан, түшүмүңөрдөн кемитүү аркылуу сынайбыз. Сабыр кылгандарга сүйүнчү айт!» (Бакара сүрөсү, 155-аят).

Бул аятта белгиленген «сабыр кылгандар»дын катарына кошулуу үчүн Жараткан Алла койгон тагдырга -күтүлбөгөн таризде жүзөгө ашса дагыыраазы болуп, ага эч качан каршы чыкпоо кажет. Нафсу раадия мына ушундай Алла Тааланын оң-терс жана оор-жеңил сынактарына чын ыкластан толук ыраазы болуп, моюн сунган пенделердин даражасы болуп эсептелет.

Бул даражанын сынактары мурункуларга салыштырмалуу алдаканча оор болот. Анткени адам баласы руханий өңүттөн жогорулаган сайын машакаттар да оорлошо берет. Бул багытта акыркы Пайгамбар Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Адамдар арасынан эң оор машакаттарга пайгамбарлар дуушар болушат. Андан кийинки оор машакаттарга аларга жакын адамдар кез келет. Адам баласы динге болгон мамилесине, динди кармангандыгына жараша ар түрлүү машакаттарды баштан кечирет»* деген (Тирмизий, Зухд, 57).

Адам напсинин тоскоолдуктарынан ийгиликтүү өткөндөн кийин гана ар түрлүү машакат-кыйынчылыктарга ылайыктуу түрдө сабыр кылып, бардык жакшылык-нэматтарды ыроологон Аллага чын жүрөктөн ыраазы болгондой абалга келет. Машакаттар руханий жолдун өзүнчө баскычтары катары кабылданат. Чоң жетишкендиктер дайыма кажыбас кайрат, адал эмгек, талыкпас аракет менен келет. Андыктан Жараткан Алланын чексиз ыраакымына ээ болуу үчүн алгач өз жашообузга, кайда бараткандыгыбызга үңүлө назар салып, өзүбүздү оңдоого олуттуу түрдө мамиле жасап, сабырдуулук менен, чыдамкайлык жана туруктуулук менен Жараткан Алланын адал жолунда өмүр кечирүүгө жанүрөй аракет кылышыбыз керек.

Раадия даражасындагы момун-мусулмандардын назарында жашоонун кайгысы менен кубанычы бирдей болот. Себеби дүнүйөнү жүрөгүнөн сырткары кармагандыктан жашоонун кубанычы да, кайгысы да алар үчүн айырмасыз абалга келет. Жакшыжаман кандай тагдыр болсо да, бардыгын Алла Тааладан болгондугун билип, толук ыраазы болушат.

Акындардын бири бул багытта мынабу ыр саптарын төккөн экен:

*Мага жагат бүт нерсе Сенден келген Жеңсиз кепин, же чепкен асемделген.*
*Ырайымың, каарың дагы жагат абдан, Мейли болсун жоогазын, мейли тикен!*

Сөз менен айтууга оңой, бирок жашоо «деңизинде» оор болгон береги ыр саптарынын жүзөгө ашуусунда кандай гана эрк, күч талап кылынаарын ойлоп көрүүбүз абзел. Раадия даражасына жеткен адамдардан чыккан мындай сөздөрдү напсинин азгырык шыбыштарына кулак төшөө аркылуу, же аларды тууроо ниети менен убагынан мурун, аныгына жетпей туруп чыгаруудан этият болуу дурус. Анткени бул учурда эгер Жараткан Алла пендени мындай сөздөрүнө канчалык даражада жооп берип-бере албашын сынай турган болсо, бул жолдо далайлары жыланаңайлак калышы толук мүмкүн.

Раадия даражасына жеткен пенде Жараткан Алланын купуя сырларынын түйүнүн чече баштайт. Жаратkандын Жалгыздыгын жакындан аңдап-түшүнүп, руханий дүйнөдөгү кемелдикке күбө болот. Анын адамдык бейнеси жакшылыктын, сулуулуктун жана аруулуктун күзгүсүнө айланат. Жараткан Кудурет тарабынан адам баласына тартууланган

түбөлүк бакыттын эреже-мыйзамдарын жан дили менен сүйүп аткарат. Ал ибадаттарды чын ыкластан жалгыз Алланын гана ыраазылыгы үчүн аткаргандыктан, андан эч качан чарчабайт. Тескерисинче, ибадаттардан дем-күч, ырахат алат. Ал эми адамга ыкшоо тарттырган ибадаттардын өзөгүндө «эптеп мойнундагы милдеттен кутулуу, элге көрүнүү» сыяктуу ниеттер жатат. Ким ушундай максаттар менен жүрсө, ошол максаттар менен өзүнүн жолун өзү бууп, эмгегинин баарын талаага кетирген болот. Мына ошондуктан ибадаттарда жалгыз Алланын ыраазылыгынан башка эч бир максат көздөлбөшү керек.

Алла Таала бизге, адам баласына күрөө тамырыбыздан дагы жакын. Андыктан биз дагы дал ушул жакындыкты жакындан аңдаптүшүнүү аркылуу анын кадырына жетип, Жаратkандын алдына жарык жүз менен баруу бактысынын камын азыртадан көргөнүбүз абзел. Анын бизге тартуулаган адал жолуна олуттуу түрдө мамиле жасап, утурумдук бул дүйнөдө ар түрлүү сынактардын бардыгын жылуу кабылдап, Жалгыз Өзүнө ыраазы болуп өмүр кечирүүгө колдон келишинче аракет кылуубуз зарыл.

**ж. Нафсу мардиййа**

Раадия даражасындагы пенде бул даражанын берекесинен насип алышы үчүн Жараткан Алла Таала ага ыраазы болушу керек. Тагыраак айтканда, мында пенденин Аллага ыраазы болушу менен бирге Алла Тааланын дагы пендеге ыраазы болушу зарыл. Жаратканга болгон ыраазылыгыбыз Анын чексиз ыраазылыгына ылайыктуу деңгээлде болушу керек. Демек, раадия Аллага ыраазы болгондордун, «мардиййа» болсо Алла Таала ыраазы болгон адамдардын даражасы болуп эсептелет.

Жараткан Өзү ыраазы болгон «мардиййа» даражасында терс мүнөздөр жоголуп, жакшы сапаттар ажарына чыгат. Бардык жандуу-жансыздарга карата боорукерлик, мээримдүүлүк, кечиримдүүлүк менен аяр мамиле жасоо шык-жөндөмү баралына келет. Бул даражага жеткен мусулман адам напсисин ар дайым көзөмөлдөп, суракка тартып турат. Ар бир демин олуттуу түрдө көзөмөлгө алып, шайтандын азгырык шыбыштарына алдырбоого жанүрөйт.

Ошондой эле пенде бул даражада турган турпаты менен Жараткан Аллага толугу менен моюн сунган абалда болот. Алла Тааладан келген сыноолордун бардыгына карата жасаган мамилесинин, ыраазылыгынын берекеси менен түбөлүк жашоого жер которуп баратканда Жаратkандын ыраазылыгына жеткендиги сүйүнчүлөнүп, Алланын учу-кыйырсыз чексиз ырaакымына бөлөнөт.

Жогоруда да эскерилген:

«Сен Ага (жалгыз Аллага), Ал дагы сага ыраазы болгон абалда Жараткан Эгеңе кайт!» (Фажр сүрөсү, 28-аят) деген аяттын «Ал дагы сага ыраазы болгон абалда» деген сүйлөмү ушул «мардиййа» даражасына ишарат жасайт.

Мындан тышкары бул багытта Баййина сүрөсүнүн 8-аятында да:

رَضِيَ اللَّهُ عَنْهُمْ وَرَضُوا عَنْهُ

**«...Алла Таала аларга ыраазы болот жана алар да Аллага ыраазы болушат...»** деп буюрулат.

Мына ушундай акыйкаттын ааламына сапар алган пенде жандуу-жансызга «хакк аль-акыйн» менен назар сала баштайт. Бул учурда адам баласы Алла Тааланын уруксаты менен айрым бир кайып сырларга тушугуусу мүмкүн. Алла Таала алардын жүрүм-турумуна, сүйлөгөн сөзүнө, иш-аракеттерине берекесин ыроолойт.

Буга бир катар пайгамбарлардын өрнөктүү өмүр кенчинен мисал келтирсек болот.

Маселен, оор машакат-кыйынчылыктарды баштан кечирип, жан чыдагыс дартка чалдыккан Аййуб пайгамбар жубайынын:

- Сен пайгамбарсың! Алла Таалага өзүңдүн ден-соолугуң үчүн дуба кылсаң кантет... Эртерээк бул дартыңдан айыгып кетсең, жакшы болоор эле... деген аруу тилегине:

- Ээ, Рахима! Кыйналып ооруп жатканыма сексен жыл (бардар турмушту баштан кечирген мезгилчелик) болбой туруп, Жараткан Аллага арыз-муңумду айтууга кантип оозум барат! – деп, Жаратканга болгон ыйбаалуулугун билдирген.

Ибрахим пайгамбар албууттанган от-жалынга ыргытылаар алдында жардамга келген периштелерге:

«-Отко ким күйгүзүү касиетин берген? Ырасында Ал менин абалымды жакшы түшүнөт. Мен силерге эч кандай муктаждыгым жок» деп Аллага болгон моюн сунуучулуктун баа жеткис үлгүсүн көрсөткөн.

Негизи напсини теске салуу жолундагы даражалар мына ушулар менен аягына чыгуу менен бирге руханий жактан баралына келген адамдарга тапшырылган кызматтар өңүтүнөн дагы бир даража бар. Ал «каамила» же «саафия» даражасы деп аталат.

**з. Нафсу каамила / Нафсу саафия**

Нафсу каамила – бул ар кандай рухий ыпластыктардан арылып, баралына келген напси. Бул марифат сырларынын түйүнүн чечкен жана Жараткан Алланын өзүнчө ыроосу катары гана берилген даража. Ага эмгек менен жетүүгө болбойт. Ал Жаратканды өзгөчө белеги болуп эсептелет.

«Нафсу каамила»га жеткен пенделерге негизинен шакирттерди жетектөө кызматы аманат катары тапшырылгандыктан бул даража «иршад-жетектөө» даражасы деп да айтылат. Бул даражадагы адамдар кайдыгер адам менен жүз көрүшсө, анын абалын дароо түшүнүшөт, руханий илдеттеринин дарысын жүрүм-турумунан эле байкай алышат. Кайдыгер адам эгер жүрөгүнө «мөөр» басылбаган болсо, Алланын уруксаты менен жасаган күнөөлөрүнө бушайман болуп, тообо кылуу аркылуу кайдыгерликтен арыла алат.

*Жүрөк – бул жакшылык менен жамандыктын, он жана терс күчтөрдүн кармаша турган жайы.*

## Б. ЖҮРӨК ЖАНА АНЫН ТАЗАЛЫГЫ

### 1. ЖҮРӨКТҮН МААНИ-МАҢЫЗЫ

Ислам дининин негизги максаттарынын бири – Жараткан Аллага кул болгондугун аңдап-түшүнгөн адамдардан куралган ыймандуу коом түзүү. Бул максат Жараткан Алла Таалага болгон кулчулуктун маани-маңызын ылайыктуу түрдө аңдап, анын талабына жараша кадам шилтөө аркылуу гана жүзөгө ашат. Ошондой эле бул аруу максат адам баласынын руханий жактан жетилип, баралына келишине, адал жолдун негизинде жан дүйнөсүндөгү аруу сезимдерин көркүнө чыгарганына жараша болот.

Жүрөк – бул дене турпаттын жана рух дүйнөнүн борбору. Анын денедеги кызматы өзгөчө мааниге ээ. Адам баласынын денесиндеги миллиарддаган клеткалардын бирине төрт секундага чейин кан келбей калса, ал клетка жандуулугун жоготот. Мына ошол клеткалардын бардыгына кан таркатып, өз кызматын тынымсыз аткарган жүрөк ошол эле

учурда адам баласынын шыкжөндөмү, күч-кудурети, асыл сапаттары сакталган руханий «булак» болуп эсептелет. Андыктан жүрөк материалдык жана руханий өңүттөрү менен дене турпатыбыздын өзүнчө «ажосу» катары кызмат өтөйт. Ой-жүгүртүүнүн борбору болгон мээ дагы жүрөктөн келген сезим-туюмдун таасири менен пикир, ой жаратат. Ошентип жүрөк өзүнүн кызматы менен мээ баш болгон мүчөлөрдүн бардыгына үстөмдүгүн жүргүзүү аркылуу адам баласынын жашоосунда негизги ролду ойнойт.

Жүрөк руханий өңүтү жагынан акыйкаттын өзүнчө таразасы сыяктуу. Бул милдет ага Жараткан Алла тарабынан жүктөлгөн. Эгер ал жаралуудагы негизги максатына карама-каршы келген багыт менен өзүнүн табигый багытынан чыгып кетсе, терс жолдорго жетеленип, дайынын таппай калат. Бул учурда ал адам баласын эки дүйнөлүк бакытка алып баруунун ордуна, түбү көрүнгүс туңгуюкка жетелейт. Ошондуктан аны жаралгандагы максатына жараша багыт бере турган Ыйык Курандын нуруна жана куттуу сүннөттүн береке-куту менен жууруп баралына келтирүү өтө зор мааниге ээ.

Аяттардын биринде Алла Таала дүнүйөлүк азгырыктардын артынан сая кууган жүрөк менен эки дүйнөлүк бакыттан ажырап калбашыбыз үчүн бизге төмөнкү эскертүүсүн берген:

**«Эй, адамдар! Алла Тааланын убадасы – чындык. Абайлагыла, бул дүйнө силерди (Алланын жолунан) адаштырып кетпесин! Шайтан силерди Аллага каршы азгырбасын!»** (Фатыр сүрөсү, 5-аят)

Мавляна олуя адам баласынын негизги максатына ылайык өмүр кечириши үчүн напсини тизгиндеп теске салуу зарылчылыгы талап кылынаары жөнүндө:

«Денени ашкере азыктандырба! Анткени ал акыр-аягы топуракка берилүүчү курмандык. Сен эң ириде жан дүйнөңдү көркүнө чыгаруунун камын көр! Себеби жогору жакка баруучу мына ошол сенин жан дүйнөң!»

«Денеңе бал-каймакты аз бер! Анткени аны ашкере тойгузган адам напсинин торуна түшүп, чоң жоготууга учурашы толук ыктымал»

«Жан дүйнөңө жан азыктардан көп бергин! Ага сергек ойжүгүртүү, терең түшүнүк жана рухий азыктарды бер да, бара турган жерине күчтүү болуп жетсин!» дейт.

Азирети Лукман уулуна бул багытта төмөнкү насаатын айткан:

«Уулум! Бул дүйнө түбү көрүнгүс деңиз сыяктуу. Канчалаган адамдар ошол деңизге чөгүп кетпеди! Бул деңизде такыбаадан жасалган кемең, анын ичинде ыйман жүгүң болсун! Аллага тобокелдүү болуп, жакшылык иштерден жасалчу азыгыңды камдап ал! Кудай буюрса, мына ошондо чоң жетишкендикке жетээрсиң...»

Бир жагынан дененин, экинчи жагынан жан дүйнөнүн борбору болгон жүрөк дене үчүн канчалык маанилүү болсо, жан дүйнө үчүн андан да маанилүү. Адамды «адам» атка татыктуу кылган жүрөктүн руханий ролу денедеги кызматынан алдаканча жогору турат. Жүрөк мына ушундай руханий өңүтү менен өзүндөгү өтө аяр сырлардын негизинде адамдын «адамдык» касиетине ээ болушунда эң жогорку орунду ээлейт. Дал ушул акыйкатка ылайык ыйман «тилден» мурун «жүрөктүн тастыкташы» менен пайда болуп жандуулугун сактайт. Демек, Аллага ыйман келтирип, Анын жалгыздыгына ишенүү үчүн алгач мээ же ой менен кабылдоодон мурда жүрөктүн тастыкташы талап кылынат.

Адам баласында жакшы-жаман, оң-терс өңүттүү кулк-мүнөз, шык-жөндөмдөр бир жерде кандай болсо, дал ошондой эле адамдын өзөгү саналган жүрөктө да ошол эки жактуу шык-жөндөмдөр бир жерде жайгашкан. Ал жакшылыкка да, жамандыкка да ийкемдүү. Андыктан жүрөк бул жакшылык менен жамандыктын, оң жана терс күчтөрдүн кармаша турган жайы. Ал өмүр бою ушул эки күчтүн кармашуусуна күбө болот.

Оң өңүттүү күчү аны ыймандуулук, боорукерлик, чын ыкластуулук, кичи пейилдик, ак ниеттүүлүк сыяктуу асыл касиеттер менен көркүнө чыгарууну көздөйт. Ал эми терс жактуу күчү жүрөктү каапырлык, кек сактоочулук, өч алуучулук, кастык, текеберлик, таш боордук, мыкаачылык сыяктуу жат сапаттарга жууруйт.

Шайтанды жүрөктөн алыстатуунун жападан жалгыз жолу – бул чын ыкластан жалгыз Жараткaнга баш калкалап, Аны тил менен да, дил менен да даңазалоо (б.а., зикир кылуу). Зикир менен бейпилдик тапкан жүрөк эң арую «итминаан» даражасына жогорулайт. Бул учурда жүрөккө аң-сезимдин алкагындагы жана андан тышкаркы ааламдардын сырлары ачылган болот.

Оң жана терс күчтөрдүн кармашкан майданы болгон жүрөк бул күрөштө жеңген тараптын катарына кошулуп, анын касиеттерине сиңип кете турган «өзгөрүп туруучу» мүнөзгө ээ. Жүрөк адамдык эркке моюн сунуу жаатында башка мүчөлөрдөн айырмаланып турат. Жүрөктүн жакшылыкка да, жамандыкка да ийкемдүү табигый өзгөчөлүгү ички таасирлерден мурда сырткы таасирлерден алдаканча көп таасир алып, ошонун негизинде аракет кылат. Тагыраак айтканда, сезимдер жүрөктө өзүнөн-өзү пайда болгон ойлордон мурда, негизинен сырткы себептердин таасири менен жаралат. Жүрөк мына ушундай өзгөчөлүгү менен сууга окшош. Суу кайсыл идишке куюлса, ошол идиштин калыбын алат.

Аяттарда мындай делет:

**«Эй, момундар! Алладан коркуп, чынчыл адамдар менен бирге болгула!»** (Тооба сүрөсү, 119-аят)

**«(Элчим!) сен Биздин аяттарыбызды (шылдыңдап) өйдөтөмөн сөздөрдү сүйлөгөндөрдү көрөсүң. Ошол учурда алар башка сөзгө өтмөйүнчө алардан оолак бол! Эгер шайтан сени унуттуруп койсо, анда эстээриң менен ал жамааттан туруп кет!»** (Анаам сүрөсү, 68-аят)

**«...Эгер силер Алланын аяттарына каршы чыгып, шылдыңдап жаткан адамдардын (өйдө-төмөн сөздөрүн) уксаңар, башка сөзгө өтмөйүнчө алар менен бирге отурбагыла! Болбосо, силер да ошолор сыяктуу болосуңар (алар менен чогуу күнөөгө батасыңар)»** (Ниса сүрөсү, 140-аят)

Жүрөк сырткы оң жана терс таасирлерге алдаканча ийкемдүү болгондуктан бул аяттарда аны терс таасирлерден оолак кармоо зарылчылыгына басым жасалууда. Жүрөк бул өзгөчөлүгү менен ар түрлүү таасирлердин калыбын алууга ийкемдүү. Араб тилиндеги «жүрөк» маанисин туюнткан «калб» сөзүнүн түпкү уңгусу «тигил же бул нерсени турган турпатынан башка калыпка салуу, бир нерсенин калыбын, өң-түсүн өзгөртүү» деген маанилерди да камтышы жүрөктүн мына ошол өзгөчөлүгүн тастыктап турат.

Куттуу хадистердин биринде ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Жүрөк ээн талаада ойноок желдин эпкининен өйдө-төмөн каалгып учкан канаттуунун жүнү сыяктуу»* дейт (Ибн Маажа, Мукаддима, 10; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 408).

«Бакыттын доору» деп аталган Пайгамбарыбыздын учурунда болгон мынабул окуя жүрөктүн дал ушул «ийкемдүү» өзгөчөлүгүн таасын чагылдырып турат:

Күндөрдүн биринде азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* жолдон Ханзалага *(Алла ага ыраазы болсун)* жолугат. Алабалын сурайт. Кабагы бүркөө Ханзала үшкүрүнүп:

- Эмнесин айтасың, ээ Сыддык,[56] Ханзала мунафык (эки жүздүү) болду! – дейт.

Азирети Абу Бакир:

- Субхааналлах! Бул эмне дегениң? – дейт таң кала. Анда Ханзала *(Алла ага ыраазы болсун)* сөзүн улап:

- Биз азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* дилмаегинде отурганда ал бизге бейиш-тозок жөнүндө кеп салат. Бул учурда өз көзүм менен көрүп тургандай абалга келем. Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* дилмаегинен кийин үйгө барып бала-бакырыбыз, күнүмдүк турмушубуз менен алек болгон кезде дилмаекте уккан нерселерибиздин көбүн унутуп калып атам. (Анын дилмаектеринен алган руханий насипүлүшүбүздү жоготуп жатам) – дейт.

Ханзаланын бул сөздөрүн кунт коюп уккан азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

- Валлахи! Бул нерселерди мен дагы башыман өткөрүүдөмүн.

Ошентип эки сахаба дароо Пайгамбарыбызга барып, жагдайды түшүндүрөт. Анда азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

*- Жанымды чексиз Кудуретинде кармаган Алла Таалага ант болсун! Менин жанымда тургандагы абалыңарды ар качан жандуу сактап, дайыма зикир менен жүргөнүңөрдө, уктап жатканда да, жолдо жүргөндө да периштелер силер менен кол кармашып жүрмөк.* (үч жолу кайталап):

*- Эй, Ханзала! Кээде ошондой, кээде мындай да болот!* деген экен (Муслим, Тооба, 12). Демек, акыреттин камын көрүү үчүн Алла Таалага чын ыкластан ибадаттарыбызды аткаруу менен бирге бул дүйнөдөгү жашообуз үчүн адал жолдун негизинде аракет кылышыбыз керек.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жогорудагы сөзү менен жүрөктүн «талвиин» деп аталган бир абалдан экинчи абалга өзгөрүп туруучу өзгөчөлүгүнө ишарат жасаган. Тасаввуфтун негизги максаттарынан бири – жүрөктөгү дал ушул «талвиин» абалын дилмаектердин жана зикирдин берекеси менен «тамкиин» делген туура жолдо туруктуу абалга айлантуу болуп эсептелет. Тагыраак айтканда, жүрөктү Жараткан Алланын адал жолуна багыттап, ошол боюнча жандуулугун туруктуу сактоо. Сахабалардын арасынан азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* буга эң сонун үлгү боло алат. Пайгамбарыбыз өз башынан өткөргөн «Мираж» окуясына карата ал бутпарастардын арам ойлорун ойрондотуп, ийненин көзүндөй дагы күмөнгө түшпөй Пайгамбарыбызды тастыкташын анын жүрөгүндөгү кебелбес бекем ыйманы менен гана түшүндүрүүгө болот.

Мираж окуясын угаары менен Меккедеги бутпарастар аны жалганга чыгарууга өтүшкөн эле. Алар жалган жалааларды калкка жарыялап, элдин башын айландырып, адаттагыдай кутумдук кылып жиберишет. Муну табылбас мүмкүнчүлүк катары санаган бутпарастар эл арасында дуу-дуу кепти бетке кармап, Абу Бакирге барып шылдыңдаган таризде:

- Эй, Абу Бакир! Сенин Пайгамбарың асмандарды аралап өтүп келгендигин жар салыптыр, кабарың барбы? Эми буга эмне дейсиң? – дешет.

Анда ал:

*- Ырас, ал эмне айтса, баары чындык! Анткени ал эч качан калп айтпайт! Мен ал апкелген бүт нерсеге ишенемин!...* деп кутумдардын шаабайын сууткан (Ибн Хишам, ас-Сииро, 2, 31).

***

Периштелер жакшылыкка гана ийкемдүү болуп жаратылган. Шайтандар болсо жамандыкка гана жөндөмдүү. Ал эми адам баласы ушул эки жандуунун тең

өзгөчөлүктөрүнө ээ. Мына ошондуктан адам жүрөгүн карама сокурга айланткан шайтандын ар түрлүү азгырыктарынан коргоп, адал жолдун чегинде өмүр сүрүшү керек. Адам баласынын түбөлүк бактысына багытталып Жараткан Алла Таала тарабынан коюлган мыйзам менен жашоосу зарыл.

Ырасында, өлүмдөн кийинки чыныгы келечек жашоонун камын көрүү адам баласынын бул жашоодогу эң маанилүү жана эң олуттуу иши болушу керек. Ал үчүн жүрөктүн чыныгы жүзү менен жакындан таанышып, аны ар түрлүү терс таасирлерден коргоо аркылуу руханий жан азыктар менен ажарына чыгаруу зарылчылыгы күч. Бул дүйнөдө тең салмактуулукту сактап, акыретте түбөлүк бакыттын босогосун аттоо үчүн «калбу салиим» (таза жүрөк, аруу жан дүйнө) талап кылынат. Калбу салиим – бул табиятындагы тазалыгын, табигый туура жолго ийкемдүү өзгөчөлүгүн жоготпогон жүрөк болуп эсептелет. Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Ар бир наристе Исламга ийкемдүү болуп төрөлөт. Аны атаэнеси кийин (өз ишенимдерине жараша) же христиан, же иудаизм, же мажусий диндерине тарбиялайт...»* (Муслим, Кадар, 22) деген хадисинен да байкалгандай, жүрөктүн табигый «салиим» өзгөчөлүгү «Исламга» ийкемдүү болсо да, ал терс таасирлерге дуушар болсо өзүнүн табигый өзгөчөлүгүн жоготуп, туура жолдон адашуу ыктымалы жаралат.

Ыйман нуру уялаган жүрөктө адамдык асыл сапаттар үстөмдүк кылып, Жараткан Аллага чын ыкластан ибадат кылуу ышкысы жандуулугун сактоо менен ар качан жакшылыкка гана бет алат. Жандуу-жансыздарга назар салууда парасаттуулугу артып, Курандын тили менен айтканда, «көөдөн көзүнүн»[57] алдындагы көшөгөлөр ачылып, руханий ааламга карек оодаруу бактысы башына конот. Албетте, бул мынабу көз менен эмес, көөдөн көзү менен көрүнгөн акыйкат ааламы болуп эсептелет.

Көөдөн көзүн ачууга ышкысы күчтүү жана руханий дүйнөгө алдаканча ийкемдүү адамдар руханий жактан тарбия алууну жан дили менен каалап, Жараткан Алланын адал жолунда илгерилөө үчүн олуттуу түрдө аракет кылышат. Ал эми муну чын ыкластан каалабаган адамдар пайгамбарлардын чыныгы мураскорлоруна кулак төшөй албайт. Текеберликтин айынан азгырык шайтандын тузагына чалынат. Алар өздөрүнүн жан дүйнө сокурлугунан, анын кесепетинен кайдыгер жашашат.

Адам баласы бул сынак дүйнөдө жакшылыкка гана эмес, жамандыкка да ийкемдүү болуп, өз эркине жараша кадам шилтейт. Эрк-каалоо жүрөктүн оң жана терс ийкемдүүлүгүнө жараша болот. Жүрөк сырткы терс таасирлердин жана напсинин азгырыгынын үстөмдүгүнө дуушар болсо, анда адам бул дүйнөгө келгендеги эң негизги максатынан алыстап, түбөлүк бактысына балта чаап алуу коркунучу курч кырдаалга айланат.

Теске салынбаган напсинин жетегиндеги жүрөккө ар түрлүү терс арзуу-каалоолор үстөмдүк кылат. Мындай жүрөк алдындагы акыйкатты көрө албас карама сокурга айланат. Курандын тили менен айтканда «бал хум адалл», б.а., айбандан да төмөн даражага түшүп түбөлүк бактысынан ажырайт. Ал руханий жактан дарылануучуга өтө муктаж абалда болот.

*Адам баласынын жүрүм-туруму жүрөгүнүн күзгүсү. Ал жүрөгүнүн абалына жараша аракет кылат.*

## 2. ЖҮРӨКТҮН ТҮРЛӨРҮ

а. Жаралгандагы өзөк максатына ылайык табигый өзгөчөлүгүн сактаган жүрөк

Бул Жараткан Алланы даңазалап зикир кылуунун натыйжасында кайдыгерликтен арылган жүрөк. Напси бул учурда ар түрлүү рухий ыпластыктардан тазаланып, жүрөк ыйман нуруна толот. Мындай адамдар төмөнкү аяттарга ылайык аракет кылууга жетишкен болушат:

«Эй, ыйман келтиргендер! Алланы көп көп зикир кылгыла!...» (Ахзаб сүрөсү, 41-аят)

«Жараткан Эгеңдин ысмын дайыма даңазала! Ага чын ыкластан турган турпатың жана жан дилиң менен бет ал!» (Муззаммил сүрөсү, 8-аят)

«Ал үйлөрдө Алланы даңазалоодон, намаз окуудан, зекет берүүдөн аларды соода-сатык да тосо албай турган адамдар бар. Алар жүрөктүн үшүн алып, көздү алайта турган күндөн коркушат» (Нур сүрөсү, 37-аят).

Мындай даражага жеткен жүрөк Алла Тааланын кудурет чеберчилигин жакындан тааныйт. Ал ыйык Куран жана Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоо аркылуу руханий жактан баралына келген болот. Ошондой эле Жараткан Алла Таалага жана Анын сүйүктүү Пайгамбарына *(саллаллаху алейхи васаллам)* бапестелген сүйүүнүн берекеси менен напсинин терс арзуу-каалоолорунан алыстайт. Бул жүрөк ыйык Куранда «калбу салим», «калбу муниб», «калбу мутмаин» деген аталыштар менен да аталат. Жараткан Алланын алдында адам баласына пайда алып келчү бул жүрөктөргө кыскача төмөнкүчө түшүндүрмө берсек болот:

Калбу салим бул напсинин ар түрлүү азгырыктарынан арылган жана табигый өзгөчөлүгүн жоготпогон жүрөк. Алла Таала тарабынан пендеге таза табияты менен тартууланган жана андан ошол табигый өзгөчөлүгүн жоготпой жандуу сактоо зарылчылыгы талап кылынган жүрөк. Жүрөктүн мындай аруулугуна «напсини теске салуу» жана «жүрөктү тазалоо» делген тасаввуфтук негиздер менен жетүүгө болот. Пенде бул негиздер аркылуу күнөөлөрдөн алдаканча алыстап, жакшылыктын жарчысына айланат. Жараткандын нуруна бөлөнгөн мындай жүрөктө напсинин миң түркүн терс арзуу-каалоолору күлгө айланган болот.

Куран аяттарында «калбу салим» жөнүндө:

«Ал күнү мал-мүлк да, бала-бакыра да пайда бербейт. (Кыямат күнү) Алланын алдына «калбу салим» (таза жүрөк) менен келгендер гана пайда табат» (Шуара сүрөсү, 88-89-аяттар) деп буюрулат.

Рухи Багдадий бул багытта мындай деген:

«Эй, соодагер! Мал-мүлк да, бала-бакыра да пайда бере албаган ошол чоң сурактын күнүндө сенден алтын-күмүш талап кылынаарын ойлобо! Сенден ал күнү «калбу салим» гана талап кылынат!»

Калбу муниб – бул ар дайым Жараткан Аллага гана бет алган жүрөк. Утурумдук дүйнөнүн туткунунан кутулуп, жалгыз Жаратканга бапестелген улуу сүйүүнүн берекеси менен руханий ааламдын ырахатынан даам сызган абалдагы жүрөк. Бул жүрөк Жараткан Алла Тааланын учу-кыйырсыз чексиз кудуретинин алдында титиреп, калтыраган аруу сезимдердин сересин багындырган жүрөк. Бул багытта аяттардын биринде мындай делет:

«Мына ошол убада кылынган бейиш жалгыз Жаратканга бет алып, Анын буйруктарына баш ийген жана көрбөй туруп Мээримдүү Алладан корккон жана «калбу муниб» (Аллага бет алган жүрөк) менен келген адамдарга таандык» (Каф сүрөсү, 32-33аяттар).

Калбу мутмаин – ыйман нуру менен адамдык асыл сапаттын сересине карай бет алган бейпил жүрөк. Мындай даражадагы адам ибадаттарды толук кандуу түрдө чын ыкластан аткарууга жетишет. Бул учурда жүрөк зикир нуруна бөлөнүп, напсинин тизгинин колго алып арууланган болот. Ошону менен бирге ыйман нуру сезимдердин борборуна, б.а., жүрөккө бекем жайгашат. Жараткан Жалгыз Кудуретке толук ыйман келтирип, чын ыкластан ыраазы болуу менен чыныгы бейпилдикти багындырган болот. Бул учурда ал:

أَلاَ بِذِكْرِ اللّٰهِ تَطْمَئِنُّ الْقُلُوبُ

**«Жүрөктөр Алла Тааланы даңазалап зикир кылуу менен гана бейпилдикке жетет!»** (Раад сүрөсү, 28-аят) деген аятка ылайык абалга келген болот. Демек, Алла Тааланы зикир кылбаган жүрөктөр жашоонун өйдө-ылдыйында ар түрлүү машакаттардан азап гана чегип, эч качан чыныгы бейпилдикке жетпейт.

«Салим», «муниб» жана «мутмаин» даражаларын багындырган жүрөктүн айрым бир белгилерин төмөнкүчө тизмелөөгө болот: аярлуулук, кылдаттык, мээримдүүлүк, боорукерлик, жашоо шартына ыраазы болуу, акыйкат үчүн, адал жол үчүн күйүп-жануу, элге кызмат кылуу, жат иштерден алыс болуу, Жараткандын адам баласы үчүн койгон мыйзамы менен айкалышып жуурулуша жашоо, Жараткан Аллага бапестелген улуу сүйүүнүн ырахатынан даам сызуу...

Жүрөккө таандык бул даражанын байлыгы – чын жүрөктөн Жараткан Аллага алакан жая дуба кылып кечирим тилөө жана адал азык менен тамактануу. Ал эми бул байлыкты сактоо үчүн чын ыкластан аткарылган ибадаттар жана жакшылык иштер талап кылынат. Адам катары күнөөлөрдөн толук арылуу мүмкүн болбогондуктан жана күнөөлөр жүрөктүн асыл касиеттерин азайтып, аны руханий жактан карама сокурга айлантkандыктан жүрөк оң өнүттүү сапаттарга ээ болушу үчүн Жараткан Кудуреттен кечирим тилеп, Ага чын ыкластан алакан жая дуба кылуу зылчылыгы күч. Ошондуктан тасаввуфтук тапшырма-сабактар Жараткан Алладан кечирим тилөө менен башталат.

Адал азык боюнча сөз кылсак, бул багытта Алланын олуя пенделери мындай дешет:

«Алла Таала адал азык менен тамактанган адамдын жүрөгүн нурландырат».

Жакшылык иштер руханий жактан баралына келген жүрөктү ошол калыбынан жаздырбай жандуу сактоонун өзүнчө талабы болуп саналат. Алла Тааладан келген өзгөчө белектер мына ушундай жүрөктүн ээлерине таандык.

Ошондой эле булардан дагы жогорку даражага жеткен жана Алла Тааланын нуру уялаган «тирүү» жүрөктөр да бар. Алар пайгамбарларга жана олуяларга тиешелүү. Алла Таала пайгамбарларды жана алардын мураскорлору болуп эсептелген чыныгы аалым-олуялардын ар бирин акты кара, караны ак көргөзгөн азгырыктын алдын алып, адамды «адам» катары өмүр сүрүүгө, жакшылыкка, ибадаттарды чын ыкластан аткарууга чакырып, түбөлүк бакытка жетелөө үчүн өзүнчө «дааруссалам»дын[58] жарчысы кылып дайындаган.

Руханий тарбиянын натыйжасында максат кылынган даража – бул жүрөктү ар качан жана ар жерде Жараткан Алла Таала менен бирге болуу абалына алып келүү жана ушул калыбынан жаздырбай «тирүү жүрөккө» айландыруу болуп эсептелет.

б. Мөөр басылган жана тирүүлөй өлүк жүрөк

Бул даражадагы жүрөк жогоруда белгиленген жүрөктөргө толугу менен карама-каршы тарапта болуп, ыйман нуруна карата мөөр басылган тирүүлөй өлүк жүрөк болуп эсептелет. Мунун тозок чуңкуруна айланган айрым бир көрлөрдөн эч кандай айырмасы

болбойт. Напсинин миң бир түрлүү арзууларынан башка талабы болбогон мындай адамдардын бул дүйнөдө адаларамды ылгабай жеп-ичүү, көңүл ачуу сыяктуу көз ирмемдик өмүрлөрүн кор кылуудан башка максаттары деле жок. Баа жеткис өзгөчө ыроо катары тартууланган бул жашоонун кадырына жете алышпайт. Алардын жашоодогу максаттары айбандардыкынан жогору эмес. Кээде алардан дагы төмөн даражаларга кириптер боло келгендиги жана болуп да жаткандыгы ырас. Жараткан Алла Таала:

«Чынында Алла Таала ыйман келтирип, жакшылык кылгандарды астынан дайралар агып турууучу бейиш багына киргизет. Каапырлар (бул дүйнөдө) айбандар сыяктуу ырахаттанып жеп-ичкенден башканы билишпейт. Алардын бара турган жайы – бул тозок оту» (Мухаммад сүрөсү, 12-аят).

«(Эй, элчим!) Же алардын көпчүлүгү угушат, же ойлонушат деп ойлойсуңбу? Ырасында алар айбан сыяктуу. А балким, андан дагы төмөн даражада!» (Фуркан сүрөсү, 44-аят) деп буюрат.

Жашоосу напсинин карамагына өткөн мындай адамдардын өмүрлөрү түбөлүк өкүнүчтүн багытында өтөт. Акыретте алар сөзгө сыйбас чексиз азаптын түрү коштогон тозоктун төрүнөн орун алышат.

Мындайлар адам баласынын, жашоонун купуя сырларынан, ааламдагы чексиз кудуреттин ибараттуу чеберчилигинен кабарсыз. Ал жөнүндө сөз учугу ачылса да, ичтеринен ирээнжип, аны түшүнгүлөрү келишпейт. Өздөрү адал жолдон адашкандыгы аз келгенсип, күчү жете турган адамдардын дагы түбөлүк бактысына балта чабууга себеп болушат.

Алар бул дүйнөдө Жараткан ыроологон баа жеткис ырыскыга, дене турпат, жер-суу, аба-топурак сыяктуу акыл менен иштеп өмүр кечирүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуп турса да, ошол жакшылыктарды тартуулаган Берешен Кудуретти танып четке кагуу менен кесирлик кылышат. Жараткан Алла мындай адамдар жөнүндө Куран аяттарында төмөнкүчө буюрат:

«Биз инсанды бир тамчы суудан жаратканбыз. Инсан муну билбейби? Анан да, (Жаратканга) чылкый душман болуп алганын кантесиң?!»

«Алар ырасында эле дүлөй, дудук жана карама сокур. Мына ошондуктан алар (акыйкатты) түшүнө алышпайт» (Бакара сүрөсү, 18-аят)

«Албетте, сен өлүктөргө угуза албайсың! Жүз үйрүп артка бурулуп кетип бараткан (акыйкатка карата кулагы укпас) дүлөйлөргө чакырыгыңды угуза албайсың!.. Сен (акыйкатты, адал жолду көрө албас) сокурларды адашкан жолунан туура жолго сала албайсың! Сенин чакырыгыңа Биздин аяттарга ишенип, моюн сунгандар гана кулак төшөйт» (Намл сүрөсү, 80-81-аяттар).

Мындай адамдардын жүрөгүнө кулпу салынып, мөөр басылгандыгы бир катар аяттар менен тастыкталган. Бул багытта аяттардын биринде:

خَتَمَ اللَّهُ عَلَى قُلُوبِهِمْ وَعَلَى سَمْعِهِمْ وَعَلَى أَبْصَارِهِمْ
غِشَاوَةٌ وَلَهُمْ عَذَابٌ عَظِيمٌ

**«Алла Таала алардын жүрөгүнө жана кулагына мөөр басып койгон. Алардын көздөрүнө карата да өзүнчө бир көшөгө тартылган. Алар үчүн оор азап бар!»** (Бакара сүрөсү, 7-аят).

Ырасында бул жагдай ар бир адамдын жүрөгүнүн үшүн алган Жаратkандын өзүнчө купуя сыры.

Ыйык Куранда жүрөгүнө мөөр басылган адамдар тууралуу кеп салынса да, биз адамдардын кимисине мөөр басылганын биле албайбыз. Анткени акыбет белгисиз. Фараондун сыйкырчылары сыяктуу туура эмес жолдо жашап, өмүрлөрүнүн акырында Алланын адал жолун тапкандар болгондой эле, Карун жана Балаам бин Баура сыяктуу туура жол менен жашап, өмүрүнүн акырында азгырыктын аңына түшкөндөр да жок эмес. Учурунда азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамабарыбызды өлтүрүү үчүн жолго чыккан азирети Умарга, азирети Хамзаны шейит кылган Вахшиге, ошондой эле ичиндеги кастыгын айгинелеп азирети Хамзанын көөдөнүн жарып, бооруна тиш салган Абу Суфяндын аялы Хиндке да туура жолдун каалгасы жабылган эмес.

Ошону менен бирге Куран аяттарында жүрөгүнө мөөр басылгандардын негизги сапаттары катары «зулумдук», «каапырлык» жана «фыск, б.а., адал-арамды ылгабоочулук» сыяктуу жат сапаттар эскерилет. Мындай адамдарга карата Курандын жыйырма алты (26) жеринде «Алла Таала аларды туура жолго салбайт» деп буюрулат. Бул аяттардын он экисинде заалымдар, сегизинде каапырлар, алтоосунда фасыктар (адал-арамды ылгабай күнөөгө белчеден баткандар) жөнүндө кеп козголот. Ал эми ошол күнөө иштеринен баш тартып, чын ыкластан Жараткан Алла Таалага бет алган пенделер үчүн адал жолдун эшиги ар качан ачык.

Жүрөгүнө мөөр басылгандар бул дүйнөдө эле эң оор жазага ылайыктуу болгондугу үчүн ошого дуушар болушат. Туура жолдон алыс болуунун себеби катары жогоруда белгиленген үч терс сапаттын эскерилиши оор азаптан кутулуунун жолуна ишарат жасаса да, акыйкатты жалгыз Аллага тапшыруудан башка аргабыз жок. Бул жерден биз жанагы үч түрлүү күнөөдөн сактанууга өтө кылдат мамиле жасоо зарылчылыгын гана чыгара алабыз.

Ошону менен бирге миң бир сырлуу тагдыр белгисиз болгондуктан жана тагдыр жөнүндө терең ойго чөмүлүүгө толук кандуу түрдө уруксат берилбегендиктен, бул маселеге ушул жерден чекит койууну эп көрдүк.

Мунун хикмат-себеби эмнеде болсо да, жүрөгүнө мөөр басылгандар – булар Жараткандын адал жолуна, жакшылыкка карата кол шилтеп, адамдык асыл сапаттардан алыстап, жан дүйнөсү какыраган эрме чөлгө айланган адамдар. Кайдыгерликтен алыс болуу үчүн Алла Таала бизге төмөнкү эскертмесин берген:

«Алланы унутуп койгон жана ушул себептен улам Алла Таала аларга өздөрүн унуттурган адамдардан болбогула! Алар адал жолдон адашкан адамдар» (Хашр сүрөсү, 19-аят). Бул аятта Алла Тааланы унуткан адамдар турган турпатындагы Жараткандын чексиз чеберчилигин аңдап-түшүнө турган аң-сезимден оолак болгондуктарына ишарат жасалууда.

Маңдайындагы ак менен караны айырмалай албаган карама сокурлар напсинин утурумдук терс арзуу-каалоолорун гана канааттандыруунун камын көрүшкөндүктөн пайгамбарлар жана алардын мураскорлору көрсөткөн адал жолдун мыйзамына кайдыгер мамиле жасап, андан колдорунан келишинче алыс болууга жанүрөшөт. Напсинин азгырыгы менен «өлүм, кыямат күнү, акырет жашоосу» сыяктуу акыйкаттарды четке кагып, өздөрүнүн «кыял» дүйнөсүндө өмүр кечиришет.

Жарганаттабигыйөзгөчөлүгүнүнталабыкатары караңгылыктан ырахат алгандай, мындай адамдар да адамдык бейнесине толуп калган жат сапаттардын туткунуна айланып, ар түрлүү бузуку, күнөө иштеринен ырахат алып, жан дүйнөлөрүнө бейпилдик тартуулагандыктарын ойлошот. Бирок табигый өзгөчөлүгүн жоготпогон жан дүйнө мындай иштерден ирээнжигендиктен жана жалгыз Жараткан Алланын адам баласына тартуулаган адал мыйзам-эрежесинин негизинде гана бейпилдиктин туу чокусун

багындыргандыктан, жүрөгүнө мөөр басылгандар чыныгы бейпилдикке жете алышпайт. Азгырыктын сормо сазына белчеден баткан адам өлүм алдында ажал периштени өз көзү менен көргөндөн кийин гана акыйкатты таанып, Аллага ыйман келтирсе да, ал кечигип калган болот. Себеби адам баласы үчүн сынактын мөөнөтү ажал периште келгенге чейин гана уланат. Ошол учурдан тарта ыйман келтирүү мүмкүнчүлүгү экинчи кайтып келбейт. Агездеги өкүнүч өлүм алдында Фараондун саждага баш коюшундай эле пайдасыз болот.

**в. Оорулуу жана кайдыгер жүрөк**

Булар же өлүк эмес, же тирүү эмес жүрөктөр. Мындайлар физиологиялык жактан оорулуу адамдар сыяктуу. Алар жан дүйнөсүндөгү катылуу асыл сапаттарды пайдалана албагандыктан бул дүйнөдөгү жашоосун көркүнө чыгара алышпайт. Ички дүйнөсүндөгү баш аламандык сырткы дүйнөсүн, сырткы дүйнөсүндөгү баш аламандык ички дүйнөсүн терс таасирлерге дуушар кылат. Мына ушундай башаягы жок ой-санаалар адам баласынын жүрүм-турумуна, кыймыларакетине өзүнүн терс таасирлерин тийгизет. Ар кандай күмөндүү нерселердин кучагында арсар абалда калган мындай оорулуу жана кайдыгер жүрөктөр үчүн түркүн түстүү азгырыктардын туткунуна айлануу коркунучу ар дайым жандуулугун сактайт. Булар руханий жактан дарылануууга өтө муктаж абалда болушат.

Аяттардын биринде Алла Таала:

**«Алардын оорусу жүрөгүндө. Алла Таала алардын оорусун дагы да күчөтөт. Жалган сүйлөгөндөрү үчүн аларга жан чыдагыс азап бар»** (Бакара сүрөсү, 10-аят) деп буюрат.

**Күмөн** – бул акыйкатка жете албай, берекелүү руханий жашоодон оолак болуу дарты. Ал жүрөктү руханий жактан тирүүлөй өлүмгө жетелейт. Жан дүйнөгө бейпилдик тартуулаган ыймандан алыс болуу адамды туруктуу бейпилсиздикке, руханий жактан оор дартка чалдыгууга себеп болот.

**Наадандык** – бул акыйкаттан алыс болуунун кесепетин да көрө албас сокурлуктун, караңгылыктын жана түркөйлүктүн жолу. Бул жол аларды туңгуюкка жетелеп, чоң жоготууга учуратат.

**Терс арзуу-каалоолор** жүрөк табигый тунук касиетин, зиректигин жоготкон соң араанын ачып, аны өз карамагына алат. Бул учурда «алдым-жуттумга» киришкен напси араанын болушунча ачкандыктан эч нерсеге канааттанбайт да, тойбойт. Ал болгону көрдүн топурагына гана тойот.

**Адепсиздик, бузукулук** – бул руханий оор дарт. Ал өз убагында дарыланса, Алла Тааланын уруксаты менен шыпа табышы толук мүмкүн.

Жүрөктүн дагы бир оор дарты – бул анын катуулугу. Мындай таш жүрөктөр адал жолдун чакырыгын угушпайт, мээримдүүлүк, боорукерлик эмне экенин билишпейт. Алтургай таштар дагы бул жүрөктөргө салыштырмалуу алдаканча жумшак жана пайдалуу болот. Жараткан Алла Куранда бул багытта:

«Андан соң силердин жүрөгүңөр таш сыяктуу, же андан да катуурак болуп калды. Анткени таштардын арасында булактар сызылып агып чыккандары бар... Алладан корккондугунан жогорудан төмөн көздөй тоголонгону да бар. Алла Таала жасап жаткан ар бир ишиңерди билип турат!» (Бакара сүрөсү, 74аят) дейт.

Бул аяттан байкалгандай, жүрөктүн катуулугу Алла Тааланы эстен чыгаруунун жана адал жолго жеңил-желпи мамиле жасоонун табигый талабы болуп эсептелет. Дагы бир аятта Улуу Жараткан Алла мындай дейт:

«Жүрөктөрү Алланы эстеп даңазалоодон мерез болуп катып калгандарга азап болсун! Мындайлар (адал жолдон) анык адашкан адамдар» (Зумар сүрөсү, 22-аят).

Оорулуу жана кайдыгер жүрөк менен аткарылган иш-амалдар Жараткан Алланын алдында эч кандай баага арзыбайт. Жүрөк ыйман нуру менен көркүнө чыкмайынча адам баласы карама сокурлуктан арыла албайт. Көз алдындагы ааламдан Жараткан Кудуреттин миң бир түрлүү чексиз чеберчилигин көрө албайт. Алла Таала:

**«(Элчим! Сага каршы чыккандар) жер бетинде кезбей жүрүшөбү? Анан да алардын түшүнө турган жүрөктөрү, уга турган кулактары болсо кана! Ырасында алардын көздөрү сокур эмес, көкүрөктөгү жүрөктөрү сокур!»** (Хаж сүрөсү, 46-аят) деп буюруу менен ааламдан үлгү алуу менен жүрөктүн көзүн ачуу керектигине ишарат жасоодо. Ааламга руханий өңүттөн жүрөккө уялаган ыйман нуру менен назар салмайын мынабул бакыраң көз эч нерсеге жарабайт. Себеби буу айнектен айлана-чөйрөнү ачыкайкын, даана көрүү мүмкүн эмес.

Руханий жактан жүрөктүн эң жеңил оорулары дагы кайра кайтарып алууга мүмкүн болбогон чоң жоготууларга, алтургай анын тирүүлөй өлүмүнө себепкер болушу толук ыктымал. Мына ошондуктан адам баласы жүрөгүн бекем ыйман менен коргоп, Алла Тааланын эрк-каалоосуна толук моюн сунуп, «адал-арам» деген эрежесине олуттуу мамиле жасашы керек. Жараткан Аллага толук моюн сунган адамды Жаратқандан башка башкара турган эч бир күч болбойт. Куттуу хадистердин биринде жүрөктү коргоонун зарылчылыгы жөнүндө:

أَ لاَ وَاِنَّ فِي الْجَسَدِ مُضْغَةً اِذَا صَلَحَتْ صَلَحَ الْجَسَدُ كُلُّهُ
وَ اِذَا فَسَدَتْ فَسَدَ الْجَسَدُ كُلُّهُ اَلاَ وَهِيَ الْقَلْبُ

*«...Адамдын денесинде кичинекей бир эт бар. Ал жакшы болсо, дененин бардыгы жакшы, жаман болсо дененин бардыгы жаман болот. Ал эт – жүрөк!»* делет (Бухарий, Иман, 39).

Бул дүйнө Жараткан Кудуреттин сынак жайы. Ал жерде түркүн түстүү сынактын желаргысы жүрүп турат. Бул желаргы адам баласынын жүрөгүнө ар түрдүүчө таасир этип, аны каалаган жерине жетелейт.

Бул дүйнөнүн сынак жайы иретинде жаралышынын табигый талабы катары бири-бирине карама-каршы соккон желаргылар жүрөктү күзгү жалбырак сыяктантып өйдө-төмөн сапырып алып жүрбөшү үчүн аны бул таасирлерден коргоо зарылчылыгы күч. Ал үчүн жүрөктү Жараткан Кудай Тааланын чексиз ыраакымы тараптан келген, жан дүйнөгө жан азык тартуулаган желаргыга тапшыруу керек. Жан дүйнөнү бейпилдикке бөлөгөн бул желаргыны Жалгыз Аллага алакан жая чын ыкластан дуба кылып, Анын буйрук-жарлыктарына моюн сунуу менен гана чакыруу мүмкүн.

*Жүрөк – бул мөлтүр булактын койнунан агып түшкөн суу сыяктуу. Ага ыпластык түшсө, чаңдап эч нерсе көрүнбөс абалга келет. Бул учурда акыйкаттын асыл таштарын көрүү үчүн ал сууну тундуруу керек.*

## 3. ЖҮРӨКТҮН ТАЗАЛЫГЫ

**а. Адал азык**

Адам баласынын жан дүис нөсүнө жан азык тартуулаган руханиис азыктар менен катар адал азыктар дагы күч-кубат, дем берет. Адамдын дене турпатына кирген адал азык жан дүис нөгө беис пилдик, береке-кут тартууласа, ал эми арам же адалдыгы күмөн азыктар жүрөктү ташка аис лантат.

Адал азык менен жакшылык иштердин ортосунда тыгыз баис ланыш бар. Дубанын кабыл болушунда да адал азык өтө зор мааниге ээ. Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул багытта:

*«Эй, адамдар! Шек-күмөнсүз Алла Таала – аруу! Ал ар түрлүү кемчиликтерден оолак! Андыктан Ал адалдан жана тазадан башкасын кабыл кылбайт. Алла Таала пайгамбарларга буйруганын момун-мусулмандарга да буйруган*:

**«Эй, пайгамбарлар! Адалдан гана азыктангыла! Жакшылык кылгыла! Ырасында, Мен силердин эмне кылганыңарды жакшы билем»** (Муминуун сүрөсү, 51-аят)

**«Эй, ыйман келтиргендер! Биз насип кылган адал ырыскылар менен азыктангыла!..»** (Бакара сүрөсү, 172-аят)

(Бул аяттарды окуган соң) азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* үстү-башы кир, жүдөгөн адамдын алакан жая: «Оо, Жараткан, оо, Жараткан!» деп Аллага дуба кылганы жөнүндө кеп салып, сөзүн улап:

*«Бул адамдын жегени да, ичкени да, кийгени да арам эле. Анан кантип анын дубасы кабыл болсун?!»* деген (Муслим, Зекет, 65).

Олуя пенделер жан дүйнөнүн көркү үчүн мынабул насааттагы эки нерсеге өзгөчө көңүл бөлүшөт:

«Тамактануу учурунда оозуңарга алган азыкка, сүйлөө учурунда оозуңардан чыккан ар бир сөзгө этият болгула!..»

Төмөндөгү хадисте азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мусулман баласынын адал-арам маселесине олуттуу мамиле жасоо керектиги жөнүндө:

*«Ырас, адал да, арам да белгилүү. Бул экөөнүн ортосунда (адал-арамдыгы белгисиз) бир катар күмөн нерселер бар. Буларды көп адамдар билбейт. Күмөн нерселерден алыс болгон мусулман адам динин, абийирин сактаган болот. Ал эми күмөн нерселерден сактанбаган адам убакыттын өтүшү менен арамга кадам шилтейт. Бул адам малын бирөөгө таандык жердин айланасына кое берген чабандын мисалын берет. Мал бир күнү болбосо, бир күнү бул жерге кирип кетиши толук мүмкүн. Этият болгула! Ар бир падышанын кирүүгө тыйуу салган жайы болот. Унутпагыла! Алла Тааланын тыйуу салган жайы – бул Анын арам кылган нерселери болуп эсептелет»* деген (Бухарий, Иман, 39).

Алла Тааланын буйругуна моюн сунуп, ыраазы болгон жүрөктөр жакшылыктын, ал эми мунун тетирисинче арам жана күмөн нерселерди ылгабаган жүрөктөр бузукулуктун, жамандыктын түнөгүнө айланат.

Бул багытта төмөнкү окуялар да мусулман баласы үчүн чоң сабак болот деген үмүттөбүз:

Азирети Абу Бакирдин бир кулу болот. Ал иштеп тапкан пайдасынын бир бөлүгүн кожоюнуна берип, калганын өзү алчу. Күндөрдүн биринде ал сырттан бир аз азык таап келип кожоюнунун алдына койот. Азирети Абу Бакир эч нерседен бейкапар мындан жей баштайт. Анда тиги адам:

- Алдагы жеп жаткан нерсенин кайдан келгендигин билесиңби? – деп сурайт.

Азирети Абу Бакир:

- Жок, эмне дегени турасың? – деп анын эмне дээрин күтүп калат.

Анда ал:

- Көзү ачыктыктан түшүнбөсөм да, караңгылык доорунда көзү ачыктык кылып бир адамды алдаган болчумун. Бүгүн ошол адамга жолугуп калдым. Ал сиз жеп жаткан нерсени ошол көзү ачыктыгым үчүн берди – дээри менен азирети Абу Бакир оозуна колун салып жегенинин баарын чыгарган экен (Бухарий, Манакибул-Ансар, 26).

**Кызыр** *(алейхиссалам)* бир күнү атактуу олуялардан Абдулхалик Гуждаванийге үйүнө зыяратка барат. Абдулхалик дасторкон жайып Кызыр алейхиссаламды жылуу тосуп алат. Кызыр *(алейхиссалам)* негедир дасторконго кол узатпай, өзүн дасторкондон окчун кармап олтурат. Абдулхалик Гуждаваний таң кала:

- Булар адал тамак-аш. Эмнеге даам татпай жатасыз? – дейт.

Анда Кызыр *(алейхиссалам)*:

- Ырас, булар адал тамак-аш. Бирок бул тамак-ашты бышырган адам ачууга алдырып кайдыгерлик менен бышырган – деп жооп кайтарган экен.

Бул окуяда тамак-аштын адал болуп-болбошу менен бирге анын кандай абалда бышырылгандыгы дагы адам баласынын жүрүм-турумуна, ибадаттарына, жан дүйнөсүнө белгилүү өлчөмдө өзүнүн таасирин тийгизээрине ишарат жасалган.

Такыбаа адамдардын азыкка карата жасаган мындай өтө этият мамилелери аларды базардан алган азык-түлүктөрүн үйлөрүнө жашыруун түрдө алып келүүгө түрткөн. Себеби азыктүлүккө муктаж адамдардын көзү түшүп сугу кириши мүмкүн болгон. Ошентип алар бир четинен ибадаттарындагы чын ыкластуулугун коргосо, бир жагынан «ушулар менин дасторконумда болсо, кана» деп ичи ачышкан кедей-кембагалдардын көңүлүн ооруткулары келген эмес.

Момун-мусулман адам арам жана күмөн нерселерден сактануу менен бирге адал азыктарды адеп-тартибине жараша колдонуп, ысырапчылыктан алыс болушу керек. Аяттардын биринде:

«Жакын туугандарыңарга, кедейлерге, жолоочуларга өз акысын бергиле! Ысырап кылбагыла! Ырасында ысырапкорлор – шайтандын достору. Ал эми шайтан Жараткан Эгесине каапырлык кылган!» (Исра сүрөсү, 26-27-аяттар) деп буюрулат.

Мавляна Жалаладдин Руми «Маснави» аттуу эмгегинде адал азыктын денеге жана жан дүйнөгө тийгизген таасири жөнүндө мындай дейт:

«Кечээ күнү илхам бизге башкача таризде келди. Себеби ашказанга адалдыгы күмөн азык түшкөн. Ошол илхамдын жолуна такалып калды.

Напси каалаган адалдыгы күмөн азык сени Алланын жолунан тайдырган бутуңа кирген тикен сыяктуу. Ошондуктан адал азыкка көңүл бурбагандар күнөөгө батышат.

Эй, дене! Сенин ичиңде ушундай ажарлуу бир гүл бар. Аны коргой алсаң, айлана-чөйрөгө аңкыган жыпар жытынан нечелеген «ирфан» жана «марифат» гүлзарлар пайда болот»

Абдулкадир Гайланий адал азык жүрөктүн тазалыгында өзгөчө мааниге ээ болгондугу тууралуу:

«Уулум! Арам азык жүрөктү тирүүлөй өлүккө айлантат. Азык болот жүрөктү нурга бөлөөр, азык болот аны карага чүмкөөр. Азык болот сени дүнүйө менен алек кылаар, азык болот акыреттин камын көргөзөөр. Азык болот сени эки дүйнөдө бакытка жеткирээр, азык болот сени бул дүйнөнүн да, акыреттин да жалгыз Жаратуучусуна бет алдыраар.

Арам азык сени дүйнө менен алек кылып, күнөө иштерди сага сүйкүмдүү көрсөтөт. Адал азык сени акыреттин камын көрүүгө жетелейт. Адал азык жүрөктү Жаратканга жакындатат. Азыктын таризи жана таасири «марифатуллах» (Алла Тааланы жүрөк менен таануу) аркылуу билинет. «Марифатуллах» китеп же дептерде эмес, жүрөктө болот. Ал Жараткан Кудуреттен жүрөккө ыроолонот. Буга Алланын өкүмдөрү менен жуурулуша жашоо менен гана жетүүгө болот» дейт.

Ал эми Ибрахим Дасукий:

«Эй, боордошторум! Арам азык менен тамактанган чакта хикмат-марифаттан насип алаарыңарды ойлобогула!» дейт.

Бул багытта Убайдуллах Ахрар мындай дейт:

«Бир күнү Саййид Касым Табризий мага мындай деди:

- Аба! Билесизби, учурубузда хикмат менен акыйкат эмне үчүн аз байкалат? Себеби бул доордо ички дүйнөсү таза аз гана адам калган. Руханий жактан бышып жетилүү үчүн жан дүйнөнүн тазалыгы керек. Жан дүйнөнүн тазалыгы үчүн адал азык менен тамактануу зарылчылыгы күч. Бул доордо адал азык өтө эле аз. Ал эми жан дүйнөсү аруу адам болсо жокко эсе... Анан кантип биздин замандын адамдарына Жаратkандын жарыгы тийсин?»

**б. Жаратканга алакан жая дуба кылуу, кечирим тилөө**

Пайгамбарлар баш болгон бардык аалым-олуялар, чыныгы такыбаа пенделер жашоонун өйдө-ылдыйында, кайгы-кубанычында ар дайым Жараткан Алла Таалага алакан жайып, кечирим тилеп дуба кылышкан. Себеби пайгамбарларда «залла»[59] болгондуктан жалгыз Аллага дуба кылуудан, кечирим тилөөдөн оолак эч бир пенде болбойт. Дуба кылуу жана кечирим тилөө бул Алла Таалага жакын болуунун таасирлүү жолу болуп эсептелет. Араб тилинде намаздын «дуба» маанисин туюнткан «солаат» сөзү менен аталышынын бир себеби – бул анын дуба кылуунун эң жогорку деңгээлдеги мисалы болушу.

Дуба Алла Тааладан кечирим тилөө менен башталат. Дуба кылууда жасалган күнөө үчүн бушайман болуп, аны экинчи ирет кайталабоого кескин түрдө чечкиндүүлүк менен сөз берилсе, дат баскан жүрөк рухий ыпластыктардан арылып, акыйкаттын алдында жаркыган өзүнчө күзгүгө айланат. Ошентип жүрөк береке-кутка бөлөнүүгө ылайыктуу абалга келип, чыныгы руханий бейпилдикке карай сапар алат.

Жүзөгө ашкан күнөөлөрдүн натыйжасында карарган жүрөк Жаратkандан кечирим тилөө менен аруулана тургандыгы жөнүндө азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

*«Пенде бир күнөө жасаган кезде жүрөгүнө бир кара чекит коюлат. Эгер ал күнөө иштерден баш тартып, Жараткан Алладан кечирим тилеп тообо кылса, жүрөгү (кара чекиттен) арылат. Ал эми Жаратkандан кечирим тилебей, кайра күнөө иштерге бара берсе, кара чекиттер көбөйүп олтуруп жүрөктү бүт бойдон каптап калат. Алла Тааланын:*

كَلَّا بَلْ رَانَ عَلَى قُلُوبِهِمْ مَا كَانُوا يَكْسِبُونَ

*«... Чындыгында жасаган (күнөө) иштеринен улам алардын жүрөктөрүн кара дат каптап калган»* (Мутаффифин сүрөсү, 14аят) *деген сөзү мына ушул абалга ишарат жасайт»* деген.

Ааламга көөдөн менен назар салганыбызда бүтүндөй жандуужансыз Жаратkандын жакшылыгына карата шүгүрчүлүгүнөн мурда алгач алсыздыгын моюнга алуу даражасында болгондугун көрөбүз. Эрк-каалоосу бар жана бул эрк-каалоону колдонууда

ката кетирүүдөн кескин түрдө оолак болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло албаган адам баласы үчүн кечирим тилөө бул Алла Таалага жакындоонун алгачкы кадамы.

Дуба Алла Тааланын мээримине баш калкалаган өзгөчөлүгү менен ар кандай оор машакаттардан арылуу мүмкүнчүлүгүн алуу үчүн өтө күчтүү таасирге ээ. Мына ошондуктан, жогоруда белгиленгендей, бардык тарикаттарда руханий сабак Алла Тааладан кечирим тилөө менен башталат.

Дубанын маанилүүлүгү жөнүндө Куран аяттарында төмөнкүчө маалымдалат:

قُلْ مَا يَعْبَؤُا بِكُمْ رَبِّي لَوْلَا دُعَاؤُكُمْ

**«(Эй, Элчим аларга): Эгер өзүңөр кайрылып дуба кылбаган соң Жараткан Эгем силерге кайсы ишиңер үчүн баа (же сооп) берсин? – дегин....»** (Фуркан сүрөсү, 77-аят).

**«(Эй, Элчим!) Эгер пенделерим сенден Мен тууралуу сурашса, айткын: Мен аларга өтө жакынмын. Мага качан дуба кылышса, дубаларын кабыл кылам. Андыктан (пенделерим) Менин да чакырыгыма оң жооп берип, Мага ишенишсин! Мунун натыйжасында алар мүмкүн туура жолду табышаар»** (Бакара сүрөсү, 186-аят).

**«Алла Таалага чын жүрөктөн жалбарып, жашыруун түрдө дуба кылгыла! Ырас, Ал чектен ашкан текеберлерди жакшы көрбөйт»** (Аараф сүрөсү, 55-аят)

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу хадистеринде мындай дейт:

*«Алла Тааланын алдында Ага алакан жая дуба кылуудан артык эч нерсе жок. Дуба – бул ибадаттын (кулчулуктун) өзөгү!»* (Тирмизий, Даават, 1).

*«Кыйынчылык, жокчулук учурунда дубасынын кабыл болушун каалаган адам молчулук, токчулук учурунда да (Аллага) көп дуба кылсын!»* (Тирмизий, Даават, 9)

*«Кимге дуба каалгасы ачылган болсо, ага ырайымдуулуктун дагы каалгасы ачык дегенди түшүндүрөт»* (Тирмизий, Даават, 101).

*«Кабыл болушуна ишенип (чын ыкластан) Алла Таалага дуба кылгыла! Алла Таала кайдыгер жүрөк менен (чын ыклассыз) кылынган дубаны кабыл албайт. Муну эсиңерге түйүп алгыла!»* (Тирмизий, Даават, 65).

Куттуу хадистерден байкалгандай, кайдыгер жүрөк менен тил учунан гана чыккан дубалардын Алла Тааланын алдында кабылдана тургандыгын ойлоо – бул шайтандын азгырыгы.

Имам Раббаний:

«Казатта жеңишке жетүү үчүн эки кошуундун биримдиги кажет. Анын биринчиси жоокерлерден турган кошуун, экинчиси дуба кошууну!» дейт.

Кутман сахабалар дагы казатка аттанган чакта өздөрүнүн дубаларына кошумча жеңишке жетүүлөрү үчүн «асхабу суффа»[60]дан да дуба кылууларын суранышаар эле.

Ардактуу Пайгамбарыбыз дагы бир хадисинде:

*«Мусулмандын мусулманга кылган дубасынан ылдам кабыл болгон эч бир дуба жок»* дейт (Тирмизий, Бирр, 50).

Адамдар дубасынын кабылданышына үмүт байлаган адамдардан Жаратканга дуба кылууларын суранышат. Дубанын кабыл болушундагы эң негизги күч – бул дубадагы ыкластын тунуктугу. Демек, күнөөкөр адамдын мусулман боордошу үчүн чын жүрөктөн кылган дубасы Алла Тааланын алдында бул адамдан жогору турган адамдын көңүлсүз дубасынан алдаканча артык. Пенде күнөөкөрлүгү менен Алла Тааланын кечиримин эч качан ала албайт, деген эреже жок.

Кутман сахабалар күндөрдүн биринде Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайрылып:

- О, Алланын Элчиси! (Алланын алдында) кайсыл дуба кабыл болот? – деп сурашат.

Андан акыркы Пайгамбар:

*«-Түндүн акыркы бөлүгүндө жана ар бир парз намаздан кийин кылынган дуба!»* деп жооп кайтарган (Тирмизий, Даават, 78).

Дубанын кабыл болушу үчүн тилектин тил менен гана суралышы жетиштүү эмес. Ал үчүн оздон чыккан сөз жүрөктүн түпкүрүнөн келиши керек. Дуба тигил же бул күнөөнүн кечиримине карата болсо, анда ал күнөөнү экинчи жасабоого олуттуу чечим чыгарып, Жараткан Аллага алакан жая чын жүрөктөн кечирим тилөө кажет.

Ошондой эле дубалардын Алла Тааланын алдында кабылданышына себеп болуу өңүтүнөн адал жолдо жүрүүнүн, жакшылык иштерди жасоонун мааниси өзгөчө рол ойнойт. Аяттардын биринде:

«...Ага (Алла Таалага) аруу сөздөр (чын ыкластан кылынган дубалар) көтөрүлөт. Ал эми буга (аруу сөздөрдүн көтөрүлүшүнө) жакшы амал-иштер жөлөк-таяк болот» (Фатыр сүрөсү, 10-аят) деп буюрулат.

Дубаны коркуу жана үмүт сезимдери менен кылууга аракет жасоо керек. Алла Таалага дуба кылуу, кечирим тилөө адамдарды бейпилдикке, ынтымакка жетелейт, ар түрлүү апааттардан арылууга себеп болот.

Мавляна Жалаладдин Руми жүрөктүн руханий дарттарынан арылуунун алгачкы кадамы иретинде дубанын маанилүүлүгү жөнүндө мындай дейт:

«Бушаймандыкка толгон көөдөн менен Жаратканга алакан жая чын жүрөктөн көз жашыңды төгүп, дуба кыл! Тообо кыл! Анткени гүлдөр күнөстүү жана нымдуу жерде өсүп-өнөт!»

Адамзат тарыхында алгачкы тооба алгачкы пайгамбар азирети Адам *(алейхиссалам)* менен башталган. Ал Жаратканга алакан жая:

رَبَّنَا ظَلَمْنَا أَنْفُسَنَا وَإِنْ لَمْ تَغْفِرْ لَنَا وَتَرْحَمْنَا لَنَكُونَنَّ مِنَ الْخَاسِرِينَ

**«Оо, Жараткан! Биз өзүбүзгө өзүбүз зулумдук кылдык. Эгер Сен бизди кечирип, ырaакымыңды төкпөсөң, анда биз сөзсүз зыянга учурагандардын катарына кошулабыз!»** деп тооба кылып кечирим тилеген эле. Бул дуба Адам ата менен Обо энеден кийин кыяматка чейин келе турган урпагы үчүн кечирим тилөөнүн өзүнчө бир үлгүсү болуп калды.

Жараткан Алла Таала кайдыгерликтен ойгонуп, рухий илдеттерден арылуу үчүн пенделерин тооба кылууга чакырып:

«Эй, ыймандуулар! Аллага чын жүрөктөн тооба кылгыла! (Мына ошондо гана) Жараткан Эгеңер күнөөңөрдү кечирээр...» (Тахрим сүрөсү, 8-аят) деп буюрат.

Алла Таалага бет алып, жүрөктүн жогорку даражаларга жетишинде дуба кылуунун жана кечирим тилөөнүн орду өзгөчө мааниге ээ. Ар түрдүү таасирлерден улам ар качан өзгөрүп туруучу жүрөгүн Жараткандын адал жолунда бекем сактап калуу үчүн адам баласынын Жараткан Кудуретке алакан жая дуба кылуудан башка айласы жок. Бул багытта Жараткан Өзү пенделерине төмөнкүчө дуба кылуу керектигин үйрөткөн:

رَبَّنَا لاَ تُزِغْ قُلُوبَنَا بَعْدَ إِذْ هَدَيْتَنَا وَهَبْ لَنَا مِنْ لَدُنْكَ
رَحْمَةً إِنَّكَ أَنْتَ الْوَهَّابُ

**«Оо, Жараткан Алла! Бизди Туура Жолго салгандан кийин адаштыра көрбө... Бизди Өз Ыраакымыңа ала көр... Чындыгында Сен – Айкөлсүң!»** (Аали Имран сүрөсү, 8-аят)

Жараткандын бул таалими менен жашоосун көрккө бөлөгөн акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* дайыма:

يَا مُقَلِّبَ الْقُلُوبِ ثَبِّتْ قَلْبِي عَلَى دِينِكَ

*«Жүрөктөрдү каалагандай калчаган, оо, Жараткан Кудурет! Жүрөгүмдү Өзүңдүн адал диниңе бекем кыла көр...»* деп дуба кылаар эле (Тирмизий, Кадар, 7).

Аяттардын биринде:

«Алардан кийин келгендер (Жаратканга) төмөнкүчө жалбарып дуба кылышат: Оо, Жараткан! Бизди жана бизден мурун ыйманга келген боордошторубузду кечире көр! Ыйман келтиргендерге карата жүрөгүбүзгө кек сала көрбө! Оо, Жараткан Алла! Сен албетте Мээримдүүсүң жана Боорукерсиң!» (Хашр сүрөсү, 10-аят) деп буюрулат.

Алгач максатка жетүүгө жолтоо болгон тоскоолдуктарды багындыруу менен жүрөктү негизги максатка ылайыктуу абалга алып келүү зарыл. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* жүрөктүн кайдыгерлигинен, андагы терс өңүттүү сезимдерден, арзуу-каалоолордон арылуу үчүн Алла Таалага жалбарып дуба кылуу керектигине өзү үлгү болуп:

*«Оо, Жараткан Алла! Пайдасыз илимден, калтаарыбас жүрөктөн, тойбос напсиден жана кабылданбас дубадан Жалгыз Өзүңө гана баш калкалайм...»* (Муслим, Зикр, 73)

*«Оо, Жараткан Алла! Ак кийимди кирден тазалаганың сыяктуу, жүрөгүмдү да күнөөлөрдөн арылтып аруулай көр...»* деп дуба кылган (Бухарий, Даават, 39).

Аруу жан дүйнөгө (калбу салимге) Улуу Жараткан Алла Тааланын жакшылыгы менен гана жетүүгө болот. Жаратканга аруу жан дүйнө менен бет алууга жетишкен азирети Ибрахим пайгамбар кыямат күнү махшар майданында төмөнкүчө дуба кылат:

«(Оо, Жараткан!) Мал-мүлк да, бала-чака да пайда бербей турган, бирок Аллага таза жүрөк (калбу салим) менен келгендер гана пайда таба турган ошол адамдар кайра тирилген күнү мени уяткара көрбө!» (Шуараа сүрөсү, 87-89-аяттар).

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Оо, Жараткан Алла! Сенден туура сөз сүйлөгөн тил жана салим (таза) жүрөк сурайм...(*Ушул тилегимди кабыл кыла көр, оо, Жараткан!)» деп да дуба кылган (Тирмизий, Даават, 23).

Дуба кылууда кайталоо жана туруктуулук дагы өзгөчө маанилүү. Туруктуулук үчүн дубаны эң азынан үч жолу кайталоо Пайгамбарыбыздын сүннөтү. Дуба чын жүрөктөн чыккан соң анын кабыл алынышына үмүт чоң. Кээ бир дубалар чын ыкластан чыкса да, дароо жүзөгө ашпайт. Ал үчүн дуба кылган адам сабыр кылып дуба кыла бериши абзел. Себеби бул дүйнөдө жоопсуз калган дубалардын акыбети акырет жашоосунда берилмекчи.

**в. Куран окуу жана анын өкүмдөрү менен жуурулуша өмүр кечирүү**

Жараткан Кудуреттин адам баласына тартуулаган эң баалуу белектеринин бири – бул ыйык Куран.

Анда адам баласынын дене-турпатынын да, жан дүйнөсүнүн да муктаждыктарын толук камсыз кылып, аны бейпилдикке жетелей турган Жаратkандын эрежелери жазылган. Адам баласынын бактысы дал ушул кынтыксыз эрежелерден алган насип-үлүшүнө жараша болот. Ыйык Курандын руханиятына баш калкалабай, андан жүз үйрүү менен дүйнө-акырет тең салмактуулугун жоготкон адам мындай баа жеткис белектин береке-кутунан куру-жалак калып, напсинин азгырыгына алданып өз бактысына өзү балта чаап алган болот.

Ыйык Куран бул сыздап азап чеккен жүрөккө, касырет тарткан жан дүйнөгө шыпаа болуп, береке-куту менен анын ажарына ажар, көркүнө көрк кошкон ыйман булагы. Ал жүрөктүн үшүн алган «ажал» акыйкатынан жеңил өтүп, Жараткандын алдына жарык маанай менен баруунун жол-жобосу катылуу Жараткан Кудуреттин өзгөчө белеги.

Улуу Жараткан Алла Таала өзүнүн баа жеткис Сөзүн бүтүндөй инсаниятка төмөнкүчө сунат:

يَا أَيُّهَا النَّاسُ قَدْ جَاءَتْكُمْ مَوْعِظَةٌ مِنْ رَبِّكُمْ وَشِفَاءٌ لِمَا
فِي الصُّدُورِ وَهُدًى وَرَحْمَةٌ لِلْمُؤْمِنِينَ

**«Эй, адамдар! Силерге Жараткан Эгеңерден акыл-насаат, жүрөктөрдөгүнү айыктыруучу шыпаа, ыймандуулар үчүн туура жол(дун ачкычы) жана ыраакым келди»** (Юнус сүрөсү, 57-аят).

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринде бул багытта мындай деген:

*«Дасторкон жайган адам меймандарынын келишин чыдамсыздык менен күтөт. Келген меймандарына ыраазы болот. Ыйык Куран да Алла Тааланын дасторкону. Андан алыс болбогула!»* (Даримий, Фазаилул-Куран, 1)

*«Куран окугула... Себеби толтосунда Кураны бар жүрөккө Алла Таала азап бербейт!»* (Даримий, Фазаилул-Куран, 1).

*«Ыйык Куран менен жуурулуша жашагандар – булар Алланын сүйүктүү пенделери. Алар Алла Тааланын өзгөчө пенделери»* (Хаким, Мустадрак, 1, 743)

Алла Тааланы даңазалабаган жана Куран окулбаган жүрөктөр таш сыяктуу. Бул багытта сахабалардан Абу Муса ал-Ашарий *(Алла ага ыраазы болсун)* өзү менен учурашууга келгендерге:

«Куранды дайыма окуп жүргүлө! Куранды көпкө дейре окубай таштап койбогула! Болбосо, мурункулар сыяктуу силердин да жүрөгүңөр ташка айланат» деп акыл-насаатын айта турган (Муслим, Закат, 119).

Ыйык Куран жаныбарларды да, периштелерди да өзүнүн таасирине алган. Буга мынабул окуяны мисал катары көрсөтсөк болот:

Усайд бин Худайр *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Бир күнү түнүчүндө Бакара сүрөсүн окуп жаткам. Атым ары жакта байлануу турган. Бир кезде атым бир орунда турбай тыбырчылап туйлай баштады. Куран окууну токтоттум. Атым да тынчып калды. Кайра окуй баштадым. Атым кайра тыбырчылай баштады. Балам Яхияны аттын тебелендисинде калышынан коркуп жаныма алдым.

Ошол учурда асманга көз чаптырдым. Үстүмдө чырактын жарыгына окшош жаркыган бир нерселер жүргөндүгүн байкадым. Бир аздан кийин алар акырындык менен бийиктеп олтуруп, акырында көздөн кайым болуп кетишти.

Эртең менен дароо Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* барып көргөндөрүмдү айтып бердим. Ал мага:

*- Оку, эй Усайд, оку! – деди. Окудум. Андан кийин:*

*- Эис, Усаис д! Жанагы көргөндөрүңдүн эмне болгондугун билесиңби*? – деп сурады.

- Жок – дедим.

Анда акыркы Пайгамбар:

*- Алар сенин Куран окуп жатканыңды угуп, Куран укмакка келишкен периштелер болчу. Эгер сен таң атканга чейин окуганыңда алар да сени таңга чейин угушмак... Ошентип адамдар аларды (өз көздөрү менен) көрүшмөк»* деди (Бухарий, Фазаилул-Куран, 15).

Куран адам баласы үчүн түшүрүлгөн. Ал адам баласы үчүн асыл-ойдун казынасы. Ыйык Курандын руханиятынан алыс болуунун натыйжасы түбөлүк өкүнүчкө алпарат. Курандын ойкаймагынан кайдыгер адамдар үчүн Жараткан Алла Таала:

أَفَلَا يَتَدَبَّرُونَ الْقُرْآنَ أَمْ عَلَى قُلُوبٍ أَقْفَالُهَا

**«Алар Куранды (кунт коюп окуп) ойлонушпайбы? Же алардын жүрөгүнө кулпу салынганбы?»** (Мухаммад сүрөсү, 24-аят) деп буюрат.

Куран – бул адам баласынын аң-сезимине, акыл көрөңгөсүнө сөз түрүндө ылайыкташылган Жаратканга таандык ысымсыпаттардын күзгүсү.

Алла Таала аяттардын биринде ыйык Курандын чексиз мааниманызы жөнүндө мындай буюрат:

«Эгерде жер бетиндеги бак-дарактын баарысы калем болуп, ал эми деңизге дагы жети деңиз кошулуп бардыгы сыяга айланса, Алланын сөздөрү түгөнбөйт. Акыйкатта Алла Таала – Улуу, Даанышман» (Лукман сүрөсү, 27-аят).

Жан дүйнөнүн Курандын руханиятынан береке-кут алышы аны окуу учурундагы рухий абалга байланыштуу болот. Ошондуктан Курандын акыйкатына жетүү үчүн жүрөктүн руханий даражасын жогорулатуу зарылчылыгы турат. Себеби акыйкаттын жолун көрсөткөн бул Китеп адамды рухий абалына жараша адал жолго жетелейт.

Улуу Жараткан Алла Таала чын ыклас менен адал жолго бет алган пенденин Курандан алган ырахаты жөнүндө:

**«...Жараткан Эгесинен корккондор бул Китептин таасиринен денелери титирейт. Анан Алланы даңазалап зикир кылуу аркылуу алардын терилери (дене турпаты), жүрөктөрү (жан дүйнөсү) жибийт»** (Зумар сүрөсү, 23-аят)

**«Чыныгы момундар – булар Алла Таала эскерилген чакта жүрөгү титиреп өзүнчө опкоолжуган, Алла Тааланын аяттары окулган кезде ыйманы курчуп, Жараткан Алланын Өзүнө гана таянып ишенген адамдар»** (Анфал сүрөсү, 2-аят) дейт.

Ыйык Курандан ылайыктуу түрдө насип алуунун алгачкы шарты бул ага урмат-сый менен мамиле жасоо. Анткени ал урматсый Куранга берилген маанинин далили болуп эсептелет.

Куран кыяматка чейин келчү адам баласынын ар түрлүү муктаждыктарын камсыз кыла турган өзгөчөлүгү менен адал жолдун мыйзамы камтылган ыйык Китеп. Алла Таала Курандын бул өзгөчөлүгү тууралуу мындай дейт:

«Эч калетсиз, Куран (адам баласын) туура жолго жетелейт. Ал жакшылык кылган момундарга зор сыйлык боло тургандыгын сүйүнчүлөйт» (Исра сүрөсү, 9-аят).

Ыйык Куран мусулман баласын кыяматка чейин адал жолдун негизинде жетектей турган Китеп болгондуктан анын алкагындагы ар бир мусулман адам ажал келгенге чейин Курандын өкүмдөрү, эреже-мыйзамдары менен жашоого аргасыз. Бул дүйнөдө жүрөктүн

табигый аруулугун сактап, бейпил өмүр сүрүү, акыретте Жараткандын ыраазылыгына ээ болуп, Анын чексиз жакшылыгына туш болуу ошол улуу мыйзамдын өзөгүндө катылуу.

Курандан пайдалануу аны окуу учурундагы жүрөктүн абалына байланыштуу болот. Демек, Куран окуп жаткан кездеги жүрөктүн абалы кандай болсо, ошол абалдын деңгээлине жараша андан руханий насип алуу мүмкүн. Төмөнкү хадисте жүрөктүн абалы жөнүндө мындай делет:

«Кимдин Куранды ийине келтире окуй тургандыгы жөнүндө суралган суроого Алланын Элчиси мындай деп жооп берген:

*«Куран окуганын укканыңда көкүрөгүңө Алла Тааладан коркуу сезимин ойготкон адам»* (Даримий, Фазаилул-Куран, 34).

Учурунда азирети Умарды ойго салып туура жолго түшүшүнө карындашы Фатиманын үйүндө чын ыкластан окулуп жаткан ыйык Куран себеп болгон.

Төмөндөгү аяттар Куран окуунун адеп-тартибине түздөн-түз ишарат жасайт:

«(Элчим!) Бул Куран – ар бир сөзүнө (адамдардын) терең ой-жүгүртүүлөрү жана андан сабак-үлгү алуулары үчүн сага түшүрүлгөн куттуу Китеп» (Сод сүрөсү, 29-аят)

«(Эй, Элчим) Куранды «тартил» менен (кунт коюп, ачыкдаана) оку!» (Муззаммил сүрөсү, 4-аят).

Ислам жазма булактарында азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* Бакара сүрөсүн он эки жылда жаттап бүтүргөндүгү, бүтүргөндөн кийин Жаратканга шүгүр келтирип курмандыкка төө чалгандыгы айтылат (Куртубий, ал-Жамии, 1, 40).

Мына ушунун баары Алла Тааланын сөзүн окуу учурунда тилдин учу менен гана чектелип калбай, анын терең маани-маңызынан күчүбүздүн жетишинче үлүш алып, аны менен камыр-жумур жуурулуша жашоонун маанилүүлүгүн көрсөтөт.

Ислам тарыхында Осмон мамлекетинин учурунда да мусулмандар ыйык Куранга өзгөчө урмат менен мамиле жасашкан. Мына ошол мамлекеттин негиздөөчүсү Осмон Гази күндөрдүн биринде Шейх Эдебалинин үйүндө дубалда асылуу Куранга урмат кылып, түндү уктабай өткөргөндүгү айтылат.

Ыйык Куранды белден төмөн жерге койбоо мусулман баласынын адебине кирээри да маалым. Андыктан ар бир мусулман адам Куранга урмат көрсөтүүдө кайдыгерликке алдырбоого аракет кылып, аны мүмкүн болушунча ар качан -аз болсо даокуп жүрүүнү адатка айландырууга умтулушу кажет. Эң алгач түшүрүлгөн «оку!» (Алак сүрөсү, 1-аят) деген аяттын маани-маңызын эч качан жадыдан чыгарбоо абзел.

Амавий мамлекетинин халифаларынан Сулайман бин Абдулмалик халифа катары биринчи жолу элдин алдына чыгып мынабул сөзүн сүйлөгөн:

«Эй, Алланын пенделери! Силер Жараткан Алланын китебин жолбашчы деп билгиле! Андагы өкүмдөргө ыраазы болгула! Аны менен жуурулуша жашагыла! Себеби Куран таң шоокуму караңгы түндү жарыкка бөлөгөндөй, шайтандын ар түрдүү азгырыктарын жокко чыгарат» (Байхакий, Китабуз-Зухд, 61).

Ошентип жогоруда белгиленгендей, Куран менен жуурулуша өмүр кечирүү адам баласынын жашоосунда өтө зор мааниге ээ. Андыктан Жараткан Алладан Өзүнүн куттуу сөзү, б.а., ыйык Куран менен жан дүйнөбүздү көркүнө чыгарышын суранышыбыз керек. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дуба кылаар эле:

*«...Оо, Жараткан! Пенделериңден бирөөнө үйрөткөн, Китебиңе түшүргөн жана билгилигин өз алдыңда жашырган ар бир көркөм ысмыңдын урматына Сенден тилегим ушул: Куранды жан дүйнөмдүн көркү, көөдөнүмдүн нуру, кайгы-касиретимдин дабаасы кыла көр...»* (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 1, 391)

**г. Ибадаттарды «хушуу» сезими менен аткаруу**

Ибадат кылуу мусулман баласынын жашоосунда Алла Таалага жакындоонун эң берекелүү учурлары болуп эсептелет. Ал адамды бул дүйнөнүн дарттарынан алып чыгып жалгыз Жаратkандын ыраазылыгы үчүн аракет кылуунун ырахаты менен жан дүйнөгө бейпилдик тартуулап, демине дем, күчүнө күч кошкон өзгөчө белек. Маселен, намазда колду кулакка чейин көтөрүп такбир алуу – бул бүт нерсени аркага таштап түздөн-түз Алла Таалага бет алуу, дегенди түшүндүрөт.

Ибадаттар өлүмдөн кийинки жашоо үчүн кам көрүүнүн аракети. Ошондой эле адам баласынын түбөлүк бактысы үчүн аткарылган иштердин топтому. Ибадаттар мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен адам баласынын жашоосунун тең салмактуулугу жана жан дүйнөсүнүн бейпилдиги үчүн дайыма олуттуу мамилени талап кылган жакшылык.

Ибадаттардын толук кабыл болушу үчүн көөдөндө «хушуу» сезими жандуулугун сакташы керек. «Хушуу» бул жан дүйнөнүн бейпилдиги менен сүйүү жана коркуу сезимдеринин биримдиги аркылуу Жараткан Аллага бет алуу сезими. Маңдайындагы Улуу Кудуреттин азабына дуушар болуу жана чексиз ыраакымынан ажырап калуу коркунучун эстен чыгарбай, жалгыз Өзү менен гана бирге болуу сезими.

Ибадаттардын ичинен эң берекелүүсү – бул намаз ибадаты. Намаз – биз үчүн ыроолонгон Алла Тааланын өзгөчө белеги. Куттуу хадистердин биринде:

*«Эгерде бир мусулман адам алгач даарат алып, андан соң башынан аягына чейин чын жүрөктөн «хушуу» сезими менен эки ирекет намаз окуса, бейиш ага важиб болот»* делет (Муслим, Тахарат, 17).

Адам баласына тартуулаган руханий байлык өңүтүнөн толук кандуу түрдө окулган намазга тең келе турган эч бир ибадат жок. Мындай намаз үчүн Жараткан Алладан башка бүт нерсе, алтургай адамдын өз жаны дагы көңүлдөн, жан дүйнөдөн алыс болушу кажет.

Сулайман Дараний олуя:

«Эгер мага эки ирекет намаз окуу менен Фирдаус бейишине кирүүнүн ортосунда тандоо укугу берилсе, эки ирекет намаз окууну тандамакмын. Себеби Фирдаус бейишине кирүү бул напсиге жага турган арзуу-каалоо. Ал эми эки ирекет намаз окусам, Жараткан Эгем менен бирге болгон болом!» деген экен.

Намазга турган адам намаздан башка эч нерсе менен алек болбошу керек. Намаз аны жалгыз Аллага гана беттеши керек. Чыныгы намазда жүрөктөгү кайдыгерликтин көшөгөлөрү ачылып, ыйман нуру жаркыйт. Алла Таала менен бирге болуунун сөз жеткис ырахаты жаралат. Башка ибадаттарда мындай ырахат болбойт. Маселен, орозо кармаган адам базарда кардар да, сатуучу да боло алат... Ажылыкка барган адам да ушундай. Ал эми намазга турган адам сатуучу да, кардар да боло албайт. Ал дене турпаты менен да, жан дүйнөсү менен да Жараткан Алланын алдында болот.

Толук кандуу түрдө окулган намаз тартуулаган деми менен мусулман баласын напсинин туткунуна айлануудан арылтып, дайыма Жаратkандын алдында туруу, өзүн-өзү теске салып суракка алуу сезимдерине жетелеген абдан берекелүү ибадат.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Алла Таалага Аны көрүп тургандыңдай ибадат кыл! Канчалыгы менен сен Аны көрбөсөң да, Ал сени көрүп турат!»* (Бухарий, Иман, 37).

*«Намазыңда өлүм жөнүндө ойло! Себеби өлүмдү эстеп намаз окуган адамдын намазы толук болот. Намазыңды акыркы намазын окуп жатканын ойлогон адам сыяктуу оку!...»* дейт (Дайламий, Муснад, 1, 431).

Аяттардын биринде мындай намаз тууралуу:

«...Намазды туура оку! Арийне, толук кандуу түрдө окулган намаз (адам баласын) бузукулуктан жана күнөөдөн алыс кармайт...» (Анкабут сүрөсү, 45-аят)деп буюрулат.

Намаздын адамды ар түрлүү күнөө иштерден арылтышы намаздагы «хушуу» (Алладан коркуу) сезиминин намаздан кийин да жандуулугун сакташына байланыштуу болот. Эгер намаз окуган адам жүрөгүндө ушул сезимди жандуу сактабаса, ал намаздан толук пайдалана албайт.

Куран аяттарында намазды көңүлкош окуган адамдар жөнүндө төмөнкүчө маалымдалат:

«Азап болсун, ошол намаз окугандарга! Анткени алар намаздарына маани беришпейт жана (намаздарын) эл көрсүн үчүн окушат...» (Мааун сүрөсү, 4-6-аяттар).

Андыктан ким намазга маани бербей, Жараткандын алдында тургандыгын унутуп, ойу соода-сатыгы же башка күнүмдүк көр тирлиги менен чектелсе, анда анын намазы күтүлгөн натыйжаны бербейт. Мындай намаздар милдеттен эптеп кутулуу үчүн гана орундалат.

Алла Таала берекелүү намаз жөнүндө:

«Намазын хушуу менен окуган момун-мусулмандар ийгиликке жетишти...» (Муминуун сүрөсү, 1-2-аяттар) дейт.

Азирети Абдуллах бин Шиххир аттуу сахаба акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* намазда тургандагы абалын төмөнкүчө сүрөттөйт:

«Мен Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* намаз окуп жатканын көрдүм. Анын көөдөнүнөн ыйы менен аралаш кадимкидей казанда кайнаган суунун боркулдаган үнү сыяктуу бир үн чыгып жаткан болучу» (Абу Давуд, Солаат, 156-157; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 25).

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* намазга турганында жүзү саргарып, турган турпаты менен бүт нерседен арыла турган. Казаттардын биринде ал бутуна сайылган октун чыгарылышы үчүн намазга турган эле. Себеби ал бул учурда октун чыгарылышындагы азапты сезбей тургандыгын билген. Мына ушундай деңгээлде дүйнө менен байланышты үзүп намаз окуу бүгүнкү күнү канча пендеге насип болду экен?

Намазды мындай деңгээлде окуй албагандар үмүт үзүп, шайтандын азгырыгына алданып аны таштап салбоолору керек. Себеби эч болбосо, мойнундагы парзын аткарууга жараган ошол намаздары күндөрдүн биринде тигил же бул өңүттө баралына келет.

Күн сайын беш маал окулган намаз адамдын убактысын белгилүү тартипке салып, ага жандуу жашоонун үлгүсүн берип, мойнундагы милдетине карата жоопкерчилик сезимин күчүнө киргизет. Жашоосу ыймансыз, башаламан өтүп жаткан адамдын жан дүйнөсүндө тең салмактуулук, бейпилдик, тынчтык болбойт. Муну менен катар намаз руханий жактан баа жеткис дем-күч берип, ыйманды бекем сактоого, жашоонун өйдө-ылдыйында жөлөк-таяк болууга себепкер болот.

Жашоого болгон күрөштө талап кылынган сабырдуулук, эрк, каалоо аркылуу напсинин араанына каршы туруу менен адамдык асыл сапатыбызды жогорулаткан ибадаттардын бири бул орозо ибадаты.

«Орозо» ибадатынын негизги максаты Жаратканга ибадат кылуу ниети менен напсинин азгырыктарына каршы күрөшүү, аны теске салып таасирин эң төмөн даражага түшүрүү болуп эсептелет.

Орозо адамды сабырдуулук, чыдамкайлык, туруктуулук, топуктук, каниеттүүлүк сыяктуу асыл сапаттарга тарбиялоо менен бирге ырыскынын кадырына жетүүнү үйрөтөт. Бай-кедейдин баарысын ачкачылыкка мажбур кылуу менен аларды белгилүү бир мерчемде

теңейт. Бардар адамдарга кедей-кембагалдардын абалы менен жакындан таанышуусуна себеп болуп, мээримдүүлүк, боорукерлик сыяктуу аяр сезимдерин жандантат. Аларды муктаж адамдарга жардам берүүгө түртөт. Ошентип адамдардын бирибирине болгон жылуу мамилеси, урмат-сыйы күчүнө кирип, коомдо тынчтык, бейпилдик өкүм сүрөт.

Орозо адам баласынын көкүрөгүндөгү Жаратканга деген аруу сезимин жандуу сактап, адал жолду бекем кармануугa себепкер болот. Алла Таала аяттардын биринде:

«Эй, ыймандуулар! Силерден мурдагыларга (мурунку элдерге) буйрулгандай (парз кылынгандай) эле, силерге да *такыбаа болушуңар* үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо буйрулду (парз кылынды)» (Бакара сүрөсү, 183-аят)дейт.

Эркти тартипке салууда орозодон өткөн таасирлүү ыкма жок. Эрк адамдагы табигый өзгөчөлүктөрдү оң багытка буруuда, напсинин ашкере арзуу-каалоорун теске салууда өзгөчө орунду ээлейт.

Мавляна Жалаладдин Руми акыретте бактылуу жашоонун босогосун аттоо үчүн бул дүйнөдө ашкере тамактануудан алыс болуу зарылчылыгына басым жасап:

«Адамдын негизги азыгы – бул Жараткан Кудуретке бапестелген сүйүүсү жана хикмат. Ошондуктан ага өлчөмүнөн ашыкча дене азыгын берүү туура эмес»

«Адам баласы негизги руханий азыгын унутуп, дене азыгынын артынан сая куугандыктан бейпил өмүр сүрө албайт. Себеби ал тойбойт. Ашкере арзуу-каалоосунан улам жүзү саргарып, буту титиреп, жүрөгү элеп-желеп согот»

«Алла Таала шейиттер тууралуу «Аларга Жараткан Эгелери тарабынан ырыскы ыроолонуп турат»[61] деп буюрган. Ырасында мына ошол ырыскы үчүн ооз да, дене да талап кылынбайт» дейт.

Орозонун акыйкатына жетүү жана анын руханиятынан пайдалануу үчүн ага залакасын тийгизе турган терс таасирлерден алыс болуу кажет. Куттуу хадистердин биринде:

*«Орозо тек жеп-ичүүдөн баш тартуу менен гана чектелбейт. Толук кандуу баралына келген орозо дайынсыз сөздөрдөн, пайдасыз иштерден, жаман сөздөн (ушак сүйлөөдөн) алыс турууну талап кылат. Эгер кимдир бирөө сага акаарат келтирсе, же нааданча мамиле жасаса, ага: «Мен орозомун» деп айт!»* делет (Хаким, Мустадрак, 1, 595).

Напсинин терс арзуу-каалоолорун тизгиндеп, эркти теске салган орозо ибадаты менен катар мал-мүлктүн, байлыктын кулуна айлануунун натыйжасында ар түрлүү терс көрүнүштөргө жол ачылышына жолтоо болуу, муктаж адамдардын көкүрөгүндөгү байларга каршы кек сактоочулук, көрө албастык, кастык сыяктуу терс өңүттүү сезимдердин күчөшүнө жол бербөө үчүн, коомдук бейпил жашоо үчүн, адамдардын бири-бирине жылуу мамиледе болууларын камсыз кылуу үчүн Ислам дининде «зекет» ибадаты парз кылынган. Ислам дини коомдук мыйзамында кедей менен бардар адамдын ортосунда жылуу мамилеге шарт түзүп, кастык, кызганыч сыяктуу сезимдерди жоготуу үчүн «зекет» ибадатын парз кылышы өтө зор мааниге ээ.

Бардар адам мал-мүлкүн кайдан таап, кай жерге сарптаганынан, тапкан кирешесинин адал болуп-болбошунан, муктаж адамдарга зекет, кайыр-садага берип-бербегенинен Алла Тааланын алдында «бир күнү» суракка тартылат. Ал байлыгынын белгилүү бөлүгүн кедейлерге берүүгө милдеттүү болгондуктан каржылык жактан чоң сынактарга кез келет. Мойнундагы башка милдеттер менен бирге бул багыттагы сынактардан да ийгиликтүү өтсө, Жаратkандын ыраазылыгына ээ болуп, бейиштин босогосун аттоого жолдомо ала алат.

Ыйык Курандын бир катар аяттарында маалымдалган зекет ибадаты 27 жерде Ислам дининин тиреги саналган намаз менен бирге эскерилиши анын маанилүүлүгүн айгинелейт.

Зекет бул мүмкүнчүлүгү бар адамдын муктаж адамга болгон карызы. Бул карыздын өлчөмүн Алла Таала Өзү белгилеп берген. Бул багытта Куранда:

«Алардын байлыгында тилемчи (муктаждыгын билдире алган кедей) жана (ыйбалуулугунан улам уялып жөн-жайын, алабалын билдире албаган муктаж) адамдар үчүн акы-үлүш бар» (Зарият сүрөсү, 19-аят) делет.

Бул өңүттөн зекет бул мал-мүлктүн шариятта белгиленген өлчөмү өзүнчө салык абалына келишин түшүндүрөт. Ошентип зекет катары алынган мал-мүлк социалдык абалына жараша кезек кезеги менен коомдун мүчөлөрүнө өткөрүлүп берилет. Зекет берген бардар адамдын мал-мүлкү тазаланган болот. Коомдо тең салмактуулук, адилеттүүлүк, социалдык биримдик жана бейпилдик жаралат. Аяттардын биринде:

«...Ким тазаланса (зекет берип тазаланса), анда анын ийгиликке жеткени» (Аалаа сүрөсү, 14-аят) деп буюрулат. Бул аятта «зекет» сөзү менен маанилеш «тазкия», б.а., «тазалоо» сөзү колдонулууда. Бул багытта мунун да өзгөчө мааниси бар.

Зекет Алланын бардар адамга жүктөгөн эң төмөн карызы. Буга кошумча кайыр-садагаларда белгилүү өлчөм белгиленген эмес. Алла Таала бардар адамдарды элге жакшылык кылууга чакырып, анын сообун купуя сактаган. Жараткан Алла өткөн үммөттөрдөн айырмалап Мухаммад үммөтүнүн күнөөлөрү үчүн бирге бир жаза берсе, жакшылыгы үчүн бирге он сооп берет. Ошондой эле бирге жети жүзгө чейин, алтургай андан да ашыкча соопко татый турган жакшылык иштер да бар. Жараткан Алла аятта мындай буюрат:

«(Элчим!) Алардын мал-мүлкүнөн кайыр-садага ал! (Себеби алардан садага алуу) аркылуу аларды (күнөөлөрдөн) тазартып, жакшылыгын арттырган болосуң. Алар үчүн (Аллага алакан жая) дуба кыл! Анткени сенин дубаң алар үчүн ырайым. Алла –Угуучу, Билүүчү!» (Тооба сүрөсү, 103-аят).

Жогорудагы аяттардан байкалгандай, зекет жана кайырсадагалардын мал-мүлктү да, жүрөктү да тазалаган эки өңүттүү өзгөчөлүгү, пайдасы бар.

Алла Таала Куран аяттарында зекет бербегендер үчүн:

«... Алтын-күмүштү жыйнап, Алла жолунда сарптабагандарга жан сыздаткан азапка дуушар болушаарын кабарла!» (Тооба сүрөсү, 34-аят).

«Кыямат күнү алар тозок отунда кызытылып, аны менен алардын маңдайлары, капталдары жана жондоруна так басылып: “Мына, өзүңөр үчүн жыйнаганыңар! Эми жыйнаганыңардын даамын таткыла!” ( – деп айтылат)» (Тооба сүрөсү, 35-аят) деген эскертүүсүн берет.

Демек, мал-мүлккө болгон ашкере сүйүүнүн жүрөктөн орун алышы менен адам баласы сараңдыктын сазына белчеден батып, кайыр-садага берүү өзгөчөлүгүн жоготуу аркылуу муктаж адамдардын акысын тепсеген болот.

Куранда эки немат (жакшылык, оомат) үчүн гана «фитна» (бузукулук, азгырык) сөзү колдонулган. Алар «бала» жана «мал-мүлк» сөздөрү. Бала менен бирге мал-мүлккө болгон сүйүүнүн жүрөктүн төрүнөн орун алып үстөмдүк жүргүзүү коркунучу Жараткан Алла Таала тарабынан:

«Ырасында, бала-чакаңар жана мал-мүлкүңөр силер үчүн өзүнчө фитна (сыноо, азгырык)...» (Тагаабун сүрөсү, 15-аят) делип эскерилген. Бул ооматтарды «фитна»га айланышынан коргоо үчүн аларга болгон ашкере сүйүүнү басаңдатып, жүрөктүн төрүнөн

оолак кармоо кажет. Зекет, кайыр-садага сыяктуу Жаратkandын буйруктарына ылайыктуу түрдө моюн сунуп, дүйнөлүк сүйүүлөргө жүрөктөн тамыр байлашына мүмкүнчүлүк бербей, жүрөктүн өзүнчө «аманат» катары берилгендигин түшүнүп ошого жараша кадам таштоо зарыл.

Бул жааттагы жогоруда белгиленген эскертүүлөргө үңүлө назар салып, терең ойлонуу зарыл.

Алла Таала аяттардын бириңде:

وَيَسْأَلُونَكَ مَاذَا يُنْفِقُونَ قُلِ الْعَفْوَ

**«....(Эй, Мухаммед!) Алар сенден (Алла жолунда) эмнени кайрымдуулук кылууну сурашат. «Ашыкчасын» – деп айткын!...»** (Бакара сүрөсү, 219-аят) деп буюрат.

Шүгүрчүл, жоомарт байлар менен сабырлуу, топуктуу кедейлер Жаратkandын ыраазылыгына ээ болууда бирге болушат. Ал эми текебер, ынсапсыз байлар менен сабырсыз, Алланын тагдырына каяша мамиле жасаган кедейлер Исламда терс кабылданат.

Зекет бардар адамдардын Жаратканга болгон шүгүрчүлүгүн айгинелейт. Шүгүрчүлүк ырыскы-жакшылыктын береке-кутка бөлөнүп, көбөйүшүнө түздөн-түз таасир этет. Бул Жараткан Алланын убадасы. Аяттардын биринде Алла Таала:

لَئِنْ شَكَرْتُمْ لَأَزِيدَنَّكُمْ

**«...Эгер шүгүр кылсаңар, силерге (болгон жакшылыгымды) көбөйтөмүн...»** (Ибрахим сүрөсү, 7-аят) деп буюрат.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз өзү кайыр-садага берүүнү абдан жакшы көргөн. Ал сахабаларын да кайыр-садага берүүгө чакырган. Куттуу хадистеринин бириңде:

*«Эй, адам баласы! Кайрымдуулук кыл, сага да кайрымдуулук кылынсын...»* дейт (Бухарий, Нафакаат, 1).

Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* ар бир мусулман баласы марттыкты адатка айландырышын чын жүрөктөн каалаар эле. Буга үгүттөө таризинде ал мындай деген:

*«Эки адамга гана суктанууга болот. Биринчиси Алла Таала тарабынан ыроолонгон мал-мүлктү адал жолдо колдонгон адам, экинчиси Алланын жолунда илим алып, илими менен жуурулуша жашаган жана алган илимин башка адамдарга үйрөткөн адам»* (Бухарий, Илим, 15).

Ырас, адам баласы жаралгандагы табигый өзгөчөлүгү өңүтүнөн дүнүйөгө ийкемдүү келет. Дүнүйө, мал-мүлк напсиге абдан жагат. Ага алдангандар такыр тойбойт. Мал-мүлк топтолгон сайын адамдын арзуу-каалоосу ашыангандан ашына берет. Көзүн байлык, мал-мүлк, акча чулгап алган адамда боорукерлик, мээримдүүлүк сыяктуу аруу сезимдер басаңдагандан басаңдайт. Алар үчүн кайыр-садага берүү, элге жакшылык кылуу өтө оор келет. Напсиси ага:

«Дагы да бай бол! Келечекте элге алдаканча көп жакшылык кыласың!» дейт. Бул адам материалдык жактан камсыз болсо да, руханий жактан оор дартка чалдыккан болот. Хадистердин бириңде:

*«Эртең кылам дегендер чоң жоготууга учурашты!..»* деп айтылат.

Андыктан зекет ибадаты мына ушул дүнүйөгө болгон ашкере сүйүүдөн арылуунун эң сонун дарысы, десек болот.

Жараткан Алла аяттардын биринде ажал келген кезде уйкудан ойгонгондой өзүнө келген адам бушайман болуп, мындай дээрин маалымдайт:

رَبِّ لَوْلَا أَخَّرْتَنِي إِلَى أَجَلٍ قَرِيبٍ فَأَصَّدَّقَ وَأَكُنْ مِنَ الصَّالِحِينَ

**«...Ошондо ал: “Оо, Жараткан Эгем! Эгер менин өмүрүмдү бир аз узартсаң мен кайрымдуулук иштерди көп кылып, жакшы адамдардын катарына кошулаар элем” – дейт»** (Мунафикун сүрөсү, 10-аят).

Зекет, кайыр-садага берүүдө, элге кайрымдуулук кылууда өзүнүн адеп-тартибине көңүл буруу керек. Берген адам алган адамга чын жүрөктөн ыраазычылыгын билдириши абзел. Себеби алган адам аны мойнундагы милдетинен арылтып, түбөлүк бактысына себеп болот. Кайыр-садага берген адамдардын руханий оор илдеттеринен айыгып кетүүлөрү үчүн миңдин бири. Кайыр-садаганы муктаж адамдарга чын жүрөктөн ыраазы болуп берүүнүн маанилүүлүгүн түшүнүү үчүн төмөнкү аяттарга назар салуу жетиштүү:

«...Кайыр-садагаларды Алла алат...» (Тооба сүрөсү, 104-аят).

«Эй, ыйман келтиргендер! Мал-мүлкүн эл көрсүн үчүн сарптаган, Аллага жана Акырет күнүнө ишенбеген (адамдарга) окшоп, кайыр-садагаңарды колко кылып, (алган адамды) ирээнжитүү менен жасаган жакшылыгыңарды текке кетирип албагыла!...» (Бакара сүрөсү, 264-аят).

Бүтүндөй жандуу-атпай Жараткан Алланын ыроологон ырыскысы менен өмүр кечирип келет. Жараткан Алла жер жүзүн ошол сан миң жандуулардын ырыскысы катылуу өзүнчө кампа катары жараткан. Жаамы жандуу-жансыздын ичинен «эрк, акыл, жан дүйнө» деген көөнөрбөс дөөлөттөргө ээ болгон адам баласы Жараткан Кудуреттин мусулман-каапыр, күчтүү-күчсүз дебей, жандуу-жансыздын баарына ырыскы бергендигин түшүнүп, кимдин мүлкүн кимге аяп бербей жаткандыгын, анын акыбетинде ошого жараша мамиле көрөөрүн эсине түйүп алганы абзел.

Жараткан Алла ааламды сүйүү нуру менен жаратып, ошол аруу сүйүүсүнүн урматы үчүн ааламга чексиз жакшылык-ырыскысын төккөн. Ырас, нукура сүйүү бүт нерсеге даяр турууну талап кылат. Сүйгөн адам сүйүктүүсүнө бапестеген сүйүүсүнүн деңгээлине жараша жакшылык кылууну өзүнчө милдет катары кабылдап, андан ырахат алат. Бул абал ашык адамды ашыгы үчүн жанын бергенге чейин алпарат. Ашык адам мындай аракети менен ашыгы үчүн эч нерсеге арзыбаган иш кылганын ойлойт. Алла Таала үчүн жандуужансыздарга жакшылык кылуу бул сүйгөн адамдын Сүйүктүүсүнө (Жаратканга) бапестеген сүйүүсүнүн далили болуп эсептелет.

Ал эми «ажылык» ибадаты алгачкы пайгамбар азирети Адам *(алейхиссалам)* атадан тарта акыр заман Пайгамбарына *(саллаллаху алейхи васаллам)* чейин көөдөндөн сызылып түшкөн эчелеген дубалар менен жан дүйнөнү ыйман нуруна толтуруп, баралына келтирген жана «махшар» майданынын мисалын бул дүйнөдө эле көрсөтүп:

*«Көз жумганга чейин өзүңөрдөн сурак алгыла!»* деген насааттын кадырына жетүүгө себеп болгон улуу ибадат.

Ажылык ибадатынын көптөгөн хикмат-сырлары бар. Чыныгы ажылык Алла Тааланын чексиз ыраакымы менен кечиримге ээ болгон мусулмандардын бекем ыйманына жуурулган куттуу ибадат.

Ажылык бул дене турпаттан сүзүлүп чыгуу менен руханий ааламга канат кагып напсинин азгырыктарынан арылууга умтулуу.

Момун-мусулмандардын кыбыласы саналган Кааба Жараткан Алланын ыйык Курандагы:

«Саждага жыгыл да, (Мага) жакында!» (Алак сүрөсү, 19аят) деген буйругу менен белгиленген куттуу үй. Кааба Ислам дүйнөсүнүн тамыры соккон жер. Алла Тааланын назары түшчү жай адам баласында жүрөк болсо, жер бетинде Кааба болуп эсептелет. Башкача айтканда, жер бетиндеги Кааба адамдын дене турпатында жайгашкан жүрөк сыяктуу. Мына ошондуктан ажылык – Каабанын руханий маани-маңызын жакындан таанып, аруу жан дүйнө менен орундала турган жана кылдат мамиле талап кылган ибадат.

Ажылык адам баласын рух дүйнөсүнө кылдат, аяр мамиле жасоого тарбиялайт. Ал бул өңүтү менен Алла Таала жараткан жандуужансыздарга зыян бербөөгө багытталган мээримдүүлүктүн, боорукерликтин мисалдарын айгинелейт.

Ажылык – бул аппак кездемеге оронуу менен периштелердин аярлуулугунан үлүш алуунун аракети. Аппак кездемеге оронуп ихрамга кирген соң аңчылыкка чыгууга, чөп жулууга болбойт. Ал жерде жыныстык катнаш да, жыныстык катнашка жол ачкан сөз-аракеттер да, талаш-тартыш да жок...[62]Жалгыз Жаратkandын ыраазылыгы үчүн жандуу-жансызга болгон боорукерлик, ырайымдуулук жана жылуу мамиле гана бар.

Өлүмдү эч качан эстен чыгарбоо абзел. Ал убагы белгиленген өкүмгө бекитилген. Ажалдын эрте же кеч келиши адамзатынын эрк-каалоосуна, күч-кудуретине эч кандай тиешеси жок. Ажалдан качып кутулгандарга адамзат тарыхы ушул күнгө чейин күбө болгон эмес, жана да күбө болбойт. Ажылыкка барууга мүмкүнчүлүгү барлар бул багытта терең ойго чөмүлүп, «ажылык» ибадатын толук аткарууга жанүрөй аракет кылуулары зарыл.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу хадистеринин биринде:

*«Ким тамак-ашына, жол киресине жете тургандай малмүлккө ээ болуп, Байтуллахка (Каабага) баруу мүмкүнчүлүгү боло туруп, ажылыкка барбаса, анын яхудий же христиан катары одүйнө салышына эч кандай тоскоолдук болбойт!»* дейт (Тирмизий, Хаж, 3).

Пайгамбарыбыздын бул эскертүүсүндө ажылыкка баруунун бардык шарттарына жооп берсе да, бул ибадатка кайдыгер мамиле жасагандардын чоң азапка дуушар боло тургандыктарына басым жасалууда.

Күнөөлөрдөн арылуу аркылуу мусулман баласынын жан дүйнөсүн көркүнө чыгара турган ажылык ибадатына атайын барбай койуу кандай гана карама сокурлук! Кандай гана өкүнүч!..

Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* дагы бир хадисинде мындай дейт:

*«Кимде-ким мынабул Каабага ажылыкка келип, күнөө кылбай, жыныстык катнашка (б.а., ажылыкта тыйуу салынган нерселерге) барбай ажылыгын аткарса, үйүнө энесинен жаңы төрөлгөн баладай күнөөсүз, таптаза болуп кайтат!»* (Муслим, Хаж, 438).

**д. Түнүчүндө туруп Жаратканга ибадат кылуу**

Адам баласы күндүзгү күнүмдүк оокаттын миң бир түрлүү машакатын бир тарапка жыйыштырышы үчүн түндүн бейпилдигине бөлөнүшү керек. Күндүз түндүн руханий ырахатын бере албайт.

Түндүн руханий бейпилдигине чөмүлүү үчүн аны максаттуу түрдө колдонуу зарылчылыгы күч.

Жаратkandын сүйүктүү пенделери үчүн түндүн бейпилдигинен өткөн берекелүү убакыт жок. Жан дүйнөсүн ар кандай рухий илдеттерден арылтып, көркүнө чыгарууга умтулган мусулман адам түнүчүндө туруп жалгыз Жаратканга жалбарып ибадат кылуу

менен анын береке-кутунан пайдаланышы керек. Бул багытта Куран аяттарында төмөнкүчө буюрулат:

تَتَجَافَى جُنُوبُهُمْ عَنِ الْمَضَاجِعِ يَدْعُونَ رَبَّهُمْ خَوْفًا وَطَمَعًا
وَمِمَّا رَزَقْنَاهُمْ يُنفِقُونَ

**«(Ошол такыбаа адамдар түнүчүндө намаз окуп, Жараткандан кечирим тилөө үчүн) жылуу төшөктөрүнөн турушат. Жараткан Аллага азабынан коркуп, чексиз ырайымынан үмүт кылуу менен дуба кылышат. Алар Биз берген ырыскылардан жакшылыкка сарпташат»** (Сажда сүрөсү, 16-аят)

«Эртели-кеч Жаратканды даңктап зикир кыл! Түнкүсүн туруп Ага сажда кылып, Аны көпкө даңазала!» (Инсан сүрөсү, 2526-аяттар)

Жараткан Алланын түнгө өзгөчө маани бергендигин мынабул аяттардан да байкоого болот: «Түнгө жана караңгылык каптаган бүт нерсеге ант!...» (Иншикак сүрөсү, 17-аят), «Коюланган түнгө ант!...» (Духа сүрөсү, 2-аят), «Караңгысы келип кеткен түнгө ант!» (Таквир сүрөсү, 17-18-аяттар).

Руханий жактан баралына келген мусулмандар үчүн түн койнунда миң бир сырлуу береке-кут катылуу Жараткан ыроологон өзгөчө белек. Бул белектин кадырына жете алган адамдар түн жарымынан кийин жандуунун баары терең уйкуга кирип, ааламды койуу караңгылык каптаган кезде Жараткан Аллага ибадат кылып, жалынып-жалбаруунун эң берекелүү убагын тапкан болушат.

Жараткан Алла адал жолуна карата олуттуу мамиле жасап, күчтөрүнүн жетишинче аны менен жуурулуша жашоого умтулган ошол бактылуу такыбаа адамдар жөнүндө мындай дейт:

كَانُوا قَلِيلًا مِنَ اللَّيْلِ مَا يَهْجَعُونَ وَبِالْأَسْحَارِ هُمْ يَسْتَغْفِرُونَ

**«Алар түнкүсүн аз гана уктап, таңга маал Алладан кечирим сурашат»** (Зaарият сүрөсү, 17-18-аяттар).

«Алар түндү Жараткан Эгесинин алдында өйдө турган абалда жана саждага жыгылуу менен өткөзүшөт» (Фуркан сүрөсү, 64-аят).

Дагы бир аятта Алла Таала:

«(Эй, Элчим!) Алла Таала (түнкү намазга) турганыңды да, сени сажда кылгандардын арасында жүргөнүңдү да көрүп турат...» (Шуараа сүрөсү, 218-219-аяттар).

Каади Байзавий:

«Үммөт үчүн беш маал намаз парз, түнкү намаз сүннөт болгондуктан акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман сахабаларынан кабардар болуу максатында түнүчүндө үйүнөн чыгып, сахабаларынын үйлөрүн кыдырып, ал үйлөрдөн Куран үнү, зикир, тасбих (Жаратканды даңазалаган) үндөрү чыгып жатканына өзү күбө болгон» дейт.

Жараткан Алла Таала түндүн акыркы бөлүгүндө аткарылган ибадатка башка учурлардагыга салыштырмалуу алдаканча зор маани берет. Себеби бул учурларда Жаратканды даңазалап, Ага ибадат кылуу күндүзүн аткарылган ибадаттардан алдаканча оор. Ошондуктан таңга чейинки түндүн акыркы бөлүгүн Жаратканга ибадат кылуу менен өткөзүү – бул пенденин Жараткан Кудуретке чын ыкластан бапестеген эң жогорку аруу сүйүүсүнүн белгиси. Жан дүйнөдөгү Жараткан Аллага бапестелген аруу сүйүүнүн

күчтүүлүгү канчалык болсо, түнкү намазга, зикирлерге болгон ышкы, ыклас да ошончолук жандуу да, берекелүү да болот. Бул өңүттөн түнкү намаздар, тасбих-зикирлер

Жараткан менен жолугуп дилмаек куруунун өзүнчө мисалын берет. Элдин баары уктап жаткан кезде ойгоо болуу Жараткан Кудуреттин ыраакымына баш калкалап, кечиримин алган бактылуу пенделеринин катарына кошулууга эң сонун мүмкүнчүлүк түзүп берет.

Эгер тигил же бул адам түндү максаттуу түрдө колдонуу менен таңкы зикирдин руханиятынан насип ала алса, түнү күндүзүнөн руханий жактан алдаканча жарык да, артыкча да болот. Ал эми максатсыз жана уйку менен өткөрүлгөн түн чөлгө жааган жамгыр сыяктуу пайдасыз. Мындай түндүн күндүзү да руханий жактан караңгы болот.

Түндүн акыркы бөлүгүндө башталган «тавхид» нуру жан дүйнөбүзгө уяласа, акыркы демибиз тавхид келмесинин руханияты менен -Кудай буюрсажеңил болот.

Абдуллах бин Амр бин Аас *(Алла ага ыраазы болсун)* Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнө төмөнкү эскертүүсүн бергенин айтат:

*«-Эй, Абдуллах! Баланча киши сыяктуу болбо! Себеби ал түнкү ибадатын аткарып жүрсө да, кийинки учурларда аткарбас болду»* (Бухарий, Тахажжуд, 19; Муслим, Сиям, 185).

Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман сахабаларына кайрылып:

*«Түнкү ибадатка олуттуу мамиле жасагыла! Себеби ал силерден мурунку такыбаа пенделерден калган адат. Арийне, түнкү ибадатка туруу пендени Жараткан Аллага жакындатат. Бул ибадат күнөөлөрдөн тазалап, катачылыктарга каффарат болот. Денени дарттарынан арылтат»* деген (Тирмизий, Дааават, 101).

Түндүн баарын уйку менен өткөрбөй, орто ченинде бир туруу адам баласынын ден-соолугу үчүн абдан пайдалуу болгондугу да медициналык жактан тастыкталган. Чынында эле көп уктаган адамдар негизинен баш оорусуна көп чалдыгышат. Бул уктап жатканда дем алуунун басаңдашынын жана мээнин жетишээрлик өлчөмдө кычкылтек менен камсыздалбашынын табигый талабы. Уйкусун бөлгөндөр кыймыл-аракеттери менен дем алуу системасын нормалдаштыргандыктан, аз уйкуга карабастан төшөктөрүнөн алдаканча сергек болуп турушат.

Ошондой эле өзгөчө жашы илгерилеп калган картаң кишилер көбүнесе таңга маал көз жумушаары да күнүмдүк турмуштан белгилүү. Мына ошондуктан көпчүлүк дарыгерлер бул учурду «өлүм маалы» деп да коюшат. Мунун себеби терең уйкунун убагында жүрөктүн басаңдашы (жай согуп калгандыгы) менен түшүндүрүлөт. Бул учурда ойгонгондор ойгонуп гана тим болбостон даарат алышса, дененин бардык функцияларын өз ыргагында жөнгө салган болушат.

Ислам дининин буйруктарынын эң негизги максаты дүйнөлүк пайдаларга эмес, пендени Жараткан Алланын алдына жарык маанай менен алып барууга багытталса да, алардын ар биринде мына ушул сыяктуу пайдалары да бар. Намаз, орозо ж.б. ибадаттар да ушул сыяктуу көптөгөн хикмат-пайдаларга толо. Бирок булар ибадаттардын эң негизги себеби эмес, пайдалуу арка-жөлөктөрү гана болуп эсептелет.

**ж. Зикруллах жана мураакаба**

«Инсан» сөзү бир көз караш боюнча, «нисйан» сөзүнүн туундусу. «Нисйан» сөзү зикирдин, б.а., эстөөнүн антоними болуп «унутчаактыкты» түшүндүрөт. Адам баласынын эң чоң кемчиликтеринин бири ушул «унутчаактык». Бул жөнүндө түрк элинде «адам баласы эс тутумду унутчаактыгы менен майып кылат» деген сөз бар. Унутчаактыкты эң

төмөн даражага түшүрүүнүн эң майнаптуу жолу – бул зикир, б.а., Жараткан Алланы тил менен да, дил менен да эстеп-даңазалоо.

Адам баласы бул дүйнөгө келгендеги эң негизги максатына ылайык өмүр кечириши үчүн «Базму аласт»[63]та рухтардын Жараткан Аллага берген убадасына бекем туруп, Жараткан Кудуретти эч качан эсинен чыгарбай, Ага бапестеген аруу сүйүүсүн жан дүйнөсүндө ар качан жандуу сакташы зарыл. Мына ошондуктан адамдын табиятына ширелген «унутчаактык» өзгөчөлүгүнүн зыяндарынан оолак болуу үчүн «Аллах» жана ага карата «кулчулук кылуу» түшүнүктөрүн дайыма жандуу сактоо максатында баарыдан мурда Жараткан Алланы зикир кылууга муктаждык болот. Ырас, ар бир кайталоо кайталанган нерсе менен жакындан таанышууга, камыр-жумур жуурулушууга себеп болоору бышык.

Алла Таала пенденин сырткы кебете-кешпирине, дене турпатына эмес, жүрөгүнө, анын жан дүйнөсүнө назар салат. Андыктан ар бир мусулман адам Жаратkandын назары түшчү жан дүйнөсүн кайдыгерликтин кара булутунан алыс кармап, зикир менен шугулданууну өзүнчө милдет катары кабыл алышы керек.

Адам баласынын жашоосунда зикирдин өзгөчө мааниге ээ болгондугун ыйык Куранда «зикир» сөзүнүн эки жүз элүүдөн ашык жерде өткөндүгүнөн эле байкасак болот. Жараткан Аллага кулчулук кылуу жана марифатуллахка жетүү зикирдин жүрөккө уялаган нурунун өлчөмүнө жараша болот. Ошондуктан «марифатуллах» б.а., Жаратканды жүрөк менен жакындан таануу эң берекелүү илим катары эсептелет. Себеби ал адам баласына бул дүйнөгө келишинин эң негизги өзөк максатын үйрөткөн илим.

Жараткан Алла зикирдин руханиятынан пенделеринин бейкапар абалда болбошу үчүн:

أَلَمْ يَأْنِ لِلَّذِينَ آمَنُوا أَنْ تَخْشَعَ قُلُوبُهُمْ لِذِكْرِ اللَّهِ
وَمَا نَزَلَ مِنَ الْحَقِّ

**«Алланы эстегени үчүн жана акыйкаттын түшкөнүнө ыйман келтиргендин жүрөгү жибий (корко) турган учур келген жокпу?»** (Хадид сүрөсү, 16-аят).

«Алланы эстеп зикир кылуу – бул албетте, өтө чоң ибадат!» (Анкабут сүрөсү, 45-аят)

«Мени эстегиле, (ошондо) Мен да силерди эстейм. Мага шүгүр келтиргиле! Каапырдык кылбагыла!» (Бакара сүрөсү, 152аят) дейт.

Алла Таала азирети Муса менен Харун алейхиссаламды Фараонго жиберип жатканда дагы:

«Сен бир тууганың Харун экөөң аяттарымды (Фараонго) алып баргыла! Мени эстеп зикир кылууда кемчилик кетирбегиле!» (Тоохаа сүрөсү, 42-аят) деп зикирден бейкапар абалда болбоолорун буйруган.

Алла Тааланы зикир кылуу – бул албетте, «Аллах» сөзүн тилдин учунан гана кайталоо эмес, чын ыкластан кайталоо аркылуу жүрөккө бекем отургузуу дегенди түшүндүрөт.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул багытта мындай дейт:

*«Алла Тааланы зикир кылган адам менен зикир кылбаган адамдын мисалы тирүү менен өлүктүн сыңары»* (Бухарий, Дааватт, 66).

*«Алланы сүйүүнүн белгиси – бул Алла Тааланы зикир кылууну сүйүү»* (Суйутий, Жамиус-сагир, 2, 52)

Ырас, зикирден алыс адамдар Жаратkандын сүйүүсүнөн да алыс болгондуктан Алла Тааланын эскертүүсүнө дуушар болушат. Бул багытта аяттардын биринде төмөнкүчө буюрулат:

**«Жүрөктөрү Алланы эстөөдөн мерез болуп катып калгандарга азап болсун!..»** (Зумар сүрөсү, 22-аят).

Бул эскертүүдөн алыс болуу үчүн ар дайым зикир менен жүрүүнүн зарылчылыгы тууралуу Жараткан Алла Таала төмөнкү аятта мындай буюрат:

**«Жараткан Эгеңе өз ичиңден купуя түрдө үнүңдү катуу чыгарбастан, эртең менен жана кечинде жалбар! Аны корккон абалда зикир кыл (эстеп, даңазала)! Алланы зикир кылууда кайдыгерлерден болбо!»** (Аараф сүрөсү, 205-аят).

Куран аяттарында зикирден алыс болуунун коркунучу жөнүндө төмөнкүчө буюрулат:

**«Эгер ким Мээримдүүнү (Алланы) эстөөдөн баш тартса, анда ага шайтанды жандоочу кылып койобуз. Ал анын досу болуп калат. Чындыгында шайтандар аларды туура жолдон тосушат. Бирок алар өздөрүн «туура жолдобуз» деп ойлошот. Акырет күнү Бизге келгенде ал (шайтан досуна): «Аттигиниң-ай! Экөөбүздүн ортобуз Батыш менен Чыгыштын алыстыгындай алыс болгондо кана...» дешет»** (Зухруф сүрөсү, 36-38-аяттар)

**«Ал эми ким Менин зикиримден баш тартса, анда ага машакаты оор турмуш берем. Андайларды кыяматта сокур кейипте тирилтебиз. Ал: «Оо, Жараткан! Мени эмнеге сокур кылып тирилттиң? Ырасында мен дүйнөдө көрчү эмес белем?»-дейт. Анда (Алла Таала): «Мына ушундай. (Эсиңде болсо, дүйнөдө) сага аяттарыбыз келген эле. Бирок сен аларды унуткансың. Мына ошондуктан бүгүн сен да унутта каласың» дейт»** (Тоохаа сүрөсү, 124-126-аяттар).

Адамдык асыл сапаттар Жараткан Алла Тааладан корккон, Аны бүт нерседен артык көрүп, жан дили менен сүйгөн жана көп зикир кылгандарга таандык. Алла Таала аяттардын биринде:

**«Аны (Алла Тааланы) жети кат асман, жер жана андагынын баары даңкташат. Аны даңктап, даңазалабаган эч нерсе жок. Бирок силер алардын даңазасын түшүнө албайсыңар»** (Исра сүрөсү, 44-аят).

***

Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* да зикирдин маанилүүлүгү жөнүндө төмөнкү кудсий хадисти[64] айткан:

*«Алла Таала мындай дейт:*

*Мен кулума мен жөнүндөгү ойуна жараша мамиле жасайм. Ал мени зикир кылса, Мен аны менен бирге болом. Ал мени ичинен эстесе, Мен да аны эстейм. Ал мени тигил же бул жамааттын ичинде эстесе, Мен да аны ал жамааттан дагы артык жамааттын ичинде эстейм»* (Бухарий, Тавхид, 15)

Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларына кайрылып:

-*АмалыңардынАлланыналдындаэңтазасын, даражаларыңардын эң жогоркусун, алтын-күмүштөн кайырсадага берүүңөрдөн да, душмандарыңар менен кез келип жихад кылууңардан да артык иштин жөнүн билгиңер келеби?* деп суроо салат.

Алар бир ооздон:

- Албетте, о, Алланын Элчиси! дешет.

Анда акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*- Ал иш Алланы зикир кылуу!* деп жооп каис тарат (Тирмизиис , Даават, 6).

Алла Тааланы жеке да, жамаат менен да зикир кылса болот. Муавия *(Алла ага ыраазы болсун)* аттуу сахаба бир күнү мечитте тегерек болуп олтурган жамааттын жанына келип:

- Бул жерде эмне олтурасыңар? – деп сурайт.

- Алла Тааланы зикир кылуу үчүн... – дешет. Ал кайра:

- Алланын ыраазылыгы үчүн туура айткыла! Силер бул жерге Алла Тааланы зикир кылуу үчүн гана келдиңерби? – деп сурайт.

- Ооба, биз бул жерге ушул максатта гана келдик – дешет. Анда Муавия *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

- Мен силердин сөзүңөргө ишенбегендигим үчүн касам ичкен жокмун. Алланын

Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* менчелик жакын болуп, менден да аз хадис риваят кылган адам жок. Бир күнү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* тегерек болуп олтурган сахабаларынын жанына келип:

*- Бул жерде эмне отурасыңар?* – деп сурады.

- Бизге Ислам динин насип буйруп, баа жеткис оомат ыроологондуктан Алла

Тааланы зикир кылып, Ага шүгүр келтирүү үчүн отурабыз – дешти. Алланын Элчиси:

*Алланын аты үчүн туура айткыла! Силер бул жерге Алла Тааланы зикир кылуу үчүн гана чогулдуңарбы?* – деп суроосун дагы кайталады.

- Ооба, валлахи, биз бул жерге ушул максатта гана чогулуп олтурабыз – дешти. Анда Алланын Элчиси *(салллаллаху алейхи васаллам)*:

*Мен силерге ишенбегендигим үчүн касам ичкеним жок. Мага Жабраил периште келип, Алла Таала периштелерге силер менен сыймыктанганын айтты. Ошондуктан мен суроомду силерден кайра-кайра сурадым* – деди (Муслим, Зикир, 40).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* учурунда жан дүйнөнү руханий жактан баралына келтирүү жаатында кутман сахабаларына шык-жөндөмүнө жараша таалим бере турган. Буга төмөнкү мисалдарды келтирсек болот:

Абу Талибдин кызы Умму Ханий *(Алла ага ыраазы болсун)* акыркы Пайгамбарга *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайрылып:

- О, Алланын Элчиси! Мен карыдым, ал-күчтөн тайып калдым. Мага отурган жеримде кыла тургандай кандай ибадат сунуш кыласың? – деп сурайт.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*- Жүз жолу «субхааналлах», жүз жолу «алхамду лиллах», жүз жолу «лаа илааха иллаллах» деп айт!* – деп сунушун айткан. (Ибн Маажа, Адаб, 56; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 344).

Зикирлердин арасынан өзгөчө Жараткандын жалгыздыгын тастыктаган тавхид (б.а., Лаа илааха иллаллах) келмесинин жамаат менен зикир кылынышынын өзгөчө орду бар. Бул багытта сахабалардан Шаддад бин Авс *(Алла ага ыраазы болсун)* риваят кылган мынабул хадисте мындай делет:

Бир күнү Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизден:

*- Араңарда чоочун бирөө барбы?* – деп сурады. Бул жерде ал «чоочун» деген сөзү менен христиандарды жана иудейлерди айткан болучу.

Биз:

- Жок, о, Алланын Элчиси! – дедик.

Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* эшиктердин бекитилишин буйруп:

- *Колуңарды көтөрүп, «Лаа илааха иллаллах» деп айткыла!* – деди.

Шаддад бин Авс *(Алла ага ыраазы болсун)* сөзүн улап:

«-Колдорубузду көтөрүп бир канча мүнөт «Лаа илааха иллаллах!» деп Алла Тааланы зикир кылдык. Андан соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* колун түшүрүп төмөнкүчө дуба кылды:

*«Оо, Жараткан Алла! Сага чексиз шүгүр! Оо, Жараткан! Мени «ушул келме» менен жөнөттүң. Аны (зикир кылып, талаптары аткарууну) мага буйрудуң. Мунун акыбети катары мага бейишти убада кылдың. Сен убадаңдан эч качан кайтпайсың!»*

Андан кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман сахабаларына кайрылып:

- *Сүйүнчү! Алла Таала силерди кечирди! – деди*» дейт (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 124).

Дагы бир хадисте:

*««Лаа илааха иллаллах!» сөзү Алланын алдында өтө зор маанилүү сөз. Ким аны жан дили менен чын ыкластан айтса, Алла Таала аны бейишке киргизет. Ким аны ишенбесе да, жөн гана тилинин учунан гана айтса, бул дүйнөдө жаны, мал-мүлкү коргоого алынат, бирок эртең Аллага жолуккан кезде Алла Таала анын эсебин сөзсүз алат!»* деп айтылат (Хайсами, Мажмауз-Заваид, 1, 26).

Ар качан Алла Тааланы даңазалап зикир кылуунун (б.а., зикруллахтын), ар дайым Жаратkандын алдында тургандыгын жадыдан чыгарбоонун (муракабанын) зарылчылыгы жөнүндө төмөнкү куттуу хадисте мындай делет:

*«Алла Тааланы унутуп, пайдасыз сөздөргө кирип кетпегиле! Себеби Алла Таала унутта калган кезде айтылган көп сөз жүрөктү катытат. Алладан эң алыс адам – бул жүрөгү катуу адам!»* (Тирмизий, Зухд, 62).

Жогоруда белгиленгендей, зикруллахка Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзү үндөп, анын таалимин өзү берген.

Бул дүйнөдө Жараткан Кудуретти канчалык көп эстесек, жана канчалык деңгээлде сүйүп зикир кылсак, эртең акыретте Жараткандын ыраакымына ошончолук деңгээлде бөлөнөөрүбүз бышык.

Сүйгөндөр сүйүктүүлөрүн сүйүүсүнө жараша эскеришет. Ошону менен бирге бул эскерүү сүйүктүүгө болгон сүйүүнү дагы да бекемдейт. Ыйман булагынан даам сызгандар сапар алган багыттары менен улам барган сайын Жараткан Аллага болгон аруу сүйүүлөрү жогорулап, зикирлери да көбөйөт. Бул учурда напсинин арзуу-калоолору менен руханий ышкылардын ортосунда ырахат алуу өңүтүнөн да асман-жердей айырмачылыктар болот: жепичүү сыяктуу напсинин арзуу-каалоолору камсыздалган сайын басаңдаса, руханий арзуу-ышкылар барган сайын ашып-ташат. Бул жагдай суусунун кандыруу үчүн туздуу суу ичкенге окшош. Ар бир ууртам суу суугa болгон муктаждыкты дагы да арттырат.

Мындай даражадагы адамдар ар дайым зикир абалында болуп, асман-жерге назар салып, андагы Жараткандын чексиз кудурет чеберчилигине карек оодарып:

«...Оо, Жараткан Алла! Сен буларды жөнсүз жараткан жоксуң. Биз Сени даңтайбыз! Бизди тозок отунан сактай көр..» (Аали Имран сүрөсү, 191-аят) деп Жараткан Кудуретке жалыныпжалбарышат.

Жашоону ыйман нуру менен көркүнө чыгаруунун, Жараткандын ыраакымына бөлөнүүнүн, бышып жетилген бекем ыйман менен Жараткан Алланын алдына жарык маанайда баруунун жолу дайымкы зикир аркылуу өтөт. Ырас, адам баласы кандай өмүр сүрсө, дал ошондой көз жумат да, кандай көз жумса, дал ошондой тирилет. Куттуу хадистердин биринде:

*«Адамдар кыямат күнү көз жумган тариздеринде тирилишет»* делет (Муслим, Жаннат, 83).

Эч бир нерсе адам баласынын ой-жүгүртүү ышкысын Улуу Алла Тааланы жүрөк менен таануунун жана Ага бапестелген арууу сүйүүнүн даражасынчалык канааттандыра албайт. Бул багытта аяттардын биринде төмөнкүчө буюрулат:

أَلاَ بِذِكْرِ اللّٰهِ تَطْمَئِنُّ الْقُلُوبُ

**«Жүрөктөр Алла Тааланы даңазалап зикир кылуу менен гана беиАпилдикке жетет!»** (Раад сүрөсү, 28-аят).

**з. Алланын Элчисине (саллаллаху алейхи васаллам) болгон сүйүү жана салават айтуу**

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбызды чектелүү адамдык акыл көрөңгөбүз менен толук аңдаис албаис быз. Бул дүис нөдөн алынган маалыматтар аны таанытууда жетишсиз. Бир чөис чөккө алп мухитти сыис дыруу кандаис мүмкүн эмес болсо, дал ошондоис эле аны толук аңдап-түшүнүү мүмкүн эмес.

Куран аяттарынын биринде:

إِنَّ اللّٰهَ وَمَلاَئِكَتَهُ يُصَلُّونَ عَلَى النَّبِيِّ يَا أَيُّهَا الَّذِينَ
آمَنُوا صَلُّوا عَلَيْهِ وَسَلِّمُوا تَسْلِيمًا

**«Чындыгында Алла Таала жана периштелер пайгамбарга салават айтышат. Эй, момундар! Силер да ага салават жана салам айткыла!»** (Ахзаб сүрөсү, 56-аят) деп буюрулат.

Бул аятта Жараткан Алла акыркы Пайгамбарга салават жана салам[65] айтуу зарылчылыгына басым жасоодо. Азирети Пайгамбарыбызга салават айтуу Жараткан Алланын бардык момунмусулмандардан талап кылган адептерден болуп эсептелет. Жараткан Алла Таала сансыз периштелери менен бирге акыркы Пайгамбарга «салават жана салам» айтышы ардактуу Пайгамбарыбыздын кадырына жетүүнүн өзгөчө мааниге ээ болгондугун жана ыймандын өзүнчө талабы экендигин айгинелейт. Жараткан Алла аяттарынын биринде мындай дейт:

«(Элчим! Аларга) айт: “Эгер силер Алланы сүйсөңөр, анда мени ээрчигиле! Ошондо Алла силерди сүйөт жана күнөөңөрдү кечирет”. Алла – Кечиримдүү, Боорукер!» (Аали Имран сүрөсү, 31аят)

Момун-мусулман адам Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* бапестеген сүйүүсүнүн алдында жан дүйнөсүн напсинин шыбыштарынан арылтуу менен анын өрнөктүү өмүр кенчинен күчүнүн жетишинче насип алууга киришет.

Анын өмүр кенчи менен жуурулуша жашоого умтулган пенделер Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон сүйүүгө ачык-айкын үлгү боло алышкан.

Алар кыяматка чейин Мухаммад үммөтүнүн көкүрөгүндө ар дайым жашайт. Көз жумушса да, дайыма жакшылык менен эскерилип, мусулмандар аларга ар качан дуба кылып турушат. Мына ошол акыркы Пайгамбарды *(саллаллаху алейхи васаллам)* жан дили

менен сүйгөн пенделерден эки сахабанын башынан кечирген мынабул окуясына назар салсак:

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Ислам динин жеткирүү үчүн Мединанын кыйырында жашаган урууларга сахабаларынан жөнөтө турган. Кезегинде жөнөтүлгөн айрым мугалимдерге кыянатчыл мамиле жасалган учурлар да болгон. Мына ушундай окуялардын бири – Ражи окуясы.

Күндөрдүн биринде Медина шаарына Адал жана Кара урууларынын атынан бир канча адам Алла Элчисинен өздөрүн Ислам менен тааныштыра турган мугалим сурап келишет. Алланын акыркы Элчиси Асым бин Сабитти баш кылып он кишини жөнөтөт.

Адал жана Кара урууларынан келгендер он кишилик мусулман топ менен «Худат» деген аймакка келип, Хузайл уруусуна таандык «Ражи» суусунун жанында тыным алышат. Мусулман мугалимдер ушул жерден тузакка түшүрүлүп, сегизи шейит кетет.

Он сахабадан болгону экөө гана калат: Хубайб менен Зайд *(Алла аларга ыраазы болсун!)*. Туткунга түшкөн Хубайб менен Зайд Меккелик бутпарастарга тапшырылат. Экөө тең заалым бутпарастардын колунан шейит кетет. Бутпарастардан Абу Суфян өлүм алдында турган Зайдка:

- Эй, Зайд! Сенин ордуңда Пайгамбарыңдын болушун каалайт белең? – деп суроо салат.

Зайд *(Алла ага ыраазы болсун)* Абу Суфянды аянычтуу карап:

- Мен бала-бакырамдын төрүндө болуп, Пайгамбарымдын бул жерде болушу мындай турсун, анын бутуна ийненин көзүндөй тикен киришине жан дүйнөм эч качан ыраазы болбойт – деп жооп кайтарат.

Анда Абу Суфян аң-таң калып:

- Мен дүйнөдө Мухаммедчелик достору тарабынан урматталган, сүйүлгөн башка эч бир адамды көргөн эмесмин! – деген.

Андан соң Хубайбдын *(Алла ага ыраазы болсун)* жанына келип, ага эгер growth динин кайта турган болсо, кутула тургандыгын айтышат.

Хубайб *(Алла ага ыраазы болсун)*:

- Дүис нөнү берсеңер да, динимден эч качан каис тпаис м! – деп жооп берет.

Азирети Зайддан сураган суроону Хубайбка да беришет. Андан да ошондой жооп алышат.

Азирети Хубайбдын шейит кеткенге чейин бир гана арзуусу бар эле:

«Акыркы Пайгамбарга жан дили менен салам жөнөтүү!..» деген.

А бирок кимден айттырып жиберээр эле! Жанында бир да мусулман жок эле! Кайгы-муңга батып, Жараткан Аллага алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Бул жерде саламымды акыркы Пайгамбарга *(саллаллаху алейхи васаллам)* жеткире турган эч ким жок! Ага саламымды Сен жеткире көр, оо, Жараткан!» деп көзүнөн жашы кылгырат.

Дал ошол маалда сахабалары менен Мединада отурган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Ва алейхис-Салам» «Ага да салам болсун!» -дейт. Сахабалар таңдана:

- О, Алланын Элчиси! Кимдин саламын алдыңыз? -деп сурашат. Анда Пайгамбарыбыз:

- *Боордошуңар Хубайбдын саламын!... деп жооп берет.*

Ошентип каапырлар эки кутман сахабаны тең мыкаачылык менен шейит кылышат. Көз жумаар алдында Хубайбдын мынабул айткан сөзү өзгөчө мааниге ээ:

«Мусулман катары көз жумган соң тигил же бул таризде көз жумуу эч нерсе эмес!»[66]

Мына, кутман сахабалардын ыйманы, акыркы Пайгамбарга болгон сүйүүсү!.. Мына, Алланын алдына жарык маанай менен барууну көксөгөн пенделер!.. Мына, жолдогон саламы Жараткан Кудурет тарабынан жолдонгон жерине жеткизилген пенделер!...

Кутман сахабалардын акыркы Пайгамбарга болгон сагынычкусалыгын көрсөткөн мынабул окуя да жалпыбызга сабак болсун:

Күндөрдүн биринде Абдуллах бин Зайд ал-Ансарий *(Алла ага ыраазы болсун)* Пайгамбарыбызга келип:

- Эй, Алланын Элчиси! Сен мен үчүн мал-мүлкүмдөн да, балачакамдан да, жанымдан да артыксың! Эгер «сени көрүү» бактысына жолукпаганымда, өлүп калгым келмек – деп көз жашын төгөт.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- *Эмне ыйлап жатасың?* – дейт. Анда азирети Абдуллах:

- Эй, Алланын Элчиси! Бир күнү сиздин да, биздин да өлө тургандыгыбызды, сиздин пайгамбарлар менен бирге жогору даражаларда боло тургандыгыңызды, ал эми биздин эгер бейишке кирсек да, төмөнкү даражаларда болоорубузду ойлоп (сизди көрбөй калуу күйүтү өзөктү өрттөгөндүктөн) ыйлап жатам – деп жооп кайтарат.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир саамга унчукпай туруп калат. Мына ошол учурда төмөнкү аят түшүрүлөт:

**«Ким Аллага жана Анын Элчисине баш ийсе, анда алар Алла Өз мээримдүүлүгүн көргөзгөн: пайгамбарлар, ишенгендер, шейит болгондор менен бирге (болушат). Алар кандай гана сүйүктүү пенделер!»** (Ниса сүрөсү, 69-аят)

Абдуллах бин Зайд ал-Ансарий *(Алла ага ыраазы болсун)* күндөрдүн биринде бакчасында иштеп жүргөн эле. Уулу жай басып келип, оор үшкүрүнүп Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* одүйнө салгандыгын кабарлайт. Күтүлбөгөн жерден келген суук кабардын алдында Абдуллах уккан кулагына ишене албай, эчкирип ыйлап Жаратканга алакан жаят:

«Оо, Жараткан Алла! Көзүмдү ала көр... Бул дүйнөдөгү жалгыз сүйгөнүм азирети Мухаммаддан *(саллаллаху алейхи васаллам)* айрылдым. Мындан кийин андан башка эч кимди көрбөй калайын...» деп дуба кылат.

Ошентип Абдуллах бин Зайд ал-Ансарийдин дубасы кабыл болуп, ошол жерден көзү көрбөй сокур болуп калат.[67]

Аяттардын биринде:

**«Намазды толук аткарып, зекет бергиле! Пайгамбарга моюн сунгула! Ошондо Алланын чексиз мээримине бөлөнөсүңөр!»** (Нур сүрөсү, 56-аят) деп буюрулат.

«Сүйгөн адам сүйүктүүсүнүн бүт нерсесине кайыл болот» деген эреженин талабына жараша, теңдешсиз үлгүлүү инсан катары таанымал акыркы Пайгамбарга ар тараптан моюн сунуу ар бир момун-мусулман үчүн өзүнчө баа жеткис байлык. Пайгамбарыбызга болгон сүйүү Жаратканга бапестелген сүйүүнүн шарты болуп эсептелет.

Жараткан Кудуреттин жалгыздыгын тастыктаган тавхид келмесинде «Лаа илааха иллаллах»тан кийин «МухаммадурРасуулуллах» сөзү келет. Кайталанган ар бир келме жана Пайгамбарыбызга айтылган салават Жаратkandын сүйүүсүнө жетелейт. Бул дүйнөдө да, акыретте да бактылуу өмүр сүрүү ага бапестелген сүйүүгө байланыштуу болот.

Ибадаттагы руханият, эл менен болгон мамиледеги жылуулук, адамдык сапаттагы асылдуулук, жан дүйнөдөгү аруулук, жүздөгү нур, тилдеги тереңдик, назар салуудагы ойлуулук, айтор, бардык жакшылык ошол инсанга болгон сүйүүнүн жан дүйнөлөргө жаркыган нуру.

***

Жараткандын береке-куту жүрөккө уялашы үчүн ар качан жана ар жерде өзгөчө таңга маал Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* көп-көп салават айтуунун өзгөчө орду бар.

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* изи менен жашоосун көркүнө чыгарган Жараткандын сүйүктүү пенделери салават айтуу аркылуу акыркы Пайгамбарга руханий жактан жакын болуунун, салават айтуунун пайдаларын төмөнкүчө тизмелешкен:

1. Салават айтуу Жараткан Алланын буйругуна баш ийүү менен Анын чексиз мээримине бөлөнүүгө себеп болот.

Ахзаб сүрөсүндө:

**«Чындыгында Алла Таала жана периштелер пайгамбарга салават айтышат. Эй, момундар! Силер да ага салават жана салам айткыла!»** (Ахзаб, 56-аят) деп буюрулат.

Алла Тааланын, периштелердин жана мусулмандардын акыркы Пайгамбарга салават айтышынын ортосунда мааниси жагынан айырмачылыктар бар. Алла Тааланын салават айтышы бул акыркы Пайгамбарына ыраакым этип, анын даражасын жогору кылышы дегенди түшүндүрөт. Периштелердин салаваты Пайгамбарыбыз үчүн Жаратканда кечирим тилеп, дуба кылышы менен, ал эми момун-мусулмандардын салаваты Алла Тааладан Пайгамбарыбыздын амандыгын, жакшылыгын тилеши менен түшүндүрүлөт.

2. Пайгамбарыбызга салават айтуу күнөөлөрдөн арылууга себеп болот.

Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Ким мага бир жолу салават айтса, Алла Таала ага он жолу салават айтат.*

*Ошондой эле анын он катачылыгы (күнөөсү) өчүрүлүп, он даражага жогорулайт»* дейт (Насаий, Сахв, 55).

3. Кыяматта акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанында болууга шарт түзөт.

Бул багытта Пайгамбарыбыз:

*«Кыямат күнү адамдардын арасынан мага эң жакын боло тургандар – булар мага эң көп салават айткандар болот!»* деген (Тирмизий, Витр, 21).

4. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* салават жана салам айткан адамга жооп берет.

Ардактуу Пайгамбарыбыз бул жөнүндө мындай дейт:

*«Салам берген адамдын саламына алик алуум үчүн Алла Таала мага рухумду кайтарып берет»* (Абу Давуд, Манасик, 96).

5. Салават айткан ар бир адамдын ысмы Пайгамбарыбызга билдирилет.

Азирети Пайгамбарыбыз:

*«Жер бетинде Алла Тааланын саякатчы периштелери бар. Алар үммөтүмдүн саламын мага жеткирип турушат»* дейт (Насаий, Сахв, 46).

6. Салават айткан адам Алла Таалага жана Анын Пайгамбарына бапестеген сүйүүсүн башка сүйүүлөрдөн артык көргөндүктөн акыркы Пайгамбардын сүннөт жолу менен жуурулуша жашоонун кадырына жетип, терс сапаттардан арылат.

7. Азирети Пайгамбарыбыздын салават айткан адамга болгон сүйүүсү арткандай эле, анын да акыркы Пайгамбарга болгон сүйүүсү баралына келет.

8. Алла Тааланын акыркы Пайгамбары *(саллаллаху алейхи васаллам)* аркылуу бизге ыроологон жакшылыктары сансыз болгонуна карабастан салават айтуу менен Пайгамбарыбыздын биздеги акысын аз болсо да кайтарып берүүгө аракет кылган болобуз.

9. Алла Тааланын ыраакымына бөлөнүүгө себеп болот.

Бул багытта Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Ким мага бир жолу салават жана салам айтса, Алла Таала ага он эсе ыраакымын төгөт»* деген (Муслим, Солаат, 70).

10. Унутулган сөздү эстөөгө шарт түзөт.

11. Дубалардын кабыл болушуна себеп болот.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* намаздан кийин Алла Таалага шүгүр келтирбей жана өзүнө салават айтпай туруп дуба кылган бир адамды көрүп:

*«Бул адам шашмалык кылды»* дейт. Андан соң ошол адамды жанына чакырып:

*«Дуба кылаарыңарда алгач Жараткан Алла Таалага шүгүр келтиргиле! Андан кийин мага салават жана салам айткыла! Андан соң тилеген тилегиңерди сурагыла!»* деген (Тирмизий, Даават, 64).

Дагы бир хадисте мындай делет:

*«Дуба кылган адам акыркы Пайгамбарга салават айтмайынча, дубасы кулпулуу болот (максатына жете албайт)»* (Мунзирий, ат-Таргиб ват-Тархиб, 3, 165).

12. Салават айтпоо Жараткан Алланын эскертүүсүнө дуушар кылат.

Бул жаатта Пайгамбарыбыз:

*«Менин ысмым эскерилсе да, мага салават айтпаган адамдын мурду (жерге) сүрүлсүн!»* (Тирмизий, Даават, 100)

13. Алла Таала акыркы Пайгамбарына салават айткан пендесинин ишин оңдойт, аны эки дүйнөдө тең түбөлүк бакытка жеткизет.

Сахабалардан Убай бин Кааб *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбызга:

- О, Алланын Элчиси! Мен сага көп салават айтам. Сага канча салават айтышым керек? деп суроо узаттым.

- *Каалаганыңчалык айт* деди.

- Дубамын төрттөн бирин салаватка бөлсөм кандаис  болот? -дедим.

- *Каалаганыңчалык бөл. Бирок андан да көбүрөөк бөлсөң дагы да жакшы болот*деди.

- Андай болсо дубамын жарымын салаватка арнайын дедим.

- *Каалаганыңдай бөл. Бирок дагы көбүрөөк арнасаң сен үчүн дагы да кайырлуу* деди.

-Ырас, андай болсо үчтөн эки бөлүгүндө салават айтайын? дедим.

*Каалаганыңдай айт. Бирок дагы да көбөйтсөң бул өзүң үчүн эле жакшы болот* -деди.

- Анда дубамдын башынан аягына чейин сага салават айтсам болобу? деп сурадым.

Анда ардактуу Пайгамбарыбыз:

- *Андай болсо, Алла Таала сенин бардык кыйынчылыктарыңды жеңилдетип, күнөөлөрүңдү кечирет* деди» дейт (Тирмизий, Кыямат, 23/2457).

**и. Өлүм жөнүндө ой-толгоо**

Адам баласы жашоонун өйдө-ылдыйында жакшылык менен жамандыктын, кайгы менен кубанычтын ортосунда өмүр сүрүп келет. Жашоонун, өлүмдүн өзөк маани-маңызын аңдабай туруп адамдын бул дүйнөгө келгендеги сыр-максатын толук түшүнүү мүмкүн эмес.

Ар бир адамдын башына келе турган өлүм менен адам баласы жакындан таанышуусу керек.

Мүлк сүрөсүнүн экинчи аятында:

الَّذِي خَلَقَ الْمَوْتَ وَالْحَيَاةَ لِيَبْلُوَكُمْ أَيُّكُمْ أَحْسَنُ عَمَلًا

**«(Ал) өмүр менен өлүмдү силердин кимиңер жакшы амал кылаарыңарды аныктоо үчүн жараткан»** деп буюрулат.

Ал эми Анбия сүрөсүнүн 35-аятында:

«Ар бир жандуу өлүмдү татат. Биз силерди жакшылык менен да, жамандык менен да сынайбыз. Силер Бизге гана кайтарыласыңар» делет.

Бул дүйнө Жараткан Алланын сынак өткөрчү жайы, ал эми өлүм – бул акыретке ачылган каалга. Мавляна мындай дейт:

«Тирилүү үчүн көз жумгула!» Жүрөк напсинин азгырыктарынан баш тартуу менен тирилет, жанданат. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*: *«(Терс) арзуу-каалоолордун бардыгын түп тамыры менен омкоргон өлүм жөнүндө көп ойлогула!»* деген (Тирмизий, Кыямат, 26).

Өлүм жөнүндө ой толгоо – бул көз жумганга чейин өлүмдү эстөө. Напсинин азгырыктарынан алыстап, Жаратканды алдына жарык маанай менен барууга чын ыкластан олуттуу түрдө даярдык көрүү. Бул ыйманга таянган аң-сезим.

Адам баласынын түгөнбөс терс арзуу-каалоолору, убактылуу үмүттөрү, адал жолдо жүрбөгөнүн билсе да, өзүн-өзү ар түрдүү шылтоолор менен жооткотуп-соортуулары булар көр топурагы менен көздөн кайым болбос оор азаптын мисалдары гана!

Мүрзөлөр өмүрлөрүн өтөсүнө чыгарган чоң ата, чоң энелерибиз, айрымдарыбыздын ата-энелери, бала-бакырасы, жакын туугандарыбыз, досторубуз жаткан жер. Бул дүйнөдө кансарайда жашасак да, малсарайда жашасак да акыр-аягы көргө кирээрибиз бышык. Өлүмдөн качып кутула турган убакыт да, баш калкалай турган жер да жок.

Куран аяттарынын биринде:

**«Силер кутулуу үчүн качып жүргөн өлүм силерди (бир күнү болбосо, бир күнү ажалыңар келээр замат) сөзсүз түрдө кармайт. Андан соң силер жашыруунду да, ачыкты да Билүүчү (Алла Таалага) кайра кайтарыласыңар. Ошондо Ал силерге ар бир кылган ишиңерди кабарлайт»** (Жума сүрөсү, 8-аят) деп буюрулат.

Үнсүз-кыймылсыз турган ар бир эстелик турган турпаты менен адам баласына үн салып, акыл-насаатын айткан акыреттин кабарчысы сыяктуу. Өлүмдүн оорлугун сөз менен түшүндүрүү эч мүмкүн эмес! Мүрзөлөрдүн шаар ичинде, жол боюнда жана айрым мечиттердин короосунда орун алышы ар бир адам үчүн өлүмдүн жандуу мисалы болуп, жашоолорун ошого жараша тартипке келтиришине эң сонун өбөлгө түзөт.

Бул дүйнө утурумдук сынак жайы болсо, акырет түбөлүк жашоо. Адам баласы көпчүлүк учурда бул дүйнөнүн миң бир түрлүү кубулуп турууучу азгырыгынан чыгалбай келет.Утурумдук бул дүйнөдө азгырыктын капканына түшүп калуу коркунучу жан кокого келгенге чейин жандуулугун сактайт! Акырет жашоосуна кайдыгер мамиле жасоо менен

өмүр кечирүү – бул напсинин араанын ачкан дүйнөлүк «оюнчуктар» менен алпурушуу, түбөлүк бактысына өз колу менен балта чабуу, дегенди түшүндүрөт.

Өлүм адамдын жеке кыяматы. Андыктан кыяматыбызга чейин ойгонолу, ойлонолу, түбөлүк касырет тартпайлы десек... Себеби ар бир адам белгисиз бир учурда, белгисиз бир жерде Азраил[68] менен жолугаары бышык. Өлүмдөн качып кете тургандай эч жерде түнөк жок. Ошондуктан адам баласы убактысын текке кетирбей «Аллага жүгүргүлө...» (Зарият сүрөсүн 50-аят) деген буйрукка баш ийип, Жараткан Алла Тааланын чексиз ыраакымына баш калкалаганы дурус.

Өлүк дене турган турпаты менен берип жаткан акыл-насаатка дүйнөдөн келген жооптор – болгону көз жаш жана куру айкырыккыйкырык гана болуп жатат, тилекке каршы...

Кандай гана өкүнүчтүү!... Беш күндүк бул дүйнөдө адамдын өзүн-өзү алдаганы... Күн сайын маркумдарды түбөлүк сапарга узатса да, өлүмдү өзүнөн алыс сезгени...

Чындыгында адам рухуна дене кийими кийгизилип, бир эшиктен дүйнөгө киргизилген соң түбөлүктүн жолоочусуна айланат. Ал ошол жолдун даярдыгы көрүлө турган жерге киргенине карабастан көпчүлүк учурда акыйкаттан кайдыгер жашайт. Бир күнү рух денеден чыгарылат да, акыреттин каалгасына кадам таштап, «көр» деген дагы бир даңгыр жолго түшөт.

Аяттардын биринде:

«Биз кимге узун өмүр берсек, анын дене турпатын алсыз кылып коебуз. Акыл калчап, ой жүгүртүшпөйбү?» (Ясин сүрөсү, 68-аят) деп буюрулат.

Бул аятта Жараткан Өзү адам баласына эскертүү берип жатат. Бул дүйнөнүн көзгө басар өзгөчөлүгү – оопасыздык. Бергенин кайра тез алат. Бир күнү көккө чыгарса, эртеси кургуйга житирет. Ал көлөкө сыяктуу. Аны кармагың келсе, дайыма качат, жете албайсың. Сен качсаң да, артыңдан калбайт. Анын артынан сая кууп, ал жердеги түркүн түстүү «оюнчуктарды» бүгүн-эртең алам деп жүргөн кезде Азраил периштеге жолукканыңды билбей каласың. Дүйнөгө жан дил менен жипсиз байлануу пендени өз кулуна айлантат. Ал учуру келгенде адамды жерге каалагандай чабат. Азгырык-шыбыштардын аягы болбойт. Өзүнө жипсиз байлангандарды өтө тез унутат.

Андыктан адам баласы бул дүйнөдө өлүмдөн кача турган жер да, көрдөн кайра бул дүйнөгө кайта турган мүмкүнчүлүк да, кыяматтын айбардуулугунан баш калкалай турган түнөк да жок болгондугун эсине түйүп алышы абзел...

Сахабалардан бири Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- Эй, Алланын Элчиси! Эң акылдуу мусулман ким? – деп сурайт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- *Өлүм жөнүндө көп ойлоп, өлүмдөн кийинки жашоосу үчүн эң көп кам көргөн адам. Мына ошолор чыныгы акылдуулар...* деп жооп берет (Ибн Маажа, Зухд, 31).

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз дагы бир хадисинде:

*«Өлүм жана көз жумгандан кийин дененин, сөөктөрдүн чиригени жөнүндө ойлогула! Акырет жашоосун эңсеген адам утурумдук дүйнөнүн сулуулугунан (түркүн түстүү азгырыктарынан) баш тартат»* деген (Тирмизий, Кыямат, 24).

Фудайл бин Ийаз мындай дейт:

«Адам баласына насаат катары өлүмдүн өзү жетиштүү!»

Күндөрдүн биринде сахабалардан бирөө бул жарык дүйнө менен кош айтышат. Курбу-курдаштары аны аябай мактап, анын ибадаткөйлүгү тууралуу айтышат. Алланын

элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* унчукпай алардын сөзүн угуп олтурат. Алар сүйлөп бүткөндөн кийин Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- *Жанатан бери мактап жаткан адамыңар өлүм тууралуу көп ойлончу беле?* – деп сурайт. Сахабалар: «Жок» – деп жооп беришет. Пайгамбарыбыз:

- *Напсинин пайдасыз ашкере арзуу-каалоолорунан көпчүлүк учурда баш тарта алчу беле?*деп сураган экинчи суроосуна да «жок» деген жооп алат. Анда акыркы Элчи *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- *Андай болсо досуңар силер мактаганчалык деле эмес экен!* – деген экен (Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 10, 308-309).

Абдуллах бин Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт: «Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мени колумдан кармап:

*«Бул дүйнөдө чоочундай, алтургай, жолоочу адамдай жүр! Өзүңдү көз жумгандардын, мүрзөдөгүлөрдүн катарынан деп бил!»* деди»

Сахабалардан кийинки муундун өкүлдөрүнөн Мужахид бин Жабр (Алла аны Өз ыраакымына бөлөсүн) аттуу аалым бул багытта мындай дейт:

Абдуллах бин Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* ушул (жогорудагы) хадисти маалымдаган соң мага төмөнкү насаатын айтты:

«Эй, Мужахид! Таң атканда напсиңдин «кечинде» деген шыбышына алданба! Ал эми кечинде анын «таң заарынан» деген азгырыгына алданба! Оорудан мурун ден-соолугуңдан, көз жумганга чейин жашооңдон пайдалана бил! Себеби сен эртең кандай абалда (тирүүбү, өлүүбү) болооруңду билбейсиң!» (Тирмизий, Зухд, 25).

Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)*: «Жер адам баласына күн сайын мынабу он насаат менен кайрылат: Эй, адамзаада!

1. Үстүмдө кезип жүргөнүң жүргөн. Бир күнү мага кайтып келээриңди эсиңе түйүп ал!

2. Бүгүн үстүмдө күнөөнүн түрүн жасап жүрөсүң. Бир күнү менин койнумда анын азабын тартаарсың.

3. Бүгүн үстүмдө каалаганыңдай жүрөсүң. Бир күнү ыйлаарсың.

4. Үстүмдө күлүп-жыргап жүрөсүң. Бир күнү кайгы-муңга батаарсың.

5. Үстүмдө (адал-арамды ылгабай) мал-мүлк топтогонуң топтогон. Бир күнү койнумда бушайман болоорсуң.

6. Бүгүн үстүмдө арам тамак жеп жүрөсүң. Бир күнү койнумда курттарга жем болоорсуң.

7. Үстүмдө бой көтөрүп манчыркайсың. Бир күнү койнумда кор болоорсуң.

8. Үстүмдө кубанып жүрөсүң. Бир күнү койнумда касырет тартаарсың.

9. Үстүмдө жарыкчылыкта жүрөсүң. Бир күнү астымда караңгыда жалгыз калаарсың.

10. Үстүмдө адамдар менен аралашып жүрөсүң. Бир күнү койнума жалгыз өзүң кирээрсиң!» дейт (Ибн Хажар ал-Аскаланий, Мунаббихат, 37).

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман сахабаларына Кусс бин Саида аттуу сөзмөр адам жөнүндө айтып мындай дейт:

*«Кусс бин Саиданы «Указ» деген жерде төөнүн үстүндө элге төмөнкүчө кайрылып жатканын уктум*:

*«О, эл-журт! Келгиле, сөзүмө кулак төшөп, маанисин өзүңөр калчап алгыла! Ар бир жандуу көз жумат, көз жумган кайтпайт, боло турган да ошол. Жамгыр жаайт, чөп өсөт, балдар төрөлөт. Алар ата-энелеринин ордун басат. Андан соң бул дүйнөдө*

*баары жок болот. Окуялар түгөнбөйт, биринин аркасынан бири боло берет. Көктө кабар бар, жерде ибарат-үлгү бар. Жер бети жайылган төшөк, көк асман бийик шып. Жылдыздар учат, деңиздер турат. Келген калбайт, кеткен келбейт. Алар барган жеринен ыраазы болушкандыктан ошол жерде калып калышты дейсиңерби, же болбосо, терең уйкуга кириштиби...*

*Эй, Ияд урууcу! Ата-бабаларыңар кайда кетти? Таштан кансарайларды салган Ад, Самуд коомдору кана? Ал эми бул дүйнөдө мансабына манчыркап, өз элине «Мен силердин кудайыңармын!» деген Фараон менен Намруд кайда?!*

*Жер аларды өзүнүн жаргылчагына салды, күкүмгө айлантты. Сөөктөрү дагы чирип жок болду. Үйлөрү дагы урап, ээн калды. Ал жерлерде азыр иттер жүрөт. Абайлагыла! Ошолордун кейпин кийип калбагыла! Кайдыгерлик кылып, алардын жолуна түшпөгүлө! Бул дүйнөдө бүт нерсе утурумдук. Жалгыз Алла Таала гана түбөлүктүү!*

*Өлүм дайрасына кире турган жерлер көп. Бирок анын чыга турган жери жок...»*[69] дейт.

Жашоонун акыркы көшөгөсү болгон өлүм ар кимдин өз акыбетин көрсөтө турган өзүнчө күзгүнүн сыңары. Ким напсинин үстөмдүгүндө, бул дүйнөнү гана максат кылып жашаса, көр ал адам үчүн караңгы үңкүргө айланат. Ал эми ким напсинин тоскоолдуктарын ашып, өлүм жөнүндө ой толгоонун натыйжасында жан дүйнөсүн көкүрөгүндө катылуу асыл касиеттери менен ажарын ачып адал жолдо сапарын уласа, өлүм жанга жагымдуу келип, Жараткан Алланын алдына жарык маанай менен барууга мүмкүнчүлүк жаралат. Көпчүлүк учурда адамдарга айбардуулугу менен белгилүү өлүм мындай адам үчүн өзүнчө чексиз бакыт. Жараткандын алдына жарык маанай менен баруу үчүн напсинин түркүн түстүү азгырыктарын артка таштап, ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашоо аркылуу руханий жактан баралыбызга келишибиз керек.

Руханий жактан бышып жетилүүдө өлүм тууралуу ойго батуунун өзгөчө таасири бар. Бул багытта Раби бин Хусайн мындай дейт:

«Жүрөгүм өлүмдү эстөөдөн алыстаса, анын бузулуп кетишинен корком. Эгер өзүмдөн мурункуларга каршы чыкпай турганымда, көз жумганга чейин мүрзөдө олтурмакмын!» (Байхакий, КитабузЗухд, 212).

Жүрөк жакшылык менен жамандыктын ортосунда адам баласы көз жумганга чейин чайпалып турганы турган. Өлүм – түбөлүк акырет жашоосунун башталышы. Андыктан түбөлүк сапарга чыкканга чейин анын камын көрүү кажет. Жүрөктү «марифатуллах» (Жаратканды жан дил менен таанып, Анын буйрукжарлыктары менен жуурулуша жашоо) аркылуу көркүнө чыгарып, түбөлүккө даярдык көрүү зарыл. Ошондо гана «көз жумганга чейин көз жумгула (б.а., өзүңөрдү теске салгыла)!» деген насааттын сырын чечип, напсинин үстөмдүгүн кулатып, анын ордуна Жаратканга бапестелген эң жогорку аруу сүйүүнү толук орноткон болобуз.

**к. Такыбаа адамдар менен бирге жүрүү**

Жаратканга бапестелген эң жогорку сүйүүгө жолтоо болгон сүйүүлөрдүн бардыгынан жүрөктү алыс кармап, ошол жандуулугун сактоо үчүн руханиятынан насип алына турган Алланын сүйүктүү пенделери менен жакын мамиледе болуу кажет. Себеби жүрөк айлана-чөйрөдөн келген ар түрлүү оң жана терс таасирлердин бардыгына ийкемдүү келет.

Жүрөк дайыма тигил же бул таасирдин калыбына, таризине, өң-түсүнө айкалышып турат. Бул абал ошол таасирлердин жүрөктө тамыр байлап орун алышындагы башталгыч баскычы. Андан кийинки оң же терс таасирлер мурункуларга окшоштугу жана карама-

каршылыгынан улам оң да, терс да болушу мүмкүн. Жүрөк алгач оң таасирлерге кез келип белгилүү калыпка салынмайынча олуттуу көйгөйгө дуушар болуу ыктымалы күч. Анткени жүрөк ышкысына жараша алардын таасири алдында калууга да, терс кабылдашына жараша аларды четке кагууга да жөндөмдүү. Мына ошондуктан адам баласынын руханий жактан жогорулаптөмөндөшүндө жүрөктүн оң жана терс кабылдоочу өзгөчөлүгү өзгөчө мааниге ээ. Анын ушул эки өзгөчөлүгүн өз ордуна ылайыктуу түрдө колдонуу адам баласын жакшылыкка алып барат. Ал эми тескерисинче аларды өз ордуна ылайыксыз колдонуу адамды наадан кылып, карама сокурга айлантат.

Мына ушуларды эске алганыбызда, руханий жактан жогорулоо үчүн Жараткан Алланын сүйүктүү пенделери менен бирге жүрүп, алардын таасиринин алкагында өмүр сүрүүнүн маанилүүлүгүн да, зарылчылыгын да ачык-айкын түрдө аңдаптүшүнө алабыз. Арийне, бул учурда да руханий жактан насип алуу чогуу жүрүүгө аракет кылган Алланын сүйүктүү пендесине болгон урмат-сыйдын өлчөмүнө жараша болот. Болбосо, жөн гана бирге жүрүү анча-мынча пайда алып келсе да, максат кылынган натыйжаны бере албайт. Бул багытта Баязид Бистамийдин мынабу окуясы далил боло алат:

Күндөрдүн биринде шакирттеринен бири Баязид олуяга:

- Устат! Үстүңүздөгү чепкениңизден бир жеринен айрып берсеңиз, аны таберик кылып алайын – дейт.

Анда Баязид Бистамий устат:

- Уулум, сен Жараткан чийген адал жолдо болбогон соң Баязиддин чепкени мындай турсун, терисинин ичине кирсең дагы пайда бербейт! – деген экен.

Бүтүндөй ааламда окшошуу, айкалышуу ийкемдүүлүгү бар. Бул жандуу-жансыздын негизинин бир болушунан улам жаралган жагдай. Айкалышуу ийкемдүүлүгү физиологиялык жагдайлар үчүн да, руханий абалдар үчүн да жандуулугун сактайт. Маселен, бөлмөнүн тигил же бул жеринде атыр төгүлсө, андан чыккан жыт бөлмөдөгү абанын бардык бөлүкчөлөрүнө тең жеткенге чейин жайылуу жараяны (процесси) жүрөт. Бул физикалык эреже. Ысыксуук, катуу-жумшак сыяктуу нерселердин бардыгы дал ушул физикалык эрежеге баш ийет. Анын сыңарындай эле, адам баласынын жашоосундагы руханий эреже жандуулугун сакташы үчүн айкалышуу жараянын камсыз кыла турган себепке муктаж абалда болот. Ал муктаждык – бул сүйүү.

Бул багытта эл оозунда «Жүрөктөн жүрөккө кеткен жол бар» деген сөз бар.

Негизи карапайым адамдар көпчүлүк учурда руханий жактан күчтүү адамдарды ээрчип келет. Ырас, адам баласына ширелген табигый өзгөчөлүктөрүнүн бири ушул ээрчүү, бирөөнү тууроо ийкемдүүлүгү. Бала алгач кыймыл-аракеттерин ушул ийкемдүүлүгү менен жүзөгө ашырат. Бул өзгөчөлүк адам баласында өмүр бою жогору же төмөн деңгээлде жандуулугун сактайт. Такыбаа пенделердин ибадаттарындагы чын ыкластуулугу, адамдык сапаттарындагы бийиктиги айлана-чөйрөсүндөгүлөрдү суктантып, аларга жакын болуу сезимин ойготот. Өтмүшү караңгылык доордо калган кутман сахабалар да теңдешсиз үлгүлүү инсанга, т.а., Алланын акыркы Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* карата бапестеген сүйүүлөрүнө, урмат-сыйына жараша бийиктешкен.

Жалпыбыз күбө болуп жүргөндөй, кайсыл бир сабактын мугалими өзүн окуучуларына сүйдүрө алса, ал сабак окуучуга жеңил да, жугумдуу да болот. Окуучулар ал сабакты чыдамсыздык менен күтүшөт. Адамга бейпилдик тартуулаган иш канчалык оор болсо да, аны оңой-олтоң гана аткарууга толук мүмкүн. Ал эми жактырылбаган иш канчалык жеңил болсо да, аны аткаруу адамга оор келет. Адам баласынын жан дүйнөсүнө Жаратканга болгон эң жогорку аруу сүйүү уяласа, жыйырма ирекеттик таравих намазы

жеңил келип, жанга бейпилдик тартууласа, чын ыклассыз окулган төрт ирекеттик багымдат намазы оор келет. Демек, тигил же бул иштин оорлугу ынтызарсыздыктын, ыклассыздыктын талабы. Мына ушуларга үңүлө назар салганыбызда, Алланын сүйүктүү пенделери менен бирге жүрүүнүн канчалык мааниге ээ болгондугун жана Жараткандын алдына жарык маанай менен баруу үчүн көптөгөн бийик ашуулардан өтүү керектигин байкай алабыз.

Ошондой эле жүрөктүн руханий бейпилдигин жандуу сактоо үчүн кайдыгер адамдар менен жакын ымалалаш болуудан оолак болуу кажет. Себеби сасыган тарптын үстүнөн желпип өтүп келген жел анын жагымсыз жытын айлана-чөйрөгө жайат, жагымсыз жыт демди кысып, адамды ирээнжитет.

Шейх Убайдуллах Ахрар бул багытта:

«Алланын адал жолун каалабагандар менен бирге жүрүү жүрөктү кара көөгө боеп, жан дүйнөнү башаламан абалга алып келет» дейт.

Күндөрдүн биринде Баязид Бистамий жан дүйнөсүн баш-аягы жок будуң-чаңга чулгаган башаламандыкка тушугуп, андан эч арыла албай коет. Дилмаекте отурган шакирттерине кайрылып:

- Арабызда чоочун бирөө барбы? – деп сурайт. Шакирттер бири-бирин карашып, чоочун адамды таба алышпайт. Баязид Бистамий олуя кайра:

- Дагы жакшылап карагылачы, тигил таяктар турган жерлерди да карагыла! – дейт. Шакирттерден бири таяктардын арасынан кайдыгер бир адамдын таягын таап чыгат. Шакирт таякты сыртка чыгарат. Ошентип Баязид Бистамийдин жаны жай таап, өзүнө келет.

Мындай айкалышуу жараяндары терс абалдарда да, оң абалдарда да жандуулугун сактайт. Мунун эң сонун мисалы Юсуф пайгамбар менен атасы Якуб *(алейхиссалам)*дын ортосунда болгон. Азирети Якуб уулу Юсуфту өзүнө мүнөзү жагынан алдаканча окшош болгондуктан башка балдарынан өзгөчө жакшы көргөн. Атанын баласына болгон бул сүйүүсү өтө жогорку деңгээлде айкалышкандыктан арадан канчалаган жылдар өтсө да, Юсуфтун көйнөгү Мисирден өзүнө алынып келе жатканда көйнөктүн жытын алдын ала сезе баштаган. Якуб пайгамбардан башка эч ким, алтургай көйнөктү алып келген уулу Яхуда дагы ошол жыттагы сырды сезген эмес. Азирети Якуб алынып келген көйнөктү жүзүнө сүртөөрү менен көзү кайрадан көрө баштаган. Бул окуя тигил же бул нерсеге дагы айкалышкан руханияттын ачык-айкын далили.

Андыктан руханий абалдардын нерсеге дагы жугушунун, айкалышуусунун алдында нерселерден алдаканча аяр, алдаканча жандуу болгон жүрөктү ар түрлүү терс таасирлерден сактоо зарылчылыгы күч бойдон кала бермекчи.

Бул багытта аалым-олуялар:

«Адамдардын кыймыл-аракетинен, кулк-мүнөзүнөн жансыз буюмдар дагы тигил же бул таризде таасир алат. Бул өңүттөн ар түрлүү жаман иштер болгон жердеги ибадат менен жакшылык иштер өткөрүлчү жерде аткарылган ибадаттын ортосунда өтө чоң айырма болот. Мына ошондуктан Каабада окулган намаз башка жерлерде окулган намаздардан алдаканча жогору турат» дешет.

Мына ушундай куттуу жерлердеги береке-куттан, руханияттан такыр оолак жерлер да бар. Ал жерлерден адам баласына кандайдыр бир терс таасирлер жугат. Учурунда сахабалар Табук сапарынан кайтып келе жатып, Самуд коому жер менен жексен болгон Хижр аймагында эс алмакка тыным жасашат. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

- *Бул жерде Алла Таала Самуд коомун жок кылган. Ошондуктан ошол каардан үлүш алып калбашыңар үчүн бул жерден суу албагыла!* – дейт.

Сахабалар:

- Эй, Алланын Элчиси! Чаначтарыбызга суу толтуруп, ошол суу менен камыр да жууруп койдук – дээри менен Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*Сууларды төккүлө да, камырды төөлөргө бергиле!* – деген (Бухарий, Анбия, 17).

Бул окуялар руханияттын жансыз нерселерге да жугаарын тастыктаган жандуу мисалдар.

***

Мусулман баласы руханий жактан жогорулоо үчүн Алланын сүйүктүү пенделеринин адамдык асыл сапаттарынан да үлгү, руханий дем-күч алууга аракет кылышы абзел. Мындай оң таасирлерди руханий дилмаектерден алууга болот. Лукман табыптын уулуна айткан мынабул насааты да бул багытта өзгөчө мааниге ээ:

*«Уулум! Аалым адамдар менен бирге жүр! Алардын дилмаектерине дайыма катышууга аракет кыл! Себеби Алла Таала жамгыр менен жерди жандандыргандай эле хикмат-даанышмандыктын (ыйман) нуру менен жүрөктү жандандырат»* (Ахмад бин Ханбал, Китабуз-Зухд, 551)

Дилмаек-сукбаттардын маанилүүлүгү жөнүндө төмөнкү хадисте мындай делет:

*«Алланын үйлөрүнүн биринде Алланын китебин окумакка же бир маселени талкуулоо, пикир алмашуу үчүн чогулган жамаатка сөзсүз түрдө бейпилдик (кут) түшөт. Алар ыраакымга бөлөнүп, периштелердин курчоосуна алынат. Алла Таала аларды Өзүнүн жанындагылардын арасына кошот»* (Абу Давуд, Витр, 14; Ибн Маажа, Мукаддима, 17).

Абу Идрис ал-Хавланий мындай дейт:

Шамга (Дамаск шаарына) барганымда «Умаййа» атындагы мечитке кирдим. Мечитте киши жылдыздуу бир жаш жигитти тегеректеп олтурган жамаатты көрдүм. Алар өздөрүнчө маек куруп олтурушат. Аларды көпкө чейин байкап турдум. Ортолорунда талаш-тартыш маселе болуп калса, ошол жаш жигитке кайрылып жатышты. Жаш жигит маселеге акыркы чекитти коюп жаткандай шекилди. Ал жерден тиги жаш жигиттин сахаба Муаз бин Жабал *(Алла ага ыраазы болсун)* болгондугун билдим.

Эртеси күнү эртең менен эрте мечитке бардым. Ал менден да эрте келиптир. Мен барганда ал намаз окуп жаткан болучу. Намазын окуп бүтүргөндөн кийин жанына барып салам берип:

- Валлахи, мен сени Алла Таала үчүн жакшы көрөм! – дедим. Муаз *(Алла ага ыраазы болсун)* үч жолу:

- Чын эле Алла Таала үчүнбү? – деди. Мен ар жолкусунда:

- Ооба, Алла үчүн – дедим.

Анда ал кийимимден кармап жанына тартып:

- Сүйүнчү сага! Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жараткан Алладан алган куш кабарын маалымдаганы дале эсимде. Азирети Пайгамбарыбыз Алла Тааланын мындай дегенин айткан эле:

*«Менин (Алла Тааланын) ыраазылыгым үчүн бири-бирин жакшы көргөн, бир жерде отурган, бири-биринин ал-акыбалын сурап турган жана өздөрүн Менин ыраазылыгыма арнаган адамдар үчүн Менин сүйүүм важиб (шарт) болот»* (Имам Малик, Муватта, Шаар, 5)

Жараткан Алла Таала аяттарынын биринде:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اتَّقُوا اللّٰهَ وَكُونُوا مَعَ الصَّادِقِينَ

**«Эй, ыйман келтиргендер! Алла Тааладан корккула! Такыбаа, ыраскөй адамдар менен бирге болгула!»** дейт (Тооба сүрөсү, 119).

Айкалышуу жараяны жогоруда белгиленгендей, сүйүүнүн деңгээлине жараша болот. Руханий жактан бышып жетилүү үчүн ыраскөй такыбаа адамдар менен жакын ымалаш мамиледе болуу, аларды Алланын ыраазылыгы үчүн жакшы көрүү жана алар менен бирге жүрүүгө аракет кылуу зарылчылыгы күч.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ыраскөй такыбаалар менен бирге жүрүүнүн маанилүүлүгүн мынабул мисал менен таасын чагылдырган:

*«Жакшы дос менен жаман достун мисалы миск (атыр) саткан адам менен күл тартып от жагуучу адамга окшош. Миск саткан адам сага жыпар жытынан же сага белек кылат, же сен андан сатып аласың. Ал эми от жаккан адам же кийимиңди өрттөйт, же сага анын жагымсыз жыты жугат»* (Бухарий, Буйуу, 38).

Бул жашоодо такыбаа пенделер менен бирге жүрүү маанилүү болгондой эле, көрдө дагы алардын көрлөрү менен кошуна болуунун маанилүүлүгү жөнүндө Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Маркумдарды салих-такыбаа адамдарга жанаша көмгүлө!»*

(Дайламий, Муснад, 1, 102).

Муктаждыкты дагы Алланын сүйүктүү пенделери аркылуу камсыздалышынын маанилүүлүгү тууралуу Ибнул-Фирасий мындай дейт:

Атам Пайгамбарыбызга кайрылып:

- Эй, Алланын Элчиси! Муктаждыгымды башка адамдардан сурасам кандай болот? – деп сурайт. Анда Пайгамбарыбыз ага:

- *Жок, сураба! Эгер сураганга мажбур болсоң, эч болбосо, салих-такыбаа пенделерден сура!* – деген экен (Абу Давуд, Зекет, 28; Насаий, Зекет, 84).

***

Күндөрдүн биринде Баязид Бистамиге Алланын адал жолуна түшкөн бир адам келип:

- Мага мени Алла Таалага жакындата турган кандай амал сунуш кылаар элеңиз – деп кайрылат. Анда Баязид олуя ага мынабул насаатын айтат:

- Алла Тааланын сүйүктүү олуя пенделерин сүй! Алар да сени жакшы көрүшсүн. Алардын жүрөгүнөн түнөк табууга аракет жаса! Себеби Алла Таала ошол ариф-олуя пенделердин жүрөгүнө күн сайын 360 жолу назар салат. Андыктан назар салуу учурунда Алла Таала сени да ошол жерден көрсүн! Ошого аракет кыл!...

Мына ошондуктан тасаввуфтук тарбияда бул жолдогу шакирт мүчөсү болгон тарикатка жана ыраскөй такыбааларга болгон сүйүүсүн жандуу сакташы үчүн «рабыта»[70] туруктуу эреже катары кабылданат.

Күнөөкөрлүктүн сазына белчеден баткан адам мына ушундай руханий байланыштын шарапаты, таасири менен, балким, руханий жактан дагы да оор жоготууларга дуушар болуудан арыла алаарын эсине түйүп койушу абзел. Себеби «аракет кылсаң, берекет» дегендей, аракет кылуу керек. Алла Тааланын кечирими Чексиз!

Рабыта сүйүүнүн күчү менен адам баласынын сезим-туюмунда жогорку деңгээлдеги руханий байланыш толкунун жаратат. Бул байланыштын эки учундагы адамдын ортосунда «айкалышуу, жуурулушуу» эрежесине ылайык өз ара руханий тажрыйба алмашуу процесси башталат. Бул учурда алуучу тарап өзүнө руханий дем-күч

алса, берүүчү тарап болгон Алланын сүйүктүү пенделери,такыбаалар белгилүү өлчөмдө зыян көрүшү мүмкүн. Анткени миң бир түрлүү рухий ыпластыктар, түркүн түстүү руханий илдеттер менен келгендерди дарылап, кирлерден арылтуу дегенди туюндурган бул абал кара жумушта иштеген адамдын мокочо кийимин жууганга окшош. Бирок ошентсе да, адамдарды Алла Тааланын алдына жарык маанай менен барууга жетелөө укугуна ээ болгон мындай такыбаа адамдар мойнундагы озуйпасын аткарууга милдеттүү болушат. Алар өздөрүнө келген адамдардын руханий дат-кирлерин жууп тазалаганга жанүрөшөт. Мындай укукка ээ ар бир Жараткандын сүйүктүү пендесинин жашоосунда белгилүү (узун же кыска) мөөнөт аралыгында коомчулуктан мамилени үзүү учурлары болот. Бул жагдай Жараткан Аллага дагы да жакын болуу ышкысы жана ошол эле учурда жашоонун ар түрлүү терс көрүнүштөрүнөн белгилүү мөөнөт аралыгында болсо да, оолак болуу муктаждыгы менен түшүндүрүлөт.

Жараткан Аллага жакын болуу ышкысы туу чокусуна жеткенде адампенде Жараткан Алланын сүйүүсүнөн, ыраазылыгынан башка эч нерсени көрбөй да, көксөбөй да калат. Мавляна олуя бул багытта мындай дейт:

«Деңизге кошулган дайра дайралыгын жоготот. Кирген деңиздин бир бөлүгү болуп калат. Желген нан тамак сиңирүү системасы аркылуу ээрип, денебиздин бир бөлүгүнө айланат. Анын сыңарындай, сүйгөн адам бапестеген сүйүүсүнүн күчүнө жараша сүйгөнүнө сиңип кетет»

Мавляна олуя сөзүн улап:

«Сүйүү келди, кан сыяктуу бүтүндөй тамырларыма, териме жайылды. Мени менден алды, турган турпатымды сүйүктүүм ээлеп алды. Денемдин башынан аягына чейин каптап алды. Менден мага болгону бир гана ысмым калды. Мындан ары жагы бүт баары Ал (Алла Таала гана)...» дейт.

Тасаввуфтагы «фанаафиллах» жана «бакообиллах»[71] делген түшүнүктөрдүн төркүнү дал ушул жерде жатат. Ошондой эле «мухаббатуллах» жолунда бул даражага жогорулоо үчүн жүрөк ага чыдай ала тургандай деңгээлге жетиши кажет. Буга кадыресе тасаввуфтук руханий тарбия аркылуу жетүү мүмкүн.

Тасаввуфта жүрөк үчүн адамдын үй-бүлөсүнө болгон сүйүүсү сыяктуу мыйзам ченемдүү адамдык сүйүүлөрдүн улуу сүйүүгө (Алла Таалага болгон сүйүүгө) даярдык баскычы иретинде себеп болуу ыктымалы болгондуктан жылуу кабылданып, ал «ашк-у мажазий» (каймана сүйүү) деп айтылат. Бирок сүйүүнүн алкагын жана ордун белгилөөдө кылдат болуу зарылчылыгы бар. Мавляна олуя бул багытта:

«Ынсап кыл! Сүйүү негизи жакшы нерсе. Аны чириткен сенин терс сапатың. Сен жыныстык ышкыңды «сүйүү» деп алыпсың. Эх, кандай гана өкүнүчтүү! Нукура сүйүүнүн даамын сызганыңда, жыныстык ышкы менен нукура сүйүүнүн ортосу канчалык алыс (б.а., экөөнүн айырмасы асман менен жердей) болгондугун билээр элең!..»

«Жараткан Аллага болгон эң жогорку сүйүү мусулман баласын жандуу жана зирек кармайт. Дүйнөлүк терс өңүттүү сүйүүлөр болсо, адам баласын акмак кылып, «адам» деген аттан чыгарып коет. Сүйүү – бул суу менен топурактан жаратылган адамдын күйүп-жанышы. Бул дүйнөдө кан тамырларда кандын айланышы, б.а., жашоонун уланышы эмес, көкүрөктөгү сүйүүнүн улуу сүйүүгө сызгырылып, бышып жетилиши маанилүү!» дейт.

Адамдык сүйүүнүн туу чокусунда сүйгөн адам бапестеген сүйүүсүнүн күчүнө жараша сүйгөнү менен айкалышып жуурулуша алат. Тасаввуфта шакирттин (мурид) руханий устатына (муршидке) бапестеген сүйүүсүндө ушул даражага жеткендеги абалы «фанаа фиш-шейх» деп айтылат.

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* акыркы Пайгамбар Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен жолугуп, курган дилмаектеринин ар биринде ар башкача руханий дем, күч ала турган.

Күндөрдүн биринде азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Мен Абу Бакирдин мал-мүлкүнөн пайдалангандай, эч кимдин мал-мүлкүнөн пайдаланганым жок»* дейт.

Алла Элчисине болгон сүйүүсүнүн деми менен өзүн жоготкон азирети Абу Бакир акыркы Пайгамбардын мындай алкышынын алдында «угуучу тарап» катары кабылданган көптүн бири болгондугун ойлоп, бир саамга дендароо болуп туруп калат. «Бөлөк» катары кабыл алынуунун касырети менен:

«-Эй, Алланын Элчиси! Мен, мал-мүлкүм жалгыз өзүңө гана таандык эмеспизби?!...» деген экен (Ибн Маажа, Мукаддима, 11).

Дагы бир күнү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* ооруп калгандыгын уккан Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* кайгысынан өзү дагы төшөккө жатып калган.

Мына ушундай деңгээлде жуурулушкан азирети Абу Бакир жөнүндө Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Абу Бакир менден, мен анданмын. Абу Бакир бул дүйнөдө да, акыретте да менин боордошум болот»* (Дайламий, Муснад, 1, 437) деп руханий биримдигине жана жүрөктүн жүрөк менен жуурулушкандыгына басым жасаган.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз өмүрүнүн аягында оор дартка чалдыгып төшөккө жатып калган кезде да: *«Бардык эшиктер жабылсын. Абу Бакирдики гана ачык болсун!..»* (Бухарий, Асхабун-Набий, 3) деп аны менен руханий жактан жогорку деңгээлде жуурулушкандыгын ачык-айкын айта алган.

Шейх Саади Шираазий «жуурулушуу, айкалышуу» жараяны жөнүндө мындай дейт:

«Асхабу Кахфтын ити ыраскөй-такыбаалар менен бирге болгондугу үчүн түбөлүк бакытка жетти. Ысмы Куранга жана тарыхка түшүрүлдү. Лут пайгамбардын аялы болсо, каапырлар менен бирге болгондугу үчүн каапырлыкка дуушар болду»

Кайдыгер адамдар менен ымалаш болуунун жан дүйнөгө берген терс таасири жөнүндө акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«(Акыр заманда) үммөтүмдөн өздөрүн «фааких» (Ислам укугу боюнча аалым) болгондугун айткан адамдар чыгат. Алар Куран окушуп, мындай дешет:*

*«-Биз башкаруучуларга барып, алардын кызматынан пайдаланабыз. Аларды динибизге аралаштырбайбыз». Ырасында мындай болбойт. Тикенектен тикен алынгандай эле, аларга жакын адамдар да алардан терс таасир гана алышат»* деген (Ибн Маажа, Мукаддима, 23).

Ыраскөй, такыбаа адамдар менен ымалаш болуу аркылуу жүзөгө ашкан «жуурулушуу» жараяны жөнүндө Шейх Саади «Гүлистан» аттуу эмгегинде тамсил иретинде төмөнкү окуяга токтолот:

«Бир киши мончого барат. Мончодон досторунан бири ага тазаланышы үчүн жыты жагымдуу чопо берет. Чоподон жанга жагымдуу жыт аңкыйт. Тиги адам чопого суроо салат:

- Ээ, жарыктык! Сенин жанга жагымдуу жытың мени арбап алды. Сен эмнесиң, жыпарсыңбы, же атырсыңбы?

Анда чопо ага:

- Мен жыпар да, атыр да эмесмин. Баарыңарга маалым болгон кадыресе чопомун. Бирок мен бул жерге келгенге чейин бир гүлдүн астында болуп, күн сайын ошол ачылган гүлдүн өзүнөн тоголонуп түшкөн тамчылар менен жуурулушаар элем. Жанга жагымдуу бул жыт дал ошол гүлгө таандык – деп жооп кайтарган экен».

Анын сыңарындай, чынчылдык, чын ыкластуулук жана кичи пейилдүүлүк сыяктуу асыл сапаттар менен Алланын сүйүктүү пенделерине жакын болуу өтө зор мааниге ээ. Андыктан Жараткан Алланын адал жолунда Анын сүйүктүү пенделери менен бирге жүрүүгө умтулуу мусулман баласын жакшылыкка гана жетелейт.

**л. Адамгерчиликтүү болуу**

Алла Таала адам баласына көптөгөн өтө аяр асыл сапаттарды ширеткен. Адамдын адамгерчилиги дал ушул асыл сапаттарын өөрчүтүп, руханий жактан бышып жетилгенине, жан дүйнөсүн көркүнө чыгарганына жараша болот. Адамдын дене турпаты менен гана эмес, жан дүйнөсү менен да «адам» деген атка татыктуу болушу түркүн түстүү терс сапаттарынан арылып, асыл сапаттары менен жан дүйнөсүнүн ажарын ачып, көркүнө чыгарышына түздөн-түз байланыштуу.

Руханий жактан бышып жетилген адам адамдык асыл сапаттын, жакшылыктын күзгүсүнө айланат. Ал мына ушул таризде, Курандын тили менен айтканда, «эң мыкты келбетте жаратылган зат» болуунун талабына жооп берген болот.

Ал эми тетирисинче, адам баласы колундагы тизгинин напсиге алдырып жиберген болсо, эки жүздүүлүк, шылуунчулук, уурулук, сыяктуу ар түрлүү толуп жаткан терс сапаттарга себеп болот. Мунун натыйжасында ал Жараткан Алланы унутуп, бул дүйнөгө келгендеги эң негизги максатына карама-каршы багытта кадам шилтеп, карама сокурга айланат. Алтургай айбандан да төмөн даражага түшөт.

Ааламдын Жаратуучусу адам баласына мына ушундай төмөн даражага түшпөшү жана Өзүнүн адал жолуна кайтышы үчүн мынабул эскертүүсүн берип:

يَا أَيُّهَا الْإِنْسَانُ مَا غَرَّكَ بِرَبِّكَ الْكَرِيمِ الَّذِي
خَلَقَكَ فَسَوَّاكَ فَعَدَلَكَ فِي أَيِّ صُورَةٍ مَا شَاءَ رَكَّبَكَ

**«ЭиА инсан! Сени жараткан, сага мобуреки аман-соо мүчөлөрдү ыроолоп, (аларды бири-бирине аиАкалыштыра жасап) сага ушундаиА келбет берген АиАкөл Жаратуучуңдан (Анын адал жолунан) сени эмне азгырып кетти?»** (Инфитар сүрөсү, 6-8-аяттар)

وَاللَّهُ يَدْعُو إِلَى دَارِ السَّلَامِ

**«Алла Таала пенделерин «даарус-салам» га (бакыттын жаиАы беиАишке) чакырат»** (Юнус сүрөсү, 25-аят) деис т.

Ырас, утурумдук жашоодогу жолоочулардын дагы чакырыгына жооп каис таруу шарты бар. Ар ким ар жерге чакырыла бербеис т. Ар ким өзүнүн кадырына жараша чакырылат. Анын сыңарындаис , Жараткан Алла Таала «Даарус-салаам»га бул дүис нөдөн «калбу салим» б.а., таза жүрөк, аруу жан дүис нө менен өткөндөрдү гана чакырат.

Бул дүис нөдө «адам» деген атка кара так түшүрбөис жашоонун жападан жалгыз шарты – бул Ислам дининин улуу максатына ылаис ык өмүр сүрүү. Адамзат тарыхында Алланын адал жолунда руханиис жактан бышып жетилүүнүн жана адамдык асыл

сапаттардын туу чокусунда, эч калетсиз, азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыз турат. Жараткан Алла Таала бул багытта:

«Шек-күмөнсүз, сен изги адеп-ахлактын сересиндесиң!»

(Калам сүрөсү, 4-аят) деген. Азирети Пайгамбарыбыз куттуу хадистеринде: *«Мени Жараткан Алла тарбиялаган...»* (Суйутий, Жамиус-Сагиир, 1, 12)

*«Кыямат күнү мусулман пенденин таразасында асыл сапатынан ашкан оор нерсе болбойт. Алла Таала адепсиз кыймыларакет кылган жана адепсиз сөз сүйлөгөн (адамгерчилиги төмөн) адамды жек көрөт!»* (Тирмизий, Бирр, 62)

*«Мен изги адеп-ахлакты өтөсүнө чыгаруу үчүн жиберилгем»*

(Имам Малик, Муватта, Хуснул-хулк, 8) дейт.

Адамзат тарыхында өмүр таржымалы ийне-жибине чейин изилденген жалгыз инсан жана пайгамбар – бул Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)*. Анын ар бир кыймыл-аракети, сүйлөгөн сөзү, жасаган иштери ийине жеткириле иликтенип тарыхка өчпөс арип менен аты жазылып калды. Азирети Пайгамбарыбыздын теңдешсиз үлгүлүү инсан болгондугу жөнүндө аяттардын биринде: «Ант болсун! Алланын Элчиси силер үчүн, Аллага жана акырет күнүнө ишенгендер, Алла Тааланы көптөн-көп эстеп зикир кылгандар үчүн теңдешсиз үлгү» (Ахзаб сүрөсү, 21-аят) – деп буюрулат.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын руханияты, куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоо ар бир мусулман баласынын көксөгөн максаты болушу кажет. Албетте, ал үчүн эң ириде ага болгон сүйүү жандуу болушу керек. Мусулман баласы анын ак сүннөтү менен ага болгон сүйүүсүнө жараша жуурулуша алат. Аны менен жуурулуша жашоо мусулман баласынан сүйүү, боорукерлик, мээримдүүлүк, айкөлдүк, кечиримдүүлүк, кең пейилдик, марттык, адамгерчиликтүүлүк, адилеттүүлүк, такыбаалык сыяктуу толуп жаткан асыл сапаттарды талап кылат. Мындай жашоо адам баласына сөзгө чак келбес ырахат-бейпилдик тартуулайт. Кутман сахабалар, олуялар, такыбаалар да буга эң сонун мисал боло алышкан.

Бул пенделер акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханияты менен жуурулушуу үчүн анын айланасында күйүп-жанып учкан көпөлөктөр сыяктуу болгон күч-аракеттери менен жанүрөп, андан үлгү алууну бул дүйнөдө баа жеткис бакыт деп билүү менен Жараткан Алланын чексиз ыраакымына бөлөнүшкөн. Өткөн тарыхта азирети Пайгамбарыбыздын теңдешсиз адамдык бийик сапатынан үлгү алган мусулмандар мөлтүр ыйман булагына сугарылып, көөдөнүндөгү табигый асыл касиеттерин руханий жактан баралына келтирип, адал жолдун жылдыздарына айланышкан. Андыктан оорулуу, кайдыгер жүрөктөрдүн эң таасирлүү дабаасы – бул ага болгон сүйүүдө катылуу.

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* нур жүзү, дүйнөдөгү эң сулуу, эң чырайлуу жана эң тунук жүз эле. Мусулмандар Медина шаарына көчүп келгенден кийин Мединалык жөөт аалымдарынан Абдуллах бин Салам сын ой менен Пайгамбарыбыздын жанына келип, анын нур жүзүн көрөөрү менен:

- Жок, бул жүздүн жалган сүйлөшү эч мүмкүн эмес! деп апкаарып, ошол жерден Ислам динин кабылдаган (Тирмизий, Кыямат, 42, 2485; Ахмад, 5, 451).

Анткени анын чырайлуулугу, жамалы, сулуулугу, жүзүндөгү нуру эң бир жогору даражада болгон. Анын Алланын чыныгы Пайгамбары болгондугун тастыктоого чындыгында жүзүнүн жамалы гана жетиштүү эле. Ал үчүн анын нур жүзүнөн башка өзүнчө мужиза-кереметтин, башка далилдин кажети деле жок болгон.

Пайгамбарыбыз кандайдыр бир нерсеге ыраазы болсо же ыраазы болбосо, дароо анын нур жүзүнөн байкалып турчу.

Ал эч качан ушак-айың, дайынсыз, баш-аягы жок сөздөрдү сүйлөчү эмес. Кимдир бирөөлөр менен баарлаша турган болсо, ал адамга жараша жөнөкөй же көркөм сөз сүйлөөр эле.

Ал өтө сылык, сыпаа инсан болгон. Ал каткырып күлчү эмес. Анын жүзү дайыма жылмайыңкы абалда болуп турчу.

Аны менен маек курган адам ага жан дили менен берилип кулак төшөп калаар эле.

Ал кадырлуу адамгерчиликтүү адамдарга сый-урматынан жазчу эмес. Тууган-тушкандарын дагы конокко көп чакыра турган. Ал эл менен дайыма жылуу мамиледе болууга умтулган. Пайгамбарыбыз: *«Ким өзүнө каалаган нерсени мусулман боордошу үчүн каалабаса, ал толук момун-мусулман эмес»* деген (Бухарий, Иман, 7; Муслим, Иман, 71-72).

Кызматчылары ээн-эркин жүрөөр эле. Өзү эмне жеп, эмнени кийсе, кызматчылары дагы ошону жеп-ичип, ошону кийишкен. Ал жоомарт, меймандос, боорукер, мээрман, учурунда эр жүрөк, баатыр да болгон.

Алланын Элчиси ар дайым сөзүнө бекем турган. Адамгерчилиги, адеп-ахлагы, зиректиги жагынан бүтүндөй инсанияттан жогору жана алкышка татыктуу эле.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* дайыма ойго батып, касырет тартар эле. Пайгамбарыбыз себепсиз сөз сүйлөчү эмес. Сөздү ара чолодо калтырбай майын чыгара сүйлөгөн. Ал маанини кыска жана нуска сөз менен берген. Ашыкча сүйлөп адамды тажатчу да, аз сүйлөп арабөк калтырчу да эмес.

Жагдайга жараша сылык-сыпаа да, салабаттуу да, айбаттуу да, сүрдүү да болучу. Ачууланган кезде ордунан турчу эмес. Акыйкат аңтарылып кара көө шыбалганда, адам укугу тепселген учурда гана ачуусу келген. Өзүнө гана айтылган акаарат-келеке сөздөргө, зордук-зомбулуктарга каршы жооп кайтарчу эмес.

Ал уруксатсыз эч бир үйгө кирчү эмес. Өз үйүнө келгенде убактысын үчкө бөлө турган; биринчиси Улуу Жараткан Алла Таалага ибадат кылуу үчүн, экинчиси үй-бүлөсү үчүн, үчүнчүсү өзү үчүн. Өзү үчүн бөлгөн убакытты элге арнаган. Элдин түрдүү көйгөйлөрүнө ортоктош болуп, аны чечүүгө бар аракетин жумшар эле. Эч кимдин жүрөгүн оорутчу эмес. Ошентип, ал элдин купулуна толгон.

Пайгамбарыбыз мечитте белгилүү гана бир жерде отуруунун салтка айланып кетпеши үчүн мечиттин ар тарабына келип отурчу. Анткени ал тигил же бул жердин ыйык жай катары кабылданып, текебердикке себеп боло турган жерге айланышын каалачу эмес. Мечитке келгенде кайсыл жер бош болсо, ошол жерге отураар эле.

Пайгамбарыбыз муктаждыгын, арыз-муңун айтып келген адамга колунан келишинче жардам берээр эле. Эгер муктаждыгын орундатууга мүмкүндүгү жок болуп калса, анда жылуу сөз менен түшүндүрүп, көңүлүн оорутпастан жооп берээр эле. Ар бир адамдын дартына ортоктош болууга ар дайым белен болчу. Адамдарды бай-кедей, аалым-наадан, сабатсыз дебей баарысына бийик адамдык сапаты менен бирдей мамиле жасаган.

Кимдир бирөөнүн кемчилигин көрүп калса, аны жерибестен жылуу сөз же аракет менен түшүндүрөөр эле.

*«Мусулман боордошуң дуушар болгон кырсык (балээ) үчүн сүйүнбө!...»* дээр эле (Тирмизий, Кыямат, 54).

Ал адамды тышкы ирең-түспөлү менен эч качан келекеге алган эмес. Ал мындай иш-аракетке катуу тыйуу салган.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* пайдалуу маселелерден тышкары сөз сүйлөчү эмес. Анын дилмаектери берекелүү да, таасирлүү да өтө турган. Ал сүйлөп

жаткан кезде маңдайында отурган сахабалар анын айткан ар бир сөзүнө жан дили менен берилип кулак төшөп, андан руханий бейпилдикке бөлөнүшөөр эле. Азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтымында, бул учурда баштарына чымчык коно турган болсо, ал конгон жеринде каалашынча тура бермек. Пайгамбарыбызга болгон таазими, урматсыйы өтө жогору болгондуктан алар алтургай суроо узатуудан да, тартынып ыйбаа кылып турушчу. Мына ошондуктан алар кадимкидей көчмөн чоочун адамдарды күтүшөөр эле. Себеби сахабалар чөлдөн тигил же бул адам келип Пайгамбарыбыз менен маек курса, анын айынан биз дагы жан дүйнөбүзгө өзүнчө жан азык таап калсак, деген аруу тилекте болушкан.

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* анын мээримдүүлүгү жөнүндө мындай дейт:

«Казаттардын биринде биз Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайрылып, каапырларды жок кылышы үчүн Алла Таалага дуба кылышын сурандык. Пайгамбарыбыз бизге:

*«Мен (бул дүйнөгө) каргыш үчүн эмес, ыраакым үчүн жөнөтүлгөм!»* деп жооп кайтарды» (Муслим, Бирр, 87).

Алла Таала Куранда бул багытта:

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا رَحْمَةً لِلْعَالَمِينَ

**«Сени аалам-атпаиАга ыраиАымдуулуктун паиАгамбары катары гана жөнөттүк!»** (Анбия сүрөсү, 107-аят) деис т.

Олуя пенделерден Ахмад ар-Рифаиис шакирттерине насаатын аис тып:

«Эис, адал жолдун жолоочусу! Турган турпатыңды Жараткандын жолуна арна! Алла Элчисинин *(саллаллаху алеис хи васаллам)* сүннөтү менен жуурулуша жаша! Күндүзүн да, түнкүсүн да Жараткан Аллага чын ыкластан ибадат кыл! Ошондо гана «марифатка» жетесиң. Болбосо, андан насип ала албайсың. Акыркы Пайгамбардын сүннөтү менен жуурулуша албай каласың...» деген экен.

Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* адамдык бийик сапаты, адамгеричилиги, ырасында, сөзгө чак келбейт. Алла Тааланын алдына жарык маанай менен баруунун сыры Өзүнүн ыйык Китеби Куран менен жана сүйүктүү пайгамбары Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)*дын сүннөтү менен чын ыкластан жуурлушууда жатат. Ал эми Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтүнөн, руханиятынан пайдалануунун өлчөмү ага болгон сүйүүгө байланыштуу болот.

*Бул аалам – акылман үчүн Жараткандын чексиз кудурет көрнөгү болсо, наадан үчүн жеп-ичүүдөн жана оюн-күлкүдөн гана турат.*

## 4. АРУУ ЖАН ДҮЙНӨ МЕНЕН ААЛАМГА НАЗАР САЛУУ

Жүрөк арууланууу жолунда илгерилеп, белгилүү тасаввуфтук руханий тарбия менен бирге Жараткан Кудуреттин ыраакымы менен бышып жетилип, баралына келген кезде адам баласы турган турпаты жагынан адам бойдон калса да, руханий жактан периштелердин даражасынан да жогорку даражаларга жете алат. Бул даражага

жеткендерден айрымдары асмандагы сансыз жылдыздардан бири сыяктуу болсо да, сырткы чөйрөгө карата жашыруун жашашат. Мындайлар билинбейт.

Ал эми кээ бирлери айрым бир коомдук милдеттеринен улам белгилүү чөйрөдө таанымал болушат. Алар өз доорунда келечекке карай кадам шилтеген адал жолдун жандуу үлгүсү катары адамзат жашоосундагы милдеттерин аткаруу аркылуу Жаратکандын чексиз ыраакымынан өз насиптерин алышат. Окуялардын артында жаткан себептердин өзөк максатын жакындан туура түшүнүшөт. Ошондуктан алар хикматты туура түшүнүүнүн ырахатын, бейпилдигин турган турпаты менен да, жан дүйнөсү менен да сезип-туюп жашашат.

Алар үчүн эч нерсе жөнсүз, дайынсыз жүзөгө ашпайт. «Жараткан Алла үчүн жаратылган жандуу-жансызды жылуу кабылда!» деген эреженин алкагында учу-кыйыры көзгө илешпес ааламдагы Жараткан Кудуреттин чексиз чеберчилигин аң-сезими, жүрөгү менен туюп, Алла Таалага болгон аруу сүйүүлөрү барган сайын көөдөнгө сыйбай ашып-ташат.

Жараткан Кудуреттин чексиз чеберчилиги катары уясынан кылайып чыгып келе жаткан Күн нуруна, айлана-чөйрөнүн Күн батып бараткандагы ажайып көрүнүшүнө назар салып Жараткан Алланы даңкташат. Алар алтургай көпчүлүк корккон жыланга дагы ушундай назар салгандыктан, анын терисинин көркөмдүгүнө, буту болбосо да, ылдам соймоңдоп жүрүшүнө жана анын сүрдүүлүгүнө карек оодарышат.

Алланын сүйүктүү пенделери жандуу-жансызга боорукер сезим менен мамиле жасашкандыктан жырткыч жаныбарлар дагы аларга кол салбайт. Себеби сүйүүнүн, боорукер сезимдин күчү маңдайындагыны багындыруу жаатында радиация сыяктуу таасирлүү рол ойнойт.

Алар катардагы адамдардын ааламдагы ажайып чеберчиликке кадыресе нерсе катары назар салгандай, назар салышпайт. Көпчүлүк учурда катардагы адам тигил же бул сүрөтчүнүн жаратылышка карек оодарып тарткан сүрөтүнө суктанып назар салса да, негедир ошол жаратылыштын Жаратуучусунун чеберчилигине, айлана-чөйрөгө, андагы ар түрдүү бак-дарактарга, өсүмдүк-гүлдөр дүйнөсүнө, сан миң канаттуу-жаныбарларга анчейин деле маани бербей келет. Мунун баарын жөнөкөй нерсе катары кабылдайт. Ал эми Жаратکандын сүйүктүү пенделери болсо, ошол сүрөттү келиштире, майын чыгара тарткан сүрөтчүгө ушундай жөндөм-шыкты ыроологон чыныгы Кудуреттин чексиз чеберчилигинин алдында сөзгө сыйбас суктануу менен Жараткан Кудуретке болгон эң жогорку сүйүүлөрүн ыроолошот. Алар ошол чексиз чеберчиликтин ырахатына батышат. Бир эле жерде өнүп-өссө да, өсүмдүктөрдүн түркүн түстүү жалбырактарына, ачкан гүлдөрүнө жана алардын айрымдарынын кубулуп турушуна, бак-дарактардын өң-түсү, жыты, даамы жана көлөм-келбети жагынан ар түрдүүчө болгон мөмөлөрүнө, эки апталык өмүрү болсо да, көпөлөктүн канатындагы адамдын көз жоосун алган көркүнө, адам баласынын турган турпатындагы укмуштуудай ажайып чеберчиликке карек оодарып, көздүн көрүшү, мээнин иштеши, жүрөктүн согушу сыяктуу чексиз кудуреттин көрнөгүнөн өздөрүнө жараша руханий насип алышат.

Мындай адамдар үчүн бүтүндөй аалам окууга даяр өзүнчө китепке айланат. Алар бул учурда китеп бетиндеги илимден өтүп, көкүрөктөгү илимге жеткен болушат. Учурунда Селчук медресесинин китепканасын аңтарып окуп, өзүнчө мугалимдик кызматты аркалап жүргөн кезинде жан дүйнөсү Жаратканга болгон сүйүүгө толо Шамс аттуу бир пенденин жетеги менен улуу сүйүүнүн[72] жалынына күйүп-жана баштаган Мавляна сыяктуу. Мавляна ошентип ошол улуу сүйүүнүн ааламына жаңыдан гана көз ачып, чыныгы илимдин кагаз

бетиндеги маанисинен өтүп, анын өзөк маанимаңызын жан дили менен аңдап-туйуу аркылуу ааламдын купуя сырларын окуй баштаган. Мына ошондон кийин гана ал адамдагы, ааламдагы жана Курандагы купуя сырларга карата баяндалган, кылымдарды карытып келе жаткан жана Ислам дүйнөсүндө өзгөчө орду бар «Маснави» аттуу эмгегин жазган.

Мындайабалгажетүүмомун-мусулманадамдын көкүрөгүндөгү улуу сүйүүгө, шык-жөндөмүнө жана аракетине түздөн-түз байланыштуу.

Бул даражага жеткен мусулман адамдын жан дүйнөсү Жараткан Алланын назары түшчү жай болуу өңүтүнөн өзгөчө берекекутка тунган болот. Мавляна олуя бул багытта:

«Каабаны Азар уулу Ибрахим салган. Жан дүйнө бул Улуу Жараткан Алланын назары түшчү жай» дейт.

Суфийлердин китептеринде жан дүйнө менен Кааба көп салыштырылат. Мунун себеби адам баласынын жүрөгү менен жер бетиндеги Каабанын руханий маани-маңызы жагынан окшоштугунда жатат. Чынында эле экөө тең руханий өңүттөн Жаратkандын назары түшчү жай болуп эсептелет.

Жан дүйнөсү Жаратkандын назары түшчү жайга айлангандар жөнүндө Ибн Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* айткан мынабул сөзү өзгөчө мааниге ээ:

«Сенин кадырың кандай гана жогору, эй, Кааба! Бирок чыныгы мусулмандын Алланын алдындагы кадыры сенден да жогору!» (Тирмизий, Бирр, 85)

Жүрөк – бул ыйман уялачу жай. Чыныгы мусулмандын аруу жан дүйнөсү Каабадан жогору тураары Ибн Умардын сөзүнөн да ачык-айкын байкалууда.

Мавляна олуя Ибн Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* сөзүн тастыктаган таризде мындай деген:

«Эгер кыраакы болсоң, жан дүйнөдөн салынган Каабаны таваф кыл! Топурактан тургузулган төрт бурчтуу Каабанын ак мааниси бул жан дүйнө!»

«Улуу Жараткан Кудай Таала сага көзгө көрүнгөн Каабаны таваф кылууну, күнөөдөн арылып аруу жан дүйнөгө ээ болууң үчүн милдет кылган»

«Алла Тааланын назары түшчү жүрөктү оорутуп, сыздатсаң, Каабага жөө барып тапкан сооторуң менен да ошол жүрөктү өйүтүп ооруткандын күнөөсүн жаба албашыңды эсиңе түйүп ал!»

Абдулкадир Гайланий олуя мындай улуу жетишкендиктин шарты тууралуу:

«Жан дүйнө ар түрлүү рухий ыпластыктардан арылуу аркылуу «марифатуллах»тын жолоочусуна айлангандар үчүн Кааба болот» дейт.

Бул багытта Исмаил Хаккы Бурсавий мындай дейт:

«Жүрөккө кирген (жүрөктөн түнөк тапкан) адам Каабага кирген адамдан жогору турат. Ошондуктан Алланын сүйүктүү пенделерине, такыбааларга «Бизди да көңүлүңүздөн чыгарбаңыз» дешет»

Имам Раббаний олуя адам баласын өзүнчө «аалам»га салыштырып:

«Адам – бул ааламдын кичирейтилген турпаты. Ааламдагы бүт нерсенин үлгүсү адамда да бар!» дейт.

Бул маселеде да жогоруда бир канча ирет белгиленгендей, адамдын «жакшы» жана «жаман» шык-жөндөмүнө ишарат бар. Ислам дининин буйруктарынын жана буларга кошумча тасаввуфтук эрежелердин максаты терс өңүттүү жөндөмдөрдү мүмкүнчүлүктүн жетишинче таасирсиз абалга алып келип, адамдын адамдык бейнесине асыл сапаттардын үстөмдүгүн жүргүзүүгө багытталат. Ал үчүн ар бир мүчөнү Жараткан Алланын адал жолунун алкагында колдонуу зарылчылыгы талап кылынат. Албетте, бул жаатта жүрөк

менен байланышы бар иш-амалдар өзгөчө мааниге ээ. Себеби сезим-туюмдун борбору болуп эсептелген жүрөк ой-жүгүртүүгө, ой-жүгүртүү эркке багыт берет. Демек, эрк менен жасалган бардык иштердин эң негизги фактору – бул жүрөк. Бул жерде сезимтуюмдар тамыр байлайт. Жүрөк эрктин алдында эң ээн-эркин мүчө. Аны Жараткандын адал жолуна бекем отургузуу калган бардык мүчөлөрдөн алдаканча оор, бирок ошого жараша маанилүү. Жогоруда маалымдалгандай, оорулуу жүрөктөргө сунушталган дарылануу жолдорунун машакаттары муну тастыктоо үчүн жетиштүү. Ошону менен бирге ар бир нерсенин жогорулугу, артыкчылыгы ага жетүү жолунда кездешкен машакаттардын даражасына жараша болгондуктан, жүрөктү ийге келтирип, Жараткандын адал жолунда башкара билүүнүн да Алланын алдында өзгөчө мааниси бар. Бул жаатта ийгиликке жеткендерге Жаратkан Алланын периштелердин даражасын, кээ бир учурда алардан да жогору даражаларды ыроолошу дал ушул маселеге байланыштуу.

Жүрөк жана анын руханий турпатынын ысмын алган жан дүйнө адам баласынын түбөлүк бакытка жетишинде ушундай өзгөчө маанилүү болгондуктан аны оорутуу (бирөөнүн көңүлүн түшүрүү, жүрөгүн оорутуу, шагын сындыруу) тасаввуф аалымдары тарабынан оор күнөө катары кабылданган. Мавляна олуя бул багытта:

«Сен ийненин көзүнчөлүк да маани бербей жүргөн ошол кор жан дүйнө Арштан да жогору, Курсийден да, Лавхтан да, Калемден да!.. Кор болсо да, аны төмөн көрбө! Ал ошол корлугу менен да жогору! Кор жан дүйнө да Алла Таала назар салчу жай. Анын көңүлүн көтөргөн адам кандай гана бактылуу! Шагы сынган жүрөктү калыбына келтирүү Алла Тааланын алдында бир катар жакшылык иштерден алдаканча жогору турат... Үнүңдү чыгарба! Ар бир түйүндө эки жүздөн тилиң болсо да, жан дүйнөнү толук түшүндүрө албайсың» дейт.

Адамдын дене турпатында Жараткандын береке-куту тунчу жер катары «жүрөк» тандалган. Жогоруда башка өңүттөн каралгандай, ыймандын эң негизги шарты катары «жүрөк менен тастыктоо» зарылчылыгы талап кылынат. Ошондой эле Куран аяттарында вахийди (Жараткандын кабарын) мээ эмес, жүрөк кабыл алаары маалымдалган. Бул жаатта Шуараа сүрөсүндө:

نَزَلَ بِهِ الرُّوحُ الْأَمِينُ عَلَى قَلْبِكَ لِتَكُونَ مِنَ الْمُنْذِرِينَ

بِلِسَانٍ عَرَبِيٍّ مُبِينٍ

«(Эис, Элчим!) Аны (Куранды) ишенимдүү Рух (Жабраил периште) алып түштү. (Алла Таала) эскертүүчүлөрдөн болушуң үчүн (Куранды) ачык-аис кын араб тилинде жүрөгүңө жаис гаштырды» (Шуараа сүрөсү, 193-195-аяттар) деп буюрулат.

Руханиис тарбиянын алкагында илгерилөө да аракетке жана Жараткан Алланын жардамына, ыраакымына жараша болот. Ырас, адам баласынын аракеттери, жакшылык иштери, ибадаттары руханиис паис дубал болуу менен бирге Жараткан Кудуреттин ыраакымына өзүнчө себеп болуп эсептелет. Бул өңүттөн пенде бул жолго түшкөн кезде Жараткан Алланын ыраакымына, жардамына үмүт баис лашы керек. Себеби Анын ыраакымы кандаис болгон күндө да, сөзсүз түрдө тиет.

Илгеркилер «Бир нерсе толук багындырылбаса да, (ошол нерсеге жетүү үчүн) багындырылган жерден кетенчиктеп каис тпоо керек» дешээр эле. Анын сыңарындаис , руханиис тарбияда да колдон келген мүмкүнчүлүктү паис далануда жалкоолук кылбоо кажет. Тасаввуфта бир сөз бар:

«Устаттан багыт! Шакирттен аракет!» деген. Тагыраак аис тканда, устатынан жол көрсөтүшүн күткөн шакирт аз болсо да, аракетчил болушу керек. Ыраакымы чексиз Алла Тааланын руханиис  тарбия жаатында пендеден «Өзүн тааныган адам Жараткан Алланы да тааныис т» деген сөзгө ылаис ык, Чексиз Кудуреттин алдындагы алсыздыгын аңдап, чын ыкластан адал жолдо аракет кылышын гана күтөт. Ырас, бул напси менен кармашуу жолунда аракет пендеден, ийгилик Алла Тааладан гана болот. Арийне, Алла Таала кыяматта пендеден ыроологон жакшылыктарына, мүмкүнчүлүктөрүнө жараша гана сурак алат. Андыктан бул жерде эң негизги маселе ыроолонгон жакшылыкты адал жолдо пайдаланып-пайдалана албоодо жатат.

**Оо, Жараткан Алла! Өзүңдүн мөлтүр Куран булагыңан кандыра жуткуруп, сүйүктүү Элчиңдин куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашап, өмүр кечирүү аркылуу Өзүңдүн чексиз Ыраакымыңа бөлөнүшүбүздү насип буюра көр...**

**Оомийин..**

*Адам баласынын баралына келиши руханий эрежелердин алкагында чийки сапаттардан арылуу аркылуу бышып жетилишине жараша болот.*

## В. ТАСАВВУФТУК ТАРБИЯНЫН НЕГИЗГИ ТҮРКҮКТӨРҮ

Тасаввуф аалымдарынан Абдулхалик Гуждаваниис  олуя тарабынан такталган аис рым бир эрежелер бар. Аис рыкча Накшибандиис  жолунун усул-ыкмасында, тагыраак аис тканда, чиис ки сапаттардан арылып бышып жетилүүгө багытталган руханиис  тарбиясында бул эрежелерди сактоо өзгөчө мааниге ээ. Бул эрежелерди төмөнкүчө тизмелөөгө болот:

1.Хуш дер дем: Ар бир дем алуу учурунда, б.а., ар качан руханиис  жактан зирек абалда болуу.

2.Назар бер кадам: Буттун учун карап басуу. 3. Сафар дер ватан: Таштаган ар бир кадамда Алла

Таалага бет алуу.

4.Халвет дер анжуман: Эл арасында жүргөндө да, Жараткан Алла менен бирге болуу.

5.Йад керд: Жүрөктүн «заакир», б.а., Алла Тааланы ар качан даңазалаган абалга келиши

6.Баз гешт: Жалгыз Алла Тааланын ыраазылыгын гана көздөө

7.Нигах дашт: шайтандын жана напсинин түркүн түстүү азгырыктарынан сактануу

8.Йад дашт: Алла Тааланын алдында тургандыгын эч качан эстен чыгарбоо.

9.Вукуф-у заманий: Ар дайым өзүн-өзү суракка алуу жана убакытты туура пайдалануу

10.Вукуф-у ададий: Зикирдин санына кылдат мамиле жасоо 11. Вукуф-у калбий: Жүрөктүн ар качан зикир менен алек болушу, Алла Тааланы чын ыкластан зикир кылуу, даңазалоо. Бул эрежелерге кыскача токтоло кетсек:

**1. Хуш дер дем:** Ар бир дем алуу учурунда, б.а., ар качан руханий жактан зирек абалда болуу.

Мавляна Саададдин Кашгарий бул эреже жөнүндө:

«Бир демден экинчи демге өтүү учурунда дагы эч качан Алланы эстен чыгарбоо, ар дайым Алла Таала менен бирге болуу» дейт.

Ар бир демде зирек абалда болуу – бул зикир кылуу учурунда болсун, башка учурларда болсун, айтор, эч качан Алла Тааладан кайдыгер абалда болбоо (б.а., Аны эстен чыгарбоо) дегенди түшүндүрөт. Алынган ар бир демди кайдыгерликтен арылтуу жүрөккө бейпилдик, жан дүйнөгө жан азык тартуулайт. Ар бир демде жүрөктүн Алла Таала менен бирге болушу Аллага моюн сунуунун берекеси менен ар бир демди зирек кармоого байланыштуу. Адам баласынын жүрөгү, жан дүйнөсү Алла Таала менен бирге болуунун туруктуулугуна жана анын ырахатына жеткен кезде ал кадимкидей өзгөрүп, жакшылыкка гана бет алып калат.

**2. Назар бер кадам:** Буттун учун карап басуу. Тарикат жолундагы шакирт айлана-чөйрө менен ашкере алек болуп калбашы жана анча-мынча нерселерге чалынып кетпеши үчүн жолдо жүргөндө бутунун учун, алдын карап басышы керек. Себеби зарылчылыгынан ашыкча нерселер Алла Таала менен жан дүйнөнүн ортосуна көшөгө болуп, жан дүйнөнүн бейпилдигин бузат.

Бул эреже азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздан алынган эреже. Азирети Пайгамбарыбыз жолдо жүргөндө эки-жагына элеңдебей, негизинен бутунун учун, алдын карап, дөңдөн төмөн түшүп келаткандай, тез жана оор басырыктуу басаар эле.

Ырасында эле көз кайсы тарапка бурулса, көңүл да ошол жерге бурулат. Көз тасма сыяктуу эмнени тартып алса, жүрөк көпчүлүк учурда ошол нерселер менен алек болот. Бул нерселер жан дүйнөдө көпкө чейин пайдасынан зыяны көп болуп сакталып турат. Дал ушул себептен улам жан дүйнөнүн ар түрдүү башаламандыктардан алыс болушу ал жердеги нерселердин таризине жараша болот.

Шакирттин жан дүйнөсү пайдасыз нерселерге кез келгенде ар түрлүү азгырык-шыбыштардын үнү чыга баштайт. Эгер ал кайдыгер адамдар менен баарлашып отурса, руханий өңүттөн алардын кирлери, терс сапаттарынан, туура эмес пикирлеринен бир аз болсо да, ага жукпай койбойт.

Ошондуктан шакирт такыбаалыктын адебине ылайык мүмкүнчүлүгүнө жараша алдын карап басып, күнүмдүк турмушта көзүн пайдасыз нерселерден сактап жүрүүгө көнүгүшү керек. Буттун учун карап басуу – бул адеп, кичи пейилдик, өзүнүн чегин билүү, көздү арам нерселерден сактоо жана азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтүн кармануу, дегенди туюнтат.

**3. Сафар дер ватан:** Таштаган ар бир кадамда Алла Таалага бет алуу. Шакирттин ар түрлүү терс сапаттардан, күнөө иштердин кесепетинен арылып, адамдык асыл сапаттар менен аруу сезимдердин жетегинде адал жолдо жүрүшү. Шакирт эч качан руханий жактан жеткен даражасы менен чектелбей, андан да жогорку даражаларга жетүүгө жанүрөшү керек.

Абу Осман ал-Магрибий:

«Шакирт ар түрлүү арзуу-каалоолорунан баш тартып, Алла Таалага ибадат кылып, өзүнүн озуйпасын аткарышы керек. «Сафар дер ватан» бул чоочун жерден өзүнүн туулуп-өскөн мекенине кайтуу дегенди эмес, адам баласынын руханий өңүттөн Алла Таалага карай бет алышы, дегенди түшүндүрөт» дейт.

Бул эреже менен шакирт «Мен Жараткан Эгеме баратам» (Саффат сүрөсү, 99-аят) деген Ибрахим *(алейхиссалам)* сыяктуу ар бир таштаган кадамы менен Алла Таалага карай бараткан аң-сезимге жетет.

**4. Халвет дер анжуман:** Эл арасында жүргөндө да, Жараткан Алла менен бирге болуу, деген аң-сезимди жандуу сактоо. Тагыраак айтканда, шакирт күнүмдүк турмушта эл менен мамиле курганда да, руханий жактан Алла Таала менен бирге болуу, Аны эстен чыгарбоо даражасына жетиши керек. Бул даражага жеткен адам айлана-чөйрөдөн эч кимге билдирбестен Жараткан Алла менен бирге болууга да, күнүмдүк оокатын бүтүрүп, үй-бүлөсүн багууга да жетишкен болот. Бул багытта «Кол кирешеде, көңүл Жаратканда!» деген олуялардын сөзү калган экен.

Жараткан Алла Таала бул даражага жеткен пенделери жөнүндө Куран аяттарынын биринде:

رِجَالٌ لاَ تُلْهِيهِمْ تِجَارَةٌ وَلَا بَيْعٌ عَنْ ذِكْرِ اللّٰهِ وَإِقَامِ الصَّلَاةِ
وَإِيتَاءِ الزَّكَاةِ يَخَافُونَ يَوْمًا تَتَقَلَّبُ فِيهِ الْقُلُوبُ وَالْأَبْصَارُ

**«Алла Тааланы зикир кылып даңазалоодон, намазды окуудан, зекет берүүдөн соода-сатык да тосо албаиА турган адамдар бар. Алар көздү алаиАтып, жүрөктүн үшүн ала турган күндөн (кыямат күнүнөн) коркушат»** (Нур сүрөсү, 37-аят) деис т.

Накшибандиис  тарикатында сукбат (дилмаек) жана эл менен камыр-жумур мамиледе болуу негизги эрежелерден болуп эсептелет. Ошондуктан ээн, эч ким жок жерде Алла Таала менен бирге болууга караганда, эл арасында руханиис  жактан Алла Таала менен бирге болуу сообу, берекеси жагынан алдаканча жогору турат.

**5. ИАад керд:** Жүрөктүн «заакир», б.а., Алла Тааланы ар качан даңазалаган абалга келиши. Четке кагып тастыктоо жолу менен, б.а. «Лаа илааха иллаллах» (Жалгыз Алла Тааладан башка бир да кудаис  жок!) деген келме менен жүрөктүн төрүнөн орун алып, өзүнчө «кудаис »га аис ланган нерсенин баары (баис лык, биис лик, ж.б.) тазалангандан киис ин жалгыз максат Жараткан Аллага гана багытталып, жүрөктүн төрүнө Жалгыз Алланын Өзүнө гана бапестелген улуу сүис үү уялаган болот.

Зикирдин алоолонуп күис үп-жанган жалыны жүрөктөн бүт денеге тараган кезде адам баласынын көкүрөгүнө ширелген аруу сезимдери оис гонуп, кыис мыл-аракетке таасир бере турган күчкө аис ланат. Ырас, зикири да, пикири да Алла Таала менен болгон адамдын мээримдүүлүк, боорукерлик, сабырдуулук, кечиримдүүлүк сыяктуу асыл сапаттардан насипсиз калышы мүмкүн эмес. Мына ушунун баары руханиис  жактан бышып жетилүүнүн, «адам» деген атка татыктуу адам болуунун милдеттүү шарттарынан болуп эсептелет. Ошондуктан жүрөктү туруктуу зикир абалына алып келүү тасаввуфтун эң маанилүү принциптерине кирет.

**6. Баз гешт:** Жалгыз Алла Тааланын ыраазылыгын гана көздөө. Бул эреже «Лаа илааха иллаллах» зикиринин акырында اِلٰهِي اَنْتَ مَقْصُودِي وَرِضَاكَ مَطْلُوبِي «Илаахии, анта максуудии ва ридоока матлуубии», б.а., «Оо, Жараткан Алла! Максатым жалгыз Өзүңсүң! Каалоо-тилегим Жалгыз Өзүңдүн ыраазычылыгың гана!» деген зикирдин маанисин терең түшүнүүгө багытталат. Ошондоис  эле бул эреже келмени тастыктап, тавхид ишеними (Жараткан Алланын жалгыздыгын жар салган ишеним) жүрөктөн толук кандуу түрдө тамыр баис лап, баис ыр алышын көздөис т.

Ошентип, Алла Таала менен жүрөктүн ортосуна тартылган бардык көшөгөлөр алынып, руханиис  беис пилдик жаралат. Ошону менен бирге зикир сыяктуу руханиис

көнүгүү менен көптөгөн рухиис  даражаларды багындыруу аркылуу жогору болуу, адамдарды төмөн сезүү, элге керемет көрсөтүү сыяктуу азгырык-шыбыштарды толугу менен четке кагып, негизги максат Жараткан Алланын ыраазылыгына гана багытталгандыгы көкүрөккө дагы бир жолу оис улуп жазылат.

Мына ушундаис  зикирдин маани-маңызы аң-сезим менен жуурулушуп туруктуу абалга келген кезде бул дүис нөнүн утурумдук азгырыктары көңүлдөн чыгып, бүт нерседен Жаратkандын чексиз кудурет чеберчилиги жакындан аңдала баштаис т.

**7. Нигах дашт:** шаис тандын жана напсинин түркүн түстүү азгырыктарынан сактануу. Бул көздү паис дасыз нерселерди кароодон, акылды жаман оис лордон сактоо жана жүрөктү даис ыма теске салып Жаратkандан башка нерселердин ал жерге баис ыр алышына тоскоол болуу дегенди түшүндүрөт.

Тасаввуфтун максаттарынан бири – бул жүрөктү напсинин азгырыктарынан жана бузуку пикирлерден коргоо болуп эсептелет. Бул оңоис -олтоң иш эмес. Андыктан жүрөгүн напсинин жана шаис тандын ар түрлүү шыбыштарынан коргоп сактаис  алган пенде тасаввуфтун чыныгы жемишинен даам сызган болот.

**8. ИАад дашт:** Пенде Алла Тааланын алдында тургандыгын ар даис ым эсинде кармап, ошого жараша кадам шилтеши. Бул «ихсан» жана «мураакаба» деп да айтылат.

Аяттардын биринде Алла Таала:

«Ант болсун! Адамды Биз жараттык. Ага напсисинин шыбыраганын да билебиз. Биз ага күрөө тамырынан дагы жакынбыз!» (Кааф сүрөсү, 16-аят) дейт.

Ошондуктан «ихсан» сезимин, б.а., Жараткан Алланын ар качан жана ар жерде көрүп тургандыгын эч качан эстен чыгарбоо кажет. Чынында эле, бул сезим күнөөлөргө карата өзүнчө соот кийим сыяктуу. Жараткан Кудуреттин көзөмөлүндө тургандыгы эсинде турган адамдын күнөө ишке барышы өтө оор, мүмкүн эмес.

**9. Вукуф-у заманий:** Ар дайым өзүн-өзү суракка алуу жана убакытты туура пайдалануу. Шакирт ар бир демдин кадырын билип, пайдасыз нерселерден баш тартып, убактысын эң пайдалуу нерселер менен өткөрүшү керек. Убактысын канчалык деңгээлде туура пайдаланып-пайдаланбагандыгы тууралуу өзүнөн дайыма сурак алып турушу кажет.

Вукуф-у заманий – бул шакирттин ар дайым өз абалынан кабардар болуп турушу, дегенди түшүндүрөт. Андыктан ал күн сайын кечинде жасаган иш-амалдарынын ар бирине мүнөздөмө берип, жакшы амалдары болсо, аларды жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк түзүп берген Алла Таалага шүгүр келтирип, дагы да илгерилөө үчүн жанүрөшү керек. Ал эми каталары үчүн Алла Тааладан кечирим тилеп тооба кылып, Жалгыз Алланын Өзүнө баш калкалашы керек. Өмүрдүн баа жеткис ар бир көз ирмемин Жараткан Алланын өзгөчө белеги катары билип, аны бар күчү менен чын ыкластан жандуу өткөзүүгө аракет кылышы гана кажет.

Ошентип ар дайым кайдыгерликтен оолак болууга умтулган пенде келечектеги түбөлүк бактысы үчүн кам көрүүнүн үстүндө гана иштеп калат.

**10. Вукуф-у ададий:** Зикирдин санына кылдат мамиле жасоо. Муршиду камилдер (устаттар) шакирттин руханий абалына жараша белгилүү өлчөмдө ар кандай зикир тапшырмаларын беришет.[73]

Себеби зикирден үмүт кылынган натыйжаны алуу үчүн анын да өзүнө тиешелүү белгилүү өлчөмү бар. Ошондуктан шакирт зикир учурунда ой-пикиринин бөлүнүп, көңүлүнүн Алла Тааладан башка нерселер менен алек болбошу үчүн муршид-устат айткан зикирдин санына кылдат мамиле жасашы кажет. Канчалыгы менен эң ириде зикирдин

абалы чын ыклас менен маанилүү болсо да, зикирдин саны, белгилүү чеги, өлчөмү болбосо, кээ бир учурларда аң-сезимдик жана руханий бейпилсиздикке дуушар болуу ыктымалы да бар. Бул жагдай ар бир иште болгондой эле, зикирде дагы ашкereliктин табигый талабы. Андыктан ар бир шакирт зикирди устаты белгилеп берген өлчөмдө чын ыклас менен толук аткарууга аракет кылышы керек. Зикирдин санына кылдат мамиле жасоонун максаты руханий жактан зикирди жогорулатууга багытталат. Бул эреже зикирдин абалынын төмөндөшүнө (б.а., зикирдин чын ыкластан жан дил менен айтылышына) тоскоол болбойт. Тескерисинче, ал ага арка-жөлөк болуп, зикирдин дагы да жогорку деңгээлде чын ыклас менен айтылышынын өзүнчө шарты болуп саналат.

Ырасында эле, мээ миң түркүн пикирлердин, ал эми жүрөк напсинин түркүн түстүү азгырыктарынын кучагында турган чакта зикирдин санын эске тутуп калуу өтө оор. Ошондуктан акылкөрөңгөнү ар түрлүү пайда-батасыз ойлордон коргоп, зикир кылуу учурунда көңүлдү анын маанисине буруу менен бирге зикирдин санын да улам эске тутуп туруу бул эрежеге болгон олуттуу мамиленин далили, десек болот.

**11. Вукуф-у калбий:** Жүрөктүн ар качан зикир менен алек болушу, Алла Тааланы тил менен да, дил менен да чын ыкластан зикир кылуу, даңазалоо. Бул «ихсан» сезиминин туруктуу аң-сезимге айланышы дегенди түшүндүрөт. Бул учурда шакирт ар дайым жүрөгүнө назар салуу менен аны суракка алып турат. Анткени зикирдин негизги талабы – бул жүрөктүн зикир кылынган Заттан (б.а., Алла Таааладан) кабардар болушу. Зикир – бул тилдин учунан гана айтылган супсак сөз эмес. Ошондуктан ким болбосун, зикир кылуу учурунда Алла Тааланы даңазалап жаткандыгын жан дили менен сезип туйушу керек, көңүлүн Жараткан Аллага гана бурууга аракет кылышы керек. Алланын сүйүктүү пенделери «вукуф-у калбий»ди зикирдин өзгөчө шарты катары кабылдашкан. Андыктан зикирдин чыныгы даамын татуу үчүн адам баласы турган турпатын, жүрөгүн Алла Таалага бурушу кажет.

Алла Таала Куранда:

وَاذْكُرِ اسْمَ رَبِّكَ وَتَبَتَّلْ إِلَيْهِ تَبْتِيلًا

**«Жараткан Эгеңдин ысмын зикир кылып, даңазала! Ага турган турпатың менен бет ал!»** (Муззаммил сүрөсү, 8-аят) дейт.

*Жан дүйнөнү белгилүү бир тартипке салууга себепкер болгондор – булар напсинин ар түрлүү рухий ыпластыктарынан арылган Алланын сүйүктүү такыбаа пенделери болуп эсептелет.*

## Г. МУРШИД-У КААМИЛ ЖАНА РУХАНИЙ ТАРБИЯНЫН УСУЛДАРЫ

### 1.Муршид-у каамил

Руханият жолунда илгерилеген момун-мусулман пенде руханий өңүттөн ар түрлүү көрүнүштөргө кез келет. Себеби адам баласынын жан дүйнөсү өзүнчө мухит, океан сыяктуу. Бул океан кээде тынч, кээде кирген буурадай албууттанган абалда болот. Ошондуктан океандан аманэсен өтүп, жээкке жетүү үчүн кеменин сапаттуулугу менен

бирге тажрыйбалуу жолбашчы милдеттүү түрдө талап кылынат. Эгер жолбашчы кемесин биринин аркасынан бири буралып түшкөн албууттанган толкундардын жетегине алдырып жиберсе, көк ирим тарткан океан аны оп тартып кетээри бышык. Сапарга жаңы чыккандар негизинен мындай бороон-чапкындарга кез келишпейт. Ал эми бул океандын кучагында илгерилеген сайын Жараткан Алла тарабынан болгон-болбогондугу белгисиз ачылыштар, ар адамда ар башкача айрым бир руханий абалдар («инкибаз», «инбисат»[74] делген ж.б.у.с., абалдар) байкала баштайт. Мына ушуларды тактап, ошого жараша чара көрүү үчүн тажрыйбалуу, «каамил» б.а., руханий жактан баралына келген муршиддин (устаттын) жетегине зарылчылык күч. Андыктан бул мыйзам ченемдүү талап.

Ар бир момун-мусулман пенде бул сапарда көздөгөн максатына жетүү үчүн өзүн-өзү көзөмөлгө алып, теске салышы керек. Бул дүйнөгө адам баласы үчүн теңдешсиз үлгүлүү инсан катары келген акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханий жашоосунан күчүнүн жетишинче насип алууга, аны менен жуурулуша жашоого умтулушу кажет. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын Жараткан Кудуретке болгон моюн сунуучулугунан, жашоонун өйдө-ылдыйында ар түрлүү машакаттарга карата көрсөткөн сабырдуулугунан, шүгүрчүлүгүнөн, дүйнөлүк байлык-бийликке карата жасаган мамилесинен, топуктуулугунан, каниеттүүлүгүнөн, кичи пейилдүүлүгүнөн, Жаратканды эч качан эстен чыгарбаган асыл касиетинен мүмкүнчүлүгүнө жараша үлгү алууга жанүрөшү керек. Жан дүйнөнү көркүнө чыгаруунун жолундагы ашууларды ашуу үчүн пайгамбарлардын мураскорлору болуп эсептелген чыныгы аалымдардын, аарифтердин жана муршид-у каамилдердин жетегине кайрылып, алардын берген кеңештерин чын ыкластан жүзөгө ашырууга аракет кылуу зарыл. Шакирт Алла Тааланын сүйүктүү пенделеринин жанында жүргөндүгүн жана алардын тарбиясын көргөндүгүн Жаратkandын өзүнчө белеги катары кабылдашы абзел. Себеби нурун күндөн алган толгон Ай Күндүн бар болгондугун тастыктаган кандай далил болсо, дал ошондой эле Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын руханияты менен нурланып жуурулушкан пенделер да акыркы Пайгамбардын өзүнчө далили жана мураскорлору болуп эсептелет.

Тасаввуфтун негизги максаттарынан бири – бул адам баласынын көкүрөгүнө ширелген руханий шык-жөндөмдү жандандыруу.

Адам баласынын жан дүйнөсү алдында мунайзаты бар өзүнчө жер сыяктуу. Мунайзат казылып алынмайын, өз алдынча эч качан сыртка чыкпайт. Мына ошол көкүрөктүн түбүндөгү «мунайзат» адам баласына Жараткан Алла Таала тарабынан ыроолонгон руханий шык болуп эсептелет. Бул шык «акыл-эс» сыяктуу ар адамга ар башкача өлчөмдө берилген.

Бул шыкты жаткан жеринен алып чыгуу менен жан дүйнөнү көркүнө чыгарууга себеп боло турган адам – бул, муршид-у каамил. Мунайзатты алып чыгуу үчүн атайын тереңдикти аныктоочу «зондаж» делген шайман мунайзат жаткан жерге чейин жетиши керек. Зондаждын орто жолдон чоң таштарга кез келип талкаланбашы үчүн сапаттуу болушу кажет. Анын сыңарындай, руханий тарбиясы алына турган муршид да тажрыйбалуу жана ишенимдүү болушу өзгөчө мааниге ээ. Мунун да өзүнө тиешелүү шарттары бар.

Чыныгы муршид-у каамилди негизинен мынабул үч сапаты менен таанууга болот:

**Биринчи сапаты:**

Ыйык Курандын жана сүннөттүн негизинде жашоо. Руханий жактан бышып жетилген муршиддин жүрүм-туруму, жасаган иши, сүйлөгөн сөзү, айтор, өмүр-жашоосу

Ыйык Куран жана куттуу сүннөт менен жуурулушуп турушу кажет. Муршид-у каамилдин Куранга жана сүннөткө болгон мамилеси катардагы мусулмандын мамилесине салыштырмалуу алдаканча жогору болот. Ошондуктан муршид-у каамилдер да «варасатул-анбия» (пайгамбарлардын мураскору) деп айтылат.

**Экинчи сапаты:**

Сүйлөгөн сөзү, жүргөн-турганы, жүзү менен Алла Тааланы эске салышы. Алла Тааланын олуя пенделери Жараткан Алланын ысым-сыпаттарынан үлгү алып, Ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашагандыктан дайыма Алла Тааланы эске түшүрөт.

Бул багытта кутман сахабалар Пайгамбарыбыздан:

- Алла Тааланын олуя пенделери кимдер? – деп сураганда Пайгамбарыбыз:

الَّذِينَ اِذَا رُئُوا ذُكِرَ اللّٰهُ عَزَّ وَجَلَّ

- *(Алла Тааланын олуя пенделери) – булар жүзүнө караган адамга Алла Тааланы эстеткен пенеделер* деп жооп берген (Хаис самиис , Мажмауз-Заваид, 10, 78; Ибн Маажа, Зухд, 4).

Андыктан муршид-у каамилдин жүзү дагы маңдаис ындагы адамга беис пилдик тартуулап, Алла Тааланы жана акыретти эске салышы керек. Себеби алар Алла Элчисинин *(саллаллаху алеис хи васаллам)* кулк-мүнөзү, адеп-ахлагы, адамдык асыл сапаттары менен жуурулуша жашаган адамдар.

«Ар-Рахман» жана «ар-Рахим» ысымдары Жараткан Алланын эң белгилүү ысымдарынан болуп эсептелет. Бул ысымдардан насип ала алган Алланын олуя пенделери да күч-кудуретинин чегине жараша мээримдүү болушат. Алла Таала -«ал-Карим» (Жоомарт, Айкөл). Олуя пенделер да жоомарт, меймандос, элге колунан келген белегин тартуулоодон ырахат алышат. Алла Таала – «ал-Гофуур» (Кечиримдүү). Алар да өздөрүнө карата жасалган ката иштерди кечиришет. Алла Таала – «ал-Халим». Алланын олуя пенделери да сылык-сыпаа болушат.

Руханий жактан баралына келген (каамил) муршиддер – Алла Тааланын сүйүктүү пенделери. Алар катардагы адамдардан көп жагынан айырмаланып турушат. Жан дүйнөсү менен Аллага жакын болушат. Ибадаттарына олуттуу мамиле жасап, чын ыкластан аткарышат. Таштаган ар бир кадамына кылдат мамиле жасашат. Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтү менен камыр-жумур жуурулуша жашагандыктан алардын дубалары башка адамдардын дубаларына салыштырмалуу алдаканча тез кабылданат. Алар дене турпаты менен дагы Алла Тааланы зикир кылып даңазалаган абалга келгендиктен жүргөн жерлеринде кандайдыр бир бейпилдик тартуулашат.

Чыныгы момун-мусулман пенде күнөөнүн сазына белчеден баткан адам менен мамиле куруудан руханий жактан белгилүү өлчөмдө терс таасир алат. Ал эми такыбаа пенде менен бирге болуу ага бейпилдик тартуулайт. Ал эми мусулман баласы үчүн азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз менен бирге болуу (анын сүннөтү менен жуурулуша жашоо) сөзгө чак келбес бейпилдик тартуулаары бышык. Алланын ошол эң сүйүктүү Пайгамбарынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханиятына чөмүлүү бактысын, андагы ырахатты сөз менен түшүндүрүү эч мүмкүн эмес. Мына ошол баралына келген муршиддер да Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* изинен чыкпай жүрүшкөндүгү, сүннөт менен жуурулуша алышкандыгы, анын адамдык асыл сапаттарынан күчтөрүнүн жетишинче насип алышкандыгы үчүн өзгү Алла Элчисине такалган руханий береке-кут алып жүрүшөт.

**Үчүнчү сапаты**

Руханий кызматка дайындалгандыгынын аныктыгы. Бир пендени «муршид» (руханий жетекчи) катары дайындоо үчүн тигил же бул жамааттын чогулушу жетиштүү эмес. Бул милдет Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* чейин созулган «сахих силсила»дан (б.а., анык ишенимдүү курамдан) ижазат (уруксат) алган муршид-у каамилдин катышуусу менен өткөн жыйында ошол муршид тарабынан дайындалган адамга берилет. Андыктан мына ушундай муршиду каамилсиз өткөн жыйында дайындалган адам менен «сахих силсила» үзүлүп (анык, чыныгы курам бузулуп), ал адамдын «муршиддиги» жараксыз болуп эсептелет. Ошондуктан кээ бир муршид-у каамилдер «муршиддик» милдетке ылайыктуу адам таба албаса, өздөрүнө орун басар катары эч кимди таштай алышпайт. Алар кээде бир адамды, кээде –Халид-и Багдадий олуя сыяктууөзүнчө бир жамаатты «муршид» катары калтырып кетишет. Мунун сыры Жараткан Аллага гана маалым!

Сөздүн кыскасы, жан дүйнөнүн баралына келиши, рухий дөөлөттөрдү кабыл ала тургандай абалга келиши руханий тарбияга байланыштуу. Ал үчүн руханий жактан бышып жетилүүнүн жолун билүү жана аны басып өтүү зарылчылыгы талап кылынат. Бул жолдогу ашуулардан аман-эсен ашып өтүү үчүн олуя пенделердин жетегине өзүнөн-өзү муктаждык жаралат. Андыктан руханий жактан баралына келүүнү каалаган ар бир мусулман пенде өзүнө жол көрсөтө турган «муршид» издеши керек. Бул жерде эскерте кетчү жагдай, руханий жетегине кире турган муршидден да «чыныгы муршиддиктин» белгилерин байкоо зарыл.

***

**Маанилүү эскертүүлөр:**

Жогоруда да маалымдалгандай, муршид-у каамилдер Алла Тааланын сүйүктүү тандамал пенделери болгондуктан аларга карата адеп сактап, сый мамиледе болуу менен алардын да руханиятынан пайдалануу (жүргөн-турганынан үлгү алуу) зарыл. Бирок аларга көрсөтүлгөн адепте, урмат-сыйда жана руханиятынан пайдаланууда ашкереликке түшүп, чектен чыгып кетпөө кажет. Анткени бардык пайгамбарлар да, такыбаа олуя пенделер да эң ириде Жараткан Алланын кулдары болуп эсептелет. Алла Таала аларга илим, хикмат (даанышмандуулук), марифат дайраларынан эмнени насип буюрса, ошого гана ээ болушат. Бул багытта Шейх Саадинин «Гүлистан» аттуу эмгегинде төмөнкү окуя маалымдалат. Бир киши азирети Якубга:

- Эй, жан дүйнөсү нурга толгон акылман пайгамбар! Юсуфтун көйнөгүнүн жытын Мисирден келатканда эле сездиң да, эмне үчүн үйүңдөн алыс эмес токойдо Юсуф өзү кудукка ыргытылып жатканда аны көрө алган жоксуң?! – дейт.

Анда Якуб *(алейхиссалам)*:

- *Бул багытта Жараткандын бизге болгон насиби чагылган сыяктуу. Мына ошондуктан акыйкаттар бизге кээде ачык-айкын болсо, кээде купуя, жашыруун болот!* – деп жооп кайтарган экен.

Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде бир адам келип, Пайгамбарыбызга да маалым болбогон маселелер жөнүндө суроо салат. Анда Пайгамбарыбыз өз оюнда вахийдин (Жараткандын кабары) сөзсүз келээрин ойлоп, «иншааллах» (Кудай буюрса!) дебей:

- Эртең кел, жообуңду эртең берем – деп тиги адамды узатат.

Бирок эртеси күнү Жараткан Алладан эч кандай вахий-кабар келбейт. Анын эртеси күнү да жок. Вахий он беш күнгө чейин келбей калат. Ошентип Алланын эң сүйүктүү Пайгамбары да айласын таппай, алсыздыгын түшүнөт. Акырында Жараткан Алла Таала:

**«(Пайгамбарым!) Алла Тааланын каалоосу болбой туруп (иншааллах, дебей туруп) бир дагы ишти «муну эртең сөзсүз түрдө жасайм» дебе!»** (Кахф сүрөсү, 23-24-аяттар) деп эскертүү берүү менен вахийин кайрадан түшүрө баштайт.

Бул эскертүү Азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* карата берилген болсо, анда мусулман пенделер үчүн анын канчалык деңгээлде маанилүү болгондугун жакшы түшүнүп алуубуз керек. Бул өңүттөн, маселен, Алланын сүйүктүү бир пендеси дуба кылганда сөзсүз түрдө дубасы кабыл болот, же бир оорулуу адамга дем салганда сөзсүз түрдө шыпаа таап кетет, деген ой болбошу кажет. Анткени бул жагдайлар эки тараптын тең чын ыкластуулугу менен бирге Жараткан Алла Тааланын каалоосуна, уруксаатына түздөн-түз байланыштуу болот. Ошону менен бирге кабыл алынган дубалардын жыйынтыгы дароо бул дүйнөдө эмес, акыретте да берилээрин жана булар Алла Тааланын эрк-каалоосуна тиешелүү жагдай болгондугун эстен чыгарбоо абзел.

Бул багытта дагы бир маанилүү жагдай бар. Пайгамбарлардын өз ара, олуя пенделердин да өз ара ар түрдүүчө шыкжөндөмдүүлүктөргө ээ болушу. (Бул жерде пайгамбарлар менен олуялар салыштырылган жок. Анткени Алланын алдында пайгамбарлар олуялардан алдаканча жогору тураары талашсыз чындык). Тагыраак айтканда, кээ бир пайгамбарлар кээ бир пайгамбардан, айрым бир олуялар айрым олуялардан кээ бир жактары (өзгөчө сапаты) менен айырмаланышы мүмкүн. Ошондуктан алардын баарынан бирдей өзгөчөлүктөрдү, бирдей үлгү күтүү мүмкүн эмес. Ыйык Куранда маалымдалгандай, Муса алейхиссаламга бир илим берилген. Ал илим азирети Кызырда жок болчу. Ошондой эле азирети Кызырга берилген илим азирети Муса пайгамбарда болгон эмес. Анын сыңарындай, Абдулкадир олуя Мавлянадай боло албагандай эле, Мавляна олуя да Абдулкадир олуя сыяктуу боло албайт. Себеби эки тарапка тең берилген насип да, талап кылынган кызмат да ар башкача. Бирок, албетте, бардыгынын максаты бир; «КАНТКЕНДЕ ЖАРАТКАН АЛЛА ТААЛАГА ТОЛУК КАНДУУ ТҮРДӨ КУЛЧУЛУК МИЛДЕТИБИЗДИ ӨТӨЙ АЛАБЫЗ?» деген суроого оң жооп берүүнүн камын көрүү, б.а., «марифат»ка жетүү. Ырас, Жараткан Аллага алып барчу жолдор жандуу-жансыздын деминчелик көп.

Дагы бир маанилүү жагдай, пайгамбарлардан сырткары эч бир пенде үчүн

Жаратkandын коопсуздугунда тургандыгына кепилдик берилбегендиги. Башкача айтканда, тигил же бул пенде руханий өңүттөн туу чокуга чыкса да, «ашуулардын» биринен тайып кетүү коркунучу дайыма жандуулугун сактайт. Маселен, учурунда такыбаалыгы менен белгилүү болгон Балаам бин Баура аттуу адам убакыттын өтүшү менен напсинин ойго келбес азгырыгынын туткунуна айланып, түбөлүк бактысынан ажыраган. Бул адам жөнүндө Куран аяттарында төмөнкүчө маалымдалат:

**«Аларга Биз түшүргөн аяттарды кыйгап өтүп, шайтанды ээрчип адашуучулардан болгон адам тууралуу айтып бер. Эгер Биз кааласак муну менен анын даражасын жогорулатып койор элек. Бирок ал ушул (убактылуу) дүйнөгө абдан берилип, арзуу-каалоосун (напсисин) ээрчип кетти. Ал куусаң да, жөн койсоң да тилин салаңдаткан ит сыяктуу...»** (Аараф сүрөсү, 175-176-аяттар).

Касас сүрөсүндө маалымдалган Карундун мисалы да ушундай. Ал дагы учурунда такыбаа болуп, кийин азгырыктын түркүн түстүү шыбыштары менен карама сокурга айланып, Жараткандын каарына калган. Жараткан Алла Таала аны таянган мал-мүлкү,

манчыркаган мансап-бийлиги менен кошо жердин кургуйуна житирип жиберген. Андыктан кандай гана руханий даража болбосун, пендени көкүрөгүндөгү өз напсиси ар качан азгырууга, түбү көрүнгүс туңгуюкка жетелеп кетүүгө белен турат. Алтургай Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз бул багытта:

*«Оо, Жараткан Алла! Ыраакым эте көр... Көзүмдү ачыпжумгуча дагы мени напсимдин азгырыгы менен жалгыз калтыра көрбө... Ар бир демимди туура жолго багыттай көр... Шеккүмөнсүз, Сенден башка кудай жок!»* деп Жараткан Алла Таалага алакан жая турган (Абу Давуд, Адаб, 100-101).

Алланын олуя пенделери да дайыма мына ушул куттуу хадистин алкагында кадам таштап, «биздин ишибиз бүттү, баарын бүтүрдүк» деген чолок ойго алдырышпайт. Руханий жолдо көптөгөн ашууларды ашып өткөн соң бул ойго алдангандар дайыма орто жолдо калышкан. Ал эми «дагы жете элек экенмин» деп өз катачылыгын сезгендер алсыздыгын аңдап, бушайман болуп Жараткан Аллага алакан жая кечирим тилеп, сапарларын улашкан.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз бардык күнөөлөрү кечирилгенине карабастан түнүчүндө буту шишип кеткенге чейин намаз окуган. Мунун себебин сураган жубайы азирети Аишага:

*«Ээ, Аиша! Жаратканга шүгүрчүл кул болбой эле коеюнбу?»*

деп жооп берген (Муслим, Мунафикуун, 79).

Азирети Пайгамбарыбыз, жубайларынын айтымы боюнча:

«Жараткан Эгеңе алкыш айтып (шүгүр келтирип) даңктагын! Андан кечирим сура! Албетте, Ал тооболорду кабыл кылуучу!» (Наср сүрөсү, 3-аят) деген аяттан кийин Жараткан Алланы мурункусунан дагы көп даңктап, Ага шүгүр келтирип, ибадат кылган.

Андыктан Алланын жолунда ким кайсы даражага жетсе жетсин, эч ким эч качан кулчулук милдетинен кутулбайт. Башкача айтканда, парздар, важибдер, сүннөттөр, адал-арамдар, мубахмустахабдар мусулман баласы үчүн одүйнө салганга чейин ар бири өз күчүндө болот. Ошондуктан чыныгы муршид-у каамилдер бүт өмүрүн:

**«Жараткан Эгеңе алкыш айтып, даңазала! Саждага баш койгондордон бол! Көз жумганга чейин Жараткан Эгеңе кулчулук милдетиңди өтө!»** (Хижр сүрөсү, 98-99-аяттар) деген буйрукка ылайык өткөрүүнүн камын көрүшөт.

Мындай руханий жетекчилер элге кылган ак кызматы үчүн кенедей дагы акы талап кылышпайт. Жадагалса, Жараткан Кудурет үчүн кылган кулчулук милдеттеринин акыбетин дагы күтүшпөйт. Себеби алар акыбетин күтүп жакшылык иштерди жасоо руханий даражаларын төмөн түшүрө тургандыгын жакшы билишет.

Учурунда азирети Али менен азирети Фатима өздөрү орозо кармап жатышса да, ооз ачарга алып койгон тамак-ашын биринчи күнү эшигинин алдына келген кембагал бир адамга, экинчи күнү бир жетимге, үчүнчү күнү дагы бир туткунга берип, үч күн ооздорун суу менен ачышкан эле. Алардын ар бирине билдирген ыраазычылыгына:

- Биз муну сизден ырахмат айтышыңызды күтүп, берген жокпуз. Биздин жападан жалгыз максат-ниетибиз – бул Жараткан Алланын гана ыраазылыгы!.. – деп жооп беришкен.

**Ырас, чыныгы муршиддер элге үлгү болуу менен пайгамбарлардын руханий милдеттерин уланткан ыраскөй пенделер болуп эсептелет. Ошондой эле булар ар качан Жаратkандын алдында тургандыгын аңдап, «ихсан» даражасына жеткен ыймaны бекем Алланын сүйүктүү пенделери. Ошондуктан аларга Жараткан Алла Таала тарабынан «ладунний илим» делген руханий илим, «марифат»,**

**даанышмандуулук сыяктуу баа жеткис белектер тартууланган. Ошону менен бирге олуялардан эч ким кутман сахабалардын даражасына жете албайт.**

**Албетте, кутман сахабалар пайгамбарлардын, пайгамбарлар азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын даражасына жете албайт. Ал эми Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгону Алла Тааланын кулу жана акыркы элчиси.**

**Ошондой эле бул жерде өзгөчө баса белгилей кетчү жагдай, адам баласын (б.а., пайгамбарларды, олуяларды) ашкере жогору көрүүдөн оолак болуп, алардын ар бирине өзүнө (даражасына) жараша мамиле жасоо кажет. Башкача айтканда, Бахауддин Накшибанд, же болбосо Ислам укугунун аалымы атактуу Имам Аазам дагы эч качан сахабанын даражасына жете албайт. Кээ бир учурларда айрым бир кайдыгерлердин устат катары көргөн адамдарды сахабалардан, алтургай ардактуу Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* да жогору кабылдагандай аларга ашкере урмат-сый көрсөтүүлөрү өтө өкүнүчтүү карама сокурлук! Дал ушул себептен улам азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз мындай жагдайларга, түркөйлүккө, ашкере мактап-жактоого тыйуу салган. Ошондой эле ал эгерде алкыш-сөздөр напсинин чырагына май тамыза турган болсо, ошол мактап-жактаган адамды айтып:**

***«Анын жүзүнө топурак чачкыла!»* деген (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 6, 5).**

**Себеби напсини көкүткөн алкыштар жүрөккө сайылган ок сыяктуу.**

*Рабыта»нын түз мааниси «байланыш, алака, ымала» дегенди түшүндүрөт. Бул жагынан негизи ааламда «байланышсыз-рабытасыз» эч бир жандуу жок. Баары бири-бири менен тыгыз байланышта.*

## 2. РУХАНИИА ТАРБИЯНЫН УСУЛДАРЫ

**а. СүиАүү-рабыта**

Тасаввуфтун өзөгүнө жана максатына назар салганыбызда, руханиис  тарбияда анын негизги фактору катары «сүис үү», ал эми акыркы максаты «адеп» болгондугун баис каис быз. Тагыраак аис тканда, «сүис үү» көпүрө болсо, ал эми «адеп» бул алынган натыис жа. Бул эки түшүнүктүн маанилүүлүгү жөнүндө эмне аис тылса да, ал аздык кылат.

Бир нерсеге бапестелген сүис үү күч алган саис ын бул сүис үүдөн сүис гөн адамга ошол сүис үүсүнүн күчүнө жараша өзүнчө жугуму насип болот.

Маселен, муршидин абдан жакшы көргөн шакирт устатынын кыис мыл-аракетине, жүрүм-турумуна бир аз болсо да жүрүмтуруму жагынан окшош адамга дагы жылуу назар салат. Муршиди колдонгон кандаис дыр бир буюм-таис ымга ээ болуу ага өзүнчө кубаныч туртуулаис т. Веис сел Караниис дин Азирети Паис гамбарыбыз *(саллаллаху алеис хи васаллам)* берип жиберген чепкенден кубанычы коис нуна батпаис  сүис үнгөнү сыяктуу.

Сүис үктүүгө бапестелген сүис үүнүн күч алышы менен катар сүис үүнүн алкагы улам барган саис ын сүис үктүүгө таандык бардык нерселерди өз ичине алып кеңеис е баштаис т. Бул алкактын бүт нерсени өз ичине камтып, чексиздикке караис кеңеис иши тасаввуфта «ашк-у мутлак»[75] (чыныгы улуу сүис үү) делет. Юнус Эмре: «Жараткан Алла үчүн жаратылганды жакшы көр!» дегендеис , бул Жараткан Алланын урматы үчүн жаратылган жаамы жандуу-жансызга боорукер сезим менен жылуу мамиле жасоонун камын көрүү дегенди түшүндүрөт. Бул Жараткан Аллага ашык пенденин жете ала турган эң акыркы чеги. Ал эми анын буга чейинки баскычтарынын ар бири «ашк-у мажаазий» («көлөкө», каймана сүйүү) деп аталат.

Шакирттин муршидине өзүнө ылайык көрсөткөн урмат-сыйы, бапестеген сүйүүсү «ашку мажаазий» болуп эсептелет. Себеби жүрөк Жараткан Алла Таалага таандык болгондуктан чыныгы сүйүү Алла Тааладан башка бирөө менен чектелбейт. Алла Тааладан башка бирөөгө болгон сүйүүлөр эң жогорку кабатка алып чыккан тепкичтердин мисалы сыяктуу. Булар Алла Таалага бапестелген сүйүүгө даярдык көрүүгө багытталган көнүгүүлөр сыяктуу. Бул багыттагы эң берекелүү, эң таасирлүү баскыч – бул чыныгы муршидке өзүнө ылайык бапестелген сүйүүнүн руханий демин баштан кечирүү болуп эсептелет. Ал эми мунун эң таасын көрүнүшү – бул рабыта. Сүйүүнүн катардагы жөнөкөй сүйүүлөргө салыштырылгыс деңгээлде жогорулашы «рабытанын» дал өзү.

«Рабыта»нын түз мааниси «байланыш, алака, ымала» дегенди түшүндүрөт. Бул жагынан негизи ааламда «байланышсызрабытасыз» эч бир жандуу жок. Баары бири-бири менен тыгыз байланышта.

Башка сөз менен айтсак, рабыта – бул жандуу-жансыздын өзөгүн түзгөн сүйүүнүн талабы, сүйүү күчүнүн жандуу сакталышы.

Рабыта үч түргө бөлүнөт:

1.Табигый рабыта:

Адам баласынын жакын туугандарына болгон сүйүүсү. Бул табигый сүйүү. Эненин өз уул-кызына бапестеген сүйүүсү сыяктуу.

2.Бузуку рабыта:

Ислам growth дининде тыйуу салынган азгырыктарга болгон алака. Кумарпоздун ойунун баары дайыма кумарда болуп, балабакырасын дагы унутуп койушу сыяктуу.

3.Асыл рабыта:

Улуу сүйүүгө, б.а., аруу сезимдер менен адам баласын Жараткан Аллага алып барган рабыта. Руханий жактан бышып жетилген пенделердин руханиятынан пайдалануу үчүн дене турпат менен же болбосо, рухий өңүттөн алар менен дайыма бирге болуу зарылчылыгы турат.

Биз бул жерде жогоруда маалымдалган үч түрлүү рабытанын үчүнчүсү жөнүндө кеп салмакчыбыз. Бул рабыта шакирттин муршидинен ылайыктуу түрдө пайда алышы үчүн ага болгон сүйүүсүн көөдөнүндө дайыма жандуу сакташы менен башталат.

Тасаввуфтун тарбиялык усулдарынан бири болгон рабыта ар бир тарикатта аты жана таризи жагынан анча-мынча айырмачылыктар болсо да, негизинен шакирттин өз муршидин көз алдында элестетиши жана анын жүрүм-турумун, кыймыл-аракетин эстеп, улуу максаттын (б.а., Жараткан Алланын ыраазылыгына ээ болуунун) негизинде андан үлгү алуу дегенди туюнтат. Муршидке көрсөтүлгөн урмат-сыйдын, бапестелген сүйүүнүн мына ушундай таризде дайыма жандуулугун сакташы шакиртке өзүнчө дем-күч тартуулап, аны зирек кармайт.

Адам баласы ар түрлүү оң-терс таасирлерге ар качан ачык болот. Ал жеке физиологиялык жактан гана эмес, руханий жактан да ар түрлүү таасирди алууга даяр. Рухтардын ортосундагы рухий катнаш жашоодогу талашсыз чындык. Негизинен руханий жактан күчтүү адамдардын рухий таасирлери айлана-чөйрөсүндөгүлөргө руханий абалдарына жараша -аз же көп өлчөмдөөтөт. Бул абал таасирдин оң же терс болушуна көз каранды эмес. Кандай болгон күндө да, таасир тигил же бул таризде өтөөрү бышык. Ал үчүн ортодо байланыш болсо болгону.

Мисалы, өтө боорукер, мээримдүү жана өзүнүн жашоодогу масаттары үчүн күйүп-жанган адамдардын жүрүм-туруму, абалы чөйрөсүндөгүлөргө таасир этет. Сүйүүнүн өзүнчө бир көрнөгү болгон «рабыта» мына ушундай кулк-мүнөздүк өзгөчөлүктөргө карата рухий катнаштын деңгээлин көтөрүү, ылдамдатуу жана ага оң өңүттө багыт берүү үчүн керек. Ошондуктан ар бир момунмусулман адам такыбаа пенделер менен жакын мамиледе болууга, алардын руханиятынан колунан келишинче пайдаланып калууга аракет кылуусу абзел.

Негедир таза кийимге баткак чачырашынан ичиркенген акыл эгер Куран нуру менен жуурулушпаган болсо, ар түрлүү күнөөлөрдүн таасири менен катып калган жүрөктөгү кара тактардан көп учурда кыпындай дагы ичиркенип, тынчсызданбайт. Себеби ал бир жагынан напсинин, бир жагынан шайтандын шыбыштарынын «наркозуна» мас болгондуктан муну сезе албайт. Андыктан жүрөктү ойготуп, көздү чоң ачып ар ким өз абалына назар салышы кажет. Анткени адам баласы оң таасирлерге да, терс таасирлерге да ийкемдүү болуп, өзү каалаган багытка бет алууга жолу ачык. Бирок Алла Таала аны туура жолго чакырып:

«Эй, ыйман келтиргендер! Алла Тааладан корккула! Саадык (ыраскөй, такыбаа) пенделер менен бирге болгула!» (Тооба сүрөсү, 119-аят) дейт.

Бул жерде аятка үңүлө назар сала турган болсок, Жараткан Алла Таала пенделерине дароо «Саадык (ыраскөй-такыбаа) болгула!» дебей, такыбаалыктын жандуу сакталышы үчүн «Саадык-такыбаалар менен бирге болгула!» деп буюрган. Себеби ыраскөй-такыбаа болууга багытталган жолдо шилтене турган алгачкы кадам такыбаалар менен бирге болуу, б.а., алар менен жылуу жана жакын мамиледе болуу зарылчылыгы турат. Ал эми такыбаа-саадык болуу мунун табигый натыйжасы болуп эсептелет.

Такыбаалар менен бирге болуу напсини тизе бүктүрүүдө радиация сыяктуу күчтүү таасир берет. Такыбаа пенделердин чөйрөсүндө болуу, алардын жүрүм-туруму менен таанышуу, алтургай алардын жүзүнө назар салуу да алар менен бирге болууга кирет. Мына ошондуктан Алланын сүйүктүү пенделеринин жанында болуу – Жаратуандын өзүнчө белеги. Анткени абалдар айкалышат, таасир алышат. Гүлзарда эс алган адамга гүлдүн жыпар аңкыган жыты кандай сиңсе, дал ошондой эле мындай такыбаа пенделердин чогулуштары (б.а., сукбат-дилмаектери) да руханий гүлзар сыяктуу.

Убайдуллах Ахрар олуя:

«Ыйык Курандагы: «Эй, ыйман келтиргендер! Алла Тааладан корккула! Саадык (ыраскөй, такыбаа) пенделер менен бирге болгула!» деген аяттын «бирге болгула!» деген буйругу туруктуу биримдикке ишарат жасайт. Башкача айтканда, «бирге болууга» ачык-айкын түрдө буйрулгандыктан бул маселе физиологиялык жана руханий жактан болуп, эки өңүттүү. Физиологиялык жактан бирге болуу алардын дилмаектерине чын көңүлдөн катышуу болсо, руханий жактан бирге болуу – бул алардын жүрүмтурумун эске алып, үлгү алуу дегенди түшүндүрөт» дейт.

Андыктан Алланын сүйүктүү пенделери менен физиологиялык жактан да, руханий жактан да бирге болууга аракет кылуу зарыл. Күнүмдүк турмушта такыбаа пенделер менен дайыма бирге жүрүү мүмкүн болбой калышы толук ыктымал. Бул учурда алар менен руханий өңүттөн бирге болуу үчүн «рабыта» зарылчылыгы талап кылынат.

Бирок жогоруда белгиленгендей, тасаввуфтук тарбияда ыкласы жок «супсак» биримдик да жарабайт. Себеби кээ бирлер муршиду каамилдин жанында болушса да, кайдыгер мамилелеринен улам эч кандай насип ала алышпайт. Ошону менен катар алыс аймактарда жашаган нечелеген шакирттер муршиддерине болгон урмат-сыйы, сагынычы, кусалыгы жана сүйүүсүнүн берекеси менен өзгөчө насиптерге, өзүнчө руханий дем-күчкө ээ болушат. Олуялардын «Йемендеги жанымда, жанымдагы Йеменде» деген сөзү да муну таасын айгинелеп турат. Демек, кептин төркүнү кай жерде болсо да, руханий биримдикти жоготпоодо жатат.

Ошондой эле руханий жактан бышып жетилген адамдар чөйрөсүндүгөлөрдү өзүнүн абалы менен айкалыштыруу күчү канчалык жогору болсо да, ал жетиштүү эмес. Себеби тасаввуфтагы абалдын жугуму муршиддин күч-жөндөмү менен катар шакирттин дагы шыгына жана сүйүүсүнүн деңгээлине жараша болот. Ошол үчүн ар бир шакирт -шакирт болгондугу үчүнмуршиддин даражасына жете албайт. Айырмачылык шакирттердин ортосунда, ар биринин шык-жөндөмүндө, руханий даражасында жатат. Муну мисал менен түшүндүрө турган болсок, маселен, суу алуу үчүн чаканы кичинекей көлгө, же болбосо, учу-кыйыры көзгө илешпес деңизге салуунун ортосунда айырма жок. Бул эки учурда тең чаканын көлөмүнө жараша суу алууга болот. Андыктан шакирт дагы шык-жөндөмдүү жана ошол шыгын колдонууга аракеттениши керек.

***

Рабыта жана муракабаларда кездешкен дагы бир усул – бул «силсила-и шарифа»нын[76] окулушу. Бул такыбаа пенделердин эскерилиши менен үмүт кылынган Жараткандын ыраакымынан үлүш алуу үчүн окулат. Ислам аалымдарынан Суфян бин Уйайна:

«Такыбаа пенделер эскерилген чогулуштарга Жараткандын ыраакымы түшөт!» дейт (Ажлуний, Кашфул-хафаа, 2, 70).

Негизи Алланын сүйүктүү пенделеринин окуялары жөнүндөгү китептер аларга урмат-сый, сүйүү менен мамиле жасагандарга руханий дем-күч берүү максатында жазылган.

Рабытанын максаты азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* чейин созулган Алланын сүйүктүү пенделеринин руханиятынан жан дүйнөгө береке-кут тартуулоо болуп эсептелет.

Муршидке көрсөтүлгөн урмат-сыйды, адеп, сүйүүнү ал жок кезде дагы көрсөтүп, анын кулк-мүнөзү менен айкалыша алуу даражасына жетүү «фанаа фиш-шейх» деп айтылат. «Фанаа фишшейх» даражасынын ары жагында «фанаа фир-расуул» (акыркы Пайгамбардын куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоо) деген да даража бар. Ислам ааламынын жылдыздары катары эсептелген кутман сахабалар Ислам динине киргенге чейин башаламан, туңгуюк жашоодо өмүр сүрүп келишкен. Ошентсе да, алар адал жолго түшкөн соң Алланын акыркы Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* арууу сезимдери менен жуурулушуу аркылуу дүйнөнүн эң жаркын адамдарына айлана алышты. Азирети Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* ошол кутман сахабалар аркылуу муршиду каамилдердин жан дүйнөсүнө агып түшкөн береке-кут шакирттерге рабыта жана сукбат-дилмаектер менен жетет. Ошентип акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи*

*васаллам)* адамдык асыл сапаттары шакиртке шык-жөндөмүнө жана аракетине жараша жугат.

Бул учурда жашоонун ар бир өңүтүндө акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* алдында тургандай кадам таштап, Анын асыл сапаттары менен жуурулушуу мүмкүн. Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон рабытаны, б.а., байланышмамилени жогорулатуу үчүн ага көп-көп салават айтуунун, анын сүннөтү менен күчтүн жетишинче жуурулушуунун, ага болгон бекем сүйүүнүн зарылчылыгы талап кылынат.

Жалпыга маалым болгондой, «фанаа фир-расуул» даражасынын эң сонун үлгүсү азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* болуп эсептелет. Бул багытта Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Абу Бакир менден, мен анданмын. Абу Бакир бул дүйнөдө да, акыретте да менин боордошум болот»* деген (Дайламий, Муснад, 1, 437).

Бул хадис руханий айкалышуунун мисалын таасын айгинелеп турат.

Мындай руханий биримдиктин эң жогорку даражасы «фанаа филлах» деп аталат.

Курандагы:

وَهُوَ مَعَكُمْ اَيْنَ مَا كُنْتُمْ

**«Силер кай жерде болбогула, Ал (Алла Таала) силер менен бирге!»** (Хадид сүрөсү, 4-аят)

«Биз адамга күрөө тамырынан да жакынбыз» (Каф сүрөсү, 16-аят) деген аяттарга ылайыктуу түрдө кадам таштоо үчүн «фанаа филлах» даражасына жетүү зарылчылыгы шарт.

Өзүн Жараткан Аллага арнаган муршиду каамилдин жүрөгү Жараткан Алланын береке-кутуна тунган болот. Бул өңүттөн муршиддин жүрөгү лупа сыяктуу. Ал терс сапаттардын бардыгын күлгө айлантат. Шакирт рабыта менен бул береке-куттан пайдаланууга аракет кылат. Жүрөктөн напсинин өзүмчүлдүк сезимдерин жоготуп, анын ордуна асыл сапаттарды алып келет. Бул учурда жүрөккө үстөмдүгүн жүргүзгөн ар түрлүү дүйнөлүк нерселер жүрөктөн сырткары кармалып, ар бирине өзүнө ылайык мамиле жасалган болот.

Шакирт менен муршиддин ортосундагы мындай айкалышуу шакирт үчүн руханий жактан илгерилөөгө чоң даңгыр жол ачылгандыгынан кабар берет.

Куттуу хадисте: *«Адам сүйүктүүсү менен бирге...»* делет (Бухарий, Адаб, 96).

Бул багытта Куранда маалымдалган «асхабу кахф» окуясы[77] өтө зор мааниге ээ. «Асхабу кахф»тын ити Кытмиир такыбаа пенделерге кароолчулук кылгандыгы үчүн ал дагы бейишке кирет.[78] Мына ошол Кытмиир Алланын жолундагы такыбаа пенделерге кароолчулук кылгандыгы үчүн ушундай зор бакытка жетип турса, анда чыныгы момун-мусулман адам Алла Тааланын сүйүктүү пенделерине сүйүү бапестеп, аларга болгон урмат-сыйынан жазбаса, Алла Таала анын даражасын канчалык көтөрөөрүн өзүңүз ойлоп көрүңүз.

***

Бул жерде рабытага тиешелүү дагы бир маселе жөнүндө кеп козгоону эп көрүүдөбүз.

**Рабыта-у мавт (тафаккур-у мавт)**

Тасаввуфта өлүм менен рабыта куруу «тафаккур-у мавт» (өлүм жөнүндө ой-толгоо) деп да айтылат. Өлүм жөнүндө ой толгоонун адам баласынын жүрүм-турумуна, өзүн-өзү

теске салышына өзгөчө таасири бар. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«(Терс) арзуу-каалоолордун бардыгын түп тамыры менен омкоргон өлүм жөнүндө көп ойлогула!»* деген (Тирмизий, Кыямат, 26).

Чынында эле өлүм жөнүндө ой-толгоо адам баласын азгырып адал жолдон адаштырган напсинин дүнүйөгө болгон ашкере сүйүүсүн басаңдатуучу өзгөчө таасирге ээ. Себеби дүйнөнүн утурумдук мал-мүлк, байлык-бийлик, мансап сыяктуу напсинин «оюнчук»тарын ашкере сүйүү, аларга чегинен сырткары көңүл бөлүү «кайдыгерлик» деген руханий илдеттин баштапкы баскычы. Жан дүйнөбүздү мындай коркунучтуу илдеттен оолак кармоо үчүн өлүм, көр азабы жөнүндө ой-жүгүртүү бизди чын ыкластан кулчулук милдеттерибизди аткарууга, жан дилибиз менен ибадаттарыбызды орундатууга жетелеп, дүнүйөлүк ашкереликтен, пайдасыз арзуу-каалоолордон алыс кармайт. Ибадаттарыбыз, зикирлерибиз, рабыталарыбыз акыретте түбөлүк бакытка жетишибизге себепкер болот.

Ислам аалымдары кайдыгерликтин кара көөсүнө чулганып, катып калган таш жүрөктөрдү ийге келтирип жибитүү үчүн бул багытта көптөгөн насааттарын айтып, элди адал жолго үндөп келишкен.

Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* уулу Хасанга төмөнкү акыл-насаатын айткан:

«Уулум! Өлүм жөнүндө көп ойлон! Өлүмдү эстөө аркылуу жүрөгүңдү теске сал! Бул дүйнөдө бүт нерсенин жок боло турганын эсиңден чыгарба! Жүрөгүңдү дүнүйөнүн түркүн-түстүү азгырыктарынан алыс карма!»

Ырасында жашоо агымы «түптүз» болбогондугу үчүн бул дүйнөдө машакаттуу, оор күндөр менен кошо кубанычтуу, жыргал күндөр да өтөөрү жалпыга маалым.

Имам Газалий:

«Уулум! Каалаганыңдай жаша! Күндөрдүн биринде баары бир көз жумасың! Каалаганыңды сүй! Бир күнү баары бир андан ажырайсың! Каалаганыңды кыл! Эмнеси болсо да, бир күнү анын сурагын бересиң!...

Уулум! Максатың жан дүйнөңдү баралына келтирүүгө, напсиңдин тизгинин колго алууга, денеңди өлүмгө даярдоого багытталышы керек. Себеби бул дүйнөдөн көз жумган соң көргө киресиң. Ал жердегилер сени «Качан келесиң?» деп күтүп жатышат. Ошондуктан чолок ойго алдырып, «ал жерге азыксыз эле барам» дебе!» дейт.

Умар бин Абдулазиз акыркы кутпасында элге кайрылып: «О, эл-журт!

Айбардуулугу жүрөктүн үшүн алган кыямат өтө коркунучтуу! Жаратkандын эң жакын сүйүктүү пайгамбарлары жана эң жакын периштелери дагы ал күндүн айбардуулугуна чыдай албай, этжүрөгү толтосунан чыгып кетчүдөй титиреп согот.

Ошону менен бирге Алла Тааланын чексиз ыраакымынан да үмүтсүз болбогула!

Кыямат күнү махшар майданында түбөлүк бакыттын босогосун аттай тургандар – булар бүгүн Жаратkан Алла Тааладан коркуп, күнөөкөрлүктүн сазынан кыйгап өткөн, «адал-арам»ды ылгап, ага олуттуу мамиле жасап, утурумдук жашоосун түбөлүк бактысы үчүн колдонгон адамдар болуп эсептелет. Мунун тетирисинче кадам шилтеген адам өмүр байлыгын ысырап кылып, акыретке жан азыксыз барып, чоң жоготууга учурайт.

Бүгүн өткөндөрдүн ордуна силер келдиңер. Эртең силердин да ордуңарга башкалар келишет...

Баарыбыз көрүп жүрөбүз, келгендер улам четинен кайра кетип атышат. Кеткендер бул дүйнөгө кайтып келишкен жок. Адам баласы көпчүлүк учурда эсинен чыгарып койгон өлүм аны Жараткан Аллага алып барат.

Араңардан айрылып, акыретке сапар тарткандарды узатып эле жүрөсүңөр. Алардан сабак алдыңарбы? Аларды кара жердин алдына жаздык-төшөксүз жалгыз таштап келесиңер. Өлүм азабын тарткан ошол пенделердин абалы кандай гана оор! Алар тааныпбилбеген дүйнөгө кетишти. Жакындарынан, мал-мүлкүнөн, балабакырасынан ажырашты. Утурумдук бул дүйнөнүн кайдыгерлигинен ойгонушту! Чындыкты көрүштү, бирок, кеч калышты. Себеби баары өтүп кетти...» деген экен.

Өлүм – бул дүйнөнүн каалгасынан одүйнөнүн босогосун аттоо аркылуу чындыкты аңдоо. Бирок, одүйнөдө «ойгонуу» адам баласына экинчи мүмкүнчүлүк түзүп бербегендиктен, одүйнө салганга чейин кайдыгерликтин кубулма көшөгөлөрүн айрып, жарыкка чыгуу зарылчылыгы талап кылынат.

Өлүм жөнүндө ой-жүгүртүү шакиртти напсинин миң түркүн азгырыктарынан, дүнүйөнүн кулуна айлануудан алыс кармап, Жараткандын алдына жарык жүз менен барууга көпүрө кызматын өтөйт. Тасаввуфта негизги максат напсинин тизгинин колго алуу болгондуктан өлүм жөнүндө ой-толгоо ар бир тарикатта дал ушул максат менен колдонулган өзгөчө усул-ыкмалардын катарынан орун алат.

***

**б. Сукбат (дилмаек)**

Тасаввуфта өзгөчө маанилүү усулдардын бири – бул «сөз», б.а., сукбат, дилмаек куруу. Руханий жактан бышып жетилген пенденин сөздөрү чын ыкластан айтылгандыктан угуучу тарапка таасирлүү да, жугумдуу да болот.

Дилмаекти жугумдуу кылган эң негизги себеп – бул чын ыклас. Жүрөктөн чыккан жалындуу сөздөрү менен шакирттерине таалим берген муршиддин бул иш-аракети азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө такалат. Дилмаектин жугумдуулугун талап кылган чын ыклас – бул алган илим менен тажрыйба жүзүндө жуурулуша жашоо аркылуу айтылган нерсени угуучу тарапка чын жүрөктөн каалоо, дегенди түшүндүрөт.

Сөздүн таасирлүү болушунун дагы бир себеби – бул анын ачык, даана жана түшүнүктүү болушу. Сөздү ачык, даана сүйлөө үчүн тилге толук үстөмдүк кылуу менен бирге негизги өзөк максатка ылайыктуу сөздөрдү тандай билүү зарылчылыгы талап кылынат. Мунун туу чокусунда ыйык Куран турат.

Исламдын алгачкы жылдары Меккенин атактуу акыны ИмрулКайстын кызы

Зилзала сүрөсүн угуп, абдан таң калат. Сөз баккан, сөздүн кадырын билген Имрул-Кайстын кызы апкаарып:

«Бул сөз адам баласынын сөзү болушу мүмкүн эмес! Сөздү мынчалык деңгээлде кураштырууга эч бир адамдын күч-кудурети жетпейт! Жер жүзүндө мындай сөз турган чакта атамдын ырларынын Каабада илинип турушу туура эмес. Андыктан, кичи пейилдикке, Каабадан атамдын ырларын алып, анын ордуна бул аяттарды илип койгула!» деген экен.

Куттуу хадистердин биринде:

إِنَّ مِنَ الْبَيَانِ سِحْرًا

*«Ариис не, кээ бир сөздөр сыис кырдуу (б.а., сыис кыр сыяктуу таасирге ээ) болот!»* делет (Бухариис , Никах, 47). Тагыраак аис тканда, сөз жүрөктү өзүнө тартып алуучу таасирге ээ.

Ырас, сөз менен багыт берүүнүн, б.а., дилмаектин маанилүүлүгү бул жаатта өзгөчө мааниге ээ. Азирети Паис гамбарыбыздын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* сукбат-дилмаектериндеги береке-кутту ылаис ыктуу түрдө түшүнүү үчүн ошол доордун Ислам тарыхында «Бакыттын кылымы» деп аталып калышынын себепсыры менен жакындан таанышуу жетиштүү. Алла Элчисинин *(саллаллаху алеис хи васаллам)* куттуу сүннөтүнө кирген сукбатдилмаектер бардык тарикаттарда, алардын ичинен Накшибандиис тарикатында жүрөктөн жүрөккө береке-куттун өтүшү өңүтүнөн өзгөчө маанилүү орунду ээлеис т.

Ислам дини келгенге чеис ин каранын добулбасын урган каис дыгерликтин жетегинде өмүр сүргөн сахабалар акыркы Паис гамбардын дилмаегинин берекеси менен жыпар аңкыган гүлзарларга аис ланышты. Ошентип көкүрөктөн көкүрөккө өткөн сүис үү булагы менен бүтүндөис  адамзат үчүн үлгүлүү жандарга аис ланып, Паис гамбарыбыздын «Менин сахабаларым асмандагы жылдыздар сыяктуу» деген алкышына ээ болушту. Исламга чеис инки караңгылык доорунда өз кан-жанынан бүткөн кыз ымыркаис ларын тирүүлөис  көмүүгө чеис ин барган таш боор, мыкаачы жандар акыркы Паис гамбардын таалим-тарбиясы, жалындуу руханияты менен жакшылыктын жышааналары катары каис радан өсүп-өнүп чыгышты.

Ырас, «сахаба» жана «сухбат» сөздөрүнүн бир уңгудан келип чыккандыгы көңүлдү бурбаис  коис боис т. Сахабалар Алланын Элчисине *(саллаллаху алеис хи васаллам)* бапестеген сүис үүлөрү, урматсыис ы жана руханиис  сукбаттардан алган насип-үлүштөрү менен бизге эң сонун үлгү боло алышты. Алар сукбаттардан руханиис  насип алуунун шарты катары акыркы Паис гамбардын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* алдында адеп сактап, анын аис ткан ар бир сөзүнө жан дили менен кулак төшөп отургандыктары жөнүндө:

«Бул учурда өзүбүздү башыбызга бир чымчык конуп алгандаис  сезээр элек. Эгер кыис мылдасак, ал учуп кете тургандаис  сезилчү» дешет.

Ал кишилер Алла Элчисинин адамдык асыл сапаты менен жуурулуша жашап, барган жерлеринде анын көөнөрбөс өмүр кенчинин кутун жаис ууга жанүрөштү. Кыяматка чеис ин окуялары тилден тилге өтө турган ар бири өзүнчө үлгүлүү пенделерге аис ланышты. Алар жөнүндө аяттардын биринде Алла Таала:

**«Жер которгондор, ансарлардан алгач ыиАман келтиргендер жана жакшылык иштерде аларды ээрчигендерден Алла ыраазы болду. Албетте, алар да Алладан ыраазы болушту. Ошондуктан Алла Таала алар үчүн түбөлүк боло турган, алдынан даиАралар агып туруучу БеиАиштерди даярдап коиАду. Бул – өтө чоң ииАгилик!»** (Тооба сүрөсү, 100-аят) деис т.

Ибадат кылуудагы чын ыклас менен өткөн дилмаектер Алла Элчисинин *(саллаллаху алеис хи васаллам)* сукбаттарынын күзгүсү сыяктуу. Себеби ал Жараткандан руханиис  насип алуунун башында турат. Руханиис  жактан жандуу дилмаектердин баары Паис гамбарыбыздын Жараткан Алладан алган руханияты менен жаркыган шамчырактарга окшош. Мына ошондуктан пенде акыркы Паис гамбардын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* нурунан Алланын сүис үктүү пендеси аркылуу насип алса, бул нур бир жерден келгендиктен азирети Паис гамбарыбыздын дал өзү аркылуу алынгандаис  болот. Бул өзү бир шам менен башка шамдарды күис гүзүү сыяктуу... Шамдарды күис гүзгөн

жана аис лана-чөис рөгө жарык чачкан жалын ошол эле жалын. Пенде ушул шамдардын эң акыркысы болуп жанса, ал жалын эң алгачкы жалындын аркасы менен жаркыгандыктан даис ыма ошол биринчи жалындын элесин берет.

Алла Тааланы даңазалаган сукбат-жыис ындар Жаратккандын ыраакымы төгүлгөн бул дүис нөдөгү беис иштин бакчалары сыяктуу. Куттуу хадистердин биринде:

*«Бир жамаат Алла Тааланы даңазалап зикир кылуу үчүн чогулса, периштелер аларды курчап алат. Алар Алланын ыраакымына бөлөнүшүп, беис пил абалда болушат. Алла Таала аларды жанындагылардын катарына кошот»* делет (Муслим, Зикир, 39).

Жараткан Алланын такыбаа пенделерининин мындаис  чогулуштарын өзүнчө ыроо катары кабыл алуу абзел. Себеби бул чогулуштар Жараткан Аллага бапестелген сүис үүнүн жалынына жанган жан дүис нөлөрдүн башын бириктирген беис иштин бакчалары сыяктуу.

Дилмаектерде аалым-олуялар жан дүис нөлөрүндөгү Жаратканга бапестеген эң жогорку сүис үү ышкысы менен тең бөлүшүүгө аракет кылышат. Бул жерде жамаатка ошол эң аруу сүис үүнүн нуру жаркыис т. Мунун натыис жасында жамааттагылар шык-жөндөмүнө жараша руханиис  насип ала алышат.

Жараткан Алла аятардын биринде мындай дейт:

وَذَكِّرْ فَإِنَّ الذِّكْرَى تَنْفَعُ الْمُؤْمِنِينَ

**«Сен аларга эскертүү бер! Себеби эскертүү ыиАмандууларга паиАда берет!»** (Заарият сүрөсү, 55-аят).

Бул аятты эң жакшы түшүнгөн Алланын Элчиси *(саллаллаху алеис хи васаллам)*:

*«Дин (Ислам) – бул акыл-насааттан турат!»* деген (Бухарий, Иман, 42).

Абдуллах бин Раваха *(Алла ага ыраазы болсун)* сахабалардан кимисине жолукса да, ага:

«Кел, боордошум! Алла Таала үчүн отуруп Жараткан Эгебизге болгон ыйманыбызды бекемдейли (Аны зикир кылып даңазалайлы!)» дээр эле.

Күндөрдүн биринде бул сөзгө анча түшүнө бербеген сахабалардан бири азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* барып, жагдайды түшүндүрөт. Анда Пайгамбарыбыз ага:

*«Алла Таала Абдуллах бин Раваханы өз ыраакымына бөлөсүн! Ал периштелердин Жараткан Алланы даңазалаган зикир жыйынын абдан жакшы көрөт!»*[79] деп жооп берген экен.

Сукбаттын маанилүүлүгү жөнүндөгү төмөнкү хадис дагы өзгөчө маанилүү:

Бир күнү азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* мусулман бир аял келип:

- Эй, Алланын Элчиси! Сиздин сөздөрүңүздөн жалаң гана эркектер пайдаланып келишет. Бизге да бир күнүңүздү бөлүп, Алла Таала үйрөткөн нерселерден үйрөтсөңүз жакшы болоор эле... – деген сунуш менен кайрылат.

Азирети Пайгамбарыбыз:

- *Макул, андай болсо, баланча күнү баланча жерге келгиле!* – дейт.

Ошентип мусулман аялдар Пайгамбарыбыз айткан күнү белгиленген жерге топтолушат. Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* да убагында барып, Алла Тааланын өзүнө үйрөткөн нерселеринен аларга айтып берет. (Бухарий, Илим, 36)

Мына ушундай дилмаектердин берекеси менен бүтүндөй мусулман коомчулугуна ар бири өзүнчө «жылдызга» айланган энелер акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи*

*васаллам)* менен көптөн бери учураша элек балдарына эскертүү бере турган. Буга мисал катары Хузайфанын апасын көрсөтсөк болот. Бул багытта Хузайфа *(Алла ага ыраазы болсун)* өзү мындай дейт:

Апам менден:

- Азирети Пайгамбарыбыз менен эң акыркы жолу качан учураштың? – деп сурады.

Мен башымды жерге салып:

- Билбейм, бир канча күн болду, жолуга элекмин – дедим.

Апам мага абдан ачуусу келип, катуу эскертүү берди. Анда мен эмне дээримди билбей:

- Апакебай, ачууланбаңызчы! Мен азыр эле Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* барып, аны менен шам намазын бирге окуп келем. Андан мага да, сизге да Жараткан Алладан дуба кылышын суранам – дедим (Тирмизий, Манакиб, 30; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 5, 391-392).

Мухаммад Зияуддин олуя учурунда жаш балдарды топтоп алар менен дилмаек кура турган. Ошол күндөрдүн биринде жубайы бул балдардын али кичине болгондугун, сукбаттан эч нерсе түшүнбөй тургандыгын айтып арызданат. Анда олуя:

- Ырас, алар сукбаттан ийненин көзүндөй болсо дагы пайда алышат. Бирок бул жерде менин негизги максатым аларга бир нерсени түшүндүрүү эмес. Сукбат жыйыны Алла Тааланын ыраакымына себеп болот. Мен ошол чексиз ыраакымдын аркасынан ашыгып жүрөм. (Б.а., менин жападан жалгыз максатым Жараткан Кудуреттин чексиз ыраакымына бөлөнүү болгондуктан) Бул балдар ошол улуу максатка жетүүгө себепкерлик кызматын өтөшөт – деп жооп берген экен.

Шах Накшибанд олуя:

«Биздин руханий тарбиябыздын жолу сукбат аркылуу өтөт. Жакшылык Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн такыбаа пенделер менен бирге болууда жатат. Алар менен дайыма дилмаек куруу аркылуу чыныгы ыйманга жетүү мүмкүн» дейт.

Ислам аалымдарынан Жафар бин Сулайман Алланын сүйүктүү пенделери менен бирге болуудан кандай насип алгандыгы жөнүндө:

«Жүрөгүмдүн кандайдыр бир кара көөлөргө чулганганы туюлган кезде дароо Мухаммад бин Васинин үйүнө барып, сукбаттарына катышаар элем. Ошентип жүрөгүмдү чулгаган жанагы кара көөлөр жоголуп, жүрөгүм кадимкидей ийге келип жибип калаар эле. Жан дүйнөм балкып, үстүмдөн оор жүктү алып салгандай жалкоолуктан арылып, бир апта бою ибадаттарымды ушундай аруу сезимдер менен чын ыкластан кылаар элем» дейт.

Бул жаатта Умар бин Абдулазиз мындай дейт:

«Мединанын Ислам укукчу аких-аалымдарынан Убайдуллах бин Абдуллах менен бир жыйында болуу мен үчүн бүтүндөй дүйнөдөн алдаканча жагымдуу да, пайдалуу. Мындай адамдар менен баарлашып маектешүү акылга көрөңгө, жүрөккө бейпилдик тартуулайт»

Улуу олуялардан Абул-Хасан Шазилийдин шакирттеринен бирөө сукбаттарга такыр келбей калат. Күндөрдүн биринде Абул Хасан олуя ошол шакиртине жолугуп калып ага:

- Бизди таштап кеттиңби? Сукбаттарыбызга да келбей калдың? – деп суроо салат.

Шакирти:

- Ушул күнгө чейин сизден алган илимим мага жетет. Сизге эми муктаждыгым жок – деп кесе жооп кайтарат.

Анда устат шакиртине кайрылып:

- Эх, уулум! Эгер шакирттин устатынан алган береке-кутун чектегени туура болгондо, азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздан алып жүргөн береке-кутка чек койоор эле. Ал эми ал акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* көз жумганга чейин аны таштап кетип калган эмес эле...деген экен.

Албетте, тек гана азирети Абу Бакир эле эмес, кутман сахабалардын баары акыркы Элчинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* сукбатына бир башкача ышкы менен барып, андан руханий дем-күч алышаар эле. Учурунда азирети Пайгамбарыбыз сахабаларын ар качан дилмаектерине чакыра турган. Анткени анын элди Исламга чакыруудагы эң негизги усул-ыкмаларынан бири дал ушул сукбат-дилмаек эле.

Бул жерде «дилмаектин убагына жана боло турган жерине олуттуу мамиле жасоо» деген дагы бир маанилүү жагдай бар. Бул багытта Абдуллах бин Масуд мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизди тажатпоо үчүн сукбатты эң ылайыктуу учурга белгилей турган» (Бухарий, Илим, 11).

Сахабалардан Абу Вакид ал-Лайсий *(Алла ага ыраазы болсун)* мынабул окуяны айтып берген экен:

Күндөрдүн биринде мечитте азирети Пайгамбарыбыз менен бирге отурганбыз. Бир кезде сырттан бейтааныш үч адам көрүндү. Бирөө терс бурулуп кетип калды. Калган экөө ичкери кирип келишти. Экөөнүн бирөөсү арабызда бош орунга келип отурду. Экинчиси болсо, арабызда орун калбагандыктан эч кимди тынчсыздандырбоо үчүн Пайгамбарыбызды тегеректеп отурган биздин артыбызга келип тизе бүгүп олтурду.

Бир аздан кийин Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сукбатынын жүрүшүндө мындай деди:

*«Силерге береги үч адамдын абалы жөнүндө айтып берейинби? Араңарга кошулуп олтурган адам Алла Таалага баш калкалады. Алла Таала аны Өз карамагына (ыраакымына) алды.*

*Экинчиси Алла Тааладан ыйбаа кылды, адеп сактады. Алла Таала аны азабынан алыстатты.*

*Ал эми мечитке кирбеген үчүнчү адам болсо, бул жыйындан жүз үйүрдү. Алла Таала да андан жүз үйүрдү»* (Бухарий, Илим, 8).

Бул хадистин маани-маңызы менен жакындан таанышкан улуу Ислам аалымдары илимдин сересинде болушса да, ар дайым Алла Тааланын сүйүктүү олуя пенделеринин сукбат жыйындарына олуттуу түрдө мамиле жасап, катышууга жанүрөшкөн. Маселен, Имам Ахмад бин Ханбал (Алла Таала аны өз ыраакымына бөлөсүн!) улуу олуялардан Бишр-у Хафийдикине көп барып, аны менен дилмаек кураар эле.

Бир күнү шакирттеринен бири Ахмад бин Ханбалга:

- Устат! Сиз Куран жана сүннөт илимдери боюнча мужтахид[80] аалымсыз. Ошондой болсоңуз да, катардагы мындай адам менен тыгыз байланыш кургандыгыңыз сизге жарашпайт го дейм... – дейт суроолуу карап.

Анда имам Ахмад бин Ханбал:

- Ырас, силер айтып жаткан жагдайларды (б.а., укуктук маселелерди) мен андан дагы жакшы түшүнөм. Бирок ал Жараткан Алла Тааланы менден дагы жакшы билет. Ал Аны (Алла Таала) менен менден дагы жакындан тааныш! деп жооп кайтарган экен.

**в. Кызмат**

Тасаввуфтук тарбияда кызматтын өзгөчө зор мааниси бар. Жан дүйнөнү кичи пейилдик, боорукерлик, чын ыкластуулук сыяктуу сезимдер менен ажарын ачуунун

даңгыр жолу кызмат аркылуу өтөт. Ошол себептен муршиддер шакирттерин тарбиялоодо кызматты өзүнчө ыкма катары колдонушат.

Ислам адебинин өзөгүн издей турган болсок, аны Жараткан Аллага эң аруу сүйүү менен чын ыкластан «бет алуудан», ал эми бул бет алуунун жападан жалгыз белгисин, эч калетсиз, «кызматтан» табабыз. Себеби кызмат Жараткан Алланын алдына жарык маанай менен алып бара турган баскыч.

Бул баскычтан кандай гана бактылуу адамдар өткөн! Пайгамбарлар баш болгон Жараткандын сүйүктүү пенделери, олуялардын баары дал ушул баскыч аркылуу ар бири өзүнө жараша жогорку даражаларга чыга алышкан. Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Тигил же бул коомдун мырзасы бул аларга кызматчы болгон адам эсептелет...»* деген хадиси буга ачык-айкын ишарат жасап турат (Дайламий, Муснад, 2, 324).

Андыктан пенде үчүн жогорку даражалардын жана түбөлүк бакыттын жолу чын ыклас менен аткарылган кызмат аркылуу өтөт. Кызматтын маанилүүлүгүн ушул жерден билиңиз, ордуна жараша Жараткандын ыраазылыгы үчүн жасалган ийненин көзүндөй кызмат нечелеген нафил ибадаттардан артык болгон учурлар да кездешет. Мунун мисалын төмөнкү хадистен да байкоого болот:

«Сапарга чыккандардын арасында Алланын Элчиси да бар эле. Жолоочулар тыныгуу үчүн ылайыктуу жер тандашып, дароо төөлөрдү чөгөрүп, жүктөрдү чечишет. Орозо кармаган сахабалар курсак ачып, чаалыккандыктан баштарын катып уйкуга кетишет. Орозо кармабагандары болсо, көлөкөлөгөнгө чатыр тигип, орозо кармагандарга даарат алуулары үчүн суу ташышат. Ооз ачар маал болгондо Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дейт:

*«Бүгүн орозо кармабагандар (орозо кармагандардан) ашыкча соопко ээ болушту»* (Муслим, Сыям, 100-101).

Үммөтүн ар качан адал жолго чакырган акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)*Куба жана Набавий (пайгамбар) мечиттерин курууда, Хандак казатында аң казууда кадырман сахабалардын тоскоолдугуна карабастан алар менен чогуу теңата иштеген. Анын мындай кичи пейилдиги, элге кызмат үчүн бар күчүн жумшашы бүтүндөй үммөт үчүн теңдешсиз үлгүлүү инсан экендигин дагы бир жолу тастыктап турат. Анын өмүр таржымалына назар салганыбызда, өмүрүн башынан аягына чейин Жараткан Аллага, инсаниятка жана бүтүндөй жандуу-жансызга арнагандыгына күбө боло алабыз.

Ошол куттуу жандын өмүр булагынан даам сызууга дилгир жандардын өмүр жашоолорунда да кызмат эң көрүнүктүү өзгөчөлүктөрүнүн катарынан орун алган. Тагыраак айтканда, Жаратканды жан дили менен сүйгөн жана Жараткандын буйругу менен акыркы Пайгамбардын жолун жолдогон ар бир пенде кызмат кылууга чын ыкластан жанүрөгөн. Мындай пенделер асмандагы Күнгө окшоп, айлана-чөйрөгө жарык чачкан сайын жарыгы албырттап кайра күч алган. Кеч күздүн суугу да, кыштын ызгаары да аларга кенедей дагы зыян бере алган эмес. Башкача айтканда, алар миң бир түрлүү жан-жаныбарлар, түркүн түстүү өсүмдүктөр, гүлдөр, бак-дарактар жан азык алган дайралар сыяктуу. Бул дайралар улуу сүйүүнүн учу-кыйырсыз мухитин көздөй агып, түбөлүк бакыттын чордонуна багыт алган.

Бул акыйкаттын өзөгүн жакшы түшүнгөндөр элге ажо болушса дагы, өздөрүн ар качан кызматчы катары көрүшкөн. Учурунда Явуз Султан Салим хан алп Осмон мамлекетинин тизгини өзүнө тапшырылган соң мечиттердин биринде имамдын аны:

«Хаакимул-Харамайниш-Шарифайн» (Мекке менен Мединанын башчысы) – деп аташы оор келип, бул сөздү «ХаадимулХарамайниш-Шарифайн» (Мекке менен Мединанын кызматчысы) деп өзгөртүшү ошол асыл ойдун жана кулчулуктун негизги максатын жакшы түшүнгөндүгүнүн белгиси десек жаңылышпаспыз.

Убайдуллах Ахрар олуя бул багытта:

«Биз бул жолду тек гана тасаввуфтук китептерди окуу аркылуу эмес, окуп үйрөнгөнүбүздү чама-чаркыбызга жараша жүзөгө ашыруу менен, элге кызмат кылуу менен басып өттүк» дейт.

Бул сөз ийгиликке жетүүдө бир нерсени билүүнүн жалгыз өзү жетишсиз болгондугун, билип үйрөнгөн нерсени сөзсүз түрдө жүзөгө ашыруу зарылчылыгы талап кылынаарын тастыктайт.

Демек, кызматтын Жараткан Алланын ыраазылыгына себеп болушу айрым бир шарттарга байланыштуу болот. Кызмат чын ыкластуулук, мээримдүүлүк, боорукерлик сыяктуу аруу сезимдер менен жандуу-жансызга мамиле жасоо аркылуу Жалгыз Жараткан Алланын ыраазылыгын көздөөнү талап кылат. Башкача айтканда, кызмат напсинин миң бир түрлүү чолок максаттарына эмес, Улуу Жараткан Алла Тааланын гана ыраазылыгына багытталышы кажет. Мына ушул аруу максатта Пайгамбарыбыздын тили менен айтканда, бирөөгө «жарым курма» берүү дагы түбөлүк бакытка себеп болоору анык.

Убайдуллах Ахрар олуя мындай дейт:

«Күндөрдүн биринде базар аралап жүрсөм, бир киши жаныма келди.

- Ээ, кагылайын! Курсагым абдан ачты. Алланын ыраазылыгы үчүн ...– деп менден кайыр сурады. Алланын ыраазылыгын укканымда кадимкидей чыйрала түштүм. Дал ошол маалда чөнтөгүмдө бир тыйыным жок болчу. Болгону селдеме оролгон эски кездеме бар эле. Жаныбызда турган бир ашканага кирип ашпозчуга кайрылдым:

- Бирбоорум! Сураныч, мына бул адамды тойгузуп койолучу. Мобуреки кездемени ал! Эски болсо да, таза. Балким, идиштерди аарчып кургатууга керектеп калаарсың – дедим.

Жүрөгүндө ыйман уялаган ашпозчу айткандарыма макул болуп тиги адамга тамак салып берди да, мен берген кездемени кайтарып бергиси келди. Алланын ыраазылыгына арнаган буюмду кайра алууну эп көрбөдүм».

Убайдуллах Ахрар олуя кийинчерээк Алла Тааланын берекеси менен мал-мүлктүү да болот. Бул учурда эгин талаасында миңдеген адамдар иштеп алакан жоорутуп күнүмдүк оокатын табышкан. Ал «элге кызмат!» деген ураан менен өмүр сүргөн. Руханий улуу жолдо бышып-жетилүү үчүн тааныган-таанybагандын баарына колдон келген жакшылыгын жасаган. Ошол бардар болуп тургандагы абалы жөнүндө өзү:

«Самарканд шаарындагы «Мавлана Кутбиддин» атындагы медреседе жаткан төрт оорулуунун чыгымдарын өз мойнума алдым. Алар өтө оор дартка чалдыккандыктан жаткан жерин булгап койчу. Мен алардын төшөнчүсүн, шейшептерин жана кийим кечелерин жууп, кургагына алмаштырып, тамак-аш, дары-дармектерин жедирип-ичирип жүрдүм. Убакыттын өтүшү менен алардын оорусу мага да жукту. Мен да алсырап, боюмду араң токтотуп жүргөнүмө карабай аларга кылган кызматымды уланта бердим» деген.

***

Жараткандын сүйүктүү пенделеринин өмүр жолундагы элге кызмат кылуулары биз үчүн өзүнчө үлгү. Мусулман адам канчалык бай болбосун, байлыгынын акысын руханий абалына жараша бере алат. Руханий жактан бышып жетилүү Убайдуллах Ахрар сыяктуу байлыкты адал жолдо туура пайдаланууну талап кылат.

Кызмат кылуунун маанилүүлүгүн Маруф ал-Кархий аттуу олуянын мына бул окуясынан да байкасак болот:

Бир күнү кечке жуук улгайып калган оорулуу бир адам Маруф ал-Кархийдин үйүнө мейман болот. Мейман болуп келген бейтааныш адам иреңи кубарып, ал-күчтөн тайганы көрүнүп турат. Маруф Кархий колунан келген сыйын көрсөтүп, уктап эс алып алсын деп ага төшөк салып берет.

Карыя оорусунун жан сыздаткан азабына чыдай албай онтоп кирет. Ал кээде жөөлүп айкырып-кыйкырган сайын үйдөгүлөрдүн үрөйү учат. Алда не болуп кетээр экен деп санаага баткан үйдөгүлөр такыр уктай албай коюшат. Айкырып-кыйкырганы аз келгенсип бейтап карыя жанындагы өзүнө кам көрүп жаткан адамдарды кагыпсилкип, зекигенге чейин барат. Абышканын ороймлугуна чыдай албаган бала-бакыра бирден, экиден болуп башка бөлмөгө качышат. Бейтаптын жанында Маруф Кархий менен байбичеси гана калат.

Түнү бою кирпик какпай карыянын оорусу менен алпурушуп Маруф Кархий бир топ күндү өткөрөт. Ошол күндөрдүн биринде бир саамга болсо да анын да, уктап алгысы келип жаны жер тартып калат. Ошондо да муздак сууга малынган чүпүрөктү карыянын маңдайына басып олтуруп көзү илинип кетет. Муну байкап калган карыя өзүнө өз баласындай мээрим төгө көңүл бөлүп жаткан Алланын сүйүктүү пендесине ырахмат айтуунун ордуна акаарат келтирип:

– Сен эмне деген адамсың, ыя?! Буларың сыртынан «такыбаа» көрүнгөнү гана болбосо, аныгында эл көрсүн деп жашашат! Булардын бардык иши көйрөңдүк! Тышы таза көрүнгөнү менен ичи былык! Бирөөнү такыбаалыкка чакырат да, өздөрү аткарышпайт. Менин ооруп жатканымды көрүп турат да, кыйшайып уктап баратат. Өз курсагын тойгузуп уйкуга кеткен көрпенде канча күндөн бери уктай албай ооруп жаткан байкуштун абалын түшүнмөк беле! – деп дөөрүйт.

Карыянын мындай оор сөздөрүнө Маруф Кархий сабырдуулук менен унчукпайт. Укмаксанга салып койот. Бирок сабыры түгөнгөн жубайы чыдай албай күйөөсүнө шыбырап:

– Оозуна алы келбеген бул чалдын эмне дегенин өз кулагыңыз менен уктуңуз. Мындан ары аны үйүбүздө кантип кармайбыз? Өзүбүз да кыйналып кеттик, айрыкча азабын сиз тартып жатасыз. Бул жерден тезирээк кетсинчи... Жакшылыкты билген адамга жасаса болот. Жакшылыкты билбеген кесир кайра минтип боорго тебет. Азыр биз жамандын коногу бийлейт болуп жатабыз. Мындай немелерди тим койсоң өтүгүн төргө илишет! – деп ачууланат.

Анда байбичесин унчукпай уккан Маруф Кархий ууртунан жылмайып:

– Анын сөздөрүн сен көңүлүңө алба, капа да болбо! Ал кыйкырса, мага кыйкырып жатат, ачууланса мага ачууланып жатат. Анын сага жагымсыз сезилген сөздөрү мен үчүн балдай таттуу. Өзүң көрүп турасың, ал бул жерге келгенден бери жанын койорго жер таппай кыйналып, азап чегип жатат. Биздей болуп кыйналбай дем ала албай жатканын көрүп турасың, же уктай алсачы, байкуш.

Чыныгы боорукерлик, нукура адамгерчилик мына ушундайлардын кыйынчылыгын тарта билүүдө жатканын эсиңизден чыгарбаңыз! – деп жооп кайтарган экен.

Бул окуяны айтып берген Шейх Саадий:

«Кызматтын жогорулугу колунда болуп, деңсоолугуң чың кезде алсыздардын жеңилин жерден, оорун колдон алууда жатат» дейт.

Алланын сүйүктүү пенделери кандай гана таасын айткан:

«Тасаввуф – бул жар болуп, жүк болбоо» деп. Тагыраак айтканда, элге колдон келген жардамды берүү менен бирге бирөөгө жүк болбоо.

Кызматтын жогорулугу аны жүзөгө ашыруудагы эмгектин талабына жана улуу максатка багытталышына жараша болот. Кызмат жалгыз Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн гана кылынышы керек. Андыктан кызматта кызмат көрсөтүлгөн тарапка милдет кылуу, же элге көрүнүү Ислам динине өтө жат көрүнүш катары кабыл алынат.

Абдуллах бин Муназил айткандай: «Кызмат кылуудагы адеп кызматтан да жогору!» Бул багытта Мавляна олуя:

«Алла Таала үчүн иште, Алла Тааланын аруу сүйүүсү үчүн кызмат кыл! Адамдардын сени жылуу кабыл алышы же жек көрүп четке кагышы менен эмне ишиң бар?! Утурумдук бул дүйнөнүн базарында сага сан жеткис байлык бере турган кардар катары Алла Таала жетиштүү эмеспи? Алла Тааладан ала турган байлыктын (чексиз бакыттын) алдында адамдардан ала турган эки тыйының эмне болуп калыптыр?!... Ошондуктан адамдардын ыраазычылыгын эмес, Жараткан Кудуреттин чексиз ыраакымын күткөнүң дурус!» дейт.

Ислам олуя-аалымдарынын элге айта турган кебинин төркүнү дал ушул жерде жатат. Бул жаатта Амир Кулал олуя шакирти Бахауддин Накшибандга:

«Ар качан бирөөнүн көңүлүн көтөрүүгө жанүрө! Күчсүздөргө кызмат кыл! Жүрөгү канаган алсыздарга дабаа бол! Булар элден эч кандай жардам көрбөй калган адамдар. Мындай адамдарды издеп тап, кызмат кыл!..» деген акыл-насаатын айткан экен.

Мына ошол айтылуу Накшибанд олуя бул жолго киргендеги алгачкы жылдары бой көтөрүүчүлүктөн толук арылуу үчүн оорулуу адамдарга, ал-күчтөн тайган карыкартаңдарга, кароосуз калган жетимдерге жардам берип, жарат алган жаныбарларды дарылап, эл өтчү жолдорду тазалап жети жыл бою ак эмгеги менен чын ыкластан кызмат өтөгөн.

Өзү бул багытта мындай дейт:

«Устатымдын айткан насааты боюнча узак жылдар бою аракет кылдым. Мага тапшырган кызматтардын баарын аткардым. Ичимдеги текеберлик сезимимдин алсыраганын байкадым. Жолдо келаткан адам же жан-жаныбарлар өтүп кеткенге чейин турган жеримде адеп сактаган абалымдан жазбай турган болдум. Мына ушул абалымдан жети жыл жазганым жок. Бул кызматтын натыйжасында алардын кадимкидей ичтен сыздап, аянычтуу үн менен Жараткан Кудуретке жалынып-жалбаргандыктарын сезиптуйаар абалга келдим»

Бул окуяны Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн чын ыкластан кызмат кылуунун таасын мисалы десек болот.

Жараткан Алла Таала такыбаа пенделери жөнүндө аяттардын биринде:

«... Алар жакшылык кылууда бири-бири менен жарышышат!» (Аали Имран сүрөсү, 114-аят) деп буюрат. Такыбаа мусулмандардын бири-бири менен жарышкан мындай жакшылык иштеринин көрнөгү катары учурда Ислам фонддорун да көрсөтүүгө болот. Эң кайрымдуу адамдар адам баласын ар качан адал жолго чакырып келген пайгамбарлар, андан соң сахабалар, олуялар жана алардын тарбиясын алып, руханий жактан бышып жетилүүгө жанүрөгөн мусулман пенделер болуп эсептелет.

Ырас, кызматтын көп түрү бар. Алла Тааланын ыраазылыгы үчүн жасалган аракеттердин бардыгы кызматтын алкагынан орун алат. Бул жерде негизги маселелердин бири – бул материалдык жактан болобу, руханий жактан болобу, айтор, кай тараптан болбосун, кызмат кылууда эң ириде адамдын чын ыкластуулугу, шык-жөндөмдүүлүгү

жана аракети талап кылынат. Себеби Алла Таала ар кимге ар кандай шык-жөндөмдөрдү ыроолоп, аны табиятына жараша тигил же бул ишке алдаканча ийкемдүү кылуу менен бирге ал үчүн материалдык жана руханий ийкемдүүлүктөрүн кошо тартуулаган.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* акыркы коштошуу кутбасын берүү учурунда болжолдуу түрдө жүз жыйырма миң (120 000) сахаба бар эле. Бул сахабалардын жүз миңден көбү дүйнөнүн чар тарабына тарап, өздөрүн Алланын ыраазылыгына арнап, өмүрлөрүнүн акырына чейин ошол «ак менен караны» элге жеткизүүнүн камын көрүүгө бар күчү менен жанүрөп, ар кайсы жерлерде көз жумушкан. Маселен, бүгүнкү күнү азирети Осмон менен азирети Аббастын *(Алла аларга ыраазы болсун)* балдарынын мүрзөлөрү Самарканд шаарында болсо, дагы бир катар сахабалардын сөөгү Стамбул шаарында жатат. Ал эми Мекке жана Медина шаарларында калгандар болсо, борборду коргоп, Ислам дининин тамыр алышында ак кызмат өтөшкөн.

Абу Аййуб ал-Ансарийдин *(Алла ага ыраазы болсун)* сексенден ашса дагы, эки жолу Стамбул чебинин алдына чейин барып, ошол жерден жан таслим болушу адамдарды эки дүйнөлүк бакытка чакыруу менен Жараткан Алланын адал жолу үчүн күйүпжануунун эң бир таасын үлгүсү болуп кала берди.

***

Мына ошол Алланын ыраазылыгы үчүн күйүп-жанган кутман

сахабалардан бири Вахб бин Кабша *(Алла ага ыраазы болсун)*. Бул кутман сахабанын сөөгү Кытайда[81]. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз аны Кытайга Ислам динин жеткирүү кызматына өзү дайындаган. Ал учурдун шартында Арабстандан Кытайга бир жылдык жол болгон. Бул сахаба узун сапар жол жүрүп Кытайга жетип, узак жылдар бою болгон аракети менен Ислам динин жайылтуу үчүн жанүрөдү. Ошол күндөрдүн биринде адал жол үчүн күйүп-жанган Вахб жан дүйнөсүн куйкалаган акыркы Пайгамбарды көрүү кусалыгына жетеленип, Мединанын жолуна түштү. Бир жылга созулган машакаттуу сапардын коштоосунда Мединага келди. Бирок, айла канча?! Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* одүйнө салып кеткен эле. Ошентип ал көз жашын чуурутуп, Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* тапшырган кызматтын аруулугун аңдап кайра Кытайды көздөй жол тартып, өмүрүнүн акырына чейин ошол адал жолдун ак кызматында жүрүп жан берди.

Албетте, булар ыйман ышкысы менен гана орундала турган ак кызматтын ачык-айкын жандуу мисалдары. Алардын ак кызматка болгон ышкысы, дем-күчү биз үчүн түбөлүк бакыттын жолун көрсөткөн жылдыз сыяктуу.

Эч калетсиз, кутман сахабалар бул даражага азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын өзгөчө тарбиясынын алкагында жетишкен. Алардын да өмүр таржымалынан мынабу тогуз жагдайга олуттуу мамиле жасашкандыгын байкай алабыз:

1.Алла Таалага кызмат; б.а., Жараткан Алланын жарлыкбуйруктарын жан дил менен сүйүп чын ыкластан аткаруу.

2.Азирети Пайгамбарыбызга кызмат; ага жан дилибиз менен урмат-сый мамиледе болуп, куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоо.

3.Ислам олуя-аалымдарына кызмат; аларга карата адеп сактап, урмат-сый көрсөтүү.

4.Ата-энеге кызмат; Курандын тили менен айтканда, аларга эч качан «уф-ф» деп кыр көрсөтпөй, жылуу мамиле жасап, ыраазычылыктарын алуу.

5. Балага кызмат; баланын чыныгы мусулман катары чоңойушуна себеп болуу.

6.Тууган-туушкандарга кызмат; алар менен жылуу, сый мамиледе болуп, аларга жакшылык кылуу.

7.Мусулмандарга кызмат; мусулмандардын кайгысы менен да, кубанычы менен да тең бөлүшүү.

8.Бүтүндөй инсаниятка кызмат; ар качан адамзатка пайдалуу болуу үчүн аракет кылуу.

9. Жандуу-жансызга кызмат; жандуу-жансызга боорукер сезим менен жылуу мамиле жасоо.

Бул багытта Али Рамитаний:

«Милдет кылып жакшылык жасагандар көп. Бирок кызматты Жараткандын өзүнчө белеги катары билгендер аз. Сиз кызмат кылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болууну өзүнчө белек катары кабылдап, кызмат кылгандарыңызга ыраазы болсоңуз, элдин жүрөгүнөн түнөк табасыз. Эң негизгиси Жараткан Алланын ыраазылыгына ээ болосуз» дейт.

Адам баласы ар качан жан дүйнөсүнүн бейпилдигин издеп келет. Бул бейпилдикке ибадат ышкысы менен орундалган кызматтар аркылуу жетүү мүмкүн. Ошондуктан кызмат кылуунун мааниmaңызын түшүнгөн момун-мусулман адам ар дайым кызмат кылуу мүмкүнчүлүктөрүн таба алат. Ал Алланын ыраазылыгы үчүн дүнүйөнүн аркасынан сая куугандардын аракетинен дагы жогору ышкы менен жакшылык кылууга жанүрөйт.

Улуу сүйүүдөн жан азык алган кызмат ышкысы жүрөктөн орун алган кезде пендени түбөлүк бакыттын жолоочусуна айлантат. Жүрөк таш жүрөктүктөн арылып, боорукерликтин булагына жуулуп, тазаланат. Мына ушундай жүрөк менен алынган илим пенденин өзүнө да, жалпы элге да пайдалуу болот. Ошондой эле Алланын ыраазылыгы үчүн чын ыкластан аткарылган кызматтар Жараткандын алдына жарык жүз менен барууга себепкер болот.

**г. Таважжух**

Таважжух – бул муршид өзүндөгү руханий күчүн шакиртинин жан дүйнөсүнө багыттоо аркылуу ага руханий абалын, дем-күчүн өткөзүшү. Тагыраак айтанда, муршид өзүндөгү асыл сапаттарын шакиртине руханий өңүттөн өткөзүп бериши. Буга «көпүрө» кызматын өтөгөн көптөгөн себептер бар.

Биз бул жерде ошол себептерден «көз» (назар) жана «өз» жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

**Көз (Назар):**

Көз – бул назар салуучу кызматты аткарат. Эл оозунда «назар» сөзү негизинен тигил же бул нерсени кароо аркылуу жүзөгө ашкан терс таасир үчүн колдонулат. «Көз тийиптир», «сугу түшүптүр» деген сөздөр муну таасын айгинелеп турат. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз назардын бул түрүнө ишарат жасап:

*«Көздүн тийиши чындык!»* (Бухарий, Тыбб, 36) *«Назар адамды көргө, төөнү казанга (өлүмгө) жетелейт!»*

деген (Суйутий, Жамиус-Сагиир, 2, 60).

Ырас, назардын таасири жалпы элге маалым. Бирок көз аркылуу жүзөгө ашкан таасир -көпчүлүк адамдар ойлогондойжалаң гана терс эмес, оң өңүттүү да болушу толук ыктымал. Мунун себеби назар салган көздөн адамга толугу менен белгисиз бир нурдун өтүшүндө жатат. Таасир дал ушул нурдун оң же терс өңүттүү болушуна түздөн-түз байланыштуу.

Бүгүнкү күнү «нур» жөнүндөгү физикалык маалыматтар анын таасирин илимий жактан толук кандуу түрдө тастыкталган талашсыз чындык катары кабылдашыбызды мажбур кылууга чейин илгерилеп олтурат.

Өткөн кылымда табылган «лазер» дагы нурдун өзүнчө бир түрү. Аны менен калың темирлердин кесилишин, операциялардын жасалып жатышын баарыбыз көрүп-угуп эле жүрөбүз. Ошондой эле нурдун алдында кээ бир нерселер, өзгөчө алардын өң-түстөрү адамга кандайдыр бир деңгээлде терс таасирин тийгизиши да жалпыга маалым болсо керек.[82]

Көздүн нурунан жаралган таасир ар качан караган адам менен назар салынган адам үчүн бирдей даражада болбойт. Чынында эле кээ бир көздөрдөн чыккан -терс же оңнурлар күчтүү болсо да, ар кимге ар түрдүүчө таасир этет. Айрым бир адамдардын таасир алуу ийкемдүүлүгү жогору болсо, кээ бириники орто, кээ бир адамдардыкы өтө төмөн болот. Көзүнөн күчтүү, бирок терс өңүттүү нур чыккан адамдарды эл «суук көз» деп, алардан сак болууга аракет кылышат.

Назар айрым бир жаныбарларда да болот. Маселен, «гадюка» (энгерек) жыланынын назары абдан таасирлүү болот. Куттуу хадистердин биринде бул жыландын назары кош бойлуу аялдын боюндагы баласын түшүрүп алышына, алтургай кээ бир адамдардын өлүмүнө да себеп болоору маалымдалган.[83]

Тасаввуфтук руханий тарбияда дал ушул «назар» маселесинин өзгөчө орду бар. Муршиддер руханий тарбиянын натыйжасында назарларынын таасир күчү жогорку даражага жеткен адамдар болуп эсептелет. Мындай дем-күч, кубат аларга Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздан мураска калган.

Инсанияттын арасынан руханий жактан эң жогорку даражада пайгамбарлар, пайгамбарлардан кийин кутман сахабалар турат. «Сахаба» делген кезде, дароо Алла Тааланын жалгыздыгына ыйман келтирип, азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* көргөн, анын таалим-тарбиясын алган жана акыркы Пайгамбардын назарына алынган адамдарды элестетебиз. Араб тилинде «сукбат» сөзү менен бир уңгудан чыккан «сахаба» сөзү азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын берекелүү сукбаттарында Жараткан Аллага ыйман келтирүү бактысына туш болгон адамдар үчүн колдонулат. Бул бактылуу адамдардын ушундай жогору даражага жетишинин бир себеби Жараткан Алланын ошол эң сүйүктүү Пайгамбарынын «назарына алынгандыктарына» такалат.

Олуя пенделердин арасынан эң жогорку даражага жеткен олуя пендени эң төмөнкү даражадагы сахаба менен эч салыштырып болбойт. Себеби сахабада Пайгамбардын назарынан жаралган өзгөчө артыкчылык бар. Азирети Пайгамбарыбыздан *(саллаллаху алейхи васаллам)* кийин келген мусулмандар бул назарга туш болбой калганы үчүн «сахабалык» даражага жете алышпайт. Ошондой эле Азирети Пайгамбарыбыздын таалимин алган сахабаларды көрүү бактысына ээ болгон мусулмандар «тааби-иин», ал эми тааб-ииндерди көрүп калгандар «атба-у тааби-иин» болуу бактысына туш болушкан.

Ошону менен бирге олуялар азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханият талаасында жумушчу топтун катарын толуктаган мураскорлор болгондуктан аларды да бул багытта катардагы мусулмандар менен салыштырууга болбойт. Мына ошондуктан муршид-у каамилден толук пайдалануу үчүн анын жакшы көргөн адамдарынан болууга, анын назарына түшүүгө умтулуу абзел.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Момун-мусулмандын парасатынан (назарынан) сактангыла! Себеби ал Алланын нуру менен назар салат»* (Тирмизий, Тафсир, 15) деп айтуу менен ар бир момун-мусулмандын назарынын күчү ыйманынын даражасына жараша болооруна ишарат жасаган. Андыктан олуялардын назары жөнөкөй мусулмандардын назарына салыштырмалуу алдаканча күчтүү болот.

Жогорудагы хадистеги «этият болгула!» деген эскертүү «Руханий жактан баралына келген муршиддерге жашыруун ойлор менен барбагыла! Себеби алар артыкча парасаты менен силердин жашырып жаткан нерселериңерди да көрөт» деп жатат. Анткени назары мына ушундай күчкө толгон адамдар үчүн сырткы көшөгөлөр алынып салынгандыктан акыйкаттар даана көрүнөт.

«Назар» муршиддин руханий тарбияда колдонгон «таважжух» ыкмасынын өзүнчө «көпүрөсү» болгондуктан шакирттер үчүн муршиддин назарына илинүү Жараткан Алланын өзгөчө белеги катары кабылданат.

Өз:

Муршид руханий тарбиясынын таважжух ыкмасында колдонгон эң таасирлүү жол бул «өз». Бул «куддиса сиррух» делген олуя пендедеги «сырдын» колдонулушу аркылуу жүзөгө ашат. Мунун маани-маңызын адамдардан аны колдонгон адам гана билет. Бул «тажрыйба» жүзүндө болгондуктан китептерде жазылбайт.

**д. Дуба**

Муршид шакиртине багыт берүүдө колдонгон ыкмаларынан дагы бири – бул дуба. Бул дагы акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтүнө такалат.

Учурунда азирети Умар мусулман болгонго чейин эң коркунучтуу кылмышка, б.а., азирети Пайгамбарыбызды өлтүрүү кылмышына барууга бел байлаган эле. Бирок акыркы Пайгамбардын бул окуядан мурун Жаратканга алакан жая кылган дубасынын берекеси менен азирети Умар ошол оор кылмышынан баш тартып, Жаратkандын адал жолуна кадам таштаган эле. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын жашоосунда буга окшогон мисалдар арбын.

Азирети Пайгамбарыбызды учурунда таш бараңга алган Таифтик Сакиф уруусун жер менен жексен кылып жиберүүгө даяр турган периштелерге ал бул дүйнөгө «ырайымдуулуктун пайгамбары» катары жөнөтүлгөндүгүн айтып, Сакиф уруусу үчүн Жараткан Аллага алакан жая адал жолго түшүүсүн суранып дуба кылган. Мына ушул дубанын берекеси менен бул уруу кыска мөөнөттүн аралыгында мусулман болуп, Пайгамбарыбызга келишкен.[84]

Шайба аттуу бир сахаба мынабу окуяны айтып берген:

«Хунайн казатында акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен бирге болдум. Мен мусулмандарга жардам берүү үчүн эмес, Хавазин уруусу Курайш уруусуна жардам берип, мусулмандарга каршы согуш жарыялашы мага абдан оор келгендиги үчүн гана согушка чыккан элем. Согуш учурунда Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- Мен ак-кара аттарды көрүп жатам – дедим.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*- Шайба, билесиңби, мусулмандарга жардам берүү үчүн келген ал аттарды каапырлар гана көрөт* – деди да, колу менен аркама уруп, Жаратканга:

*«Оо, Жараткан Алла! Шайбага туура жолуңду көргөзө көр...»* деп дуба кылды. Бул дубаны экинчи жолу кайталап, дагы урду. Үчүнчүсүндө да ушул эле дубаны кайталап,

аркама уруп колун алган кезде мен үчүн жер жүзүндө андан өткөн сүйүктүү эч бир адам калбагандай жан дүйнөм балкып эле олтуруп калдым» (Ибн Касир, ал-Бидая, 4, 333).

Атактуу хадисчи сахаба азирети Абу Хурайранын апасы да уулунун ыйман чакырыгын канча ирет четке какканына карабастан, акырында акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* ак дубасынын берекеси менен адал жолго түшкөн.[85]

Дубанын таасири азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* мураскорлорунда да жогору даражада болот.

Дуба тигил же бул өңүттө өзүнүн жыйынтыгын берет. Эгер дубадагы сураныч «кадар-у мутлакка» (Жараткан сызган ченөлчөмгө) каршы келгендиктен натыйжасыз калса, анын акыбети акыретте берилет. Бул жагдай хадистер менен тастыкталган.[86]

Ошондой эле дубанын береке алып келиши үчүн сөзсүз түрдө такыбаа пенденин дуба кылышы шарт эмес. Ал үчүн эң ириде чын ыкластан жан дил менен дуба кылуу зарылчылыгы талап кылынат. Андыктан такыбаа болобу, күнөөкөр болобу, айтор, ким болбосун, мусулман боордошу үчүн чын ыкластан кылган дубасы дагы өзгөчө мааниге ээ. Пенде канчалык күнөөгө батса да, Алла Таала андан жүз үйрүбөйт. Себеби Алла Тааланын ыраакымы чексиз! Ошону менен бирге бул дүйнөдө пенде үчүн көз жумганга чейин Жараткан Аллага алакан жая кечирим суроо мүмкүнчүлүгү да жандуулугун сактайт.

Мына ошондуктан айрым бир пенделердин «менин дубамдан эмне чыкмак эле» деген чолок ойго алдырып, өзү, жакындары үчүн, ошондой эле жалпы мусулмандар үчүн дуба кылуудан тартынганы дурус эмес. Эң күнөөкөр пенденин жан дили менен Жаратканга тизе бүгүп бирөө үчүн кылган дубасы дагы кабыл болушу толук мүмкүн. Жараткан Алла каалаган пендесинин дубасын кабыл кылаарын эсибизден чыгарбоо абзел.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларын мусулман боордоштору үчүн Жараткан Аллага ар качан дуба кыла жүрүүгө чакырган. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* умра ибадатын аткарууга жол сураган азирети Умарга уруксат берип жатып:

*«Дуба кылганыңда бизди унута көрбө (биз үчүн да дуба кыл), боордошум!»* деп андан өзү үчүн да дуба кылышын суранган (Тирмизий, Даават, 109; Абу Давуд, Витр, 23).

Азирети Умар акыркы Пайгамбардын суранычынын алдындагы сүйүнүчү менен тең бөлүшүп:

«Ошондогу сүйүнгөнүмдү айтпаңыз, кубанычым койнума батпай бүт дүйнө менин алдыма жайылып калгандай эле болду» дейт.

Албетте, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Алланын алдында бүтүндөй жандуу-жансыздын арасынан эң сүйүктүү пенде. Ошондой болсо да, ал сахабасынан мына минтип өзү үчүн да дуба кылышын суранган. Бул жагдай руханий жактан баралына келген пенделер дагы руханий өңүттөн өздөрүнөн төмөн даражадагы адамдардын дубаларынан да пайдалануу мүмкүнчүлүгү болгондугун айгинелеп турат.

Азирети Пайгамбарыбыз дагы бир күнү азирети Умарга:

*«Таабi-иинди*н[87] *арасынан эң кайырлуу адам «Увайс» аттуу адам болот. Ал Алла Таалага ант берсе, Жараткан Алла аны берген антына бекем турушун камсыз кылат. Андыктан силерден ким аны менен жолукса, ал силер үчүн Жараткандан кечирим тилесин!»*[88] – деген. Азирети Умар кийин Вайсал Каранийге жолугуп, андан дуба кылышын өтүнгөн.

Жогорудан маалым болгондой эле, айрыкча такыбаа, Жараткандын сүйүктүү пенделеринен жакшылык үчүн жалгыз Жараткандын Өзүнө гана алакан жая дуба

кылышын сурануу бул акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жалпы үммөтүнө, момун-мусулмандарга болгон сунушу.

*Сен (ар качан) кечиримдүүлүктүн жолун карман! (Элди) жакшылыкка гана чакыр!...*

*(Аараф сүрөсү, 199-аят)*

## Д. ТАСАВВУФТУК ЫКМА

### 1. Туура жол жана ыраиАымдуулуктун ыкмасы

Тасаввуфтук руханиис  тарбиянын маани-маңызын жакшы түшүнгөн муршиддер акыркы Паис гамбардын жолун жолдоп, көптөгөн адамдардын адал жолго түшүшүнө себепкер болушкан. Алар руханиис  тарбияда шакирттердин шык-жөндөмүнө жараша аларга жылуу мамиле жасоону өзүнчө эреже катары кабылдоо аркылуу чоң иис гиликтерге жете алышкан. Алланын сүис үктүү пенделеринин жашоосу бул маселеге баис ланышкан миң бир түрлүү мисалдарга толо. Мына ошол мисалдардын бирин Ибрахим Хаккы Эрзурумиис дин жашоосунан да баис коого болот.

Рамазан аис ы. Күндөрдүн биринде ооз ачмакка Эрзурум облусунан бир аис ылга чакырылган Ибрахим Хаккы устатты алып баруу үчүн бир аис ылдан экинчи аис ылга аты менен каттап иштеген бир каис ырдин адам жиберилген эле. Ибрахим Хаккы учурунда азирети Умардын Кудус шаарына бир төөгө кулу менен кезектеше минип баргандыгын үлгү кылып, чакырылган аис ылга барганча атты тиги адам менен кезектеше минип барууну көздөис т. Каис ырдин олуянын сунушуна:

- Аис ылдагылар муну угушса, мени жаман көрүшөт. Акымды бербей койушу да мүмкүн! – деп канча каршы чыкса да, ал:

- Уулум! Демибиздин акырында кандай абалда болоорубуз белгисиз! Сен айылдагылардын сени жектешинен тынчсызданып жатасың. Мен болсо, Алланын алдында боло турган чоң сурактан коркуп жатам!...» деп сөзүнөн кайтпай коет.

Ошентип айылга жетээрде азирети Умардын мисалындагыдай болуп, кезек кайырдинге келип калат. Айылдагы мусулмандардан корккон кайырдин канчалык «чый-пыйы» чыгып андан атка минишин суранса да, Ибрахим Хаккы:

- Кезек сеники! – деп, аттын алдына түшүп айылга кирип келишет.

Кадырлуу коногун чыдамсыздык менен күтүп жаткан эл дароо кайырдинди тегеректеп:

- Ии, де! Жаш болсоң да, атыңа өзүң минип... атаңдай болгон ак сакалды жөө алып келип... Сен кандай немесиң, ыя! Биз сени менен ушинтип макулдаштык беле?! – деген сөздөр менен жектеп киришет.

Анда Ибрахим Хаккы ортого түшүп жагдайды түшүндүрөт. Эл тынчып басылып калат. Мына ошол учурда элдин арасынан бир адам тиги кайырдинге кайрылып:

- Эй, бурадар! Мына, Исламдын аруулугун өз көзүң менен көрдүң! Эч болбосо, мусулман бол! – дейт.

Анда тиги адам бир саамга унчукпай туруп:

- Эгер силер өзүңөрдүн диниңерге чакырып жатсаңар, эч качан! Ал эми мынабу пенденин динине чакырып жатсаңар, мен ал динге жолдо келатканда эле ыйман келтирген болчумун...деп жооп кайтарган экен.

Бул да болсо, Алланын сүйүктүү бир пендеси тарабынан көрсөтүлгөн өзүнчө ырайымдуулуктун мисалы. Мындай пенделер адам баласына Жараткандын жер жүзүндөгү «халифасы» болуу бактысы ыроолонгондугун жана ага аятта айтылгандай, Жараткан Кудурет: «Өз рухунан (кудуретинен бир сыр) үйлөгөндүгүн»[89] жакшы билишет. Алар күнөөгө белчеден баткан адамга да, адамдын өзөгүнө ширетилген табигый дөөлөттү эстен чыгарбай, жылуу мамиле жасап андан жүз үйрүшпөйт. Бул чынында эле талаш жаратпас эң оңтойлуу жол. Жараткан Алла Куранда бизге эң көп «ар-Рахмаан» жана «арРахиим» ысымдарын маалымдаган. Ошондой эле Жараткан Өзү «мээрими бүтүндөй жандуу-жансызды өз кучагына алган» деген маанини туюндурган «ар-Рахмаан» аттуу өзүнчө сүрөө түшүрүп, анын алгачкы аятын да «ар-Рахмаан» деп баштаган.

Андыктан адам баласына дал ушундай ырайымдуулуктун ыкмасы менен жылуу мамиле жасоо Жараткандын ыраазычылыгына эң ылайыктуу, натыйжа жагынан да өтө берекелүү жана адам баласынын көкүрөгүндө сакталуу асыл касиеттерин өөрчүтүп, көркүнө чыгаруучу өзгөчө маанилүү рол ойнойт. Себеби бул ыкма аны колдонгон адамга да, колдонулган адамга да, кыскасы эки тарапка тең өзүнчө береке-кут, бейпилдик тартуулайт. Бул ыкма руханий жактан чөгүп бараткан канчалаган пенделердин адал жолго түшүүлөрүнө себеп болбогон!.. Ал айтылуу Накшибандини «Накшибанди», Мавлянаны «Мавляна» кылган эң берекелүү ыйман булагы.

Ошондуктан тасаввуфтук ыкма ар качан өзгөчө мааниге ээ. Учурунда Анадолу монгол кыргынына дуушар болгон доордо жашаган Мавляна, Юнус Эмре сыяктуу олуялар жаралуу жүрөктөргө шыпаа болуп, алапайын таппай калган мусулмандарга руханий жактан өзгөчө дем-күч беришкен. Алар нечелеген кайдыгерлерди ыймандын мөлтүр булагына чаңкаган пенделер катары кабылдап, аларга колдорунан келишинче жардам берүүгө, кайдыгерликтин торунан алып чыгууга жанүрөп келишкен. Алар мындай пенделерди жек көрүүдөн алыс болушкан.

Алар адамдын жан дүйнөсүнө жан азык тартуулоого себеп болуу үчүн жанүрөшкөндүктөн адамдарга ар качан боорукер сезим менен жылуу мамиле жасоо аркылуу нечелеген адамдардын адал жолго түшүшүнө себепкер болушкан... Эгер алар тетирисинче орой мамиле жасашканда, ансыз да кайдыгерликтин туткунунда жүргөн адамдарды ого бетер азоолонтуп, түбү көрүнгүс туңгуюктун кургуйуна житип кетишине түрткү болуп, алар менен мамиле куруу, аларды Жараткандын адал жолуна чакыруу мүмкүнчүлүгүнөн айрылмак. Бул болсо Жараткандын буйругуна карама-каршы келмек. Ошондой эле Жараткан Алла адамзат тарыхында миңдеген пайгамбарларын жиберип, аларга эң ыңгайлуу ыкмалар менен элди адал жолго чакырууларын буйруган. Мына ушундай элди Жараткандын адал жолуна эң оңтойлуу ыкма менен чакыруу деген аруу максатта пайгамбарлардын жолун жолдогон Алланын сүйүктүү пенделери дагы жанүрөй аракет кылышкан.

Чексиз Боорукер, Чексиз Мээримдүү болгон Улуу Алла Таала пенделерин адал жолго чакырууда таасирлүү ыкма жөнүндө төмөнкүчө буйурат:

«(Эй, Элчим! Элди) Жараткан Эгеңдин жолуна даанышмандык жана көркөм насаат (жатык, жугумдуу сөз) менен чакыр!...» (Нахл сүрөсү, 125-аят)

«Акыйкатта, мен мусулмандарданмын – деп адамдарды Аллага чакырып, өзү да жакшы иштерди жасаган адамдан өткөн жакшы сөздүү (сөзү жугумдуу) ким бар?

Жакшылык менен жамандык бирдей болбойт. Сен жамандыкты жакшылык аркылуу жойууга аракет кыл! Ошондо сага кастыгы бар адам дагы сени менен өтө жакын достой болуп кетээрин (көрөсүң)» (Фуссилат сүрөсү, 33-34-аяттар).

Сунуш кылынган бул ыкманын жүзөгө ашырылышынын натыйжасында тарыхта тикенекке айланган нечелеген жандар гүлгө айланып, ыймандын мөлтүр булагынан даам сызбаган...

Мавляна олуя адамдарды туура жолго чакыруунун маанилүүлүгү жана анын негизги ыкмасы жөнүндө мындай дейт:

«Темир кара түстүү жана нурсуз болуу менен бирге сүрүлүп иштелген чакта андагы дат кетет. Бул учурда темирдин жүзү жаркып, маңдайындагы нерселер көрүнөт»

«Көөдөн шаарынын суусун булгаба! Ал жерден ай-жылдызды көрөсүң. Себеби адамдар дайра сымал. Суусу булганса, андан эч нерсе көрүнбөй калат»

***

Мавляна олуя айткандай, адамдын жан дүйнөсү тунук суу сыяктуу. Ал жаман күнөө иштердин ыпластыгы менен булганса, андан эч нерсе көрүнбөс абалга келет. Мындай учурда руханияттын асыл таштарын, акыйкаттын нурун көрүү үчүн ал сууну тундуруу зарыл. Андыктан тасаввуфтун максаты – напсинин өзүмчүл сезим-туюмдарын теске салып, адам баласын чыныгы бейпилдиктин бакчасына алып баруу болуп эсептелет. Ырас, Алла Таала адам баласынын көкүрөгүнө көптөгөн асыл дөөлөттөрдү ширеткен. Адам баласынын кадыр-баркы дал ушул дөөлөттөрү менен жан дүйнөсүн көрктөп, ажарын ачканына жараша болот. Руханий жактан баралына келген адам Жараткандын алдына жарык жүз менен алып бара турган жакшылык иштерди жасап, акырети үчүн кам көрүү аркылуу жан дүйнөсүн көркүнө чыгарат. Ошентип пенде Курандын тили менен айтканда, «ахсан-у таквим», б.а., «эң мыкты деңгээлде» жаралгандыгынын талабына ылайык өмүр кечирген болот.

Демек, Алланы жокко чыгарган каапыр, Жаратканга тигил же бул нерсени теңеген жана күнөөгө белчеден баткан эч бир адам туура жолдун чакырыгынан куру калбашы керек. Пайгамбарыбыздын доорунда мунун көптөгөн мисалдары бар.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* абасы азирети Хамзаны шейит кылып, жүрөгүн сууткан Вахшини Ислам динине чакырмакка бир сахабасын жиберет. Вахши азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Эй, Мухаммад! Сен өзүң «Алар – Аллага кошуп башка кудайларга табынбагандар, Алла тыйуу салган тирүү жанды укуксуз өлтүрбөгөндөр жана зина кылбагандар (никесиз жакындашпагандар). Кимде ким муну жасаса, ал жазага тартылат. Кыямат күнү алардын жазасы эки эсе болот жана ал (Аллага шерик кошуп өткөндөр) анда түбөлүккө кор болушат» (Фуркан сүрөсү, 68-69-аяттар) деп Алланын өкүмдөрүн айтасың да, мени кантип Исламга чакырып жатасың? Мен бул күнөөлөрдүн үчөөнү тең жасадым. Эми мага каяктагы кечирим?» дейт.

Мына ушул учурда Жараткан Алла Таала Пайгамбарыбызга төмөнкү аяттарын түшүрөт:

قُلْ يَا عِبَادِيَ الَّذِينَ أَسْرَفُوا عَلَى أَنْفُسِهِمْ لَا تَقْنَطُوا مِنْ رَحْمَةِ
اللّٰهِ إِنَّ اللّٰهَ يَغْفِرُ الذُّنُوبَ جَمِيعًا إِنَّهُ هُوَ الْغَفُورُ الرَّحِيمُ

**«(Элчим!) – ЭиА, өздөрүнө зыян кылып жаткан пенделер! Алланын ыраакымынан үмүтүңөрдү үзбөгүлө! Алла Таала бардык күнөөлөрдү кечирет! Анткени Ал – Кечиримдүү, Боорукер! – деп аиАткын»** (Зумар сүрөсү, 53-аят).

Ошентип Вахши бул аяттын түшүшү менен жаны жаис  таап:

Ыраакымың кандаис  гана чексиз, оо, Жараткан! – деп Алла Тааладан кечирим тилеп, чын ыкластан тооба кылып достору менен бирге мусулман болгон.

Азирети Хамзаны Ухуд казатында өлтүргөн Вахши эми минтип азирети Вахши болгон эле. Ал мына ушундаис  кечиримдин руханиис  беис пилдигинин алдында өзүн-өзү кечириши үчүн Азирети Хамзанын куну иретинде паис гамбарлыгын жар салган Мусаис ламатулКаззаб аттуу жалганчы адамды өлтүрүп, Ислам дүис нөсүнөн дагы бир бузукулукка чекит коис гон эле.

Азирети Пайгамбарыбыздын жанындагы сахабалар:

-Эй, Алланын Элчиси! Бул кечирим тек гана Вахшиге таандыкпы, же жаамы мусулмандарды өз ичине камтыйбы? – деп сурашканда акыркы Пайгамбар:

- *Бардык мусулмандарга тиешелүү!* [90]– деп жооп берген.

Чыныгы тооба кылгандар, бул хадисте да маалымдалгандай, мээримдүүлүктүн таасын үлгүсүн азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздан көрө алышкан. Ошондой эле алар жанга жан азык тартуулаган чексиз кечиримдин кабарын ошол куттуу Пайгамбардын өз оозунан угушкан.

Учу-кыйырсыз кечиримдүүлүктүн деңизине ошол аалам Ардагынын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жетеги менен кирүүгө чын ыкластан бел байлашкан.

Андыктан Улуу Жараткан Алла Тааланын учу-кыйырсыз ырайымдуулугун, мээримдүүлүгүн, чексиз кечиримдүүлүгүн жар салып, үмүт отун тутандыруучу ыкманы колдонуу учурубузда -материалисттик терс таасирлердин алдындабатыш коомчулугу сыяктуу руханий жакырлыктын кесепетин тартып жаткан элибиз үчүн өзгөчө мааниге ээ. Адамдарды талаш-тартыштарга жетелөөгө эмес, руханий жан азык тартуулоого себеп болууга аракет кылуу алдаканча берекелүү да, жугумдуу да жол. Анткени көп адамдар туура эмес түшүнүктөрдүн түшүмүнөн даам сызган болушу мүмкүн. Ошондуктан көпчүлүк учурда «талаш-тартыш» жолу менен руханий жактан оң жыйынтыктарга жетүү оор. Себеби адам баласынын табигый өзгөчөлүгүнө терс түшүнүктөр акылга таянган далилдерди кабыл алууда чоң тоскоолдук жаратат. Жүрөккө акыйкаттын маани-маңызын жеткирүү үчүн эң ириде жылуу сезим менен мамиле жасап, андагы асыл сапаттарды жандандырууга аракет кылуу эң оңтойлуу ыкма.

***

Күнөөкөрлүктүн сормо сазына белчеден баткан адамды айыптап-жектебей, мусулманчылыктын парздарын талап кылганга чейин эң алгач анын жүрөгүн ийге келтирүүгө аракет кылуу зарыл. Ал үчүн аны менен жылуу мамиле куруу зарылчылыгы турат. Ошентип жүрөк даяр абалга келгенден кийин катачылыктардан акырындык менен арылтууга кадам таштоо абзел. Бул багытта азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* күнөөкөр пенделерге түбөлүк бакыттын каалгасын ачып:

*«Шапаатым айрыкча үммөтүмдөн чоң күнөө кылгандар үчүн болот»* деген сөзүнүн төркүнүн жакшы түшүнүү керек (Абу Давуд, Суннат, 20).

Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* күнөөкөрлөргө карата жасаган жылуу мамилеси жөнүндө Мавляна олуя:

«Дары оорулуу адамдарды айыктыруу үчүн бар. Дарт кайсы жерде болсо, дабаа ошол жерге барат. Чуңкур кайсы жерде болсо, суу ошол жерге агат» дейт.

Дарынын таасир бериши үчүн жараны алгач көзгө көрүнүпкөрүнбөгөн кирлерден тазалоо зарыл. Бул оорулуу жан дүйнөнүн күнөө кирлеринен арылышы, тагыраак айтканда, «тооба» суусу менен жуунушу, дегенди түшүндүрөт. Дары, б.а, шапаат мына ушундан кийин гана күчүнө кирет.

Бул багытта Пайгамбарыбыз дагы бир куттуу хадисиндеги:

*«Күнөөлөрү үчүн (чын жүрөктөн бушайман болуп) тооба кылган (б.а., Жараткан Аллага алакан жая кечирим тилеп, экинчи ал күнөөлөргө барбоого сөз берген) адам өмүрүндө эч күнөө жасабагандай болот»* (Ибн Маажа, Зухд, 30) деген сөзү бир жагынан сүйүнчү болсо, экинчи жагынан ушул сүйүнчүнүн шартын маалымдаган.

Мына ушул ырайымдуулуктун ыкмасындагы асыл максатка бардык пайгамбарлар олуттуу мамиле жасагандай эле, алардын жолун жолдогон Алланын сүйүктүү пенделери да аяр мамиле жасашкан. Ошондуктан ыймандын эң даамдуу, эң берекелүү мөмөсү катары мээримдүүлүк кабыл алынып, пенденин Жараткандын алдындагы «кулчулук» озуйпасы кыскача төмөнкү эки негиздин алкагында каралган:

-«Таазим ли-амриллах», б.а., Жараткан Алланын буйруктарын жан дил менен сүйүп аткаруу.

- «Шафкат ли-холкиллах», б.а., Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн жандуу-жансыздарга боорукер сезим менен жылуу мамиле жасоо.

Алланын сүйүктүү пенделеринен саналган Фудайл бин Ияз буга таасын мисал боло алат. Күндөрдүн биринде эл Фудайлдын ыйлап жатканын көрөт.

– Эмнеге ыйлап жатасыз? – деп сурашат. Анда ал:

– Мага зулумдук кылган бир байкушка боорум ооруп ыйлап жатам! Эми, ал менин айымдан кыяматта шерменде болот, азап чегет...» деп жооп берген экен.

Күндөрдүн биринде Ибрахим бин Адхам жолдо жыгылып калган мас адамды арык боюндагы даракка жөлөп отургузат да, кусунду чачыраган бети-оозун жууп тазалайт. Мунун себебин сурагандарга ал мындай деп жооп узатат:

– Эгер Улуу Алла Тааланын ысмын зикир кылып даңазалоо үчүн жаратылган оозун жугундуга толгон чакадай кылып таштап койсом, урмат-сый кайда калат...

Соолуккан адамды көпчүлүк бир чети айыптап, бир чети жалооруй карап:

– Хоросандын олуясы Ибрахим бин Адхам сенин оозуңду жууду – дешет.

Муну угаары менен соолуккан адам өзүн жектейт. Алланын сүйүктүү пендесинин ак кызматынан таасирленип, жүрөгү ойгонуп, көпчүлүк элдин алдында Жараткан Аллага тообо кылат.

Ушундай жакшылыкка себепкер болгон Ибрахим бин Адхамга түшүндө Жараткан Алла тарабынан:

«Сен анын оозун Биз үчүн жуудуң! Андыктан Биз да анын жүрөгүн сен (сенин урматың) үчүн жуудук!» деген үн угулат.

***

Жараткан Алла Таала азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана ал аркылуу бүтүндөй мусулмандарга ыйык Куранда төмөнкүчө буйрук берген:

«Сен (ар качан) кечиримдүүлүктүн жолун карман! (Элди) жакшылыкка гана чакыр!...» (Аараф сүрөсү, 199-аят)

Бул буйрукту аткарууда азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз биз үчүн эң мыкты үлгү. Андагы асыл сапат, андагы мээримдүүлүк, боорукерлик, кечиримдүүлүк периштелерди дагы суктандыра тургандай жогорку деңгээлде болгон.

Мекке мусулмандардын колуна өткөн күнү акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кечиримдүүлүктүн үлгүсүн көрсөтүп, учурунда мусулмандарга оор залакасы тийген Меккелик бутпарастардын бардыгын кечирип жиберет. Узак жылдар бою зордукзомбулуктун, кастык-душмандыктын шаарына айланган Мекке бул күнү кечиримдүүлүктүн урматы менен бир башкача берекекутка бөлөнөт. Мына ошол береке-кутка «көлөкө» түшүрүү максатында Фудала аттуу бир адам акыркы Пайгамбардын өмүрүнө кол салууга бел байлайт. Ал мына ушул караөзгөй ниетин эч кимге билдирбей эл-журтту аралап, Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын жанынан орун алат. Анын кара ниетин баамдаган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанына келген Фудалага шек билдирбей жылуу жумшак гана:

-*Сен Фудаласыңбы?* деп сурайт.

- Ооба! дейт. Анда акыркы Пайгамбар:

-*Эй, Фудала! Ойуңдагы нерселер үчүн Жаратканга тооба кылып кечирим сура!* деп буюрат да, колун Фудаланын көкүрөгүнө коет. Ошол замат ойундагы арам ниети жоголгон Фудаланын жүрөгү ийге келип, көөдөнүн ыйман нуру уялап, анын назарында Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* адампенденин арасынан эң сүйүктүү адамга айланат.[91]

Бул окуя «сени өлтүрүүгө келген жан сенден өнүп-өссүн!» деген эреженин түркүгүнө айланган. Азирети Абу Бакир, азирети Умар *(Алла аларга ыраазы болсун)* баш болгон сахабалар, алардын жолун жолдоп, Жаратнандын адал жолу үчүн күйүп жанган пенделер да мунун эң сонун үлгүлөрүн көрсөтө алышкан.

Мавляна олуя мындай дейт:

«Эй, Жаратнандын адал жолуна чакырык салган адам! Билип ал, жаман көздүн дабаасы жакшы көздө! Жакшы көз жаман көздү назарына күйгүзүп күлгө айлантат. Жакшы көз Жаратнан Алланын ыраакымы каарынан алдаканча жогору тургандыгына такалат.

Ал чексиз ыраакымдын талабы. Жаман көз болсо, каарга такалат. Ошол себептен улам жакшы көз Алланын ыраакымынан болгондугу үчүн жаман көзгө үстөмдүк кылуу ыктымалы жогору. Бул абал кудсий хадисте Алла Тааланын*: «Ыраакымым каарымдан жогору»* деген сөзүнүн талабы (Бухарий, Тавхид, 55). Мына ошондуктан пайгамбарлар өздөрүнө каршы чыккан душмандарына үстөмдүк кыла алышкан!»

«Андыктан балээден арылуунун жолу бирөөгө зыян кылуу менен эмес, чын жүрөктөн бушайман болуу аркылуу өтөт. Ал эми бул кечиримдүүлүктү, ырайымдуулукту, айкөлдүктү, элге жакшылык кылууну талап кылат. *«Кайыр-садага балээден сактайт* (б.а., балээден сактоого себеп болот)*»*[92] деген акыркы Пайгамбардын хадисин эсиңден чыгарба! Андыктан руханий илдеттердин дарысы мына ушул жерде жатаарын эсиңе түйүп ал!»

«Бирок ошону менен бирге заалымдарды кечирүү (б.а., алардын зулумдугуна кол шилтеп кайдыгер мамиле жасоо), алардын залакасын тарткандарга зулумдук кылуу дегендикке жатаарын да унутпа! Ууруларга, күнөөнүн түрүн жасагандарга боор ооруу алардан зыян көргөндөргө ого бетер азап берүү, дегенди түшүндүрөт!»

Бул маселедеги тең салмактуулукка өтө аяр мамиле жасоо кажет.

Бир күнү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман сахабаларына:

*«Бири-бири менен урушкан эки боордошуңарды көрсөңөр, аларды жараштырып, зыяны тийгенине да, зыян тартканына да жардам бергиле!»* дейт. Анда бул сөзгө жакшы түшүнө бербеген сахабалардын:

-Эй, Алланын Элчиси! Зыян тартканын го түшүндүк. Ал эми залакасы тийген адамга кантип жардам беребиз? – деген суроосуна акыркы Пайгамбар:

- *Анын зыянына тоскоол болуу аркылуу...»* деп жооп кайтарган (Бухарий, Икрах, 7; Муслим, Бирр, 62).

Узун сөздүн кыскасы, учурубузда дүйнөнүн башка элдериндей эле, өлкөбүздө жашап жаткан көптөгөн адамдар адам баласына «жасалма» эмес, жан дүйнөнү толук канааттандырган табигый жан азык тартуулаган ыйман өңүтүнөн өзүнчө оор жарат алган канаттуу-кучкачтын элесин берет. Ошондуктан алардын жаратын өтө этияттык менен ыйман булагына жууп, ага «Ислам» дарысын сээп аяр таңуу мусулман баласынан боорукерликти, ырайымдуулукту талап кылат.

*Күнөөкөргө болгон жылуу мамиле аны күнөөгө жетелебеши да, күнөөгө болгон душмандыктын батkагын күнөөкөргө чачыратпоо да кажет. Мына ушул түшүнүктөгү мусулман адам элди Ислам динине чакырууда «кемчиликти өзүнө, жылуу мамилени өзгөгө» багыттаашы абзел.*

### 2. Кичи пейилдиктин жана боорукерликтин ыкмасы

Адам баласына боорукер сезим менен назар салуу күнөөкөрлүктүн сормо сазындагы абалынан мурун анын негизги өзөгүнө көңүл буруу зарылчылыгын талап кылат. Тасаввуфтук бул ыкманын -күнөөнү эмескүнөөкөр адамды боорукерлик менен өз кучагына алышынын өзөгү ушул жерде жатат. Чыныгы муршид күнөөкөр адамды канаты сынган канаттуу сыяктуу аяр мамилеге, жардамга муктаж жан катары кабыл алат. Анын башаламан жан дүйнөсүн бейпил абалга алып келүүнүн, жаңы жашоонун, түбөлүк бакыттын мөлтүр булагынан даам сыздыруунун камын жеп, ал үчүн жан дили менен күйүп-жанат. Себеби Жараткан Кудурет үчүн жандуу-жансыздарга болгон боорукер сезим, жылуу мамиле мусулман баласын руханий жактан баралына келтирүүчү эң күчтүү таасирлердин бири болуп эсептелет.

Жазма булактардын биринде кутман сахабалардын катарын толуктаган Абу Дарданын мынабу окуясы баяндалат. Агезде Абу Дарда *(Алла ага ыраазы болсун)* Дамаск шаарында казылык кызматта турчу экен. Адаттагы күндөрдүн биринде көчөдөн бир топ адамдардын чогулуп турганын көрүп, жандарына басып барат.

Алар күнөөкөр бир адамга ар кандай акаарат сөздөрдү айтып жектеп жатышкан болот. Абу Дарда элге кайрылып:

- Силер эгерде кудукка түшүп кеткен адам көрсөңөр, эмне кыласыңар? – деп сурайт.

Ал жердегилер:

- Кудукка жип түшүрүп, аны чыгарууга аракет кылабыз – дешет. Азирети Абу Дарда:

- Андай болсо, күнөөкөрлүктүн кудугуна түшүп кеткен бул адамга эмне үчүн жип түшүрүп, аны куткарууга аракет кылбайсыңар? – дейт. Эл сахабага кайра мынабул суроосун узатышат:

- Сен бул күнөөкөргө душман эмессиңби?

Анда азирети Абу Дарда:

- Мен анын өзүнө эмес, күнөөгө душманмын! – деп жооп кайтарган экен».

Абу Дарда *(Алла ага ыраазы болсун)* бул сөзү менен айта турган өзгөчө маанилүү жагдайлар бар. Бул жагдайлар Жараткан Алланын буйругуна, чексиз ыраазычылыгына дал келүү менен бирге азирети Пайгамбарыбыздын асыл сапатынан үммөтүнө жаркыган аруу касиеттери болуп, ал Ислам тарыхында канчалаган адамдардын адал жолду беттешине себеп болуу менен өзүнчө бир ыкма абалына келген.

Бул ыкма – күнөөкөр адамды жасаган күнөөсүнүн зынданына камабай, аны боорукерликтин, мээримдүүлүктүн жана сүйүүнүн бакчасынан агып өткөн «тооба» дайрасына жуунтуп тазалоого себепкер болуунун аракети. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз Абу Жахил сыяктуу бутпарастардын эң алдыңкыларына дагы мына ушундай жылуу, аяр мамиле жасап, алардын кемчиликтерин чукуп чыгып, кастыктын отун ого бетер алоолонтпой, аларды болгону ыйман булагынан даам сызып, түбөлүк бакыттын жолуна гана чакырган. Жараткан Алла ыйманга келип, тооба кылган пендени мурунку күнөөлөрүнөн арылтышы, ага эч күнөө жасабагандай мамиле жасашы, алтургай чын ыкластуулугуна жараша күнөөлөрүн соопко айландырышы менен бул багытта бизге даанышмандыктын жолун көрсөткөн. Аяттардын биринде Жараткан Алла:

«Ким өкүнүп чын ыкластан тооба кылып (күнөө иштерден баш тартып), жакшылык иштерди жасаса, анда Алла Таала алардын жаман иштерин жакшыга алмаштырып койот. Акыйкатта, Аллах – Кечиримдүү, Мээрбан!» (Фуркан сүрөсү, 70-аят) дейт.

Мындай учу-кыйырсыз мухит сымал чексиз мээримдүүлүктөн насип ала албагандар өздөрүнүн да, адамдардын да душманына айланышат. Мындай мээримдүүлүктүн, боорукерликтин кадырына жете албаган кайдыгерлер түбөлүк бактысына өз колдору менен балта чапкан карама сокурлар. Ал эми мээримдүүлүктүн Ээсине багыт алган Накшибандий, Убайдуллах Ахрар сыяктуу Алланын сүйүктүү пенделери элдин да сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, ал гана эмес жырткыч карышкырынан тарта мукам үндүү булбулуна чейин бүтүндөй жандуу атпайдын жүрөгүнөн түнөк тапкан ар бири өзүнчө жыпар аңкыган бейиш гүлдөрүнүн элесин берет. Алар ар дайым жаралуу жүрөккө жан азык тартуулоонун камын көрүп келишет. Кептин төркүнү мына ушул гүл сыяктуу болууда, т.а., тирүүлүктүн гүлзарында тикендерден ирээнжип жүз үйрүбөй, керек болсо кыштын ызгаарындай оор машакаттарга да көкүрөк кере жаздай жадырап, бүт ааламга гүлдөй сүйкүмдүү болууда жатат.

Бул багытта Мавляна олуя:

«Ай караңгы түндөн коркуп-качпагандыгы үчүн нурланды. Анын сыңарындай, гүл дагы ошол жыпар аңкыган жытка тикенек менен жылуу мамиледе болгондугу үчүн ээ болду»

«Муну гүлдүн өзүнөн да ук! Карачы, ал эмне деп жатат: «тикенек менен бир жерде болгонума эмне үчүн кайгырышым керек? эмнеге өзүмдү-өзүм азапка салышым керек? Мен жадырап жайнап адамга бейпилдик тартуулаган жүзүмдү мына ошол көзгө серт көрүнгөн тикенектин жанында тургандыгым үчүн таптым. Ошонун аркасы менен айлана-чөйрөмө сулуулук тартуулап, жанга жагымдуу жыпар жытымды жайып келем...» дейт.

***

Күндөрдүн биринде сахабалардан бири ичкиликке берилген бир адамга наалат айтканын уккан Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Ага наалат айтпагыла! Аллага ант болсун! Мен бул адамдын Жараткан Алланы жана анын элчисин сүйөөрүн билем»* деген (Бухарий, Худуд, 5).

Алланын сүйүктүү пенделери жандуу-жансызга боорукер сезим менен мамиле жасаган асыл сапатты теңдешсиз үлгүлүү инсан атыккан акыркы Пайгамбардан үйрөнүшкөн. Муну төмөнкү куттуу хадис да тастыктап турат.

Бир күнү Пайгамбарыбыз сахабаларына кайрылып:

*– Жанымды Кудурет Күчү менен кармап турган Алла Таалага ант болсун! Бири-бириңерге мээримдүү болмоюн бейишке кире албайсыңар!* – дейт. Табышмактуу сөздөн чоочулаган сахабалар:

– Оо, Алланын Элчиси! Биз баарыбыз мээримдүүбүз! – дешет. Анда акыркы Пайгамбар сөздүн төркүнүн чечмелеп:

*– Мен силер ойлогондой жөн гана бири-бириңерге болгон мээримдүүлүктү эмес, бүтүндөй макулукка бапестелген мээримдүүлүктү, ооба бүтүндөй жандуу-жансызды өз кучагына алган мээримдүүлүктү айтым жатам!..*[93] деген экен.

Адам баласы жаралгандагы негизги максатынан канчалык алыс жашаса да, «адам» болуу өзгөчөлүгү ар дайым сакталуу турат. Анын кайдыгерликке алдырып, күнөөкөрлүктүн сормо сазына батышы Каабанын бурчундагы «хажарул-асваддын» (кара таштын) жерге түшүп кир болушу сыяктуу. Бул учурда эч бир мусулман баласы «хажарул-асвад»ка болгон урмат-сыйын, адебин сактабай койбойт. Аны дароо жерден алып тазалап, адеби менен өз ордуна койууга шашылышат. Анын бейиштен келгендигин ойлоп, өзүнө ылайык мамиле жасашат. Ырас, адам дагы хажарул-асвад сыяктуу бейиштен чыккан. Ал жасаган күнөөлөрүнүн кесепети менен канчалык төмөн даражага түшсө да, анын өзөгүндөгү асыл дөөлөтү сакталуу бойдон тура берет.

Ошондой эле эч бир адис дарыгер өзүнө келген оорулуу адамды «эмнеге ооруйсуң?» деп жээрип, ага ачууланбайт. Бул анын кайсы бир кемчилигинен улам жаралса да, дарыгер муну анын жүрүм-турумуна же туура эмес ой-түшүнүгүнө тиешелүү туура эмес жыйынтыктын талабы катары мүнөздөйт. Ошентип оорулуу адамга ачууланбастан, анын тартып жаткан азабын эске алып, убакытты текке кетирбей дароо айыктыруунун камын көрө баштайт. Ал өзүн бул ооруну айыктырууга милдеттүү деп эсептейт. Анын сыңарындай, Алланын сүйүктүү пенделери да коомчулукта руханий азап чеккен оорулууларга шыпаа табууга жан дили менен аракеттенишет.

Ырас, күнөөгө белчеден баткан адамды ошол күнөөкөрлүктүн сормо сазынан тартып алып чыгууга себепкер болуу өтө чоң жетишкендик катары кабыл алынып, анын натыйжасында адам баласы өзгөчө сыйга бөлөнөөрү жөнүндө куттуу хадистерде да маалымдалган. Бул багытта Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* Хайбар казаты учурунда азирети Алиге айткан мынабул насааты өзгөчө маанилүү:

*«Эй, Али! Бир адамдын сен аркылуу адал жолго түшүшү сен үчүн эң баалуу кызыл төөлөргө ээ болуудан да алдаканча артык!»*

Бул багытта аяттардын биринде мындай делет:

وَمَنْ أَحْيَاهَا فَكَأَنَّمَا أَحْيَا النَّاسَ جَمِيعًا

**«Ким адам өмүрүн сактаса, ал бардык адамдардын өмүрүн сактап калганга тете...»** (Маида сүрөсү, 32-аят)

Эч калетсиз, адамдык туура эмес аң-түшүнүктүн эң оору – бул, акты кара, караны ак деп Жараткан Кудуретти четке каккан «куфр» (каапырлык) түшүнүгү болуп эсептелет. Мына ушундаис адамды түбөлүк азапка жетелеген өтө оор катачылыктан арылтуу

мүмкүнчүлүгү жылуу жумшак мамиле менен алдаканча оңтоис луу болгондуктан Алла Таала Муса паис гамбарды адал жолго чакыруу үчүн Фараонго жибергенинде ага «жылуу сөз» менен каис рылуусун буис руган. Себеби адал жолго чакырган адамдын мындагы жетишкендиги жогоруда белгиленгендеис , иис гиликтин сересине жетүүдө «көпүрө» кызматын аткарган өзгөчө маанилүү иш болуп саналат. Ырас, Алла Таала Фараондун каапырылыгынан каис дыгер эмес эле. Андыктан угуучу тарап Фараон сыяктуу каапырлыктын туу чокусуна жетсе дагы биздин кармана турган жолубуз коркутуп-үркүтүү эмес, жылуу жумшак мамиле менен адал жолго жетелеген Жараткан Алланын буис ругунун алкагында болушу кажет.

Мавляна олуя бул багытта:

«Алла Тааланын: «Эй, Муса! Фараонго жылуу сөз менен кайрыл, ага жылуу мамиле жаса!» деген сөзүн жакшы түшүнүүгө аракет кыл!»

«Себеби кайнап жаткан майга суу куйуп жиберсең, очокту да, казанды да омкоросуң!..» дейт.

Жараткан Алланын акыркы Пайгамбары аркылуу жалпы мусулмандарга маалымдаган мынабул аяты да дал ушул маселени тастыктап турат:

فَبِمَا رَحْمَةٍ مِنَ اللّٰهِ لِنْتَ لَهُمْ وَلَوْ كُنْتَ فَظًّا غَلِيظَ الْقَلْبِ
لَانْفَضُّوا مِنْ حَوْلِكَ فَاعْفُ عَنْهُمْ وَاسْتَغْفِرْ لَهُمْ

**«(ЭиА, Элчим!) Алланын ыраиАымы менен сен аларга жылуу мамиле жасадың. Эгерде сен орой болгонуңда, анда алар сенин айланаңдан тарап кетмек. Аларды кечир жана алар үчүн (Алладан) кечирим сура...»** (Аали Имран сүрөсү, 159-аят).

Бул ыкма тек күнөөкөрлөр же каапырлар үчүн гана эмес, балким, Ислам динин эң жогорку деңгээлде карманган адамдар үчүн дагы адамдык алсыздыктын талабы катары бир катар кемчиликтерине карата колдонууга муктаж. Ошону менен катар бирөөнүн кемчилигин оңдоого жардам берүүдө аны ирээнжите турган орой ыкма негизги максатка каршы келип, өтө терс натыйжаларга себеп болушу толук ыктымал. Анткени мындай ыкма менен берилген эскертүүлөр адамдарга ата-энеси тарабынан берилсе да, көпчүлүк учурда оор тиет. Ал эми башка бирөөлөр тарабынан берилиши андан да оор болот. Бул учурда айтылган сөз чындык болсо да ага терс таасир берип, жугумдуулугун жоготот. Мавляна:

«Бир кемчилигиң үчүн сени урушкан кезде атаң дагы сенин көзүңө жек көрүнөт...»

«Бул абал анын санаасынан жаралган ачуусунун таасири. Тагыраак айтканда, атанын эскертүүсү сенин жакшылыгың үчүн болсо дагы, анын ачуулланганы көөдөнүндөгү сага болгон мээримин, сүйүүсүн сага жырткыч сыяктуу көрсөтөт» дейт.

Андыктан адам баласындагы мына ушул психиканы эч качан эстен чыгарбоо керек. Канчалык күнөөгө батса да, ага жылуу мамиле жасоо аркылуу дарылоого аракет кылуу зарыл. Бул багытта акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* хадистеринин биринде:

*«Адам баласына күнөө иретинде мусулман боордошун төмөн көрүүсү жетиштүү»* деген (Муслим, Бирр, 32).

Мына ушундай аң-түшүнүктөгү мусулман адам элди Ислам динине чакырууда «кемчиликти өзүнө, жылуу мамилени өзгөгө» багытташы абзел. Алла Таала Куранда:

«...Бири-бириңерди аңдыбагыла (б.а., кемчилигиңерди чукушпагыла!) Бири-бириңерди артыңардан ушактабагыла (чагымчылык кылбагыла!) Араңардан кимиңер

өлгөн бир тууганынын этин жегиси келет?! Мындан ирээнжидиңер (туурабы?)...» (Хужурат сүрөсү, 12-аят) дейт.

Мына ушундай Жараткандын адал жолу менен жашоого умтулган адамдар эч качан дүнүйөнү акыретке айырбаштабаган түбөлүк бакыттын жолоочуларына айланышкан. Ушул жолдо жүрүп жан берген дүйнөлүк султандардан бири Осмон Газинин руханий устаты саналган шейх Эдебалинин ага айткан мынабул насааттары өзгөчө маанилүү:

«Уулум! Сен эми жетекчи болдуң. Мындан ары ачууңду бизге бер, сага ак көңүлдүк, элпектик гана жарашат... Айыптоо бизге, жарандарыңдын көңүлүн алуу сага таандык.... Алсыздык, жаңылуу бизден, ал эми аны көтөрө билүү сага таандык... Уруш-талаш, чырчатак, түшүнбөстүк бизден, адилеттүүлүк сенден.. Жаман көрүү, жаңылыш божомол бизден, кечиримдүүлүк сенден...

Уулум! Мындан ары бөлүү бизден, аны бүтөө сенден... Эринчээктик, ыкшоолук бизден, эскертүү, кайрат берүү, багыт көрсөтүү сенден...»

Бул насааттар өзүнө карата жаңылыш иштерди жасашса дагы адамдарды Алланын ыраазычылыгы үчүн кечирип, Алла Тааланын пенделерине кандай болсо да, боорукер сезим менен мамиле жасоонун баалуулугуна багытталган.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз эл арасында күнөөлүү адамды билсе дагы аны ирээнжитип, уяткарбоо үчүн билбегендей мамиле жасоо аркылуу ошол күнөөдөн элдин баарынын алыс болушун жылуу жумшак гана билдире турган. Кээде бирөөнүн катачылыгын көрүп калса:

*«Мага эмне болуп калган, силерди ушундай көрүп жатам го...»* дээр эле (Бухарий, Манакиб, 25; Муслим, Солаат, 119).

Бул күнөөлүү адамды уяткарбоонун ыкмасы болуп, тасаввуфту туура түшүнүүгө да жардам берет. Себеби Алланын жолу көңүл оорутуу аркылуу эмес, көңүл көтөрүү аркылуу өтөт.

Ырасында эле катачылыктарынан улам айыпталып, төмөн көрүлгөн канчалаган адамдар дал ушул ыкманын, дал ушул аңтүшүнүктүн берекеси менен адал жолдун жолоочусуна айланбаган!...

***

Күндөрдүн биринде Жунайд Багдадий шакирттеринен бирөөнү өзүнө акаарат келтире турган жаман иш жасап жаткан жеринен кармап алат. Кылгылыкты кылган шакирт устатынын да, теңтуштарынын да бетин карай албай ал жерден кетип калат. Арадан бир топ убакыт өтөт. Өз алдынча жүргөн жаш улан ишине бушайман болуп, жан дүйнөсү жабыркайт. Бир күнү устаты Жунайд Багдадийди шакирттери менен базар аралап өтүп бараткaнын көрүп калат. Байкап калбасын деген ниетте эңкейип элдерди аралап артка кетенчиктейт. Анын мындай сактыгын көз кыйыгынан байкап койгон даанышман устат:

– Силер бара бергиле. Менин уямдан бир шумкарым качыптыр! – деп артын карабай качып жөнөгөн шакиртин көзөмөлгө ала баштайт. Абийир азабын чегип жүргөн жаш улан артынан ээрчип келе жаткан устатын көрөөрү менен басыгын тездетип үйлөрдү аралап олтуруп туюк көчөнүн башына кептелет. Качайын десе көчө туюк, үйлөр курчап турат. Устаты жакындап келген сайын ирeңи кубарып отуруп калат. Коңур үндүү устат шакиртин жубатууга далаалат жасайт:

– Уулум! Кайда баратасың, кимден качып жүрөсүң? Устаттын жардамы мына ушундай оор күндөрдө тийбесе, анан качан тийет... Кел... Жүрү кетели...

Башын шылкыйтып ордунан араң турган шакиртин кучагына кысат. Устатынын мээримдүүлүгүнө туруштук бере албай айыпкер шакирт эрээркеп ыйлайт. Бутуна

жыгылып, кечирим сурайт. Тооба кылганын айтып, ак батасын сурайт. Баары жайында болоорун эскерткен даанышман устат шакиртин даргөйүнө ээрчитип кетет.

Окуядан маалым болгондой, Ислам дини айыпкерди коомдон четтетпейт. Тескерисинче, ага мээримдүүлүк менен мамиле жасап, көөдөн жарасын айыктырууну камын көрөт. Анткени күнөөкөрлүктүн сормо сазына батып, абийир азабынан улам рухий жактан жабыркаган пенделер ар дайым боорукерликке, мээримдүүлүккө муктаж.

Ошондой эле кемчиликтерди кечире билүү менен бирге жамандыкка дагы жакшылык менен жооп берүү, алтургай зыянын тарткан адамдын жакшылыгы, адал жолго түшүүсү үчүн дуба кыла билүү чыныгы мусулман баласынын көзгө басар асыл сапаттарынан болушу керек. Буга мисал катары Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз учурунда Таифте өзүн таш бараңга алгандарга каргыш айтпай, тескерисинче, алардын адал жолго түшүүлөрү үчүн дуба кылышынын өзү эле жетиштүү мисал боло алат. Анын Ислам дининин арuулугун сактоо үчүн Меккеде бутпарастардын Жараткандын каарына дуушар болуп, жердин кургуйуна житип кетишин эмес, ар биринин Алланын адал жолуна түшүүлөрүн каалашы канчалаган чылкый каапырлардын түбөлүк бакыттын босогосун атташына себепкер болгон.

Куттуу хадистердин биринде акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Силерге жакшылык кылгандарга жакшылык кылып, залакасы тийгендерге өздөрүнө жараша зыян кылуу артыкчылык эмес. Чыныгы артыкчылык – бул силерге зыяны тийгендерге өздөрүнө жараша мамиле жасабай, тескерисинче, аларга жакшылык кылууда жатат»* деген (Тирмизий, Бирр, 63).

Бүгүнкү дүйнөдө материализмдин таш боор үстөмдүгүнө дуушар болуп, коркунучтуу руханий жакырлыктын кесепетинен жапа чеккен адамдардын руханий жактан бейпилдик табышы үчүн ар түрлүү экстрималдык шат-кумардын курмандыгына айланууларынын себеби ушул жерде жатат. Ислам динин таанытууда тасаввуфтук ыкманын колдонулушу өзгөчө мааниге ээ. Учурубузда батышта адал жолго түшкөн интеллектуалдык чөйрөдөгү адамдардын көпчүлүгү жан дүйнө жакырлыгын толтуруу үчүн Мавляна Жалаладдин Руми, Ибн Арабий сыяктуу улуу олуялардын эмгектерин алып окуп келишет. Ошондой эле Батыш дүйнөсүндө көп окулган Исламий китептердин башында тасаввуфтук эмгектер тууралуу атайын иликтөөлөрдүн жыйынтыгында маалым болгон. Ошондуктан бүгүнкү күнү: «Кел, келе бер! Ким болсоң да кел! Каапыр болсоң да, бутпарас болсоң да, кел! Биздин даргөй (Ислам дини) үмүтсүздүктүн өргөөсү эмес! Тообоңдон жүз жолу жазсаң да, келе бер!» деген акыркы Пайгамбардын куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашаган Мавлянанын бүтүндөй адамзат ааламын өз кучагына алган жылуу мамилесине ашкере муктаждык бар!

Мавляна олуянын чакырыгындагы негизги максат – адамды көөдөнүнө ширелген асыл өзөгү менен тааныштырып, жылуу мамиленин берекеси менен аны катачылыктарынан арылтып, улуу Ислам дининин босогосуна кадам шилтешине себепкер болуу. Максат анын жан дүйнөсүн ар түрлүү ыпластыктардан арылтып, асыл касиеттер менен көркүнө чыгаруу. Жараткандын ыраазылыгын гана көздөгөн муршиддердин жан дүйнөсү өзүнчө устакана сыяктуу. Устаканада бузулган шаймандар оңдолгондой эле, муршиддердин жан дүйнөлөрүндө даргөйгө келген пенделердин жаңылыш иштери, жаңылыш пикирлери оңдолуп түздөлөт.

***

Айрыкча күнөөнүн түрү көбөйүп, күч алган бүгүнкү күнү адамдарга боорукерлик, мээримдүүлүк менен жылуу мамиле жасоо зарылчылыгы күч. Себеби бул мамиле күнөөгө

белчеден батып, башаламан өмүр сүргөн адамдардын оңолуп, адал жолго түшүшүнө себеп боло турган эң берекелүү аракет.

Ошону менен бирге мындай адамдарга карата жылуу мамиле жасоо жекелик жагдайлардын катарынан орун алаарын да эстен чыгарбоо абзел. Болбосо, адам укугун тепсеген мүнөздө коомчулукка таасир этип, элдин бейпилдигине доо кетире турган кемчиликтерди, зулумдуктарды жылуу кабылдоо мүмкүн эмес. Ошондой эле Ислам динин белгилүү чектердин алкагында гана карманган адамдардын күнөөкөрдү жек көрүп, андан алыс болушу да жаңылыштык эмес. Алар үчүн күнөөкөрдөн алыс болуу жүрөктүн аны менен мамиле куруудан жуга турган терс таасирлерден коргонушу үчүн зарыл. Себеби кайдыгер өмүр сүргөн адамдар үчүн күнөө иштер музыка сыяктуу напсиге жагымдуу келип, оңойолтоң гана жүзөгө ашырылат. Мына ошондуктан мындай адамдардын күнөөлөрүнө маани бербөө Жаратkandын буйругун тепсөөгө,ошондой эле, алардан терс таасир алып, күнөө иштерге жетеленип кетүүгө себеп болгондуктан жалпы коомчулук үчүн коркунучтуу. Тагыраак айтканда, күнөөкөргө болгон жылуу мамиле аны күнөөгө жетелебеши да, күнөөгө болгон душмандыктын баткагын күнөөкөргө чачыратпоо да кажет.

Кептин төркүнү:

*«Жеңилдеткиле, оорлоштурбагыла! Сүйүнчүлөгүлө, ирээнжитпегиле!»* деген акыркы Пайгабардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу хадисинде жатат (Бухарий, Илим, 11).

Албетте, диндин өзөгүнө зыян келтирбөө жана адал жолдон чыкпоо шарты менен...

**Оо, Жараткан Алла! Бизди «ыраакымым каарымдан жогору турат» деген сөзүңө татыктуу мамиле жасап, ар качан кечиримдүүлүктүн жолун карманып, адал жолдун жолоочуларына айланган сүйүктүү пенделериңдин катарына кошо көр!...**

**Оомийин....**

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
## МАРИФАТУЛЛАХ жана ЖАРАТКАНДАН БЕЛЕКТЕР

*Алла Тааланын Заты багытындагы ан-тушунук өнутунөн биздин эн иридеги озуйпабыз Анын сыпаттарын тушунуп, Затынын бар экендигин кабыл алып, тастыктоо болуп эсептелет.*

### А. МАРИФАТУЛЛАХ

**1. Жараткан Кудуреттин Заты**

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыздын:

*«Алла Таала жараткан жандуу-жансыз жөнүндө оис жүгүрткүлө! Бирок Алланын Заты жөнүндө ойлонбогула! Анткени силер Анын аныгын (Ага ылайыктуу түрдө) эч качан аңдай албайсыңар...»* (Дайламий, Муснад, II, 56; Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 1, 81) деген сөзү Алла Тааланын Зат маанисин аңдоо адамдын акылынан тышкары экендигин ачык-айкын айгинелеп турат.

Ырасында адамдын аң-түшүнүгүн ыйманга сугара турган Улуу Алла жөнүндөгү маалыматтар Анын Зат маанисине карата эмес, сыпаттары жаатындагы маалыматтар болуп эсептелет. Анткени Алла Таала мезгил-убакыттан да, кандайдыр бир жер-орундуктан да сырткары Улуу Зат. Ал эми адамдын аң-түшүнүгү убакытка жана жер-орундукка шартталгандыктан анын ой-түшүнүгү мынабу ааламдагы көзгө көрүнгөн нерселер менен гана чектелет. Адам кандайдыр бир нерсени түшүнүшү үчүн көзгө көрүнгөн ааламда ошол нерсеге окшош дагы бир нерсенин болушу керек. А Алла Таала болсо бүтүндөй жандуу-жансыздын бирине да окшош эмес. Бул деген сөз Ал көзгө көрүнүп-көрүнбөгөн, биз билип-билбеген бардык нерседен кескин түрдө башкача, жогору дегенди түшүндүрөт. Бул акыйкат ааламдагы адамды аң-таң калтырган мыйзамдын өтө жогорку деңгээлде курулгандыгын түшүнүүнүн өзүнчө талабы. Мына ушундай керемет ааламды жараткан Алла Тааланы жаратылган нерселер менен эч качан салыштырууга болбойт. Ал бүтүндөй жандуу-жансызга толук үстөмдүк кылууга Кудуреттүү! Андыктан чексиз кудуреттүү, теңдешсиз Алла Тааланын заты жөнүндө ойлонуу адам үчүн туура эмес. Себеби адам баласы бул дүйнөдө чектелүү акылы менен Анын затын эч качан аңдай албайт.

Алла Тааланын Заты багытындагы аң-түшүнүк өңүтүнөн биздин эң иридеги озуйпабыз Анын сыпаттарын түшүнүп, Затынын бар экендигин кабыл алып, аны тастыктоо болуп эсептелет. Ошондуктан Алла Тааланын Ыйык Куранда бизге Өзү жөнүндө берген маалыматтары ушул өңүттөн каралган. Аяттардын биринде:

**«Аллах – асмандар менен жердин нуру! Анын нурунун мисалы – ичинде нуру бар шамдан сыяктуу. Нур айнектин ичинде (жайгашкан). Ал айнек бермет жылдызындай. Ал Чыгышта да, Батышта да жок кут даарыган зайтун менен тамызылат. От тийбестен күйгөн анын майы абдан жарык нур чачат. Ошентип, нур үстүндө нур... Алла Өзү каалаган адамды нурга бөлөйт. Алла адамдарга ушинтип мисал келтирет. Алла – бардык нерсени Билүүчү!»** (Нур сүрөсү, 35-аят) делет.

Бул аятка назар салганыбызда, алгач адам баласынын аңтүшүнүгүнө сыя турган мисалдар келтирилип, андан соң «нур үстүндө нур» делип аң-сезимден тышкаркы акыйкатка багыт берилип жаткандыгына күбө болобуз. Башкача айтканда, Анын нуру мисалдан байкалгандай чектелүү бир канча нур эмес, чектелүү акыл менен аңдоо мүмкүнчүлүгү болбогон чексиз нур.

Бул аятта Алла Таала Өзүн «нур» катары сыпаттоо менен бүтүндөй ааламды жараткан, көрүнөө-жашыруун акыйкаттарды билдирген, жан дүйнөгө бейпилдик тартуулаган зат Жалгыз Өзү гана болгондугун маалымдайт. Себеби Жараткан Алланын дал ушул улуу нуру болбогондо, эч нерсе билинбей, эч бир акыйкат сезилбей жан дүйнө бейпилдик тапмак эмес.

Бул өңүттөн жандуу-жансыздын көрүнүп-аңдалышынын жападан жалгыз себеби болгон бардык нурлар ошол улуу нурдун күзгүлөрү сыяктуу. Андыктан көктөгү нурлардын даражаларына бул дүйнөдө да бир мисал бар. Мисалы, күндүн нуру айга тийип, ал жерден жер бетинен бир үйдүн дубалында илинүү күзгүгө, андан маңдайында турган экинчи күзгүгө чагылышып, андан барып суу толо чакага, чакадагы суудан шыпка (потолок) чагылышса, булардан эң күчтүүсү жарык бөлүп чыгарган Күндөгү, андан кийин экинчи Айдагы, үчүнчү биринчи күзгүдөгү, төртүнчү экинчи күзгүдөгү, бешинчи суудагы, ал эми алтынчы болуп шыптагы нур эсептелинет. Көктөгү бардык нурлардын даражасы ушул сыяктуу. Тагыраак айтканда, пайдаланылган нур пайдаланган нурдан алдаканча жогору жана күчтүү болот. Мына ушул нурлардын бардыгы күчүнө кирип эң чоң жана чексиз нур менен аягына чыгат. Бул чексиз нур Алла Тааланын нуру болуп эсептелет.

Башкача айтканда, ар нерсенин ортого чыгышы, билиниши асман-жерди нурга бөлөгөн Жараткан Алла Тааланын ачыкка чыгарышына түздөн-түз байланыштуу. Себеби Анын нуру болбосо, тигил же бул нерсенин ачыкка чыгып, көрүнүшү мүмкүн эмес. Күндүзүн жаздын жанга жагымдуу көркөмдүгүнө назар салган адам көзгө көрүнгөн түркүн түстүү айлана-чөйрөнүн алдында жан дүйнөнү балкыткан сыйкырына арбалат да, айлана-чөйрөнү көрүүгө кызмат кылган жарык-нурду байкабайт. Ал жаздын ошол көркөм кереметин нурдун аркасы менен көрөт. Ырасында нур ачык-айкындыгы өтө жогорку деңгээлде болгондуктан көрүнбөйт.

Бул багытта олуя-аалымдар:

«Алла Таала чындыгында кайып (көрүнбөс, жашыруун) эмес. Аныгында биздин адамдык аң-сезимибиздин, акылыбыздын чектелүү болушу Анын көрүнүшүнө тоскоолдук жаратат» дешкен.

Маселен, бир бөлмөдө миң вольттук жарык жанса, адамдын көзү бул жарыктын алдында эч нерсени көрө албайт. Андыктан миллиондогон вольттук жарыктан чексиз жогору турган нурдун Ээси болгон Алла Таала албетте, адам баласынын акылынан тышкары болот. Бул маселеге ишаарат жасоо иретинде Алла Таала аяттарынын биринде:

«Алар кайыпка (Алла Тааланы, акыретти көрө албаса да,) ишенишет...» деген (Бакара сүрөсү, 3-аят).

Бирок Алланын сүйүктүү кыраакы пенделери үчүн бул кайып көзгө көрүнгөн нерселерден дагы ачык-айкын. Биз аба менен дем алып жашайбыз. Бирок ал бизди курчап тургандыктан биз аны көрө албайбыз. Аны болгону дем алуу аркылуу гана сезе алабыз. Мына ошондуктан аны көрбөсөк да, четке кагуу мындай турсун, жашоонун талабы катары: «Аба болбосо, жашай албайбыз!» дейбиз.

Сууда жашаган жаныбарлар да биз сыяктуу. Алар да сууда жүргөндө сууну байкай алышпайт.

Демек, бир нерсе маңдайыбызда, оң же сол жагыбызда, же артыбызда болсо, аны акылыбыз аңдашы мүмкүн. Ал эми бизди ар тараптан курчап турган нерсенин барлыгы аң-түшүнүгүбүздөн тышкары чыгып, белгилүү мерчемдер менен чектелүү көзүбүзгө көрүнбөс абалга келет. Эгер бул нерсе мындай болбогондо, маселен, аба көзгө көрүнсө, жашоо болмок эмес. Бизди ар тараптан курчап турган нерсенин көрүнүшү башка нерселердин көрүнбөшүн талап кылат. Туман каптаган кезде башка нерселердин көрүнбөй калганы сыяктуу... Ошондуктан Алла Таала бул дүйнөдө адам баласынын көзүнө көрүнбөйт. Эгер көрүнгөндө адамдар Анын жамалынан да куру калып, өздөрүн ар тараптан курчап тургандыгы үчүн эч нерсе көрө алышмак эмес. Мунун табигый талабы катары дүйнө жашоосу деген нерсе да болмок эмес.

Демек, адам акылынан, аң-сезиминен тышкары болгон Улуу Алла Таала жашыруун да, көрүнөө да! Тагыраак айтканда, Ал заты жагынан жашыруун, ал эми сыпаты жагынан көрүнөө!

Ал көрүнөө; себеби бүтүндөй жандуу-жансыз Анын затынын нурунан жаралган.

Ал – жашыруун; анткени көз Анын нурун көрүүгө күчү жетпейт.

Ал – көрүнөө; Андан сырткаркы жаамы жандуу-жансыз Анын сыпаттары менен гана көрүнөт.

Ал – жашыруун; себеби Ага теңдеш да, окшош да эч бир нерсе жок. Адам тигил же бул нерсени түшүнүүсү үчүн ага окшош нерсе болушу керек. Ошондуктан эч бир теңдеши болбогон Заттын жашыруун болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Мына ушундай улуу Затты эч бир жандуу-жансыз аңдай албайт. Ошол себептен ыйман Анын Затынын акыйкатын аңдоо эмес, барлыгын кабыл алуудан гана турат. Анткени бар болуп-болбоо маселеси башка, бар болгон нерсенин маңызы жөнүндөгү бүтүм башка.

Бул жагынан Жараткан Алла затынын бар болуп-болбогонун түшүнүшү үчүн адамга акыл ыроолоп, көзгө көрүнгөн ааламдагы жандуу-жансыздар аркылуу жалгыз Өзүн таануу мүмкүнчүлүгүн түзүп берген.

Жунайд Багдадий бир күнү жоон топ адамдардын кыжылдашып бир жакты көздөй баратканын көрүп калат. Кызыгып:

- Ой, эл-журт! Кайда баратасыңар? деп суроо салат .

- Баланча жерден бир аалым келген экен! Алла Тааланын бар экенин, жалгыз экенин ар түрдүү далилдер менен далилдейт экен! Мына ошол аалымдын сөзүнө кулак төшөө үчүн баратабыз. Кааласаң, жүр биз менен! дешет.

Анда Жунайд олуя ууртунан жылмайып:

- Көрөөр көз, угаар кулак, туйаар көөдөн үчүн ааламда Жаратукандын миң түрлүү далилдери бар. Жараткан Кудай Тааланын жалгыздыгын, улуулугун, кудуретин далилдеген сан жеткис эн, белги бар! Ырас, мына ушунун баарына күмөнүңөр болсо, барсаңар болот! Биздин көөдөнүбүздө күмөндөн кыпындай да күкүм жок! деген экен.

Кыскасы Жараткан Алла көрүүчү көздөр үчүн «ааламдын кареги» делген адамга, «арипсиз Куран» атанган ааламга жана «арип түрүндөгү аалам» болуп эсептелген Куранга Өзүнүн сан жеткис белгилерин жайгаштырган. Булардан пайдалануу үчүн адам баласына жардамчы жана жол башчы катары пайгамбарларын жөнөткөн. Пайгамбарлар аркылуу көзгө көрүнүп-көрүнбөгөн ааламдардын чындыгын маалымдаган. Ал ыйык Куранды адам баласынын аң-түшүнүгүнө ылайыктуу таризде «сөз» түрүндө тартуулаган.

Андыктан сөздүн чектелүү мүмкүнчүлүгүнүн алкагында Алла Таала жөнүндө кыскача мынабуларды айта алабыз:

Чыныгы Чексиз Кудурет – бул Алла Таала гана. Аны эч бир жандуу-жансызга салыштыруу мүмкүн эмес. Ал – теңдешсиз Зат. Анын өзүнө берген сыпаттамасынан тышкары Ага башка сыпат берүүгө адам баласынын күч-кудурети жетпейт. Алтургай биз чектелүү аң-түшүнүгүбүз менен «Чыныгы Кудурет» дешибиз дагы Аны чектейт. Бирок түшүндүрүү үчүн ушинтип айтууга аргасызбыз. Ал эми чындыгында Алла Таала жөнүндө адамдын ойуна кандай пикир келсе келсин, Улуу Жараткан Алла Таала андан такыр оолак!

Мына ушундай Улуу Кудурет Өзүнүн сыпаттарын маалымдашы Затынын табигый талабы. Айлана-чөйрөгө жарык чачкан шам чырак сыяктуу... Бүтүндөй жандуу-жансыз Чыныгы Кудуреттин билгилигинде корутунду иретинде орун алган. Аалам дал ушул акыйкаттын өзүнчө бир көрнөгү. Бул ааламдагы жандуу-жансыздар сырткы көрүнүшүндө гана жашайт, алар өз турпаты өңүтүнөн өзүнөн-өзү эч бири бар боло албайт. Чыныгы Жаратуучунун сыпаттарынын, өкүмдөрүнүн, кудуретинин, жаратуучулугунун талабы катары бар. Алла Тааланын Заты бүтүндөй жандуу-жансыз аркылуу жаратуучулугун, кудуретин, хикмат-сырын, сыпаттарын көрсөтүү менен бирге жандуу-жансыздар эч качан Улуу Заттын Өзү боло албайт. Жандуу-жансыздын ар бири Чексиз Кудуреттүү Улуу Алла Тааланын Затынын эмес, сыпаттарынын өзүнчө көрнөккүзгүсү болуп эсептелет. Тагыраак айтканда, жандуу-жансыздар Алла Тааланын барлыгын жана жалгыздыгын айгинелеп турат.

Андыктан Улуу Зат бүт нерседен Ыйык жана Аруу! Күн болбосо, жарык болбойт. Бирок күндүн жарыгы күндөн башка нерсеге таандык болбоо менен бирге ал (жарык) –

Күн эмес. Анын сыңарындай, бүт нерсени «Алла Таала» деп билүү – ааламды, асман-жердегинин баарын кудай катары кабылдоого алып барып, «Бир»ди «ар бир» (б.а., бүтүндөй жандуу-жансыз) деп эсептеген материализмге жол ачат. Платондун «пантеизм» делген ишеними дал ушул чолок ойдун алкагы менен чектелип калган. Кээ бир адамдар учурунда Алла Тааланын кескин түрдөгү жалгыздыгын жар салган «Вахдат-у Вужууд» түшүнүгүн ушул ишенимдин алкагына киргизүүгө аракет кылышса да, чыныгы олуя-аалымдар мындай жаңылыш пикирди дайыма четке кагып келишкен. Себеби бүт нерсени Анын барлыгы менен жаралгандыгын кабыл алуу менен бирге Анын Затын бүт нерседен Аруу деп билүү – бул «Вахдат-у Вужууд» түшүнүгүнүн өзөгүн түзөт. Тагыраак айтканда, аалам – бул Жараткан Алланын сыпаттарынын көрнөгү, ал эми Анын Заты аалам эмес. Анткени Жаратуучу эч качан жаратылган нерселердин келбетинде көрүнбөйт. Жараткан Алланы тигил же бул нерсенин келбетинде көрүнгөнүн кабыл алуу адам баласын «каапырлыкка» жетелейт. Себеби Жараткан Алла Тааланын эч бир теңдеши да, шериги да жок. Ал жаратылгандардын эч бирине окшобойт. Андыктан Ал ар түрдүү адамдык сыпаттардан кескин түрдө жогору! Бул чындыкты четке каккан иудейлер Узайрды *(алейхиссалам)*, христиандар Иса пайгамбарды *(алейхиссалам)* Кудай Тааланын уулу катары кабылдагандыгы жалпыга маалым. Адам баласынын өз ойунан чыгарып, адал жолдон адашкандыгы тууралуу Алла Таала Куран аяттарынын биринде:

«Алар (каапыр-мушриктер) Алланын кадырын сезе алышпады. Ырасында, кыямат күнү бүтүндөй жер бети Анын уучунда (экенин көрөсүң). Асмандар да Анын кудурети менен жыйналат. Ал алардын кошкон шериктеринен Аруу жана Жогору!» (Зумар сүрөсү, 67-аят) дейт.

Андыктан Ислам ишениминин өзөгүн түзгөн тавхид келмесинин негизи «Лаа илааха» (кудай жок) деген сөз менен аң-сезимден Алла Таала жөнүндөгү туура эмес түшүнүктөрдүн бардыгы жокко чыгарылып, анын ордуна «иллаллах» (Алладан башка) деген сөздүн акыйкатын, т.а., Жараткан Алла Өзү маалымдаган эң туура «Аллах» түшүнүгүн орнотууга багытталат. Бул багытта Куран аяттарында:

«Аллах! Андан башка кудай жок. Ал – Тирүү, Түбөлүк! Ал – үргүлөбөйт, уктабайт. Асмандардагы жана жердеги нерселердин баары Ага (гана) таандык...» (Бакара сүрөсү, 255-аят).

«...Ага окшош эч нерсе жок. Ал – Угуучу, Көрүүчү!» (Шуура сүрөсү, 11-аят).

«(Эй, Элчим) Айткын: Алла Жалгыз! Алла эч кимге муктаж эмес. Ал төрөгөн да, төрөлгөн да эмес! Ага теңдеш эч ким жок!» (Ихлас сүрөсү, 1-4-аяттар).

Ошентип биздин Анын «Заты» жөнүндөгү аң-түшүнүгүбүз чектелүү. Биздин эң иридеги милдетибиз Аны Заты менен кабыл алып, Ага толук моюн сунуу, Анын буйрук-жарлыктарына баш ийүү болуп эсептелет. Кыскасы, пенде мынабул утурумдук дүйнөдө чектелүү мүмкүнчүлүктөрү менен Анын «Затын» аңдоодо кескин түрдө алсыз, алсыз жана дагы алсыз...

Ыйык Куранда маалымдалгандай, азирети Муса пайгамбар Тур-у Синада Жараткан Алла менен сүйлөшүүдөн өзгөчө руханий ырахат алды. Мына ушул ырахаттын керемети менен өзүнөн танды. Дүйнөдө же акыретте экендигин түшүнө албай, өзүнчө убакыт-мейкиндиктен, жер-орундуктан сырткары чыккандай, дендароо болуп туруп калды. Эң бир аруу, эң бир улуу сүйүүнүн кучагында Жараткан Кудуреттин Затын көрүүнү жан дили менен самады. Алла Таала ага:

«Лан тароонии» б.а., «Мени эч качан көрө албайсың!» деди. Андан соң ага маңдайындагы тоого назар салышын, эгер аны ордунда көрө алса, Өзүн да көрүү

мүмкүнчүлүгү болоорун билдирди. Жазма булактар боюнча, тоого Жараткан Алладан бир нур түштү. Тоо быркырап кетти. Муса пайгамбар эсинен танды. Эсине келип, чектен ашкандыгы үчүн Жараткан Алланы даңазалап, Андан кечирим тиледи.[94]

Ыйык Куранда маалымдалган бул окуя Жараткан Алланын Затын аңдоо адам баласынын мүмкүнчүлүгүнөн толук кандуу түрдө сырткары болгондугун ачык-айкын айгинелеп турат.

Ошондой эле куттуу хадистерде белгиленгендей, момунмусулмандар бейиште Жараткан Алла Тааланын Затын бул дүйнөдө толгон Айды кандай көрүшсө, дал ошондой бири-бири менен түртүшүп жөөлөшпөй ачык-айкын түрдө көрүшөт. Бул маселе менен жогоруда айтылган акыйкаттын ортосунда эч кандай төп келишпестик жок. Себеби бул дүйнөдөгү шарттар менен акыреттик шарттар бирдей эмес. Тагыраак айтканда, Жараткан Алла бейиште мусулмандарга Өзүнүн Затын көрсөтүүгө жарай турган такыр башкача шык-жөндөмдүүлүктөрдү ыроолойт. Учурунда азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул дүйнөлүк шарттардан сырткары Жабраил периште тарабынан көөдөнү ачылып, руханий «операция»дан өтүшү улуу озуйпаларды көтөрө ала тургандай шык-жөндөмдүн ыроолонушуна багытталган. Болбосо, акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кадыресе адамдык түзүлүшү менен бул озуйпаларды көтөрүүгө да, «Мираж» сыяктуу улуу белектерди кабыл алууга да күчү жетмек эмес...

Айтор, ыймандан ихсанга көтөрүлгөндөр ааламдын кадырлуу пенделери болушат. Булар чыныгы баралына келген адамдар. Дайыма Жараткан Кудуреттин ыраазылыгына бет алышат. Мынабул утурумдук дүйнөдө болуу алар үчүн өзүнчө сапар сыяктуу. Алар бул дүйнөдө өзүнүн утурумдук турпатынан арылып, Жараткандын барлыгы менен бар болушкандыгын билип, эрк-каалоолорун Жараткан Кудуреттин эркине тапшырган бактылуу пенделер.

**Жараткан Алла жалпыбызга ыйман булагынан суусунубуз канганча жутуп, даам сызууну насип буюрсун! Сүйүктүү Пайгамбарына коңшу кылып, Затынын жамалын көрүү бактысына жеткизсин!...**

**Оомийин...**

*Жараткандын нуру менен назар салган адам бир тамчы суу-дан бүтүндөй океан-мухитти көрөт*

*(Мавляна олуя)*

## 2. Жараткан Алланын сыпаттары

Жараткан Алла Тааланын Заты жалгыз, ал эми сыпаттары эсепке сыис баис т. Анын сыпаттары белгилүү өлчөм же сандар менен чектелбеис т, тагыраак аис тканда, чексиз! Муну жалгыз Өзү гана билет! Булардан аис рымдары паис гамбарларга гана, ошондоис  эле аис рым бир бөлүгү (т.а., токсон тогуз ысым-сыпаты) жалпы элге маалымдалган. Чыныгы Ислам аалымдары да токсон тогуздан сырткары бир катар ысым-сыпаттарын билишет.

Билинип-билинбеген Жаратkандын бүтүндөй ысым-сыпаттары ааламдын жападан жалгыз Жаратуучусунун түркүн түстүү кемчиликтерден толук кандуу түрдө оолак жана

адамдын аң-сезиминен тышкары эң жогорку сыпаттардын Ээси болгондугун маалымдайт. Бул өңүттөн Ислам аалымдары Анын сыпаттарын «Затий» жана «Субуутий» деп экиге бөлүп карашкан. Бул сыпаттардан кайсыдыр биринин жетишсиз, кем болушу мүмкүн эмес.

Анын бар болушу толук кандуу тирүүлүгү менен тастыкталат. Анын «тирүү» деген сыпаты өлүм менен бүтө турган жашоо эмес, Жалгыз Өзүнө гана таандык жашоону түшүндүрөт. Бул багытта Куран аяттарынын биринде төмөнкүчө буюрулат:

«Эч өлбөй турган түбөлүк Тирүүгө (Алла Таалага) тобокел кыл...» (Фуркан сүрөсү, 58-аят).

Анын илими ой-пикирдин натыйжасы болуудан такыр оолак! Бул ааламдагы эч бир адамдын акылы жетпес эң жогорку тартип, мыйзам Жараткан Алланын чексиз илимдин Ээси болгондугун таасын далилдеп турат. Карт тарых тастыктагандай, адамзат кичинекей бир табылганы табуу үчүн канчалаган изилдөөлөр, нечелеген кылымдар талап кылынбаган! Маселен, бүгүнкү күнү кеңири кулач жайган чөнтөк телефондору аркылуу байланыш мүмкүнчүлүгү адамзат тарыхынын башынан бери канчалаган кылымдар өтүп, канчалаган тажрыйбалардын бирикмесинен келип чыкты. Бул ачылыш, табылга, али дагы чечиле элек сансыз сырлар Жараткан Кудурет тарабынан аалам мыйзамына бир учурда Чексиз Илими менен ширелген өзгөчөлүктөрдүн көрнөктөрү болуп эсептелет.

Жараткан Алланын илими менен жаратылгандардын илиминин ортосунда чексиз айырма бар. Хадис китептеринде бул багытта мынабул окуя баяндалат:

Кызыр *(алейхиссалам)* менен Муса *(алейхиссалам)* пайгамбардын саякаты учурунда кеменин учуна бир чымчык келип конуп калат. Чымчык тумшугун суугa салып, башын көтөрүп суу ичет. Анда Кызыр *(алейхиссалам)* Муса пайгамбарга кайрылып:

*«-Алла Тааланын илиминин алдында сенин, менин илимим жана бүтүндөй жандуу-жансыздын илими мобуреки чымчык тумшугу менен оозуна алган суунун көлөмүнчөлүк гана!»* дейт (Бухарий, Тафсир, 18/4).

Мавляна олуя Алла Тааланын «илим, самии (угуучу), жана басар (көрүүчү)» деген сыпаттарынын адам баласына маалымдалышынын сыры жөнүндө мындай дейт:

«Жараткан Алла жалгыз Өзүнөн коркуп, бузуку жолго барбашың үчүн Өзүнүн «Алиим» б.а., «бүт нерсени эң жакшы Билүүчү» болгондугун маалымдады»

«Жаман сөздөргө карата оозуңду жаап жүрүшүң үчүн Өзүнүн «Самии», б.а., «бүт нерсени эң жогорку деңгээлде Угуучу» экендигин билдирди»

«Ошондой эле ачык-жашыруун жаман иштерге барбашың үчүн Өзүнүн «Басиир» б.а., «бүт нерсени Көрүүчү» болгондугун маалымдады»

Айтылган бардык сөздөр Жараткан Алланын «калаам» (сүйлөөчү) сыпатынын өзүнчө көрнөгү болуп эсептелет. Ошентип Улуу Кудурет «калаам» сыпатындагы чексиз кудуретти көрсөтүү менен катар Өзүнүн Куттуу Ысымын ар кайсы тилде айттырууда. Ал бүтүндөй жандууларга, алтургай адамдар тарабынан жансыз катары кабыл алынган нерселерге да «калаам» сыпатынан насип буюруп, ар бирине өз-өзүнчө тил берген. Аяттардын биринде бул багытта:

**«Аны (Алла Тааланы) жети кат асман, жер жана андагынын баары даңкташат. Аны даңктап, даңазалабаган эч нерсе жок. Бирок силер алардын даңазасын түшүнө албайсыңар...»** делет (Исра сүрөсү, 44-аят).

Албетте, чексиз даңаза жалгыз Аллага гана жарашат! Адам баласы үчүн Алла Тааланы таануунун жападан жалгыз жолу – бул аң-түшүнүгүбүз менен кабыл ала турган бул ааламдагы Анын чексиз сыпаттарынын жандуу мисалдары аркылуу өтөт.

Алла Таала Куранда Өзүнүн ысым-сыпаттары жөнүндө:

وَلِلّٰهِ الْاَسْمَاءُ الْحُسْنٰى

**«Эң көркөм ысымдар Аллага гана таандык...»** (Аараф сүрөсү, 180-аят) деген аяты менен пенделеринин аң-түшүнүгүнө ылайыктуу маалымдаган.

Пенде улуу Кудурет менен болгон байланышын ысым аркылуу сактайт. Бул чындык Улуу Алла Тааланы даңазалоо үчүн Анын ысмы сөзсүз түрдө талап кылынаарын көрсөтүп турат.

Чынында эле адам эгер Жараткан Алланын өзүнө таандык ысмы болбосо, Ага болгон мамилесин оңдошу оор. Себеби адам баласы тигил же бул нерсени ысым менен айтууга ийкемдүү. Адам үчүн ысым тигил же бул нерсенин таанымы. Алла Таала Адам атаны жаратканда ага бардык ысымдарды үйрөтүү менен анын периштелерден жогору тургандыгын билдирген. Жараткан Алланын ысымдарын билбегенибизде, Ал жөнүндө эмнени билээр элек?

Адам Жаратkандын сыпаттарын билдирген ысымдарга дайыма муктаж абалда болот. Ар бир адам жашоонун өйдө-ылдыйында бирде болбосо, бирде Жаратканга өзүнө ылайыктуу ысым менен кайрылгысы келет. Бул ысымдар болбогондо, Аны менен болгон байланыш өтө төмөн болмок, балким, мүмкүн болбой да калмак. Бул ысымдар Алланын затынын жана улуулугунун алдында пенденин тилсиздигин бир даражага жогорулаткан, б.а., адам баласынын жан дүйнөсүндөгү башаламандыктарды жөнгө салуучу ачкычтар сыяктуу. Анткени Алланын ысымдарын эстөө ыйманды коргоп, Жаратканды эске салып, Ага болгон аруу сүйүүнү бекемдейт. Бул дүйнөнүн адал жолдон адаштырган утурумдук азгырыктарынан оолак кармап, түбөлүк бакыттын жолуна беттейт. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз тарабынан ар кайсы учурларда сунуш кылынган зикир-дубалардын Алла Тааланын ысымдары менен камыр-жумур абалда болушу да мына ушул аруу себепке барып такалат.

Өтө оор кырдаалга дуушар болуп, Жараткандын ыраакымына муктаж абалда турган пенде Жараткан Эгесинен жардам сурап, абалын билдирүү үчүн кыска жана нуска сөздөрдү издеп, Алла Тааланын «Мээримдүү жана Ырайымдуу» ысымдарына баш калкалайт. Күнөөлөрүнүн оорлугуна жан дили менен бушайман болуп, Жаратканга «Чексиз Кечиримдүү» жана күнөөлөрдү жаапжашыруучу «Саттаар» ысымдары менен кайрылат. Кыскасы пенде жашоонун оош-кыйышында Жараткан Алланын ар түрдүү сыпаттары аркылуу жан дүйнөсүнүн ачыла элек каалгаларын ачып, бейпилдик табат.

Ошондуктан Алла Таала Өзүн акыйкатка ылайыктуу түрдө адамдарга түшүнүктүү таризде тааныткан. Башкача айтканда, Ал Өзүн «Алиим (Билүүчү), Кодиир (Кудуреттүү), Гофуур (Кечиримдүү)» ж.б. сыпаттары менен таанытышында, негизи, адамга таандык жекелик себеп да бар. Себеби адам бул сыпаттардан кээ бирлерин -эң төмөн даражада болсо даөзүнөн байкай алат. Бул адамдын адал жолго түшүп ыйманга келиши үчүн ыроолонгон Жараткандын өзүнчө белеги.

Алла Таала Өзүнүн сыпаттарын адам баласынын аң-сезимине ылайыктуу түрдө маалымдаган. Мавляна олуя мындай дейт:

«Жараткандын нуру менен назар салган адам бир тамчы суудан бүтүндөй океан-мухитти көрөт»

Ибрахим Гүлшений:

«Эй, жан! Бул тамчылардын ичинен өзүнчө деңиз болушуңдун сыры эмнеде?» дейт.

Бул суроонун жообу Мавлянанын мынабул сөздөрүндө катылуу:

«Хикмат-сыры купуя Жаратkандын ишин ким түшүнө алат? Ал иштин акыйкатын ким аңдай алат? Менин бул сөздөрүм болгону түшүндүрүү үчүн гана айтылган сөздөр»

«Негизи дин маселеси таң калуудан башка эч нерсе эмес. Бирок бул таң калыш акыл толук жетпегендиги үчүн акыйкаттан жүз үйрүү эмес, тескерисинче, Жараткандын чексиз сүйүүсүнө, ыраакымына бөлөнүү»

«Бул дүйнөдө биз кимбиз? Биз көлөкө сыяктуубуз. Эч бир арипмененбирикпеген«алиф»( )арибисыяктуубуз.Бизденчыккан ар бир кыймыл, ар бир аракет-абал Анын ысым-сыпаттарынын өз-өзүнчө көрүнүшү»

Мавляна олуяны мына ушундай таң калтырган учу-кыйырсыз деңизге жетелеген себеп – Алла Тааланын ысым-сыпаттарынын өзүндөгү жана ааламдагы акылды аң-таң калтыра турган даражадагы улуу жана чексиз көрүнүштөрү эле. Бул чындык, т.а., Алла Тааланын ысымдарынын көптүгү Анын ар тараптуулугун түшүнүүгө жардам берет. Улуулугунун, кудуреттүүлгүнүн, аруулугунун чексиздигин түшүндүрөт. Аны чектөөчү тар түшүнүктөргө эч качан сыйбагандыгын маалымдайт. Ошондой эле карамакаршы жагдайлар Алла Тааланын улуулугун чектеген мындай чолок түшүнүктөргө тоскоол болот. Алла Таала Захир (көрүнүүчү) да, Батын (көрүнбөөчү) да Зат.

Алла Таала «жаамиул-аздаад» б.а., «бардык карама-каршы сыпаттарды затында бириктирген» Зат.

Бул улуу касиет жандуу-жансыздардын бири-биринен айырмаланып турушуна себеп. Ошондуктан адам баласы тигил же бул нерсени ага карама-каршы келген жагдайлар аркылуу түшүнөт. Карама-каршылык канчалык так болсо, аң-түшүнүк ошончолук тунук болот.

Бул дүйнөдө карама-каршылыктар бир жерде боло албай, бири-бирин жойуу аркылуу жуурулушууга жанүрөгөнү жанүрөгөн. Нерселердин негизинин тек болгондугун айгинелеген бул жагдай физикалык жана метафизикалык акыйкаттар ааламында да жандуулугун сактайт. Бул – Жараткан Кудуреттин мыйзамынын талабы. Күндүзгү жарык караңгы түндү, ысык аба суук абаны жойуу аркылуу жуурулушуу жараяны (процесси) жүргөндөй эле, руханий байланышта да Жараткандын бул мыйзамы сакталат. Бирок Жараткандын Затындагы карама-каршы сыпаттар биздин дүйнөдөгүдөй, бири-бирин жойууга багытталган эмес, бардыгы бир жерде болуу касиетине ээ. Ырасында, Жараткан Алланын өз Затында эч бир сыпаты бири-бирине карама-каршы эмес. Тагыраак айтканда, Ал – тирүү. Бирок Анын тирүүлүгү биз билген тирүүлүккө карамакаршы мааниде колдонулган өлүмдөн толук кандуу түрдө алыс. Ал бар. Ал эч качан жок болуп кетпейт. Ал – чыныгы илимдин Ээси! Ал илимге карама-каршы келген наадандыктан такыр оолак! Ал бүтүндөй жандуу-жансыздын сан түркүн муктаждыгын камсыз кылуучу! Ошондуктан ал муктаждыктан кескин түрдө тышкары!...

Ошондуктан карама-каршы сыпаттардын Алла Тааланын алдындагы чыныгы маңызын түшүнүүгө чектелүү аң-сезимибиз жетпегендиги үчүн бул жагдайды аңдап-түшүнүү биздин күчкудуретибизден жогору турат. Муну мынабул мисал менен түшүндүрсөк болот:

Электр тогу аркылуу муздаткычтан муздак, ал эми жылыткычтан ысык илеп чыгат. Муздаткыч менен жылыткычты бир бөлмөдө иштетсек, ысык-суук аба бири-бири менен аралашып, бири-бирине белгилүү өлчөмдө таасир этсе да, бул жагдай экөөнүн тең «булагы» болгон электр тогунан байкалбайт. Анын сыңарындай, Алла Таала Жалгыз Өзү жараткан жандуу-жансыздарга өздөрүнө тиешелүү ар түрлүү өзгөчөлүктөрдү ширеткендиктен, алар да Жараткандын ысым-сыпаттарына ар бири өзүнө жараша өзүнчө

күзгү болуп эсептелет. Ошентип карама-каршылыктардын ортосундагы күрөш көпчүлүктүн азчылыкка болгон үстөмдүгү аркылуу түбөлүккө карай улана бермекчи.

Демек, бул дүйнөдөгү карама-каршылыктардын ортосундагы күрөш, негизи, бири-бирин жок кылуудан мурун, үстөмдүк кылууга багытталган. Себеби бирине-бири карама-каршы ар бир жагдай бир же бир канча ысымга таянгандыгы үчүн, ошону менен бирге Алланын ысым-сыпаттары түбөлүктүү болгондугу үчүн бул карама-каршылыкка чекит койуу мүмкүн эмес.

Бул түшүнүктүн табигый талабына мусулмандарда Алланын «Хаадии» (Туура жолго салуучу) сыпаты үстөмдүк кылгандыгын, ал эми каапырларда «Мудилл» (адал жолдон адаштыруучу) сыпаты үстөмдүк кылгандыгын мисал катары берсек болот.[95]

Каапырлар канчалык күчтүү болушса да, жүрөктөгү ыйманды эч качан жок кыла алышпайт. Бул жагдай мусулмандар үчүн да жарактуу. Адамзат коомчулугунда бул кыяматка чейин улана бермекчи.

***

Ошондой эле бул ысымдардын талабы катары жаралган аалам Жаратkандын ысым-сыпаттарынын көрнөгү болуу өңүтүнөн жалгыз эмес. Бул жагдай адам баласы үчүн да, Куран үчүн да жандуулугун сактайт.

Аалам бул талаптын иш жүзүндөгү көрнөгү болсо, Куран ошол ааламдагы акыйкаттардын «калаам» (сөз) түрүндөгү көрнөгү. Ал эми адам баласы Алла Тааланын ысым-сыпаттарынын көрнөгү болуу өңүтүнөн ааламдын өзөгү сыяктуу. Мына ошондуктан ал «аалам-у сагиир» б.а., «кичинекей аалам» деп айтылган.

Алла Тааланын ысымдарындагы карама-каршылыктардын адамда да болушу табигый көрүнүш. Бул боюнча, Алла Тааланын «Хаадии» сыпаты үстөмдүк кылган мусулман адамда сөзсүз түрдө «Мудилл» сыпаты да белгилүү өлчөмдө жандуулугун сактайт. Каапыр адамда бул жагдай тетирисинче болот.

Мунун табигый натыйжасын ар бир мусулман адамда адал жолдон адашууга, ар бир каапыр адамда да ыйманга келүүгө (аз же көп) белгилүү өлчөмдө ийкемдүүлүк болгондугунан байкоого болот. Ошондуктан мусулман адам «коркуу менен үмүттүн ортосунда» өмүр сүрүп, адал жолдон адашып кетүү ыктымалын эч качан эсинен чыгарбашы керек.

Ошону менен бирге «Ислам» дегенде ичинен ирээнжиген чылкый каапыр дагы бир күнү келип, адал жолго түшүшүн жадыдан чыгарбай, буга үмүт менен назар салуу абзел.

Куттуу хадистерде бул жагдайга ишарат жасалып:

*«Бир адам узак жылдар бою бейишке алып барчу иштерди жасайт. Бирок (ал өмүрүнүн) акырында тозоктун иштери менен алек болуп (тозокко түшөт). Бир адам узак жылдар бою тозокко алып барчу иштерди жасайт. Бирок (ал дагы өмүрүнүн) акырында бейиштин иштери менен алек болуп (бейишке кирет)»* делет (Муслим, Кадар, 11).

Мына ошондуктан ар бир мусулман пенде коркуу жана үмүт сезимдеринин ортосунда тең салмактуулукту сактоого аракет кылып, Жараткан Алланын:

«...Сага өлүм келгенге чейин Жараткандын алдындагы ибадат (кулчулук) озуйпанды аткар!» (Хижр сүрөсү, 99-аят) деген буйругунун негизинде өмүр кечирүүгө жанүрөшү кажет.

Бул жерде эскерте кетчү дагы бир жагдай бар, келечек тагдыр белгисиз болгондуктан адам баласынын өзүнө болгон толук ыймандан чыгып кетпөө ишеними да, толук кандуу түрдөгү үмүтсүздүгү да аны каапырлыкка жетелейт. Себеби акыркы дем

учурунда кимдин кандай абалда жан берээрин жалгыз Жараткан Алла Тааладан башка эч ким билбейт. Ошондой эле пайгамбарлардан жана Жараткан Алланын ишараты аркылуу пайгамбарлар айтып кеткен пенделерден (маселен, бейишке кирүүлөрүнө кепилдик берилген он сахаба сыяктуу) башка эч бир адам үчүн кепилдик жок.

Ыйык Куранда маалымдалгандай, «асхабу ухдууд» деп аталган адал жолдун жолоочулары тили асманга соймоңдогон от-жалынга ыргытылып, Хабибу Нажжар заалым коомдун таш бараңына алынып, Фараондун сыйкырчылары Муса *(алейхиссалам)* пайгамбарга ыйман келтиришкендиги үчүн колу-буту кесилип, курма багына асылып жатканда дагы алар ыйманынан тайбай:

رَبَّنَا أَفْرِغْ عَلَيْنَا صَبْرًا وَتَوَفَّنَا مُسْلِمِينَ

**«..Оо, Жараткан Алла Таалам! Бизге сабыр бере көр... жаныбызды мусулман катары ала көр...»** (Аараф сүрөсү, 126-аят) дешип Жаратkандын алдына шейит болуп кетишкен.

Демек, ким канчалык чылкый каапыр болсо болсун, аны Исламга чакыруу мүмкүнчүлүгүнөн алыстатууга жана анын Ислам дини менен таанышуусуна жолтоо болууга эч кимдин укугу жок. Себеби анын бир күнү болбосо, бир күнү көкүрөгүнө ширелген «Хаадии» ысмынын талабына жооп берип, жашоосун өзгөртүүгө толук мүмкүнчүлүгү бар. Тагыраак айтканда, эң заалым, эң таш боор каапыр дагы адал жолдун жолоочусуна айланашы толук ыктымал. Бул чындыкты тастыктаган таризде Алла Таала азирети Муса менен азирети Харунга Фараонду туура жолго чакырууга милдеттенме берип жатып:

فَقُولَا لَهُ قَوْلًا لَيِّنًا لَعَلَّهُ يَتَذَكَّرُ أَوْ يَخْشَى

**«Ага жылуу сөз менен кайрылгыла! Балким, ал айткан насаатыңарды угуп, Алладан коркоор»** (Тоохаа сүрөсү, 44-аят) деп буюрган.

Бул аят бизге Ислам динин жеткирүүнүн эң сонун ыкмасын көрсөтүүдө. Бул ыкманын эки негизи бар:

1. Акыйкатты адамга анын «текеберлик» сезимин ойготпогондой таризде жылуу-жумшак мамиле жасоо аркылуу жеткирүү.

Фараон Муса пайгамбардын мужиза-кереметтеринин алдында бир канча жолу ыйманга келүүгө жибисе да, айлана-тегерегиндеги Хаман сыяктуулар ага тоскоол болушкан. Өзү да абдан текебер болгондуктан ыйман келтирген эмес. Өмүрүнүн акырында Кызыл деңизде жан берүү учурунда акыйкатты түшүнүп «Хаадии» ысмына баш калкалап:

**«Исраил уулдары ишенген бир Кудайдан башка кудай жок деп ишенемин жана мен Ага моюн сунуучулардanмын деди»** (Юнус сүрөсү, 90-аят)

Бирок өмүр бою чылкый каапыр болуп жашаган Фараондун бул жашоо менен аркы дүйнөгө өтүүнүн ортосунда «сакараат» деп аталган учурда келтирген ыйманы кабыл алынган жок. Себеби бул учурда акыйкат ачыкка чыгып, сынактын учуру өтүп кеткен эле. Ошентип ал акыретке каапыр бойдон кетти.

Дагы бир аятта бул ыкма тастыкталып:

«(Элчим!) Элди Жараткан Эгеңдин жолуна хикматдаанышмандуулук жана көркөм насаат (жылуу сөз, жугумдуу, жатык тил) менен чакыр!» (Нахл сүрөсү, 125-аят) деп буюрулган.

2. Ислам динин жайууда белгилүү гана чөйрө менен чектелбей, бардык адамдарга ачылуу.

Фараон ыйманга жакын жолобогон заалым, зөөкүр, ошондой эле учурунда Муса пайгамбарды жок кылуу үчүн миңдеген наристелерди өлтүргөн мыкаачы эле. Ошого карабастан ал жылуу мамиле менен Жаратканды адал жолуна чакырылды. Ага карата Жараткандын буйругу:

«Ага жылуу сөз менен кайрылгыла! Балким, ал айткан насаатыңарды угуп, Алладан коркоор» (Тоохаа сүрөсү, 44-аят) деп билдирилди.

Жараткан Кудуреттин бул буйругу ким кандай киши болбосун, Ислам дининин кабары бүтүндөй адамзат коомчулугун өзүнө камтышы керектигин баса белгилейт.

Буга үлгү катары учурунда азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын Абу Жахилди бир жолу эмес, дайыма Ислам динине чакыргандыгын мисал келтирсек болот. Абу Жахил азирети Пайгамбарыбыздын ачык-айкын пайгамбарлыгын ичинен кабыл алса да, текеберликтин үстөмдүгү менен анын чакырыгына терс жооп кайтарган. Ошону менен бирге азирети Пайгамбарыбыздын бул аракети Умар бин ал-Хаттаб, Абу Суфян, Хинд жана Вахши сыяктуу алгач Исламдын чылкый душманына айланган канчалаган адамдардын адал жолго түшүшүнө себепкер болгон.

Мына ушундай аруу түшүнүк Ислам дини үчүн ар түрдүү кызматтарда болсун, же күнүмдүк турмушта адамдардын өз ара мамилелеринде болсун, айтор, ар качан адамзат коомчулугу үчүн жакшылыкка, ынтымак-биримдикке, бейпилдикке жана берекекутка себеп болот. Тасаввуф жолундагылар да бул багытта дал ушул түшүнүктүн алкагында жанүрөп аракет кылышат.

***

Жараткан Алла Өзүнүн Заттык жалгыздыгын жүрөк менен тастыктап, тил менен айтуу аркылуу жүзөгө ашкан ыймандын табигый мыйзам ченемдүү талабы катары ибадаттар менен даңазаланышын каалап, муну жүзөгө ашыра турган жөндөмдүүлүктү жандуужансыздардын арасынан адамдарга жана жиндерге гана ыроологон. Аларга аң-сезим, акыл, күч-кудурет бергендиктен аларды мына ушул аң-сезиминин жана күч-кудуретинин чама-чаркына жараша милдеттүү кылган.

Жиндер саны жагынан адамдардан көп болушуна жана Куранда адамдар менен бирге эскерилген жерде адамдардан мурун эскерилишине карабастан, Алланын алдында улуулугу жагынан эң жогорку даражада адам турат. Ошону менен бирге адамдар менен жиндер бул дүйнөгө келүүлөрүндөгү эң негизги максаты, т.а., ибадат (кулчулук) озуйпасы жагынан бирдей жоопкерчиликке ээ. Жараткан Алла бул багытта:

وَمَا خَلَقْتُ الْجِنَّ وَالْإِنْسَ إِلَّا لِيَعْبُدُونِ

**«Мен жиндерди жана адамдарды Жалгыз Өзүмө кулчулук кылуулары үчүн гана жараттым»** (Зарият сүрөсү, 56-аят) деп буис урат.

Ыраакымы каарынан жогору турган чексиз мээримдүү Алла Таала адамдар менен жиндерге «кулчулук» милдетин аткаруулары үчүн акыл, аң-сезим, күч-кудурет берүү менен кошо Өзүнүн жардамын да аяган эмес. Аалам – Жараткан Алланын барлыгына жана жалгыздыгына ар тараптуу далилдердин маис даны. Мына ушул далилдерди адамдардын жана жин ааламынын түшүнүшүнө жардам иретинде Алла Таала өзүнүн паис гамбарларын жөнөткөн. Паис гамбарлардын жолун чыныгы аалымдар, олуя-мүршиддер жолдогон. Мына ушундаис кошумча жардамдан бир дагы адамдын сыртта калбашы үчүн муну алгачкы инсан аркылуу баштап, азирети Адам атага паис гамбарлык озуис пасын жүктөгөн. Адам баласы жиндерден жогору тургандыктан бардык

паис гамбарлар адамдардан чыгып, кээ бир паис гамбарлар жиндерге да милдеттүү болушкан.

Паис гамбарлардын чакырыгы жалпы өңүтүнөн бирдеис болгону менен, коомдук өкүмдөр убакыттын өтүшү аркылуу адамзат жеткен жетишкендиктер менен катарлаш өзгөрүп келип, акыр заман Паис гамбары жана ага түшүрүлгөн ыис ык Куран менен баралына келген. Ыис ык Куран ошентип кыяматка чеис ин өкүмү өзгөрүлгүс ыис ык Китеп катары кереметтүүлүгүн сактамакчы. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыз болсо, адамзат жана жин ааламына паис гамбарлык милдетин аркалагандыктан «расуулус-сакалаис н» деген наамга да ээ болгон.

Аалам – бул Жараткан Алланын чексиз кудуретин ачык-аис кын аис гинелеген өзөк далилдердин бири. Илим илгерилеген саис ын Жараткан Алла Тааланын ажаис ып укмуштуудаис купуя сырлары ар тараптуу ачылып, Анын чексиз кудурети менен дагы да жакындан таанышууга зор мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө. Учурубуздагы космостук изилдөөлөрдөн тарта генетика илиминин ачылыштарына, компьютер табылгасына чеис инки илимиис иш-аракеттердин бардыгы Жараткан Алланын чексиз кудуреттүүлүгүн тастыктап турат. Себеби мына ушул табылгалардын бардыгын изилдеп тапкан адам баласына ошол акылды, ошол күчтү, ошол аң-сезимди Жараткан Алла ыроологон. Ошондоис эле ааламдагы ошол купуя сырлардын бардыгын Жараткан Алла Таала жараткан.

Илим аркылуу табылган ар бир табылга менен адам баласына Жараткан Алланын кудуретин тастыктаган жаңы далил сунат. Аалам мына ушундаис миң бир сырлуу өзгөчөлүгү менен адам баласынын аң-сезими үчүн чексиз акыис каттар маис даны болуп эсептелет. Ал ушул турушу менен сөз түрүнө түшпөгөн өзүнчө керемет китептин сыңары. Жаратkандын жарлык-буис руктарына моюн сунуу аркылуу илимдин түис үндөрүн чечип, «русуух» деп аталган жогорку даражага жеткендер арип түрүндөгү акыис каттардан өтүп, Жараткан тарабынан ыроолонгон руханиис күч менен аалам китебиндеги купуя сырларды окуис башташат.

Ааламга үстөмдүк кылган Жараткан Кудуреттин мыис замын так илимдер «жаратылыш кубулуштары» деген аталыш менен атоого аракет кылышат. Бирок «русуух» даражасына жеткендер «жаратылыш кубулуштары» делген бул чындыктарды алдаканча ар тараптуу карап, ааламга үстөмдүгүн жүргүзгөн Жараткандын кудурети деп түшүнүшөт.

«Кичинекеис аалам» делген адам баласы да аалам сыяктуу чексиз акыис каттардын топтому. Адам баласынын «ааламдын өзөгү» делишинин сыры дал ушул жерде жатат. Маселен, буудайдын бир данында андан өсүп бышып жетиле турган эгиндин бардык өзгөчөлүктөрү кандай сакталган болсо, адам баласына дал ошондой эле ааламдагы жана Курандагы бардык акыйкат сырлар жайгаштырылган.

Улуу Алла Таала адамды жер жүзүндө «халифа» катары жараткан. Аны бүтүндөй жандуу-жансыздын эң кадырлуусу кылып, ааламдын өзөгү катары жараткан. Өзүндө катылуу акыйкаттар өңүтүнөн адам кичинекей ааламга салыштырылган. Илим да бул өңүттөн адамга эң ириде өзүн таанытып, жаралуудагы максатын түшүндүрүп, марифатуллахка себеп болушу керек.

Шейх Галиб адамга төмөнкүчө кайрылат:

«Эй, адам баласы! Сүйүүнүн сырлары катылган сандык (жан дүйнө) сенде экендигин билип ал... Адамдык арууулуктун да, бийиктиктин да нуру сенде, сенде жана сенде...»

«Сенде кандай гана купуя сырлар бар... себеби марифат, өнөр жана акыйкат да сенде...»

«Өзүңө үңүлө назар сал! Асман, жер, бейиш, тозок да сенде...»

«Ошондуктан эй, адам баласы! Сен ааламдын өзөгүсүң, жандуу-жансыздын кареги атанган адамсың...»

Кыскасы, адам баласы себептен себепкерге, эмгектен устага карай кеткен жол аркылуу аңдоого аракет кылган, Жараткан Кудурет тарабынан бул дүйнөгө жиберилген өзгөчө жан. Ал мына ушундай өзгөчөлүгү менен өзүнчө аалам жана жандуу Куран болууга (б.а., Куран менен жуурулуша жашоого) мүмкүнчүлүгү бар жан.

Илимий изилдөөлөр ааламдагы купуя сырларды ачууда бир топ илгери жетишкендиктерге жетсе да, али адам баласынын көптөгөн сырларын ача албай келет. Мунун себеби адам баласынын «рух» жана «дене» турпаттан турушунда, ошондой эле адамдарга «рух» жөнүндө аз гана маалымат берилгендигинде жатат. Анын дене турпаты жөнүндөгү маалыматтар мындан эки миң жыл илгеркиге салыштырмалуу олуттуу түрдө өзгөрүп, алдаканча так жана көп болсо да, рухуна карата жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн натыйжасында көптөгөн түйүндөрдүн жабык бойдон калышы талап кылынган. Бул багытта Жараткан Кудурет:

**«Алар сенден рух жөнүндө сурашат. «Рух Жараткан Эгеме таандык иштерден. Ал жөнүндө силерге аз гана маалымат берилген» деп айт!»** (Исра сүрөсү, 85-аят) дейт.

Сөз учугун ааламга бурсак, ал «Жараткандын мыйзамы» делген ажайып укмуштуудай белгилүү тартиптин негизинде куралган. Бул эрежелер ошол эле учурда Жараткан Алла Тааланын чексиз илимин жана чексиз кудуретин айгинелеген физикалык жана метафизикалык ааламдарга тиешелүү миң бир сырлуу мыйзамдар. Булардагы өзгөрбөс жана ортоктош өзгөчөлүктөр бул мыйзамдын Ээсинин бир жана жалгыз болгондугун, бул ааламдагы жандуужансыздардын бардыгы бир Күчтүн кудуретинен жаралгандыгын тастыктаган далилдер болуп эсептелет. Ислам дини адам баласын Куран аяттарын окугандай эле, аалам китебиндеги дал ошол чексиз кудуреттин улуулугун, аруулугун жана сулуулугун «окууга» чакырат. Себеби Алла Таала Өзүн пенделерине жараткан жандуужансыздардагы үлгү, сырлар аркылуу таанытат. Бул багытта Куран аяттарында төмөнкүчө буюрулат:

**«Алар жер жүзүнө назар салышпайбы? Анда ар түрлүү кооз өсүмдүктөрдү өстүрүп койдук»** (Шуара сүрөсү, 7-аят)

**«Алланын чексиз ыраакымынын издерин кара! Жерди өлгөндөн кийин аны кайра кандай тирилтти?! Акыйкатта, Ал өлүктөрдү тирилтүүчү. Ал бардык нерсеге Кудуреттүү!»** (Рум сүрөсү, 50-аят)

**«Ал ирээттүү тартиптин негизинде жети кабат асманды жараткан. Мээримдүү Алла жараткан нерселерден кандайдыр бир ирээтсиздик көрө албайсың! Кайра-кайра көз чаптырсаң да, ийненин көзүндөй кемтик таба албайсың! Кана, дагы көз чаптырчы, көзүң талып кайра өзүңө кайтсын!»** (Мүлк сүрөсү, 3-4аяттар)

**«Алар (адамдар) төөнүн кандай жаратылганына, асмандын кандай көтөрүлүп турганына, тоолордун кандай кадалып коюлганына, жердин кандай төшөлгөнүнө карек оодарышпайбы?!...»** (Гаашия сүрөсү, 17-20-аяттар).

**«Алар төбөсүндөгү асманга, аны кандайча көтөрүп куруп коордогонубузга назар салып, андан эч кандай жылчык (кемчилик) таба албашын дале аңдаган жокпу?»** (Каф сүрөсү, 6-аят).

Мынабу учу-кыйыры көзгө илешпес ааламда акыл жеткис чексиз күч-кудуреттин, кынтыксыз ажайып мыйзамдын курулгандыгы Жаратkандын жалгыздыгына, чексиз кудуретине өтө чоң далил. Бул мыйзам эң кылдат, эң бир аяр, эң бир жогорку деңгээлде түзүлгөн эсептин алкагында кыпындай дагы бурмаланбай, аалам жаратылгандан тарта жандуулугун сактап келатат. Эгерде дүйнө огунда 23,5 даражага ийим болбогондо, мезгил болбос эле. Бул учурда жай болгон жерде түбөлүк жай, кыш болгон жерде түбөлүк кыш болмок. Ошондой эле күн менен жердин ортосундагы аралык береги аралыкка салыштырмалуу бир аз гана окчун болгондо, жер бети катмар музга айланмак. Же ушул аралыктан бир аз гана жакын болгондо, жер бети күлгө айланып, күлү ай-ааламга сапырылмак. Бул мисалдар асман телолорунун ар бири өзгөрбөс мыйзамга айныксыз баш ийээрин ачык-айкын далилдеп турат.

Жараткан Кудуреттин алдында бул дүйнө аалам мейкиндигинде сүзүп жүргөн миллиарддаган, триллиондогон «чаң»дан бирөөсү гана. Тоолор, океан-деңиздер, токойлор, жан-жаныбарлар жана адамдардын баары мына ушул чаңдын ичинен орун алган.

Жараткан Алланын өтө аяр, өтө терең, өтө кылдат эсепмыйзамынын негизинде жаралган адамдагы, асман-жердеги чексиз кудурет сырлары менен илгери жетишкендиктерди имерип келе жаткан илим аркылуу дагы да жакындан таанышууга мүмкүнчүлүктөр түзүлмөкчү. Аяттардын биринде Жараткан Кудурет:

**«Курандын чындык (б.а., Алланын сөзү) болгондугу айкындалганга чейин ааламдагы жана өздөрүндөгү белгилерибизди көрсөтөбүз. Жараткан Эгеңдин бүт нерсеге күбө болушу сага жетиштүү эмеспи?»** (Фуссилат сүрөсү, 53-аят) дейт.

Чынында эле ааламга карата жүргүзүлгөн изилдөөлөр илгерилеген сайын Ыйык Куранда орун алган айрым купуя маалыматтар ачылып жатат. Себеби так илимдердин ар бир жаңы табылгасы Курандын ыйыктыгын, арууулугун тастыктоо менен бирге андагы ошол айрым бир бүдөмүк аяттарды дагы да жакындан түшүнүүгө шарт түзүп келет.

Маселен, адам баласынын жаралышындагы баскычтарга ишарат жасаган Куран аяттарынын алдында эмбриология, анатомия жана биология илимдеринин кандидат-докторлору аң-таң болуп, акыйкатты моюндап, адал жолго түшүүгө мажбур абалда калышкан. Ыйык Куранда адам баласынын эне курсагында өсүп-жетилүү жараяны (процесси) жөнүндө төмөнкүчө маалымдалат:

**«Биз инсанды ылай-чоподон жараттык. Андан соң аны тамчы түрүндө бекем орунга жайгаштырдык. Андан кийин тамчыдан уюган кан жараттык, уюган кандан бир тиштем эт (жасап), бир тиштем эттен сөөк жасадык да, сөөктү эт менен каптадык. Андан соң Биз аны башка бир жаратылышта өстүрдүк. Жаратуучулардын эң мыкты Жаратуучусу кандай гана Улук!»[96]** (Муминун сүрөсү, 12-14-аяттар)

Ыйык Куран астрономия, ботаника, биология, геология ж.б. сыяктуу илимдерге багытталбагандыктан жана «жаваамиулкалиим» б.а., «аз сөз менен көп маанини түшүндүрүүчү» ыйык Китеп болгондугу үчүн мындай так илимдерди ийне-жибине чейин иликтебейт. Так илимдер, технология жаатындагы ар бир жаңы табылга Куранда ачык-айкын эмес, жашыруун түрдө ишарат жасалган акыйкат-сырларды тастыктап, Жараткан Кудуреттин сөзүнүн күн өткөн сайын ачылып-айкындалышына кызмат кылып келүүдө. Бул акыйкаттардын эң ачык түрдө орун алган майданы – бул аалам. Мунун себеби адам баласында өзөк түрүндө жана жашыруун таризде орун алган акыйкаттар Куранда дагы бир аз ачыгыраак болгону менен, дале болсо көптөгөн чындыктардын купуя бойдон калгандыгында жатат.

Курандын жашыруун, кыска-нуска жана кыйыр маанилүү болушу чексиз акыйкаттарды камтышына байланыштуу. Ырас, илимий изилдөөлөр аркылуу ачылган акыйкаттар Куранда ачык-айкын түрдө орун алганда, мындан төмөнкү эки терс жагдай жаралмак:

1. Куран түшүрүлгөн доордо адамдар илимий жактан илгери ийгиликтерге жетпегендиктен акыйкаттарды кабыл алуу алар үчүн оор болуп, Куранды четке кагышмак. Алла Таала Өзүнүн чексиз ыраакымы менен бул акыйкаттарды убакыттын өтүшү менен ачыкка чыга тургандай таризде ыйык Китеби аркылуу пенделерине маалымдаган.

2. Эгер бардык акыйкаттар Куранда ийне-жибине чейин ачыкайкын түрдө маалымдалганда, аны жаттап «каары»[97] болуу мындай турсун, башынан аягына чейин окуп бүтүрүү өтө оорго турмак. Жараткан Алла:

«(Эй, Элчим!) Сага бул Китепти ар нерсени түшүндүрүп бере турган жана (адамдарды) туура жолго, ырайымдуулукка жетелеп, мусулмандар үчүн куш кабар маалымдай турган (китеп катары) түшүрдүк» (Нахл сүрөсү, 89-аят) деп буюруу менен, ошондой эле ааламдагы акыйкаттардын бардыгына кыска-нуска түрдө ишарат жасалгандыгын белгилеп:

«Алар Куран жөнүндө ой жүгүртүшпөйбү?!» (Ниса сүрөсү, 82аят) деп суроо салуу менен пенделерин Куранды ийне-жибине чейин иликтеп аракет кылууга чакырган.

Ыйык Куран – бул Жараткан Кудуреттин тили менен айтканда, «Фуркан». Тагыраак айтканда, «ак менен караны, адал менен арамды ажыратып, жакшы-жамандын ортосундагы айырмачылыктарды ачыкка чыгаруучу кут даарыган Китеп». Ал өзүнө карата кандай мамиле жасалса, дал ошондой таризде натыйжа берген Ыйык Китеп. Ага «кара көөгө» чулганбаган аруу жүрөк, ак ниет менен мамиле жасалса, ал адам баласын жаңы руханий ачылыштарга жетелеп, ыйманын бекемдеши аят аркылуу тастыкталган. Бул багытта Анфал сүрөсүндө:

**«Чыныгы момундар – булар Алла Таала эскерилген чакта жүрөгү титиреп өзүнчө опкоолжуган, Алла Тааланын аяттары окулган кезде ыйманы курчуп, Жараткан Алланын Өзүнө гана таянып ишенген адамдар»** (Анфал сүрөсү, 2-аят) деп буюрулат.

Ошондой эле Куранга терс өңүттөн назар салгандар ушул калыбынан жазбаган чакта Жаратkандын адал жолунан алыс болгону болгон. Тигил же бул нерсеге терс өңүттөн назар салуу андагы баалуулуктарды көрүүгө «көшөгө» болуп, эч нерсе көрүнбөйт. Учурунда Абу Жахилдин Исламга болгон көз карашы сыяктуу... Мындай адамдар Куранды окуган сайын анын улуулугун, аруулугун аңдай албагандыктан, каранын жолунда илгерилегени илгерилеген. Башкача айтканда, алар душмандары тарабынан жеңилген кошуун сыяктуу өч алуу, кек сактоо сезимдеринин жетегинде болушат. Куран аяттарында бул жаатта:

«Биз ушундай бир Куран түшүрдүк, (анын аяттары) момунмусулмандарга шыпаа, ыраакым болсо, ал эми заалымкаапырлардын каапырлыгын (карама сокурлугун) арттырат» (Исра сүрөсү, 82-аят)

«...(Сен аларга): «Бул Куран ыйман келтиргендер үчүн туура жолдун шамчырагы жана шыпаа» – дегин. Ыйманга келбегендердин кулагы оор (дүлөй). Ошондуктан ал (Куран) аларга жашыруун, түшүнүксүз келет. (Куран аяттары) Аларга алыстан үн салынгандай сезилет (бир сөзү угулса, бир сөзү угулбагандай маани түшүнүксүз бойдон калат)» (Фуссилат сүрөсү, 44аят) делет.

Бул аяттардан маалым болгондой, ыйык Куран Жараткан Алланын чийини менен жүрүүгө жандалбас урган мусулман пенделер үчүн адал жолдун шамчырагы болсо, ага арка салып, жүз үйрүгөндөрдү (өздөрү каалаган) карама сокурлугун арттырып, түбү көрүнгүс туңгуюкка кептээри бышык.

Мындай адамдар жөнүндө дагы бир аятта төмөнкүчө буюрулат:

**«(Элчим! Сага каршы чыккандар) жер бетинде кезбей жүрүшөбү? Анан да алардын түшүнө турган жүрөктөрү, уга турган кулактары болсо кана! Ырасында алардын көздөрү сокур эмес, көөдөнүндөгү жүрөктөрү сокур!»** (Хаж сүрөсү, 46-аят)

Жогоруда белгиленгендей, аалам Жараткан Алланы ысымсыпаттарынын талабы менен жандуу-жансыздардын майданы болсо, ыйык Куран булардын турган турпатындагы купуя сырлардын, акыйкаттардын сөз түрүнө түшүрүлгөн жыйындысы болуп эсептелет. Ал эми адам баласы ааламдын да, ыйык Курандын да өзөгү, корутундусу болуу өңүтүнөн анда карама-каршылыктардын бардыгынан белгилүү өлчөмдө (аз же көп) насиби бар.

***

Ааламды жана андагы бардык жандуу-жансызды жараткан Улуу Жараткан Алла Таала ысым-сыпаттарынан эң көп өлчөмдө адам баласына гана ыроологон. Адам баласынын «ашраф-у махлукат» б.а., «жандуу-жансыздын эң ардактуусу» наамына ээ болушунун себеби ушул жерде жатат. Ага өзүнүн шык-жөндөмүнө жараша ар түрдүү карама-каршы сапаттар ширелген. Ал күлөт да, ыйлайт да, сүйөт да, жек көрөт да. Тагыраак айтканда, адам баласында ырайымдуулуктун да, каардуулуктун да көрөңгөсү бар... Ошондуктан адамдан жакшылык да, жамандык да күтүүгө болот. Адамда бул сезимдер дайыма сакталат.

Адам баласы Жараткан Алланын бир катар сыпаттарынан насип алган. Бирок бул сыпаттардын жүзөгө ашуу даражалары адамдан адамга өзгөрүп, ар адамда ар башкача болот. Бул жагдай дал ушул өңүттөн адамдардын ортосунда асман менен жердей айырмачылыктар болгондугун айгинелейт.

Маселен, ар бир адамда Алла Тааланын «ар-Рахмаан» (Мээримдүү) жана «ар-Рахиим» (Ырайымдуу) деген сыпаттарынан белгилүү өлчөмдө насиби бар. Бирок бул насип ар адамда ар кандай өлчөмдө болот. Айрым адамдардын мээрими жалгыз өзүн же ашып барса үй-бүлөсүн, жакын туугандарын, санаалаш досторун гана кучагына алса, кээ бир адамдардыкы бүтүндөй инсаниятты, алтургай жан-жаныбарларды дагы камтый алат. Бул багытта мынабул окуяларды мисал катары көрсөтсөк болот:

Күндөрдүн биринде Баязид Бистамий (Алла аны Өз ыраакымына бөлөсүн) сапарга чыгат. Жолдо чаалыгып бир дарактын көлөкөсүндө эс алып, анан жолуна түшөт. Тыным алган жерден бир топ узап кетет. Жолдон баштыгынын өңүрүнөн эс алган жерден өрдөгөн бир канча кумурсканын жүргөнүн көрөт.

Анда Баязид олуя аларды өз журтунан алыс жакка таштап, аларга кыйынчылык жаратпоо үчүн ошол замат артка кайтып келип кумурскаларды өз жайына таштап, сапарын уланткан экен, жарыктык пенде!

Сарий-и Сакатий адаттагыдай сабак учурунда: *«Момунмусулмандардын кайгысына тең орток боло албагандар, толук мусулман эмес»* (Хаким, Мустадрак, 4, 352) деген хадисти чечмелеп жатканда сырттан жүгүрүп бир окуучусу келет:

– Устат! Силер жактагы үйлөр өрттөнүп кетти. Жалгыз гана сиздин үйүңүз аман калды – дейт. Устат капилет айтылган кабардан толкунданып кетип:

– Кудайга шүгүр! – деп жиберет.

Арадан отуз жыл өткөндөн кийин сырдаш досуна буларды айтат:

«Мен ошондо үйү күйгөндөрдүн ичинен үйүмдүн аман калгандыгы үчүн капыстан «Кудайга шүгүр!» деп жиберип, көз ирмемге өз кызыкчылыгымды ойлонуп, кайдыгерлик кылып койгондугум үчүн отуз жылдан бери тообо кылып келем!» деген экен.

Андыктан мээримдүүлүк, боорукерлик сезимдери бүтүндөй жандуу-жансызды өз кучагына алууга багытталса, адамды толук момун-мусулман болууга, тагыраак айтканда, Жаратканга ашык пенде болууга жетелейт. Ашыктык айлана-чөйрөнү көрккө бөлөп, жыпар аңкыган гүлдөргө болгон алкагы белгилүү сүйүү менен башталса да, Жараткан Кудуреттин чексиз ыраазылыгы үчүн бүтүндөй жандуу-жансыздардын бардыгын өз кучагына алгандан тарта ал «чыныгы ашыктыкка» т.а., Улуу Жараткан Алла Таалага бапестелген улуу сүйүү болууга карай бет алат.

Бул улуу сүйүүнүн талабы катары мээримдүүлүк, ырайымдуулук, боорукерлик сезимдеринин алкагы чексиздикке карай кеңейүү жолуна түшпөсө, ал мээримдүүлүк, ал боорукерлик «улуу сүйүү»гө жооп бербеген болот. Балким, мунун алгачкы тариздери «ашк-у мажазий» делген улуу сүйүүгө алпарган «каймана, көлөкө сүйүүнүн» алкагына кирээр.

Алланын ысым-сыпаттары ар түрдүү кулк-мүнөздөрдүн пайда болушуна шарт түзгөн. Маселен, ар түрдүү боекторду аралашмасынан пайда болгон түс басымдуулук кылган өңдү бергендей эле, ошол улуу ысым-сыпаттардын адамдагы көрнөктөрүнүн аралашмасы кайсыл сыпатка басымдуулук кылса, адам ошол сыпатка жакын мүнөздө болот. Бул маселе ар адамдын кулк-мүнөзүнө ылайыктуу ыкманы тандап, руханий жактан баралына келишине көмөк көрсөтүүгө багытталган тарикаттардын көбөйүшүн талап кылгандай эле, ар бир шакирттин руханий тарбиясы үчүн өзүнчө ыкманын зарылчылыгын да шарттайт.

Ырасында жандуу-жансыздардын адам, жан-жаныбар, өсүмдүк жана жансыз нерселер болуп ар түрлүү топторго бөлүнгөнү сыяктуу, басымдуулук кылган негизги сыпаттары жагынан кулк-мүнөздөрдү да жалпы категорияларга бөлүүгө болот. Бир топтогу эки нерседе тең бар тигил же бул сыпаттын эң төмөнү менен эң жогоркусунун ортосундагы айырма эки башка топтун ортосундагы айырмадан дагы жогору болушу мүмкүн. Мисалы, эң төмөн даражадагы адамдан эң жогорку даражадагы адамга чейинки аралык адам менен айбандын ортосундагы аралыктан алдаканча айкын. Мындай нерсе оң сыпаттарда болгондой эле, терс сыпаттарда да байкалат. Зулумдуктун же каапырлыктын эң төмөн даражасындагылар менен руханий жактан баралына келген пенделердин ортосунда өтө чоң айырма бар.

Маселен, эң төмөн даражадагы каапыр өзүнүн жашоого болгон түшүнүгү менен башаламан өмүр сүрөт. Мусулмандардын ыйманы аларды кызыктырбайт. Бирок учурунда Абу Лахабды каапырлыгы акыркы Пайгамбарга *(саллаллаху алейхи васаллам)* жана жалпы мусулмандарга кордук көрсөтүүгө алып баргандай, ага окшогондорду да мусулмандарга түрдүү кысым көрсөтүүгө жетелейт. Азык кылуу максатында эмес, кумар үчүн аңчылыкка чыккан адам убакыттын өтүшү менен таш боорго айланып, зулумдугу аны мыкаачылыкка алып барат. Адамзат тарыхында Рим империясынын зөөкүр падышаларынын алгачкы христиандарды циркетерде арстан-жолборсторго талатып, каткырык-күлкүнүн коштоосунда көңүл ачуулары Ыйык Куранда маалымдалган:

بَلْ هُمْ اَضَلُّ «Алар айбандардан дагы төмөн!» деген аятка мисал боло алат.

***

Табигый нерселерде болсун, адамда болсун, айтор, биригүүгө түрткү болгон көрнөктөрдүн ортосундагы чексиз айырмачылыктар бул ааламдын негизги

мыйзамдарынын бири – «айырмачылык» болгондугун билдирет. Бүтүндөй аалам мындай турсун, эки нерсени бириктирүү мүмкүн эмес. Анткени Жаратканддын чексиз ысым-сыпаттарынын талабы боюнча, ааламда эки нерсе эч качан бир болбойт. Турган турпаты өңүтүнөн эч бир адам башка адам менен (алтургай эгизи менен да) бир болбогону сыяктуу.

Алла Тааланы, адам баласын жана ааламды мына ушул аңтүшүнүктүн алкагында таануу адамды карама-каршылыктарга туруштук берүүгө, алтургай аларга боорукер сезим менен мамиле жасоого жана сабырдуулукка жетелейт. Тасаввуф мына ушундай аң-түшүнүктөн насип ала албагандардын көпчүлүк учурда ачуусун келтирген жагдайларга дагы ушундай жылуу, боорукер сезим менен назар салуунун окуусу. Албетте, бул сырткы көрүнүштүн хикмат-сырын аңдай билүүнүн өзүнчө бир талабы.

Биз адептин мындай бийиктиги менен көптөгөн илгери ийгиликтерге жете алабыз. Ал күнөөгө белчеден баткан адамга дароо эле ачуулануунун ордуна боорукер сезим менен, каапыр адамга чоң жоготууга карай бет алгандыгын ойлоп, жылуу-жумшак мамиле жасап, үмүт отун тутандырууга аракет кылууга жетелейт. Ислам динин элге жеткирүүдө бизге сөзгө чак келбес дем-күч берет. Аларды маңдайындагы түз жолду көрө албаган сокурлар сыяктуу ошол «түз, туура» жолго жетеленүүгө өтө муктаж адамдар катары кабыл алышыбызды жөнгө салат. Канаты сынган чымчыкты көргөн кезде ага боору ооругандардын күнөөкөргө чыгарган ачууларынын акылга сыйбастыгын аңдап-түшүнүүбүзгө жардам берет. Көкүрөктөгү сүйүү, боорукер сезимдерибиз оргуштап, тууган-туушкандык чектерден ашып, бүтүндөй инсаниятты өз кучагына алууга карай кеңейүүгө багыт алат. Мына ушундай адамдардан куралган коомдо уурулук, кумарпоздук, аракечтик, сойкулук, шылуунчулук сыяктуу толуп жаткан жат көрүнүштөр, баш аламандыктар үстөмдүгүн жоготот. Аты өткөн тарыхта калган Жаратканддын сүйүктүү пенделеринин саны көбөйөт. Алардын акыркы Пайгамбардан *(саллаллаху алейхи васаллам)* үлгү алып көрсөтө алган «ахлак-у хамиида» б.а.,«бийик адеп-ахлагы» мүмкүн болушунча кулач жайат.

Тасаввуф тарыхынын атактуу устаттарынан Хатам-у Асамм Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* руханий тарбиясы менен напсисин теске салып, жан дүйнөсүн көрккө бөлөгөн саналуу адамдардын бири болуп эсептелет. Даңазалуу олуянын кулагы кадимкидей укса да, «Хатаму Асамм» б.а., «Хатам дүлөй» деген лакап-атка конуп калышы мынабу окуяга барып такалат:

Күндөрдүн биринде Хатаму Асамм олуяга арыз-муңу менен бир улгайып калган аял келет. Арызын айта баштаган кезде аялдан эркинен тышкары жагымсыз үн чыгып кетет. Эмне дээрин билбей, кызарып эле отуруп калат. Анда даңазалуу олуя аялдын ыңгайсыз абалда калбашы үчүн эч нерсе укпагандай, сөөмөйү менен кулагын көрсөтүп:

- Эже, менин кулагым катуу! Үнүңүздү бир аз бийик чыгарып сүйлөңүзчү! Эмне деп жатасыз?! – дейт.

Ошентип байкуш аял айыбынын жашыруун калганына ичинен сүйүнүп, арыз-муңун бийик үн менен түшүндүрүп кирет.

Жазма булактар боюнча, Хатам олуя бул окуядан кийин мына ушул аял анын дүлөй эместигин билип, өзүн ыңгайсыз сезип калбашы үчүн ал аял көз жумганга чейин толук он беш жыл бою элге дүлөй сыяктуу мамиле жасаган. Ошентип ал «Хатаму Асамм» деген лакап-аты менен атагы чыккан.

Бул окуядагы адамдык сапаттын бийиктигине китептерден алынган маалыматтар менен гана жетүү, албетте, мүмкүн эмес. Хатам олуянын бул кыймыл-аракети анын

Жараткан Алланын «Саттаарул-уйууб», б.а., «айыптарды жаап-жашыруучу» деген сыпатынан алган насибин жүзөгө ашыра алгандыгы менен гана түшүндүрүлүшү мүмкүн.

Алланын чыныгы сүйүктүү пенделери Жараткан Алла үчүн бүт бардыгына, алтургай өз жанын берүүгө да даяр болушат. Анын жасаган ар иши өз ыгы менен болгондугун билип, шакирттерин да ошого жараша калыпка салат.

Күндөрдүн биринде Сунбул Синан устат шакирттерине кайрылып:

- Жараткан Алла Таала силерге мынабул дүйнөнү башкаруу укугун берсе, эмне кылаар элеңер? – деп сурайт.

Ар ким ар нерсенин башын айтат. Бири:

- Бүтүндөй каапырларды жок кылмакмын! – десе, экинчиси:

- Арак ичкендердин бардыгын кырмакмын! – дейт.

Дагы бири:

- Тамеки тарткандардын бирин да койбойм! – деген сыяктуу жоопторду беришет.

Шакирттердин катарынан орун алган аалым Муслихиддин болсо, үн чыгарбай олтурган эле. Устат бу сапар аалым шакиртине кайрылып:

- Уулум! Сиз эмне кылаар элеңиз? – дейт.

Муслихиддин адеп карманган калыбынан жазбай:

- Устат! Кудай сактасын! Жараткан Алланын эрк-каалоосунан башка нерсе каалагандай мен киммин? Анын бүтүндөй ааламга болгон үстөмдүк-мыйзамында кемчилик бар бекен? Мен бүт нерсени кандай болсо, дал ошондой улантаар элем, дегенден башка эч нерсе айта албайм – деп жооп берет.

Шакиртинин жообуна абдан ыраазы болгон устат:

- Кептин төркүнү эми өз ордун тапты! – деген экен.

Ошол күндөн тарта Муслихиддин «меркез эфенди» деген лакап-атка конуп, устаты Сунбул Синандан кийин ага руханий аманат тапшырылган.

Ошентип мына ушундай асыл сапаттарга, адамдык бийиктикке жетүүнүн сыры Жараткандын ысым-сыпаттарынан өзүбүзгө жараша насип ала билүүдө жатат. Бул ысым-сыпаттардан насип ала албасак, үстүндө жазылган жазуудан, тартылган сүрөттөн кабары жок кагаздан айырмабыз болбойт. Бул багытта Мавляна олуя:

«Кагаз бетине кайгынын касыретин чегип турган адамдын сүрөтүн түшүрсөң, ал сүрөт да, кагаз да, кайгы-мундан кабарсыз!»

«Бул сүрөт сырткы көрүнүшү менен кайгылуу. Бирок сүрөттүн да, кагаздын да кайгыдан кабары жок! Ошондой эле күлүп турган адамдын сүрөтү да ушундай» дейт.

Андыктан биз адам болуу бактысынан улам Жараткан Кудуреттин канча ысым-сыпатынын көрнөгү болбойлу, эгер булардын кадырына жете албасак, ошол кагаз менен сүрөттөн эч кандай айырмабыз болбойт. Ошондуктан бизге сыноо үчүн берилген сыпаттарды Жараткан Алланын улуу ысым-сыпаттарынын гүлзарында багып, баралына келтиришибиз керек. Анын улуу Затына таандык бардык сыпаттардын маңызы сөзгө сыйбай тургандыгын эсибизге түйө жүргөнүбүз абзел. Алардын бардыгы чексиз жана түбөлүктүү. Жараткан Кудуреттин эч бир сыпатынын чеги жок. Андыктан Анын илими, сөзү, кудурети, жаратуу күчү жана башка бардык сыпаттары мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен ар түрдүү салыштырма-түшүндүрмөлөрдөн, кемчиликтерден Аруу! Ал эми биздин жакшы-жаман сапаттарыбыз, бул дүйнөнүн өзгөчөлүктөрү чектелүү да, утурумдук да! Өзүнчө көлөкө сыяктуу! Мына ушундай өзгөчөлүктөрү менен өзүн толук тааный албаган адам баласы, албетте, Жараткан Аллага таандык, Жалгыз Өзүнө тиешелүү ысымсыпаттардын маани-маңызын ылайыктуу түрдө аңдап-түшүнүшү мүмкүн эмес. Улуу

Алла Тааланын Затынын акыйкатын, маңызын чектелүү аң-сезимибиз менен кандай аңдай албасак, дал ошондой эле Анын ысым-сыпаттарынын акыйкат маани-маңызын да толук аңдай албайбыз.

Бул чындыкты моюнга алып, өзүндөгү көрүү, угуу, түшүнүү, сүйлөө жана башка бардык сыпаттарын Жараткан Алланын сыпаттарынын бир жугуму болгонун түшүнгөндөр Жаратkандын жалгыздыгын жар салуу аркылуу чыныгы ыйман булагынан даам сызып:

لاَ مَوْجُودَ اِلاَّ هُوَ

**Лаа мавжууда иллаа хуу**

**«Алла Тааладан башка эч ким жок»** дешет.

Жан дүйнөлөрү марифаттын сересине жетип:

«Оо, Жараткан! Сен кандай болсоң, ошондойсуң!» деген хикмат-сырга жуурулушат.

Ошентип алар ар түрлүү азгырыктардан сактанып, аруу жан дүйнө менен Жаратканга бет алып, такыбаа пенделердин катарынан орун алышат.

Бир шакирт Баязид Бистамий олуяга кайрылып:

- Устат, Алла Тааланын эң улуу ысымдары кайсылар? – деп сурайт.

Анда олуя:

- Уулум, Алла Тааланын кайсы ысымы кичине экен?!.. Кайдыгерликтен оолак бол! Алла Тааланын бардык ысымдары улуу! Сен Андан тилеген тилегиңдин кабыл болушун кааласаң, жүрөгүңдү Жаратканды эстеп даңазалоого жолтоо болгон ар түрлүү нерселерден алыс кармоого аракет кыл! Өзүнүн нуру уялаган жүрөккө Алла Таала ар дайым назар салат! – деп жооп берген экен.

Куран аяттарында Алла Тааланын ысымдары «улуу» деп мүнөздөлөт. Маселен, Вакиа сүрөсүндө:

«Жараткан Эгеңдин улуу ысмын даңазала!» (Вакиа сүрөсү, 96-аят) деп буюрулат.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз намаз окуп, рукуга ийилген кезде «Субхаана роббиялазиим» (Улуу Жараткан Эгемди ар түрлүү кемчиликтерден аруу тутам), башын саждага койгон учурда «Субхаана роббиял-аалаа» (Улуктун Улугу Жараткан Эгемди бардык кемчиликтерден аруу тутам) деп бул буйрукту орундаткан.

**Оо, Жараткан Алла! Эң аруу, эң сулуу, эң улуу ысымсыпаттарыңдын урматы үчүн бизге «марифатуллах» жана «мухаббатулах» сырыңдан насип буюра көр...**

**Оомийин!..**

*Марифатуллахка жеткен пенде Жараткан Кудуреттин аруу сүйүүсүнүн карамагында болгондугу үчүн лупанын алдындагы кагаздын күлгө айланышы сыяктуу напсинин ачкөздүгү анда жок болот.*

## 3. Марифатуллах жана анын олуя-аарифтердеги мисалы

Марифатуллах – бул бүтүндөй ааламдагы купуя сырларды окутуучу түбөлүктүү Жаратканды таануу илими. Бул илимге толук аныктама берүүгө мүмкүн эмес. Себеби ал

адам баласынын аң-сезиминен тышкары турат. Бирок ар ким бул илимден өзүнүн чама-чаркына, аракет-кайратына жараша насип ала алат. Ошондуктан ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

لاَ أُحْصِى ثَنَاءً عَلَيْكَ أَنْتَ كَمَا أَثْنَيْتَ عَلَى نَفْسِكَ

*«(Оо, Жараткан Алла!) Сага ылаис ыктуу түрдө алкыш аис тып, шүгүр келтирүүдөн алсызмын! Сен өзүңдү кандаис алкапдаңктасаң, ошондоис суң!»* деген (Муслим, Солаат, 222).

Жараткан Алланын сөзү катары маалымдалган:

*«Мен көмүскө казына элем. Билинүүнү кааладым. (Ошондуктан)Мени таанып-билиши үчүн бүтүндөис жандуу-жансызды жараттым»*[98]дегенкудсиис хадисдамарифатуллахтын маанилүүлүгүнө ишарат жасаис т.

Ыис ык Курандан жана азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыздын хадистеринен киис ин Жараткан Алланын марифатка жеткен сүис үктүү пенделеринин кыис мыларакеттеринен жана сүис лөгөн сөздөрүнөн артык эч нерсе жок. Ошондуктан алар «варасатул анбия» б.а., «паис гамбарлардын мураскорлору» деген наамга ээ болушкан. Алардын иш-аракеттерине күбө болуп, сөздөрүнө кулак төшөгөндөрдүн жан дүис нөсү береке-кутка толуп, адал жолдо алдаканча жандуу, зирек болушат. Өздөрүндөгү көрүнбөгөн кемчиликтерин көрүп, шаис тандын акка кара көө жапкан ар түрдүү азгырыктарынан, дүнүис өлүк ач көздүктөн оолак болушат.

Жараткандын сүис үктүү пенделеринин бир бөлүгү азирети Адам атанын мүнөзүндө, бир бөлүгү азирети Ибрахим алеис хиссаламдын, бир бөлүгү азирети Муса паис гамбардын, бир бөлүгү азирети Иса паис гамбардын, бир бөлүгү азирети Мухаммад саллаллаху алеис хи васалламдын мүнөзүнө жакын мүнөздө болушат.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыздын мүнөзүнө жакын мүнөздөгүлөр өзгөчө «марифат», «сүис үү» жана «тавхид» маселелерине аис рыкча басым жасоолору менен аис ырмаланып турат.

Жараткан Алла сүис үктүү бул пенделерине ар биринин абалына жараша Өз сыис ын тартуулаган. Маселен, алардын кээ бирин Шах Накшибанд сыяктуу марифатуллахта өтө жогорку даражаларга чыгарып, кээ бирин Мажнун сыяктуу ээн талаа, эрме чөлдүн мээ каис наткан аптабында кездирип, кээ бирин Өзүнүн чексиз кудуретинин алдында тилден калтырып, каис бирин Юнус Эмре сыяктуу сүис үүнүн булбулуна аис лантып, дагы бир тобун Мавляна Жалаладдин Руми сыяктуу тилинен даанышмандыктын тамчысын куюлтуп, ар бирин өз-өзүнчө руханиис даис раларга аис ланткан.

Жараткан Кудурет ушул өзгөчө сыис ын көргөзгөн бардык олуя пенделерин сүис үү даис расында марифат илимине ээ кылып, саналуу жолбашчылар катары бүтүндөис инсаниятка тартуулаган.

Марифатуллахка жеткен пенде Жараткан Кудуреттин аруу сүис үүсүнүн карамагында болгондугу үчүн лупанын алдындагы кагаздын күлгө аис ланышы сыяктуу ал пендеде напсинин ач көздүгү жоюлат. Адамды жарга такаган утурумдук азгырыктардын оюнунан алыс болгондуктан, ал боис көтөрүүчүлүк, текеберлик, өзүн элден артыкча сезүү сыяктуу терс сапаттардын торуна чалынбаис т. Эл арасында ар даис ым Жараткан менен бирге болот. «Таазим лиамриллах» б.а., Жараткан Алланын буис руктарына таазим этүү менен моюн сунуу, «шафкат ли-холкиллах» б.а., Жараткан Кудуреттин жаамы жандуу-жансызына жылуу, боорукер мамиле жасоо деген аруу

сезимдер менен өмүр сүрөт. Ошону менен бирге Жараткан Алла Таалага болгон аруу сүис үүсүнүн талабы катары заалымдарга, каапырларга эч качан сүис үү бапестебеис т. Болгону аларга боор ооруп, адал жолго түшүүлөрү үчүн дуба кылат.

Мал-мүлк, баис лык ага үис -бүлөсүн багып, элге кызмат кылуу үчүн керек. Руханиис жактан баралына келген пенде марифатуллахка жетүүгө, Алла Тааланын алдына жарык жүз менен барууга гана жанүрөис т. Ал бул дүис нөнүн түркүн түстүү сыноолорунан иис гиликтүү өтө алган өзгөчө пенде.

***

Мавляна олуя ар бир жандын акыл көрөңгөсү, аң-сезими, шык-жөндөмү, дүис нөгө болгон назары ар каис сы өңүттөрдөн ар башкача болгондугу жөнүндө мындаис деис т:

«Бир шакирт терең оис го батуу үчүн аис лана-чөис рөгө өзүнчө көрк берген бир бакчага барат. Бакчадагы көз жоосун алган түркүн түстүү гүлдөрдүн, жаратылыштын ажарына ажар, көркүнө көрк кошуп турган бак-дарактардын алдында өзүнчө магдырап, жүрөгү опкоолжуис т. Көзүн жуумп, терең оис го чөмүлөт.

Бакчада эс алып жүргөн бир адам шакирттин жанынан өтүп баратып, анын уктап калгандыгын оис лоис т. Шакиртти иис ининен кармап:

- Эис, эмне уктап жатасың? Көзүңдү ач! Карачы, мобуреки гүл ачкан жүзүмдөрдү, бак-дарактарды, бири кызыл, бири сары, бири сыя ирең тарткан гүлдөрдү, көк шибер чөптү карачы... Алла Тааланын ыраакымын, кудуретин карачы!.. – деп оис готкусу келет.

Ансыз да оис гоо турган шакирт ага:

- Ээ, таксыр! Жараткан Алланын чексиз ыраакымынын эң чоң көрнөгү – бул жан дүис нө. Андан сырткаркынын баары бул көрнөктүн көлөкөсү сыяктуу. Бак-дарактардын арасынан бир даис ра агып өтөт. Анын мөлтүр суусунан эки жагында жаис гашкан бакдарактардын чагылышкан сүрөтүн көрөсүң...

Сууга чагылышып көрүнгөн бак-дарактар болгону сүрөткөлөкө гана. Чыныгы бак-дарактар, гүлдөр жан дүис нөдө өсүп жетилет. Себеби жан дүис нө бул Жараткан Кудуреттин назары түшчү жаис. Алардын суу менен топурактан турган бул дүис нөдөгү көрүнүшү болгону сүрөт-көлөкө сыяктуу.

Эгер бул дүис нөдөгүлөр жан дүис нөдөгү ошол беис пилдиктин көлөкөсү болбогондо, Жараткан Алла Таала утурумдук бул дүис нөнү «жалган» дебес эле!

Аали Имран сүрөсүнүн 185-аятында: «...Бул дүис нө жашоосу – (мал-мүлк, мансап-биис лик, оюн-күлкү) азгырыктарынан башка эч нерсе эмес» деп аис тылат. Карама сокурлар, бул дүис нөнү «мына, беис иш!» дегендер – булар даис радагы сүрөткө алдангандар.

Чыныгы бакча-гүлзарлардан, б.а., Жаратканды сүис үктүү олуя пенделеринен алыс болгондор ошол куру кыялга алданып, терс жолдорго жетеленишет.

Күндөрдүн биринде алар ошол карама сокурлуктун терең уис кусунан оис гонушат. Бирок акыркы демде анын эч кандаис паис дасы болбоис калат.

Көз жумганга чеис ин оис гонуп, бул гүлзардын жыпар аңкыган жытын искеп, ырахат алган пенделер кандаис гана бактылуу!... деп жооп берет».

Ырасында эле адам баласы утурумдук дүис нөнүн азгырыктарына моюн бербеис , алардан жүз үис рүис алса, Алла Таала анын рухун, жан дүис нөсүн көрккө бөлөп, ажарына чыгарат.

Бир күнү акыркы Паис гамбар *(саллаллаху алеис хи васаллам)*: *«Ыис ман нуру уялаган жүрөк ачылып, кеңеис ет!»* деис т. Сахабалар:

- Эис, Алланын Элчиси! Мунун белгиси кандаи ? –деп суроо узатышат. Анда Паис гамбарыбыз:

- *Утурумдук дүис нөдөн алыс болуп, түбөлүк жашоонун журту акыретке көңүл буруу жана көз жумганга чеис ин өлүмгө даярдык көрүү»* (Табариис, Тафсир, 8, 37) деп жооп каис тарган.

Мына ушул марифат жолунун чыныгы ыраскөис жолоочулары саналган Алланын сүис үктүү пенделеринин жан дүис нөлөрү аис ланачөис рөнү көрккө бөлөгөн жазгы жамгыр сыяктуу. Өздөрүнө сүис үү бапестеген кышкы ызгаарда уктап жаткан нечелеген жан дүис нө гүлзарларын Жараткан Алланын ыраакымы менен ажарына ажар, көркүнө көрк кошууга себепкер болууга ар качан даяр болушат.

Мавляна Жалаладдин Руминин «Маснави» аттуу китебине карата жазылган түшүндүрмө китепте мындаис делет:

«Сөз ээси улуу Алла Таала булутка бир сыр айтты. Көзүнөн чака менен төгүлгөн суудай жаш акты. Гүлгө да бир сыр айтты, өңтүсү жана жыпар жыты менен көркүнө чыгарды. Ташка да бир сыр айтты, аны жер алдында өзгөчө кылды. Башкача айтканда, Алла Таала чексиз ыраакымы менен булуттан жамгыр жаадырып, гүлдү көркүнө чыгарып, ташты баалуу кылды.

Адам баласынын денесине да бир сыр ширетти. Ал сырды сактаган марифат жолундагы сүйүктүү пенделерин чексиз бакыттын мөлтүр булагынан даам сыздырды. Бул пенделер дене турпаттан арылып, Жараткан Кудуретке жакын пенде болуунун сырына жетишти»

Эч калетсиз, бул сырлар ар түрлүү көрүнүштөр аркылуу марифатка себеп болгон сүйүүнүн сыры. Бүт нерсенин бышыпжетилгендиги, сулуулугу, аруулугу дал ушул сүйүү сырынын ичинде катылуу.

Бийик даражадагы Алланын сүйүктүү пенделери «каймана» сүйүүлөрдөн өткөн болушат. Каймана сүйүү – бул тигил же бул адамды же нерсени сүйүү. Ал эми чыныгы улуу сүйүү – Жараткан Аллага бапестелген эң аруу сүйүү болуп, ал Алла Таала үчүн бүт нерсеге даяр турууну талап кылат.

Ушул эң аруу сүйүүнүн нуруна ээ болгон пенделер сый көргөн сайын кубанган, оор сынакка дуушар болгон кезде Жаратканга болгон сүйүүсү басаңдаган адамдар эмес.

Жан дүйнөнүн руханий баскычтарына ишарат жасоо иретинде Мавляна Жалаладдин Руми олуя Селчук медресесинде мугалим болгон өмүрүнүн алгачкы жылдарындагы абалына «чийки элем», андан кийин марифатуллахтан аңдай баштаган чагына «быштым», ал эми улуу сүйүүнүн отуна күйүп-жанган мезгилине «жандым» деп мүнөздөмө берген экен.

Адам баласы марифатуллахка Улуу Жараткан Алланын Затына толук ыйман келтирип, Анын улуулугун, аруулугун, чексиз кудуретин, чексиз ыраакымын жана башка ысым-сыпаттарын аңсезиминин чама-чаркына жараша түшүнүү аркылуу жете алат.

**Оо, Жараткан Алла! Бизге ыроологон аманаттарыңдын акысын татыктуу түрдө берүүнү насип буюра көр... Акыретте чексиз ыраакымыңа арзый турган жакшылык иштерди бул дүйнөдө аткарып калуубузду насип кыла көр... Жан дүйнөбүздү аруу сүйүүңдүн нуру менен көркүнө чыгара көр... Пенделериңе улуу сүйүүңдүн, чексиз мээримиңдин көрнөгү катары тартуулаган «ахсану таквим» деген наамыңдын кадырына жетишибизди насип буюра көр...**

**Оомийин!**

*Жараткан Кудуреттин белектери жан дүйнөнүн абалына жараша ыроолонот.*

## Б. ЖАРАТКАНДАН БЕЛЕКТЕР

Биз билип-билбеген бүтүндөис  жандуу-жансыз Улуу Жараткан Алланын ысымсыпаттарынын көрнөгү катары жаратылган. Эч бири кандайдыр бир акысын же акчасын төлөп жаралган эмес. Алардын турган турпаты, мүмкүнчүлүктөрү, өзгөчөлүктөрүнүн бардыгы тең Жараткан Кудурет тарабынан ыроолонгон ар бири өз-өзүнчө баа жеткис белек. Демек, жандуу-жансыздын баары улуу Жараткан Алла Тааланын чексиз ырайымдуулугунун, чексиз айкөлдүгүнүн, чексиз жакшылыгынын аркасы менен жаратылган.

Жандуу-жансыздын жаралышын жана алардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн «Жараткан Кудуреттин белеги» катары билүү менен бирге, биз бул сөздү, негизинен, тасаввуф жолуна түшкөндөргө басып өткөн даражаларына жараша Жараткан Кудурет тарабынан ыроолонгон руханий белектер үчүн колдонобуз. Эл арасындагы руханиятка алдаканча ийкемдүү адамдар акыретке көчкөнгө чейин бул жолдо илгерилеген сайын бир катар өзгөчө белектерге, өзгөчө касиеттерге ээ болушат. Пенде бул касиеттерге өзүнүн эрккаалоосун (ирада жуз-иййа) колдонуу аркылуу жеткени байкалса да, Алла Тааланын сыйы адамдын эрк-каалоосунан чексиз жогору болгондуктан, булардын бардыгы «Жараткан Алланын белеги» катары кабылданат. Анткени бул жерде белекке эмгек кылуу аркылуу жетүү менен белектин ыроолонушунун ортосундагы айырма эмгек менен жетүүнү «жок» катары эсептөөгө барып такалат. Бул көз караш адам баласына эмгек кылуу мүмкүнчүлүктөрүн түзүп берген,ага акыл-көрөңгө, күч-кубат, шык-жөндөм ыроологон Зат – жалгыз Жараткан Алланын Өзү болгондугу үчүн ката эмес.

Тасаввуфтук тарбия аркылуу руханий бийик даражаларга жеткен айрым шык-жөндөмдүү адамдар ушул руханий сапарда бир катар өзгөчө касиеттерге ээ болушат. Айрымдары кээ бир хикматтарга ээ болуп, бир катар купуя сырлардын түйүндөрүн чечүү мүмкүнчүлүгүнө жетишет. Аруу жүрөккө түшүрүлгөн Жараткандын белги-илхамдары пендени Жараткан Кудуретке, акыйкаттын өзөгүнө беттейт. Бул учурда Лавху Махфуздагы келечекке байланышкан акыйкаттардын жүрөккө чагылышы аркылуу жүзөгө ашкан «садык» түштөрдү көрүү мүмкүнчүлүгү түзүлө баштайт.

Чын ыкластан ак ниет менен жасалган күч-аракеттерге кошумча Жараткан Кудуреттин эрк-каалоосу менен ыроолонгон жакшылыктардын натыйжасында гана кол жете турган бул абалдардын башка дагы көптөгөн мүмкүнчүлүктөрү бар. Бул мүмкүнчүлүктөр илим катары «ладунният» деп аталат. Ладунний маалыматтар адам баласынын аң-түшүнүгүнөн, акыл көрөңгөсүнөн жогору болсо да, мындан Жараткан Кудуреттин ыраакымы менен насип алгандар ар бири өзүнүн чама-чаркына, жеткен руханий даражасына жараша акыл көрөңгөсүн белгилүү өлчөмдө кеңейте алышат. Эми ушул ладунний илимдин маани-маңызы жөнүндө адам баласынын аң-түшүнүгүнө, ошондой эле Ислам дининин негизине ылайык түшүндүрмө берүүгө аракет кылалы.

Ладунний илими – жалгыз Алла Тааланын ыраакымы менен гана берилген, эмгектен көз карандысыз өзгөчө илими.

## 1. ЛАДУННИИА ИЛИМ

Ладунниис  илим – бул Алла Тааланын ыраакымы менен гана берилген, эмгектен көз карандысыз өзгөчө илим.

Ыис ык Куранда бул илим «Биз тараптан (бериле турган) илим» деген маанини туюндурган«Мин ладуннаа илман»[99] сөзү менен колдонулган. Бул илимдин «Ладунний» деп аталышы ушул сөзгө такалат.

Жараткан Алла Таала тарабынан азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбызга маалымдалган акыйкаттар негизинен үч категорияга бөлүнөт. Биринчи категориядагы акыйкаттар пайгамбарлык нур менен гана аңдалгандыктан булар Алла Таала менен Анын сүйүктүү Пайгамбарынын ортосунда өзүнчө купуя сыр катары калган. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул акыйкаттар жөнүндө эч бир сахабасына ооз ачкан эмес.

Алла Таала менен акыркы Пайгамбарынын ортосундагы айтылышына уруксат берилбеген, айтылса да, аны чектелүү аң-сезим менен түшүнүү мүмкүнчүлүгү болбогон мындай акыйкаттардын болгондугун кээ бир куттуу хадистердин мазмунунан байкай алабыз. Маселен, ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларына:

*«Эгер мен билгенди билгениңерде, аз күлүп, көп ыйлаар элеңер»* деген (Бухарий, Кусуф, 2; Муслим, Солаат, 112).

Дагы бир хадисинде азирети Пайгамбарыбыздын:

*«Менин Жараткан Алла менен ушундай бир учурларым болот, аларга бир дагы «мукарраб»*[100] *периште, бир дагы пайгамбар ээ боло албайт»* дегени бар (Мунавий, Файзул-Кадир, 4, 8).

Жараткан Кудурет азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* билдирген экинчи категориядагы акыйкаттар топтому болсо, акыл көрөңгөсү жагынан да, руханий өңүттөн да жогору турган «хаваас» же «хаваасул-хаваас»[101] делген тандамал пенделер тарабынан гана туура аңдалат. Бул акыйкаттарды азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* азирети Абу Бакир, Азирети Али сыяктуу айрым сахабаларга өткөрүп бергендиги талашсыз тарыхый чындык. Булардын жүрөктөн жүрөккө өтүшү өзүнчө зарыл шарт. Анткени бул акыйкаттар кагаз бетине түшүрүлсө, катардагы адамдардын аларды туура эмес түшүнүп, жаңылыш жолдорго түшүүлөрү толук ыктымал. Ошондой эле бул багытта алар өздөрүнө оор келген айрым бир жоопкерчиликтерге да дуушар болмок.

Ал эми Алла Таала тарабынан ардактуу Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* маалымдалган үчүнчү категориядагы акыйкаттар – булар шарият өкүмдөрү. Бул маалыматтардан бүтүндөй инсанияттын ыйман келтирүү жана амал кылуу жаатгарында жоопкерчилиги бар. Ошондуктан Алла Таала бул өкүмдөрдү бардык адамдарды эске алып, ар бир адамдын күч-кудуретине жараша белгилеген. Булар ар бир адамга абадай зарыл өкүмдөр болуп, жалпы адамзаттын жоопкерчилигин дайындагандыктан бүтүндөй дүйнөгө жар салынган.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларына кез-кезде кыяматка чейин боло турган айрым бир окуялар тууралуу маалыматтарды бере турган. Бирок сахабалардын көбү буларды ылайыктуу түшүнө алышчу эмес. Айрымдары унутуп да калышаар эле.[102]

Жогоруда белгиленгендей, Пайгамбарыбыз аңдалышы оор айрым бир акыйкаттарды түшүнө ала турган татыктуу адамдарга билдирген. Ошондой эле булардын көпчүлүгү көөдөндөн көөдөнгө өткөн. Булар адамдардын бардыгына керек болбогондугу үчүн көптөгөн адамдардын аң-сезиминен жогору турат. Бул маалыматтар ошол доордон бери жүрөктөн жүрөккө, т.а., бул багытта татыктуу адамдан экинчи татыктуу адамга өтүү түрүндө бүгүнкү күнгө чейин уланып келет.

Азирети Абу Бакир, азирети Али, азирети ибн Масууд, азирети Абу Хурайра, азирети Муаз бин Жабал, азирети Харис бин Малик *(Алла аларга ыраазы болсун)* сыяктуу сахабалар мына ушул өзгөчө илимге таандык айрым бир купуя сырларды түшүнгөн сахабалардан болушкан.

***

Алла Таала Өзүнөн татыктуу түрдө корккон, адамдык эрккаалоолорун Жараткан Эгесинин эрк-каалоосуна арнаган сүйүктүү пенделеринин жүрөгүнө акыл жетпес бир катар өзгөчө белектерин тартуулайт. Улуу Жараткан Алла мына ушундай такыбаа пенделерине өзүнчө илим жана хикмат ыроологондугу жөнүндө Куран аяттарында төмөнкүчө маалымдайт:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنْ تَتَّقُوا اللَّهَ يَجْعَلْ لَكُمْ فُرْقَانًا وَيُكَفِّرْ
عَنْكُمْ سَيِّئَاتِكُمْ وَيَغْفِرْ لَكُمْ وَاللَّهُ ذُو الْفَضْلِ الْعَظِيمِ

**«ЭиА, ыиАмандуулар! Эгер силер Алладан корксоңор, Ал силерге жаман-жакшыны аиАырмалоочу (ак менен караны аиАырмалаиА турган аң-түшүнүк, илим, кыраакылык) берет. АиАыбыңарды жаап, күнөөңөрдү кечирет. Себеби Алла Таала (чексиз) ыраиАымдуулуктун Ээси»** (Анфал сүрөсү, 29-аят)

«Эй, ыймандуулар! Алладан корккула жана Анын элчисине ишенгиле! (Ошондо) Ал (Алла Таала) мээримин силерге эки эселеп чачат жана жүрчү жолуңарды жарык кыла турган нур ыроолойт. Алла – Кечиримдүү, Боорукер» (Хадид сүрөсү, 28-аят)

Хадистердин биринде:

*«Билген нерселери менен амал кылган адамга Алла Таала билбегенин үйрөтөт»* делет (Абу Нуайм, Хилятул-авлия, 10, 15).

Бир кудсий хадисте Алла Таала:

*«Кимде-ким (чын ыкласы менен Мага кулчулук кылган) Менин сүйүктүү олуя пендеме душмандык кылса, Мен ага каршы согуш жарыялайм. Пендем Мага Мен буйруган парздардан артык башка эч бир жол менен жакындай албайт. Пендем Мага (парздарга кошумчалап аткарган) нафил ибадаттар менен да талыкпастан жанүрөп жакындаса, Мен аны сүйөм. Мен пендемди сүйсөм, Мен анын сүйлөөр тили, угаар кулагы, көрөөр көзү жана басаар буту болом! Ал Менден эмне тилесе, тилегин сөзсүз берем. Мага баш калкаласа, Мен аны коргойм»* дейт (Бухарий, Рикак, 38).

Андыктан парздарды адеп-тартибине ылайыктуу түрдө чын ыкластан аткарган соң жан дил менен сүйүп орундалган нафил ибадаттар адам баласын Жараткан Алланын мына ушундай баа жеткис сыйына, чексиз ыраакымына бөлөйт. Ошондуктан мусулман пенде напсинин чолок азгырыктарына каршы туруп, арам жана күмөндүү нерселерден оолак болуп, акыркы Пайгамбардын сүннөт жолу менен жуурулуша жашоого умтулушу керек.

Жараткан Кудуреттин мындай чексиз ыраакымына бөлөнүү үчүн дене муктаждыгын ашкереликтен алыс кармоо менен өз өлчөмүнө жараша камсыздап, рух дүйнөнү ыйман булагы менен көркүнө чыгаруу керек. Анткени бул – адам баласынын чектелүү акыл көрөңгөсүн акыйкатка, чындыкка сугара турган Жараткан Алланын баа жеткис сыйы. Бул учурда пенде ар бир кадамын Жараткан Кудуреттин буйругуна ылайык таштайт. Себеп-шылтоолор, сырткы көрүнүштөр эрк-каалоосун Жараткан Алланын эркине тапшырган пендени алдай албайт. Мындай пенделер окуяларды ар тараптуу салмактап баа берүүчү кыраакылыкка ээ болушат.

Жүрөккө келген илхам аркылуу болжолдоо менен бирге акыл көрөңгөгө түшкөн асыл ой-пикирлер болот. Булар сөз түрүндө эмес, көбүнесе ишарат-белгилер менен билдирилген жан дүйнөгө байланышкан маанилер. Булар «латифа» же «латаиф» деп да айтылат. Бул асыл ой-сезимдер Алла Тааланын руханият жолундагы такыбаа пенделери үчүн шамчырактын өзүнчө жарыгы болуп эсептелет.

Ошондой эле Алла Таала такыбаа пенделерине оор машакаттарга дуушар болгон чакта кайыптан келген үн менен эскертүү иретинде да жардам бериши мүмкүн. Бул жагдай «хаатиф» делет. Мындай үндөр шакирттин жүрөгүндө да жаңырып, аны Жаратканга чакырат.

Буга төмөнкү окуя ачык-айкын мисал боло алат:

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз көз жумган соң ага гусул алдыруу (аны жуунтуу) жаатында кутман сахабалар эки анжы пикирге түшүшөт. Айрым сахабалар ардактуу Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* кадыресе маркумдардай эле кийимин чечип жуунтуу керек, дешсе, экинчи жоон топ сахабалар кийими менен кошо жуунталы, дешет. Кутман сахабалар мына ушинтип баштары катып, маң болуп турган кезде кайыптан келген үн анын *(саллаллаху алейхи васаллам)* кийими менен кошо жуундурула тургандыгын маалымдаган.[103]

***

Алла Таала пайгамбарлары аркылуу адамдарга «Китепти», «Хикмат-даанышмандуулукту» жана башка билбеген нерселерин үйрөткөн. Бул таалим кээде ачык-айкын түрдө маалымдалса, кээде ладунний (жашыруун) түрдө түздөн-түз жүрөккө түшкөн. Бул абалдар, жогоруда да маалымдалгандай, көпчүлүк учурда адам баласынын акыл көрөңгөсү менен аңдалышы өтө оор таризде жүзөгө ашкандыктан адамдардын көпчүлүгүнө билдирилген эмес. Эскерте кетчү жагдай, ладунний илимдин чындык болгондугу ыйык Куран менен да, куттуу сүннөт-хадистер менен да тастыкталган.

Ыйык Куранда[104] жана азирети Пайгамбарыбыздын кээ бир хадистеринде маалымдалган азирети Муса пайгамбар менен азирети Кызыр алейхиссаламдын ортосунда болуп өткөн мынабул окуя ладунний илимдин маани-маңызы менен дагы да жакындан таанышууга шарт түзөт.

Азирети Муса *(алейхиссалам)* баш болгон ыймандуулардын артынан сая кууп жөнөгөн Фараон элдин көз алдында Кызыл деңизге чөгүп кеткен эле. Муса пайгамбар мына ушундай каардуу заалымдан кутулган соң бир ууч элин жыйнап, ыйман туусунун алдына чогултту. Муса пайгамбар ушундай бейпил доордо элге жатык тил менен абдан жугумдуу насааттарын айтып жүрдү. Ыйман булагына ашкере суусаган эл анын сөздөрүн күнү-түнү айта турган болсо да, тажабай угууга белен туруп, жан дили менен берилип ынтаа коюп угушчу болду. Анын жанга жан азык акыл-насааттары элдин пейилин түздөп, жүрөгүн ийге келтирип жибитип койду. Жүрөктөн чыккан жалын көздөн жаш болуп төгүлдү. Эл азирети Мусанын марифат илимине суктанып, абдан ыраазы болушту.

Адаттагы ушундай жыйындардын биринде бир адам Муса пайгамбардын акыл көрөңгөсүнө таң калып:

- Эй, Алланын пайгамбары! Ушу жер жүзүндө сенден да аалым, сенден да акылдуу киши барбы, деги?! – деп сурап калды.

Азирети Муса *(алейхиссалам)* напсинин чырагына май тамызган бул суроого, «Алла билет!» дебестен, ойлонбой туруп:

- Жок, андай адамды билбейт экенмин! дейт. Ошентип Муса пайгамбар Алланын алдында «залла»[105] ката кетирген болот.

Заматта Жараткандан:

«Эки деңиз кошулган жерде сенден да акылдуу аалым бир кулум бар. Мен ага өзгөчө илим (ладунний илим) бергем» деген кабар келет.

Азирети Муса дароо күнөөсүн моюнга алып Жаратканга жалынып жалбарып, кечирим тилейт. Андан соң ошол илимди үйрөнгүсү келип Жараткан Аллага алакан жая:

«Оо, Жаратkан! Ал затты кайдан, кантип табам?» деп дуба кылат.

Кудай Таала ага туздалган жансыз балыкты баштыгына салып жол жүрүүнү, туздалган балык тирилип деңизге карай ыргыган жер эки деңиз кошулган жер болоорун, ошол жерде ал затка жолугаарын маалымдайт.

Азирети Муса эжесинин уулу Юша бин Нунду жанына алып, айтылган тарапка карай сапар тартат. Ортодо дагы бир катар окуялар болот. Акырында издеп жүргөн адамын табышат. Куранда бул багытта:

«**Ошентип экөө Биз тараптан жакшылык ыйгарылып, Өз даргөйүбүздөн бир (ладунний) илим берилген пенделерибизден бир пендени табышты»** (Кахф сүрөсү, 65-аят) деп буюрулат.

Муса *(алейхиссалам)* пайгамбарга вахий аркылуу ишарат жасалган бул пенде бир жар-таштын үстүндө чепкен жамынып олтурган эле. Аяр басып келип, салам берип:

-Мен Мусамын! – дейт. Кызыр *(алейхиссалам)*[106]:

- Демек, сен Исраил урпагынын пайгамбары Мусасың! – дейт.

Азирети Муса пайгамбар:

- Алла Таала мага адамдардын эң аалымы деп билдирген зат сенсиңби? деп суроолуу карайт.

Кызыр *(алейхиссалам)*:

- Эй, Муса! Жараткан Алла Таала сага бир илим берген, ал менде жок. Мага да бир илим берген, бирок ал дагы сенде жок – деп жооп берет (Бухарий, Тафсир, 18/2, 3, 4; Анбия, 27; Муслим, Фадаил, 170).

Муса пайгамбар Кызыр алейхиссаламга:

«...Сага үйрөтүлгөн рушд (акыйкатка алып барган даанышмандуулук-илимден) мага үйрөтүшүң үчүн сени ээрчисем болобу? деди» (Кахф сүрөсү, 66-аят).

Ошентип Муса пайгамбар Кызыр алейхиссаламдан бул илимди алуу тилегин билдирет. Аятта маалымдалгандай, бул илимди алуу үчүн «ээрчүү» зарылчылыгы турат. Себеби бул илим жүрөк аркылуу жүрөккө өтөт. Ошондуктан ал үчүн материалдык жактан да, руханий өңүттөн де бирге жүрүү шарты талап кылынат.

Азирети Муса пайгамбар сыртынан аңдалышы мүмкүн болбогон айрым бир акыйкаттардын хикмат-сырын Кызыр алейхиссаламдан үйрөнгүсү келген эле. Кызыр алейхиссалам Муса пайгамбарга:

«Чындыгында сен мени менен чогуу болууга, сабыр кылууга күчүң жетпейт. Ички жүзүн аңдап түшүнө албаган (сыртынан караганда жаңылыш көрүнгөн) нерсеге кантип сабыр кыласың?» дейт (Кахф сүрөсү, 68-аят).

Кызыр *(алейхиссалам)* бул сөздөрү менен Муса пайгамбардын аңсезим деңгээлин аныктап, бул илимге туруштук бере албай турганын белгилеп, канчалык деңгээлде экендигин түшүндүрүп жаткан эле.

Муса пайгамбар көшөрүп:

«Кудай буйруса, менин сабырдуулугумду көрөсүң. Кандай иш болбосун, сага каршы чыкпайм» дейт (Кахф сүрөсү, 69-аят).

Кызыр *(алейхиссалам)* Муса пайгамбарга: «Эгер мени ээрчисең, мен сага сүйлөмөйүнчө, менден эчнерсе сураба!» дейт (Кахф сүрөсү, 70-аят).

Экөө ошентип макулдашып, деңиздин жээги менен бойлой басышат. Эки бир туугандын кемесине түшүшөт. Кызыр алейхиссалам жол кире дагы талап кылбаган эки бир туугандын кемесин теше баштайт. Бул багытта Куран аяттарында төмөнкүчө буюрулат:

**“Анан экөө жолго чыгышты. Жүрө берип, акыры бир кемеге түшүштү. Кемеге түшөөрү менен (Кызыр кемени) тешип койду. Анда Муса: Адамдарды чөктүрүү үчүн тештиңби?! Сен чынында зыяндуу иш кылдың го! деди”** (Кахф сүрөсү, 71-аят)

**“(Кызыр): Мен сага, мени менен чогуу болууга сабыр кыла албайсың, дебедим беле? деди.”** (Кахф, 72)

**“(Муса): Унутканым үчүн мени айыптаба! Бул ишим үчүн мени машакатка салба! деди”** (Кахф сүрөсү, 73-аят)

Мына ушул учурда кеменин учуна бир чымчык келип конуп калат. Чымчык тумшугун сууга салып, башын көтөрүп суу ичет. Анда Кызыр *(алейхиссалам)* Муса пайгамбарга кайрылып:

*«-Алла Тааланын илиминин алдында сенин, менин жана бүтүндөй жандуу-жансыздын илими мобуреки чымчык тумшугу менен оозуна алган суунун көлөмүнчөлүк гана!»* дейт.

Ошентип эки зат кемеден түшүп сапарын андан ары улашат. Жолдон бир балага кез келишет. Кызыр алейхиссалам аны дароо өлтүрөт.

Эмне дээрин билбей, апкаарып калган азирети Муса пайгамбар: тийбеген күнөөсүз жанды өлтүрдүң! – деп мууну калчылдайт.

- Эмне кылганыңды билип атасыңбы? Сен эч кимге залакасы Анда “(Кызыр): Сен мени менен чогуу болууга эч качан чыдай албайсың, дебедим беле?..” дейт (Кахф сүрөсү, 75-аят).

Муса пайгамбар: “Эгер мындан ары дагы бир нерсе сурасам, мени өзүңө жолдош кылба! Чындыгында, менден сага жакшы шылтоо табылды» (Кахф сүрөсү, 76-аят) дейт айласы кетип.

“Кайра жол тартышат. Бир айылга келип, жергиликтүү элден тамак-аш сурашат. Алар экөөнү мейман кылуудан баш тартышат. (Муса пайгамбар менен Кызыр алейхиссалам) айылдан чыгып баратып урайын деп калган бир там көрүшөт. (Кызыр) аны кайрадан оңдоп койот. Анда (Муса): Эгер кааласаң, бул ишиң үчүн эмгек акы алсаң болоор эле.” (Кахф сүрөсү, 77-аят) дейт.

Анда Кызыр алейхиссалам:

- Эми экөөбүз бөлүнүшүбүз керек. Азыр мен сага сабыр кылууга күчүң жетпеген үч нерсенин жандырмагын айтам:

**“Кеме маселесине келсек, ал деңизде тиричилик кылган жакыр адамдардыкы эле. Ырас, мен аны тешип койдум. Себеби алардын артында бардык жакшы кемелерди талап-тоноп, тартып алуучу заалым падыша бар эле.”** (Кахф сүрөсү, 79-аят)

Ал эми тигил бала эртең эле айбандан айрымасы жок адамдардын катарына кошулмак. Анын ата-энеси Алладан корккон такыбаа пенделер эле. Ошондуктан анын ата-энесин кыйнап, азап беришинен корктук. Ошентип, биз Жараткандан аларга анын ордуна башка ыймандуу уул ыроолошун сурандык.

**“Ал эми дубал маселесине келсек, ал ушул шаардагы эки жетим баланыкы болучу. Дубалдын түбүндө аларга таандык казына бар эле. Бул эки баланын атасы такыбаа адам эле. Жараткан Алла алардын учуру келгенде бойго жетип, Жараткан Эгесинен өзүнчө ыраакым катары казыналарын чыгарып алууларын каалады. Мен бул (иштерден бирөөнү да) өз эрккаалоом менен жасаганым жок. Сабыр кылууга күчүң жетпеген нерселердин жандырмагы мына ушундай болучу!”** (Кахф сүрөсү, 82-аят) деген экен.[107]

Бул окуяда ибараттуу, миң бир сырлуу жагдайларга карата көптөгөн түшүндүрмөлөр берилген. Алардан айрымдарын төмөнкүчө тизмелесек болот:

Ладунний илим дүйнөгө жана андагы болуп жаткан окуяжагдайларга сырткы шарттардын, адамзатка тиешелүү ченөлчөмдөрдүн өтөсүндө көпчүлүккө белгисиз мыйзамдын эрежелери менен назар салган илим.

Биз билген илимдердин бардыгында «суроо» үйрөнүүнүн эң маанилүү ачкычы болсо, бул илимде «суроо, каршы чыгуу, талаштартыш» деген нерселер болбойт. Мында тескерисинче сүкүтунчукпоо, сабырдуулук жана моюн сунуучулук талап кылынат.

Окуядагы кеме саякатында кеменин такыбаа ээлери азирети Муса менен Кызыр алейхиссаламдан жол киреледеринин акысын алышкан эмес эле. Ошентип алар Алланын сүйүктүү пенделерине кылган жакшылыгынын берекеси менен чоң бир балээден аман калышкан. Кызыр алейхиссалам кайра жасап алууга оор эмес зыян келтирүү менен кемени каракчылыктан аман-эсен алып калууга себепкер болду.

Ошондой эле ал кемени кемчиликтүү көрсөтүп заалым падышанын каракчылыгына тоскоол болушу, каймана мааниде адам баласынын өмүр дайрасында сүзүп жүргөн кеменин мисалын берген напсини кемчиликсиз көрүү адамды текеберликтин туңгуюк жолуна жетелээрине, ошондуктан дайыма өз кемчилигибизди билип, аны моюнга алуу менен мындай руханий илдеттерден арылуу керектигине ишарат жасалгандыгы айтылган.

Кызыр алейхиссаламдын бейкүнөө баланы өлтүрүшүнүн да себептери бар:

Адам баласы жүрөгүндөгү ата-энесине, бала-бакырасына, бир туугандарына жана досторуна болгон кадыресе табигый сүйүүлөрдүн ар бирин өз чегине жараша кармап, Алла Таалага болгон улуу сүйүүдөн жогору тутпашы кажет. Болбосо, булар адамды бул дүйнөгө келгендеги эң негизги максатынан чыгарып, алтургай адал жолдон адаштырат.

Жараткан Алланын ысым-сыпаттарынан бири – бул «арРакииб» ысмы. Бул ысым Алла Тааланын пенделеринин жүрөгүндөгү Өзүнө болгон улуу сүйүүгө башка сүйүүлөрдүн көлөкө түшүрүшүнө ыраазы болбошу, дегенди түшүндүрөт. Тагыраак айтканда, Алла Таалага болгон улуу сүйүү өзүнө теңата ортоктош сүйүүлөрдү кабыл албайт.

Учурунда Якуб *(алейхиссалам)* да уулу Юсуфтун жүзүндөгү пайгамбарлыктын нурун байкап, ага өзгөчө сүйүү бапестеген эле. Якуб пайгамбардын уулуна болгон ашкере сүйүүсү улуу сүйүүгө көлөкөсүн түшүрдү. Ошондуктан Алла Таала аны ушул өңүттөн

сыноого алды. Натыйжада маалым болгондой, азирети Якуб эң сүйүктүү уулунан узак жылдарга ажырап калды. Ашкере сүйүү ошентип өзүнчө оор азап алып келди.

Ырас, Кызыр *(алейхиссалам)* өлтүргөн баланын ата-энеси учурунда уулу төрөлгөндө кубанычы койнуна батпай абдан сүйүнүшкөн. Ал эми көз жумганында күйүттүн азабын чегишкен. Чынында эгер бала жашаганда, ал өзүнүн да, ата-энесинин да эки дүйнөлүк түбөлүк бактысына залакасын тийгизмек. Чечим атаэнесине калтырылса, уулунун көз жумушун эч качан каалабас эле. Бирок чексиз Мээримдүү улуу Жараткан Алла Таала ошол такыбаа пенделерин ата-эненин уулуна бапестеген сүйүүсүнөн миң эсе артык сүйгөндүктөн ал баланын өлүмүн ылайык көрүп, анын ордуна ыймандуу бала берүү менен аларга өзгөчө белек тартуулаган болду. Одүйнө салган бала акырет журтуна күнөөсүз көчүп, түбөлүк бакыттын мөлтүр булагынан даам сызды. Башкача айтканда, каар түрүндө келген өзүнчө жакшылык аркылуу чоң зыян кичинекейине айырбашталды.

Ошондуктан пенделер Жаратkандын хикмат-сырына ээ болушпагандыгы үчүн көпчүлүк учурда окуяларга жаңылыш баа берип, туура эмес тыянак чыгарышат.

Улуу Жараткан Кудурет Ыйык Куранда:

وَعَسَى أَنْ تَكْرَهُوا شَيْئًا وَهُوَ خَيْرٌ لَكُمْ وَعَسَى أَنْ تُحِبُّوا
شَيْئًا وَهُوَ شَرٌّ لَكُمْ وَاللَّهُ يَعْلَمُ وَأَنْتُمْ لاَ تَعْلَمُونَ

**«...Силерге зыяндуу көрүнгөн кандаиАдыр бир нерсе силер үчүн жакшылык болушу ыктымал. ОшондоиА эле кандаиАдыр бир нерсе силерге жакшы көрүнсө да, ал силер үчүн зыяндуу болушу толук мүмкүн. Алла билет, силер билбейсиңер»** (Бакара сүрөсү, 216-аят) дейт.

Шариятта айыпсыз адамды өлтүрүү, албетте, өтө чоң күнөө болуп, ал үчүн «кысас» (канга-кан) өкүмү талап кылынат. Арийне, мындай ишке шарият уруксат бербегендиктен, аны ладунний илимге ээ болуу аркылуу жүзөгө ашыруу сырткы өкүмдөр менен милдеттүү Мухаммад үммөтү үчүн мүмкүн эмес. Ошондуктан бул руханий илимди алган олуя пенделер сырткы себептер жүзөгө ашмайынча ишке киришпейт, себептер дүйнөсүнөн чыгышпайт. Шарият өкүмдөрү адамдан адамга өзгөрбөйт. Шарият алдында бардыгы бирдей.

Азирети Муса *(алейхиссалам)* шарият илимин алган пайгамбар болуп, ошол боюнча жашоого милдеттенме алган. Ал эми Кызыр *(алейхиссалам)* Алла Таала тарабынан билдирилген илим менен кадам шилтеген. Тагыраак айтканда, ал жасаган иштерин өз каалоосу менен эмес, Жараткан Кудуреттин буйругу менен жүзөгө ашырган. Муса пайгамбар Кызыр *(алейхиссалам)*га Алла Таала койгон мыйзамды сактоо үчүн каршы чыккан. Бул окуяны бизге Жараткан Өзү Ыйык Куран китебинде маалымдаган. Демек, бул окуя сыртынан шарият өкүмдөрүнө каршы көрүнсө да, ырасында, бири-бирин толуктап турат. Азирети Муса пайгамбар маселенин түйүнүн аңдаган соң Кызыр *(алейхиссалам)*га каршы чыкпай калды. Ал шарият дене болсо, акыйкат рух сыяктуу болгондугун түшүндү. Шарият өкүмдөрү жалпыга тиешелүү болгондуктан, адамдардын жоопкерчилиги сырткы себептерге жараша гана болот.

Ал эми айылдыктардын арка салышына карабастан Кызыр *(алейхиссалам)* араңдан зорго турган үйдүн дубалын сокур тыйын талап кылбай оңдоп койуу менен жетимдердин камын көрүү өзгөчө маанилүү милдет жана өзгөчө сооптуу иш болгондугун билдирген эле. Ошондой эле бул адал кирешенин берекелүү болгондугунун жана зыянга

учурабашынын өзүнчө далили да эле. Жараткан үчүн күйүп-жанган пенделердин адал кирешелери Жараткан Алла Таала тарабынан коргоого алынып, зыянга учурабайт.

Азирети Осмон *(Алла ага ыраазы болсун)* дубалдын алдынан чыккан ошол казына жөнүндө төмөнкү маалыматтарды берген:

«Казына алтындан жасалган көрнөк эле. Көрнөктө мынабу жети нерсе жазылуу болчу:

1.Өлүмдү билип туруп, күлгөн адамга таң калам.

2.Бул дүйнөнүн утурумдук болгондугун билсе да, анын аркасынан сая кууган жанга таң калам.

3.Бүт нерсенин тагдырга байланыштуу болгондугун билсе да, колдон чыккан нерсеге кайгырган адамга таң калам.

4. Суракка тартыла тургандыгын билип туруп, байлыктын кулуна айланган адамга таң калам.

5.Тозок отун билип туруп, күнөө жасаган адамга таң калам.

6.Алла Таалага толук ишенсе да, Андан башканы (Аллага теңата, ашкере) даңазалап эстеген адамга таң калам.

7.Бейишти жан дили менен сезип-билип туруп, бул дүйнөдө эс-алып ырахат жашагысы келген жана шайтанды душман деп билсе да, ага моюн сунган адамга таң калам» (Ибн Хажар ал-Аскаланий, Мунаббихат, 29).

Ошондой эле, бул окуяда кыйыр мааниде Азирети Муса *(алейхиссалам)* менен

Кызыр *(алейхиссалам)* жолуккан эки деңиздин кошулган жеринен максат сырткы шарият илими боюнча азирети Муса пайгамбардын, ал эми руханий илим боюнча Кызыр *(алейхиссалам)*дын өзүнчө дайра болгондугунда жатат.

Азирети Муса пайгамбардын ладунний илимди алуу максатында Кызыр *(алейхиссалам)*ды ээрчиши тасаввуфтагы муршидшакирттин байланышына окшоштугу өңүтүнөн өзгөчө мааниге ээ. Андыктан кимдин илими азирети Муса пайгамбардын илиминдей терең болсо да, өзүндө болбогон илимди алуу үчүн чын ыкластан дит коюп, Жаратқандын сүйүктүү олуя пенделеринин алдында адебин сактап, алардын жетегине кирүүгө уруксат сурай билиши кажет.

Сүйүктүү Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзүнөн:

- Эй, Алланын Элчиси! Ыйык Курандан да, сүннөт-хадистерден да жообун таба албаган маселелерге кез келсек, эмне кылышыбыз керек? деп сураган сахабаларына:

- *Андай маселелерди аалым-фаакихтерден жана аабиддерден (Жаратканга көп ибадат кылган такыбаа пенделерден) сурагыла! Алардын кеңешин уккула! Бул багытта өзүңөрдүн жеке ойуңар менен кадам шилтебегиле!* – деп жооп берген (Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 1, 178).

Фикх илими (Ислам укугу) боюнча улуу мужтахид[108] аалым Имам Шаафий учурунда Шайбан Раий аттуу олуядан руханий таалим алуу үчүн анын алдында шакирт катары адебин сактап, тизе бүгүп олтуруп, аны менен айрым маселелер боюнча акылдашыпкеңешээр эле. Шакирттери:

- Устат! Сиз сыяктуу аалым каякта, Шайбан каякта? Ага көрсөткөн мынчалык урмат-сыйыңыздын себеби эмнеде? – деп сурашканда Имам Шаафий:

- Бул зат биз билбеген нерселерди билет! – деп жооп кайтарган.

Укукчу Ислам аалымдардан Ахмад бин Ханбал менен Яхия бин Маин дагы айрым маселелер боюнча Мааруф Кархий олуяга барып, анын кеңешин угушаар эле.

Адамдар олуя-устаттарга руханий илим алуу үчүн барат. Себеби алар Жараткан Аллага жарык жүз менен алып барган устаттар. Тафсир, хадис, фикх илимдери боюнча илим алган көптөгөн Ислам аалымдары учурунда тасаввуф жолуна түшүп, Жаратқандын сүйүктүү олуя пенделерин устат катары кабыл алышкан. Маселен, Ибн Аабидин, Алусий ж.б. сыяктуу.

Ислам дүйнөсүнүн эң чоң укукчу аалымдарынан Имам Аазам Абу Ханифа дагы Жафар Саадыктын дилмаектерине катышкан.

Абу Ханифа руханий устаттарга өзгөчө урмат-сый көрсөткөн. Муну төмөнкү окуядан да баамдай алабыз:

Күндөрдүн биринде Алланын сүйүктүү пенделеринен бири Ибрахим бин Адхам Имам Аазамга шакирттери менен отурган жеринен жолугуп калат. Имам Аазамдын шакирттери Ибрахим бин Адхамды теңсинбеген таризде карашат пенделик кылып. Кыраакы Имам жагдайды байкап:

- Кош келипсиз, устат! Сиз келишиңиз менен жыйныбызды шарапатка бөлөдүңүз! деп олуяга сыпаа кайрылат. Жолоочу акпейилден алик алып жолун улайт. Шакирттер устатка:

- Бул пенде кайсы артыкчылыгы менен устаттыкка ылайыктуу? Сиз сыяктуу улуу инсандын карып кейиптенген бир кишиге «устат!» деп кайрылышы чынында бизди абдан таң калтырды...деп суроолуу карашат.

«Силерге такыр кошула албайм» деген маанини алдын-ала аңдаткысы келген Имам Аазам баш чайкап олуяга таазим кылаарын мындайча билдирет:

- Ал ар дайым Алла менен алек, а биз болсо, маселенин «сөздөрү» менен алекпиз...

***

Ар нерсенин өзүнө тиешелүү эреже-тартиби, адеби болгондой эле, ладунний илимди алуунун да Жараткандын буйругу менен белгиленген өзүнчө адеп-тартиби бар. Бул адептин эң маанилүүлөрүнөн бири – бул пенденин Жараткан Кудуреттин алдындагы өзүнүн ордун, алсыздыгын билиши.

«Калимуллах» наамын алган пайгамбар азирети Муса *(алейхиссалам)* «Коомум менен күрөшүүм керек. Мага Тоорат жетиштүү. Ансыз да, мен Жараткандан вахий алган адаммын. Жараткан Кудуреттен кааласам, Ал мага бул илимди түздөн-түз Өзү үйрөтүүгө Кудуреттүү» деген эмес. Ал Жараткандын көрсөтмөсүнө кылчактабастан баш ийген. Ошентип ал жалпы адамзат урпагына бул багытта моюн сунуучулуктун үлгүсүн көрсөтө алган. Анын:

«Ал аалымды табуу үчүн канча жыл талап кылынса, ошончо жыл издөөгө даярмын!» деген сөзү мунун ачык-айкын далили. Азирети Муса *(алейхиссалам)* пайгамбардын Кызыр *(алейхиссалам)*га көрсөткөн кичи пейилдиги, илим алууга, марифатка жетүүгө болгон ышкысы биз үчүн эң сонун үлгү болууга тийиш.

Жараткан Алла кааласа, Кызыр менен Муса пайгамбарды кыска мөөнөттүн аралыгында жолуктуруп койууга жүз пайыз күчү жетмек. Бирок Жараткан Өзү аларды миң бир түрлүү машакаттуу сапардан кийин гана жолуктургусу келди. Демек, бул жолдо сүйүү, ышкы, чечкиндүүлүк жана аракет менен бирге Жараткандын уруксат-жардамы керек.

Азирети Муса пайгамбар менен Кызыр *(алейхиссалам)*дын ортосунда болгон окуя руханий илимдин белгилүү эрежелердин алкагында тигил же бул устаттан алынышы керектигине ишарат жасайт. Башкача айтканда, бул илимге көпчүлүк учурда себепсиз, устатсыз, муршидсиз жетүү өтө оор. Бирок ага Вайсал Караний сыяктуу устатсыз, өзүнүн терең илими, талыкпас аракети менен Жараткандын уруксаты аркылуу жеткен адамдар

чанда кездешет. Бул багытта негизги максатка жетүү үчүн олуттуу мамиле, чечкиндүүлүк жана Жаратkandын чексиз ыраакымы, жардамы талап кылынат.

Азирети Мусанын Кызыр *(алейхиссалам)*дан илим алууга бел байлашы «Жаратkandын олуя пендеси кантип, андан жогору турган пайгамбарга сабак бере алат?» деген суроо жаратышы мүмкүн.

Бул багытта мынабул жагдайды эске алуу керек: азирети Муса пайгамбардын Кызыр алейхиссаламдан илим алууга бел байлашы руханий илимден ага ийненин көзүндөй да насип буюрулган эмес, дегенди түшүндүрбөйт. Бул жагдай тигил же бул жаатта баралына келген адам менен бышып жетиле элек адамдын мисалы сыяктуу.

Мисалы, Мимар Синандын архитектура жаатындагы илим деңгээли Сулаймания мечитинин курулушунда иштеген бардык усталардан алдаканча жогору болгон. Ошону менен бирге Синан мармар ташты чегүү боюнча уста адам сыяктуу мармарды чегип жасалгалай алган эмес.

Андыктан Кызыр *(алейхиссалам)*дын азирети Муса пайгамбарга белгилүү мөөнөт аралыгында устат болгондугу себептүү Муса *(алейхиссалам)*дан жогору болушу мүмкүн эмес. Бул жерде жогорулук жагынан салыштыруу мүмкүн эмес. Себеби азирети Муса *(алейхиссалам)* менен Кызыр *(алейхиссалам)* салыштырылгыс шекилде экөө эки бөлөк дайрада. Бул жердеги хикмат-сыр Жаратkandын чексиз илими алдында пайгамбарлар баш болгон бүтүндөй жандуужансыз алсыз болгондугун инсаниятка аңдатууга багытталган.

Пайгамбарлар да адам баласы болуп, Жаратkandын вахийкабарын алган тандамал пенделер болуп эсептелет. Бул жерде дагы Муса пайгамбар Жаратkan Алланын илиминин чексиздигинин алдында адам баласы ээ болгон илимдин төмөндүгүн аңдап, өзүнө маалымдалбаган дагы нечелеген илимдердин болгондугун түшүнгөн.

Чындыгында эле пайгамбарлар дагы эң жогорку «пайгамбарлык» бактысына, өзгөчө күч-кудуретке ээ болушканына карабастан илимди өздөрүнө ыроолонгон өлчөмдө алып, Жаратkan Алла Таала билдирген кайыпка таандык (көзгө көрүнбөгөн жана келечек жөнүндөгү) айрым бир акыйкаттарды гана билишкен. Ладунний илим Жаратkandын ыраакымы аркылуу берилгендиктен пайгамбарлар дагы Жаратkan Алланын билдиргенин билип, билдирбегенин билишкен эмес. Шейх Саадий «Гүлистан» аттуу эмгегинде маалымдагандай, бир киши азирети Якуб пайгамбарга:

- Эй, жан дүйнөсү нурга толгон акылман пайгамбар! Юсуфтун көйнөгүнүн жытын Мисирден келатканда эле сездиң да, эмне үчүн үйүңдөн анча алыс эмес токойдо Юсуф өзү кудукка ыргытылып жатканда аны көрө алган жоксуң?! – дейт.

Анда Якуб *(алейхиссалам)*:

- *Бул багытта Жаратkandын бизге болгон насиби чагылган сыяктуу. Мына ошондуктан акыйкаттар бизге кээде ачык-айкын болсо, кээде купуя, жашыруун болот!* – деп жооп кайтарган экен.

Муса *(алейхиссалам)* пайгамбар Кызыр *(алейхиссалам)*дан илим алуу талабын билдирүү учурунда «сага берилген илим» деген сөздү колдонгон эле. Демек, илим пенделерге эмес, Алла Таалага таңууланышы керек. Анткени бардык илимдердин чыныгы Ээси – Улуу Жаратkan Алла Тааланын Өзү. Ал каалаганына каалагандай өлчөмдө насип буюруйт. Ал кээ бир илимдерди алуу үчүн бир катар себептерди «көпүрө» кылса, кээ бир илимдерди Өзү пендесинин жүрөгүнө ыроолойт.

Пенде орозо кармоо учурунда унутуп калып бир нерсе жесе, орозосу жараксыз абалга келбейт. Анын сыңарындай, азирети Муса пайгамбардын Кызыр *(алейхиссалам)*га берген сөзүн унутуп, ага каршы чыгышы сапарларын чогуу улашына тоскоол болгон жок.

Бирок азирети Муса пайгамбар бул илимден үмүт кылган насибине-мажбур болбосо дабушайман болуп:

«Эгер мындан ары дагы бир нерсе сурасам, мени өзүңө жолдош кылба! (б.а., ар кимибиз өз жолубузга түшөбүз)» (Кахф сүрөсү, 76-аят) деп шарт койгондугу үчүн насиби ушунчалык гана болду.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

*«Алла Таала Мусаны чексиз ыраакымына бөлөсүн! Эгер ал сабыр кыла алганында, Алла Таала алар аркылуу бизге (дагы көптөгөн миң бир сырлуу купуя) акыйкаттарды билдирмек»* деген (Бухарий, Тафсир, 18/2; Муслим, Фазаил, 170).

Демек, бул жолдо сабырдуулук, чыдамкайлык, оор басырыктуулук өзгөчө мааниге ээ.

Тасаввуф аалымдарынын бул окуяга байланышкан тыянактарынын бири төмөнкүчө:

Жазма булактарда маалымдалгандай, азирети Муса пайгамбарга бул сапарында сапарлаш болгон жаш жигит Муса *(алейхиссалам)*дын кыз бир тууганынын уулу, ошондой эле өзүнө ишенгендердин көзгө басарларынан бири Юша бин Нун эле. Бул зат азирети Муса пайгамбар көз жумган соң биринчи халифасы болгон.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Меккеден Мединага болгон улуу көч учурунда, куттуу хадисте *«экөөнүн бири»* (Бухарий, Асхабун-Набий, 2) делген үммөтүнүн эң ардактуусу азирети Абу Бакирди жолдош катары тандаган эле. Бул мисалдар руханий жолдогу Алланын ыраазылыгы үчүн болгон чыныгы достуктун маанилүүлүгүн таамай айгинелеп турат.

Миң бир сырлуу азирети Муса пайгамбардын бул окуясы бизге ладунний илимдин маани-маңызынан бир аз гана маалымат берүүдө.

***

Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу хадистеринин биринде мындай деген:

*«Эч калетсиз, мен силер көрбөгөн, укпаган нерселерди көрүп угам. Көк-асман (күн) күркүрөдү. Ырас, анын күркүрөшү өзүнүн акысы. Себеби көктө периште Алла Таалага сажда кылуу үчүн маңдайын койбогон төрт эли жер дагы жок. Алла Таалага ант болсун! Мен билгенди билгениңерде, аз күлүп, көп ыйлаар элеңер... Эрме чөлгө жайылып, Жараткан Аллага бийик үн менен жалыныпжалбараар элеңер...»*

Абу Зар ал-Гыфарий *(Алла ага ыраазы болсун)* аркылуу келген бул хадис жөнүндө өзү:

«Валлахи, мен (бул сөздөрдү угуп) кыйылган отунга айланып калгым келди» деген экен (Ибн Маажа, Зухд, 19).

Ладунний акыйкаттардын алдында айрым сахабалар да аң-таң болуп, сөзгө чак келбес алсыздыктарын төмөнкүчө билдиришкен:

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)*:

«Чымчыктар оозуна алган курманын данеги болуп калсам, кана!»

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)*:

«Аттигиниң-ай, чөп болуп калсам, кана! Аттиң, жок болуп калсам, кана!»

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)*: «Аттигиниң-ай, мынабул дарактын бир жалбырагы болуп кал-

сам, кана!»

Алла Тааланын чексиз кудурет-күчүнүн алдында аларды бушайман кылган бул абал «ажз жана хавф» (алсыздык жана коркуу, тынчсыздануу) даражасы болуп эсептелет.

Кутман сахабалардан Харис бин Малик ал-Ансарий *(Алла ага ыраазы болсун)* Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* дилмаектеринде өзүнчө эргип, жан дүйнөсү балкып олтураар эле. Күндөрдүн биринде азирети Пайгамбарыбыз эртең менен андан:

- *Эй, Харис! Кандай уктадың* – деп сурайт. Харис *(Алла ага ыраазы болсун)*:

- Чыныгы толук мусулман катары! – деп жооп берет. Азирети Пайгамбарыбыз бу сапар:

- *Эй, Харис! Ар нерсенин өзүнө тиешелүү далили болот. А сенин ыйманыңдын далили барбы?* – дейт.

Азирети Харис:

- Эй, Алланын Элчиси! Дүйнөдөн кол үзсөм, күндүзүм суусуз, түндөрүм уйкусуз абалга келди. Жараткандын аршын ачык-айкын көргөндөй болуп жатам. Бири-бирин зыярат кылган бейиштиктер менен боордошуна душман болгон тозокуларды көрүп тургандаймын – деп жооп кайтарат.

Анда азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- *Жакшы, эй, Харис! Мына ушул абалыңдан эч качан жазба! Сен Алла Таала тарабынан жүрөгү нурга толгондордун катарынан орун алыпсың!* – деп абдан сүйүнгөн экен (Хайсамий, МажмаузЗаваид, 1, 57).

Акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* дагы бир хадисинде азирети Харис жөнүндө:

*«Ким Алла Таала тарабынан жүрөгү нурга толгон адамды көргүсү келсе, Харисти карасың!»* деген (Ибн Хажар, ал-Исаба, 1, 289).

Ааламдын ар бир атомунда Жараткандын тең салмактуулукту сактаган белгилүү мыйзамы болгондой эле, руханий жашоодо да пенде үчүн белгилүү тең салмактуулукту сактоо зарылчылыгы турат. Үммөтү үчүн ар тараптан эң жогорку деңгээлде үлгү боло алган азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз руханияттын туу чокусунда болсо дагы белгиленген чектен тышкары чыккан эмес.

Кээ бир учурларда ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өзгөчө руханий береке-кутка бөлөнөөр эле. Буга көпкө чыдай албас эле. Айрыкча Жаратканда вахий (Куран аяттары) түшкөн кезде абдан кыйналып, кадимкидей көл-шал болуп тердеп кетээр эле. Мына ушундай учурларда кээде жубайына:

*«Эй, Аиша! Руханият мени чулгап алды. Кел, мени менен олтуруп сүйлөшчү...»*[109] деп адамзат чөйрөсүнө кайтаар эле.

Ал эми тескерисинче, дүйнө иштери үстөмдүк кыла баштаган кезде:

*«Эй, Билал! Кана, элди намазга чакыр! Эс алалы!»* (Абу Давуд, Адаб, 78) деп сырткы чөйрө менен руханий дүйнөнүн ортосундагы тең салмактуулукту сактаар эле.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* рухий дүйнөсүндө белгиленген өлчөмдү бекем кармангандай эле, сырткы чөйрөгө карата да дайыма ашкереликтен оолак болуп, орто жолду карманган. Алла Таала акылдан жогорку акыйкаттарды сүйүктүү пенделеринен башка эч кимге билдирген эмес. Бул багытта азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* шакирттерине:

*«Эл түшүнө турган таризде сүйлөгүлө!»* (Бухарий, Илим, 49) деп айтуу менен өз акылдары жеткен деңгээлде эмес, алардын аңтүшүнүгүнүн деңгээлинде сүйлөө зарылчылыгына басым жасаган.

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай миң бир сырлуу руханий акыйкаттарга тиешелүү элдин түшүнүп-түшүнбөшүн эске алуу менен айрым бир хадистерди айтпагандыгынын (риваят кылбагандыгынын) себеби жөнүндө:

«Мен Алла Элчисинен *(саллаллаху алейхи васаллам)* эки кап (толтура илим) алдым. Булардан бирөөсүн элге тараттым. Ал эми экинчисин али ачканым жок. Эгер аны ачып, элге таратканымда, мынабул башым эбак алынмак» деген (Бухарий, Илим, 42).

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Хикмат-даанышмандыкты (жашыруун акыйкаттарды аңдап-түшүнө албаган) ылайыксыз адамга берсеңер, зулумдук кылган болосуңар»* (Даримий, Мукаддима, 34).

Демек, бул сөз:

«Хикмат-сырды аңдап-түшүнө алган татыктуу адамдарга үйрөтпөө дагы зулумдук кылганга жатат» дегенди да түшүндүрөт.

Аяттардын биринде бул багытта:

**«Алла Таала даанышмандыкты Өзү каалаганына берет. Кимге даанышмандык берилсе, демек, ага жакшылык мол берилиптир. Бирок муну акылдуулар гана түшүнө алат»** (Бакара сүрөсү, 269-аят) деп буюрулат.

***

Олуя пенделер бул илимден өздөрүнө ыроолонгон насип жөнүндө аң-түшүнүгү тайыз, акыл көрөңгөсү тар адамдарга ооз ачкан эмес. Себеби акыл жетпеген миң бир сырлуу бул акыйкаттар ылайыктуу эместер үчүн жашыруун болушу керек. Учурунда Алла Таала тарабынан кээ бир пенделерине ыроолонгон мындай айрым өзгөчө сырларга ээ болгондордун катарынан орун алган Халлаж Мансур жан дүйнөсүндөгү сырлардын ийненин көзүндөй гана учун чыгаргандыгы үчүн өлүм жазасына дуушар болгон.

Жараткандын жалгыздыгын жар салган «вахдат» деңизине сапар тарткан Халлаж Жараткан Кудуретке бапестеген улуу сүйүүсүнөн өзүн жоготуп, «ана ал-Хакк» (мен Алламын) деп кыйкырык салган. Жашыруун сырдын минтип жүрөктөн тил аркылуу агып түшүшү адамдар тарабынан акылдын чектелүү мүмкүнчүлүгү менен чечим чыгарылышына себеп болгон. Адамдардын акылкөрөңгөсү бул маселенин төркүнүн аңдай алган эмес.

Халлаждын мындай абалы бир катар олуя пенделерде да болгон. Бул өзү белгилүү мөөнөт аралыгында өтө турган абал болуп, «фанаа филлах» (Алла Таалада жок болуу, Алла Тааланын сүйүүсүнө күйүп-жануу) даражасында тең салмактуулугун сактай албай калган олуя пенделерде байкалат. Акыл түгөнгөн жерде жүзөгө ашкан мындай абалдагы пенде шарият өкүмдөрүнө жоопко тартылбайт. Анткени Жараткан Алланын буйругунун негизинде шарият өкүмдөрүнө карата жооптуу болуу үчүн эң ириде адамдын акыл-эси өз жайында болушу кажет. Ал эми мындай сөздөргө акылдын эч кандай байланышы болбойт. Бул абалдар чектелүү акыл-көрөңгө менен аңдалышы мүмкүн эмес.

Сезимдин үстөмдүгү менен жүзөгө ашкан мындай абалдагы адамдар тасаввуф тилинде «мажзуб»[110] деп айтылат. Алардын сырткы чен-өлчөмдөргө сыйбаган мындай абалдарын тасаввуф жолундагылар туура түшүнүшсө да, муну орунсуз жагдай катары баалаган карапайым адамдарды да күнөөлөөгө болбойт. Ошондуктан Халлаж Мансурдун жогоруда айткан сөзү боюнча жазага дуушар болгондугу жөнүндө «Халлаждыкы да туура, аны өлүм жазасына тарткандардыкы да туура» делген. Мына ушундан улам тасаввуфта «оор басырыктуулук» өзгөчө сунуш кылынып, «мажзуб» эмес, өзүн-өзү кармай алган күчкө ээ болуу зарылчылыгына өзгөчө басым жасалган.

Жазма булактарга таянсак, олбурлуу Абул-Харис чечимди жүзөгө ашыруу үчүн Халлаждын маңдайына басып келип, бир уруш менен жаткыра коет. Халлаж бети-башы канжалап жерге сулап калат. Дал ошол учурда Шиблий дагы чыдай албай элге айкырык салып, үстүндөгү чепкенин айрып эсинен танат.

Халлаждагы бул көрүнүш өзгөчө абал. Бул абал өткөн соң Жараткан – Жараткан Алла, нерселер – нерсе бойдон калат.

Шейх Шиблий мындай дейт:

«Биз Халлаж экөөбүз бирдей баскычтардан өттүк. Мени «жинди» деп, мага эч кандай жаза беришкен жок. Ал эми Халлажды акыл-эси жайында деп өлүм жазасына тартышты.

Халлаж одүйнө салган күнү түнүчүндө мүрзөсүнө бардым. Таң атканга чейин намаз окудум. Таң атканда Жараткан Аллага алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Бул сенин ыйманы ысык сүйүктүү пендең эле. Ага берген бул сыноолордун хикмат-сыры эмнеде?» деп дуба кылдым.

Дуба кылган соң көзүм илинип кетиптир. Түшүмдө кыямат кайым болуп жатканын көрдүм. Ал жерден Жараткан Алланын мынабул сөзүн уктум:

«Сырыбызды (аңдап-түшүнө албаган) адамдарга ачкандыгы үчүн аны ошондой акыбетке дуушар кылдык!»

Бул сөздөрдөн маалым болгондой, Жараткан Алланын аруу сүйүүсүнө арзып, акыйкаттын сырына жетүү кооптуу эмес, ыроолонгон сырды көтөрө албай, руханий жактан каалгыган абалда катардагы адамдарга ачуу кооптуу. Ал эми бул шартты эске албоодон жаралган мындай учурларды жалпылаштырып, Жаратkандын сүйүктүү пенделери жөнүндө өйдө-төмөн сөздөрдү сүйлөө өтө кооптуу. Алланын сүйүктүү пенделери тууралуу жаман сөз айтуу, алардын кадырына жете албоо – бул наадандыктын белгиси. Момун-мусулман адам аларды четке кагышы мүмкүн эмес.

Андыктан руханий жолдо эң негизги шарт – асыл эрежелерди бекем кармануу жана түбөлүктүү сырларды да четке какпоо болуп эсептелет. Ошондой эле Жараткан Алла менен пенденин ортосундагы жашыруун сырлардан ийненин көзүндөй да ооз ачпоо зарыл.

Мына ушунун баары руханий мейкиндикте каалгуу учурунда жүзөгө ашкан акыл жетпеген абалдар болуп саналат. Мындай өзгөчө абалдардан ашып, кайрадан акыл-эсине келгенден кийин бардыгы өз жайында болот.

Жунайд Багдадий олуя элден келген:

«Кээ бир олуялар руханий мас абалга кирип, чектен тышкары чыгышат. Алардын бул абалы жөнүндө эмне дээр элеңиз?» деген суроого:

«Аларды өз жайына койгула, Алла Тааладан бейпилдик таап, Анын чексиз ыраакымына бөлөнүшсүн! Шариятта ачык-айкын түрдө тыйуу салынган жагдайлардан тышкары аларды айыптабагыла! Бул жол алардын жан дүйнөсүн алоолонгон улуу сүйүүнүн отуна жагып, баралына келтирди. Алар Жаратkандын ыраазылыгына жетип, чексиз аруу сүйүүсүнө арзуу үчүн не деген күч-аракет жумшап, не деген түйшүктөрдү тартпады! Ошондуктан мында эч кандай айып жок» деп жооп берген.

Өлүм жазасына тартылаар алдында Халлаж Мансурдун Жараткан Кудуретке алакан жая кылган мынабул дубасы анын руханий даражасын, Аллага болгон ыкласын таасын айгинелеп турат:

«Оо, Жараткан Алла! Сенин пенделериң Сага болгон жакындыгынан жана динине болгон бекемдигинен улам мени өлүм жазасына тартуу үчүн топтолушту. Аларды кечире көр... Себеби Сен мага ыроологон сырларды аларга насип буюрганыңда мен жөнүндө

мындай чечимге келишмек эмес. Эгер алардан сактаган сырларыңды менден да сактаганыңда, мындай кадамга барбас элем. Оо, Жараткан! Аларды кечире көр... Себеби алар мени Сага жолуктурууга себеп болуп олтурат!»

Халлаждын абалына руханий мейкиндиктен назар салгандардан бири мындай дейт: Халлаж дарга асылган кезде жанына Иблис келип:

«Сен дагы, мен дагы бир жолудан «ана!» (мен!) дедик. Бирок эмне үчүн сага Жаратканды ын ыраакымы, ал эми мага наалаты жаайт?» деп суроо салат.

Анда Халлаж:

«Сен «мен» деп айтуу менен өзүңдү Адам атадан жогору көрдүң. Текеберлигиңди көрсөттүң. Мен болсо «ана ал-Хакк» дедим. Өзүмдү Жараткан Алланын сүйүүсүнө тапшырдым. Бой көтөрүүчүлүктү айгинелеген текеберлик тозоктун белгиси. Ошондуктан мен Жаратканды ын ыраакымына бөлөндүм, ал эми сен наалат-каргышка калдың!» деп жооп берген экен.

Ибрахим бин Фатык Халлажга барганында өзүнө мынабу насаатын айткандыгын маалымдайт:

«-Уулум! Кээ бир адамдар мени каапырлыкка чыгарса, кээ бирлери менин олуялыгыма сукта нып жүрүшөт. Мени каапырлыкка чыгаргандар Жаратканды ын сүйүктүү олуя пендеси болгондугумду айткандардан Алланын алдында жана мен үчүн алдаканча сүйкүмдүү.

Мен:

- Эмне үчүн? – деп сураганымда ал:

- Менин олуялыгыма ишенгендер мага болгон жакшы ойлорунан улам, ал эми мени каапырлыкка чыгаргандар Ислам динине болгон бекемдигинен улам ушул кадамдарга барышууда. Ислам динине бекем болгон адам жакшы ой жүгүрткөн пендеден Алланын алдында алдаканча сүйүкүмдүү! – деп жооп берди»

Халлаждан да жогорку даражаларга жеткен Мавляна олуя:

«Эгер Халлаж мени менен Жараткан Алланын ортосундагы абалдан кабардар болгондо, ал дагы мени таш бараңга алмак» деген.

Бул абалдар Жараткан Аллада жок болуунун сөз түрүнө түшкөн көрүнүшү болуп эсептелет. Мавляна олуя «фанаа филлах» тууралуу ыр саптарында:

«Чексиз өмүр дайрасын көргөнүңдө кеседеги сууңду, башкача айтканда, мынабул утурумдук өмүрүңдү чексиздиктин дайрасына кошуп жибер! Суу дайрадан качан качыптыр?!

Кеседеги суу дайрага кошулганда ал өзүнчөлүгүнөн арылып, дайранын суусуна айланат.

Ошентип кеседеги суунун сыпаты жоголуп, заты гана калат. Ал мындан кийин азайбайт да, кирленбейт да, жыттанбайт да!»

Мавляна сыяктуу көптөгөн руханий жактан бышып-жетилген пенделердин ар бир ойу, аруу сезими Жаратканды ын хикмат-сырына багытталгандыгы үчүн Жараткан Алла алардын көрөөр көзү, кармаар колу, басаар буту... болот.

Мавляна олуянын ой-чабытына, акыл-көрөңгөсүнө, адамдык бейнесине өзгөчө баа берген ойчулдардын бири:

«Биз Мавляна Жалаладдин Руминин жан дүйнө жаңырыгын уктук. Ал сүңгүп кирген бейпилдиктин деңизине биз чөмүлө албадык. Ошол деңиздин түбүнөн эмне алып чыкса, ошону гана көрдүк. Биз Мавляна олуянын көкүрөгүндөгү Жаратканга деген аруу сүйүүсүн эмес, болгону ошол сүйүүсүнүн сөз түрүнө түшкөн шекилин гана окудук. Бизге

ошол аруу сүйүүнүн күчү менен пайда болгон албууттанган толкундун «шарп-шурп» эткен үндөрү гана жаңырып калды»[111] деген экен.

Мына ушул миң бир сырлуу илимдин тамчыларын кыйыр маанилер менен болсо да, кагаз жүзүнө түшүргөн Мухйиддин ибн Арабийге олуя-аалымдар урмат-сый менен мамиле жасап, кураган сөздөрүнүн тереңинде жаткан баа жеткис купуя сырлардын акыйкатын аңдап, аны «Шейхул-Акбар» (улуу устат) деп аташкан. Ал эми руханий дүйнөдөн алыс болгондор маселенин төркүнүн жетик түшүнө алышпагандыгы үчүн аны каапырлыкка чыгарышкан.

Эгер сырларды түшүнө ала турган дос, сырдаш болбосо, үн чыгарбоо абзел. Себеби ар кимге акыл-көрөңгөсүнүн деңгээлине жараша сүйлөө керек. Болбосо, руханий абалдан түшүнбөгөн адамга хикмат-марифаттан сөз ачуу акыйкатка зулумдук кылууга жатат.

Бул багытта Мухйиддин ибн Арабий:

«Бизди жакындан тааныпбагандар китептерибизди окушпасын!» деген.

Ал эми Мавляна олуя мындай дейт:

«Мен бул сырды кыйыр мааниде кыска-нуска сөздөр менен айттым. Анткени кенен-кесири ачып берүүгө аракет кылган пенденин тили, угуучу тараптын аң-түшүнүгү күлгө айланат»

Мавляна олуя «Маснави» аттуу эмгегинде акыл-көрөңгөсү тайыз адамдардын туура эмес жолдорго түшпөөсү үчүн чектелүү аң-түшүнүк менен түшүнүүгө оор Жаратkandын айрым бир акыйкат-сырларын же жеңил аңгемелер түрүндө түшүндүргөн, же болбосо, аларды кыйыр маанилер менен түшүнө алгандарга гана маалымдаган. Ошентип ал руханий жактан жетиле электерге «Маснави»деги терең маселелерди жашырып койгон.

Мавляна олуя:

«Менин ыр саптарым ыр эмес, руханий аалам. Тамаша сөздөрүм – тамаша эмес, тарбия. Икаяларым дайынсыз сөздөрдөн куралган икая эмес, таалим. Мунун баары тең купуя сырларды чечмелеп, түшүндүрүп берүүгө гана багытталган» дейт.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* өзү күбө болгон окуя жөнүндө мындай дейт:

«Бир күнү Алла Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* барсам, ал азирети Абу Бакир менен сукбат-дилмаек куруп олтурган экен. Экөөнүн жанына келип олтурдум. Мен араб тилин билбеген кишидей эле, алардын сүйлөшкөн сөзүнөн эч нерсе түшүнгөнүм жок. Абу Бакирге кайрылып:

- Эмне жөнүндө сүйлөшүп атасыңар? Сиз Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен дайыма ушинтип баарлашасызбы? – деп сурадым.

Азирети Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)*:

- Ооба, кээде Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен өзүнчө калганда ушинтип дилмаек курабыз – деп жооп берди»[112]

Азирети Умар сыяктуу акыл-көрөңгөсүнүн тереңдигинен күмөн саналбаган адам өз эне тилинде баарлашкан эки адамдын сөзүн түшүнө албай жатса, анда катардагы адамдардын абалын өзүбүз элестетип көрөлү.

Мына ушундай руханий дилмаектерде белгиленген айрым акыйкаттардын жалпыга маалымдалышы ылайык көрүлгөн эмес. Бул катардагы адамдар үчүн өтө кооптуу деп эсептелген. Ушундан улам мындай акыйкаттар жалпы карапайым элге сыр катары болуп, Алланын аруу сүйүүсүнө арзуу үчүн талпынып, максатына жеткендерге гана ачылышы максат кылынган. Ошондуктан руханий жактан бышып-жетилип, баралына келгендиги байкалган адамдардын ысмы аталган кезде «каддасаллаху сиррохуу» б.а, «Алла Таала

анын сырын (рух дүйнөсүн) ар түрлүү руханий илдеттерден арылтсын!» деген сөз колдонулат.

***

Тасаввуф негизги максаты өңүтүнөн адам баласынын рух дүйнөсү менен алектенгени үчүн ааламдын жаралгандагы себеби болгон «улуу сүйүү»нү табигый талап катары колдонууга мажбур. Ошол себептүү тасаввуф «улуу сүйүүнүн жолу» деп да аталат. Ошону менен бирге сүйүү күйүп-жануунун оту болгону үчүн эрктин алсыз тартышы, акылга ээ боло албай калуу сыяктуу натыйжаларды да чогуу ала жүрүшү мүмкүн.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен Жафар Таййардын *(Алла ага ыраазы болсун)* ортосундагы дин боордоштугун айгинелеген сүйүү да жалпы мусулмандар үчүн эң сонун үлгү боло алат.

Хайбар колго алынган соң Эфиопиядан он алты киши азирети Жафардын башчылыгында Мединага кайтып келишет. Алар Пайгамбарыбыздын Хайбарга аттанганын угуп, ансыз да кусалыктын жалынына жанган сахабалар ого бетер куйкаланып ошол замат жолго чыгышат. Ошол кусалыктын дем-күчү менен Хайбарга чарчаганы билинбей тез эле жетип барышат. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Жафарды көрүп:

- *Хайбардын колго алынышына сүйүнөйүнбү же Жафардын келишинеби?* деп койнундагы кубанычын жашыра алган эмес экен (Ибн Хишам, III, 414).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* «умратулказа»[113]дан кайтып келе жаткан кезде азирети Хамзанын жетим кызы Фатиманын кимдин карамагына өтө тургандыгы тууралуу туугандары менен кеңешет. Кеңештин натыйжасында Фатима Жафар Таййардын карамагына алынмак болот. Азирети Пайгамбарыбыз Жафарды маңдайынан өөп, ага:

*«Түспөл-ирeңиң, кулк-мүнөзүң мага кандай гана окшош (эй, Жафар)!»* деп алкайт (Бухарий, Магазий, 43).

Жафар *(Алла ага ыраазы болсун!)* Пайгамбарыбыздын мындай өзгөчө мамилесине жетине албай толкунданып башка бир ааламга канат кагып, өзүнчө каалгыйт. Кубанчы койнуна батпай, жаш баладай бутунун учуна туруп Пайгамбарыбызды тегеренип, өзүн жоготуп коет. ( Ахмад бин Ханбал, Муснад, I, 108)

Адам баласы мына ушундай жогору сыйга өзүнөн танып каалгыгандай эле, Жараткандын ыраакым-жакшылыктарына бөлөнгөндө да сырткы чөйрөдөн арылып, руханий бейпилдиктин мөлтүр булагынан даам сызышы мүмкүн. Бул кадыресе мыйзам ченемдүү көрүнүш. Бул жерде ошол руханий бейпилдиктин мейкиндигине каалгыган кезде дагы тең салмактуулукту сактап, адал жолдун чегинен чыгып кетпөө зарылчылыгы өзгөчө маанилүү.

Бул тең салмактуулукту сактоо үчүн тасаввуф жолунда сырткы илимдер менен руханий жашоосун айкалыштыра алган пенделердин жетегине өзүнөн-өзү зарылчылык туулат.

Адамдарга руханий жактан жол көрсөтүүгө милдеттүү пенделер сырткы илимдерде белгилүү даражага жетпесе, улуу сүйүүнүн жолундагы көк мелжиген ашуулардан өтүү аларга дале болсо оор бойдон кала бермекчи. Мындан өтүү үчүн «Накшибандия» сыяктуу кээ бир тарикаттарда муршиддер дайыма сырткы илимди да алган адамдардан болуп, ишарат жасалган ар түрдүү коркунучтардан, ашуунун тар кечүүлөрүнөн өтө этият болуп, өздөрүн коргой алышкан.

Жараткан Алланын олуя пенделеринин руханий тарбиядагы усулдары ар түрдүүчө. Ошол усулдардын ар бири өз-өзүнчө «тарикат» болуп эсептелет. Тасаввуф жолдорунан бири Накшибандий тарикаты шакиртти «жазб» (өзүн-өзү жоготуп койгон) абалга түшүрбөстөн тарбиялайт. Абдулхалик Гуждаваний олуя:

«Эгер Халлаж биздин заманда жашап, биздин тарбиябызда болгондо, Жараткан Алланын уруксаты менен аны өзүн-өзү жоготуп койгон абалдан коргоор элек» деген.

Кээ бир тарикаттарда «жазб» абалынын күчүнөн улам жүзөгө ашкан жагдайлар шарияттын алкагынан чыгып кеткен учурлар да кездешет. Булар табигый руханий ышкынын ашкере аракеттенүүсү аркылуу жарала турган коркунучту айгинелейт.

***

Пайгамбарлардын ортоктош сыпаттарына кошумча ар биринин өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрү болгондугу маалым. Олуя пенделер да ушундай. Мисалы, кээ бири Жаратканга болгон моюн сунуучулугу менен өзгөчө болсо, кээ бири Жараткан Аллага болгон шүгүрчүлдүгү менен бөтөнчө. Ошондой эле алардын баары руханий дүйнөдө Жараткан Алла Тааланы катардагы адамдын аңтүшүнүгүнөн башкача таанып, жүрөктөн утурумдук нерселердин бардыгын чыгарып, Жараткандын Жалгыз Өзүнө жакындоонун аракетинде болушат. Учу-кыйырсыз марифатуллах мейкиндигинде дайыма өздөрүнүн алсыздыгын акыл-көрөңгөдө сактаган абалда жүрүшөт. Ошондой эле алардын даражалары бирдей эмес. Асыресе, алардын негизги (Жараткандын адал жолуна чакыруу) милдеттери бир болсо да, жеке милдеттери ар түрдүүчө. Кээ бирлери руханий тарбиядан (сайру сулууктан) өткөн соң элине кайтат. Булар элди адал жолго (Исламга) чакырууга милдеттүү. Жогоруда да маалымдалгандай, балага акырындык менен сабак берген мугалим сыяктуу билген нерселеринин көбүн адамдар менен болгон мамилелеринде билбегендей кадам шилтешет.

Айрымдары жол көрсөтүүгө милдеттүү болбогондуктан Жараткан Алланын чексиз улуулугуна, чексиз кудуретине назар салуу даражасында калып, үн чыгарбай сүкүт чалган абалда болушат. Мындайлар Жараткан Алланын чексиз кудуретинин алдында тилсиз сакоо сыяктуу. Адамдарга адал жолдун изин көрсөтүүгө милдеттүү айрымдары болсо, оргуштап агып чыккан булактын өзүнчө мөлтүр суусуна айланат. Көөдөндү өрттөгөн Жараткандын миң бир сырлуу акыйкаттары тил аркылуу агып түшөт.

Ал эми дагы бир адамдарда бул абалдар туруктуу болбой, өзгөрүп турат. Жашоолорунда ар түрдүүчө учурлар болот. Буга мисал катары Мухаммад Парисанын окуясын берсек болот:

Мухаммад Париса олуя куптан намазынан кийин мечиттин короосунда кээде токтоп туруп калаар эле. Андан соң тегерегиндегилер менен кыска сукбат куруп үйүн көздөй жолго түшчү. Кээде ал багымдат намазына азан айтылганга чейин мечиттин короосунда бир нерсеге аң-таң болгон абалда тил-ооздон калгандай туруп калаар эле. Азан айтылгандан кийин гана мечитке кайра кирээр эле.

Бул олуялардын жашоолору, аң-түшүнүгү, сезим-туюму башкача болгон. Мавляна олуя Улуу Жараткан Аллага болгон аруу сүйүүнүн отуна жангандыктан өлүмдү «вуслат» (Жаратканга жолугуу) катары кабыл алган. Ал эми Хасан Басрий олуя «хашятуллах» «Жараткандан коркуу» сезиминин үстөмдүгүнөн улам ар дайым акыркы демин ойлоп, санааркаган.

Жогоруда ладунний илим жөнүндө айтылган сөздөрдүн бардыгы бул илимдин алгач пайгамбарлардагы жана андан бир тамчы болсо дагы насиби бар олуя пенделердеги ар түрлүү жугумунун сөз түрүнө түшкөн сырткы көрүнүшү гана. Бул илимдин чыныгы

акыйкатын Жараткан Алланын Өзү гана билгендиктен, аны мынабул чектелүү акыл-көрөңгөбүз менен аңдап-түшүнүүбүз мүмкүн эмес.

*Парасат – бул көшөгөнүн артындагыны, б.а., руханий дүйнөнүн сырларын көрүү, дегенди түшүндүрөт. Ырас, акак ташты издегендер гана аны таба алышат.*

## 2. ПАРАСАТ

Парасат – бул Жараткан Алла Таала тарабынан сүис үктүү пенделеринин жүрөгүнө ыроолонгон нур. Тагыраак аис тканда, акылмандык, кыраакылык, көрөгөчтүк сыяктуу асыл сапаттардын руханиис аң-сезимдин зиректиги катары жүрөктөн өзүнө тиешелүү түнөк табышы. Жүрөктөн чыккан аруу сезимдер аркылуу окуялардын ички жүзүн, маселенин төркүнүн туура болжолдоп, түшүнө билүү жөндөмдүүлүгү.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

اِتَّقُوا فِرَاسَةَ الْمُؤْمِنِ فَإِنَّهُ يَنْظُرُ بِنُورِ اللّٰهِ

*«Момун-мусулмандын парасатынан (назарынан) сактангыла! Анткени ал Жараткан Алланын нуру менен назар салат»* дейт (Тирмизий, Тафсир, 15). Эч калетсиз, бул парасатка напсинин түркүн түстүү азгырыктарынан арылып, Жаратуандын сүйүктүү пендесине айлангандар ээ болушат. Ислам тарыхына карек оодарганыбызда, мунун көптөгөн мисалдарын байкоого болот:

Азирети Анас *(Алла ага ыраазы болсун)* өзүнүн айтымы боюнча, күндөрдүн биринде азирети Осмондун *(Алла ага ыраазы болсун)* үйүнө баратып жолдон бир аял көрөт. Аялдын сулуулугу акылын чырмап алат. Мына ушундай аң-сезим менен азирети Осмонго барат. Кыраакы азирети Осмон *(Алла ага ыраазы болсун)* дароо байкап:

- Эй, Анас! Көзүңө зинанын издери түшүп калыптыр го... – дейт.

Күтүлбөгөн сөзгө аң-таң абалда калган Анастын:

- Алла Элчисинен кийин дагы вахий келип жатабы? – деген суроосуна азирети Осмон:

- Жок, бул – болгону парасат гана![114] – деп жооп берген экен.

Азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* бир катар маселелердеги ойу кийинчерээк келген аяттарга ылайык келгендиги дагы Ислам жазма булактарынан белгилүү.

Куттуу хадистеринин биринде ардактуу Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын:

*«Силерден мурун жашаган үммөттөрдүн арасында өздөрүнө илхам кылынган пенделер бар эле. Эгер үммөтүмдүн арасында ошондой адамдардан бирөө боло турган болсо, эч калетсиз, ал – Умар болмок* дегени бар*!»* (Бухарий, Асхабун-Наби, 6).

Абу Аббас бин Махди:

«Сапар учурунда чөлдөн жанында суу чаначы жок, жылаңбаш, жылаңаяк бир адамдын менден анча алыс эмес жерде кетип баратканын көрдүм. Ичимден «бул адам намазды кантип окуйт болду экен? А балким, анын даарат-намаз менен эч кандай иши

жоктур...» деп ойлодум. Ошол учурда ал адам мага кайрылып: «Чындыгында, Алла – жүрөгүңөрдөгүнү да билээрин унутпагыла! Андыктан андан корккула!» (Бакара сүрөсү, 235-аят) деген маанидеги аятты окуду. Эмне дээримди билбей, апкаарып эсимден танып жерге жыгылыптырмын. Эс-учумду жыйып, Жараткан Алладан кечирим тилеп, жолума түштүм. Жолдо баратып жанагы зат дагы көзүмө илешти. Аны көрөөрүм менен апкаара түштүм. Көргөн жеримден жылбай бир саамга туруп калдым. Ал мага дагы кайрылып келип: «Ал (Алла Таала) кулдарынын тообосун кабыл кылат, күнөөлөрүн кечирет жана жасап жаткан иштерин да билет» (Шууроо сүрөсү, 25-аят) деген аятты окуп, көздөн кайым болду. Ошондон кийин аны эч көрө алганым жок» дейт.

Бул багытта Зуннун Мысрий мынабул окуяны айтып берген:

«Күндөрдүн биринде үстүндө эски, жамачылуу чепкени бар бир жаш жигитке кез келдим. Напсим андан ирээнжисе да, жүрөгүм анын Жараткандын сүйүктүү пендеси болгондугун сезип тургансыды. Напсим менен жүрөгүмдүн ортосунда арачылап, ойлоно баштаганымда жаш жигит мага кайрылып:

- Эй, Зуннун! Мага чепкенимдин кемчилигин көрүү үчүн назар салба! Маржан таш кабыктын ичинде болот! – деди да, көздөн кайым болду»

Жараткандын сүйүктүү пенделеринен Абдулхалик Гуждаванийдин сукбат-дилмаегине биринчи жолу келген, христиандыгын жашырган бир жигит устаттан:

- *«Момун-мусулмандын парасатынан (назарынан) сактангыла! Анткени ал Жараткан Алланын нуру менен назар салат»* деген хадистин сыры эмнеде? – деп сурайт.

Абдулхалик Гуждаваний олуя:

- Белиңдеги зуннарды чеч! (б.а., христиандар белине байлаган алдагы каапырлыктын белгисин чеч!) Исламга кир! – дейт.

Ошентип тилине сөз кирбей алаңдап калган жигит устаттын алдында дароо келме келтирип, мусулман болгон экен.

Учурунда Жунайд Багдадий олуя дагы «мусулман» сыяктуу көрүнгөн бир жигиттин иудей болгондугун жана жакын арада Ислам дини менен бактысы ачыла тургандыгын бир карап туруп айткан.

Узун сөздүн кыскасы, парасаттуулук жүрөктөгү ыймандын, такыбаалыктын даражасына жараша көбөйүп-азайган Жараткан Кудуреттин өзгөчө белектеринин бири.

*Ислам жолу жана адал эмгек миң бир сырдуу кереметтерден алда канча артык. Олуянын кереметти Ислам дининин буйруктары менен жуурулуша жашоого өбөлгө түзбөсө, анда ал балээге жана азгырыкка гана себепкер болот.*

*(Мавляна Халид Багдадий)*

## 3. ТАСАРРУФ КЕРЕМЕТ

Чексиз Кудуреттүү Улуу Алла Таала бир нерсени жүзөгө ашыргысы келсе, ага «кун!» б.а., «бол!» деши менен дароо жүзөгө ашаары талашсыз чындык. Бирок Алла Таала Өзүнүн эрк-каалоосунун негизинде аис рым бир нерселердин тизгинин кээ бир пенделерине тапшырган. Чындыгында бул иштер Алла Таала Өзүнүн жаратуучулук

сыпаты менен аралашмаис ынча жүзөгө ашпаис  тургандыгы белгилүү болсо да, Жараткан Алла өзү тандаган ошол пенделерин бул иштерге себепкер кылган. Төрт чоң периште сыяктуу.

Бул periштелерден Жабраил *(алеис хиссалам)* паис гамбарларга Жараткандын вахиис -кабарын жеткизүүгө милдеттүү болсо, Микаил *(алеис хиссалам)* табият кубулуштарын башкарууга, Азраил *(алеис хиссалам)* жан алууга, ал эми Исрафил *(алеис хиссалам)* кыяматта «сур» (сурнаис ) тартууга милдеттендирилген.

Албетте, Жараткан Алла бул милдеттерди бул периштелерге бербеис  туруп, түздөн-түз өзү деле жүзөгө ашырууга толук Кудуреттүү! Бирок Алла Таала Өзүнүн каалоосу менен аларга жан, күч-кудурет сыяктуу бардык мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берүү менен ар бирине өз-өзүнчө милдет берген. Периштелердин күч-кудурети дагы негизи Жараткан Алла Тааланын Кудуретинен. Аларга күч-кудуретти Алла Таала Өзү ыроологон. Бүтүндөис  жандуу-жансыздын күч-кудурети да Чексиз Кудуреттүү Алла Таала тарабынан ыроолонгон.

Анын сыңарындаис , Алла Таала паис гамбарларына да өздөрүнө жараша өзгөчө күч-кудурет, шык-жөндөм берген. Маселен, Сулаис ман *(алеис хиссалам)* паис гамбар жаныбарлардын тилин билгендиги, шамалга жана жин ааламына үстөмдүк кылгандыгы менен таанымал.

Улуу Жараткан Кудурет азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбызга дагы көптөгөн өзгөчөлүктөрдү ыроологон. Анын үммөтүнөн чыккан аис рым бир тандамал пенделер да бул сыис -белектен Жараткан Алланын бергенинче насип ала алышкан. Маселен, Абдулкадир Гаис ланиис , Ахмад ар-Рифаиис  сыяктуу даңазалуу олуяларды мисал келтирсек болот.

Тасарруф – бул мына ушул мүмкүнчүлүктөрдү жүзөгө ашыра ала турган дарамет. Тасарруф тигил же бул пенденин жекече өзүнүн эрк-каалоосу менен эмес, Алла Тааланын уруксаты менен гана жүзөгө ашат. Тасарруф менен күнүмдүк болуп жаткан кадыресе кубулуштардын ортосунда аис ырма жок. Айырма анын ар бир пендеге эле ыроолоно бербешинде жатат.

***

Тасарруфтун бир түрү болгон керемет – бул Алла Тааланын өзүнчө белеги катары руханий жактан бышып-жетилип, баралына келген олуя пенделер аркылуу сырткы чөйрөнүн мыйзамдарынан тышкары жүзөгө ашкан ажайып окуя. Алланын сүйүктүү пенделеринин назарында, эң чоң керемет – бул Ислам дини менен жуурулуша жашоо. Бул пенделер басып өткөн руханий жолдун натыйжасында көз карашы, аң-түшүнүгү, кыймыл-аракети жагынан да башка адамдардан айырмаланып турушат.

Керемет эки түргө бөлүнөт:

**1. Руханий керемет**: Илимде, ибадатта, марифатта жана такыбаалыкта белгилүү аралыкты басып өтүп, руханий жактан жогорулап, «Сага буйрулган таризде туура жолдо бол!» (Худ сүрөсү,112-аят) деген аяттын талабына жооп берүүгө умтулуу. Башкача айтканда, Жараткан Кудурет тарабынан бүтүндөй инсаниятты түбөлүк бактысы үчүн ыроолонгон аруу Ислам дини менен жуурулуша жашоо. Ислам дини менен жуурулуша жашаган олуя пенденин оозунан чыккан сөздөр Жаратkandын адал жолуна чакырып, даанышмандык менен айтылгандыктан эч кимди ирээнжитпейт. Ал сөздөр угуучу тараптын каталарына ишарат жасалып, эскертүү иретинде болсо дагы эч кимдин көңүлүн оорутпайт.

Буга акыл менен жетүү мүмкүн эмес. Алла Таала муну тандамал пенделерине ыроологон.

**2. Кавний керемет:** Буга бир саамда дүйнөнүн тигил бурчуна жетүү, жырткыч жаныбарларды багындыруу, суу үстүнөн басып кетүү сыяктуу адаттан тышкаркы ажайып көрүнүштөр кирет.

Чыныгы олуялар мындай кереметтерге өзгөчө маани беришпейт. Анын үстүнө булар олуялыктын шарттарына да кирбейт. Алла Таала мындай мүмкүнчүлүктөрдү өзү каалаган айрым бир пенделерине ыроолойт. Эч кандай зарылчылык болбой туруп, керемет көрсөтүү дурус эмес. Олуялар мүмкүн болушунча мындай кереметтерди көрсөтүүнү каалабайт. Себеби элдин алкышы болот. Айрым бир караңгы адамдар бүт нерсени олуядан күтө башташат.

Эл канчалыгы менен ушул экинчи түрдөгү кереметти көргүсү келсе да, ырасында эң чоң керемет – бул биринчиси б.а., руханий керемет болуп эсептелет. Тасаввуф илиминин аалым-олуялары «Эң чоң керемет – бул Ислам дини менен жуурулуша жашоо» деген тыянакты бир ооздон кабыл алышкан. Андыктан иш-аракети, адеп-ахлагы, сүйлөгөн сөзү Исламга дал келбеген шакирттин аракети бекер.

Бул багытта Мавляна Халид Багдадий:

«Ислам жолу жана адал эмгек миң бир сырлуу кереметтерден алдаканча жогору. Олуянын керемети Ислам дининин буйруктары менен жуурулуша жашоого өбөлгө түзбөсө, анда ал балээге жана азгырыкка гана себепкер болот» деген экен.

Кереметтердин жападан жалгыз аруу максаты бар: «адамдарды Жаратkандын адал жолуна беттөө» деген. Ислам дини Жараткан Алланын буйруктарынан гана турат. Ал мусулман пенденин жашоо мыйзамы. Ал кыяматка чейин аруулугун сактайт. Себепсиз ажайып көрүнүштөр мусулман баласы үчүн Ислам дининин буйруктарын аткарууда белгилүү деңгээлде зыян алып келиши толук ыктымал. Ошондуктан пайгамбарлар да, олуялар да эч качан себепсиз, жөнү жок жерден эле адаттан тышкаркы иштерди көрсөтүшкөн эмес.

Чыныгы кереметтен негизинен мынабул натыйжалар алынат:

1.Напсини тарбиялоого себепкер болушу,

2.Жан дүйнөнү ар түрдүү рухий ыпластыктардан арылтып, ыйман булагы менен көркүнө чыгарууга себеп болушу,

3.Купуя сырлардын жүрөккө ачылышына себеп болушу.

Ошондой эле кереметтердин жүзөгө ашышында эң маанилүү «көпүрөлөрдөн» бири – бул Жараткан Алла тарабынан пендесине сыр катары маалымдалган «исм-у аазам». «Исм-у аазам» (улуу ысым) жөнүндө кыскача мынабу маалыматтарга токтолсок болот:

Исм-у аазам – бул Жараткан Кудуреттин ысымдарынан бири. Аны менен кылынган дубанын кабыл болушу анык. Бул ысым Жараткан Алланын кайсы ысмы болгондугу Жаратkандын өзүнчө сыры. Бул багытта бир катар хадистерде да айтылган. Алардын арасынан Алла Тааланын улуу Затынын ысмы болгон «Аллах!» ысмы «исм-у аазам» болгондугуна багытталган хадистер үстөмдүк кылат.

Бул жааттагы көз караштардан бири төмөнкүчө: Жараткан Алла Таала адам баласына өз рухунан жан салып, чексиз кудуретинен насип буйургандыгы үчүн ысым-сыпаттарынан жандуужансыздын арасынан эң көп адамга ыроологон. Баралына келген адам өзөгүнө ширелген бул сыпаттарын жүзөгө ашыруу аркылуу Жаратkандын буйругу менен жуурулуша жашаган пенде. Андыктан кимде Жаратkандын кайсы ысым-сыпаты үстөмдүк кылса, ал үчүн ошол ысым-сыпат «исму аазам» болуп эсептелет. Тагыраак

айтканда, мээримдүүлүк, боорукерлик сезимдери үстөмдүк кылган пенде турушу менен Улуу Жараткан Алланын «ар-Рахмаан» жана «ар-Рахиим» сыпаттарынан өзгөчө насип алгандыгын айгинелейт. Ошондуктан мындай адам үчүн бул ысымдар «исму аазам» болуп эсептелген. Бирок чыныгы марифат Жараткан Алланын ысымсыпаттарынын талабына жооп берүүдө жатат. Болбосо, көптөгөн адамдар «исму аазамды» китептен деле окуп коюшат. Андыктан тил «Оо, Мээримдүү, Боорукер Жараткан Алла!» деп жаткан кезде жүрөк мээримдүүлүктөн насиби болбосо, тиленген нерсени күтүү бекер кеп.

Бул багытта азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* менен бир карапайым адамдын ортосунда өткөн мынабул окуя эң сонун сабак болууга тийиш:

Күндөрдүн биринде бир карапайым адам жолдон азирети Алиге жолугуп калып, андан кайыр сурайт. Азирети Али жанында эч нерсе жок болгондуктан жерден бир ууч кум алып, ичинен бир нерселерди окуп колундагы кумга үйлөөрү менен кум алтынга айланып калат. Бул керемет окуянын алдында тиги адам селейген бойдон калат. Али *(Алла ага ыраазы болсун)* колундагы алтынды эмне дээрин билбей апкаарып калган карапайым адамдын колуна салып берет. Ошентип бейтааныш адам эс-учун жыйнап, азирети Алиден мунун кантип алтынга айланып калгандыгын, ичинен эмне окугандыгын сурайт. Азирети Али *(Алла ага ыраазы болсун)* «Фатиха» сүрөсүн окугандыгын айтат. Анда кубанычы койнуна батпаган карапайым адам дароо жерден бир ууч кум ала салып, «Фатиха» сүрөсүн окуп колундагы кумга үйлөйт. Бирок колундагы кум эч нерсеге айланбайт. Азирети Алиден мунун себебин сурайт. Анда азирети Али кептин төркүнүн төмөнкүчө корутундулайт:

«Бул – жүрөктөгү ыкластан!»

Ошентип Жараткандын чыныгы сүйүктүү пенделери – руханий жактан баралына келген аруу пенделер болуп эсептелет. Мындай олуя пенделер керемет көрсөтүү менен эч качан өздөрүн жогору сезип, бой көтөрүшпөйт. Алар бул учурда Алла Тааланын алдындагы алсыздыгын дагы бир ирет аңдап, Ага чексиз шүгүр келтиришет. Чыныгы олуя пенделер өздөрүнө акыретте түбөлүк бакытка жетүү үчүн кепилдик берилгендигин эч качан ойлошпойт. Тескерисинче, Алла Тааланын алдындагы алсыздыгын туюп, өздөрүн дайыма теске салып жүрүшөт. Алар да текеберликке, бой көтөрүүчүлүккө, бузукулукка кадам таштоо коркунучунан алыс боло алышпагандыгы үчүн ар качан тынчсызданганы тынчсызданган.

Алла Таала тарабынан «исму аазам» билдирилген Балаам бин Бауранын өкүнүчтүү акыбети ар бир мусулман баласы үчүн чоң сабак болууга тийиш. Бул адам учурунда эл арасында өтө илимдүү аалым катары таанымал болгон. Бирок убакыттын өтүшү менен текеберликтин туткунуна айланып, утурумдук дүнүйөгө алдангандыгы үчүн кадыр-баркынан кетти. Бул дүйнөдөн ыймансыз көз жумду.

**«Аларга Биз түшүргөн аяттарды кыйгап өтүп, шайтанды ээрчип адашуучулардан болгон адам тууралуу айтып бер. Эгер Биз кааласак муну менен анын даражасын жогорулатып койор элек. Бирок ал ушул (убактылуу) дүйнөгө абдан берилип, арзуу-каалоосун (напсисин) ээрчип кетти. Ал куусаң да, жөн койсоң да тилин салаңдаткан ит сыяктуу. Алланын аяттарын четке каккан адамдардын абалы мына ушундай болот. Муну (элге) айтып бер! Балким, ойлонушаар»** (Аараф сүрөсү, 175-176)

Керемет көрсөткөн олуя пендеге ашкере көңүл бөлүү, ашкере сый көрсөтүү, аны жогору көрүү дал ушул себептен улам өтө кооптуу болуп эсептелет. Чыныгы олуя пенделердин колдон келишинче керемет көрсөтүүдөн алыс болууларынын себептеринен

бири мына ушул коркунуч. Керемет – бул эң акыркы даража да, эң негизги максат да эмес. Ошондой эле ал олуя пенденин руханий даражасын да көрсөтпөйт. Жараткандын сүйүктүү пенделери пайгамбарлардан башка эч бир адамга түбөлүк бакытка жетүүгө эч кандай кепилдик берилбегендигин жакшы түшүнүшөт. Бир адам бар, тозокко бир карыш калганда бейишке кирээр. Дагы бир адам бар, бейишке бир карыш калганда тозокко түшөөр. Мына ошондуктан ар бир мусулман пенде «...Сага якиин (өлүм) келгенге чейин Жараткандын алдындагы ибадат (кулчулук) озуйпаңды аткар!» (Хижр сүрөсү, 99-аят) деген аятты эсинен чыгарбай өмүр кечириши керек.

Мусулман баласы катары ар бир ишибизди Ыйык Курандын жана Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтүнүн негизине ылайык аткаргандай эле, керемет катары көрсөтүлгөн Жараткандын мындай жакшылыгынын алдында да Ыйык Курандын жана Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтүнүн негизинен чыгып кетпешибиз керек. Ырас, керемет – бул талашсыз чындык. Керемет окуялар жөнүндө Куранда да маалымдалган. Маселен, буга өз бөлмөсүндө жалгыз Аллага сыйынып ибадат кылуу менен алек болгон Иса пайгамбардын энеси Мариямга кышкысын жайкы, жайкысын кышкы мөмөжемиштердин келип калышын (Аали Имран сүрөсү, 36-37-аяттар), ошондой эле азирети Сулайман пайгамбарга Балкистин тактысын көз ачып жумганча алып келген вазири Аасаф бин Бархия жөнүндөгү аятты (Намл сүрөсү, 38-40-аяттар) далил катары көрсөтүүгө болот.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын хадистеринен да керемет окуяларга көптөгөн далилдерди таба алабыз.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* хадистеринин биринде:

*«Үч адам бешикте жаткан кезде сүйлөгөн. Алар – Мариям уулу Иса, Журайжка таңууланган наристе жана дагы бир ымыркай»* деп буларды чечмелеп берген.[115]

Дагы бир куттуу хадисте сапарга чыккан үч жолдош жөнүндө сөз жүрөт. Анда төмөнкүчө баяндалат:

*«Сапар учурунда жаанда калган үч дос баш калкаламакка бир үңкүргө киришет. Жаңыдан гана эс алып отурган кезде үңкүрдүн оозуна жогорудан бир чоң таш томолонуп келип кептелип калат.*

*Ошентип айласы кууруган үч дос: «Жакшы иш-амалдарыбыз менен Аллага дуба кылуудан башка аргабыз жок. Бизди бул жерден Алла Тааладан башка эч ким куткара албайт» деген тыянакка келишет.*

*Алардан бири ата-энесине көрсөткөн кызматынын урматы үчүн Жаратканга алакан жая дуба кылат. Таш ордунан бир аз жылат. Бирок үңкүрдөн чыгууга мүмкүн эмес. Экинчиси такыбаалыгынын, ар-намыстуулугунун урматы үчүн дуба кылат. Таш ордунан дагы бир аз жылат. Бирок ал жерден чыгып кетүү дагы деле мүмкүн эмес эле. Үчүнчүсү адамдардын акы-укугуна карата жасаган өтө аяр мамилесинин урматына Жараткан Аллага алакан жайып дуба кылат. Мунун да дубасы кабыл болуп, үңкүрдүн оозундагы таш төмөн көздөй томолонуп кетет. Ошентип үч дос үңкүрдөн аман-эсен чыгып кетишет»* (Бухарий, Адаб, 5; Анбия, 53; Зикр, 100).

Күндөрдүн биринде азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* элге кутпа берүү учурунда «Эй, Сария! Тоого, тоого!» деп үн салат. Азирети Умар кутпага эч тиешеси жок бул сөздү айткан кезде Сария душмандар менен согушуп жаткан болучу. Ырас, Алла Таала азирети Умардын бул сөзүн Сарияга угузгандыгы кийин маалым болгон (Ибн Хажар, ал-Исаба, 2, 3).

Мындай окуялар сахабалардын доорунда абдан көп болгон.

Ошондой эле каапырлар, күнөөкөрлөр жана өздөрүн олуя сыяктуу көрсөткөн эки жүздүүлөр тарабынан чыныгы олуялардын кереметине окшош адаттан тышкаркы адамды аң-таң калтырган ажайып окуялар да бар. Булар кереметтерге сырткы өңүтүнөн окшош болсо да, ички өңүтүнөн караманча карамакаршы келет. Булар «истидраж» деп аталат.

Бул абалдар бир катар рухий көнүгүүлөрдүн негизинде жүзөгө ашат. Башкача айтканда, рухтагы айрым бир өзгөчөлүктөрдү акыйкат динден тышкары бир катар таасирлер менен да иш жүзүнө ашырууга болот. Маселен, йогалар ушундай көнүгүүлөрдүн натыйжасында өзүнчө бир күчкө жетишет.

Кээ бир учурларда мындай ажайып окуялар «худдам»[116] жиндер аркылуу жүзөгө ашышы мүмкүн. Бул окуяларды кереметтен ажырата билүү үчүн илим керек. Буларды керемет окуялардан айырмалай билүү үчүн эң ириде алардын жашоосуна назар салуу кажет. Эгер алардын жашоосу Ыйык Куранга жана азирети Пайгамбарыбыздын сүннөтүнө дал келбесе, бул истидраж болуп эсептелет. Эске алына турган эң биринчи жагдай мына ушул.

Жунайд Багдадий олуя:

«Тигил же бул адамды абада каалгып учуп жүргөнүн көрсөңөр, анын жүрүм-туруму, сүйлөгөн сөзү Ыйык Куранга жана акыркы Пайгамбардын сүннөтүнө ылайык келбесе, анда ал истидраж» деген.

Жараткандын ыраакымына бөлөнүп, адамды аң-таң калтырган окуянын себепчиси болгон олуя пенде ансыз да муну эл көрсүн үчүн кылбайт. Себеби чыныгы олуя пенделер көрсөтмөлүүлүктөн оолак болгондугу үчүн мажбур болмоюнча керемет окуяларды көрсөтүшпөйт. Алар азирети Пайгамбарыбыз сыяктуу элге адамдык асыл сапаттары менен үлгү болууга умтулушат. Азирети Пайгамбарыбыз өз үммөтүнө ар тараптан эң мыкты үлгү болуп, кээ бир учурларда талапка жараша Алланын уруксаты менен мужиза[117] көрсөткөн. Алланын сүйүктүү пенделери акыркы Пайгамбардын жолунан ийненин көзүндөй да чыгып кетпөөгө болгон кучаракеттери менен жанүрөшөт. Негизи керемет менен истидраждын айырмасын билүү үчүн мына ушул жагдайдын өзү эле жетиштүү.

Учурунда Фараон да истидраж көрсөтө алган. Төрт жүз жылдык өмүрү боюнча бир жолу да башы ооруган эмес. Тиштери да таптаза болгон. Аңгыл-дөңгүл жерлерден атынын алдыңкы буттары узарып-кыскарып турган.

Истидраж каапырларды, күнөөкөрлөрдү өздөрүн өзгөлөрдөн өзгөчө сезүүгө, текеберликке жетелейт. Анын акыбети жамандыкка гана алып барат. Муса *(алейхиссалам)* Алланын уруксаты менен Кызыл деңизди аса таягы менен уруп, жолго айландырган кезде аркасынан кууп келген Фараон аскерлерине кайрылып:

Көрдүңөрбү?! Каардуулугумдан деңиз жолго айланды! – деген эле. Бирок Фараон бул жолго түшкөн соң жол кайра деңизге айланды. Фараон аскерлери менен кошо ошол деңизге чөгүп одүйнө салды.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын куттуу хадистеринде кыяматка жакын чыга турган Дажжал түркүн түстүү истидраждарды көрсөтүп элдин башын айландыраары маалымдалган.

Мындан сырткары истидраж көрсөткөн адамдын айткан нерсесине тетири жүзөгө ашкан окуялар да болот. Булар «ихана» деп аталат. Маселен, учурунда өзүн «пайгамбар» катары тааныткан жалганчы Мусайламатул-Каззаб кудуктагы суунун көбөйүшү үчүн кудукка түкүргөнүндө, андагы суу көбөймөк түгүл, тетирисинче соолуп калган.

Азирети Пайгамбарыбыздын жана кутман сахабалардын мезгилинде керемет окуялардын жүзөгө ашышы канчалык деңгээлде мүмкүн болсо, андан кийинки учурларда

да ошондой деңгээлде иш жүзүнө ашышы мүмкүн. Ырас, Пайгамбарыбыздын учурунда да, андан кийинки доорлордо да көрсөтүлгөн кереметтер канчалаган адамдардын Алланын адал жолуна түшүшүнө себепкер болгондугу тарыхый талашсыз чындык.

***

**Керемет окуяларга карата айрым бир мисалдар:**

Ааламдын Жаратуучусу Улуу Алла Таала Өзүнүн бар жана жалгыз экенин билиши үчүн, ошондой эле Жалгыз Өзүнө баш ийип, мойнундагы кулчулук озуйпасын орундатышы үчүн жаратылган жандуу-жансыздын ичинен эң кадыр-барктуу адам баласын Өзүнө халифа (орун басар) катары жараткан. Бул багытта аяттардын биринде:

وَإِذْ قَالَ رَبُّكَ لِلْمَلاَئِكَةِ إِنِّي جَاعِلٌ فِي الأَرْضِ خَلِيفَةً

**«Ошондо Жараткан Эгең периштелерине: “Мен Жер бетинде орун басар жаратамын” – деди»** (Бакара сүрөсү, 30-аят) деп буюрулат.

Бул жерде Алла Таала адам баласын «халифа» катары жаратышынын маани-маңызы жөнүндө муфассир аалым Элмалылы Хамди Языр мындаис  деис т:

«Алла Таала бул жерде: «Мен ага Өз эрк-каалоомдон, кудуретимден, ысым-сыпаттарыман аис рым бир өзгөчөлүктөрдү берем. Ал Мага өкүл катары жандуу-жансыздарга белгилүү өлчөмдө үстөмдүк кылат. Менин наамымдан өкүмдөрүмдү жүзөгө ашырат. Ал бул багытта эң негизги күч эмес. Ал Менин орун басарым жана өкүлүм. Эрк-каалоосу менен Менин буис рук-жарлыктарымды, Менин эреже-мыис замдарымды жүзөгө ашырууга милдеттүү болот. Ошентип «Ал силерди жер үстүнө орун басар кылган» (Анаам сүрөсү, 165-аят) деген аятымдын сыры ачыкка чыкмакчы» деп жатат» (Элмалылы, Хак Дини, 1, 299-300).

Паис гамбарлар көрсөткөн мужизалар болобу, олуялардын кереметтери болобу, аис тор, мунун баары адам баласынын Алла Таалага орун басар болушунун өзүнчө бир сыры. Адамзат тарыхына назар салганыбызда, мунун мисалдарын арбын кездештире алабыз. Эмесе, мына ошол мисалдардын аис рымдарына орун берсек:

Мансур бин Абдуллахтын аис тымында Абу Абдуллах бин Жалла башынан өткөргөн мынабул окуяны аис тып берген экен:

«Куттуу Медина шаарына барган элем. Курсагым ач. Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрүстөнүнүн жанына бардым. Салам бердим да:

«Эй, Алланын Элчиси! Кедейликтин дартын чегип жүрөм!.. Сага мейман болуп келдим...» дедим.

Ошентип отурган кезде көзүм илинип кетиптир. Өзүм да байкабай калыптырмын. Түшүмдө Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрдүм. Ал менин жаныма келип, ууртунан жылмайып, мага колундагы токочун сунду. Алдым да жей баштадым. Мына ошол учурда ойгонуп кеттим. Ойгонгонумда түшүмдөгү токочтун жартысы колумда туруптур!»[118]

Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* көз жумушунан кийин болуп өткөн дагы бир окуя жөнүндө ал-Утбий төмөнкүчө эскерет:

«Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрүстөнүнүн жанында отургам. Сырттан бир адам келип:

«Ассаламу алейкум, эй, Алланын Элчиси! Мен Алла Тааланын Куран аяттарында: «Эгер алар өздөрүнө зулум (күнөө) кылып, сага келип Алладан кечирим сурашса жана алар үчүн Алланын элчиси да кечирим сураганда, алар Алланын тообилорду кабыл кылуучу (өтө Кечиримдүү) жана өтө Ырайымдуу экендигин билишкен болоор эле» (Ниса

сүрөсү, 64-аят) дегенин окудум. Мына ошондуктан күнөөлөрүм үчүн Жараткан Алладан кечирим тилеп, мен үчүн Жараткан Эгеме дуба кылышың үчүн сага келдим» деди.

Андан кийин ичинен бир нерселерди окуду да, сыртка чыгып кетти. Мына ошол учурда уйкуга кирип кетиптирмин. Түшүмө азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* кирди. Ал мага:

«-Эй, Утбий! Тезирээк азыркы адамдын артынан жүгүр! Алла Таала аны кечирди! Сүйүнчүлөп кой!» деди» (Ибн Касир, Тафсир, 1, 532).

***

Жараткан Алланын пайгамбарлары көрүстөндөрүндө биздин чектелүү акылыбызга сыйбаган таризде тирүү болушат. Төмөнкү куттуу хадис да муну айгинелеп турат:

Авс бин Австын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтымында Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- Күндөрдүн эң берекелүүсү бул Жума күнү. Ошондуктан жума күнү көп салават айткыла! Анткени силердин салаваттарыңар мага жеткирилет дегенде сахабалар:

- Эй, Алланын Элчиси! Сен көз жумгандан кийин биздин салаваттарыбыз сага кантип жетет? – деп сурашат.

Анда азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

«Алла Таала пайгамбарларынын денелерин чиритүүнү топуракка арам кылган» деп жооп берген (Абу Давуд, Солаат, 201; Насаий, Жума, 5).

Шейит кеткендер да тирүү болушат. Бул багытта аяттардын биринде Алла Таала:

**«Алла жолунда өлтүрүлгөндөрдү «өлүк» деп атабагыла. Алар – тирүү. Аларга Жараткан Эгесинин алдында ырыскы берилип турат»** (Аали Имран сүрөсү, 169-аят) деп буюрат.

Албетте, пайгамбарлардын тирүүлүгү шейиттердикине салыштырмалуу алдаканча жогору.

***

Алланын сүйүктүү пенделеринин кереметтери бүгүнкү күнгө чейин жандуулугун сактап келет. Ислам жазма булактарында Стамбулду алууда Алланын сүйүктүү пенделери да катышкандыгы тууралуу маалыматтар бар.

Алсак, алардын бири Убайдуллах Ахрар болгон. Небереси Хажа Мухаммад Касым мындай дейт:

«Күнгө бейшемби. Күн төбөдөн бир аз ооп калган эле. Чоң атам шакирттери менен олтурган. Бир кезде бир жакка шашып жаткандай шакирттеринин бирине дароо атын токушун буюрду. Шакирттерине: «Силер ушул жерде олтура тургула!..» деди да, атына минип Самаркан шаарынан шашып жолго чыкты. Шакирттер аң-таң бойдон калышты. Мавляна аттуу шакирти устатынын аркасынан ээрчип чыкты. Бир убакта Мавляна өзү жалгыз келди. Ал устатынын алгач оңго-солго обдула, ат жалына өбөктөп, андан соң капилеттен көздөн кайым болгонун айтты.

Көп өтпөй чоң атам кайтып келип калды. Шакирттер устатынан таң кала күтүүсүз сапардын себебин сурашты. Анда ал:

«Түрк султаны Мехмед хан менден жардам сурады. Мен ага жардам берип келдим. Алла Тааланын уруксаты менен жеңишке жеттик...» деп жооп берди».

Хоросандан келип Стамбул салгылашуусуна катышкан Убайдулла Ахрар олуянын уулу Хажа Абдулхадий:

«Стамбулга барганымда султан II Баязид атам Убайдулла Ахрар жөнүндө мындай деди:

- Атам Фатих айтты: Салгылашуунун эң оор учуру. Жаратканга алакан жая доордун тирөөчүнүн жардамга келишин сурандым. Бир кезде ак боз атчан бир адам келди. Бейтааныш зат мага:

- Коркпо! Жеңиш сеники!..деди. Мен ага: Каапырлардын колу абдан көп!..дедим. Анда береги олуя желбегейинин жеңин көргөзүп: Жеңдин ичин кара! деди.

Карадым. Селейген бойдон туруп калдым. Жеңинин ичинен кадимкидей сел сыяктуу каптап келаткан бир кошуун көрдүм.

Анан:

- Бул кол сага жардамга келди... деди да, сөзүн улады:

- Сен азыр мынабу дөбөгө чыгып үч ирет катары менен добулбасты ургун да, кошууңуңа жапатырмак чабуулга өтүшүн буйур!

Мен анын айтканын айткандай аткардым. Олуя өзү да кошууну менен бирге чабуулга өттү. Ошентип жеңишке жеттик...» дейт.[119]

***

Бул окуяны Имам Хатип мектебинде чогуу окуган классташым Азиз Махмуд Худайи мечитинин имамы Мухаррам Кыр досумдун өз оозунан уккам.

1975-жыл. Бешим намазына жакын Азиз Махмуд Худайи олуянын көрүстөнүнө жапалдаш бойлуу, кызыл жүздүү бир жаш жигит келет. Байкоостон Азиз Махмуд Худайи мечитинин имамына жолугуп калып андан:

- Аба! Мен Азиз Махмуд Худайи менен учурашып кетейин дедим эле! Аны кайдан тапсам болот? Ал азыр бул жердеби? – деп сурайт.

Мындай суроого аң-таң абалда калган имам Мухаррам:

-Уулум! Азиз Махмуд Худайи бул жерде – деп жооп берет.

Олуянын бул жерде болгондугун уккан жигит кубанычы койнуна батпай сүйүнүп:

-Сураныч! Мени аны менен жолуктуруңузчу!.. – деп абдан толкунданып кетет.

Бирок жаш жигитке түшүнө албаган Мухаррам көрүстөндүн жанында болгондуктан кайра:

-Уулум! Азиз Махмуд Худайи бул жерде! – дейт.

Жаш жигит сураныччын кайталап:

- Андай болсо, мени жолуктуруп койбойсузбу? Мен аны менен учурашып кетишим керек – дейт.

Имам жигитти дале болсо түшүнө албай, маселенин түйүнүн чечүү үчүн:

-Уулум! Сен Азиз Махмуд Худайини тааныйсыңбы? – деп суроо салат.

Анда Азиз Махмуд Худайи менен жолуктургусу келбеген имамга таң калган жигит:

- Мен Азиз Махмуд Худайини жакындан тааныйм. Ал мени бул жерге өзү чакырган болучу. Биз экөөбүз ушул жерден жолугушабыз дегенбиз. Ал менин келе турганымды билет – деп жооп кайтарат.

Мына ушул жерден кептин төркүнүн түшүнө баштаган имам:

-Уулум! Кайсыл жерден жолуктуңар эле? – деп сурайт.

Береги жигит башынан өткөн окуяны айта баштайт:

- Мен 1974-жылы Кипр жүрүшүндө парашют менен түшүрүлгөн топтон болчумун.

Биз тарап деңизден, ал эми гректердин армиясы Бешпармак тоосу тараптан келип кармашып, согуш кызуу жүрүп жаткан кезде биз парашюттар менен түштүк. Аба ырайы бузулуп, бороон-чапкын болуп жаткан эле. Ар кимибиз ар кайсы жактарга учуп кеттик. Мен душмандардын аймагына түшүп калдым. Бак-дарактардын арасында төрт тарабыман октор жаай баштады. Эмне кылаарымды билбей, дендароо болуп туруп калдым. Дал ошол

учурда алдыма узун бойлуу, жүзүнөн нуру тамылжыган бир абышка келип калды. Ууртунан жылмайып:

- Уулум! Бул душмандардын жери. Бул жерде эмне кылып жүрөсүң? Эмне үчүн бул жерге жалгыз келдиң? – деди.

Мен:

-Ата! Мен өзүм келген жокмун. Шамал айдап келди – дедим.

Жүзүнөн нур тамылжыган абышка башын чайкап:

- Мен да согушка келдим. Силерден мурун жиберилдим. Мен бул жерлерди жакшы билем. Кайсы топтонсуң, уулум? Жүр, мен сени жеткирип койоюн! – деди.

Ошентип экөөбүз чогуу согуш кайнап турган чакта жолго чыктык. А киши жөн жолдо жүргөндөй басып баратты. Абдан таң калдым. Менден атымды, кай жерден болгондугумду ж.б.у.с. суроолорду сурап келди. Мен анын бул суроолоруна жооп берген соң, өзү жөнүндө сурадым:

-Ата! Сиз кимсиз? Ал:

-Уулум! Мени Азиз Махмуд Худайи, дешет – деди. Мен:

- Ата! Сиз мага чоң жардам көрсөттүңүз! Эгер мекениме аман-эсен кайтсам, Кудай буюрса, сиз менен учурашып кетем. Адресиңизди алсак болобу? – дедим.

Анда киши жылдыздуу ата мени жылуу карап:

- Уулум! Үскүдарга келип, элден сурасаң, мени көрсөтүп коюшат! – деп жооп берди.

Бул учурда биздин топко да келип калган элек. Терең ыраазычылыгымды билдирип, коштоштук. Командиримдин жанына бардым. Мени маңдайынан көргөн командирим көргөн көзүнө ишене албай, сүйүнгөнүнөн:

-Бул жерге чейин кантип келдиң? – деп кыйкырып жиберди.

Мен:

-Мени бир ата алып келди – дедим.

Согуш бүткөндөн кийин өз жериме кайттым. Ошол күндөн тарта Азиз Махмуд

Худайинин мага жасаган жакшылыгы такыр акылымдан чыккан жок. Мына ошондуктан аны менен жолугуп кетсемби деп Үскүдарга келгем. Жолдон келатып сураштырсам, адамдар ушул жерди көрсөтүштү.

Бул учурда бир саамга унчукпай туруп калган жигит түшүнөн ойгонгондой Мухаррам устатка кайрылып:

- Азиз Махмуд Худайи менен мына ушинтип таанышканбыз. Өтүнүч, аба! Мени аны менен жолуктуруп койуңузчу?! – деп жоодурайт.

Ошентип маселенин чоо-жайын толук түшүнгөн Мухаррам устат абдан таасирленет. Өзүн жоодурап карап турган жигиттин суроосуна эч нерсе дей албай бир саамга туруп калат. Бир аздан кийин өзүнө келип, үнү калтырап:

- Уулум! Азиз Махмуд Худайи азыр жашабайт. Ал 1543-1628жылдары жашап өткөн Алланын сүйүктүү олуя пенделеринен болгон. Балким, ал сени бул жерге «Фатиха» сүрөсүн окуп, ал үчүн Жараткандан дуба кылып коюшуң үчүн чакыргандыр... Мына, анын көрүстөнү!... – деп, олуянын көрүстөнүн көрсөтөт.

Жаш жигит уккан кулагына ишене албай, селейип эле олтуруп калат. Дагы бир жолу жүз көрүшүүнүн кусалыгы менен алыстан келген жигит олуянын көрүстөнү менен жолуккан эле. Согуш учурунда жүзөгө ашкан ошол руханий сапардын акыйкатын эми, эми гана түшүнгөнсүп, буркурап ыйлап кирет. Анда ансыз да араң турган Худайи мечитинин имамы жигитти жооткото албай, аны менен кошо көз жашын төккөн экен...

***

Мына ушул окуялардын баары Жараткан Алла кээ бир пенделерине ыроологон жакшылыгынын берекеси менен болуп өткөн окуялар. Бул жерде эскерте кетчү жагдай, бул иштерди иш жүзүнө ашырган зат – бул жалгыз Алла Таала гана. Анын пенделерине болгон жардамы периштелери аркылуу болсун, олуя пенделери аркылуу болсун, айтор, бүгүнкү күнгө чейин боло келген жана да боло бермекчи.

Жаратккандын белектеринен бири – бул садык түштөр. Булар кайыптык акыйкаттарга жетүү жолдорунан бири катары да кабыл алынат. Уктоо учурунда адамдын материалдык дүйнө менен болгон байланышы эң төмөнкү даражага түшөт. Денеге камалган рухка таандык сезимдер күч алат. Руханий ааламды жаап турган напси көшөгөсү ачылат. Мына ушундай таризде түштөрүндө кайып ааламын көрүү кээ бир такыбаа пенделерге насип болот. Түш көрүү учурунда көрүлгөн бул акыйкаттар кийин ойгоо кезде жүзөгө ашат. Мына ушунун өзү «садык түш» деп аталат.

Күндөрдүн биринде Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* сахабаларына кайрылып:

- *Үммөтүмө пайгамбарлыктын өзгөчөлүктөрүнөн болгону «мубашшират» гана калат* дейт.

Акыркы Пайгамбардын сөзүн түшүнө албаган сахабалар:

-«Мубашшират» деген эмне, эй, Алланын Элчиси? деп сурашат. Анда Пайгамбарыбыз:

- *Ал садык түш* – деп жооп берет (Бухарий, Табир, 5; Муслим, Солаат, 207-208).

Мубашшират – бул ниети түз, ыкласы ысык мусулман пенденин уйку учурунда Жараткандын бир катар сүйүнчү кабарларына жана башка белгилерине туш болушу, дегенди түшүндүрөт.

> *Момун-мусулмандын садык түшү пайгамбарлыктын кырк алты бөлүгүнөн бирине туура келет*
>
> *(Бухарий, Табир, 26; Муслим, Руйа, 6)*

## 4. «САДЫК» ТҮШТӨР

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыз «Алар (Алланын сүис үктүү такыбаа пенделери) үчүн бул дүис нөдө да, акыретте да куш кабар бар» (Юнус сүрөсү, 64-аят) деген аятта маалымдалган «бул дүис нөдөгү куш кабарды» чечмелеп:

«Ал чыныгы мусулман пендеге түшүндө көрсөтүлгөнү өңүндө жүзөгө ашкан садык түш» деген (Тирмизиис , Руис а, 3).

Түштөр үчкө бөлүнөт:

**1. ШаиАтандык түштөр:** Шаис тандын адамды коркутупүркүтүү, рухту оор кырдаалга түшүрүү максатында көрсөткөн түштөрү. Биис ик жерден кулап кетүү, оор кырдаалдарда калуу, ар түрлүү балээлерге дуушар болуу сыяктуу. Мындаис түштөрдүн эч кандаис негизи жок. Көбүнчө арсар, жарымы эстен чыгып кеткен баш-аягы жок түштөрдү эч кимге аис тпаис , шаис тандын азгырыкшыбыштарынан жалгыз Жараткан Аллага баш калкалоо керек.

**2. Күнүмдүк жашоодогу ар кандаиА жагдаиАлар себептүү көрүнгөн түштөр:** Адамдын оис -санаасына жана күнүмдүк жашоосуна баис ланышкан окуялардын түшкө кириши. Маселен, өтө туздуу тамак-аш жеген адамдын түшүндө суусуну канганча суу ичиши, же оис дон такыр чыкпаган бир маселенин түшкө кириши сыяктуу. Булардын эч кандаис жоруму болбоис т. Булар да негизсиз түштөрдүн катарына кирет.

**3. Садык түштөр:** Мындаис түштөр оис гоо кезде толук эске түшөт. Булар Жараткан Алла Таала тарабынан же сүис үнчү, же эскертүү иретинде көрсөтүлөт. Буларды атаис ын даис ындалган периштелер «уммул-китабдан» (лавху махфуздан) алып, Жалгыз Жараткан Алланын буис ругу жана уруксаты менен гана уктап жаткан пенделердин рухуна көрсөтөт.

Садык түштөр – Лавху Махфуздан келечекке карата берилген акыис каттар. Азирети Паис гамбарыбыз *(саллаллаху алеис хи васаллам)* паис гамбарлыгынын алгачкы жылдары садык түштөрдү алты аис га чеис ин көргөн.

Акыркы Паис гамбар *(саллаллаху алеис хи васаллам)*:

*«Убакыт жакындаган саис ын*[120] *момун-мусулман пенденин түшү дээрлик жалганга чыкпаис т (б.а., түшүндө көрүнгөндөис жүзөгө ашат). Момун-мусулмандын садык түшү паис гамбарлыктын кырк алты бөлүгүнөн бирине туура келет. Ал эми паис гамбарлыктан болгон нерсе эч качан жалган болбоис т!»* деген (Бухариис , Табир, 26; Муслим, Руис а, 6).[121]

Садык түштөр иштин көзүн билген пенделер тарабынан гана жорулушу керек. Түш жоруунун өзү да Жараткан Алла Таала тарабынан ыроолонгон илим. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз да намаздан кийин кээде сахабаларынын түштөрүн угуп, жоруй турган.

Түш жоруунун да өзүнө тиешелүү айрым бир эреже-шарттары бар. Бул илимге ээ болгон адамдар араб тилинде «муаббир» делет. Жалпы элдин пайдасы үчүн түш жорумуна байланышкан көптөгөн китептер жазылган. Булардан Ибн Сирдин жана Мухйиддин Арабийдин эмгектери көп окулуп, көбүнесе алардан пайдаланылып жазылган китептер бүгүнкү күнгө чейин жетти. Бул жерде эскерте кетчү жагдай, мындай китептерде берилген маалыматтарга таянып, түштөрдүн баарын эле жоруй берүү кооптуу жана дурус эмес. Себеби түштүн негизги жорумунун көпчүлүк бөлүгү илхамбелгиге байланыштуу болот. Түштү ар ким эле жоруй бербейт. Түш жоруган адам Жараткан Алла тарабынан берилген руханий күчкө ээ болушу кажет. Болбосо, туура эмес жорумдун терс натыйжаларына кез келип калуу мүмкүн. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул багытта:

*«...Түш биринчи адамдын жорумуна жараша жүзөгө ашат»* деген (Ибн Мааже, Табир, 7). Ошондуктан түш жоруганды билбеген адамдарга түштү айтпоо зарыл. Бул илимди алгандар да «Биринчи жорум өзгөчө орунду ээлейт. Андан кийинкилери жараксыз болот» дешкен.

«Мизанун-Нуфуус»[122] аттуу китепте маалымдалгандай, түш жоруу илими «анфусий» жана «аафаакий» деп экиге бөлүнөт. «Анфусий» дегенин аалымдар да, карапайым адамдар да ала алышат. Тагыраак айтканда, бул иштин көзүн билгендерден угуу же алар тарабынан жазылган китептерден окуу аркылуу алууга болот. Мына ошентип бири-бирине окшош түштөрдү мурунку тажрыйбаларга таянуу менен жорууга мүмкүн.

Түштө көрүнгөн нерселердин ар бири өзүнчө бир мааниге ээ. Маселен, жылан – бул душман. Бул маани Адам *(алейхиссалам)* атанын окуясына такалат. Анын ар бир кыймыл-аракети душманга таандык кыймыл-аракет катары чечмеленет. Эгер жылан түптүз же өлгөн абалда көрүнсө, жолго жоромолдонот.

Ошондой эле түш жорумунда бир катар таасирлер рол ойнойт. Күндөр, мезгилдер, күндүзгү, түнкү маалдар ж.б. Мисалы кышында көрүнгөн түштөр кеч, ал эми таңга маал көрүнгөн түштөр тез байкалат. Бирок бул жорумдар ар бир адамдын өзгөчөлүктөрү ар кандай болгондуктан көпчүлүк учурда бирдей болбойт.

Ал эми «аафаакий» болсо, түш жоруганды билген адамдарга гана таандык болуп эсептелет. Себеби түштүн шайтандан, же Жараткан Алладан болгондугун ажырата билүү үчүн Жаратканды белгисине ээ болуу зарылчылыгы бар. Анын үстүнө, адамдардын өзгөчөлүктөрү бири-биринен айырмаланып тургандыгы үчүн бир түштү көргөн эки адамдын түш жорумдары ар кандай болушу ыктымал. Бул аяр маселени аңдай билүү үчүн руханий күч талап кылынат.

Бир күнү Ибн Сиринге эки киши келип, экөө тең түшүндө имам катары элге кутпа окугандыгын айтышат. Анда Ибн Сирин алардан бирөөсү ажылыкка бараарын, экинчиси болсо, өлтүрүлө тургандыгын айтат. Чынында эле арадан көп өтпөй, ошол эки кишинин бири ажылыкка барса, экинчиси бир оор кылмыш жасап, кармалып өлтүрүлгөндүгү маалым болгон.

Пайгамбарыбыздын доорунда бул багытта да көптөгөн окуялар болуп өткөн.

Күндөрдүн биринде бир аял түшүн жорутмакка азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* кайрылат. Түшүндө үйүнүн ортоңку тиреги сынып, алдына кулап түшкөнүн көргөндүгүн айтат.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* күйөөсүнүн болуп-болбогонун, эгер күйөөсү болсо, учурда кайсыл жерде жүргөндүгүн сурайт. Аял күйөөсүнүн узун сапарга чыккандыгын, алиге чейин кайта электигин айтат. Анда Пайгамбарыбыз күйөөсү аман-эсен кайтып келе тургандыгын маалымдайт. Ошентип бул түш азирети Пайгамбарыбыз жоруган таризде жүзөгө ашат.

Азирети Абу Бакирдин *(Алла ага ыраазы болсун)* халифалыгы учурунда мына ошол аял күйөөсү сапарда жүргөндө дагы ушул түштү көрөт. Түшүн жорутмакка азирети Абу Бакирге келет. Абу Бакир *(Алла ага ыраазы болсун)* да алгач күйөөсү жөнүндө маалымат алат. Андан соң күйөөсүнүн кайтыш болуп кеткендигин айтат.

Мындай суук кабарга ишене албаган аял азирети Абу Бакирден:

- Бул түштү Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* күйөөмдүн аман-соо кайтып келе тургандыгына жоруган болучу. Бул кандайча? – деп сурайт.

Анда азирети Абу Бакир:

- Туура, ага ошондой белги берилген. Ал эми мага ушундай илхам берилди – деп жооп берет. Арадан көп өтпөй чынында эле түштүн жоруму туура болуп чыгат.

Түш көрүү учурунда руханий ааламда акыл-ойдон жогору, белгисиз көптөгөн жагдайлар көрүнө тургандыктан булардын туура жоруму өтө оор. Руханий күч болмоюнча, түштү туура жоруу мүмкүн эмес.

Жараткан Алла Таала Куранда азирети Юсуфка *(алейхиссалам)* да бул илимден насип буюргандыгы жөнүндө маалымдайт.[123]

Азирети Юсуф *(алейхиссалам)* зынданда эки киши менен олтурган. Алардан бири буга чейин нан сатып оокат кылса, экинчиси кансарайда кызматчы болуп иштеген. Бир күнү бул эки адам түш көрүп, түштөрүн азирети Юсуф пайгамбарга айтып жорутушат. Нан сатып оокат кылган адам ичине нан салынган жайпак себетти төбөсүнө көтөрүп алып кетип баратканда чымчыктар жабалактап келип, нандарын жеп кеткендигин айтат. Юсуф *(алейхиссалам)* муну бул адамдын падыша тарабынан өлүм жазасына тартыла тургандыгына жана өлүгүн канаттуу куштардын жеп кетээрине жоруйт. Ал эми кызматчы

түшүндө мурункудай эле падышанын алдында шарап куйуп кызмат кылып жүргөнүн көргөндүгүн айтат. Анда Юсуф *(алейхиссалам)* бул адамдын түшүн:

- Сен кайра падышаңдын кызматына кирип, шарапчы болосуң деп жоруйт. Учуру келгенде бул жорумдар да дал өзүндөй жүзөгө ашат.

Жогоруда да маалымдалгандай, түш жоруунун көпчүлүк бөлүгү илхам-белгиге жараша болот. Ошондуктан түш жоруган адам руханий өңүттөн белгилүү бир даражага жетиши керек. Стамбул Имам Хатиб мектебинде окуп жүргөн кезде бизге сабак берген Жалаладдин Өктем агай учурунда түш жоруу боюнча мыкты устат болчу экен. Ал түш жоруу жан дүйнөнүн аруулугуна байланыштуу болгондугун айтып, түштүн туура чыгышын түш жоруган адамдын такыбаалыгына такай турган.

Жалаладдин агай (Жараткан аны өз ыраакымына бөлөсүн) жаш кезинде башталгыч класстарга дин таануу сабагын берчү экен. Ошол жылдары элге түштү туура жоругандыгы менен таанымал болуптур. Агай:

«Бир учур келди, бул көшөгө мага жабылды. Себеби дин сабактарына кошумча мага философия сабагы да берилди. Философиялык теорияларды окуй баштаганымда, көөдөн булагым соолуп калды» деп калаар эле.

Садык түштөргө байланышкан дагы бир мисал төмөнкүчө:

«Касида-и Бурда» деген ат менен атагы чыккан эмгектин автору Имам Бусирий[124] бир күнү үйүнө бараткан жолдон бир адамга жолугуп калат. Улгайып калган бул адам ага:

- Эй, Бусирий! Кечээ түнү Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* түшүндө көрдүңбү? – дейт.

Имам Бусирий:

- Жок, көргөн жокмун – деп жооп берет.

Бейтааныш карыя ушул эки ооз сөздөн башка эч нерсе дебей шашпай жолуна түшөт. Бирок анын мындай табышмактуу суроосу Имам Бусирийдин азирети Пайгамбарыбызга болгон сүйүүсүн ойготот.

Ошол түнү Имам түшүндө азирети Пайгамбарыбызды көрөт. Ойгонгонунда жан дүйнөсү өзүнчө балкып калганын сезет.

Ошентип ал азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* даңазалаган ырларын жаза баштайт.

Мына ошол күндөрдүн биринде Имам Бусирий шал оорусуна чалдыгып, буту-колу баспай олтуруп калат. Ошондо ал Касида-и Бурданы жазып, Жараткандан шыпаа сурайт. Касиданы жазып бүтүргөн түнү түшүндө дагы Алланын Элчисин көрөт. Касиданы Пайгамбарыбызга окуп берет. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ыраазы болуп, өз колу менен Имам Бусирийдин шал болгон жерлерин сылайт. Имам Бусирий эртең менен туруп оорусунан айыкканын көрүп, Жараткан Кудай Таалага дароо шүгүр келтирет. Ошентип, кубанычы койнуна батпай сүйүнүп мечитке баратып, жолдон Абур-Ража олуяга кезигип калат. Абур-Ража олуя:

- Эй, Имам! Аалам ардагын даңктаган касидаңды окуп берчи дейт.

Имам Бусирий:

- Менин бир топ ырларым бар. Кайсынысын сурап жатасыз? – дейт.

Абур-Ража:

- Кече түнү Алланын акыркы Элчисине окуп берген ырыңды айтып жатам. Мен ошол ырыңды окуп жатканда Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* абдан ыраазы болгонун көрдүм дейт.

Эч кимге ооз ача элек бул түшүн бейтааныш адамдан уккан Имам Бусирий абдан таң калат.[125]

Ислам дүйнөсүндө илхамдар, садык түштөр аркылуу кайып ааламына таандык бир топ сырлардын такыбаа пенделерге белгилүү болгондугу ырас. Ал эми Куранда:

«...Асман-жерде Алладан башка эч ким кайыпты биле албайт...» (Намл сүрөсү, 65-аят) деп буюрулат. Бул жерде өтө кылдат түшүндүрмө керек.

Негизи бул түшүндүрмө «*Мен пендемди сүйсөм, Мен анын сүйлөөр тили, угаар кулагы, көрөөр көзү жана басаар буту болом!*» (Бухарий, Рикак, 38) деген кудсий хадистин өзөгүндө жатат. Илхам-белгилердин борбору Жараткан Алла Таала тарабынан адам баласына ыроолонгон рух болуп эсептелет. Баштагы көз менен назар салынса да, ошол көздөгү «Жараткандын нурунун» алдында кайыптын көшөгөлөрү Жараткан Алла Өзү каалаган өлчөмдө ачылат. Бул учурда деле кайыпты көрсөткөн зат – Жараткан Алланын Өзү болуп эсептелет. Болбосо, пендеде кайыпты көрө тургандай, уга тургандай же биле тургандай эч кандай күч жок. Пенде жалгыз Жараткан Алланын уруксаты менен гана тигил же бул нерсени биле алат. Мындай нерселерди Жараткан Алла Өзү каалаган сүйүктүү такыбаа пендесине гана маалымдайт.

Аяттардын биринде Алла Таала:

«(Элчим!) Бул – кайып кабарларынан. Биз аны сага айтып бердик...» (Аали Имран сүрөсү, 44-аят) деп буюруу менен Пайгамбарына айрым бир кайып кабарларын маалымдаганын билдирет.

Бул жерде дагы бир нерсе бар. Кайып эки түргө бөлүнөт: мутлак (чыныгы) кайып жана изафий кайып, деп.

Жараткан Алладан башка эч ким биле албай турган кайып – бул чыныгы кайып. Тигил же бул адам чыныгы кайыптан өз күчү, өз каалоосу менен кыпындай да эч нерсе биле албайт. Ал Жараткан Алланын каалоосу менен гана маалым болушу мүмкүн. Ал эми изафий кайып кээ бир адамдарга маалым, кээ бирлерине белгисиз нерселер. Маселен, бир адамдын чөнтөгүндөгү акчаны башка адам биле албайт. Кээ бир адамдар үчүн жашыруун нерселер кээ бир адамдарга жашыруун болбошу мүмкүн.

Бул жерде Алла Тааланын олуя пенделерине тиешелүү кайып чыныгы кайыпка кирип, ал жалгыз Алла Тааланын билдириши жана билдирген өлчөмдө гана маалым болот.

***

Алланын чыныгы олуя пенделери канчалык туура болжолдошсо да, өздөрүн элден жогору сезип, эч качан бой көтөрүшпөйт. Бул адамдар Жараткан Алланы эстетип турушат. Ошого карабастан Алла Тааланын алдында дайыма баш ийгени ийген. Анткени адам алсыз зат. Чектен ашып текеберликке жетеленип кетиши мүмкүн. Адам баласынын өзүн-өзү жогору сезиши бул өтө чоң балээ. Бул учурда Алла Таала пендесине алсыздыгын көрсөтүп коюшу мүмкүн.

Ырасында руханий белгилер, садык түштөр Алла Таала тарабынан такыбаа пенделерге ыроолонгон баа жеткис жакшылыктардын катарына кирет.

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ
## ТАСАВВУФТУК АЙРЫМ БИР МАСЕЛЕЛЕР

*Эй, ыйман келтиргендер! Алладан коркуп, Ага жакындоо үчүн себеп издегиле!*

*(Маида сүрөсү, 35-аят)*

**А. ТАВАССУЛ**

Пендени бул дүис нөгө келгендеги эң негизги максатына алып барчу жолдордун ар бири өз-өзүнчө себеп болуп эсептелет. Аллага жакын пенде болуу үчүн бул себептерди колдонуу «тавассул» деп аталат. Тагыраак айтканда, тавассул – бул дубанын кабылданышына себеп болуу үмүтү менен алгач Алла Тааланын ысымсыпаттарынын (асмаул-хуснанын), Ыйык Курандын, жакшылык иштердин, пайгамбарлардын жана олуя пенделердин урматы үчүн жалгыз Алла Таалადан гана бир нерсе тилөө, сурануу, жалыныпжалбаруу дегенди түшүндүрөт.

Маида сүрөсүнүн 35-аятында:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ اتَّقُواْ اللّهَ وَابْتَغُواْ إِلَيهِ الْوَسِيلَةَ

**«ЭиА, ыиАман келтиргендер! Алладан коркуп, Ага жакындоо үчүн себеп издегиле!»** деп буюрулат.

Бул аятта «себеп» сөзү эч бир чектөөсүз эскерилген. Тагыраак аис тканда, Жараткан Аллага жакындоо үчүн талап кылынган себепке намаз, орозо, Алланын жолунда аракет кылуу жана башка ушул сыяктуу жакшылык иштердин бардыгы кирет. Кээ бир муфассирлер[126] буларга кошумча азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбыздын куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоо үчүн тигил же бул муршиду каамилдин[127] тарбиясына кирүүнүн өзү да өзүнчө «себеп» болуп эсептелээрин аис тышкан.

Муршиддердин пендени Жараткандын жолуна жетелешин христиан дининдеги «кечилдик» (монахтык) түшүнүгүнө салыштырбоо кажет. Себеби бул болгону шакиртке жол көрсөтүүдөн, эскертүүдөн гана турат. Ал эми христиан дининде кечил (поп) Кудаис Таала менен пенденин ортосунда зарыл себеп катары кабыл алынат. Тагыраак аис тканда, кечил болбосо, пенде жеке өзү Кудаис  Таалага жалынып-жалбара албаис т. Ислам дини муну кескин түрдө четке кагат. Ислам дини боюнча, Алла Таала менен пенденин ортосуна үчүнчү кишинин киис лигишүүсү мүмкүн эмес. Пенде ар качан жана ар жерде Жараткан Аллага жеке өзү түздөн-түз бет алып, ибадат кыла алат.

Кээ бир адамдар муршиддерди кечилдерге окшоштурушат. Мунун эч кандай негизи жок. Аалым-муршиддердин милдетин кечилдердики менен салыштырууга мүмкүн эмес. Анткени муршиддердин болгон милдети шакирттерине акыл-насаатын айтып, жол көрсөтүп гана койуу. Шакирт муршидинин акыл-насаатын эске алуу менен Жараткан Аллага түздөн-түз дуба кылып, жалыныпжалбара алат.

Андыктан бул багыттагы сын пикирлер «тавассул» сөзүнүн биринчи маанисин бетке кармап кадам шилтөөдөн улам келип чыккан орунсуз, калпыс сөздөр болуп эсептелет. Булар негедир тавассулдун өзөк маани-маңызын түшүнгүлөрү келбейт. Мындай каршы пикирлер негизинен чыныгы муршиду каамилдерди жакындан тааныбаган, «тасаввуф» жөнүндө чала кабары бар адамдардын чөйрөсүнөн келет. Ошондой эле мындай ой-пикирлерге кээде тасаввуфтук ыкмаларды ылайыктуу түрдө сиңире албаган айрым бир

шакирттердин кемчилик-мүчүлүштүктөрү себеп болгон учурлар да жок эмес. Бирок муну туура түшүнбөөнүн өзү туура эмес. Себеби шакирттердин кемчилиги, алсыздыгы, мүчүлүштүгү себептүү тасаввуфка кара көө жабуу – бул адилетсиздик. Бул акылга да туура келбейт. Андыктан шакирттердин кемчилиги тасаввуфка эч кандай тиешеси жок. Ал адамдык алсыздык. Акыл-эси соо эч бир адам мусулмандардын айрым бир кемчиликтерин улуу Ислам динине таңуулап, аны эч качан сынга ала албайт.

Жогоруда маалымдалгандай, чыныгы муршиддер ырасында аалымдардын Ислам илимдерин элге жеткирүүдөгү кызматы сыяктуу эле, ушул илимдердин руханий өңүттөгү кызматын аткарышат. Маселен, аалымдар намаздын сырткы шарттарына басым жасаса, муршиддер намаздын сырткы шарттарына кошумча руханий жактан толук кандуу түрдө аткарылышына басым жасашат. Бул пенде менен Алла Тааланын ортосуна кирүү дегенди эмес, тажрыйбасына жараша Алла Тааланын алдына жарык жүз менен баруунун багытын көрсөтүү, акыл-насаатын айтуу дегенди туюнтат. Сапар учурундагы унаабыз негизги максат эмес, себеп болгондой эле, муршиду каамил – бул шакиртке руханий тарбия берип, жан дүйнөсүн Ыйык Куран жана акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу сүннөтү менен жууруп көркүнө чыгарууга аракет кылган өзүнчө мугалим. Алтургай кээ бир шакирттер -насиби жана шык-жөндөмү болсобул жолду ылдам басып өтүп, өзүнө жол көрсөткөн муршидинен алдаканча жогору даражаларга жетиши толук мүмкүн. Мавляна Жалаладдин Руминин муршиди Шамсу Табризийден да жогорку даражаларга жеткени сыяктуу.

Демек, муршиддер руханий даражасына, кадыр-баркына карабастан эч качан максат эмес, болгону «көпүрө» кызматын аткарган гана адамдар болуп эсептелет.

Ал эми тавассул руханий жактан баралына келген тажрыйбалуу мусулман пенде дегенди түшүндүргөн муршиду каамилди бул жолдун бийик ашуу, тар кечүүлөрүнөн аман-эсен өтүү үчүн ээрчүү, анын көрсөткөн багытын кармануу. Жараткан Алланын алдында кадыры жогору адамдардын урматы үчүн тилекти Алланын жалгыз Өзүнөн гана сурануу, дубанын кабыл болушунун камын көрүү гана. Тавассул Алла Тааланын такыбаа пенделерин ыйык көрүү, же аларга сыйынуу дегенди түшүндүрбөйт.

Имам Малик (Алла Таала аны өз ыраакымына бөлөсүн):

«Дубаңарды Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* урматы үчүн кылгыла!» дейт.

Имам Жазарий болсо:

«Дубаңардын кабыл болушу үчүн Жараткан Аллага пайгамбарлардын жана такыбаа пенделердин урматы үчүн алакан жайгыла!»

Сахабалардан Осмон бин Хунайфтын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтымында күндөрдүн биринде бир сокур адам азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* келип:

Эй, Алланын Элчиси! Алла Таалага жалбарып, көзүмдүн айыгышы үчүн дуба кылыңыз... Көзүмдүн көрлүгү мага абдан оор болуп жатат деп суранат.

Азирети Пайгамбарыбыз:

- *Кааласаң сабыр кыл! Бул сен үчүн жакшы*– дейт. Тиги адам:

Эй, Алланын Элчиси! Мени жетелеп жүрүүчү эч кимим жок. Бул нерсе мага абдан оор болуп жатат. Сураныч, көзүмдүн айыгышы үчүн Жаратканга дуба кылыңызчы – деп жоодурайт.

Анда Пайгамбарыбыз ага төмөнкү сунушун айтат:

*- Андай болсо, алгач барып даарат алыңыз. Андан соң эки ирекет намаз окуп, минтип дуба кылыңыз:*

*«Оо, Жараткан Алла! Ырайымдуулуктун пайгамбары саналган акыркы элчиң Мухаммаддын урматы үчүн Жалгыз Өзүңдүн Затыңа кайрылып, Сенден гана суранам... Эй, Мухаммад! Тилегимдин орундалышы үчүн сенин урматыңа жалгыз Жараткан Аллага гана кайрылып жатам! Оо, Жараткан Алла! Аны мага шапаатчы кыла көр...»* (Тирмизий, Даават, 118; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 138).

Хакимдин риваятында ошондон кийин бул адамдын көзү көрүп калгандыгы да айтылат (Хаким, Мустадрак, 1, 707-708).

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Пайгамбарыңдын жана менден мурунку пайгамбарлардын урматы үчүн (тилегимди бере көр...)»* деп дуба кылаар эле (Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 9, 257)

Дагы бир хадисте азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген:

*«Адам (алейхиссалам) бейиштен чыгарылышына себеп болгон катаны кетирген соң, аны түшүнүп:*

*«Оо, Жараткан! Мухаммаддын урматы үчүн мени кечире көр» деди. Алла Таала:*

*- Эй, Адам! Али жарала элек Мухаммадды*[128] *сен каяктан билдиң? – деп сурады.*

*Адам (алейхиссалам):*

*- Оо, Жараткан Алла! Сен мени жаратып, жан салганыңда башымды өйдө көтөрдүм. Арштын устундарынын үстүндө «Лаа илааха иллаллах, Мухаммадур-Расуулуллах» деген жазууну көрдүм. Мен ошондо Сен Өз Затыңдын ысмы менен кошо жаратылган жандуу-жансыздардын эң ардактуусунун атын эскерээриңди билгем! – деди.*

*Анда Алла Таала:*

*- Туура айтасың, эй, Адам! Чынында эле ал мен үчүн бүтүндөй жандуу-жансыздын ичинен эң сүйүктүүсү. Анын урматы үчүн мага дуба кыл! Мен сени кечирейин. Эгер Мухаммад болбогондо, сени жаратпас элем! – деди»* (Хаким, Мустадрак, 2, 672).

Ислам адебинде дубаны Жаратканга шүгүр келтирип алкыш айтуу жана Пайгамбарыбыздын бейпилдигин Жаратқандан сурануу менен баштап, кайра ушул таризде бүтүрүү салтка айланган. Пайгамбарыбыз үчүн кылынган дубанын (салаваттын) четке кагылбай, кабыл алына тургандыгына чоң үмүт бар. Дубаларыбыздын баш-аягын салават менен кооздоо ушул түшүнүккө келип такалат. Ошентип биз дубаларыбыздын баш-аягында айтылган алкыштын жана салаваттын ортосундагы өзүбүздүн дубаларыбыздын да кабыл болушуна үмүт кылабыз.

Бир күнү Алланын Пайгамбары *(саллаллаху алейхи васаллам)* намаздан кийин Жараткан Аллага алкыш айтпай, Аны даңазалабай туруп жана Анын акыркы пайгамбарына салават айтпай туруп дуба кылган бир адамды көрөт. Анда Пайгамбарыбыз:

*«Бул адам шашылыш иш кылды»* дейт. Бир аздан кийин береги адам дуба кылып бүткөн соң аны жанына чакырып мындай деген экен:

*- Дуба кыла турган убагыңарда, алгач Жараткан Аллага шүгүр келтирип, алкыш айткыла! Андан кийин акыркы Пайгамбарга салават-дуба кылгыла! Андан кийин каалаганыңардай дуба кылсаңар болот* (Тирмизий, Даават, 64).

Пенде тилегин алгач Алла Тааланын алдында жогору даражаларга жеткен пайгамбарлардын, олуялардын, такыбаалардын урматы үчүн суранышы Жаратқандын

ыраакымына бөлөнүп дубанын кабыл болушундагы маанилүү таасирлердин катарына кирет. **Дуба жалгыз Алла Таалага гана кылынат. Ошондуктан дубада Алла Тааланын сүйүктүү пенделерин себеп кылуу учурунда алардан эмес, жалгыз Алла Тааладан гана суроо кажет. Дубада Алланын сүйүктүү пенделерин эскерүү – бул дубанын кабыл болушуна себеп болоор деген гана үмүт.**

Бул адамдар менен тавассул кылуу ырасында, алардын жакшылык иштерин, бийик сапаттарын себеп кылуу, дегенди түшүндүрөт. Себеби алар Алла Тааланын алдындагы жогору даражаларга мына ушул жакшылык иштери аркылуу жетишкен.

Бул өңүттөн Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* дагы Алла Тааладан жардам сурап жатканда мухажир[129] кедейлеринин урматы үчүн дуба кылып, мындай дээр эле:

*«Мага кедейлерди чакыргыла! Анткени силер кедейлериңердин (берекеси) менен ырыскыга бөлөнүп, жардам аласыңар»* (Абу Давуд, Жихад, 70; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 5, 198).

Ырас, коом алдында даражасы төмөн болсо да, топуктуу, тагдырына ыраазы болгон мындай такыбаа, кичи пейил адамдардын урматы үчүн кылына турган дубанын кабыл болушу алдаканча жогору.

Малик бин Динар мындай дейт:

«Муса *(алейхиссалам)* Жараткан Аллага дуба кылуу учурунда:

- Оо, Жараткан! Сени кайсыл жерден издешим керек – деди.

Анда Алла Таала:

- Мени жүрөгү касырет тарткандардын (кедейлердин) жанынан изде! – деп жооп кайтарды» (Абу Нуайм, Хилия, 2, 364).

Азирети Анастын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтымы боюнча, азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* өзүнүн халифалыгы учурунда болгон кургакчылыкта азирети Пайгамбарыбыздын абасы Аббасты *(Алла ага ыраазы болсун)* жанына алып, анын урматына жамгыр жаадырышы үчүн Жараткан Аллага алакан жая:

«Оо, Жараткан! Сага учурунда Пайгамбарыбыз менен тавассул кылаар элек. Сен бизге жамгыр жаадыраар элең. Азыр болсо, ошол акыркы Пайгамбарыңдын абасы менен Сага тавассул кылып жатам. Бизге жамгыр жаадыра көр...» деп дуба кыла турган. Ошентип жамгыр жаап, эл суу менен камсыз болоор эле (Бухарий, Истиска, 3)

Дагы бир хадисте маалымдалгандай, азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)*:

«Оо, Жараткан Алла! Булут да, суу да Сенин колуңда! Булутуңду жиберип, бизге жамгырыңды жаадыра көр...» деп көзүнө жаш алып, чын ыкластан дуба кылат. Бул дубанын аркасы менен асманды булуттар каптап, жамгыр жаайт. Азирети Умар Жараткан Алланын бул ыраакымына шүгүр келтирип, элге кайрылып:

«Оо, эл-журт! Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* абасы Аббасты жакшы көрөөр эле. Ага урмат кылып, анын антын өз анты сыяктуу кабыл алчу. Оо, эл-журт! Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* абасы Аббаска кандай урматсый көрсөтсө, силер да ошондой урмат-сый көрсөткүлө! Аны башыңарга түшкөн ар түрлүү оор кырдаалдарда Алла Таалага дуба кылууда себеп кылгыла!» деген (Хаким, Мустадрак, 3, 377).

Ибн Абдил-Бардын айтымында:

«Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* Жаратkандан жамгыр тилөө үчүн азирети Аббасты жанына алып, Алла Таалага алакан жая:

«Оо, Жараткан! Биз Пайгамбарыбыздын абасы менен Сага дуба кылып, анын шапаатчы болушун тилейбиз. Пайгамбарыңдын урматы үчүн аны колдой көр... Анткени Сен ата-энесинин жакшылыгынан улам эки (жетим) баланы Өз көзөмөлүңө алгансың.[130] Биз Сенден кечирим сурап, шапаат тилеп Сага келдик!» деп дуба кылды.

Андан соң азирети Умар элге кайрылып мынабул аяттарды окуду:

**«Жараткан Эгеңерден кечирим сурагыла! Анткени Ал – Кечиримдүү! Ал силерге асмандан нөшөрлөгөн жамгыр жаадырат. Ал мал-дүйнөңөрдү көбөйтүп, бала-чакалуу кылат. Жана да силер үчүн бакчаларды жана дарыяларды жаратат»** (Нух сүрөсү, 10-12-аяттар).

Андан кийин азирети Аббас өйдө туруп, Жаратканга дуба кылды. Азирети Аббастын көзүнөн мончок-мончок жаш кетти. (Ошентип Алла Тааланын жамгыр ыроолошунан кийин) эл:

- Куттуктайбыз, эй, Харамайндын (Мекке-Мединанын) суучулу! – дешип, азирети Аббасты куттуктап киришти» (Ибн Абдил-Барр, Истиаб, 2, 814-815).

Бул окуя сахабанын башка сахаба менен тавассул кылгандыгына ачык-айкын далил. Бирок кээ бир адамдар тавассул такыбаа пенделердин көзү өтө элек мезгилде болушу керектигин, ал эми көз жумган соң тавассул кылууга мүмкүн эместигин айтышат. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен тавассул кылууну көз жумушуна чейин гана кабыл алуу чындыкка коошпогон тар көз караш. Азирети Умардын *(Алла ага ыраазы болсун)* «Оо, Жараткан! Сага учурунда Пайгамбарыбыз менен тавассул кылаар элек» деген сөзү Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* көз жумушуна чейин гана эмес, көз жумгандан кийинкисине да ишарат жасайт. Ансыз да азирети Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* менен тавассул кылышы анын азирети Пайгамбарыбыздын абасы болгондугуна гана такалат. Бул жерде ал азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* жакын тууган болгондуктан тавассулдун такалган жери көз жумган болсо да, азирети Пайгамбарыбыздын өзү болуп жатат. Анын сыңарындай, Жараткандын сүйүктүү олуя пенделеринин кээ бирлерин көз жумган соң да тавассул кылуу мүмкүн.

Мунун ачык-айкын мисалдарынан бири төмөнкүчө:

Учурунда аалымдар менен кошо бир топ карапайым мусулмандар улуу Ислам аалымы Имам Аазамдын көрүстөнүнө барып, анын урматы үчүн жалгыз Жаратканга алакан жая дуба кылышаар эле. Бул багытта Имам Шаафий мындай деген:

«Бир нерсеге муктаж болгон кезде алгач эки ирекет намаз окуур элем. Андан кийин Имам Абу Ханифанын көрүстөнүнө барып, ал жерде Жараткан Аллага алакан жайып, дуба кылчумун. Анын берекеси менен муктаждыгым дароо орундалаар эле» (алХайтамий, ал-Хайратул-Хисаан, 94)

***

Ошондой эле жакшы иш-амалдар дагы ар түрлүү машакаттардан арылуунун өзүнчө бир жолу болуп эсептелет. Бул багытта куттуу хадистердин биринде сапарга чыккан үч жолдош жөнүндө сөз жүрөт. Анда төмөнкүчө баяндалат:

*«Сапар учурунда жаанда калган үч дос баш калкаламакка бир үңкүргө киришет. Жаңыдан гана эс алып отурган кезде үңкүрдүн оозуна жогорудан бир чоң таш томолонуп келип кептелип калат. Ошентип айласы кууруган үч дос: «Жакшы иш-амалдарыбыз менен Аллага дуба кылуудан башка аргабыз жок. Бизди бул жерден Алла Тааладан башка эч ким куткара албайт» деген тыянакка келишет.*

*Алардан бири ата-энесине көрсөткөн кызматынын урматы үчүн Жаратканга алакан жая дуба кылат. Таш ордунан бир аз жылат. Бирок үңкүрдөн чыгууга мүмкүн*

*эмес. Экинчиси такыбаалыгынын, ар-намыстуулугунун урматы үчүн дуба кылат. Таш ордунан дагы бир аз жылат. Бирок ал жерден чыгып кетүү дагы деле мүмкүн эмес эле. Үчүнчүсү адамдардын акы-укугуна карата жасаган өтө аяр мамилесинин урматына Жараткан Аллага алакан жайып дуба кылат. Мунун да дубасы кабыл болуп, үңкүрдүн оозундагы таш төмөн көздөй томолонуп кетет. Ошентип үч дос үңкүрдөн аман-эсен чыгып кетишет»* (Бухарий, Адаб, 5; Анбия, 53; Зикр, 100).

Дубанын кабыл алынышына себеп болгон жагдайлардан дагы бири – бул Жараткан Алланын ысым-сыпаттары. Алланын ысымсыпаттары менен дуба кылуу мусулман коомчулугунда салтка айланган тавассул болуп эсептелет. Аяттардын биринде:

«Эң көркөм ысымдар Аллага гана таандык. Андыктан Ага ушул ысымдар менен дуба кылгыла!» (Aараф сүрөсү, 180-аят) деп буюрулат.

Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)* азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* төмөнкүчө дуба кылгандыгын айткан:

*«Оо, Жараткан Алла! Мен Сенин таза, аруу жана Өзүңө эң сүйкүмдүү ысмың менен (ошол ысмыңдын урматы үчүн) Сенден суранам. Ал ысмың менен Жалгыз Өзүңө дуба кылынган кезде (пендеңдин дубасын) кабыл аласың, тилегин бересиң. Ыраакымың суралган кезде, (ага) Өзүң ыраакым этесиң. Кандайдыр бир машакаттан арылуу үчүн аны менен (ошол ысмыңдын урматына) Сенден жардам суралган кезде ага жол көрсөтөсүң»*

Бул хадистин жүрүшүндө Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* азирети Аишага кайрылып:

*- Эй, Аиша! Алла Таала бул ысмын мага маалымдаганын билчү белең?* – деп сурайт. Азирети Аиша:

-Ата-энем курман сага, эй, Алланын Элчиси! Ал Алла Тааланын кайсыл ысмы? – деп суроолуу карайт.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*- Ал ысым сага маалымдалбашы керек* – дейт. Анда азирети Аиша Пайгамбарыбыздан окчун жерге барып олтуруп, бир аздан кийин кайра келип:

- Эй, Алланын Элчиси! Аны мага айтыңызчы, сураныч – деп жоодурайт.

Азирети Пайгамбарыбыз:

*- Ал ысымды сага айтпашым керек. Себеби ал ысым менен болор-болбос утурумдук бир нерселерди тилөө дурус эмес* – деп жооп кайтарат. Азирети Аиша окуянын андан кийинки жүрүшүн төмөнкүчө маалымдайт:

«Ошентип бул ысымды биле албаган соң, барып даарат алып, эки ирекет намаз окудум. Намазымды окуп болгондон кийин Жараткан Аллага алакан жая дуба кыла баштадым:

«Оо, Жараткан! Мен Сага «Аллах» деп дуба кылам. «АрРахман», «ар-Рахим», «ал-Барр» деп алакан жайып келем. Билипбилбеген бардык ысым-сыпаттарың менен Сага жалбарам. Мени кечирип, Өз Ыраакымыңа ала көр, оо, Жараткан!»

Менин дубамды угуп турган Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ууртунан жылмайып:

*- Эй, Аиша, ал ысым Сенин дубаңда айтылган ысымдардын ичинде!* деди» (Ибн Маажа, Дуба, 9).

Анас бин Маликтин *(Алла ага ыраазы болсун)* айтымында, азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* күндөрдүн биринде бир адамдын Алла Таалага алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Чексиз алкышка Жалгыз Өзүң гана татыктуусуң! Сенден башка эч бир кудай жок. Сенин шеригиң да жок. Сен баа жеткис жакшылыктарыңды эч аябаган Затсың (алМаннан). Сен асман-жерди жараткан Кудуретсиң! Сен Каардуусуң жана Айкөлсүң! Мага тилегимди бере көр, оо, Жараткан!» деп дуба кылып жатканын угуп:

*«Валлахи! Бул адам тилегин Алла Тааланын «исму аазамы» (улуу ысмы) менен сурады. Алла Таала ал ысым менен тиленген тилекдубаны кабыл кылат»* деген экен (Ибн Маажа, Дуба, 9; Насаий, Сахв, 58).

Бул хадистерден байкалгандай, Жараткан Кудуреттин ысымсыпаттарынын урматы үчүн дуба кылуу да азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу сүннөттөрүнөн болуп эсептелет.

***

Кээ бир аалымдар негизинен тасаввуфтук терминдер катары каралган «тавассул, истиана, истигааса, истишфа, ташаффу, таважжух жана табаррук» деген сөздөрдүн ортосунда маани-маңызы жагынан эч кандай деле айырма болбогондугун айтышкан.[131]

Жалпысынан «жардам суроо» деген маанини туюндурган бул сөздөр олуя пенделерден Аллага дуба кылышын сурануу, алар жок жерде алардын урматы үчүн жалгыз Жаратканга алакан жайып тилек тилөө дегенди түшүндүрөт.

**Жардам бере турган зат жалгыз Алла Таала гана. Ага кылынган дубаларда себептерге тавассул кылууну Алла Тааладан башка бирөөдөн жардам суроо деп түшүнбөө кажет. Тавассул учурунда алакан жалгыз Алла Таалага гана жайылат.**

Куран аяттарында:

وَمَا النَّصْرُ إِلاَّ مِنْ عِنْدِ اللّٰهِ

**«...Жардам жалгыз Жараткан Алла тарабынан гана болот!..»** (Анфал сүрөсү, 10-аят).

**«Эгер Алла силерге жардам берсе, анда силерди эч ким жеңе албайт. Ал эми Алла силерге жардам бербесе, анда силерге Андан башка ким жардам берет?! Ыймандуулар Аллага гана тобокел кылып, таянышсын!»** (Аали Имран сүрөсү, 160-аят) деп буюрулат.

Абдуллах бин Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)*: «Сапарлардын биринде мен азирети Пайгамбарыбызга (саллаллаху алехйи васаллам) учкашып, жолдо баратканбыз. Ал мага:

- *Уулум! Сага айтаарым, Алла Тааланын буйрук-жарлыктары менен жаша! Эгер буга олуттуу мамиле жасасаң, Алла Таала сени Өз көзөмөлүнө алат. Дайыма Алла Тааланын (ыраазылыгын) көздөп иш кыл!... Бир нерсе кааласаң, Алла Тааладан тиле! Жардам сурай турган болсоң, Жараткан Алладан сура! Эсиңе түйүп ал, адамдардын бардыгы топтолуп, сага жакшылык кылууга аракет кылышса, Алла Таала насип буюрган өлчөмдө гана жакшылык кыла алышат. Ошондой эле бардык адамдар сага зыян келтирүүгө жанүрөшсө, Алла Таала буюрган өлчөмдө гана зыян келтиришет...*деп акыл-насаатын айткан» дейт (Тирмизий, Кыямат, 59).

Муну жалпы мусулмандар ушул таризде кабыл алуу менен бирге намаздарынын ар бир ирекетинде окуган Фатиха сүрөсүнүн:

إِيَّاكَ نَعْبُدُ وإِيَّاكَ نَسْتَعِينُ

**«Иййаака наабуду ва иййаака настаиин»**

**«(Оо, Жараткан Алла!) Биз Жалгыз Өзүңө ибадат кылып, Жалгыз Өзүңдөн гана жардам сурайбыз»** деген аяты менен бул чындыкты тастыктап келишет.

Учурунда Бадр казатында душмандарга каршы Жараткан Алла Өзү жардам бергендиги жөнүндө:

«Аларды силер өлтүргөн жоксуңар, Алла өлтүрдү. Аларга (кум-топурак) чачканыңда,[132] сен чачкан жоксуң, Алла чачты...» (Анфал сүрөсү, 17-аят) дейт. Демек, ар түрлүү руханий жардамдардын чыныгы ээси – бул жалгыз Алла Таала гана.

Пайгамбарлардын, олуя-такыбаа пенделердин урматы үчүн Жараткандан жардам тилөө алардын эскерилиши менен Жараткан Алланын ыраакымынан үмүт кылуу, деген түшүнүк менен түшүндүрүлөт. Бул болгону үмүт гана. Бирок, бүт нерсе Алла Тааланын каалоосу менен гана болот. Дубада такыбаа пенденин себепчи кылынышы анын Алла Тааланын алдындагы жогорку даражасына такалат. Жаратсандын алдында даражасы бийик пенделердин урматы үчүн Алла Таалага алакан жая дуба кылууга Ислам дининде эч кандай тоскоолдук жок.

Айрым бир адамдардын мындай пенделердин көрүстөнүнө барганда, маселен: «Эй, Мухаммад! Мага шыпаа бере көр! Менин ушул тилегимди бере көр!» деп тилегин түздөн-түз пендеден сураган сөздөрү адамды ширкке[133] жетелеп түбөлүк бактысынан ажыратат. Ошондуктан аруу Ислам дининин өзөгүнө доо кетире турган мындай ашкереликтерден оолак болуу кажет.

*Азирети Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтүнө көрсөтүлгөн урмат-сый – ага бапестелген сүйүүнүн талабы.*

## Б. ТАБЕРИК

Кыргыз тилиндеги «таберик» сөзү араб тилинен «табаррук» деген сөздөн алынып, анын түз мааниси «береке тилөө» дегенди туюнтат. Бул сөз Ислам терминологиясында «Жараткандын берекесине бөлөнүү» деген мааниде колдонулат.

**Тамак-ашка баиАланышкан таберик**

Жараткан Алланын олуя пенделери тамактанган тамакаштардын, мөмө-жемиштердин, суусундуктардын калдыгын жепичүү адамга Жараткан Алла Тааланын уруксаты менен белгилүү өлчөмдө паис дасы тиис ет. Кээ бир адамдар оис логондоис , таберик эч кандаис  негизге таянбаган иш-аракеттердин катарынан орун албаис т. Анткени буга азирети Паис гамбарыбыздын өзү мисал болуп берген. Бул багытта көптөгөн хадистер бар.

Кутман сахабалар учуру келгенде азирети Паис гамбарыбыздын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* тамак-ашынын калдыгы менен анча-мынча оор кырдаалдардан чыгып кете турган.

Маселен, Табук жүрүшүндө ээн талаа, эрме чөлдүн мээни каис наткан ысык аптабында кутман сахабалар чаначтарындагы суулары түгөнүп, эмне кылаар аис ласын таппаис  калган кезде азирети

Паис гамбарыбыз *(саллаллаху алеис хи васаллам)* баш бармагынын учунан оргуштап чыккан мөлтүр булактаис  суу чыгарган. Сахабалар суусунун кандырып, чаначтарынын бардыгын толтуруп алышкан. Азирети Паис гамбарыбыздын *(саллаллаху*

*алеис хи васаллам)* бармагынан аккан бул суу – эч калетсиз, замзам суусунан алдаканча артык жана паис далуу болгон. Себеби ал Алла Тааланын эң сүис үктүү Паис гамбарынын (саллаллаху алеис хи васаллам) куттуу колунан агып түшкөн.

Кээ бир хадистерде маалымдалгандаис, азирети Паис гамбарыбыз сүт ичкен кезде кеседе артып калган сүттү сахабаларына берээр эле. Ошентип кеседеги сүт бир жагынан ичкен адамга руханиис өңүттөн паис дасы болсо, экинчи жагынан береке-кутка тунуп, эч азаис ган эмес.

Сахл бин Саад *(Алла ага ыраазы болсун)* мындаис деис т:

«Күндөрдүн биринде бир адам Алланын Элчисине *(саллаллаху алеис хи васаллам)* суусундук алып келген эле. Азирети Паис гамбарыбыздын оң жагында бир жаш бала, ал эми сол жагында жашы илгерилеп калган сахабалардан бири отурган эле.
Паис гамбарыбыз суусундуктан алгач өзү бир аз жутуп, оң тарабында олтурган балага каис рылып, жылуу сөз менен:

- *Уруксат берсеңиз, бул суусундукту алгач мынабул абаларыңа сунаис ын?* – деп суроолуу карады.

Анда жаш бала отургандын баарын таң калтырып, Ислам тарыхына алтын ариптер менен жазылып калган төмөнкү жообун берди:

- Эис, Алланын Элчиси! Сенден мага сунулган насибимди эч качан эч кимге бере албаис м!

Ошентип акыркы Паис гамбар *(саллаллаху алеис хи васаллам)* колундагы кесени мына ошол таис манбас балага сунду» (Бухариис, Ашриба, 19).

Асма бинту Абу Бакр *(Алла ага ыраазы болсун)*:

«Мен Абдуллах бин Зубайрдан бойумда бар кезде Мединага жер которуп сапар тарткан болчумун. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул учурда Мединада болучу. Кубага келип тыным алдым. Бул жерден уулум Абдуллах төрөлдү. Андан кийин Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* бардым. Абдуллахты кучагына алып, менден бир курма сурады. Курманы оозуна салып эзип, Абдуллахты оозандырды. Абдуллахтын курсагына түшкөн эң биринчи азык ушул курма болду. Ошентип азирети Пайгамбарыбыз ал үчүн Жараткан Аллага алакан жая дуба кылды» дейт.[134]

Азирети Жабир *(Алла ага ыраазы болсун)* Хандак казатына карата даярдыктар көрүлүп жаткан кезде болгон бир эскерүүсүн төмөнкүчө баяндайт:

Биз терең аңдарды казып жаткан кезде алдыбыздан бир чоң таш чыкты. Сахабалар Пайгамбарыбызга барып:

- О, Алланын Элчиси! Тигил жерден чоң таш чыкты дешти.

Пайгамбарыбыз:

- *Мен аңга түшөм* деди. Ачкалыгынан кардына таш байлап алган эле. Биз үч күн бою эч нерсе жебей ошол жерде болгон элек. Пайгамбарыбыз барсканды колуна алып, чоң ташты урду. Таш майдаланып кумга айланып үбөлөнө түштү. Мен:

- О, Алланын Элчиси! Уруксат берсеңиз, үйгө барып келсем? –деп уруксат алып үйдү көздөй жөнөдүм. Үйгө барып жубайыман:

- Алла Элчисин алсырап калды. Үйдө эмне бар? деп сурадым. Ал:

- Бир аз арпа, анан бир улак бар -деди.

Улакты союп, арпаны жаргылчакка тарттым. Этти казанга салдык. Нан бышып, казан кайнап жатканда Алланын Элчисине келип:

- О, Алланын Элчиси! Бир аз сыйым бар, бир-эки киши менен бирге биздикине жүрүңүз дедим.

Алланын Элчиси:

- Эмнең бар? деп сурады. Мен болгонун айттым. Анда Пайгамбарыбыз:

*- Андай болсо көп экен да. Эң сонун. Жубайыңа айт, мен барганга чейин казанды очоктон чыгарбасын, нанды да чыгарбай кое турсун!* деди да сахабаларына:

*- Эй, Хандак жоокерлери! Жабир бизди конокко чакырып жатат. Кана эмесе, жүрүгүлө!* деп бийик үнү менен жар салды. Сахабалардын баарысы жолго чыкты. Мен шашып-бушуп үйгө жөнөдүм. Жубайыма:

Эми эмне кылабыз! Пайгамбарыбыз бүт сахабалары менен келатат дедим.

Ал:

- Алланын Элчиси сенден тамагыбыз жөнүндө сурадыбы? деди.

Мен:

- Ооба дедим. Анда жубайым:

- Андай болсо, эч кабатыр болбо! Ал эмне кылып жатканын билет! деди.

Бир аздан кийин келген Пайгамбарыбыз сахабаларына:

*- Кысылышпай кире бергиле!* -деди. Он-ондон болуп киришти. Пайгамбарыбыз нанды сындырып, үстүнө эт коюп сахабаларына берип жатты. Казандан эт алган сайын казандын капкагын, тандырдан нан алган сайын тандырдын оозун жаап турду. Жоокерлердин баары карды тойгончо сый тамактан даам татышты. Казанда тамак артып да калды. Алла Элчиси жубайыма:

*- Мындан өзүң да даам тат, кошуналарыңа да бер. Ачарчылык өкүм сүрүп, эл бүлгүнгө учурады!* деди (Бухарий, Магази, 29; Муслим, Ашриба, 141).

Буюм-тайымга байланышкан таберик

Сүйгөн адамды эске салган тигил же бул нерсе аны эстетип, жүрөктү жылытып күчүнө киргизээри талашсыз чындык. Бул адам баласынын табигый өзгөчөлүктөрүнөн бири болуп эсептелет. Ошону менен бирге бул сезим адамды ашкереликке ашыктырып, бутпарастыкка жетелегендиги да тарыхый чындык.[135]

Жакшы көргөн адамдын тигил же бул буюмун аздектеп сактоо мыйзам ченемдүү табигый көрүнүш. Бул жерде эң негизги нерсе, эч качан ашкереликке жол бербөө кажет. Чынында эле абстрактуу түшүнүктөр көзгө көрүнгөн нерселерден абалы, сын-сыпаты аркылуу байкалат.

Буга Куранда эскерилген Юсуф пайгамбарга байланышкан мынабул окуя ачык-айкын мисал боло алат:

Канаан чөлкөмүндө турган азирети Якубга уулу Юсуф *(алейхиссалам)*дын көйнөгү Мисирден өзүнө алынып келе жатканда көйнөктүн жытын алдын ала сезген. Азирети Якуб алынып келген көйнөктү жүзүнө сүртөөрү менен көзү кайрадан көрө баштаган.[136]

Буюмга тиешелүү бул таасир муршиддер тарабынан шакиртин белгилүү бир руханий даражада кармоо үчүн колдонулган ыкмалардан бири болуп эсептелет. Себеби муну менен жуурулушуу рабыта-байланышты бекемдейт.

«Бир күнү Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Бани Саида уруусунун аймагында сахабалары менен бирге олтурган кезде Сахл бин Саадка *(Алла ага ыраазы болсун)* кайрылып:

*- Сахл! Бизге суу берчи?*дейт.

Сахл бир кесе суу алып келип Пайгамбарга сунат.

Сахл бул кесени өмүр бою сактагандыгы жөнүндө Абу Хазим *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Сахл бул кесени бир күнү бизге алып келип көрсөткөн эле. Биз андан суу ичкенбиз. Андан кийин Умар бин Абдулазиз Сахлдан бул кесени өзүнө белекке беришин өтүнүптүр. Сахл кесени Умарга белекке тартуулаган экен» (Бухарий, Ашриба, 30).

***

Сахл бин Саад *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Күндөрдүн биринде бир аял азирети Пайгамбарыбызга чепкен алып келип:

- Эй, Алланын Элчиси! Муну сизге белекке деп алып келдим – деди. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* белекти кабыл алып, ырахматын айтты.

Сахабалардан бири:

- Эй, Алланын Элчиси! Мунуңуз абдан жарашыктуу чепкен экен. Мага белек кылыңызчы? – деп Пайгамбарыбызды жоодурай тиктеди. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* «макул» деп, үстүндөгү чепкенди дароо чечип берди. Азирети Пайгамбарыбыз кеткенден кийин сахабалар тиги адамды жектеп:

- Эми ушунуң жакшыбы? Алланын Элчиси аны муктаж болгондугу үчүн алган болучу. Сен болсо, анысын сурап алдың. Ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары келген ардактуу Пайгамбарыбыздан бир нерсе сурап келген адамдын көңүлүн эч качан оорутпашын билесиң да, ээ...деп киришти.

Анда береги адам:

- Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бул чепкенди кийгендиги үчүн муну өзүмө таберик катары алып калгым келди. Кудай буюрса, ушул чепкенге кепинделгим келет – деп жооп кайтарды» (Бухарий, Адаб, 39).

***

Азирети Аишанын *(Алла ага ыраазы болсун)* айтымында: «Меккеде Курайштыктар үчүн жыгачтан жасалган керебеттин үстүндө жаткандан өткөн ырахат жок болучу.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мединага жер которуп, Абу Аюбдун үйүнө жайланышкан соң андан:

-Ээ, Абу Аюб! Силердин керебетиңер жокпу? – деп сурайт.

Абу Аюб *(Алла ага ыраазы болсун)* башын чайкап, «жок» дейт.

Ансардан[137] Саад бин Зурара мындан кабар алып, Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* курма жалбырактарынан токулган көрпөчөсү менен кошо жыгачтан жасалган керебет берип жиберет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мединадагы үйү салынып бүткөнгө чейин ушул керебетке жатып эс алып, жаңы үйүнө көчкөндө да чогуу ала кетип, аны көз жумганга чейин урунган.

Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* одүйнө салганда ушул керебеттин үстүндө жуулуп, кепинделип, жаназа намазы окулган.

Акыркы Пайгамбар көз жумгандан кийин эл маркумдарды көрүстөнгө алып баруу үчүн аны бизден сурап алышчу.

Азирети Абу Бакир менен азирети Умардын сөөгү да үйлөрүнөн ошол керебет менен чыккан» (Балазурий, Ансабул-Ашраф, 1, 525).

***

Сахабалардын арасынан эң көп хадис жаттаган Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* дайыма ардактуу Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* жанында болуп, анын ар бир кыймыл-аракетине кылдат назар салып, сүйлөгөн ар бир сөзүнө кулак төшөп, аны менен жуурулуша жашоого аракет кылаар эле.

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* бир күнү азирети Пайгамбарыбызга кайрылып:

- Эй, Алланын Элчиси! Мен сиздин көп сөздөрүңүздү уксам да, алардын көпчүлүгүн унутуп, эсиме түйө албай жатам – деп ичиндеги бугун айтат.

Анда ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Абу Хурайрага:

- Чепкениңди жерге жай! – дейт. Абу Хурайра чепкенин жерге жайган соң азирети Пайгамбарыбыз ага дуба кылып, колу менен бир нерсени уучтап, чепкендин ичине салып жаткандай кылат. Андан соң Абу Хурайрага чепкенин ошол боюнча кийип алышын буйурат.

Абу Хурайра *(Алла ага ыраазы болсун)* ошондон кийин Алла Таала тарабынан өтө күчтүү эс тутум ыроолонгондуктан уккан нерсесин эсинен чыгарбас куйма кулакка айлангандыгын өзү маалымдаган (Тирмизий, Манакиб, 46).

***

Фирас аттуу сахаба бар эле. Ал дагы азирети Пайгамбарыбызга таандык бир нерсеге ээ болгусу келип жүрөт. Күндөрдүн биринде Пайгамбарыбыздын үйүнө барып, баарлашып олтуруп, алдындагы кеседен тамак ичип жатканын көрүп, ошол кесесин өзүнө белек кылышын өтүнөт. Эч кимдин өтүнүчүн четке какпаган акыркы Пайгамбар *(саллаллаху алейхи васаллам)* кесесин сахабасына белекке берет.

Азирети Умар *(Алла ага ыраазы болсун)* кээ кээде Фирастын үйүнө барып:

- Баягы кесени алып келчи – деп, ардактуу Пайгамбарыбыз өзү даам сызган кесени алдырып, замзам сууга толтуруп, суусуну кангыча жутуп, калган суусу менен бети-колун жууй турган (Ибн Хажар, ал-Исаба, 3, 202).

***

Абу Жухайфа *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* Мединанын түшкү аптабында сыртка чыгып даарат алып, бешим жана асыр намаздарын эки ирекеттен окуду. Намаз окуп болгон соң, сахабалар айланчыктап азирети Пайгамбарыбыздын куттуу колунан кармап, жүздөрүн сылап жатышты. Эмне болуп кеткенин алгач түшүнгөнүм жок. Мен дагы барып бир колун кармап, ошол куттуу колу менен жүзүмдү сыладым. Өзүмдүн күбө болгонума ишене албай дендароо болуп туруп калдым. Ардактуу Пайгамбарыбыздын куттуу колу кышкы кардан дагы муздак, жыпар аңкыган мисктен дагы жыттуу эле» (Бухарий, Манакиб, 23).

***

Анас бин Малик *(Алла ага ыраазы болсун)* азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* ажылыгы учурунда сахабалар Пайгамбарыбыздын чачын таберик кылууга жанүрөшкөндүгү жөнүндө мындай дейт:

«Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз шайтанга таш ыргытуу ырасымын бүтүргөн соң курманчылыкка малын союп, чачын алдырды. Чачтарач оң жагындагы чачын алды. Пайгамбарыбыз Абу Талханы чакырып, чачын берди. Андан соң чачтарач сол жагындагы чачын алды. Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* муну да Абу Талхага берип:

- *Буларды элге бөлүштүрүп таратып бер!* – деди» (Муслим, Хажж, 326).

Бул багытта Анас *(Алла ага ыраазы болсун)*: «Алланын Элчисин *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрдүм. Чачтарач чачын алып жатыптыр. Сахабалар анын айланасында айланчыктап турушту. Бир тал чачынын дагы жерге түшүп кетпешин, сөзсүз түрдө араларынан бирөөсүнүн алаканына түшүүсүн күтүп жатышты» дейт (Муслим, Фазаил, 75).

Кутман сахабалар азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* буюм-тайымдарын да, сакал-чачын да таберик кылышаар эле. Алтургай согуш учурунда да ушундай таберик ышкысы жандуулугун сактай турган. Буга Халид бин Валиддин *(Алла ага ыраазы болсун)* азирети Пайгамбарыбыздын бир канча тал чачын селдесине тагып алып жүргөндүгүн мисал катары көрсөтсөк болот. Ислам жазма булактарында азирети Халид Ярмук согушунда ушул селдесин жоготуп жибергендиги айтылат. Анда жоокерлерине селдесин таап келүүлөрүн буйурат. Бирок жоокерлер таба алышпайт. Азирети Халид селдени табууга экинчи жолу буйрук берет. Ошентип акырында бир жерден таап келишет. Жоокерлер табылган селденин алдаканча эскирип калгандыгын көрүшүп, ошол үчүн ушунча убара кылгандыгына абдан таң калышат. Анда азирети Халид *(Алла ага ыраазы болсун)*:

- Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* чачын алдырган эле. Сахабалар Пайгамбарыбыздын чачтарын бөлүшүп алышкан. Мен дагы ошол чачтарынан бир канча тал чачын алган болчумун. Мына ошол чачтарды мобуреки селдемдин ичине катып алгам. Бул мен үчүн өтө чоң жетишкендиктерге себепкер болду. Аны кийип алып киришкен согуштарымдын бардыгы жеңиш менен аяктады. Жеңиштеримдин сыры менин акыркы Пайгамбарга *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон аруу сүйүүмдө катылуу!» деген экен (Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 9, 349).

***

Сахабалардын башынан өткөн бул окуялар нерсеге дагы сезимдердин өткөндүгүн айгинелеген далилдер болуп эсептелет. Бул жерде дагы бир жолу эскерте кетели, бул багытта да ашкереликтен оолак болуу кажет. Ошондо гана аруу жан дүйнө менен ошол табериктин береке-кутунан пайдалануу мүмкүн.

Кутман сахабалардан кийин сахабалардын жолунан тайбай өмүр кечирген Жаратkандын такыбаа пенделери да таберикти ошол таризде кабыл алып, ага дал ошол сахабалардай мамиле жасашкан. Имам Ахмад бин Ханбал менен Имам Шаафийдин окуясы буга эң сонун далил боло алат:

Имам Шаафийдин шакирттеринен Рабии бин Сулайман мындай дейт:

«Күндөрдүн биринде Имам Шаафий мага:

- Рабии, мынабул катты алып, Ахмад бин Ханбалга алып бар! Жообун ала кел! – деп колундагы катты берди.

Мен катты алып, Багдатты көздөй сапар тарттым. Багымдат намазынын алдында Ахмад бин Ханбалга жолуктум. Аны менен бирге багымдат намазын окудук. Имам Ахмад бин Ханбал михрабдан[138] турган соң аманат катты тапшырып жатып:

- Бул Мисирден боордошуңуз Имам Шаафийдин сизге берип жиберген каты – дедим. Ал менден:

- Катта эмнелер жазылган? Билесиңби? – деп сурады. Мен:

- Жок, билбейм – деп жооп бердим. Ахмад бин Ханбал катты ачып, окуй баштады. Көзүнөн жашы айланып кетти. Мен түшүнө албай:

- Таксыр, тынччылыкпы деги?! Катта эмнелер жазылыптыр? – деп жибердим. Ал мага:

- Имам Шаафий түшүндө азирети Пайгамбарыбызды *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрүптүр. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* ага:

«Ахмад бин Ханбалга кат жаз! Менин атымдан салам айтып кой! Ал чоң фитнага (айрым бир адамдардын бузуку оюнуна) дуушар болот. Андан «Куран – бул жаратылган

нерсе (махлуук)!» деп айтышы талап кылынат. Абайласын, бул талапка баш ийбесин! Алла Таала анын ысмын кыяматка чейин жашатат!» дептир.

Мен:

- Алла Таалам Өзү жалгасын! Бул сиз үчүн не деген сүйүнүч! – дедим.

Анда Имам Ахмад бин Ханбал кубанычы койнуна батпай, үстүндөгү көйнөгүн чечип мага белекке тартуулады. Ошентип каттын жообун алып, Мисирге кайтып келдим. Катты Имам Шаафийге бердим. Имам Шаафий катты окуп болгон соң мага:

Анын сага белекке берген бул көйнөктү алып, сенин көңүлүңдү түшүргүбүз келбейт. Бирок эч болбосо, аны бир жолу сууга салып, ошол сууну бизге берсең жакшы болоор эле. Биз дагы алдагы көйнөктүн берекесине ортоктош болоор элек – деди».[139]

Он төрт кылымдан бери өтө кылдат сакталып келе жаткан акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сакалы да бүгүнкү күнгө чейин мусулман коомчулугуна өзүнчө береке-кут тартуулап келет. Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* болгон сүйүү, Анын куттуу табериктерине болгон сый-урмат да Пайгамбарыбызга болгон руханий рабытаны (байланышты) бекемдейт. Акыркы Пайгамбарга *(саллаллаху алейхи васаллам)* ашык нечелеген момун пенделер мына ушул куттуу табериктердин берекесинен насип ала алышкан.

Осмон мамлекетинин эч бир Ислам мамлекетине насип болбогон алты жүз жылдык салтанатынын өзөгү руханиятка берген өзгөчө маанисине түздөн-түз байланыштуу болгон. Жазма булактарда маалымдалгандай, Осмон Гази мейман болуп калган бир үйдө бөлмөсүндө Ыйык Куран болгондуктан түнүчүндө бутун созуп жатпашы, Явуз Султан Салим хандын ыйык аманаттарга карата терең урмат-сый менен мамиле жасап, Стамбулга кырк каары[140] алып келип, үзгүлтүксүз Куран окутуу ишин башташы Осмон мамлекетинин руханий күчүн жандуу кармаган негизги себептердин катарынан орун алат.

Азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* чепкенинин жана Топкапы сарайындагы ыйык аманаттардын бүгүнкү күнү Стамбул шаарында жалпы мусулмандардын зыяратына ачык болушу элибиз үчүн да, Ислам дүйнөсү үчүн да өзүнчө сыймык, Жараткандын өзүнчө береке-куту, жакшылык-ыраакымы.

*Силерге көрүстөнгө баруунарга тыйуу салган элем. Эми мындан ары бара берсеңер болот. Себеби көрүстөнгө баруу акыретти эске салат*

(Муслим, Жанаиз, 106; Тирмизий, Жанаиз, 60)

## В. КӨРҮСТӨНГӨ БАРУУ

Адам баласы жашоонун өис дө-ылдыис ында жашоо кубанычы менен өлүм коркунучунун ортосунда өмүр сүрүп келет. Жашоонун, өлүмдүн өзөк маани-маңызын аңдабаис  туруп, адамдын бул дүис нөгө келгендеги сыр-максатын толук түшүнүү мүмкүн эмес.

«Бул дүис нөгө келүү жана бул дүис нөдөн кетүү» деген эки олуттуу суроонун ортосунда арсар абалда турган аң-сезим бул дүис нөнүн ордун, маани-маңызын аңдап,

жашоо ыңгаис ын ошого жараша өзгөртмөис үнчө утурумдук дүис нөнүн түркүн-түстүү азгырыктарынан арылып, түбөлүк бакыттын журтуна караис  багыт ала албаис т.

Чыныгы момун-мусулман пенде үчүн өлүм – бул Жараткан Алладан келген өзүнчө белек, бир жерден башка жерге беис пил абалда жер которуу. Ал эми каапырлар жана күнөөгө белчеден баткандар үчүн өлүм жан чыдагыс азапты көздөис  сапар алуу дегенди түшүндүрөт.

Адам баласы жашоонун чыныгы маани-маңызын топурак алдында жаткан жансыз дене менен жакындан таанышуу аркылуу түшүнө баштаис т. Пикир, оис , жүрөктүн түпкүрүнөн орун алган сезимдер «өлүм» маселесине олуттуу түрдө мамиле жасабаса, «көрүстөн» делген миң бир сырлуу өлкөнүн акыис каты аңдалбаис т.

Бул жашоодо адамга насаатын аис ткан эки насаатчы бар. Булардан бири сүис лөис т, экинчиси унчукпаис т. Сүис лөгөн насаатчы – бул Ыис ык Куран, ал эми терең оис го сүңгүгөндөис  элес берген насаатчы бул көрүстөн.

Мына ошондуктан чоң-аталарыбыз көрүстөндөргө шаардын ичинен, мечиттин жанынан орун беришкен.

Көрүстөндүн жалпыга маалым тили жок. Бирок анын ошол терең оис го сүңгүгөн сүкүтүндө не деген маанилер жатат! Көрүстөн – бул утурумдук өмүрлөрүн өтөсүнө чыгарган чоң ата, чоң энелерибиз, аис рымдарыбыздын ата-энелери, бала-бакырасы, жакын туугандарыбыз, досторубуз жаткан жер.

Жараткан Алла Таала тарабынан адам баласынын түбөлүк бактысына багытталып белгиленген мыис замга карата жасаган мамилебизге жараша боло турган көр жашоосу жөнүндө акыркы Паис гамбар *(саллаллаху алеис хи васаллам)*:

*«Көр – беис иш бакчаларынан бир бакча, же тозок чуңкурларынан бир чуңкур болот»* деп өлүм менен жашоонун ортосундагы тыгыз баис ланышка ишарат жасаган (Тирмизиис , Кыямат, 26).

Ырасында эле көрүстөн сабак алынчу жаис.  Ал эми көрүстөнгө баруу өлүм жөнүндө оис -толгоонун эң таасирлүү жолдорунан болуп эсептелет.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алеис хи васаллам)* өзү өзүнөн мурун көз жумган сахабаларынын көрүстөнүнө тез-тез барып, алар үчүн Жараткан Аллага алакан жая дуба кыла турган.

Азирети Паис гамбарыбыз *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Ухуддагы шеис иттердин көрүстөнүнө барып, мындаис  дээр эле:

*«...Силерге Жараткан Алланын саламы болсун! Силер үчүн акырет кандай гана сонун!»* (Табарий, Жамиул-Баян, 13, 186; Ибн Касир, Тафсир, 2, 529).

Акыркы Пайгамбар «Бакий» көрүстөнүнө да көп барып, одуйнө салгандарга салам берип:

*«Ассаламу алейкум! Эй, момун-мусулмандар аймагынын эли! Кудай буюрса, биз да силерге кошулабыз. Жалгыз Алла Тааладан бизге да, силерге да кечирим тилейм!»* деп дуба кылаар эле (Муслим, Жанаиз, 104).

Күндөрдүн биринде түн ортосунда азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* азирети Аишанын бөлмөсүндө уктап жаткан кезде Жабраил *(алейхиссалам)* келип, ойготуп Жаратакндын буйругун маалымдайт. Буйрукта Жараткан Алла анын Бакий көрүстөнүнө барып, көз жумгандар үчүн дуба кылышын талап кылган эле.

Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* азирети Аишаны ойготпоого аракет кылып акырын өйдө туруп сыртка чыгат. Бул учурда азирети Аиша ойгоо жаткан эле.

Азирети Пайгамбарыбыз үйүнөн чыгып, Бакий көрүстөнүн көздөй сапар тартат. Азирети Аиша артынан билгизбей ээрчип келе берет.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын көрүстөнгө келип, көз жашын көлдөтүп Жаратканга алакан жая, үммөтү үчүн дуба кылып жатканын көргөн азирети Аиша абдан уялат. Ал жерде бир азга акыркы Пайгамбардын көлкүлдөп көз жаш төгүп жаткандагы абалын карап турат. Андан соң дароо үйүнө жүгүргөн бойдон келет. Көп өтпөй Пайгамбарыбыз да келип калат. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* азирети Аишанын дем алышынан жагдайды аңдап, ага:

*«Ээ, Аиша! Алла Элчисинин сага адилетсиздик кылаарынан корктуңбу?...»* дейт (Муслим, Жанаиз, 103).

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* көрүстөнгө көп баруу менен кутман сахабаларын да буга үгүттөп:

*«Мен силерге көрүстөнгө барууңарга тыйуу салган элем. Эми мындан ары бара берсеңер болот. Себеби көрүстөнгө баруу акыретти эске салат»* деген (Муслим, Жанаиз, 106; Тирмизий, Жанаиз, 60).

Көрүстөнгөбаруубарганадамгасабакболсо, көрүстөндөгүлөргө өзүнчө жакшылык болуп эсептелет. Себеби көрүстөнгө кирген пенде бул дүйнөдөгүлөрдүн Жараткан Кудуреттен өзү үчүн дуба кылышын күтөт.

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир күнү көрүстөндүн жанынан өтүп баратып, эки адамдын көрдөгү абалы жөнүндө:

*«Бул экөө тең азап чегип жатышат. Бирок чоң күнөөлөрүнөн улам эмес. Бирөөсү сөз ташыгандыгы, экинчиси кичи даарат ушатып жаткан кезде талапка (шариятка) ылайык тазаланбагандыгы себептүү азап тартууда»* деди.

Андан соң курма дарагынан бир бутак алынып келишин сурады. Бутакты он экиге бөлүп, эки көрдүн жанына тигип коюп:

*«Булар кургаганга чейин алардын азабы жеңилдээр деген үмүт бар»* деди» (Муслим, Тахарат, 111).

рет:

Муфассир Куртубий бул хадиске төмөнкүчө түшүндүрмө бе-

«Булар кургаганга чейин» дегени бутактардын суу болуп турган чакта Жаратканды даңазалагандыктарына ишарат кылат. Аалымдарыбыз мындай деген: көрүстөндөргө бак-дарак отургузуу, ал жерде Куран окуу маркумдарга пайдалуу. Маркумга белек кылынган нерсенин сообу соопту багыштаган адамга да тийет» (Куртубий, Тафсир, 10, 267).

Куран окуу аркылуу маркумдарга Жаратkандын ыраакымын сурануу – бул сооптуу иштердин катарынан орун алат.

Куттуу хадистерде:

*«...Ясин Курандын жүрөгү. Ким аны Жараткан Алланын ыраазылыгын, түбөлүк акыреттик бактысын көздөп окуса, анын күнөөлөрү кечирилет. Одүйнө салгандарга да Ясин сүрөсүн окугула!»* (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 5, 26).

*«Араңардан өтүп кеткендерди көпкө кармабай, жерге бергиле! Аны көмгөн соң бирөөңөр маркумдун баш тарабына туруп Фатиха сүрөсүн, бут жагына келип Бакара сүрөсүнүн акыркы бөлүгүн (Ааманар-расуулуну) окусун!»* делет (Табараний, ал-МуужамулКабиир, 12, 340; Дайламий, Муснад, 1, 284; Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 3, 44).

Алаа бин ал-Лажлааж сахабалардын катарынан орун алган атасы Лажлааж көз жумаар алдында өзүнө төмөнкү керээзин айтып кеткендигин маалымдаган:

«Мени жерге берээрде:

«Бисмиллаахи ва алаа суннати расуулиллахи» деп айтып, үстүмө топурак таштагыла! Көөмп болгон соң Бакара сүрөсүнүн башталышын жана акыркы бөлүгүн окугула! Мен Абдуллах бин Умардын ушундай кылгандыгын жылуу кабыл алганына күбө болгом» (Байхакий, ас-Сунанул-Кубраа, 4, 56).

Кутман сахабалардан Амр бин Аастын *(Алла ага ыраазы болсун)* көз жумаар алдында жанындагыларга айткан мынабул керээзи да өзгөчө маанилүү:

«Мени мүрзөгө койгонуңарда бир төөнү союп, этин жиликтегенчелик убакыт жанымдан кетпегиле! Силер менин жанымда болушуңар менен мен жаңы жашоомо бир аз да болсо көнүп, Жараткандын элчилерине бере турган жоопторумду даярдайм» (Муслим, Иман, 192).

Бул хадисти өз китебинде эскерген Нававий Имам Шаафийдин мынабул сөздөрүн да маалымдаган:

«Көрүстөндө Курандан аят-сүрөөлөрдү окуу – бул мустахаб. Ал эми Куранды баштан-аяк окуу абзел» (Нававий, Риязус-Соолихиин, 293).

Бул маалыматтардан баамдалгандай, көрүстөндөргө баруу, ал жердегилерге салам берип, алар үчүн Жараткан Алладан дуба кылып, кечирим тилөө, жакшылык иштерди жасап, Куран окуп сообун аларга багыштоо – бул алардын Жараткан Кудуреттин ыраакымына бөлөнүшүнө өзүнчө себеп. Ыйык Куранда Алла Таала бизден мурун акыретке аттанган боордошторубуз үчүн төмөнкүчө дуба кылышыбызды сунуштаган:

**«Оо, Жараткан! Бизди жана ыйманы менен бизден мурун көз жумгандарды кечире көр... ыйман келтиргендерге карата жүрөгүбүзгө кыпындай да кек (жаман ой) калтыра көрбө... Оо, Жараткан! Эч калетсиз, Сен – чексиз Боорукерсиң, чексиз Мээримдүүсүң!»** (Хашр сүрөсү, 10).

Ошону менен бирге көрүстөнгө барууда эске ала жүрчү дагы бир жагдай бар, айрым бир туура эмес иша-аракеттерден оолак болуу маселеси.

Ислам аалымдары мусулмандардын көрүстөнгө баруу адеби жөнүндө көптөгөн маалыматтарды жазып калтырышса да, тилекке каршы, бүгүнкү күнгө чейин бул багытта эл арасында айрым бир ашкереликтерге жол берилип келе жаткандыгы кашкайган ачуу чындык.

Ислам дини боюнча маалыматы тайыз адамдардын башын айландырган көрүстөнгө баруу маселеси жана буга байланышкан иш-аракеттердин ашкереликтен оолак кармалышы өзүнчө оор иш. Себеби адам баласынын көзгө көрүнбөгөн абстрактуу нерселерди түшүнүүдөгү алсыздыгы кээ бир адамдарды бул багытта туура эмес иштерге, алтургай ширкке чейин алпарган учурлар кездешет. Маселен, көрүстөндөргө барып алып шам жагуу, чүпүрөк байлоо, көрдө жаткан маркумдан түздөн-түз жардам тилөө сыяктуу...

Ислам дини ар бир маселенин чен-өлчөмүн белгилегендей эле, көрүстөнгө баруунун да өзүнө тиешелүү адеп-тартибин кошо белгилеп берген. Жогоруда да маалымдалгандай, азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)*, кутман сахабалардын көрүстөнгө баруу маселесине байланышкан сөздөрү, иш-аракеттери бул багытта ашкереликтен кантип оолак болуунун жолун бизге ачык-айкын көрсөтүп турат.

Ибн Аббас *(Алла ага ыраазы болсун)* мындай дейт:

«Саад бин Убааданын *(Алла ага ыраазы болсун)* апасы көз жумган эле. Ал Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)* келип:

- Эй, Алланын Элчиси! Мен үйдө жок кезде апам көз жумду. Анын атынан кайыр-садага берсем, апама пайдасы тийеби? – деди.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*

- Ооба, анын пайдасы болот! – деп жооп берээри менен азирети Саад:

- Эй, Алланын Элчиси! Сиз дагы күбө болуңуз, жашылчажемиштеримди өстүргөн бакчамды апамдын атынан кайырсадагага бердим – деди» (Бухарий, Васайа, 15).

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

*«Адам баласы одүйнө салганда иш-амалдарынын сообу токтойт. Бирок мынабу үч иш-амалынын сообу улана берет: Садага жария (маселен, мечит куруу, көпүрө салуу , жол чабуу, булактын көзүн ачуу сыяктуу элдин кызматына жараган кайрымдуулуктар), элге пайдасы тийген илим калтыруу, өзүнө Жараткандан дуба кылаар ыймандуу уул тарбиялоо»* деген (Муслим, Васиййа, 14).

Бул хадистер көз жумган мусулмандардын бул дүйнөдө жасаган жакшылыктарынан, ошондой эле одүйнө салгандан кийин да сообу улана бере турган жакшылык иштеринен пайда көрө тургандыктарын, ошондой эле бул дүйнөдө жашап жаткан жакын туугандарынын жана мусулман боордошторунун дубаларынан, кайрымдуулук иштеринен пайда көрө тургандыктарын да маалымдоодо.

Акыретке аттанган мусулман пенденин аркасынан жакшылык иштерди жасап, сообун ага багыштоонун өзү да жакшылык. Жогорудагы хадистен байкалгандай, көз жумган мусулман адамдын жакшылык иштери жандуулугун сактаган чакта анын сообу да улана берет. «Көр» жашоосуна кадам шилтеп бул дүйнө менен коштошкон мусулман пенде үчүн жакындарынын жана досторунун адамдык парзы катары ар түрлүү жакшылык иштерди кылуулары эң берекелүү иш-амалдардын катарына кирет.

Айрыкча маркумдун карыздары болсо, аларды төлөп берүү азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* Өзү сунуш кылган жакшылык иштерден болуп эсептелет. Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бир маркум алынып келгенде, анын карызы болуп-болбогонун сурап, карызы төлөнгөндөн кийин гана жаназа намазына тураар эле. Бул маркумдарга болгон жакшылыктын таалими эле.

Бул багытта Имам Аазамдын шакирти Имам Мухаммаддын олуттуу себептерден улам кармалбаган жана каза кылууга (б.а., убагында кармалбай калган орозолордун ордун толтуруп кармоого) да күч жетпей калган орозолордун ордуна «фидия»[141] берилишине салыштырып, олуттуу себептерден улам окулбай калган намаздардын да кечилишине үмүт кылынган «искату солаат» делген ижтихады[142] бар. Бул ижтихад боюнча, окулбай калган ар бир парз намаз үчүн бир кедей-кембагал адамга бир күндүк тамак-ашын алып берүү же акчасын берүү кажет. Акчаны муктаж адамга бир тыйынын да кемитпей берүү зарыл. Имам Мухаммаддын бул ижтихадынын мындай үч маанилүү пайдасы бар:

1.Элди кайрымдуулукка үндөө жана кайрымдуулук кылган адамдын чоң соопко ээ болушу,

2.Муктаж кембагал адамдардын кубанып, маркум үчүн Жаратканга дуба кылышы,

3. Маркум үчүн Жараткан Алланын чексиз кечириминен жана чексиз ыраакымынан үмүт кылынышы.

Маркумдун жакшылыгы үчүн кылынган «искат»[143] тилекке каршы, бүгүнкү күнү «девир» делген түшүнүк аркылуу негизги максатынан алыстап, Исламдын өзөгүнө карама-каршы шекил алган кези.

Учурда «девир» делген бул иш өзүнчө шылуунчулукка, өзүнөзү алдоого айландырылгандай элес берет. Тагыраак айтканда, мында акыретке көчкөн адамдын намаз карыздарынан[144] кутулушу үчүн ортого белгилүү өлчөмдө акча койулуп, чын ыкластан муктаж адамдарга берилиши талап кылынса да, тилекке каршы, көпчүлүк учурда бир

канча адамдын ортосунда «бердим», «кабыл алдым» деген сөздөр менен колдон колго өтүп келип, акча өз ээсинде калып жатышы Ислам дининин өзөгүнө такыр дал келбейт. Аз өлчөмдөгү акчаны бир адамга алгач берип, анан кайра алып, андан кийин дагы башка адамга берип, кайра алуу менен бул акчанын көбөйүп, берекеге бөлөнгөндүгүнө ишенүү – бул карама сокурлук! Өзгөчө айрым бир бардар адамдардын мындай жолго бет алып, андан жакшылык күтүүлөрү – чынында эле өтө таң калычтуу. Ырасында мындай иштердин Ислам done динде эч кандай орду жок.

**Оо, Жараткан Алла! Ниетибизди Өзүңдүн ыраазылыгыңа ылайык түз кыла көр... Дүнүйөнүн аркасынан сая кууп, өздөрүн бир кашык сууга чөктүргөндөрдүн акыбетинен Өзүң сактай көр... Оо, Жараткан! Сен Чексиз Мээримдүүсүң! Өмүрүбүздү, өлүмүбүздү Өзүңдүн өзгөчө такыбаа пенделериңе насип буюрган ыраакымың менен, береке-кутуң менен көркүнө чыгара көр...**

**Оо, Жараткан Алла! Ааламга Жалгыз Өзүңө болгон аруу сүйүү менен назар салуубузду, көздөн аккан жаш менен чексиз Кечиримиңе ээ болуп, алдыңа жарык жүз менен барuubuзду насип буюра көр...**

**Оомийин...**

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

*Олуялардын акыл-насааттары Ыйык Курандын жана акыркы Пайгамбардын куттуу хадистеринин негизине такалат.*

## ЖАРАТКАНДЫН ОЛУЯ ПЕНДЕЛЕРИНЕН АКЫЛ-НАСАТТАР

Ислам дининин каис магынан даам сызып, руханиис жактан бышып-жетилип, баралына келген Жараткан Кудуреттин сүис үктүү олуя пенделери – акыркы Паис гамбардын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* «Чыныгы аалымдар паис гамбарлардын мураскорлору» (Абу Давуд, Илим, 1) деген куттуу хадисине татыктуу пенделер. Алар Паис гамбарыбыздын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* сүннөт жолу менен жуурулуша жашоого жанүрөгөн бактылуу жандар. Демек, алардын ар бири азирети Паис гамбарыбызды жана кутман сахабаларды көрө албагандар үчүн өзүнчө жандуу үлгү.

Жараткан Алла Тааланын Мээримдүү жана Ыраис ымдуу деген ысым-сыпаттарынан насибинче үлүш ала алган бул инсандар мээримдүүлүктүн өзүнчө үлгүсү. Ошондоис эле булар акыркы Паис гамбардын кыяматка чеис ин жандуулугун сактаис турган таалимин жакшы алгандыктан, «өзүм, өзүм» деген өзүмчүлдүктөн арылып, «үммөтүм, үммөтүм» деген биис ик максат менен өмүр кечиришет. Алар түбөлүк бакыттын жолоочусуна аис лангысы келгендердин мугалимдери болуп эсептелет.

Алардын акыл-насааттары Ыис ык Курандын жана акыркы Паис гамбардын куттуу хадистеринин негизине гана такалат. Алар Ислам үммөтү үчүн азирети Паис гамбарыбыздын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* жыис ырма үч жылдык паис гамбарлык жашоосунун сөз жүзүндөгү да, иш жүзүндөгү да үлгүлөрү.

Руханиис жактан баралына келген бул пенделердин акылнасааттары Ислам багытында алган илими менен жашабаган адамдардын насааттарына салыштырмалуу

алдаканча таасирлүү да, жугумдуу да, паис далуу да! Андыктан алардын берекелүү акыл-насааттарын баа жеткис жакшылык катары кабыл алуу абзел. Жараткан Алла жалпыбызды Өзүнүн адал жолунан адаштырбасын...

**Хасан БасрииА куддиса сиррух-(642-728-жылдары жашаган)**

Чыныгы мусулман ар качан «ихсан» сезими менен (б.а., Жаратқандын көзөмөлүндө тургандыгын билип) жашаис т. Мынабу эки санаа анын эсинен эч качан чыкпаис т:

1. Буга чеис ин жасаган күнөөлөрү. Ал ушул күнөөлөрүнөн улам Жараткан Аллага кантип жалынаарын биле албаис т.

2. Келечек жашоосу. Мындан кийин ал кандай жашайт? Акыркы деми кандай аяктайт? Ал ар дайым мына ушул суроолорго оң жооп берүүнүн камын көрөт.

Оо, эл-журт! Мына ушунун маңызын түшүнүү менен жакшылык иштерди жасагыла! Жараткан Алла жасаган ар бир ишиңерди көрүп турат. Күндөрдүн биринде бүт нерсени билүүчү Алла Тааланын алдына барасыңар. Ал мына ошол күнү ар бир ишиңерди силерге маалымдайт. Ал күнү ар бир ишиңерге жооп бересиңер.

Жан дүйнөңөргө өтө аяр мамиле жасагыла! Жан дүйнөңөрдү Жаратканды даңазалап, зикир кылуу менен тазалагыла! Себеби жүрөк тез кирдейт. Напсиңерди да тизгиндегиле! Ал азоо жылкы сыяктуу. Эгер напсиңердин терс арзуу-каалоолоруна тоскоол болбосоңор, анда ал бир күнү силерди жарга такайт.

Өзүңөрдүн кемчиликтериңерди көрбөй, бирөөнүн кемчиликтерин издөөгө аракет кылуудан баш тартмайынча, толук ыйман келтиргендердин катарына кошула албайсыңар. Андыктан бирөөнүн кемчилигине назар салуудан мурун өзүңөрдүн кемчиликтериңерди карагыла! Алгач өз кемчиликтериңерди оңдоп алып, адал жолдон адашпай өмүр кечирүүгө умтулгула!

Ыйык Куран – мусулмандардын шамчырагы. Ким аны менен жашаса, анда Жаратқандын адал жолуна түшкөнү ошол. Ал эми андан жүз үйрүгөн адам бактысыздардын кербенине кошулуп, бир күнү чоң жоготууга дуушар болоору бышык.

Эх, боордошторум! Бул дүйнөдөн жалгыз көз жуумп, жалгыз тирилип, жалгыз суракка тартыласыңар...

***

**Жафар Садык -куддиса сиррух-(699-766-ж.ж.)**

Жакшылык иш кылсаң, аны арзыбаган иш катары кабылдап, жашыруун сакта! Себеби аны түккө арзыбас иш катары кабыл алсаң, ал сени текеберликке жетелебейт. Аны жашыруун кармасаң, кемчилиги жабылып, берекелүү болот. Жакшылык иштерде шашылуу керек. Анткени напси мындай жакшылык иштерди кечеңдетип, же сени андан баш тарттырып койушу мүмкүн.

Мусулман боордошуңа тиешелүү жагымсыз бир нерсе уксаң, анын өзүнө таандык бир катар себептери болуп калышын ойло! Таба албасаң, «балким, мен түшүнбөгөн бир себеби бардыр» деп, анын айыбын жап!

***

**Суфян Саврий -куддиса сиррух-(713-777-ж.ж.)**

Ислам илимин Жараткан Алланын буйрук-жарлыктарын орундатуу аркылуу Анын ыраазылыгына жетүү үчүн алуу керек. Бул илим адамды улуу максатка жетелегендиги менен артыкча. Мындай болбогондо, ал дагы катардагы илимдердин катарынан орун алмак.

Хоросанга барып Жараткандын адал жолун жайуу Меккеде байыр алып өмүр кечирүүдөн алдаканча артык.

Бул илимдин эң иридеги шарты аны алуунун жолдорун издөө менен башталат. Аны алган соң кезекте амал (алган илимдин негизине ылайык жашоо) турат... андан кийин сүкүт чалуу, терең ойго батуу... андан соң ааламга назар салуу...

***

**Жунайд Багдадий -куддиса сиррух-(909-жылы көз жумган)**

Алла Таала менен сукбат-баарлашуу, т.а., Аны менен бирге болуу адеп, ыйбаа менен, Жараткандын көзөмөлүндө тургандыгыбызды унутпоо аркылуу мүмкүн.

Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* менен сукбат анын куттуу сүннөтү менен жашоо аркылуу,

Олуя пенделер менен сукбат урмат-сый, кызмат аркылуу,

Боордоштор менен сукбат дайыма жылуу мамиле менен аларды сүйүндүрүү аркылуу,

Карапайым эл менен сукбат аларга дуба кылуу жана боорукер сезим менен мамиле жасоо аркылуу болот.

***

**Имам Газалий -куддиса сиррух-(1111-жылы көз жумган)**

Уулум! Мынабул үч ибадатыңда жан дүйнөңдүн аруулугун таза карма! Акыл-ойуң талаада болбосун! Булар Куран окуу, Жаратканды даңазалап зикир кылуу жана намаз окуу учурлары. Мына ушул учурларда акыл-ойуң, көңүлүң бир саамга да талаада болбосун! Жараткан Алланын алдында тургандыгыңды унутпа! Бул учурда кыбылага жүз буруп, акылың ой-талаада болсо, анын берекеси качат. Жүзүңдү жер бетиндеги алгачкы мечит Каабага буруп, жан дүйнөң менен Жараткан Аллага бет ал!

Уулум! Бирөөнүн акы-укугуна карата өтө этият мамиле жаса! Бир тыйын карыздын айынан Жараткан Алланын алдында кабыл алынган көптөгөн ибадаттарыңдын сообу кетет. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* карыздар бойдон көз жумгандардын жаназа намазын дароо окучу эмес. Мунун себеби маркумду карызынан арылтуу эле. Бул анын маркумга болгон боорукерлиги, жылуу мамилеси эле. Мусулман баласы карызды дайыны жок жерлерге колдонуу үчүн албайт. Ал эми олуттуу себептерден улам карыз алса, Алла Таала ага карызын төлөп берүүгө жардам берет. Алтургай карызды ээсине кайтарып берүүгө аракет кылып, бирок карызын толук төлөй албай көз жумса, кыяматта Алла Тала ага жардам көрсөтөт.

Жашоонун оош-кыйышында боло турган машакаттар үчүн да Жараткан Аллага шүгүр келтирүү зарыл. Себеби каапырлыктан жана күнөөлөрдөн өткөн балээ жок. Кудай Таала ушундан Өзү сактасын! Алла Таала сенин жакшылыгыңды сенден миң эсе артык билет. Сен чындыгында сага пайдалуу көп нерселерди терс кабыл алышың мүмкүн. Ошондой эле сага зыяндуу көп нерселерди жакшылык катары кабыл алышың да мүмкүн. Эң бейпил жол – бул тагдырыңа ыраазы болушуң, Жаратакандын ар бир сыноосуна шүгүр келтиришиң!

Уулум! Жакын мамиледе болгуң келген адамдарды туура танда! Эсиңе түйүп ал, бир себет толтура таза алманы бир чирик алма чиритет (бир карын майды бир кумалак чиритет). Ошондуктан дайыма Жаратакандын такыбаа пенделери менен бирге бол!

Жакшы дос гүл майын (миск, атыр) саткан сатуучу сыяктуу. Сен сатуучудан аны сатып аласың, же ал сага белек кылат, же эч болбосо сага ал жердин жыпар жыты сиңип калат. Адам жакшы көргөн адамдары менен бирге болот. Бул дүйнөдө кимдер менен жакын ымалаш болсоң, кыяматта ошолор менен бирге болосуң. Мына ошондуктан алган илимине ылайык өмүр кечирген аалымтакыбаалардын сукбат-дилмаектеринен калба!

Уулум! Жашоодо бүт нерсе Алла Тааланын эрк-каалоосуна жараша болот. Алла Таала бирөөнү бай, бирөөнү кедей, бирөөнү ден-соолугу чың, бирөөнү майып, бирөөнү аалым, бирөөнү наадан кылган. Бул дүйнөнүн тең салмактуулугу ушундай таризде гана сакталат. Өзүңдөн төмөн адамдарды көргөнүңдө, бой көтөрүп аларды төмөн көрбө! Сен алардын, алар сенин ордуңда болуп калышы толук мүмкүн болучу. Ошондуктан кедей-кембагалдар менен дос бол! Аларга дайыма жылуу мамиле жаса! Адамдык да, мусулмандык да сапатыңды жоготпо! Ошондо гана түбөлүк бакытка жетесиң. Эки дүйнөлүк бакытка жеткиң келсе, эч кимдин көңүлүн оорутпа! Өзүңдөн жаш адамды көрсөң «мунун күнөөсү менин күнөөмдөн аз», ал эми улуу адамды көрсөң «бул адамдын сообу меникинен көп. Мен билбеген артыкчылыктары менен менден алдаканча жогору» деген түшүнүк менен назар сал! Аалым көрсөң, «мунун илими бар, өзүн куткарат», сенден илими төмөн адамдарды көрсөң, «Бул билбейт, Алла Таала аны кечирет» деп ойло! Ал эми каапыр адам көргөнүңдө, акыркы деми белгилүү болбогондуктан «Алла Таала буга адал жолдун багытын көрсөтсө, бардык күнөөлөрү кечирилип, акыретке таптаза барышы мүмкүн. Ал эми менин акыркы демим кандай болот?» деп акыркы демиңди ойлон! Өзүңдү канчалык таанып, канчалык алсыз деп билсең, Алла Тааланын алдында ошончолук бийик даражада болосуң!

Уулум! Колуңан келишинче мусулман боордошторуңа жардам бер! Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Ким мусулман боордошунун бир муктаждыгын камсыз кылса, Алла Таала да анын бир муктаждыгын камсыз кылат!»* деген (Бухарий, Мазалим, 3).

Дагы бир хадисте ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай деген: *«Ким мусулман боордошунун айыбын жапса, Алла Таала бул дүйнөдө да, акыретте да анын дагы айыбын жаап-жашырат»* (Муслим, Бирр, 72).

Акылдуу адам напсисине: «Менин болгон байлыгым – бул өмүрүм. Мындан башка эч нерсем жок. Ал мен үчүн баа жеткис байлык. Алтургай анын бир демин эч бир нерсеге алмашууга болбойт. Бул өмүрдөгү демим саналуу гана жана алар күн өткөн сайын азайып барат. Ошондуктан буга олуттуу мамиле жаса! Бул дүйнөгө эртең көз жума тургандай назар сал! Арам иштерден оолак болуп, такыбаалыкка бет ал!» деши керек.

Оо, Жараткан Алла! Өмүрүбүздү туура пайдаланып, түбөлүк бакыттын мөлтүр булагынан даам сыздыра көр... Ыраазылыгыңды таап, кыяматта Жамалыңды көрүүнү бизге насип кыла көр... Бизди адал жолуңдун туруктуу жолоочуларынын катарына кошо көр... Ибадатка Жалгыз Өзүң гана татыктуусуң! Сени ар түрлүү кемчиликтерден аруу тутам! Сага татыктуу түрдө кулчулук кыла албагандыктан өзүмө-өзүм зыян келтирдим.

Чексиз алкыш, хамд Сага гана жарашат! Сага чексиз шүгүр келтирем! Сүйүктүү Пайгамбарыңды *(саллаллаху алейхи васаллам)* чексиз ыраакымыңа бөлөй көр...

***

**Абдулкадир Гайланий -куддиса сиррух-(1077-1166-ж.ж.)**

Уулум! Сага такыбаалык керек. Андыктан такыбаалыктын талаптарына жооп бер да, жан дүйнөң рухий ыпластыктардан арылсын, жакшылыкка бет алсын!

Балам! Мал-мүлк (акча) табууда түнүчүндө отун терген, бирок колуна эмне тийип жатканын билбеген адам сыяктуу болбо! Анын адал-арамдыгын эске ал! Эч качан тавхиддин жана такыбаалыктын жолунан тая көрбө!

Балам! Куран менен жашоо сени Курандын даражасына чыгарат! Сүннөт менен жашоо сени акыркы Пайгамбарга жакындатат! Олуялардын жан дүйнөсүн көркүнө

чыгарган нерсе мына ошол Ыйык Куран менен акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу сүннөтү болуп эсептелет.

Уулум! Арам тамак жүрөктү өлтүрөт. Ал эми адал тамак жандандырат. Бир тамак бар сени бул дүйнө менен, дагы бир тамак бар акырет менен алек кылат. Ошондой эле дагы бир тамак бар сени бул дүйнөнүн да, акыреттин да Жаратуучусуна бет алдырат!

Уулум! Напсиң менен күрөшүүдө сага жардам берген адам менен дос бол! Аны менен сукбат кур! Напсиңдин араанын ачууга көмөк көрсөткөн адам менен достошпо! Алгач өзүңдүн напсиң менен алек бол! Аны теске салып, адал жолго түшүр! Андан кийин башка адамдар менен алектен! Айланасына жарык чачып, бирок өзүн ээритип жок кылган шам сыяктуу болбо! Чын ыкластуу бол! Болбосо, бекер иштеген болосуң.

Адамдарды Жараткандын адал жолуна сөз менен эмес, жан дилден чыккан аруу сезим, чын ыклас менен баштоо мүмкүн. Ал үчүн чын ыкластан ибадат, зикир, риязат жана муракаба талап кылынат. Болбосо, көрсөтмөлүүлүктөн, сырткы көрүнүштөн ары өтпөгөн, жан дүйнөгө эч кандай пайда-батасы жок иш-аракеттердин кыпынчалык да таасири болбойт. Ошондуктан мусулман пенденин тили менен дили, дили менен тили, сөзү менен өзү, өзү менен сөзү айкалышып турушу кажет.

**Ахмад ар-Рифаий -куддиса сиррух-(1118-1182-ж.ж.)**

Жараткан Алланын олуя пенделерине жакын болууга аракет кылгыла! Себеби Алла Тааланын сүйүктүү пендесин жакшы көргөн адам Алла Тааланы сүйгөн болот. Ошондой эле ага душмандык кылган, Аллага душмандык кылган болот.

Зикириңерден жазбагыла! Анткени зикир Жараткандын ыраазылыгына жетүү үчүн бекем чыйралган үзүлбөс жип сыяктуу. Жараткан Алланы дайыма зикир кылып даңазалагандар бейпил абалда болушат. Зикирдин жүрөккө отурукташуусу сукбаттын берекеси менен мүмкүн. Анткени пенде досунун жолунда болот.

Ой-жүгүртүү азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* биринчи амал-иши. Парз ибадаттарга чейин анын ибадаты Алла Таала жараткан бүтүндөй жандуу-жансызды, Ал ыроологон жакшылыктарды ойлоо менен гана чектелген. Ошондуктан бул багытта силер да терең ой жүгүрткүлө! (Жаратканга шүгүр келтирип, бизге буюрулган парз ибадаттарды аткарууга жанүрөгүлө!)

Элек сыяктуу ундун майдасын түшүрүп, кесегин өзүңөргө алып калбагыла! Оозуңардан жан азык сөздөр куюлуп, жүрөгүңөр ыплас бойдон калбасын! «Элди жакшылыкка чакырып, өзүңөрдү унутуп коесуңарбы?» (Бакара сүрөсү, 44-аят) деген Жараткандын эскертүүсүн эсибизге түйүп алалы!

Жан дүйнөңөрдү таза кармагыла! Анткени жан дүйнөнүн тазалыгы дене-турпаттын тазалагынан алдаканча өзгөчө мааниге ээ. Алла Таала кийимге эмес, жан дүйнөгө назар салат. Адал жолдун чегинен ашпагыла! Алла Тааланын ыраазылыгынан башка эч нерсе үмүт кылбагыла!

***

**Абдулхалик Гуждаваний-куддиса сиррух(1189-ж. к. ж.)**

Уулум! Сага айтаарым, илим ал, адамгерчиликтүү бол! Ар бир ишиңди такыбаалыктын чегинде жаса! Өткөндөрдүн эмгектерин оку! Ахлу суннат вал-жамааттын жолу менен жүр! Фикх, хадис илимдерин оку! Намаздарыңды жамаат менен оку! Жүрөгүңдө атак-даңкка карата кандайдыр бир ийкемдүүлүк болсо, анда намазда имамдыкка чыкпа, азан да айтпа! Атак-даңктан колдон келишинче оолак бол! Себеби атак-даңкта апаат бар! Өзүңдү дайыма төмөн карма! Күчүң жетпей турган иштерге кепил болбо! Элдин сага тиешеси болбогон иштерине кийлигишпе! Адал-арамды ылгабаган

пенделер менен жакын мамилелеш болбо! Ар бир ишиңди Жаратkандын мыйзамынын негизине ылайык жаса! Шариятка бекем бол! Жагымдуу үндөргө ашкере берилбе, себеби ал жүрөктү карартат. Анын акыр-аягы эки жүздүүлүккө алпарат. Ошону менен бирге жагымдуу үндү да четке какпа! Аны менен айтылган азан, окулган Куран жан дүйнөгө бейпилдик тартуулап, аны көркүнө чыгарат. Аз тамактан, аз сүйлө, аз укта! Кайдыгерлерден арстандан качып бараткандай кач! Жеке кызыкчылык үчүн фатва чыгарып, Ислам дининин жеңил-желпи кабылданышына себепкер болгон адамдардан, текебер байлардан жана наадандардан оолак бол! Адал азык менен тамактан! Күмөндүү нерселерден алыс бол! Үй-бүлө курууда такыбаалыкка көңүл бур! Болбосо, утурумдук дүйнөнүн азгырыгына байланып, ыйманыңа доо кетиресиң... Көп күлбө! Себеби көп күлүү жүрөктү кара көөгө бойоп коет. Бирок ошону менен бирге ууртуңдан жылмайганыңдан жазба! Элге жылуу мамиле жаса! Эч кимди төмөн көрбө! Сыртыңа ашкере маани берип, жан дүйнөңдү кирдетип алба! Талашып-тартышпа, эч кимден эч нерсе сураба, топуктуу бол, адамдык кадыр-баркыңды сакта! Сага эмгеги өткөндөргө, сени тарбиялап чоңойткондорго урмат-сыйыңдан жазбай, мал-жаның менен кызматыңды кыл! Алардын көйгөйлөрүн өзүңдүн көйгөйүң сыяктуу кабыл ал! Аларга терс мамиле жасаган наадандар жакшылык таппайт! Утурумдук дүнүйөгө, дүнүйөнүн аркасынан сая кууган кайдыгерлерге алданба! Ишиң ыклас, кийимиң такыбаалык, байлыгың Ислам илимдери, үйүң мечит жана жакын досторуң Жараткандын сүйүктүү пенделери болсун!...

***

**Фаридуддин Аттар -куддиса сиррух-(1119-1220-ж.ж.)**

Жүрөгүңдү ооруткандардын сенден сураган кечиримин кабыл ал! Адамдардын жүрөгүн ооруткан адамды Алла Таала сүйбөйт. Мындай мүнөз мусулман баласына жарашпайт. Зулумдук менен бирөөнүн жан дүйнөсүн жаралаган адам ал жараны өзүнө жугузган болот. Өз кемчилигин көрө алгандар өзүнчө дем-күчкө ээ.

Наадандыктын төмөнкүчө белгилери болот:

Өз кемчилигин билбей, бирөөнүн кемчилигин издөө. Жан дүйнөсү тар, зыкым, сараң болсо да, жакшылык күтүү.

Адеп-ахлагы, жүргөн-турганы, мамилеси менен элдин купулуна толо албаган адамдын Алла Таалынан алдында эч кандай кадыр-баркы болбойт.

Оорулууларга барып, ал-акыбалын сура! Себеби бул азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтү. Колуңдан келсе, карды ачтарды тойгуз! Сукбат-дилмаектерде адамдарга кызмат кыл! Жетимдердин ал-абалын сурап, жардам бер! Алла Тааланын алдында кадырың жогоруласын! Себеби жетимдин бир саамдык көз жашы Аршты титиретүүгө жетиштүү. Бир жетимдин убалына калган заалым тозок отуна отун болот. Оорулуу жетимди сүйүндүргөн адам өзү үчүн бейиш каалгасын ачкан болот.

Алла Тааланын жолунда эмне берсең, өз мал-мүлкүң ошол. Андан сырткаркы мал-мүлкүңдүн эсеби болот.

***

**Мухйиддин ибнул-Арабий -куддиса сиррух-(1165-1240-ж.ж.)**

Жүрөгүңдү Жаратканды даңазалап, зикир кылууга көндүрсөң, жүрөгүң сөзсүз зикир нуруна толот. Ал нур көөдөн көзүңдүн ачылышына себеп болот.

Алла Тааланын пенделерине боорукер сезим менен жылуу мамиле жаса! Мээримиңди эч бир жандуу-жансыздан аяба! «Бул чөп. Жансыз. Ал эмнени билмек эле. Мунун эмне пайдасы бар» дебе! Ооба, алардын биз билип-билбеген көптөгөн пайдалары

бар. Жаратылган нерсени өз жайына кой да, ага Жараткан тарабынан ыроолонгон мээримиңди төк!

Сенден жардам сурап келген адамга жардамыңды аяба! Жылуу сөз менен болсо дагы анын көңүлүн ал! Эртең Алла Тааланын алдына бара турганыңды ойло!

Утурумдук дүйнөнүн түркүн түстүү азгырыктарынын аркасынан сая кууп, алардын кулуна айланып калба! Анткени сен сени кул катары кабыл алган Жалгыз Алла Тааланын гана кулусуң!

Алла Тааланын мусулман кулдарына салам берүү менен, көйгөйлөрүн чечүүгө жардам берүү менен мээримиңди төгүшүң керек. Мына ушуну эсиңе түйүп ал, мусулмандардын бардыгы бир адам, бир дене сыяктуу.

Өзүңдү жамаат менен бирге болууга көндүр! «Алла Тааланын ыраакымынан алыс болуп калуу» деген санаа жүрөгүңдү өйүп турушу керек. Бул багытта терең ойлонушуң керек, жүрөктөн сыздап, Жаратканга жалбарышың керек. Ошондуктан Жаратkандын жибин (Ыйык Куранды) бекем карман! Алла Таала ыраазы боло турган иштер менен алек бол!

***

**Мавляна Жалаладдин Руми -куддиса сиррух-(1207-1273-ж.ж.)**

Алла Таала пайгамбарларын жана олуя пенделерин ааламга ырайымдуулуктун жарчылары катары жиберген. Ошондуктан алар элге эч тажабастан, чаалыгып-чарчабастан акыл-насааттарын айтып келген. Алар акыл-насааттарына кулак төшөбөй, жүз үйрүгөн пенделер үчүн «Оо, Жараткан Алла! Буларга Өзүң жар болуп, ыраакым эте көр...» деп Жаратканга жалбарышкан.

Сен эсиң барда акыл-эсиңди жыйып, олуялардын сөздөрүнө кулак сал! Кулак салгын да, руханий бейпилдикке бөлөн!

Мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбай, утурумдук дүйнөнүн азгырыктарынан арылып, өзүн толугу менен Жаратканга арнап, баралына келген пенденин этегин кармагын да, акыр замандын, мынабул бүгүнкү башаламан дүйнөнүн миң түркүн бузукулуктарынан арыл!

Олуялардын сөздөрү жанга жан азык тартуулаган мүрөктүн суусу сыяктуу. Мүмкүнчүлүк колдо турган кезде, андан суусунуң канганча жутуп алгын да, жан дүйнөңө жыпар жыты аңкыган түркүн түстүү гүлдөр өсүп чыксын! Жан дүйнөң ажарына чыгып, көрккө бөлөнсүн!

Адеп – бул адам баласынын дене-турпатындагы рух сыяктуу. Ырасында, ал олуялардын көөдөн нуру. Эгер шайтандын чырагына май тамызгың келбесе, адептүү бол! Адамдык касиетиңди сакта! Шайтанды өлтүрүүчү уу – бул адеп.

Көзүңдү ачкын да, Жараткандын сөзүнө ыйык Куранга баштан-аяк назар сал! Курандын ар бир аяты адепке чакырат. Ал бизге адептүүлүктү үйрөтөт.

Сен мал-мүлкүңдү бергин да, бир адамдын көңүлүн көтөр! Көтөргүн да, көзгө сайса көрүнгүс караңгы көрдө жарык тап...

Жараткандын сүйүктүү олуя пендеси менен бир саамга бирге болуу бир өмүргө тете. Ошондой эле бул дүйнөдө бир кыл адамдар бар, алар менен бир жерде болуу, сүйлөшүү мындай турсун, аларды көрбөө, алардан алыс болуу бүтүндөй дүйнөдөгү малмүлккө тете.

Мен жан дүйнөмө кайрылып мындай дедим: «Элге көрүнүүгө аракет кылба! Кечиримдүү, боорукер бол! Зыяндуу тикен болбо! Сага эч кимден жамандык келишин каалабасаң, жаман сөз сүйлөбө, бирөөнү жамандыкка чакырба, бирөөгө жамандык ойлобо, кара ниет болбо! Ар дайым жакшылык иштерге гана умтул!»

***

**Ибрахим Дасукий -куддиса сиррух-(1119-1220-ж.ж.)**

Уулум! Сага айтаар акыл-насаатым ушул: олуялардын дубасын ал! Алардын таалим-тарбиясына кирип, тапшырмаңды толук аткар!

Куранды окуп жаттаганыңа мактанба!.. Өзүңө-өзүң назар сал! Өмүрүң Ыйык Куран менен өтүп жатабы? Же өзүң каалагандай жашап жатасыңбы?

Уулум! Талаш-тартыштардан, ушак-айыңдардан, пайдасыз сөздөрдөн алыс бол! Сүкүт чалып, терең ойго чөмүл! Чын ыкласыңдан жазбай, жакшылык иштер менен алек бол! Напсиңе баш ийбе!

Аалым-олуялар менен бирге бол! Бул жолдо сага эң көп жардамы тие турган адамдар мына ошолор болоорун эсиңден чыгарба!

Уулум! Акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашашыңа чын жүрөктөн тилектешмин...

Сен баатыр болушуң керек. Бир нерсенин көлөкөсүнөн үрккөн коркоктордон болбошуң керек. Кандайдыр бир оор кырдаал сени дароо жерге сулатпашы кажет.

Жараткандын аруу сүйүүсүнө арзууга жанүрө!

Ушактоо үчүн бирөөнү издесең, алгач атаңды же энеңди ушакта! Себеби алар сенин жакшылыгыңды алууга башка адамдарга салыштырмалуу алдаканча татыктуу!

Алла Таала бир күн, бир түндө жетмиш эки жолу пенделеринин жүрөгүнө назар салат. Ошондуктан жүрөгүңдү таза карма! Аны көркүнө чыгар! Анткени ал Жараткан Эгеңдин назары түшчү жай.

Уулум! Эгерим тигил же бул нерсени «өзүм жасадым» деп ойлобо! Эсиңе түйүп ал, орозо кармаганыңда аны сага Алла Таала карматты, намаз окуганыңда аны сага Алла Таала окутту. Такыбаалыктын даражасына жеткен болсоң, ага сени Алла Таала жеткирди, материалдык-руханий тигил же бул ийгиликти багындырсаң, аны сага Алла Таала багындырды.

Уулум! Бардык адамдардын жана жиндердин жакшылык иштеринчелик жакшылыктарың болсо дагы, эч качан «мен» дей көрбө! Алла Таала «мен» дегендерге өз учурунда орду толгус касырет тарттырып койду. Менменсинсең, Жараткан Алланын алдындагы кадыр-баркыңан кетесиң, муну эсиңден чыгара көрбө!

***

**Бахауддин Накшибанд -куддиса сиррух-(1119-1220-ж.ж.)**

Биздин жолубуз – Алла Таала көрсөткөн түбөлүк бакыттын жолу. Анткени бул жол акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* сүннөтү менен жуурулуша жашоо, кутман сахабалардан үлгү алуу аркылуу өтөт. Ошондуктан адамдар бул жол аркылуу кыска убакыттын ичинде чоң ийгиликтерге жетишет.

Биздин жол – сукбат-дилмаектин жана ырайымдуулуктун бейпил жолу. Кутман сахабалардын сукбат жолу сыяктуу... Жакшылык да, береке да – жамаатта, ал эми жамаат сукбат менен болот. Жалгыздыкка бет алууда элге көрүнүү коркунучу да болушу мүмкүн. Ал эми элге көрүнүү (мактануу, өзүн жогору сезүү) – бул өзүнчө чоң апаат!

Биздин жолдогулар мынабул үч нерсеге кылдат мамиле жасашы керек:

Биринчиси: Алла Таалага карата адеп. Тагыраак айтканда, алар Жараткандын алдындагы кулчулук милдеттерин аткарышы керек. Алла Тааланын бардык буйрук-жарлыктарын аткарып, Анын мыйзамы менен өмүр кечириши керек. Катардагы сүйүүлөр Алла Таалага болгон аруу сүйүүдөн жогору болбошу зарыл. Жараткан Аллага болгон улуу

сүйүү жүрөктүн төрүнөн орун алышы кажет. Жараткан ыроологон жакшылыктарды адал жолдо колдонушу керек.

Экинчиси: Алланын Элчисине *(саллаллаху алейхи васаллам)* карата адеп. Бул адеп ибадатта болсун, эл менен болгон мамиледе болсун, соодада болсун, айтор, ар качан Пайгамбарыбыздан үлгү алуу, дегенди түшүндүрөт.

Үчүнчүсү: муршидке карата адеп.

Жараткан Алланы эстен чыгарып кайдыгерлик менен даярдалган тамак-ашта береке болбойт. Себеби ага напси менен шайтан жол ачкан болот. Мындай тамак-аш жеген адамдын руханий даражасына белгилүү өлчөмдө терс таасирин тийгизет. Жаратканды эстен чыгарбай жасалган адал тамак-аштарда береке, кут болот. Кээ бир адамдардын жакшылык иштерди жасай албай жатышынын себеби тамак-ашынын адал-арамдыгына маани беришпегендиги, күмөндүү нерселерден оолак болушпагандыгы, адамдардын акыукугуна карата жеңил-желпи мамиле жасашкандыгы болууда. Намазды чын ыкластан жан дил менен берилип, көз жаш төгүп окуу адал азыкка жана адал тамак-ашты Жараткан Алланы эстеп зикир кылуу менен бышырып, Анын көрүп тургандыгын эстен чыгарбай адеп менен жегенге байланыштуу. Арам азык менен тамактанган адам намаздан эч кандай ырахат ала албайт.

Ардактуу Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Намаз – бул мусулман пенденин миражы»* (Суютий, Шарху Ибн Маажа, 1, 313) деген сөзүндө чыныгы намаздын даражаларына карата ишарат жасалган. Намазга турган адам «Аллааху акбар!» деп алгачкы такбирди алып жатканда Алла Тааланын чексиз улуулугун, чексиз Кудуретин ойлоп, бейпил абалда болушу керек.

«Лаа илааха иллаллаах»тын өзөк мааниси жүрөктө Алла Таалadan башка эмне болсо, алардан бирөөнү дагы жалган кудайга айлантып албоодо жатат. Ислам дининин өкүмдөрүн аткаруу, т.а. андагы тыйуу салынган нерселерден алыс болуу, буйруктарын аткаруу, арам, күмөндүү нерселерден оолак болуу, мубахтарды зарылчылыкка жараша гана колдонуу – бул толугу менен нур, чексиз бакыт! Ошол эле учурда булардын бардыгы адамды Жаратkandын ыраазылыгына жетелеп, Анын сүйүктүү пенделеринин катарына кошот. Олуялык[145] даражага ушул жол аркылуу гана жетүүгө болот. Мындан алыс болгон адамдардын бардыгы мына ушул түбөлүк бакыттын жолунан алыс болгондор. Алар өздөрүнүн түшүнүгүнө жараша өмүр сүрүшөт, Ислам жолуна жеңил-желпи, үстүртөн мамиле жасашат. Болбосо, Жараткан Алланын берекеси ар дайым келүүдө...

***

**Мавляна Халид Багдадий -куддиса сиррух-(1826-ж. к. ж.)**

Сага айтаар кебим, Алла Таалага баш ий! Кайсыл жерде болбогун, Алланы эсиңден чыгарба! Эч кимге зыян келтирбе! Айрыкча Каабанын жана Набавий мечитинин жанында адебиңди сакта!

Сени ушактаса да, сен эч кимди ушактаба! Эч кимдин малмүлкүнө кол сала көрбө! Шариятта уруксат берилген адал нерселерди ал! Аларды жакшылыкка гана колдон! Мусулман боордошторуң ач отурган кезде, жеке кызыкчылыгыңды ойлобо! Эч качан калп айтпа! Эч кимди төмөн көрбө! Эч кимден жогору болгонуңду ойлобо! Ибадаттарыңды болгон күч аракетиң менен чын ыкластан аткарууга жанүрө! Напсиңе «Жаратkandын алдында кабыл алына турган бир дагы жакшылык иш кылганым жок» деген сөздү кабыл алдыр! Себеби ибадаттардын руху – бул ниет. Ал эми ниет чын ыклас менен гана болот. Руханий жактан сенден жогору турган адамдарга ыклас абадай зарыл. Сенин ага болгон муктаждыгың алардын муктаждыгынан да жогору. Чын ыклас сага абадан да, суудан да

зарыл. Алла Таалага ант болсун! Энем мени төрөгөн күндөн тарта бүгүнкү күнгө чейин Алла Тааланын алдында кабыл алынып, эсеби суралбай турган бир дагы жакшылык иш кылганыма ишенбейм.

***

**Муса Топбаш -куддиса сиррух-(1918-1999-ж.ж.)**

Мусулман пенденин жан дүйнөсү иш-аракеттеринен, жүрүмтурумунан көрүнөт.

Мусулмандын эң негизги өзгөчөлүктөрүнөн айрымдары мынабулар: кичи пейил, сылык болушу, өмүрдүн утурумдугун билип, аны ысырап кылбашы, Алла Тааланын пенделерин жакшы көрүшү, алар менен жылуу мамиледе болушу, боордошунун айыбын жашырышы, адал-арамга өзгөчө көңүл бөлүшү, адамгерчиликтүү болушу, адилеттүү болушу ж.б.

Жараткан Алланын ыраазылыгын табуу үчүн таңкы намаздарыбызды калтырбайлы, зикир, дуба кылалы... Алгач атаэнелерибиздин, бала-бакыраларыбыздын, үй-бүлөбүздүн кызматын кылалы... Дүйнөнүн аркасынан жүргөндөр менен болгон ымалабызга кылдат мамиле жасап, такыбаалар менен бирге болууга аракет кылалы... Ошондой эле туугандарыбызга, муктаж кембагал адамдарга колдон келген жардамыбызды аябайлы...

Ката иштер, жаңылыштыктар, күнөөлөр зикирден кайдыгер болгон кезибизде жүзөгө ашат. Зикирдин даамын татып жүргөндөр дүйнөлүк кайгы-муңга батпайт. Ар качан бейпил абалда болушат. Бүтүндөй жандуу-жансызга жылуу мамиледе болушат. Жараткан Алла Таала Өзүн сүйгөн пендесин сүйүү дайрасына каалгытат.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

سَيِّدُ الْقَوْمِ خَادِمُهُمْ

*«Бир жамаатка кызмат кылган адам (соопко ээ болуу жагынан) алардын эң алдында турат»* деис т (Даис ламиис , Муснад, 2, 324).

Кээ бир адамдар көп ибадат кылышса да, Жараткан Алланын «Саттаарул-уис ууб» б.а., «аис ыптарды Жашыруучу, кемчиликтерди кечирүүчү» деген сыпатынан эч кандаис насип ала албагандаис сезилет. Ошондуктан алар ибадаттарын талап кылынгандаис толук аткара алышпаис т. Кечиримдүү болуу, бирөөнүн аис ыбын жашыруу адамдык эң биис ик асыл сапаттардын катарынан орун алат. Алла Таала биздин сан жеткис ката иштерибизди, күнөөлөрүбүздү жаап, кечиргендеис , биз дагы кечиримдүү болушубуз керек. Алла Тааланын сүис үүсүнө ээ болгон адамдар кечиримдүү болууну жакшы билишет.

Бул дүис нөнүн миң бир түрлүү азгырыктарынан арылып, Жараткан Алла Таала менен бирге болуу – бул чыныгы эрдик. Мына ушунун өзү Жараткан Алла Тааланын өзүнчө белеги. Кулчулук озуис пабызды толук орундата алсак, утурумдук бул дүис нөнүн келип-кетүүчү «оюнчуктарына» алданбаис быз.

Жараткан Алланын эң чоң жакшылыктарынын бири – бул пендесине алсыздыгын билдириши болуп эсептелет. Менин ушул руханиис  жолдон тапкан, балким, эң чоң жакшылыгым – өз кемчиликтеримди көргөндүгүм болду. Жараткан Алланын алдында жасаган күнөө иштеримди аңдадым. Ошентип эч кимдин кемчиликмүчүлүштүктөрүн көрүп, алар менен алпурушууга күчүм калган жок.

Мына ушунун бардыгы үчүн Жараткан Аллага чексиз шүгүр келтирем!..

***

**Оо, Жараткан Алла! Олуя пенделериндин көөдөнүндө оргуштап, ашып-ташкан жалгыз Өзүңө болгон аруу сүиАүүлөрүнөн бизге да насип буюра көр... Алардын акыл-насааттарына кулак төшөп, сабак алышыбызды насип кыла көр...**
**ООмииАин...**

## АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ
## ОМОКТУУ ОКУЯЛАР

Буга чеис ин жогоруда да маалымдалгандаис, тасаввуф сөздөн мурун кыис мыл-аракетке, б.а., адамдык асыл сапаттарды өөрчүтүпөстүрүүгө басым жасаган илим болгондуктан, бул жолдун жолбашчылары саналган акыркы Паис гамбар баш болгон аалым-олуялардын жан дүис нөсүнөн ашып-ташкан жандуу мисалдардын ар бири биз үчүн өзүнчө үлгү. Илгертеден бери эл оозунда аис тылып келе жаткан ошол инсандардын ибараттуу окуялары көөдөндөгү ыис манды бекемдеп, адамдык асыл сапаттарды жандандырып, Жаратканга болгон аруу сүис үү булагын оргуштаткан жана мээримдүүлүк, кечиримдүүлүк, боорукерлик сыяктуу аруу сезимдерди баралына келтирген оң таасири менен көптөгөн адамдардын адал жолго түшүшүнө опол тоодоис салымын кошкондугу талашсыз чындык. Жараткан Алла Таала Ыис ык Куранда мисал келтирген окуяларды жер бетинде өтүп жаткан жашоонун өзүнөн эле алуу менен алардын адам баласына таасирлүү да, жугумдуу да боло тургандыгына, адамдын бышып-жетилип, баралына келишинде өзгөчө рол оис ноис тургандыгына ишарат жасап, бизге сабак берген. Биз дагы Жараткан Алланын мына ушул ыкмасына таянып, китептин бул бөлүмүндө Жаратнандын адал жолу үчүн, Ислам дини үчүн күис үп-жанган, Ыис ык Куран менен, Алланын сүис үктүү Элчисинин *(саллаллаху алеис хи васаллам)* куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоого жанүрөгөн алсыз пенделердин окуяларына орун берүүнү эп көрдүк. Ошону менен бирге окуялардын өзөк маани-маңызы багытында да тиешелүү маалыматтарды кыска жана нуска түрдө берүүгө аракет кылдык.

### Чыныгы илим

Сами мырза Стамбул шаарындагы Дарул-Фунуун университетинин укук факультетин жаңы гана бүтүргөн кези эле. Сами ошол күндөрдүн биринде бир олуя пендеге жолугуп калат. Баарлашуу учурунда олуя Саминин ниетинин калыстыгын, ыкласынын аруулугун жактырып:

- Уулум, ырас, алган бул илимиң дагы жакшы. Бирок сен негизги илимди алганга аракет кыл! Сени «ирфан» мектебине тапшырталы. Ал жерден жанга азык болчу илимдерди ал, акыреттин сырларын үйрөн! Ал мектепте кандай сабактар болоорун, эмнени үйрөтөөрүн биле албайм. Бирок бул мектеп жөнүндө бир эле нерсени билем, ал жерде бериле турган илимдин биринчи сабагы эч кимдин көңүлүн оорутпоо менен башталып, акыркы сабагы эч кимден көңүл оорутпоо менен аяктайт – деп табышмактуу сунушун айткан экен.

**Сөз оролу**

Ырас, бирөөнүн көңүлүн оорутпоо белгилүү деңгээлде жеңилирээк. Ал эми тигил же бул адамдын акаараты үчүн, же тийгизген зыяны үчүн көңүл оорутпоо – бул өтө оор иш. Бул нерсе адамдын руханий абалына байланыштуу. Эч кимден көңүл оорутпоо бул утурумдук дүйнөнүн тургундары жактан келип, «жүрөккө сайылган ар түрлүү уу октордун» таасирсиз калышы, дегенди түшүндүрөт. Ууга чыланган мындай октордун таасирсиз калышы – напсинин теске салынышына, жүрөктүн миң бир түрлүү

ыпластыктардан арылышына, т.а., адамдын руханий тарбиядан алган насибине байланыштуу болот. Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* учурунда «Таиф» деген жерде каапырлардын акаарат сөздөрүн угуп ташбараңга алынган кезде Жаратканын буйругу менен дароо жетип келген периштелер:

«Эй, Алланын Элчиси! Мынабул эки тоону бириктирип, бул элди жер менен жексен кылып, жердин кургуйуна житирип жиберели, каалайсыңбы?!» деген эле.

Анда ааламга ырайымдуулуктун пайгамбары катары жөнөтүлгөн ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* периштелердин сунушун кабыл албай, Жараткан Алла Таалага алакан жая, алардын адал жолго түшүүсү үчүн дуба кылган (Бухарий, Бадул-халк, 7; Муслим, Жихад, 111).

Акыркы Пайгамбардын жолун жан дили менен жолдоп, Жараткан Алланын сүйүүсүнө күйүп-жанган Халлаж Мансур дагы кезинде таш бараңга алынып жаткан учурда:

«Оо, Жараткан Алла! Булар эмне кылып жаткандыгын билишпейт. Менден мурун аларды кечире көр...» деп Жаратканга жалбарган.

Бул чыныгы илим менен алына турган, тагыраак айтканда, руханий тарбиянын натыйжасында жете турган «калбу салимге» (таза жүрөккө, аруу жан дүйнөгө) тиешелүү абал.

Абул-Касым ал-Хаким аруу жан дүйнөнүн өзгөчөлүктөрүн сураган адамдарга төмөнкүчө жооп берген:

«Аруу жан дүйнөнүн үч өзгөчөлүгү бар:

**Биринчиси:** эч кимдин жүрөгүн оорутпайт.

**Экинчиси:** эч кимден көңүл оорутпайт.

**Үчүнчүсү:** жакшылыкты жалгыз Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн гана жасап, анын акыбетин күтпөйт.

Ырас, мусулман пенде Жараткан Кудуреттин алдына эч кимге зыян бербөө, жүрөгүн Жаратканга гана арнап, эч кимден көңүл оорутпоо аркылуу, ошондой эле жасаган жакшылык иштеринен кандайдыр бир дүйнөлүк кызыкчылык күтпөө аркылуу жарык жүз менен бара алат»

***

## Руханий тарбиядагы ыкма

Шах Накшибанд олуя бул багытта мындай деген:

«Биз шакиртти абалына жараша тарбиялайбыз. Кээ бирине «жазб», кээ бирине «сулуук» жолун тандайбыз. Сукбаттарыбызга келгендердин кээ биринин көөдөнүндө боорукерлик, сүйүү сезими жогору, кээ биринде төмөн, кээ биринде дүйнөлүк азгырыктардын айынан такыр соолуп калган. Мына ушундай шартта биздин бул жердеги милдетибиз – болгону напсинин ошол азгырыктарын тазалап, жан дүйнөнү ыйман булагы менен сугарып, көркүнө чыгаруу гана!

Зикир маселесине келсек, ал бир адамдын колуна ширенке карматып койуу сыяктуу. Мындан кийинки иш, тагыраак айтканда, бул ширенке менен Жаратканга бапестелген аруу сүйүүнүн чырагын тамызуу – шакирттин иши».

Кептин төркүнү:

Дененин ар түрдүү илдеттери болуп, алардын ар биринин өзүнө тиешелүү дарысы бар. Анын сыңарындай, рух дагы ар кандай илдеттерге чалдыгып, ошого жараша дарылануу муктаж. Бул өңүттөн, олуя пенделер өздөрүнө көрүнгөнү келген адамдарга

тиешелүү рухий «дары-дармектерди» сунуш кылышат. Кээ бирине Ибрахим бин Адхамга айтылгандай:

«Таажыңды, тактыңды ташта!» деген сунушун айтса, кээ бирине Фатих Султан Мехмет Ханга айтылгандай:

«Эгер бул милдеттен (эл башкаруучулуктан) баш тартсаң, жана бул ишке сенден дагы татыктуу адам келбесе, анда анын жоопкерчилиги сенин мойнуңда болот!» деген сунуштарын айтышат.

Алар кээ бирин суу менен, кээ бирин от менен сынайт. Ошондуктан бейтапканага кайрылган оорулуу адам айыгып кетиши үчүн дарыгердин сөзүнө кулак төшөп, айткан дарыларын алып, аларды анын көрсөтмөсү боюнча ичүүгө кандай аракет кылса, руханий илдеттерге чалдыккан адам да дал ошондой аракет кылышы кажет. Ырасында дененин илдети, рухтун илдетине салыштырмалуу алдаканча жеңил болот. Себеби дене илдетин дарылоодо кеткен кемчилик бул дүйнөгө гана тиешелүү зыян алып келсе, ал эми рухту дарылоодогу кемчилик адамды түбөлүк бактысынан ажыратып койушу мүмкүн.

***

### Ибрахим бин Адхамдын окуясы

Ибрахим бин Адхам учурунда «Балх» деген жерди башкарып, байлык-бийлигин жанынан артык көргөн адам болгон. Аны ушул дартынан арылтып, акырети үчүн кам көрүшүнө жардам берүүгө аракет кылган аалым-олуялар акыл-насаатын айта жүрүшкөн. Ибрахим аларга көп деле кулак төшөй берчү эмес. Жазма булактарда мына ошол күндөрдүн биринде болгон мынабул окуя баяндалат:

Түн. Теребел кулак-мурун кескендей тынч. Түн каадасындай күңүрт, туңгуюк. Ибрахим бин Адхам тактысында отуруп уктап кетет. Бир кезде кансарайдын үстүндө бир топ адам жүргөндөй кымкуут добуш чыгат. Ибрахим ордунан обдула туруп, бурканшаркан түшүп:

- Ким бул? Түн ортосунда ким жүрөт бул жерде? деп бакырат. Эч камырабаган жооп келет: Жоголгон төөбүздү издеп жүрөбүз? Ибрахим жаны кашайып:

- Сарайдын үстүндө каяктагы төө, акмактар?!деп айкырат.

Анда бул жолку жооп маанилүү да, сырлуу да эле:

- Эй, Ибрахим бин Адхам! Сарайдын үстүнөн төө издөө барып турган наадандык экенин билип туруп, үстүңдөгү кымкап тон, башыңдагы таажы, олтурган тактың менен Жаратkандын ыраазылыгын издеп табуу мүмкүн эместигин дале билбейсиңби?!

Ибрахим бин Адхамга бул сөздөн абдан таасирленет. Бирок убакыттын өтүшү менен бул сөздөрдүн да таасири кетип, эч кандай деле өзгөрүү болбойт.

Ошентип биринин артынан бири чубап өтүп жаткан күндөрдүн биринде Ибрахим бин Адхам нөөкөрлөрү менен бирге жейрен атып келүүгө ууга чыгышат. Жейрендер көп жүрчү жерге барган соң жанындагы нөөкөрлөрүнөн бөлүнүп, өзүнчө жолго түшөт. Эки-жагын каранып, жейрендерди үркүтүп жибербейин деп, бутунун учу менен дабыш чыгарбай акырын басып бараткан кезде капыстан эле кулагына «Ойгон!» деген үн жаңырат. Жөн эле кулагына угулуп кеткенин ойлоп, буга анчейин деле маани бербей жолун улайт. Бир аздан кийин ошол эле үн дагы бир ирет кайталанат, андан кийин дагы бир жолу... Андан соң «Өлүм ойготконго чейин өзүң ойгон!» деген сөздөр ар тараптан жаңыра баштайт.

Ибрахим эки жагын каранып элеңдеп жүрөгү түшөт. Дал ошол учурда өзүнөн анча алыс эмес жерде оттоп жүргөн бир жейренге кез келет. Бир аз мурун уккан сөздөрдү унута

салып, саадагынан огун алып чыгып, окту жаасына кылдат тагып, мына эми атайын деп турган кезде, маңдайындагы жейрен (Жаратkandын буйругу менен) тилге келет:

- Эй, Ибрахим! Чексиз Мээримдүү Жараткан Алла сени мага кол салсын деп жаратты беле?!

Анда Ибрахим бин Адхам алдындагы макулуктун сүйлөп жатканына ишене албай, муундары калчылдап, көзү караңгылап, дендароо болуп туруп калат. Дароо Жаратканга баш койуп сажда кылып, көз жашын көлдөтөт... Кечирим тилеп:

«Оо, Жараткан Алла! Сен Чексиз Мээримдүүсүң! Мени да чексиз ыраакымыңа ала көр... Канчалаган жылдарымды текке кетирдим. Кечире көр... Оо, Жараткан! Ыраакымың менен жан дүйнөмдү жууп, жүрөгүмө Жалгыз Өзүңдүн сүйүүңдөн башка эч нерсе калтыра көрбө...» деп көпкө көшүлүп жан дили менен дуба кылат.

Ошентип Ибрахим бин Адхам жейренге ууга чыгып, Жаратkandын ыраакымына бөлөнгөн эле. Жан дүйнөсү жабыркап, бушайманга буулуккан Ибрахим ээн талаа, эрме чөлгө сапар тартат. Жолдон бир чабанга жолугат. Дароо үстүндөгү өкүмдарлык кымкабын чечип берип, өзү чабандын чепкенин кийип жолуна түшөт. Эч нерсеге түшүнө албаган чабан «Падышабыз, акылдан азыптыр...» деп ойлойт. Ал эми Ибрахим бин Адхам ырасында эсине келген эле...

**Айтылчу ой**

Бул жашоодо эки дүйнөнүн бирин тандоо учурунда акыретти тандагандар түбөлүк бакыттын кубанычы менен Жаратkandын чексиз ыраакымына бөлөнүшөт. Ал эми бул дүйнөнү тандагандар утурумдук бул жашоодо хан болушу мүмкүн, бирок түбөлүк жайда колундагы чөйчөгүнө сокур тыйын түшпөгөн кайырчыга айланышат. Мына ушул сырдын түйүнүн аңдаган Ибрахим бин Адхам бул дүйнөгө акыретти сатып алууга бел байлады. Анын алдынан чыккан жейрен ага эскертүүчү себеп болду. Ал көөндөнүндөгү чын ыкласынын, адал жолго болгон ышкысынын берекеси менен акыретти тандады. Анын жан дүйнөсү Жаратkandын адал жолуна жетелей турган себептердин алдына чыгышына, ажолук мансаптан арылуу деген чоң эрдикке барышына, акырында бир саамда Жараткан Алланын ыраакымына бөлөнүшүнө себеп болду.

***

**Адал жолго көлөкө түшүрбөө**

Бул жол – тасаввуф жолу. Ал Жараткан Алланын нуру тийген байсалдуу жол. Андан ийненин көзүндөй да «кара көө» табууга болбойт. Бул жолдун өзөгүн аңдагандар андан аруу Ислам динине карама-каршы келген кенедей дагы төп келишпестик таба албайт.

Шах Накшибанд олуянын руханий тарбиясында аалымдар баш болгон карапайым адамдардан да көптөгөн шакирттери боло турган. Хусамуддин Хаажа Юсуф сыяктуу Бухаранын алдыңкы аалымдары да анын сукбаттарына келишээр эле. Күндөрдүн биринде айрым бир адамдар Бахауддин Накшибанд олуя жөнүндө өйдө-төмөн сөздөрдү айта башташат. Арадан көп өтпөй булар Накшибанд олуя менен бир жыйында жолугушуп, сын пикирлерин айтышат. Бахауддин устат аларга:

- Келгиле, силерге биздин жол жөнүндө айтып берели. Эгер Ыйык Куранга жана акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу сүннөтүнө карама-каршы келген жагдайлар болсо, айткыла, андан баш тарталы! – деп, тасаввуфтун өзөк максаты, маанилүүлүгү жана анын зарылчылыгы тууралуу узун сөзгө кирет.

Олуянын жүрөктөн чыккан жугумдуу сөздөрүнө муюп кулак төшөгөн берeги адамдар тасаввуфтун өзөгү менен жакындан таанышып:

- Устат, сиздин жолуңуз туура жолдун өзү экен. Андан Исламга каршы келген эч нерсе жок экен – деп, кечирим сурашат.

**Сөз оролу**

Бул окуядан чыныгы тасаввуф жолу Ыйык Куранга жана сүннөткө өтө олуттуу мамиле жасоого, алар менен жуурулуша жашоого багытталгандыгын байкоого болот. Шакирттерине бул багытта да үлгү болгон Шах Накшибанд устат сын пикирлерин айткан адамдар менен талашып-тартышпай, тескерисинче «Эгер Ыйык Куранга жана акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу сүннөтүнө карама-каршы келген жагдайлар болсо, айткыла, андан баш тарталы!» деп айтышы Ислам дининин бул жолдогу маанилүүлүгүн ачык-айкын айгинелеп турат. Ошондуктан бул жолдун жолоочулары да Накшибанд устаттан сабак алып, бул таза жолго көлөкө түшүрбөшү керек.

***

**Керемет**

Бир күнү шакирттери Шах Накшибанд олуядан керемет көрсөтүшүн өтүнүшөт. Устат шакирттерине кайрылып:

Биздин кереметибиз айдан ачык көрүнүп турат. Карагыла, башыбызга ушунча күнөөлөрдү үйүп алып басып жүрөбүз. Бул эмне деген күч?! Мынчалык жүктү ийинге артып, көтөрүп алып жүрүүдөн өткөн керемет бар бекен?! – деп сөзүн улап, тасаввуфтун негизги маселеси керемет көрсөтүү эмес, адал жол менен жүрүү болгондугун дагы бир жолу эскертип:

Бир адам бир бакчага кирсе, ал жердеги бак-дарактардын ар бир жалбырагына тил бүтүп: «Ассаламу алейкум, эй, Алланын олуя пендеси!» дешсе, бул сөздөрдөн эч качан өзүн жогору сезип кетпеши кажет. Тескерисинче, Жараткандын алдындагы кулчулук озуйпасын дагы да бекемдеши кажет. Жаратканга дагы да көп ибадат кылып, шүгүр келтириши керек – дейт.

Шакирттери:

- Устат, канчалык өзүңүздү жашырууга аракет кылсаңыз да, сизден көп кереметтерди байкап жүрөбүз – дешет.

Анда да олуя өзүн төмөн кармап:

- Ал нерселер – шакирттеримдин кереметтери – дейт.

**Негизги максат**

Ислам динин туу туткан бул пенделер Жараткан Алланын адал жолунда кереметке эмес, туура жолго ашыгып, аны менен жуурулуша жашоого умтулуу аркылуу жогору даражаларга жетишкен. Алар асманда учкан куш кантип учуп жүрсө, сууда сүзгөн балык кантип сүзүп жүрсө, өздөрү да дал ошондой эле жер бетинде басып жүрүшкөндүгүн айтышкан. Ошондой эле алардын негизги максаты куш менен балыкты тууроого бел байлоо эмес, Жараткан Алланын ыраазылыгына ээ болуу үчүн адал жолдо өмүр сүрүү болгондугун ар качан айтып да, өздөрү буга үлгү болуп да келишкен.

**Кайдыгерликтин терс таасири**

Хижрий жылсанак боюнча, 1340-жыл. Стамбул шаары. Аясофия мечитинде ардактуу Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* туулган күнүнө арналган кече болуп жаткан эле. Мечитке эл толуп калган эле. Учурдун атактуу каарылары[146] алгач Куран окушуп, андан соң Пайгамбарыбыз жөнүндө жазылган мавлюддарды окуй башташат.

Бул учурда мавлюд окуп жаткан каарыларга анча алыс эмес жерде жүзүнөн нур төгүлгөн Адил Бей аттуу бир адам отурган эле.

Бир аздан кийин Адил Бей өзүн оңтойсуз сезе баштайт. Куран, мавлюд окулган жерде мындай оңтойсуз абалдар болбошу керек эле. Адил Бей эки жагын каранат. Так маңдайында бетме-бет олтурган адамдын жан дүйнөсү караңгы тургандыгын байкайт. Адил бей дароо ордунан обдула туруп, башка жерге барып олтурат. Бир аз эс алса да, анын терс таасиринен оңой менен арыла албайт.

**Айтылчу ой**

Такыбаа пенделерден жанга жагымдуу кандайдыр бир бейпилдик, жылуулук келсе, ал эми кайдыгер пенделерден жүрөктү кара көөгө боегон терс таасирлер келет. Себеби гүлзарды аралап жүргөн жандар жыпар аңкыган абадан дем алышса, ыплас чөйрөдөгү рухтар адамды ирээнжиткен жытка мас абалда болушат. Ошондуктан Алла Таала жан дүйнөсү жакыр, айлана-чөйрөсүнө дайыма терс таасир калтырган күнөөкөрлөр туурасында:

**«Биздин аяттарыбыз жөнүндө өйдө-төмөн сөздөрдү сүйлөгөндөрдү көргөнүңдө, ошол замат алар башка сөзгө өтмөйүнчө алардан оолак бол! Эгер шайтан сени унуттуруп койсо, анда эстээриң менен ал жамааттан туруп кет!»** (Анаам сүрөсү, 68-аят) деп буюрган.

Жаратkандын бул буйругун руханий жактан бышып-жетилген пенделер алдаканча жакындан жакшы түшүнүшөт. Анткени жүрөктүн зиректиги жогорулаган сайын көз караштар өзгөрөт, ар кимге сезиле бербеген акыйкат жагдайлар ачыла баштайт. Ошондуктан бул жолдогулар руханий абалын жандуу сакташы үчүн колдон келишинче кайдыгерлерден алыс болуп, такыбааларга жакын болууга аракет кылуулары керек.

***

**Жаратканга моюн сунуу, кызмат жана насаат**

Давуд Тааинин сукбаттарына келип жүргөн бир карыя Маруф Кархийге:

- Амалдарды эч убакта таштаба! Анткени амал сени Улуу Жаратkандын ыраазылыгына жеткирет дейт. Бул сөзгө анча түшүнө бербеген Маруф:

- «Амал» деп сиз эмнени айтып жатасыз? – деп сурайт.

Анда карыя:

- Качан, кай жерде болбо, дайыма Жаратканга моюн сун! Мусулмандарга кызмат кыл! Аларды жакшылыкка чакырып, акылнасаатыңды айт! – деп жооп берген экен.

**Кептин төркүнү**

Жараткан Алланын алдында чын ыкластан моюн сунуу менен аткарылган ийненин көзүнчөлүк ибадат ыклассыз аткарылган тоодой ибадаттардан алдаканча артык. Жаратканга кулчулук моюн сунуу менен башталат. Ырас, шайтан Жаратkандын ыраакымынан ибадаттарынын кемчилиги үчүн эмес, моюн сунуучулугунун тайыздыгынан улам куулган.

Кызмат бардык пайгамбарлардын жана олуялардын жанынан артык сүйгөн иши болгонун мындан билиңиз, алар ооруп жатышса да, алтургай көз жумаар алдында да бирөөгө кызмат кылып калууну көздөшкөн. Кызматка кандай мамиле жасоо керектигине ушунун өзү эле жетиштүү мисал. Кызмат – бул мээримдүү, боорукер пенделердин адатка айланган иши.

Чыныгы мусулман – бул кызматчы. Ал убактылуу дүйнөгө өзүнө жараша мамиле жасап, бар байлыгын, бар күчүн акыретке жумшаган жан. Ал ар дайым оорулуулардын жанында, касырет тарткандардын алдында, үмүтүн үзгөн пенделердин, туугантуушканы жок жалгыздардын, ар кимден кордук көргөн жетимдердин маңдайында турган жан...

Ал эми акыл-насаат аны айтууга татыктуу адамдардын иши. Себеби айтылган сөз аны айткан адамдын абалына жараша таасир берет. Сөзү менен өзү, өзү менен сөзү айкалышкан пенденин сөзү таасирлүү да, жугумдуу да болот. Ошондуктан ар кимдин эле акыл-насаат айта бериши дурус эмес. Буга татыктуу адамдардын, тагыраак айтканда, бул багытта Пайгамбарыбыздын сүннөтү менен жашаган адамдардын ыймандан айткан насааттары элге алдаканча жугумдуу болот. Буга ылайыктуу болсо да, элди ыйманга чакыруудан качкан адамдардын сурагы өтө оор.

Куттуу хадистердин биринде:

«Дин (Ислам) – бул акыл-насааттан турат» делет (Бухарий, Иман, 42).

Ошондуктан мындан баш тартуу Аср сүрөсүндө оор азапка дуушар болуунун себеби катары маалымдалат. Ошондой эле айтылган акыл-насаатты укпоо да ошол оор азаптын талабына жооп берет. Тагыраак айтканда, акыл-насаатка кулак салбоо да оор азапка себепкер болот.

Андыктан Жараткандын адал жолунда өмүр кечиргиси келгендер Жараткан Кудуреттин жалгыз Өзүнө моюн сунуп, элге кызмат кылууга жана акыл-насаат айтууга татыктуу болууга умтулуп, Жараткан Алланын ыраазылыгына жетүүгө жанүрөшү кажет.

***

**Жандуу-жансызга кызмат**

Стамбул шаарындагы Аксарай аттуу чоң мечитти курдурган Пертевниял Валиде Султан (Канайым-падышанын жубайы) көз жумгандан көп өтпөй такыбаа пенделерден бири анын бийик даражаларга көтөрүлгөнүн түшүндө көрүп, таңыркап суроо салат:

- Мечит курдурганыңыз үчүн Алла Таала сени ушул мартабага жеткирдиби?

- Жок!

- Андай болсо, бул мартабага кантип көтөрүлдүңүз?

- Тынбай көнөктөп жааган жамгыр ак жаанга айланып кеткен. Ошого карабай Аюб Султан мечитине баруу үчүн арабага олтурдум. Жол жээгиндеги сууга толгон чуңкурчаданчыга албай алы кеткен кичинекей мыймыйды көрүп «токто!» деп арабакечке буйрук бердим.

-Тиги сууда жаткан мыймыйды дароо ал!. Болбосо, сууга чөгүп өлүп калышы мүмкүн! дедим эшик жакта олтурган кызматкер эжекеге114.

- Коюңуз канайым!. Аны бул жакка алып кирем деп экөөбүздүн тең кийимибиз булганат деп ичиркенип арабадан түшпөй койду.

Анын көңүлүн ооруткум келбей өзүм түшүп сууда жаткан мыймыйды кучагыма алып келип жолубузду уладык. Толук түктөй элек муштумдай мыймыйдын титиреши мага абдан оор келди. Боорум ооруп аны кучагыма кысып жылыттым. Көп өтпөй жан кирип кадимкидей үнү чыга баштады.

Мына ошол мыймыйга аз гана кызмат көрсөткөндүгүм үчүн Алла Таалам мени ушундай жогору даражага көтөрдү».

**Айтылчу ой**

Демейде маанисиз көрүнгөн айрым бир жакшылыктар Жараткан Алланын мээримин жана ырайымын жакшылык ээсине буруп, аны улук сыйга бөлөйт. Андыктан мусулман баласы мындай иштерден эч качан бой качырбашы керек. Адам баласы бир күнү ийненин көзүнчөлүк соопко да зар болуп калаарын эсибизге түйө жүргөнүбүз абзел...

***

**Олуя пенделердин кичи пейилдиги**

Муса Топбаш (куддиса сиррух) мынабул окуяны айтып берген:

«Ажылык мезгили эле. Сами устат (куддиса сиррух) биз шакирттери менен Мекке шаарында Каабага анча алыс эмес жерде Түркстандык Абдуссаттар таксырдын Жияд кичи районундагы үйүндө болчу. Устаттын бөлмөсү үйдүн көчө жагында, ал эми биздики короо жагында болучу.

Бир күнү түшкө маал биз жаткан бөлмөгө баш багып:

- Сыртта бирөөнүн тамак-ашка муктаждыгы бар окшойт – деди.

Дароо бир нерселерди даярдап, сыртка чыктым. Эч кимди көрө алганым жок.

Күтүп олтуруп, кетип калганын ойлоп үйгө кирдим. Беш-он мүнөттөн кийин устат кайра келип:

- Берегi муктаж дагы келди – деди.

Даярдалган тамак-ашты алып сыртка чыктым. Карасам, тилин салаңдатып жүдөгөн бир ит турган экен. Колумдагы баштыкчадагы тамак-ашты дароо алдына койдум. Байкуш абдан ачка экен. Бат эле жалмап койду»

**Айтылчу ой**

Олуялардын кичи пейилдигин мына ушул жерден да байкасак болот. Сами устат итти «ит» деп атабай, адамга колдончу сөз менен атаган эле. Алтургай ал көпчүлүк учурда жаныбарларды «макулук» дебестен «Алланын кулу» деп атай турган.

Себеби аларды Жараткан Алла жараткандыгы үчүн аларга ушундай аяр, жылуу мамиле жасоо, ырасында Алла Таалага болгон сүйүүнүн күзгүсү, Жаратканга жан дил менен арналуунун жаркын мисалы, т.а., «калбу салиим»дин (аруу жан дүйнөнүн) талабы эле.

Аруу жан дүйнөгө жете алган пенде Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн кызмат кылуудан чарчоо мындай турсун, тескерисинче, дем-күч, ырахат алган абалга келген болот. Себеби мындай жан дүйнө Жараткан Алланын назары түшчү жайга айланат. Булар марттыктын, боорукерликтин, кечиримдүүлүктүн өзүнчө үлгүлөрү болуп эсептелет.

***

**Жаратқандын алдында эрк**

Акыркы доордун олуяларынан Шейх Мухаммад НурулАрабийдин «адамдык эрк-каалоону» четке каккандыгы жөнүндө эл арасында ушак сөздөр жайылып кетет. Муну уккан Султан Абдулмажид хан шейхти чакыртып, маселенин чоо-жайын түшүндүрөт. Анда Шейх Мухаммад:

«Адам баласында, албетте, өзүнө ыроолонгон эрк-каалоо болот. Жараткан Алланын алдындагы жоопкерчиликтин өзөгү да ушул эркке такалат. Бирок ар ким ар жерде бул эрк-каалоосун колдоно бербейт. Маселен, менин да эрк-каалоом бар. Бирок мен бул жерге падышанын эрки менен келдим. Бул жерден туруп кетип калуу менин эркимде эмес. «Кел» делсе, келебиз, «бар» делсе барабыз. Демек, бул жерде менин эрк-каалоом белгилүү өлчөмдө жокко эсе. Ошону менен бирге падышанын алдында тургандыгым үчүн кыймыл-аракеттерим да чектелүү. Анын сыңарындай, кээ бир адамдар дагы Жараткан Эгесинин алдында тургандыгын эч качан жадысынан чыгарбай жашашат. Алла Таала ар бир адамдын ар бир кыймыл-аракетин дайыма көрүп-билип турса да, көп адамдар өздөрүн намаз учурунда гана Алланын алдында тургандыгын ойлошот. Ал эми руханий жактан бышып-жетилгендер ар качан Жаратқандын алдында тургандыктарын ойлоп, ошого жараша кадам таштaшат. Мына ошондой адамдардын жекелик эрк-каалоосунун деңгээлин эми өзүңүздөр баамдап алыңыздар!» деп жооп берет.

Ошентип олуянын жообуна купулу толгон Абдулмажид хан ага сыйын көрсөтүп, өзүнүн атынан белек-бечкектерин тартуулаган экен.

**Сөз оролу**

Жараткан Алла Таала адам баласына белгилүү өлчөмдө жекелик эрк-каалоо ыроологон. Бул «жуз-ий ирада» деп аталат. Алла Тааланын эрк-каалоосу ар бир нерседе жандуулугун сактоо менен бирге Анын ыраазылыгы жакшылык иштерде гана болот. Мугалим окуучусунун берген илимин сиңирип, жогорку класска көчүшүн каалайт. Окуучу сабактарын окубаса, мугалим окуучуга эч нерсе кыла албайт. Ошондой эле дарыгердин милдети – бул оорулуу адамды айыктыруу. Оорулуу адам дарыгердин айткан дарыларын алып, өз убагында ичпесе, бул жерде дарыгер эч нерсе кыла албайт. Дарыгердин сөзүн укпагандыгы үчүн оорусу күчөп кеткен оорулуу адам буга өзү жооптуу болот. Бул жерде дарыгерге эч кандай айып тагууга болбойт.

Андыктан эрк-каалообузду бүтүндөй ай-ааламды ар дайым көзөмөлдөп турган Затка тапшыруубуз көптөгөн жакшылыктарга себепкер болот. Тагыраак айтканда, пенде өзүн Жараткан Алланын чексиз назарында тургандыгын унутпай, ар бир кадамын ошого жараша таштаса, Жаратkандын сөзгө чак келбес чексиз ыраакымына бөлөнөөрү бышык. Ошондуктан ар качан Жараткандын алдында тургандыгын ойлоп, өз эрк-каалоосун Анын жолуна арнаган бактылуу пенделер жөнүндө Алла Таала кудсий хадистердин биринде, каймана мааниде:

*«Мен анын сүйлөөр тили, угаар кулагы, көрөөр көзү жана басаар буту болом!»* деп бекеринен айткан эмес (Бухарий, Рикак, 38).

***

**Адеп**

Давуд Тааи мындай дейт:

«Абу Ханифа менен жыйырма жыл чогуу жүрдүм. Бул мезгил ичинде мейли жалгыз болсун, мейли жанында бирөөлөр болсун бул залкар аалымдын жылаңбаштанып, бутун сунуп отурганын тыныгуу учурунда да көрбөптүрмүн. Кызыгым артып мунун себебин өзүнөн сурадым:

– Устат, жалгыз отурганыңызда да бутту узатып отурбайсыз? Себеби эмнеде?

Анда Абу Ханифа устат мага мындай деп жооп берди:

– Алла Тааланын алдында адеп сактоо керек».

Сөз оролу

Ажонун же жогорку кызматтагылардын алдына кирген адам сыртта жүргөндөй аракет кыла албайт. Ал алардын алдына киргенде ар бир кыймыл-аракетине, сүйлөгөн ар бир сөзүнө өзгөчө көңүл бөлүп, адебин сактоого бар күчү менен аракет кылат. Олуяаалымдар дагы эч качан Жараткан Алланын алдында тургандыгын эсинен чыгарбай жашагандыктан ар дайым Жараткандын алдындагы адебин сактоого жанүрөшөт. Мына ошондуктан алардын адеби өмүр бою жандуулугунан жазбайт. Себеби алар ар качан Жараткан Кудуреттин алдында турушкандыгын көшөгөсүз сезген пенделер. Алар:

وَهُوَ مَعَكُمْ أَيْنَ مَا كُنْتُمْ

**«Кай жерде болбогула, Ал (Алла Таала) силер менен бирге!»** (Хадид сүрөсү, 4-аят) деген аяттын талабына жараша өмүр кечирген бактылуу жандар.

Ырас, кээ бир адамдар өздөрүн намаз учурунда гана Алланын алдында тургандыгын ойлогону да дурус. Андыктан мына ушул ой аларды эч болбосо намаздын шарттарына ылайык мусулман баласынын адебине жетелээрине тилектешпиз.

Олуялар ар дайым ушундай аруу сезим менен жашагандыктан намаздан тышкаркы убактарда да Жаратkандын алдындагы адебинен жазбайт. Мындай адамдар жөнүндө аяттардын биринде:

الَّذِينَ هُمْ عَلَى صَلَاتِهِمْ دَائِمُونَ

**«(Алар) намаздарында ар даиАым болушат»** (Маариж сүрөсү, 23аят) деп буюрулат. Тагыраак аис тканда, алар беш маал намазын окуу менен биргеликте ар качан намазда тургандаис  абалда, Жараткандын алдында тургандыгын эстеринен чыгарышпаис т.

***

## Кызмат кылуунун адеби

Абу Абдуллах Руганди:

«Уулум! Сага тапшырылган эч бир кызматты төмөн көрбө! Себеби кызмат деген кызмат. Сага маанисиз көрүнгөн кызмат Алла Тааланын алдында өзгөчө мааниге ээ болушу мүмкүн. Алла Тааланын ыраазылыгы каис сыл кызматта болгондугу биз үчүн белгисиз! Ошондуктан Алла Тааланын ыраазылыгына жеткенге чеис ин колуңдан келген кызматтын баарын кыл! Бул учурда сага ыроолонгон жакшылыктар шүгүрчүлүгүңө жана кызматыңа дем-күч болсун!» деис т.

Кептин төркүнү

Бул жерде кептин төркүнү кызматты эптеп кылып коис ууда эмес, аны чын ыклас менен адебине жараша аткарууда жатат. Андыктан кызматка ашыккандар кызматты Жаратkан Алланын ыраазылыгына ылаис ык жан дили менен чын ыкластан кызмат кылууга жанүрөшү кажет. Кимдир бирөөлөргө жагынуу, жогорку мансапка, баис лыкка жетүү максатында жеке кызыкчылыгы үчүн кызмат кылуу адам баласын чоң жоготууга учуратат. Мындаис  адамдар ушул сыяктуу чолок оис луу кызматы менен тигил же бул адамдын көңүлүнө кириши мүмкүн, бирок Жараткан Алланын ыраазылыгын таба албаис т, тескерисинче, Жараткандын каарын келтирет. Анткени адал кызматтын төркүнү бул дүис нөдө адамдарга көрүнүүдө, жагынууда эмес, акыретте адам баласына паис дасы тие турган жалгыз Алланын ыраазылыгы үчүн аткарылган кызматтарда жатат.

Андыктан мусулман баласы ар бир кызматты өзү үчүн өзүнчө олжо катары кабыл алышы абзел. Балким, элдин көзүнө арзыбаган иш катары көрүнгөн кызматтарга асман-жерге батпаис  турганчалык сооптор катылуу болушу толук мүмкүн. Себеби ар бир иш адамдын ниетине, ыкласына жараша бааланат.

***

## Адеп сөзсүз керек

Ибн Ата (куддиса сиррух) мындай дейт:

«Руханий бул жолдо жүргөндөр намаз, орозо сыяктуу парз ибадаттар менен гана мындай жогору даражаларга жетишкен эмес. Алар бул парз ибадаттарга кошумча жакшылык иштерди жасап, акыркы Пайгамбардын *(саллаллаху алейхи васаллам)* куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоого жанүрөшкөн. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

*«Кыямат күнү мага эң жакын боло турганыңар – адеп-ахлак жагынан эң жогору болгонуңар»* деген (Тирмизий, Бирр, 71)

Кептин төркүнү

Адамдык асыл сапаты, адеп-ахлагы жагынан эч кимге камчы салдырбаган пенделер – булар алгач пайгамбарлар, андан соң сахабалар. Андан кийин бул пенделердин жолун

жолдогондор. Алар адамдык бийик сапатка, изги адеп-ахлакка ээ болуу үчүн жанүрөшөт. Адеп – бул айбандык өзгөчөлүктөрдөн арылып, адамдык асыл сапаттарга бөлөнүү. Негизи мусулман болуунун өзү да ушул адамдык асыл сапаттарга ээ болуу, дегендик. Себеби мусулман баласы бизди бизден миң эсе артык тааныган, бизге эмне пайдалуу, эмне зыян экендигин эң жакшы билген Улуу Жараткан Алланын аруу Ислам дининин өкүлү. Ал эми Ислам дини адамды «адам» деген атка татыктуу өмүр сүрүүгө тарбиялаган Жараткандын мыйзамы.

Ыйык Куранга үңүлө назар салганыбызда, анын басымдуу бөлүгү адамдык асыл сапатка, изги адеп-ахлакка багытталгандыгын байкай алабыз. Андагы тарыхый окуялар дагы адамдык сапатты бийиктетүүгө багытталган.

Мавляна олуя мындай дейт:

«Акылым көөдөнүмө: «Ыйман деген эмне?» деп суроо салды. Көөдөнүм «Ыйман – бул адеп-ахлак» деп жооп берди».

***

**Олуянын адамдык асыл сапаты**

Ахмад ар-Рифаий олуя жолунан чыккан ар бир адамга салам берээр эле. Айылда тигил же бул адамдын ооруп жатканын укса, дароо анын ал-акыбалын сураганы бара турган. Жолдо бараткан кезде алдынан сокур адамдар жолугуп калса, аларды бара турган жерине жеткирип койоор эле. Ал эми жашы өтүп калган карыкартаңдарды көрүп калса, алардын ал-акыбалын сурап, колунда оор жүгү болсо, дароо жардам берээр эле. Айлана-чөйрөсүндөгү досторуна азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* мынабул куттуу хадисин айта турган:

*«Ким кары адамга урмат-сый көрсөтүп, жардам берсе, Алла Таала ага да карыган кезде урмат-сыйын көрсөтүп, кызмат кыла турган бирөөнү жиберип коет»* (Тирмизий, Бирр, 75).

Сапардан келген соң токойго барып, отун аралап атына жүктөп, шаарга алып келип кедей-кембагалдарга, жетим-жесирлерге таратаар эле.

Акыл-эсинен ажыраган адамдарга, колу-буту иштебеген шал,мунжу-майыптарга колунан келген кызматын кылаар эле. Алардын кийимин тазалап, тамагын өз колу менен жедире турган. Алар менен бирге олтуруп маек кураар эле. Андан соң алардан дуба кылышын өтүнөөр эле. Шакирттерине:

«Мындай муктаж адамдардын ал-акыбалын сурап, аларга кызмат кылуу мустахаб эмес, важиб!» дээр эле.

Бир күнү Ахмад ар-Рифаий олуя көчөдө ойноп жүргөн балдардын жанынан өтүп калат. Эки-үч бала олуянын руханий сүрүнөн коркуп качат. Дароо аркасынан түшүп, аларды кармап ар биринин маңдайынан сүйүп, кучагына кысып:

- Балдарым! Өзүңөр көрүп тургандай, мен дагы алсыз бир пендемин! Силерди коркутуп койсом, мени кечирип койгула! – деп алардан да кечирим сурайт.

Сөз оролу

Жараткандын ыраазылыгына багытталган марифатуллахтын жолу аппак барак сыяктуу. Ал жерге жазылган жазуулардын бардыгы таза. Бул өңүттөн Алланын олуя пенделери өмүр бою ошол баракка кара так түшүрбөөгө аракет кылышат. Алар алтургай кенедей кумурскага да зыян келтирүүдөн айбыгышат. Жараткандын ыраазылыгына ээ болуу үчүн ар бир ишин дайыма таза, адал жасоого жанүрөшөт. Себеби Жараткан Алла Куран аяттарынын биринде мындай дейт:

«...Алла Таала тооба кылгандарды (б.а., күнөөлөрү үчүн бушайман болуп экинчи ал иштерге барбоого сөз берип, кечирим сурагандарды) жана таза адамдарды жакшы көрөт» (Бакара сүрөсү, 222-аят)

***

**Жакшылыгыңды эл эмес, жараткан алла билсин!**

Бул окуя Ислам тарыхынын алгачкы жылдарында Ислам динибиздин бешиги саналган Медина шаарында болуп өткөн. Белгисиз бир берешен Мединанын кедей-кембагалдарынын босогосуна күн сайын түн бир оокумда бир каптан азык таштап кетип жүрөт. Бул жакшылык кыйлага дейре үзүлбөйт. Кудайдын бергени да деп артынан түшүп кайрымдын ээсин деле изилдешпейт. Демейдеги таңдын биринде жанакындай кайырым баарында бирдей токтойт. Башка жака таштап кеткендир деген ой менен үйдү тегеренип чыккандар да болот. Бирок эч нерсе табылбайт. Баары мунун себебин иликтегенге өтөт. Кайрымдын токтош себебин алар көп өтпөй билишет. Жакын жерден оор жоготууга учураган пенделердин муңдуу ыйы жана ага удаалаш азалуу жаназа намазга чакырган жарчынын кыйкырыгы көчөнү жаңыртып кирет. Азирети Алинин небереси Зайналабидиндин көз жумганын уккан көпчүлүктүн жан дүйнөсү сыздай түшөт.

Акыркы Пайгамбардын чебересин акыркы сапарга узатуу үчүн дин Ислам боюнча амалдар аткарыла баштайт. Кезек маркумду аруулап жуунтууга келет. Бул шарапаттуу ишке милдеттендирилген адам кийимин чечип жатып маркумдун ийининен тарта далысына чейин ичи сууга толгон чоң, чоң жараларды көрөөрү менен бир ичиркенип, эмнеден улам мындай болгонун аңдай албай селейет. Жакындарын чакырып бул нерсе эмнеден улам чоң жарага айланып кеткенин сураштырат. Акырында ошо бүлөдөн бул сырды билген бирөө буларды маалымдайт:

- Зайналабидин түн ортосунда алдын ала даярдап койгон каптарды ийинге артып, эл тура электе кедей-кембагалдардын босогосуна таштап, эч бир жанга көрүнбөй үйгө кайтар эле. А эл болсо бул кайырымды ким жасап жатканын ушу кезге чейин билбей келет. Ийининен тарта далысын каптаган оор жара ошол оор каптарды көтөргөндөн улам пайда болгон (крз. Ибн Касийр, ал-Бидая, 9, 112, 122; Абу Нуайм, Хиля, 3, 136).

**Айтылчу ой**

Ар бир ишин Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн кылгандар жасаган иштерин элден жашырууга аракет кылышат. Ырас, эл көрсүн үчүн кылынган иштерде Жараткан Аллага алып барууга жарай турган жакшылык болбойт. Анткени аларды текеберлик, өзүн-өзү жогору сезүүчүлүк сыяктуу миң бир түрлүү напсинин азгырыктары коштойт. Ошондуктан Жаратkandын жолунда жасалган ар бир иш «жакшылыкты эл эмес, Жараткан Алла билсин!» деген аң-түшүнүктүн алкагында кылынышы керек. Мындай иштердин сообун жазууга калем да, сыя да жетпейт.

Жакшылык иштер менен Алланын пенделерин сүйүнтүүгө аракет кылуу аркылуу напсисин эмес, Жараткан Алланы ыраазы кыла алган ысымсыз чыныгы баатырлар кандай гана бактылуу!

***

**Эч кимди төмөн көрбө!**

Күндөрдүн биринде Иса пайгамбар (алейхис салам) абдан такыбаа деп таанылган бир адам менен шаардын сыртына чыгат. Күнөөкөр бир адам бул эки затты акмалап артынан ээрчип жөнөйт. Көп баскан пайгамбар менен такыбаа көрүнгөн адам тыныгуу үчүн бир жерге отура кетишет. Акмалап келаткан тиги адам мурдатан жасаган иштерине бушайман болуп, алардан узагыраак жерге көчүк басат да, Алла Таалага алакан жая:

«Оо, Жараткан Алла! Мына бул улуу пайгамбарыңдын урматы үчүн мени кечире көр!» деп дуба кылат

Эл көзүнө такыбаа көрүнгөн пенде аны көрөөр замат теңине албай, ага жогортон карайт. Ал да алакан жайып:

«Оо, Жараткан! Эртең кыяматта мени тиги адамдын жанынан суракка тарта көрбө!» деп дуба кылат.

Экинчи адам алаканын жүзүнө тартып тарта электе Алла Таала Азирети Исага төмөнкүдөй мазмундагы кабарын жиберет:

«Эй, Иса! Кулдарыма айтып кой. Экөөнүн тең дубасын кабыл кылдым. Кетирген катасына чындап бушайман болгон пенденин тилегин кабыл кылып, аны бейишке ылайыктуу деп таптым. Ал эми эл-журт такыбаа деп билген пендеме келе турган болсок, күнөөкөр кулум менен чогуу болгусу келбегендиктен аны бейишке киргендердин катарына кошкон жокмун!»

**Айтылчу ой**

Алланын пенделерин төмөн көрүү – бул жүрөктүн өзүнчө бир оор дарты болуп эсептелет. Бул дартка чалдыккандар Жаратkandын ыраакымынан алыс болуп, жакшылыкка жете алышпайт. Ырасында адам бирөөнү төмөн көрүп алымсынбоо менен өзүнүн төмөндүгүн көрсөткөн болот. Бул багытта азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз:

بِحَسْبِ امْرِيءٍ مِنَ الشَّرِّ أَنْ يَحْقِرَ أَخَاهُ الْمُسْلِمَ

*«Мусулман боордошун төмөн көргөн адамга күнөө катары ушул иши (мусулман боордошун төмөн көрүшү) жетиштүү!»* деген (Муслим, Бирр, 32).

***

**Эч кимди жерибе!**

Хамдун Кассар (куддиса сиррух) мындаис  деис т:

«Бирде жыгылып, бирде туруп илең-салаң болуп, темтеңдеп кетип бараткан мас адамды көрсөң, аны жерибе! Бир күнү сен да ошол балээге дуушар болуп калышың мүмкүн»

**Сөз оролу**

Тасаввуфтук түшүнүктө элди адал жолго чакырууда боорукерлик өзгөчө мааниге ээ болуп, бирөөнү төмөн көрүүгө, бирөөнүн көңүлүн түшүрүүгө жол берилбеис т. Анткени Жараткан Алла пендесин Чексиз Кудуретинен өзүнчө бир сыр катары мүнөздөис т. Бул беис пил жолдо күнөөкөр адамга баткакка түшүп калган акак таштын жоголуп кетпешине кандаис  чаралар көрүлсө, дал ошондоис  аяр мамиле жасалат. Төмөн көрүү ошол акак ташты баткактан алып тазалоонун ордуна баткакка каис ра ого бетер матыруу дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан Жараткан Алла Таала аяттардын биринде бизге төмөнкү эскертүүсүн берген:

**«ЭиА, ыиАмандуулар! Бир жамаат экинчи бир жамаатты шылдыңдабасын! (Анткени) балким, алар тигилерден (шылдыңдаган жамааттан) жакшыраактыр. ОшондоиА эле аялдар да башка бир аялдарды шылдыңдабасын! Мүмкүн алар да шылдыңдаган аялдардан артыгыраактыр. Бири-бириңерди жерибегиле!...»** (Хужурат сүрөсү, 11-аят).

***

**Жетимдин көңүлүн көтөрүү**

Бул окуяны Сариис- и Сакатиис  маалымдаган:

«Аис т күнү даңазалуу устат Маруф Кархиис дин көчөдө курманын данегин топтоп жүргөнүн көрүп таң кала суроо узаттым. Ал мага буларды аис тты:

– Ушул конушту аралап баратып кичинекеис өспүрүмдүн ыис лап жатканын көрдүм. Жанына барып эмне үчүн ыис лап жатканын сурасам, чогуу оис ногон достору сыяктуу киис ими, оюнчугу жок жетим экендигин аис тты. Анын сөзүн укканымда жүрөгүмө ок саис ылгандаис абалда калдым. Ошол себептен курманын данектерин чогултуп жүрөм. Эми, буларды сатып жанагы балага кийим-кече, оюнчук алып берем...

Устаттынкичипейилдиги,акниеттүүлүгү,айткан сөздөрүнүн таасири көөдөнүмдү элжиретип салды. Устаттан уруксат сурадым:

– Устат, эгер уруксат берсеңиз сиз айткан жетимдин муктаждыгын өз чөнтөгүмдөн каржылайын. Бул ишти мага коюңуз!

Анын уруксаты менен жетимдин бардык муктаждыгын камсыздадым. Азыноолак бул жакшылык көңүлүмдү булактай тазартып, көөдөнүмө бир башкача нур бергенсиди. Ошентип бул кичинекей кызматтын арты менен жаным жай таап, эс алып калдым...»

**Айтылчу ой**

Жетимдин көңүлүн көтөрүп, ага жылуу мамиле жасап кызматын кылуу, жардам берүү Ислам дининде өтө сооптуу иштердин катарынан орун алат. Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын бул багыттагы убадасы ар бир мусулман баласы үчүн өзгөчө мааниге ээ. Пайгамбарыбыз:

*«Жетимдин жоопкерчилигин өз мойнуна алып, аны карамагына алган адам бейиште мени менен мынабундай абалда жакын болот»* деп сөөмөйү менен ортон манжасын көргөзгөн (Бухарий, Адаб, 24).

Дагы бир куттуу хадисте мындай делет:

*«Ким Жалгыз Алланын ыраазылыгы үчүн бир жетим баланын башынан сыласа, (колу канча тал чачка тийген болсо,) анда ага ошончолук сооп берилет»* (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 5, 250).

***

**Достук**

Даңазалуу достуктун, кыл өткүс диндештиктин үлгүсүн Сахл бин Ибрахим мындайча эскерген:

«Ибрахим бин Адхам менен кыйышпас дос элек. Күндөрдүн биринде оор илдетке чалдыктым. Күйпөлөктөп үстүмө үйрүлүп түшкөн досум мени айыктырыш үчүн көп нерсесин сарптады. Кыйла убакыттан кийин айыга баштадым. Көңүлүм ачылып, чүйгүн бир тамак жегим келип турганын айтарым менен эң зарыл муктаждыгы болсо да жалгыз төөсүн сатып, тилегимди орундатты. Өңүмө кирип, таяк менен илкий басып калдым. Шаар сыртына чыгып тоо-ташка, ээн талааларга көз чаптырып келүү үчүн төө мингим келип, кайда байлаганын сурадым.

- Сатып жибергенбиз... деп жылуу жылмайды. Жол жүргөнгө али мүмкүнчүлүгүм жок болгондуктан кежирлене баштадым:

- Мен эми эмнени минем?.

- Тууганым! Жонума минесиң! деп мени үч чакырымдан узагыраак жерге көтөрүп алып барып келди».

**Айтылчу ой**

Колдо байлык-бийлик бар кезде бардыгы дос. Бирок чыныгы достук оор күндөрдө байкалат. Анын кадырын эч нерсе менен өлчөп болбойт. Бул өңүттөн чыныгы

мусулмандыктын белгиси миң бир түрлүү машакат-кыйынчылыктардан турган бул дүйнөдө Алла Таалага, Анын Элчисине жана мусулмандарга ДОС бойдон калууда жатат.

Муктаж мусулман боордошторго көрсөтүлгөн жардам Жараткан Алланын ыраакымына себепкер болот. Себеби Жараткан Алла Таала мындай пенделери үчүн чексиз Ырайымдуу жана чексиз Мээримдүү Зат! Ошондой эле азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз ааламга «ырайымдуулуктун пайгамбары» катары жөнөтүлгөн. Куттуу хадистердин биринде азирети Пайгамбарыбыз:

«*Мээримдүү, боорукер адамды чексиз Мээримдүү Алла Таала мээримине бөлөйт*» деген (Абу Давуд, Адаб, 58).

***

**Достуктан максат**

Алланын сүйүктүү пенделеринен Абдуллах бин Мубарак бейтааныш бир адам менен сапарлаш болуп калат. Сапар соңуна чыгып экөө эки жакка бөлүнөт. Өз жамаатына кошулуп сапарда көргөн-билгендерин айтып олтуруп айтылуу олуя ыйлап жиберет. Ыйлашынын себебин сурагандарга:

«Жолдун ошончолук узактыгына карабастан сапарлашыма пайдалуу боло албадым. Ага текеберлигинен арылышына жарытылуу пайда келтире албадым. Балким өзүмдүн оркойгон кемчилигим себептүү аны адал жолго жетелей албагандырмын. Эгер ал менин жаңылыштыгымды көрүп туура жолго түшкүсү келбеген болсо, ал үчүн Жараткан Аллага эртең акыретте мен эмне деп жооп берем!» деп жооп берген экен.

**Айтылчу ой**

Достук жакшылыкка гана багытталышы керек. Такыбаа пенделер менен алардан пайдалануу үчүн, ал эми руханий жактан алсыз пенделер менен аларга пайдалуу болуу үчүн жакын болуу зарыл. Мындан сырткаркы адал жолдон алыс достуктар адамды түбөлүк бактысына зыян алып келе турган оор абалга дуушар кылышы толук мүмкүн.

Ошондой эле адамдарды адал жолго чакыруудагы ыкма, терс сапаттарынан улам аларды ирээнжитүүгө, көңүлүн түшүрүүгө эмес, боорукерликке багытталышы кажет. Бир адамды адал жолго чакыруунун жыйынтыгында алынган терс натыйжаны чыныгы мусулман пенде ал адамга эмес, «бул адамга айткан сөздөрүм кайсыл кемчилигимен улам өтүмдүү боло албады?» деп өзүнө таңуулап баш катырышы керек. Себеби эгер биздин айып-кемчиликтерибизден улам маңдайыбыздагы адам туура жолго түшүүдөн баш тартса, мунун сурагы өтө оор болмокчу. Максатыбыз шамчырактын жарыгын жабуу эмес, тескерисинче, аны элге жайуу болушу кажет.

***

**Жаратканга толук моюн сунуу**

Жараткан Алла Таала Муса *(алейхиссалам)* пайгамбарды Фараонго жиберип жатып:

«Фараонго бар! Ырасында ал чектен чыкты...» деди (Тоохаа сүрөсү, 24-аят).

Муса *(алейхиссалам)* үй-бүлөсүн, мал-жандыктарын аманат катары таштап кете турган эч кими жок болгондугун айтып:

«Оо, Жараткан! Үй-бүлөм, мал-жандыктарым эмне болот?» деди.

Анда Алла Таала мындай деди:

«Эй, Муса! Мени тапкан соң сага башканын эмне кереги бар? Сен менин буйругумду аткарууга жанүрө! Мага ишен, моюн сун! Кааласам, койлоруңду карышкырга кайтартып, үй-бүлөңө периштелеримди баш-көз кылып коем.

Эй, Муса! Мындай ой сага кайдан келди? Энең сени дайрага кое берген кезде сени ким куткарды? Андан соң сени энеңдин колуна кайра ким кайтарып берди? Сен бир адамды кырсык болуп, байкоостон өлтүрүп алганың эсиңдедир. Анда Фараон сени издеп таап, өлүмүңө чечимин чыгарган эле. Ошол кезде сени андан ким коргоп калды?»

Азирети Муса пайгамбар башын жерге салып, ар бир суроонун аягында:

«СЕН, СЕН, СЕН ОО, ЖАРАТКАН!..» деп жатты.

**Айтылчу ой**

Ырас, Муса *(алейхиссалам)* бардык пайгамбарлар сыяктуу эле моюн сунуучулуктун сересинде эле. Пайгамбарлардын ар бири адамдарга өз-өзүнчө үлгү болгондуктан Жараткан Алла Таала биз үчүн айрым бир маанилүү жагдайларды алар аркылуу көрсөтүп, мындай учурларда кандай кадам шилтөө керектигибизди үйрөткөн. Бул окуяда айтыла турган сөз бүтүндөй ааламдын жападан жалгыз Ээси болгон Алла Тааланын буйруктарынын алдында эч бир себептин жарактуу эместигине багытталган. Себеби Анын буйругун орундатууга аракет кылгандардын ар түрлүү муктаждыктарын толук кандуу түрдө камсыз кылууга Кудуреттүү Зат – Алла Таала гана. Эгер пенде чын ыкластан Жаратkандын ыраазылыгын көздөп, Анын буйруктарын аткарууга жанүрөсө, Алла Тааланын ар качан өзүнө жар, арка-жөлөк болгондугун байкайт. Учурунда Ал Муса пайгамбарды Фараондун кансарайында чоңойткон. Азирети Ибрахим пайгамбарды Намруддун алоолонгон отунун ортосунан гүлзары менен тосуп алган. Ыйык Куранда «Асхабу Кахф» деген ат менен эскерилген адал жолдун жолоочуларын үч жүз жыл бир үңкүргө уктатып, зөөкүрлөрдөн коргогон. Ал азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбызды Савр үңкүрүндө кууп келген душмандардан сактаган.

* * *

**Мусулмандын дубасын алуу**

Маруф Кархий орозо эле. Ошол күнү ал асыр намазына жакын базарга барат. базардан суу саткан бир адамдын:

«Бул суудан ичкен адамга Алла Таала ыраакым этип, аны чексиз мээримине бөлөсүн!» деп дуба кылып жатканын көрөт. Олуя ошол жерден оозун ачып, береги адамдын суусунан алып ичет. Жанындагылар:

- Таксыр, сиз орозо эмес белеңиз? – деп суроолуу карашат.

Маруф Кархий (куддиса сиррух):

- Суу саткан адамдын дубасын алгым келди – деп жооп берет.

Олуя көз жумган соң, аны түшүндө көргөн бир адам:

- Алла Таала сизге кандай мамиле жасады? – деп сурайт.

Анда ал мындай деп жооп берет:

- Суу саткан ошол адамдын чын ыкластан кылган дубасынын берекеси менен Жараткан Алла мени кечирди. Мени чексиз ыраакымына алды!

**Айтылчу ой**

Жүрөгү Алла Таала менен бирге нечелеген пенделер бар, кээ бир учурларда алардын дубалары нафил (парз-важибдерден сырткаркы) ибадаттардан артык болушу мүмкүн. Бул жерде эскерте кетчү жагдай, маанилүү себептерден улам бузулган нафил орозону каза кылуу (б.а., башка күнү кармоо) зарыл. Шариятта мындай орозолорду каза кылуу – важиб болуп эсептелет. Бул жерде маанилүү нерсени андан да маанилүү нерсеге айырбаштоо, деген түшүнүк жатат. Анткени учуру келгенде маанисиз көрүнгөн нерселердин төркүнүндө өтө чоң сооптор болушу ыктымал. Ошондой эле жер менен жексен болгон элдер жашап өткөн айрым бир жерлерде алтын-күмүштөрдүн катылуу

болгондугу мүмкүн болгондой эле, сыртынан алсыз көрүнүп, ичинен акак таштай жаркыган нечелеген пенделер бар. Аларга карата кайдыгер болбоо зарыл.

Азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дейт:

*«Бейишке кимдер кирээрин айтайынбы? Алар алсыз болушат. Эл тарабынан төмөн кабыл алынгандыктан аларды эч ким теңине албайт. Бирок (тигил же бул нерсеге карата) «ушундай болот» деп ант ичсе, алардын көңүлүндөгү ошол нерсени Алла Таала жүзөгө ашырат.*

*Тозокко кимдер түшөөрүн айтайынбы? Алар таш боор, мерез, орой, зыкым жана бой көтөргөн текебер адамдар болушат»* (Бухарий, Айман, 9; Муслим, Жаннат, 47).

***

**Көөдөн дарысы**

Баязид Бистамий бир күнү дарыгерге барып:

-Айланайын дарыгер! Мен чалдыккан дартка дармегиң барбы? – дейт.

-Эмне дартка чалдыктың эле?

-Күнөөкөрлүк дартына...

Дарыгер:

-Мен күнөөдөн айыктырчу дарыны билбейт экем, деп ийнин куушуруп, эринин мурчуйтат. Ошол замат ошол жерде эч нерседен капарсыз турган жинди чалыш көрүнгөн бейтааныш жигит сөзгө аралашат:

-Ата, сиз чалдыккан дарттын дабаасын мен билем.

-Айт,айта күнөөкөрлүктөн?

койсадага,канткендеайыгамушу

Эл көзүнө акылынан адашып делөөрүгөндөй көрүнгөн бул жигит дарттуу адамдын дабаасын минтип түшүндүрөт:

«-Он грамм тообанын тамыры менен он грамм истигфардын жалбырагын ал! Буларды жүрөктүн соккусуна салып тавхид токмогу менен жакшылап жанч! Анан аны ынсап элегинен өткөр! Эленгенди көз жаш менен жууруп, бушаймандыктын тандырына бышыр! Бышырылган аралашмадан күнүнө такай беш кашык ичип тур. Ошентип, жаныңды кыйнаган дарт сен көр мен көр жок болот!..»

Кеменгерликтен тамган даанышмандыкты уккан Бистамий чындап арбалат. Чыгып баратып:

«Сен сыяктуу кеменгерди жинди деп, өздөрүн акылман ойлогон адамдарга кандай гана өкүнүчтүү!..» деп жигиттин колун кыса коштошуп жөнөп кетет.

**Айтылчу ой**

Пенде үчүн элдин назарынан мурун Алла Тааланын ыраазылыгы артык болгон кезде руханий жактан бышып-жетилүүгө даңгыр жол ачылган болот. Анын көз карашы, аң-сезими, ой-түшүнүгү акыйкатка багыт алат. Эл өз караңгылыгын билбей, аларды «жинди» деген чолок ойунан танбайт. Бирок чындыгында алар Жараткан Алланын сүйүүсүнө арзыган өзгөчө жандар болуп эсептелет.

Ошондой эле бул окуя «Ыраскөй-такыбаалар менен бирге болгула!» (Тооба сүрөсү, 119-аят) деген Жаратκандын буйругундагы берекенин өзүнчө бир мисалы. Береги жаш жигит сыяктуу Жаратκандын сүйүктүү такыбаа пенделеринин көөдөнүндөн чыккан асыл сөздөрү канчалаган руханий илдеттерге шыпаа болуп, канчалаган адамдарды Жаратκандын адал жолуна олуттуу мамиле жасап, аны менен жуурулуша жашашына себепкер болбогон! Бул жерде Баязид Бистамий өзү Жаратκандын сүйүктүү пенделеринен

болсо да, көөдөн дарысын суроо аркылуу бир жагынан кичи пейилдигин далилдесе, экинчи жагынан дарыгердин жан дүйнөсүн дарылагысы келген.

***

### Периште сындуу адамдар да бар

Маркум Сами устат жана андан таалим алган атам Муса жана мен Бурсадан Стамбулга кайтып келе жатканбыз. Машинабыз менен Яловадан машина ташычу кемеге кезекке турдук. Колундагы таякчасы менен айдоочуларга жаңсап унааларды катарга киргизип жаткан кызматкер биздин машинабызга орун көрсөтүп жатып артта олтурган эки аксакалды көзү чалып калды окшойт, күн сайын миңдеген адам менен бетме-бет көрүшүп жүргөнүнө карабастан нес болуп катып калды. Тунжурап бир кыйла кыймылсыз турган жанагы адам селейген бойдон унаага жакын келип терезеден ичкериге тигиле карап, терең үшкүрдү да мындай деди:

«Оо, Кудайым! Кандай гана ажайып дүйнө! Периште өңдүү жүздөр да, Намрут кейиптенген жүздөр да бар....»

**Сөз оролу**

Бул окуя Аллага жакын пенде болуунун белгиси жан дүйнө менен бирге сырткы келбетке да чагылышаарын көрсөтүп турат. Кыскасы, олуялар сөзү менен да, өзү менен да Алланы эстеткен өзгөчө жандар. Себеби алардын жолу – Алланын жолу. Алар азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоого жанүрөгөн жаркын инсандар. Азирети Пайгамбарыбыздын да бир өзгөчөлүгү нурлуу жүзү менен элди Аллага чакыргандыгы болгон. Учурунда жөөттөрдүн ишенген аалымдарынан Абдуллах бин Салам да Пайгамбарыбыздын нур тамылжыган жүзүн көрөөрү менен:

- Бул жүз жалганчы болушу мүмкүн эмес! – деп дароо ыйманга келген (Тирмизий, Кыямат, 42; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 5, 451).

***

### Алланын алдында кабыл болоор жакшылык иш

Давуд Таиге жан дилден кызмат өтөп сабак алган шакирти күндөрдүн биринде эт бышырып устатына кабар берет.

- Бир аз эт бышырдым эле, уруксат этсеңиз алдыңызга алып келсем?

Улгайган устаттын сүкүткө сүңгүгөнүнө күбө болгон шакирт этти алып келет.

Эттин керемет жыты буркурап шилекейди чууртат. Бирок аалымдын ою такыр башка жактан чыгат:

- Баланча, түкүнчө деген жетимдерден кабар алдыңбы, абалы кандай экен?

- Өзүңүз билгендей...деп жүрөк жылытар жылыш боло электигин маалымдайт.

- Ошондой де.. Анда мобул этти дароо ошолорго жеткир! дейт кабатырланып.

- Устат! Сиз көптөн бери эт жей элексиз. Атайын сизге деп даярдадым эле..-деген жароокер шакирттин көшөргөнүнө карабай:

- Уулум! Мен бул этти жесем жеп койо берем, бирок кыска убакыттан кийин сыртка чыгып кетет. А жетимдер жеген болсо, сообу түбөлүккө калат! дейт».

**Айтылчу ой**

Күн үчүн жер бетине нурун чачпоо кандай мүмкүн эмес болсо, руханий жактан бышып жетилген пенделер үчүн да жандуужансыздын камын ойлобоо, адамзаадага боор оорубоо, аларды түбөлүк бакытка чакырбоо дал ошондой эле мүмкүн эмес. Алардын назарында напсинин чырагына май тамызган ар түрлүү азгырыктардан арылып, жанга жан азык тартуулаган изги иш-амалдар менен алек болгон адамдардын кирешеси берекелүү да,

түбөлүктүү да болмокчу. Адам баласынын бул дүйнөдө таба ала турган эң баалуу кирешеси мына ушундай жакшылык иштери болуп эсептелет. Мындан сырткаркы кирешелердин ар бири бул дүйнөдө гана калат.

Күндөрдүн биринде азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыз бир кой сойгон эле. Пайгамбарыбыз койдун этин майдалап, кедей-кембагалдарга таратат. Таратып болгон соң жубайларынан:

- Кана, дагы эмнеси бар? деп сурайт. Азирети Аиша *(Алла ага ыраазы болсун)*:

- Болгону бир колу калды – дейт.

Анда азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

- Демек, бир колунан башка баары биздики болду, дечи! – деген экен (Тирмизий, Кыямат, 33).

***

**Адал жолдон адашпа!**

Абдулкадир Гайланий өз башынан өткөргөн мынабул окуяны айтып берген:

«Күндөрдүн биринде көз алдымда бүт мейкиндикти каптаган ажайып бир нур пайда болду. Бул эмне болуп кетти экен деген ой акылыма кылт эткиче нур тараптан бир үн келди:

Эй Абдулкадир! Мен сенин Жараткан Эгеңмин. Сенин ушу күнгө чейин аткарган ибадаттарыңа, дегеле жакшылык иштериңе абдан ыраазымын. Ошол себептен мындан ары сага арам нерселерди адал кылдым!

Сөз бүтүп бүтө электе анын каргышка калган шайтан экенин билдим. Ага:

- Эй шайтан! Жогол көзүмө көрүнбөй! Сен көрсөткөн нур мен үчүн түбөлүктүү азап – дедим. Анда ал:

- Кудайыңдын сага багыштаган даанышмандыгы менен кутулуп кеттиң! Бирок мен ушул айла менен жүздөгөн адамды жолдон чыгарган элем деди да, көздөн кайым болду.

Дароо алакан жайып, чоң коркунучтан арылтканы үчүн Кудай Таалага шүгүр келтирдим.

Жамаат бул окуяны кызыгуу менен угуп жаткан. Көпчүлүктөн бир адам:

- Анын шайтан экенин кантип билдиңиз? деп сурады.

- «Мындан ары сага арам нерселерди адал кылдым!» дегенинен байкадым – дедим»

**Айтылчу ой**

Алланын динин бурмалоого жанүрөгөндөр дайыма боло келген. Мындай бузуку иш-аракеттер күч алган кезде ар бир мусулман пенде үчүн ак менен караны, адал менен арамды, чындык менен жалганды, жакшы менен жаманды бири-биринен ажырата билүү зарылчылыгы күч. Бүгүнкү күнү жогорудагы окуянын башкача тариздеги мисалдары болуп жатат. Илим чөйрөсүндө атайын даярдалган «аалым» делген айрым бир адамдар Ислам дининин адал нерселерин арам, арам нерселерин адал катары кабылданышы үчүн жанүрөп коомчулукка зыян берүүгө аракет кылып келишет. Ошондуктан күнгө бүгүн Абдулкадир Гайланий олуянын кыраакылыгы, ак менен караны ажырата билүү өзгөчөлүгү жалпыбыз үчүн өзгөчө мааниге ээ. Ырасында Абдулкадир олуянын эрежеси ачык-айкын: Жараткан Алла Таала пайгамбарларга бербеген укукту башка адамдарга эч качан бербейт. Адал-арамдын, аккаранын, жакшы-жамандын эмне экендигин пайгамбарлар эмес да, шайтан жана анын адамдар арасынан өздөрүн өзгөчө сезген желдеттери жакшы билеби? Эч качан... Жараткан Алланын мындай көрпенделерге берген эскертүүсү өтө катуу:

«(Эй, Элчим! Аларга) айткын: «Силер диниңерди (Алла Таала жиберген дин Исламды) Аллага үйрөткүңөр келип жатабы?...» (Хужурат сүрөсү, 16-аят)

***

**Мага жараткандын ыраазылыгы керек!**

Баязид Бистамий мындай дейт:

«Бир күнү иштерим менен бир жерге бармакчы элем. Ал жерге баруу үчүн Тигр дайрасынын аркы өйүзүнө өтүшүм керек болучу. Жээкке келгенимде дайра экиге бөлүнүп мага жол бермекчи болду. Дароо өзүмдү колго алып, Тигр дайрасына кайрылып:

«Аллага ант болсун! Мен буга алданбайм. Анткени кайыкчылар бир адамды бир дирхамга өткөзүшөт. Ал эми сен менин отуз жылдык амалымды сурап жатасың! Мен махшар майданы үчүн даярдап жаткан жакшылык иштеримди бир дирхамга алмаштырып зыян тарткым келбейт. Ошондуктан мага керемет эмес, Алланын ыраазылыгы керек!» дедим»

**Айтылчу ой**

Напсиге жагымдуу келген керемет чыныгы олуя пенделер тарабынан өзгөчө аяр мамиле жасалган маселелердин бири болуп эсептелет. Ырас, олуя пенде кереметтен баш тартуу менен бир саамдык кыйынчылыкты баштан кечирүүнүн натыйжасында бир аз гана чарчашы, же беш-он тыйындык каражаты кетиши мүмкүн. Ошону менен бирге элдин көзүнө да көрүнбөгөн болот. Кээ бир учурларда ал кереметке жол берүү менен ошол күнгө чейин аткарылган жакшылык иштеринин бардыгын жоготуп койушу да мүмкүн. Кудай Өзү сактасын, бул өтө чоң жоготуу. Ошондуктан чыныгы олуя пенделер Жараткан Алланын ыраазылыгынан тышкаркы учурларда элдин көңүлүн буруууга багытталган кереметтерге эч качан алданган эмес. Алар ар качан улуу Жараткан Алланын ыраазылыгына ээ болуу үчүн гана жанүрөшкөн. Бул багытта Сахл бин Абдуллах ат-Тустарий олуя:

«Эң чоң керемет – бул жат сапаттарды адамдык асыл сапаттарга айырбаштоо. Кээ бир кереметтер ыйлаган балага сооротуу үчүн берилген оюнчуктар сыяктуу. Муну олуялар эмес, кайдыгерлер каалашат. Алар муну менен өздөрү алек болгону аз келгенсип, башка адамдарды да алек кылышат» деген.

Ошондуктан мусулман баласы үчүн эң негизги маселе Жараткан Алланын

«Сага буйрулган таризде туура жолдо бол!...» (Худ сүрөсү, 112аят) деген буйругун орундатууда жатат.

***

**Алдыда жүргөндөрдүн жоопкерчилиги**

Күндөрдүн биринде Имам Азам Абу Ханифа баткакты кечип бараткан тестиер балага кезигип калат. Балага мээрим төгө:

– Уулум! Абайлап бас, баткакка жыгылып түшпө! – дейт.

Бала Имамды карап, күтүлбөгөн жерден миң төөлүк казынага алмашкыс берегидей акыл айтты:

– Урматтуу имам мырза! Чынында мүдүрүлүп кетүүдөн сиз сактанышыңыз керек. Анткени аалымдын жыгылышы, ааламдын жыгылышына барабар. А мен жыгылсам, баткакты жууп коем, зыянын өзүм гана тартам. Ал эми сиздин бутуңуз тая турган болсо, сизди ээрчигендердин баары жыгылат. Мунун жоопкерчилиги сиздин мойнуңузда болот!

Муну уккан Абу Ханифа эмне дээрин билбей селейген бойдон калат. Терең ойго чөмүлөт. Ошол күндөн тарта маселени окуучулары менен кеңири талкууга алып, жетик бышыргандан кийин гана бүтүм-фатва чыгармай болот.

Ал шакирттерине кайрылып төмөнкү насаатын айткан:

«Эгер дагы да кубаттуу, дагы да бекем далилге күбө болсоңор, биз бүтүмүн чыгарган маселелерди колдонбогула. Бул Исламдын өнүгүшүнүн жышаанасы. Силер менин бул сөзүмдү жүзөгө ашыруу менен мага болгон сый-урматыңарды тастыктай аласыңар...»[147]

**Айтылчу ой**

Адал жолдо алдыда жүрүү берекелүү да, жоопкерчиликтүү да. Анткени мындай адамдардын жакшы жактары элге жугумдуу, таасирлүү болгондой эле, кемчиликтери да карапайым эл тарабынан туура нерсе катары кабыл алынып жүзөгө ашырылышы толук мүмкүн. Ошондуктан Имам Аазам Абу Ханифа сыяктуу улуу аалымдар буга өзгөчө кылдат мамиле жасоо менен бирге күнүмдүк турмушун такыбаалыктын чегинде өткөрүшкөн.

Күндөрдүн биринде кийиминдеги болоор-болбос кир үчүн Имам Аазамдын жан алакетке түшүп тазалап жатканын көргөн адамдар:

- Таксыр, өзүңүздүн фатваңыз боюнча, бул так намазды жараксыз абалга алып келе тургандай деле кир эмес ко. Мынчалык түйшүк тартканыңыздын себеби эмнеде? – деп сурашат.

Анда Имам Аазам (Жараткан Алла аны Өз ыраакымына бөлөсүн):

- Ал фатва, ал эми бул такыбаалык! – деп жооп кайтарган экен.

***

**Алла тааланын чакырыгы**

Хасан Басрий (куддиса сиррух):

«Кой адамдан дагы элпек. Себеби ал чабандын үнүн уккан кезде оттоп жаткан жеринен дароо башты көтөрүп, кулак төшөп туруп калат. Койдон да сабак ала албай, Жараткан Алланын чакырыгын укпаган адамды эмне десе болот?!» дейт.

**Кептин төркүнү**

Чакырыктар ар түрдүүчө болот. Чакырык чакырган адамга жараша суук же жылуу маанайда болот. Маселен, жакын мамилелеш эмес адам менен сырдаш достун чакырыгынын ортосунда асман-жердей айырма бар. Ошондой эле эненин чакырыгы менен сүйгөн адамдын чакырыгынын орду ар башка. Анын сыңарындай, Жараткан Алла Тааланын чакырыгына болгон мамиле такыр башкача, эң жогорку деңгээлде сүйүү абалында болушу кажет. Айрыкча күн сайын беш маал ай-ааламга жар салынган "حَيَّ عَلَى الصَّلاَةِ" «Хаййа алас-солаах» (Кана, келгиле, намазга!) деген чакырыкка болгон мамилебиздин салмагын Жараткан Аллага болгон улуу сүйүүнүн таразасына салып, дайыма тартып турушубуз кажет. Бул багытта Мавляна олуя:

«Эсиңди жый!.. Жараткан Алла Таала сени чакырып жатат. Сен бул чакырыкка мунжу болсоң да, башың менен тик туруп жүгүрүп кел!..»

«Анткени Анын «кел» деши адамды «адам» кылат. Руханий дем-күч берет, чексиз ыраакымына бөлөйт, улуу дастарконунан даам сыздырат» дейт.

**Адал иштин маанилүүлүгү**

Абу Аббас Нихавандийге соода-сатык менен алектенген бир шакирти келип, зекетин берүүгө ылайыктуу адам издеп жүргөндүгүн айтып, кеңеш сурайт. Абу Аббас (куддиса сиррух):

- Көңүлүң кимди каалап турса, ошого бер! – дейт.

Устатынын кеңешин алган шакирт жолдо баратып кайыр сурап олтурган бир сокур адамды көрөт. Боор ооруп, чөнтөгүнөн зекетке деген бир кисе[148] алтынды алып чыгып, тиги адамдын колуна карматат. Алтындарды колу менен кармагылаган азиз кубанычы

койнуна батпай, ордунан дароо обдула туруп, жөнөп кетет. Эртеси күнү ошол жерден өтүп бараткан шакирт кечээки азиз адамдын башка бир азиз (сокур) адам менен сүйлөшүп жатканын угуп калат. Зекет алган азиз мындай деп жаткан эле:

- Кече күнү мага бир адам бир кисе толтура алтын берди. Мен дароо шарапканага барып, көңүлдөгүдөй эс алдым...

Бул сөз шакирттин муунун калчылдатып, өзүнчө кыжалат кылат. Ошол жерден дароо Абу Аббас устатка барат. Болгонун болгондой айтып берүүгө камданып келген шакиртке устат ооз ачтырбай, сатылган селдесинин акчасын колуна карматып:

- Бул акчаны алдыңан чыккан биринчи адамга бер! – дейт.

Шакирт эч нерсе дей албай, берилген тапшырманы аткаруу үчүн жолго чыгат.

Устатынын айтканындай, аманат акчаны жолунан чыккан биринчи адамга берет. Бирок акылынан чыкпаган ой менен береги адамдын аркасына түшөт. Байкуш адам шаардын чет жакасында жайгашкан турак-жайлары урап ээн калган жерге келет. Эки жагын каранып, элеңдеп койнунан өлүк бир кекиликти алып чыгып, жерге таштайт. Дал ошол учурда шакирт жанына басып келип:

- Аба! Алла үчүн чыныңызды айтыңыз! Сизге эмне болду? Мынабул өлгөн кекилик эмне? – дейт.

Өзүнө акча берген адамды маңдайынан көргөн байкуш адам мукактанып:

Жети күндөн бери бала-бакырам жарытылуу тамак жей элек.

Жубайым экөөбүз эптеп чыдап жүрөбүз. Ал эми балдарымдын чыдамы такыр кетип бүттү... Ошого карабастан адамдардан кайыр суроо – мен үчүн такыр ойго келбеген иш эле. Мына ушундай оор абалда турган чакта сен көргөн мынабул жыттанып бараткан өлүк кекиликти таап алдым. Айла жоктон, аны балдарыма алып бармакчы элем. Ичимден Жараткан Аллага жалбарып: «Оо, Жараткан! Мага жардам бере көр...» деп дуба кылып жаткан элем. Дал ошол учурда сен келип акча бердиң. Мен Жаратканга шүгүр келтирип, бул жерге кекиликти таштандыга таштаганы келгем. Азыр мен базарга барып, сен берген акчага азык-түлүк алам... – деп жооп кайтарат.

Бул жагдайга аң-таң абалда калган шакирт дароо Абу Аббас олуяга келет. Устат шакиртине ооз ачтырбай, мындай дейт:

- Уулум! Демек, сен кирешеңе күмөндүү же арам нерселердин аралашып-аралашпаганына маани бербепсиң. Ошондуктан сенин зекетиң шарапка кетти. Анткени түшкөн кирешелер кай жерден, кандай таризде түшсө, дал ошондой колдон чыгат. Ырас, сенин бир кисе алтының менен менин бир селделик акчамдын ортосундагы айырма мына ушул жерде жатат!..

**Айтылчу ой:**

Ар бир нерсе оң же терс өзгөчөлүктөрүнө жараша маанилүү же маанисиз болот. Бул чындык адал-арам маселесинде алдаканча ачык-айкын байкалат. Ошондуктан ата-бабаларыбыз бекеринен:

«Адал иш абийир таптырат, арам иш азабын тарттырат» деп айтпагандыр. Бекерден келген күмөндүү, арам нерселер менен аралаш кирешелер дайынсыз жактарга, ал эми адал эмгек, маңдай тер менен келген кирешелер пайдалуу да, берекелүү да болот. Кыскасы, адал адалга, арам арамга жол ачат.

Абу Бакир Варрак сукбаттарынын биринде:

- Эртең менен турганда адамдарды карайм. Кимдин адал, кимдин арам тамак жегенин байкайм – дейт. Эл:

- Муну кантип билесиз? – деп сурашат.

Анда ал:

- Ким эртең менен тура элек жатып эле тили ушак-айың, дайынсыз, акаарат сөздөр менен алек болсо, анда анын жеген тамагы арам болгондугун билем. Ал эми ким эртең менен турганында тили Алла Тааланы эстеп зикир кылуу менен, келме, истигфар менен алек болсо, анын кирешеси адал жолдон болгондугун байкайм... Себеби адал да, арам да өз өзгөчөлүктөрүнө жараша адамдардын жүрүм-турумуна оң же терс өңүттө таасир этет... – деп жооп берген экен.

***

**Адал киреше**

Абу Ханифа соода-сатык менен алектенген бай адамдардан эле. Өзү көпчүлүк учурда илим менен алек болгондуктан иштерин өкүлү аркылуу жүргүзүп, соодасынын адал-арам эрежесине жооп берип-бербей жаткандыгын теске сала турган. Ал бул багытта өтө олуттуу мамиле жасай турган. Бир күнү өкүлү Хафс бин Абдуррахманды кездеме сатууга жиберип жатып, ага:

- Эй, Хафс! Мунун мынабундай кемчиликтери бар. Ошондуктан муну кардарга ачык айтып, ала турган болсо, ушунчага сат! – дейт.

Хафс базарга барып кездемени Имам Аазам айткан баага сатып, бирок андагы кемчиликтерди кардарга айтканды унутуп калат. Жагдайдан кабардар болгон Имам Аазам Абу Ханифа Хафска кайрылып:

- Кездемени алган кардарды тааныйсыңбы? – деп сурайт.

Хафс кардарды тааныбаганын айтат. Анда Имам Аазам адал кирешесине күмөндүү кирешенин кошулушуна ыраазы болбой, аны толугу менен кедей-кембагалдарга таратып жиберет.

**Айтылчу ой**

Адамдын ниетинин түздүгүн, ыкласынын ысыктыгын, адал жолдо жүргөндүгүн билүү үчүн анын аткарган ибадаттарынан мурун ошол ибадаттарды кандай абалда, кандай ыклас менен аткарып жаткандыгын кароо керек. Тагыраак айтканда, анын жүрүмтуруму, сүйлөгөн сөзү Ислам адебине дал келип-келбегенине, кирешесинин адал болуп-болбогонуна карек оодаруу зарыл.

«Күндөрдүн биринде бир адам Азирети Умарга түнкүсүн намаз окуп, күндүзүн орозо кармаган бир адамды айтып аябай мактайт. Анда Азирети Умар тиги адамдан аны менен кошуна болуп көрүп-көрбөгөнүн, аны менен бирге сапарга чыгып-чыкпаганын, аны менен соодалашып-соодалашпаганын сурайт. Үч суроого тең «жок» деген жоопту алган азирети Умар анда:

- Андай болсо, аны минтип мактаба! Себеби сен аны толук тааныбайсың! – деген экен.

Суфян Саврий (куддиса сиррух) бул багытта:

«Адамдын такыбаалыгы токочунун адалдыгына жараша болот!» дейт.

Бир күнү Суфян Саврий устатка:

- Таксыр, намазды биринчи сапта окуунун артыкчылыгы жөнүндө айтып beresизби? – деп суроо салган адамга ал алгач адал кирешеге басым жасап:

- Эх, боордошум! Сен наныңды кайдан таап жеп жатасың? Эң ириде мына ушуга көңүл бөл! деген экен.

Арам ооказтан оолак болуп, адалынан азык табуунун маанилүүлүгү, берекелүүлүгү жөнүндө маркум атам Муса Топбаш мынабу окуяны айтып берген эле:

«Бир кошунабыз бар эле. Башында ал мусулман эмес болучу. Кийин мусулман болду. Бир күнү адал жолго түшүп калгандагы себебин сураганымда ал мындай деп жооп берди:

- Ооба, Ажыбадемдеги кошунам Раби Молдонун соодадагы тактыгы, чынчылдыгы себеп болду адал жолго түшүп калышыма. Молдо Раби сүт сатчу. Бир күнү күүгүмдө биздикине келип:

- Алыңыз, бул сүт сиздики! деди.

Таң калып:

- Бул кандайча? Мен сизден сүт сураган эмес элем го дедим. Анда ал:

- Кашайып, билбей калыпмын, жана уйларымдан бирөө сиздин айдооңузга кирип кетиптир. Бул сүт ошонун акысы. Бүгүндөн баштап айдооңуздан жеген чөптүн күчү денесинен тараганга чейин уйумдун сүтүн сизге алып келип турам ... деди.

Мен:

- Эч кабатыр болбоңуз! Жесе жегендир, андан эч нерсем кемип да, ашып да калбайт! Акым сизге адал болсун!..десем да, Раби Молдо ой-бойума койбой:

- Жок, жок, андай болбойт! Анын сүтү сиздин акыңыз!..деп күн сайын сүт алып келмей болду.

Мына ошол акпейил адамдын бул кадамы мага абдан таасир берди. Ошентип, ал башымдагы кара кымкапты аркага оодарып, жарыкка алып чыкты. Өзүмө-өзүм:

**«Мына ушундай адамгерчиликтүү, асыл сапаттуу адамдын дини сөзсүз түрдө эң улуу дин. Мына ушундай чынчыл, ыраскөй, акпейил адамды тарбиялаган диндин актыгында, аруулугунда кыпындай да күмөн жок!»** дедим да, келме келтирип, мусулман болдум».

Бул окуялар адал-арам маселесине канчалык деңгээлде олуттуу, канчалык кылдат мамиле жасоо керектигибизди ачык-айкын айгинелеп турат. Адал киреше – бул такыбаалыктын эң негизги талаптарынан болуп эсептелет. Ардактуу Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* төгүн жерден:

*«Калп айтпаган ыраскөй, чынчыл жана ишенимдүү соодагер пайгамбарлар, ыраскөй такыбаалар жана шейиттер менен бирге болот!»* деген эмес (Тирмизий, Буйуу, 4).

Себеби пайгамбарлар, ыраскөй такыбаалар жана шейиттер менен бирге болуу бактысына жете алган соодагер айлана-чөйрөсүнө пайдалуу болуу менен катар эки дүйнөлүк бакытка жеткен болот. Ал эми утурумдук дүйнөдө жеке кызыкчылыгын гана ойлоп, напсиге алдангандар бул дүйнөдө жыргал жашоодо өмүр сүрүшсө да, түбөлүк акырет жашоосунда сокур тыйынга зар болгон кембагалдын кейпин кийишет.

Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* мындай дейт:

*«Ушундай бир убакыт келет, агезде адам кирешесинин адаларамдыгын ылгабай калат»* (Бухарий, Буйуу, 7, 23).

Бул куттуу хадисте ишарат жасалган кайдыгерлер көбөйгөн бүгүнкү күнү адал-арам маселесине олуттуу түрдө мамиле жасоо өзгөчө мааниге ээ болуп, эң чоң ибадаттардын катарынан орун алат.

Мына ушундай ибадатты аткаруу менен Алла Тааланын буйругуна жан дилден баш ийүү аркылуу баралына келген пенделер жакшылыктын гана жышааны болушат. Ал эми адал-арам маселесине кайдыгер мамиле жасаган адамдар өздөрүнө да, коомчулукка да зыяндуу келишет.

Жараткан Өзү сактасын! Оомийин!...

*Тасаввуф - Жараткан Алланын алдында турганыбызды эч качан эстен чыгарбай, Ага толук моюн сунуу аркылуу аруу Ислам динин чын ыкластан сүйүп жашоодон гана турат.*

## КОРУТУНДУ

Алла Тааланын азирети Пайгамбарыбызга *(саллаллаху алейхи васаллам)*:

**«(Элчим!)Аны(Куранды)Жабраилперииште эскертүүчүлөрдөн болушуң үчүн жүрөгүңө жайгаштырган»** (Шуара сүрөсү, 193-194-аяттар) деген буйругунда терең маанилер катылуу.

Бул маанилердин өзөгү көөдөн айдыңында гана өсүп-өнө турган акыйкатка такалат. Тагыраак айтканда, ар бир илимий чындык тек гана улуу сүйүүнүн[149] ышкысы менен жандуулугун сактаган жан дүйнөлөр аркылуу өзгөчө терең мааниге ээ болот. Бул өңүттөн тасаввуфтун:

«Илим – бул өзүнчө талап. Ырас, бул талаптын максаты – жакшылык ишке багытталат. Ал эми жакшылык иш – бул «Таазим лиамриллах», б.а., Жараткан Алланын буйруктарын жан дил менен сүйүп аткаруу жана «Шафкат ли-холкиллах», б.а., Жараткан Алланын ыраазылыгы үчүн жандуу-жансыздарга боорукер сезим менен жылуу мамиле жасоо, деген сөздүн өзөгүндө катылуу. Илим мындан тышкары максатка багытталса, пайдасыз илимге айланат!» деген көз карашы мына ушул чындыкка такалат.

Башкача айтканда, китеп жүзүндөгү маалыматтар, ырасында, кампада сакталган үрөөндүк дан сыңары. Дан топуракка түшкөндө гана өсөт, өнөт. Ал эми кампада жата берсе, ал өнүү сапатын жоготот, чирийт. Анын сыңарындай, Ислам илимдери да акыл чөйчөктөн иш жүзүнө ашырылса, жан дүйнө көркүнө чыгып, ажары ачылат. Ошондо гана алар пайдалуу илимге айланган болот.

Ошондуктан Ыйык Куран азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын көөдөнүнө түшүрүлгөндүктөн кутман сахабалар Жараткандын буйрук-жарлыктарын кагаз бетинен мурун, акыркы Пайгамбардын көөдөнүнөн окуп үйрөнүшкөн. Ошентип алардын жан дүйнөсү Жараткандын сөзүнүн ошол куттуу көөдөндөгү теңдешсиз нуруна бөлөнүп, Исламдын арууулугун, улуулугун, сулуулугун туура аңдап, Аны менен жуурулуша жашай алышкан. Сахабалар Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* «жандуу Куран» деген сапатка ылайыктуу кишилигине, адамдык асыл сапатына суктанып, ыйманга келип, жарыкты айланчыктап учкан көпөлөктөрдүн мисалына айланышкан. Тасаввуф дагы мына ошол руханияттан насип алып, Ислам менен жуурулуша жашоону негизги максат катары кабыл алып, азирети Пайгамбарыбыздын *(саллаллаху алейхи васаллам)* нур жаркыган жан дүйнөсүнөн кутман сахабалар аркылуу олуяларга жеткен нурлуу казынаны кылымдарга, келечек урпактарга жеткирүүгө жанүрөйт.

Бул өңүттөн Ислам дининин фатва (укуктук өкүмдөрү, шарият) өңүтү бир имараттын эң негизги устундары болсо, ал эми такыбаалык өңүтү ошол устундардын ортолорун бекитип, толуктап турган кирпичтери, ошондой эле имаратты ичи-сырты менен ажарын ачып турган өң-түсү, оюлуп асемделген жыгачтары...

Тасаввуф Жараткан Алланын алдында турганыбызды эч качан эстен чыгарбай, Ага толук моюн сунуу аркылуу аруу Ислам динин чын ыкластан сүйүп жашоодон гана турат. Анын эң маанилүү маселеси буларды түшүндүрүүдөн мурун, аларды мүмкүнчүлүктүн жетишинче күнүмдүк турмушубузга айкалыштыра билүүдө жатат. Аалым-олуялар: «Айтып койуу оңой, угуп койуу да оңой. Ал эми аны менен жашоо оор!..» дешкен.

Ырасында эле жазып койуу да, окуп койуу да оңой. Бирок жазылган чындыктар менен айкалыша жашоо өтө оор. Тагыраак айтканда, «сабыр кыл» деген кыска сөздү айткан тил да, уккан кулак да, окуган көз да чарчабайт. Ал эми жашоонун оош-кыйышында миң бир түрлүү машакат-кыйынчылыктардын алдында адам баласы көпчүлүк учурда сабырсыздыгын, алсыздыгын далилдеп келет. Ошондуктан кептин төркүнү тасаввуфтук маалыматтарды үйрөнүүдө да, үйрөтүүдө да эмес, аларды жан дүйнөбүздүн жан азыгына айлантууда жатат.

Жараткан Алла Таала Ыйык Куранда:

**«(Ал) өмүр менен өлүмдү силердин кимиңер дагы да жакшы амал кылаарыңарды аныктоо үчүн жараткан»** (Мүлк сүрөсү, 2-аят) деп айтуу менен бизди жакшылык иштерге чакырган.

Бул аятка назар салганыбызда «жакшы түшүнүү», «жакшы түшүндүрүү», «кунт коюп угуу» деген сөздөрдү кездештире албайбыз. Мында «амал кылуу» деген сөзгө басым жасалат.

Ошол себептен тасаввуфтун негизги максаты такыбаалыктын мөлтүр булагы менен көөдөндө жаткан сүйүү данына жан киргизип, жан дүйнөнү көркүнө чыгарууга, адамды кайдыгерликтин ээн талаа эрме чөлүндө ээнсиретип жырткычтарга жем кылбай, түбөлүк бакыттын жолоочусуна айландырууга багытталат. Муну түшүнүп жашагандар тасаввуфту түшүнүп-жашаган болушат. Олуя-аалымдар айткандай:

«Тасаввуф – бул өзүнчө руханий абал. Аны даамын таткан адам гана түшүнөт!..»

Узун сөздүн кыскасы, бул жерге чейин тасаввуф жөнүндө айткандарыбыздын өзөгү «Жараткан Аллага канткенде сүйүктүү пенде боло алабыз?» – деген суроого оң жооп берүүнүн камын көрүүдө жатат. Бул жооп түбөлүк жашоого олуттуу түрдө даярдык көрүшүбүздү талап кылат. Башкача айтканда, тасаввуф – Жараткан Алланын алдындагы кулчулук милдетибизди толук аткарууга умтулуу, дегенди түшүндүрөт. Себеби Жараткан Алла адам баласын Өзүнө кулчулук кылышы үчүн гана жараткан. Ошондуктан тасаввуф мына ушул кулчулукка бөгөт болгон тоскоолдуктарды жолдон алып салып, ага (кулчулукка) арка-жөлөк боло турган мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууну көздөйт. Тасаввуф мынабул беш күндүк дүйнөдөн түбөлүк жашоого сапар алуу учурунда адам баласын Жараткан Алланын алдында«кандай гана сүйүктүү пенде!» деген алкышка татыктуу кыла турган нурлуу жол.

Сөз оролу напсинин менменсинген азгырыктарынан арылып, Жаратkандын чексиз Кудуретинин алдында «эч кимдик» абалы менен жашоодо жатат. Бул абал пендеге алсыздыгын аңдашына жардам берип, аны руханий жактан баралына келтирүүчү өтө таасирлүү сезим. Муну аңдап-түшүнгөндөр эч качан кайгы-капа чегишпейт. Ар дайым сабырдуулук менен Жаратканга моюн сунуп, бейпил өмүр сүрүшөт.

**Оо, Жараткан Алла! Бизди дагы «кандай гана сүйүктүү пенде!» деген алкышыңа арзыган пенделердин катарына кошо көр... Оо, Жараткан! Бой көтөрүүчүлүктөн, текеберликтен алыс болушубузду насип буйруп, бизди Чексиз Ыраакымыңа ала көр... Сөзүбүздү өзүбүз менен, өзүбүздү сөзүбүз менен айкалыштыра көр... Колго калем алып жазууга аракет кылган мынабу арзыбас**

**эмгегибиз менен жан дүйнөбүздү көркүнө чыгарууну насип кыла көр... бизди сүйүктүү такыбаа пенделериңдин катарына кошуп, кыямат күнү ошолор менен бирге тирилте көр... Сүйүктүү акыркы Пайгамбарыңдын куттуу сүннөт жолунан адаштыра көрбө... Анын шапаатын бизге да насип буюра көр... Жалгыз Өзүңдүн ыраазылыгыңа ылайык асыл сапаттарга ээ болуп, жакшылык иштерди жасоо менен убактылуу өмүрүбүздү түбөлүк бакытка айландыруубузга жардам бере көр... Жат иштерден оолак кыла көр... Акыркы демибизге чейин адал Ислам жолуң менен жуурулуша жашообузду насип буюра көр... Мынабул арзыбаган эмгегибизди жакшылыкка, адал жолуңа, акыйкатка гана себеп кыла көр...**

**Оомийин...**

[1] Абдулкарим ал-Жилийдин китеби
[2] «Олуя» сөзү арап тилиндеги «авлия» деген сөздөн келип чыккан. «Авлия» сөзү арапчада «дос, жакын» деген маанилерди туюнткан «вали» сөзүнүн көптүк түрү. Ал эми Ислам коомчулугунда «авлия» сөзү «Ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашоо аркылуу Алла Тааланын сүйүктүү пендесине» айланган адамдарга карата айтылат. Олуя – бул, айрым адамдар түшүнгөндөй, көзүачык, же бакшы эмес.
[3] «Марифатуллах» жөнүндө кененирээк маалымат алуу үчүн китептин үчүнчү бөлүмүнө назар салсаңыз болот.
[4] Хижр сүрөсү, 29
[5] Вахиис: Жараткан Алланын паис гамбарлары аркылуу адам баласына жөнөткөн кабары. Вахиис паис гамбарларга гана келет.
[6] Садык түш тууралуу маалымат алуу үчүн китептин үчүнчү бөлүмүнө назар салсаңыз болот.
[7] Марифатуллах: Алла Тааланы жүрөк менен таануу жана ошого жараша өмүр сүрүү
[8] Мухаббатуллах: Алла Тааланы сүис үү
[9] Тавхид: Алла Тааланы жалгыз деп билүү
[10] Зикир: Алланы ойлоп, тил менен да, дил менен да Анын улуктугун даңазалоо
[11] Муракаба: адамдын өзүн-өзү теске салышы, өзүнүн жан дүйнөсүнө назар салып, терең ойго батышы
[12] Мираж: Пайгамбарыбыздын Алланын алдына көтөрүлүшү
[13] Аяттын мааниси төмөнкүчө: «Ошентип, экөөнүн ортосундагы аралык бириктирилген эки жаанын ортосундай болду же андан дагы жакыныраак (келди)» (Нажм сүрөсү, 9). Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* аталган мираж түнү эч бир жандуу-жансыз, алтургай Жабраил периште дагы өтүп көрбөгөн «Сидратул-Мунтахаа» деп аталган чектен да ары көздөй өткөн. Аятта Алла Таала менен Пайгамбарыбыздын ортосундагы аралык «бириктирилген эки жаанын ортосундагы аралыктай же андан дагы жакыныраак» деген таризде салыштыруу жолу менен билдирилген. Эми мунун акыйкаты жалгыз Аллага гана маалым.
[14] Валлахи: Алла Тааланын атынан касам ичүү. Кыргыз тилинде толук болбосо да, «Кудайга ант!», «Кудай акы!», «Кудай урсун!»деген маанилерди камтыйт.
[15] Ибнул-Асиир, ал-Каамил фит-Таарих, 2, 64.
[16] Ибни Хишам, ас-Сииро, 1, 236.
[17] Кудайы: Жараткан Кудай Таалага таандык, деген мааниде.
[18] Улуу сүйүү – Жараткан Алла Таалага болгон эң жогорку сүйүү. Колуңуздагы китепте бул сөз ушул мааниде гана колдонулат.
[19] Мужтахид – бул, Ыис ык Курандын жана Сүннөттүн негизинде белгилүү ыкмаусулдар менен диниис өкүм чыгарууга укуктуу Ислам аалымы.
[20] Ижтихад – Куранда жана сүннөттө ачык-аис кын далили жок каис сыдыр бир маселени талдап чечмелөө, ага чечим чыгаруу. Мындай маселелерди мужтахид аалымдар гана чечмелеп, аларга карата чечим чыгара алышат.
[21] «Муршид» жөнүндө маалымат алуу үчүн колуңуздагы китептин экинчи бөлүмүнүн «Г» пунктуна назар салсаңыз болот.
[22] Ариф – руханий жактан бийик даражаларга жеткен аалымдар.
[23] Хушуу – коркуу жана сүйүү сезими менен Алла Таалага моюн сунуп, чын ыкластан ибадат кылуунун натыйжасында пайда болгон абал.
[24] Ихсан – Жараткан Алланын алдында тургандыгын сезүү менен Ага чын ыкластан ибадат кылуу.
[25] Ирфан: Жалгыз Жаратканды таанып, Анын улуктугун кабылдоого багытталган илим, билгилик. Муну окуу менен алууга болбойт. Кененирээк маалымат алуу үчүн китептин 1-бөлүмүнүн «З» пунктуна назар салсаңыздар болот.
[26] **Пайгамбарлардын мураскорлору** – илим, амал жана адеп-ахлак өңүттөрүнөн пайгамбарлардын, асыресе, акыр заман пайгамбары Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)*дын изинен чыкпаган чыныгы аалымдар. Бул багытта куттуу хадистердин биринде: «Чыныгы аалымдар – пайгамбарлардын мураскорлору» (Абу Давуд, Илим, 1) деп айтылат.
[27] Суйутий, Жаамиус-Сагиир, 2, 73.
[28] Согуш учурунда азирети Пайгамбарыбыз жерден бир ууч топурак алып жоо тарапка чачканда каапырлар көрбөй калышкан. Бул жерде сөз ошол жөнүндө болууда.
[29] Куртубиис, ал-Жаами, 9, 107.

[30] Муфассир – Ыис ык Куранды чечмелеп-түшүндүрүү боюнча аалым адам.
[31] Кудсий хадис: Жараткан Аллага таандык сөз. Бирок бул сөздүн Курандан айырмасы Мухаммад Пайгамбарыбыз аны сөзмө-сөз эмес, маанисин өз сөзү менен айткандыгында.
[32] Итикаф бул белгилүү бир жерден чыкпай, белгилүү убакыт аралыгында убакытты жалгыз Жаратканга ибадат кылуу менен өткөрүү.
[33] Шакк-ы Садр: акыркы Пайгамбарга периштелер тарабынан жасалган эм. Мында акыркы Пайгамбардын көкүрөгү Кудайы нур менен ачылып, руханий өңүттөн кеңейтилген. Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* өмүрүндө эки жолу, т.а. алгач бала чагында, кийин Мираж окуясынын алдында, шакк-ы садрга туш болгон. Бул окуя «шарх-и садр» деп да айтылат. Куранда бул окуяга: **«Биз сенин көкүрөгүңдү ачып кеңейткен жокпузбу?»** (Инширах сүрөсү, 1) – делип, ишарат жасалат.
[34] Метафизика: материядан тышкары көзгө көрүнбөгөн аалам.
[35] Мухаммад Саалих аз-Заркаан, Фахруддин ар-Раази ва Арааухул-Калаамиис ис а валФалсафиис ис а, 76.
[36] Истихара намазы каис сыдыр бир ишке кадам шилтеис албаис турганда ошол иштин оң же терс болоруна кандаис дыр бир руханиис ишарат алуу үчүн окулган намаз.
[37] Ибн Хажар, Хадиис ус-Саариис мукаддимату Фатхил-Баарии□ ,489;Ибн Хажар, Таглиикут-Таалик, 5, 421.
[38] Жейрен – кайберендин бир түрү. Бул кайберенден жыпар алынгандыктан кыргыздар аны «жыпар киндик» деп да коюшкан.
[39] Садык түш тууралуу маалымат алуу үчүн китептин үчүнчү бөлүмүнө назар салсаңыз болот.
[40] Хаттат – көркөм жазуу өнөрү боюнча адис.
[41] Муслим, Солаат, 119; Абу Давуд, Хатам, 4; Адаб, 14
[42] Иншааллах: «Кудай буюрса, Кудай каалаunion» деген мааниде.
[43] Муршид-у каамил: руханий жактан Ыйык Курандын жана сүннөттүн негизинде баралына келип, шакирттерге шык-жөндөмдөрүнө жараша таалим-тарбия берүүчү адам, устат. Толук маалымат алуу үчүн экинчи бөлүмдүн «Г» пунктуна назар салсаңыздар болот.
[44] Тасбих: Жараткан Алланы даңазалоо
[45] **Халк ааламы** – убакыттын жана жер-орундуктун алкагында белгилүү максаттар менен жаратылган жандуу-жансыздар дүйнөсү. Сырткы беш сезим-туюмубуз менен сезип көргөн нерселердин бардыгы ушул ааламга таандык.
[46] **Амир ааламы –** «убакыт» менен «материя» талап кылынбастан Алла Тааланын «кун!» (бол!) деген буйругу менен жаралган аалам. Бул «малакуут» жана «кайып» ааламы деп да айтылат. Акыл, напси, рух, жүрөк (б.а., жан дүйнө) сыр жана башкалар мына ушул ааламга тиешелүү.
[47] Юсуф сүрөсү, 53-аят.
[48] Суйутий, Жаамиус-Сагиир, 2, 73.
[49] Бул үч сахаба Мурара бин Рабиил-Амрий, Хилал бин Умаййатул-Вакифий жана акын Кааб бин Маалик болгон. Булар мурунку казаттарга да катышышкан. Алар Табукка барбаис коис гондуктары үчүн өздөрүнө карата жасалган мамилеге абдан өкүнүштү. Алланын Элчиси саламдарына алик албаис , дүис нө аларга чоочун сыяктуу туюлду. Кең дүис нө тар келе баштады. Алтургаис өз аялдары дагы өздөрүнө чоочундаис сезилип жатты. Күнү-түнү көздөрүнөн жаш кетпеди. Ырас, алар ката кылышкан эле. Бирок Жаратканга болгон ыкласынан, моюн сунуучулугунан, бушаис ман болуп тооба кылуудан баш тартышкан эмес эле. Ошентип, элүү күн өттү. Алар акыис катты аис тып, чын ыкластан тооба кылып, Жараткан Алладан кечирим тилешкендиктен акырында төмөнкү аят түшүрүлүп, Алла Тааланын кечиримине ээ болушту:
**«Казаттан калган үчөөнүн да тооболору кабыл кылынды. Аларга жер кенен туруп, абдан тарып кеткен болучу. Алардын жүрөктөрү кысылып (чын ыкластан бушайман болушту). Алладан башка эч бир сактап калуучу жок экенин аңдашты. Ошондон кийин Алла алардын тооболорун кабыл кылды. Чындыгында Алла – тообону кабыл кылуучу, Мээримдүү. Эй, момундар! Алладан коркуп, чынчыл адамдар менен бирге болгула!»** (Тооба, 118-119).
[50] Аараф сүрөсү, 175-176-аяттар.
[51] Бул рухтар тууралуу маалымат алуу үчүн колуңуздардагы китептин «Напсинин маани-маңызы» деген темасына назар салсаңыз болот.

[52] «Ладунний» сөзү «Алланын билгилигине жана купуя сырларына таандык» деген мааниде колдонулат.
[53] Таклид өз ойу менен эмес, бирөөнүн аркасы менен жүрүү, ээрчүү, дегенди түшүндүрөт.
[54] Рушд даражасы – жакшыны жамандан айырмалай билүү даражасы
[55] «Якыйн» сөзү араб тилинде «кескин жана ачык-айкын билгилик» дегенди түшүндүрөт. Якыйнде күмөн, шек болбойт. Жүрөк тигил же бул нерсенин акыйкаттыгына карата ийненин көзүндөй дагы күмөн санабаган абалда болот. Кушайрий аттуу аалым якыйндин үч түрлүү болгондугун айтат:
**Илм аль-якыйн** – тигил же бул нерсе жөнүндө маалыматка таянган билгилик. **Айн аль-якыйн** – бир нерсе жөнүндө көрүү аркылуу алынган билгилик. **Хакк аль-якыйн** – бир нерсени өзү башынан өткөрүү аркылуу алынган билгилик.
[56] Сыддык – азирети Абу Бакирдин лакап-аты.
[57] Хажж сүрөсү, 46-аят.
[58] Дааруссалам: Бейиш.
[59] Залла: эрк-каалоодон тышкары кетирилген катачылык.
[60] «Асхабу суффа»нын жөнү мындай: Мусулмандар Меккеден Медина шаарына жер которуп келгенден кийин Набави мечити курулуп, анын бир жагына айланасы ачык, үстү курма жалбырактары менен тозулган, тегерегинде дубалы жок саябан курулат. Үйү жок кедей сахабалар мына ушул саябан алдында баш калкалап жашап калышкан. Алар бул жерден илим алып, Пайгамбарыбыздан таалим-тарбия көрүшкөн. Ошол себептүү алар «асхабу суффа» (саябан алдындагы сахабалар) деген лакап-атка ээ болушкан.
[61] Аали Имран сүрөсү, 169-аят.
[62] Бакара сүрөсү, 197
[63] **Базму аласт** (рухтардын эзелдеги чогулушу): Рухтардын ааламында Жараткан Алла Тааланын:
**«-Мен силердин Жаратуучуңар эмесминби?»** деген суроосуна бардык рухтардын:
**«-Ооба, Сен биздин Жаратуучубузсуң!»** деп жооп берип, Жараткан Кудуреттин Кудайлыгын тастыктоолорун түшүндүрөт. Бул жөнүндө Аараф сүрөсүнүн 172-аятына да назар салсаңыздар болот.
[64] Кудсий хадис: Жараткан Аллага таандык сөз. Бирок бул сөздүн Курандан айырмасы Мухаммед Пайгамбарыбыз аны сөзмө-сөз эмес, маанисин өз сөзү менен айткандыгында жатат.
[65] Пайгамбарыбызга салават жана салам айтуу – бул Жараткан Алладан азирети Пайгамбарыбыздын амандыгын, тынчтыгын тилөө, Ага Жараткандын ыраакымын тилөө дегенди түшүндүрөт.
[66] Бухарий, Магазий, 10; Вакидий, Магазий I, 208-281.
[67] Куртубий, ал-Жаами ли-Ахкамил-Куран, 5, 271.
[68] Азраил – адамдын жанын алуучу периште.
[69] Байхакий, Китабуз-Зухд, 2, 264; Ибн Касир, ал-Бидая, 2, 234-241; Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 9, 418.
[70] «Рабыта» жөнүндө толук маалымат алуу үчүн экинчи бөлүмдүн «Г» пунктуна назар салсаңыз болот.
[71] Бул терминдерге тасаввуфтук жазма булактарда ар түрдүүчө аныктамалар берилген. Алардан биринде бул түшүнүктөр жөнүндө мындаис  делет: **Фанаафиллах**: Алла Таалада жок болуу, б.а., Алла Таалага бапестелген эң жогорку сүис үүгө жолтоо болгон дүис нөлүк бардык нерселерден руханиис  жактан арылуу, напсинин түркүн түстүү азгырыктарынан оолак болуу дегенди туюндурат. **Бакообиллах**: Напсинин азгырыктарынан арылган пенденин Алла Таала гана каалаган асыл сапаттарга ээ болушу. Буга ыис ык Куран менен жана акыркы Паис гамбар
Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)*дын куттуу сүннөтү менен жуурулуша жашоо аркылуу гана жетүүгө болот.
[72] Улуу сүис үү – Жараткан Алла Таалага болгон эң жогорку сүис үү. Эскерте кетчү жагдаис, колуңуздагы китепте бул сөз ушул мааниде гана колдонулат.
[73] Бул эреже да ардактуу Паис гамбарыбыздын *(саллаллаху алеис хи васаллам)* сүннөтүнөн алынган. Азирети Паис гамбарыбыз учурунда адамдарга абалына жараша ар кандаис  өлчөмдө зикир таалимин бере турган. Буга төмөнкү мисалдарды келтирсек болот: Абу Талибдин кызы Умму Ханиис  *(Алла ага ыраазы болсун)* Паис гамбарыбызга *(саллаллаху алеис хи васаллам)* каис рылып:
- О, Алланын Элчиси! Мен карыдым, ал-күчтөн тайып калдым. Мага отурган жеримде кыла тургандай кандай ибадат сунуш кыласың? – деп сурайт. Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*:
- *Жүз жолу «субхааналлах», жүз жолу «алхамду лиллах», жүз жолу «лаа илааха иллаллах» деп айт!* – деп жооп кайтарат. (Ибн Маажа, Адаб, 56; Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 344). Зикирлердин арасынан өзгөчө Жаратканды жалгыздыгын тастыктаган тавхид (б.а., Лаа илааха иллаллах) келмесинин жамаат

менен зикир кылынышынын өзгөчө орду бар. Бул багытта сахабалардан Шаддад бин Авс *(Алла ага ыраазы болсун)* риваят кылган мынабу хадисте мындай делет:
Бир күнү Азирети Пайгамбарыбыз *(саллаллаху алейхи васаллам)* бизден:
- *Араңарда чоочун бирөө барбы?* – деп сурады. Бул жерде ал «чоочун» деген сөзү менен христиандарды жана иудейлерди айткан болучу.
Биз:
- Жок, о, Алланын Элчиси! – дедик.
Анда Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* эшиктердин бекитилишин буйруп:
- *Колуңарды көтөрүп, «Лаа илааха иллаллах» деп аис ткыла!* – деди.
Шаддад бин Авс *(Алла ага ыраазы болсун)* сөзүн улап: «-Колдорубузду көтөрүп бир канча мүнөт «Лаа илааха иллаллах!» деп Алла Тааланы зикир кылдык. Андан соң Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* колун түшүрүп төмөнкүчө дуба кылды:
*«Оо, Жараткан Алла! Сага чексиз шүгүр! Оо, Жараткан! Мени «ушул сүйлөм» менен жөнөттүң. Аны (зикир кылып, талаптары аткарууну) мага буйрудуң. Мунун акыбети катары мага бейишти убада кылдың. Сен убадаңдан эч качан кайтпайсың!»*
Андан кийин Алланын Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)* кутман сахабаларына кайрылып:
- *Сүйүнчү! Алла Таала силерди кечирди!* – деди» (Ахмад бин Ханбал, Муснад, 4, 124) дейт.
[74] «Инкибаз» жана «инбисат» шакирттин жан дүйнөсүндө жандуулугун сактаган карама-каршы эки күч. Инкибаз – бул коркуу, тынчсыздануу сезимдери менен руханий жактан сыгылуу, деген мааниде. Ал эми инбисат – үзүлбөгөн үмүт менен руханий жактан эс алуу, дегенди түшүндүрөт.
[75] Куранда момун-мусулмандардын Жараткан Алла Таалага болгон сүйүүлөрү эң жогорку деңгээлде болуу керектиги жөнүндө وَالَّذِينَ آمَنُوا أَشَدُّ حُبًّا لِلَّهِ «Ыймандуулардын Аллага болгон сүйүүсү бардык сүйүүлөрдөн жогору!» (Бакара сүрөсү, 165-аят) деп буюрулат.
[76] Силсила-и шарифа: Азирети Мухаммад *(саллаллаху алеис хи васаллам)* Паис гамбарыбызга чеис ин созулган чыныгы муршиддердин курамы.
[77] Кафх сүрөсү, 9-26-аяттар.
[78] И. Хаккы Бурсавиис , Рухул-Баян, 5, 226.
[79] Ахмад бин Ханбал, Муснад, 3, 265.
[80] Мужтахид – бул, Ыис ык Курандын жана Сүннөттүн негизинде белгилүү ыкмаусулдар менен диниис өкүм чыгарууга укуктуу Ислам аалымы.
[81] Кытаис дын Гуан-чжоу шаарында азирети Вахб бин Кабшадан сырткары азирети Саад бин Абу Ваккастын да сөөгү жаткандыгы аис тылат.
[82] Аис рым бир китепканаларда үстөлдүн үстүнө атаис ын жашыл түстөгү жабуу (скатерт) салынган болот. Себеби аис рым бир өң-түстөр көздү тез талытып, адамды чарчатып коис от. Жашыл түс болсо, тескерисинче көзгө паис далуу келет. Ошондоис  эле деңизге, көлгө карек оодаруу да көздү эс алдырат. Дарыгерлер ооруканаларда тазалыктын символу иретинде ак халат киис ип жүрүшсө да, операцияларга ачык жашыл түстөгү халат киис ип киришет. Бул жашыл түстүн көздү эс алдырган өзгөчөлүгү менен түшүндүрүлөт.
[83] Бухариис , Бадул-халк, 14.
[84] Ибн Хишам, ас-Сиро, 4, 103
[85] Муслим, Фазаилус-Сахааба, 158.
[86] Ахмад бин Ханбал, Муснад, 3, 18.
[87] Тааби-иин: кутман сахабалардан кийинки муундун мусулман өкүлдөрү.
[88] Муслим, Фазаилус-Сахааба, 223-225.
[89] Хижр сүрөсү, 29
[90] Хайсамий, Мажмауз-Заваид, 10, 214-215.
[91] Ибн Хишам, ас-Сиро, IV,37; Ибн Касир, ас-Сиро, III, 583
[92] Тирмизий, Закат, 28; Суйутий, Жамиус-Сагиир, 1, 108.
[93] Хаким, ал-Мустадрак алас-сахихайн, Бейрут-1990. IV, 185/7310.
[94] Аараф сүрөсү, 143-аят.
[95] Бул жерде Алла Тааланын «Мудилл б.а., адал жолдон адаштыруучу» деген сыпатын туура түшүнүп алуу абзел. Жараткан Алла Таала адам баласына акыл, эркаалоо берип, жакшылыкка да, жамандыкка да ийкемдүү бири-бирине карама-каршы эки өңүттүү шык-жөндөм ыроологон. Бул шык-жөндөм ырасында

сынак дүис нөнүн өзүнчө талабы. Адам баласы бул дүис нөдө өзүнө ыроолонгон акылы, эрк-каалоосу менен ошол эки өнүттүү шык-жөндөмүн колдонуп же адал, түз жолду, же туңгуюкка кептеген «иис ри» жолду тандап өмүр сүрөт. Бул жерде адам баласы «иис ри» жолду тандаса, Алла Таала ага каршы чыкпаис т. Себеби Алла Таала Адилеттүү Зат! Адам баласы адал жолдон жүз үис рүгөн саис ын көзгө саис са көрүнгүс туңгуюкка кептеле берет. Бул учурда ал маңдаис ындагы акты көрө албас карама сокурга аис ланат. Мына ушунун өзү, тагыраак аис тканда, сынак жаис да Алла Тааланын адам баласына эрккаалоосун каалаганындаис колдонушу үчүн мүмкүнчүлүк түзүп бериши – бул «Мудилл» сыпатынын талабы. Албетте, бул түшүндүрмө «Мудилл» сыпатын толук кандуу түрдө ачып берүүдөн алыс. Бул учукыис ырсыз океандан алынган бир тамчы сыяктуу гана. Анткени Алла Таала Чексиз Кудурет! Аны чектелүү акыл-көрөңгөбүз, аң-сезимибиз менен аңдоо мүмкүн эмес. (котормочудан)

[96] Анатомия илиминин доктору, профессор Маршал Жонсон дагы Куранда маалымдалган адам баласынын жаралуудагы баскычтары жөнүндөгү аяттарды биринчи жолу окуп абдан таң калган.
Аис рыкча «мудга»нын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматтар анын көңүлүн өзгөчө бурган.
**«Бир тиштем эт...»** Так эле тиштердин тизилишине жараша формага келген абалда. Чайналган эттин үстүндө калган тиштин издери сыяктуу...
Мына ошол бир тиштем эттин түспөлүн берген «мудга»да адамдын бардык өзгөчөлүктөрү бар. Бирок, бул учурда ушу өзгөчөлүктөрдүн кээ бири күчүнө кирсе, кээ бирлери али күчүнө кире элек болот. Бүгүнкү күнү медицина ушул жагдайды түшүндүрө турган ылайыктуу сөз таба албай келет. Мүчөлөрү иштеп жатат дейин десе, иштей электери бар, иштебейт дейин десе, иштеп жаткандары бар. Ал эми Куран муну «белгилүү-белгисиз бир тиштем эт» деп сүрөттөп, «мудга»нын бардык өзгөчөлүктөрүн камтыган бир сөз менен мындан 1400 жыл илгери эле маалымдап койгон.
Куран аяттарын алгач четинен четке кагып, кийин толугу менен кабыл алууга мажбур болгон профессор Маршал кашкайган чындыктын алдында:
«Ырас, илим чөйрөсүндөгүлөргө жол көрсөткөн бул Куран Алла Таала тарабынан түшүрүлгөн. Учуру келгенде андагы чындыктар ушинтип бир-бирден ачылып, жалпыга маалым болот. Алла Тааланын: **«Ар бир кабардын** (б.а., Куранда маалымдалган сан жеткис талашсыз чындыктардын ар биринин) **убакты-сааты бар. Жакын арада мындан** (чындыктан) **силер да кабардар болосуңар»** (Анаам сүрөсү, 67-аят) деген аяты сөзсүз түрдө жүзөгө ашат» деп айтууга аргасыз абалда калган.
[97] Каары – ыйык Куранды баштан-аяк жаттаган адам.
[98] Ажлуний, Кашфул-хафаа, 2, 132.
[99] Кахф сүрөсү, 65-аят.
[100] Мукарраб периштелер – Жараткан Алланы даңазалаган эң жакын периштелер.
[101] **Хаваас** – тандамал такыбаа-аалым пенделер. Ал эми **хаваасул-хаваас** – булар ошол тандамал пенделердин тандамалы болгон пенделер.
[102] Бухарий, Кадар, 4.
[103] Абу Давуд, Жанаиз, 27-28; Ахмад бин Ханбал, 6, 267; Ибн Маажа, Жанаиз, 10.
[104] Кахф сүрөсү, 60-82-аяттар.
[105] Залла – Жараткан Алланын ыраазылыгына төп келбеген пайгамбарлардын сөздөрү, кыймыл-аракеттери. Булар пайгамбарлардын эркинен тышкары жүзөгө ашкандыктан «залла-ката» катары эсептелет.
[106] Ислам аалымдары Кызыр алейхиссалам жөнүндө ар кандай көз караштарын билдиришкен. Кээ бири анын пайгамбар болгондугун айтса, көпчүлүгү анын олуя болгондугун айтышкан. «Кызыр» сөзү арап тилинен алынып, «жашыл» деген маанини түшүндүрөт. Азирети Мухаммад Пайгамбарыбыз Кызыр алейхиссалам тууралуу мындай дейт: «Кызыр алейхиссаламдын бул атка конушунун себеби мындай: Ал куурап саргарып калган чөптүн арасына отурган кезде ал чөптөр жашыл болуп көгөрө баштаар эле» (Бухарий, Анбия, 27; Тирмизий, Тафсир, 18; Дайламий, Муснад, 1, 345)
[107] Бухарий, Тафсир, 18/4; Муслим, Фазаил, 170..
[108] Мужтахид – бул, Ыйык Курандын жана Сүннөттүн негизинде белгилүү ыкмаусулдар менен диний өкүм чыгарууга укуктуу Ислам аалымы.
[109] Мунавий, Файзул-Кадиир, 5, 228.
[110] Мажзуб – Жараткан Кудуретке бапестелген улуу сүйүүнүн алдында акылы алсыз тартып, бирок жан дүйнөсү дайыма Жараткан Алла менен бирге болгон пенде. Алар адамдар арасында жоопко тартыла тургандаис абалга жетелеnce да, руханиис өнүттөн катардагы адамдардан алдаканча жогору турат.

[111] Нуреттин Топчу, Мавляна жана Тасаввуф, 139.
[112] Ахмад бин Абдуллах ат-Табарий, ар-Риядун-Надра, 2, 52.
[113] Умратул-каза – Алла Элчисинин *(саллаллаху алейхи васаллам)* Худайбия келишими түзүлгөн жылы ниет кылып, бирок аткара албай, кийинки жылы каза иретинде орундаткан умра ибадаты.
[114] Кушайрий, Рисала, 238.
[115] Муслим, Бирр, 8.
[116] Белгилүү бир ыкмалар менен тигил же бул жинди баш ийдирип, аны кызматчы катары колдонууга болот. Мындай жиндер «Худдам» деп айтылат. Худдам өзүнө баш ийдирген адамдын ар бир буйругун мүмкүнчүлүгүнүн жетишинче аткара алат.
[117] Мужиза – пайгамбарлар тарабынан Алла Тааланын уруксаты менен жүзөгө ашырылган адаттан тышкаркы ажайып көрүнүштөр.
[118] Калабазий, Таарруф, котор.С. Улудаг, 214
[119] Мавляна Шейх, Манакибу Хаажа Убайдуллах Ахрар, 1б -5а; Маждий Мехмед, Хадаикуш-Шакааик, 272-273; Молла Жами, Нафахатул-Унс, 764-765.
[120] Хадис илиминин аалымдары «убакыт жакындаган сайын» деген сөздү «кыяматка жакын» же «таңга маал» деп чечмелешкен.
[121] Бул хадисте садык түштүн пайгамбарлыктын кырк алты бөлүгүнөн бири катары маалымдалышына төмөнкүчө түшүндүрмө берилген: азирети Мухаммад *(саллаллаху алейхи васаллам)* Пайгамбарыбыздын пайгамбарлыгы 23 жылга созулган. Пайгамбарлыктын алгачкы алты айы садык түштөр иретинде жүзөгө ашкандыктан, бул убакыт аралыгы (б.а., алты ай) жыйырма үч жылдын «кырк алтыдан бирине» туура келет.
[122] Баязид мечитинде сабак берген аалымдардан Хулусий каарыга таандык бул китеп мусулман жылсанагы боюнча, 1305-жылы Стамбул шаарында жарык көргөн.
[123] Юсуф сүрөсү, 6-111-аяттар.
[124] Мухаммед бин Саид аль-Бусирий Мисирден (Египет) болгон. Ал XIII кылымда Мамлук мамлекетинин доорунда жашаган.
[125] Илхам Армутчуоглу, Касида-и Бурда, Кония 1983, 8-11.
[126] Муфассир – Ыйык Куранды чечмелеп-түшүндүрүү боюнча аалым адам.
[127] «Муршиду каамил» жөнүндө маалымат алуу үчүн экинчи бөлүмдүн «Г» пунктуна назар салсаңыз болот.
[128] Эзелде Жалгыз Өзү бар болгон Улуу Алла Таала адамдардын жана жиндердин аң-түшүнүгүнүн даражасына жараша билинүүнү каалагандыктан Өзүнөн сырткаркы жандуу-жансыздардын бардыгын жараткан. Бул жерде эң алгач «Нуру Мухаммад» (Мухаммад Пайгамбарыбыздын нуру) жаратылган. Ошондуктан Алланын акыркы Элчиси *(саллаллаху алейхи васаллам)*: «Адам рух менен дененин ортосунда турган чакта мен пайгамбар болчумун» деген (Тирмизий, Манакиб, 1).
[129] Мухажир: Меккеден Медина шаарына жер которгон момун-мусулмандар.
[130] Азирети Умар бул сөзү менен Кызыр *(алейхиссалам)* менен азирети Муса пайгамбардын окуясында маалымдалган эки жетим баланы айтып жатат. Бул багытта аяттардын биринде төмөнкүчө буюрулат: **“Ал эми дубал маселесине келсек, ал ушул шаардагы эки жетим баланыкы эле. Дубалдын түбүндө аларга таандык казына бар болчу. Бул эки баланын атасы салих-такыбаа адам эле. Жараткан Алла алардын учуру келгенде бойго жетип, Жараткан Эгесинен өзүнчө ыраакым катары казыналарын чыгарып алууларын каалады. Мен бул (иштерден бирөөнү да) өз эрк-каалоом менен жасаганым жок. Мына, сабыр кылууга күчүң жетпеген нерселердин жандырмагы!”** (Кахф сүрөсү, 82-аят)
[131] Субкий, Шифаус-Сакам фии Зиярати Хойрил-Анаам, 133-134.
[132] Согуш учурунда азирети Пайгамбарыбыз жерден бир ууч топурак алып жоо тарапка чачканда каапырлар көрбөй калышкан. Бул жерде сөз ошол жөнүндө болууда.
[133] Ширк: Алла Таалага тигил же бул нерсени, же адамды теңөө, Ага шерик кошуу.
[134] Бухарий, Акика, 1.
[135] Диндер тарыхында «фетишизм» делген көз жумган улуттук каармандардан калган буюм-тайымдарына сыйынуу, аларды ашкере мактап, алтургай Кудайга айлантуу түшүнүгү дал ушул адамдык алсыз сезимдин чегинен чыккандагы көрүнүшү. Себеби руханиис түшүнүктөрдү түшүнүү адам баласы үчүн өтө оор. Мына ушундаис оор жагдаис дан улам бул дүис нөдө мүмкүнчүлүгү чектелүү мынабу көзгө

көрүнбөгөн аалам-атпаис ды жараткан Алла Тааланы аис рым бир адамдар оис уна келген нерселер сыяктуу көрүп, Ага келбет берүүгө аракет кылышкан. Бутпарастык адамдык ушул алсыздыктан улам пайда болгон.
[136] Юсуф сүрөсү, 93-96-аяттар.
[137] Ансар: Меккеден жер которуп келген мусулмандарды кош колдоп кучак жая тосуп алган Мединалык мусулмандар.
[138] Михраб: Мечиттин кыбыла тарабынан орун алып, намазда имам болгон адам турчу жер.
[139] Ибнул-Жавзий, Манакибул-Имам Ахмад бин Ханбал, 609-610.
[140] Каары – Куранды баштан-аяк жаттап бүтүргөн адам.
[141] Орозонун фидиясы кармалбаган ар бир күн үчүн бир кедейди тойгузуу. Бул битир садагасы менен өлчөнөт.
[142] Ижтихад – Куранда же сүннөттө ачык-айкын далили жок кайсыдыр бир маселени талдап чечмелөө, ага чечим чыгаруу. Мындай маселелерди мужтахид аалымдар гана чечмелеп, аларга карата чечим чыгара алышат.
[143] Искат – намаз, орозо, курманчылык, назр, каффарат сыяктуу ибадаттарды жана карыздарды орундатпай көз жумган адамды бул карыздарынан арылтуу үчүн кедей-кембагалдарга белгиленген өлчөмдө жардам көрсөтүү, дегенди түшүндүрөт. (Hayrettin Karaman, Ebediyet Yolcusunu Ugurlarken, s. 81-85).
[144] Бул жерде «намаз карыздары» деген сөздөн көз жумган пенденин жалкоолук кылып окубай койгон намаздары эмес, олуттуу себептерден улам окуй албай калган же чын ыкластан, «хушуу» сезими менен окуй албай калган намаздары максат кылынып жатат.
[145] «Олуя» сөзү арап тилиндеги «авлия» деген сөздөн келип чыккан. «Авлия» сөзү арапчада «дос, жакын» деген маанилерди туюнткан «вали» сөзүнүн көптүк түрү. Ал эми Ислам коомчулугунда «авлия» сөзү «Ыйык Куран жана сүннөт менен жуурулуша жашоо аркылуу Алла Тааланын сүйүктүү пендесине» айланган адамдарга карата айтылат. Олуя – бул, айрым адамдар түшүнгөндөй, көзүачык, же бакшы эмес.
[146] Каары: Куранды баштан-аяк жаттаган адам.
[147] крз. Ибн Абидин, Хашияту Ибн Абидин, Дамаск-2000. I, 217-219.
[148] Кисе – алтын-күмүш акча салынчу кичине баштыкча.
[149] Улуу сүйүү – Жараткан Алла Таалага болгон эң жогорку сүйүү. Колуңуздагы китепте бул сөз ушул мааниде гана колдонулат.